

*Бул романда мен Адилет аттуу табиятынан адамдан артык, сырдуу касиет менен жаралган кыргыз уулунун татаал, бирок максаттуу өмүрүн баяндадым.*

*Төрөлгөндө эле адамдардын адилетсиздигине дуушар болгон бул бала тибет элинин улуу архаты (олуясы) ыйык Миларепанын миң жылдан кийин кайра жаралган түгөйү катары өзүнүн бүткүл өмүрүн жер жүзүндөгү адилеттик үчүн күрөшкө арнайт.*

*Бир кезде биз, тарыхый шартка жараша, көзү ачыктык, кара сыйкыр, ак сыйкыр, гипноз, левитация (асманда учуу жөндөмү), кайып дүйнө, бакшылык ж. б. сыяктуу көркөм-философиялык ой жүгүртүүнүн баа жеткис мыкты куралдарынан ажырап калганбыз. Нарксыз, кунсуз, кыялсыз, жайдак рух менен жашап келгенбиз. Булардын баардыгын бир гана: «кыялый миф» деген мокочо ат менен тындым кылган элек.*

*Чындыгында мифтик уламыштар кээ бир учурларда ойдон чыгарылган калп болгон күндө дагы адамдын аңсезимин, ниетин чындыкка чакырып турган накыл сөз эмей эмине? Алар бизге ошонусу менен кымбат!*

*Кыял болсо – өзүбүздөн алдаканча алдыга озуп, кең ааламдан адам баласы үчүн бакыт издеген Зымырык куш эмеспи!*

*«Архатты» окуган ар бир окурманым мына ушул эки жагдайды эске алса деген тилегим.*

***Автор***

К А З А Т А К М А Т О В



Р О М А Н

Бишкек-2007
Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору

УДК 82/821
ББК 84Ки7–4
А 40

А – 40 **Акматов Казат.**
**Архат:** Роман. –Б. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2007.– 352 б.

ISBN 978–9967–14–047–9

Кымбаттуу окурман!

Колуңузда «Архат» романынын үч китеби бириктирилген жаңы басылышы. Чыгарманын үчүнчү бөлүмү окурмандардын пикирлерин эске алуу менен кайрадан иштелип чыкты. Учурда роман орус ж. б. тилдерге которулууда.

«Архат» романынын толук басылышын төмөндөгү даректер аркалуу таба аласыздар:
55-14-55 автор
22-10-21, 75-61-44 демөөрчү
62-65-76 «Нуска» китеп дүкөнү
Китептин сатылчу баасы 150 сом

Мукабанын биринчи бетинде Тибеттеги Кайлас тоосунун сүрөтү берилди.

А $\frac{4702300100}{М454(11)-07}$

УДК 82/821
ББК 84Ки7–4

ISBN 978–9967–14–047–9
© К. Акматов, 2007.
© Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2007.

## ОКУРМАНГА МААЛЫМАТ

Казат Акматовдун «Архат» романынын биринчи китеби 2005-жылдын сентябрь айында, ал эми үчүнчү китеби 2006-жылдын сентябрында чыгып, туура бир жыл аралыгында чыгарма толук бойдон жарык көргөн эле.

Мына бүгүн биз романдын үч китеби бириктирилген жаңы басылышын окуучуга кайрадан сунуш кылып отурабыз (Үчүнчү китеби кайра иштелди).

Жыл айланбай көркөм чыгарманы экинчи мертебе басып чыгарууга эмне себеп болуп кетти деген кызыгуу пайда болушу калет. Көркөм адабиятыбыз кескин жандана түштүбү? Телеэкран менен компьютерди тиктеген замандаштарыбыз кайрадан китепке чукул баш бурдубу? Айтору, капыстан пайда болгон бул сыяктуу суроолор көп.

Көрсө, кеп төркүнү адабияттын « солгундап кеткендигинде» же болбосо «замандаштын китептен алыстап калышында» эмес шекилдүү. Кеп — мыкты чыгарманын жаралышында го деп ойлойбуз. Ал чыгарма мейли киноэкрандабы, сахнадабы, же болбосо интернеттеби, айтору кандай гана түрүндө жаралса дагы окуучунун, көрүүчүнүн, угуучунун сезимине шак этип урунбай койбойт экен.

«Архат» жарык көргөн күндөн баштап борборубуздагы дээрлик бардык жогорку окуу жайларында кызуу талкуу жаратты. Ал талкууларда таанымал жазуучулар, окумуштуу-илимпоздор, педагогдор, студенттер ж. б. роман боюнча пикирлерин ортого салышты. Республикабыздын дээрлик бардык басма сөз органдарында, телерадиодо, «Кабар» агенттигинде бүгүнкү күнгө алганда 20дан ашык илимий макалалар, кеңири пикирлер жарыяланды. Алардын авторлору: Ч. Айтматов, К. Жусупов, К. Асаналиев, А. Эркебаев, И. Лайлиева, М. Абакиров, К. Сариева, К. Байбосунов, Б. Акматов, П. Дүйшөнбаев, Б. Баймырзаев жана башкалар.

Аталган инсандардын баамында: *«Бул чыгарма* («Архат» романы) *мазмууну боюнча, темасы боюнча жана сүрөттө манерасы боюнча кыргыз романистикасындагы мурда болбогон жаңы көрүнүш, жаңы окуя...»* (К. Асаналиев, «Архат» I китеп. Баш сөз);

*«...адамжандын дилинде терең жашынып жаткан «Мен» деген көп залалдуу Эгосезимдин чыгармадагы негизги лейтмотив катары атайын изилдениши — бул чынында эле адабияттагы жаңылык, мурда боло элек көрүнүш...»* (Ч. Айтматов «Архат» III китеп, Баш сөз).

*...улуттук маданиятыбызга эпохалдык көрүнүш катары кирип келген адаттан тышкаркы чыгарма...»* (Жаңы кылым», № 63, 12.09.2006. П. Дүйшөнбаев); *(...романдын үч китеби бул — автордун көп пландуу, көп аспектүү, бүткүл дүйнөлүк проблемалар жана адамдын Эго табияты жөнүндөгү эстетикалык-философиялык терең* талдоосу...» (А. Эркебаев, «Слово Кыргызстана» 22-сентябрь, 2006-жыл); *«Архат» бул — мифтин жаңырышы, кыялдын тирилиши жөнүндөгү чыгарма, адабият айдыңындагы өзгөчө бир окуя...»* (К. Сариева, «Адабий Алатоо», 2.12.05); *«Архат» романын дил тазартуучулук жаатындагы орчундуу эмгек, элибизди келечектен үмүттөндүргөн заманбап чыгарма деп атасак болоор... Ошентип соңку тарыхтагы кыргыз адабиятында жаңы — профетикалык романистика жанры түптөлдү. «Архат» романын жазган автордун күчү ушунда...»* (К. Байбосунов, «Адабий Алатоо», № 17, 2006-ж.) ж.б.

Дүйнөлүк адабият изилдөөчүсү, кыргыздын окумуштуу кызы И. Лайлиева «Архат» романындагы адилеттик издөөнү жана гуманизмди Гетенин «Фауст» романындагы «Ыйык Граалды» издөөчүлүк менен салыштырса, журналист-адабиятчы П. Дүйшөнбаев: «Архат — бул биздин салттуу адабиятыбызга мүнөздүү эмес, «Фауст», «Дон Кихот», «Доктор Фаустус», «Кыямат», «Кассандра тамгасы» сыяктуу чыгармалардын тилкесиндеги, ошолордун тутумунан карап талдоо кыла турган идеялык чыгармалардан...» деп жазат.

Ал эми философ аалым К. Байбосунов болсо: «К. Акматов тарабынан кыргыз адабиятында мурда жок жаңы жанрдын (профетикалык) түптөлүшү жөнүндөгү оюн айтып келип, «Архатты» орустун улуу жазуучусу Ф. Достоевскийдин «Бесы», «Братья Карамазовы» деген романдарынын катарына коёт.

Жогорудагы мисалдарды келтирүү менен биз К. Акматовдун колуңуздагы жаңы чыгармасын асыя мактоодон алыспыз. Анткени бардык нерсени тарых, мезгил соту өзү чечет.

Арийне, эгерде эле кыргыз адабиятына жогорудагы абройлуу бааларга татыктуу чыгарма келген болсо, анда биз кыргыз адабиятын, жалпы эле маданиятыбызды, улутубузду ак ниетибизден куттуктасак ашыкча болбос деген ойдобуз.

«Архатка» — ак жол!

***Редактор***



## *ПРОЛОГ*

**А** ты-жыты жок бир кымындай кызматкер килейген борбор шаарга дүрбөлөң сала алабы? Албетте сала албайт! Балким, сала алаар, шашылбасаң. Албайт дейм. Кантип сала алмак эле?!

Анда эмесе угуп тур. Көрсө бу турмушта баары боло берет окшобойбу. Кызматкердин аты да, заты да, жүргөн-турганы да Жүдөмүш болчу. Шаардын статкомитетиндеги эң эле кичинекей кызмат орун ошонуку – референт. Калктын саны боюнча сектордун кичи референти.

Сектор башчысына кирем деп Жүдөмүш үч жолу каалганы ачып обдулуп көрдү эле болгон жок: эки жолкусунда начальниги телефон менен сүйлөшүп жатыптыр, үчүнчүсүндө катуу үргүлөп отурган экен, даай албады. Бирок колтугунун астындагы томуктай жүрөгү түрсүлдөп болбойт. Кирсем эле дейт, бир билгенин айтсам эле дейт. Акыры Жүдөмүштүн да жолу болбой коёбу? Кирди!

– Кхм, – деди ал адегенде стулга коомай отуруп атып.

– Бол ымтырабай! Эмне келдиң?!

– Кхм. Шаардын калкы миллионго аз калды. Үч же эки күндө жетет ко…

– Ыя! – деп начальник чочуп кетти эле, беркинин жүрөгү оозунан ыргып кете таштады.

– Мурдараак айтпайсыңбы, үргүлөбөй! Бол, батыраак мэрияга кат даярда!!! Вуй атаңды!

Ошондон бир саат өтпөй борбордун мэриясында дүрбөлөң, андан кийин өкмөттүн Ак үйүндө дүрбөлөң. Газеттерге, телерадиого кулактандыруу даярдап, шаардагы төрөт үйлөрүндө чакан комиссияларды түзүп, телефон байланыш жасап, «Горздрав» деген мекемени штаб кылышып, бардыгы толгоосу мына-мына келе турган келиндерди аңдып калышты.

Көрсө, чоңдордун баары эле бул окуяны күтүп, атүгүл даярданып жүрүшкөн экен. Бирок анын болжолу кайсыл күнү болоорун тийешелүү кызматкер эскертип айтыш керек турбайбы. Дал ошонун өзү Жүдөмүш экен да! Эмнеси болсо да статкомитетинин кичи-референти борбор шаарга дүрбөлөң салды, бирок кечигип айткандыгы үчүн катуу тил укту, жумушунан куулуп кете жаздап барып араң дегенде калды окшойт.

Эртеси кечте эң биринчи звонок №3чү төрөт үйүнөн келди. Шаардын эли жапырт телеэкрандарын карап отурган. Ошончо элдин көзүнчө төрөт үйүндө түзүлгөн комиссиянын кишиси али баркырап аткан кызыл эт баланын билегиндеги бирканы карап алып аты-жөнүн трубкага кыйкырып атты. Жаңы төрөгөн келинди куттуктап атышты.

Ошентип эгемен кыргыз мамлекетинин борбору Бишкектин миллионунчу кулуну болуп шаардын күнбатышындагы, бир кезде «баскынчылар», «зордукчу-

лар» туругу деп аталган «Бакай ата» жаңы конушунун «Семетей» көчөсүндөгү времянкада жашаган бир карапайым кыргыз жигиттин бышалак сары баласы жарыкка келди.

Телеэкранды карагандардын баары балбырап күлүп, бу жарык дүйнөгө «чү» дегенде эле олжолуу келген наристеге мээримин төгүштү, бактылуу апасынын ысымын да эстерине тутуп калышты.

Бирок эртеси күтүлбөгөн жерден эле мэриянын комиссиясынын атынан миллионунчу жаран деп телеэкрандан таптакыр башка баланын аты аталды. Муну уккандардын баары элейип калышты, бирок адаттагыдай эле эч ким мэрияга телефон чалган жок. Бир гана Жүдөмүштүн томуктай кызыл эт жүрөгү дүкүлдөп, тынбай уруп туруп алганына чыдабай начальнигине кирди эле, экинчи жолу катуу тил угуп чыкты. «Мэриянын чечимин ревизиялай турган сенсиңби!! –деп бакырды сектор башчысы. – Вуй энеңди!..»

Ошентип эне-бала №3чү төрөт үйүнөн чыгаар менен наразы болгон туугандары, достору, коңшулары баланын жентек тоюна чогулуп отуруп мындай бүтүмгө келишти: «Төрөлбөй жатып адилетсиздикке туш болгон баланын аты «Адилет» болсун!»

Эч ким башка ат сунуш кылган жок. Болгону бир гана кошунасы келинге мындай деп күңкүлдөп койду:

– Сен тыякта уулуңду төрөп чаңырып атканда короодо асмандан бир жарык нур түшүп турду…



## *БИРИНЧИ БӨЛҮМ*

***«Атаганат! Кудайлардын,***
***азезилдердин жана адамдардын***
***жүрүм-туруму бирдей болсо кана!»***

***«Калачакра»***

***Т***өртүнчү күнү таң супада «Үч кудук» деп аталчу көп кабат үйдө жашагандар баланы акыры кармашты. Көздөрү киртийип, мурдунан суу агып, кеч күздөгү чыкыроондо суук жеп калган бала экен. Кебетеси тогуз же он жашта. Оң кашынын үстүндө таруудай кара калы бар. Спорттук костюмчан, кроссовкачан, баш кийими жок. Шаардын башка жагынан келген түрү бар. Неси болсо да бул чөлкөмдө жашабаган чоочун бала. Чоңдордун берген суроолорунун бирине да жооп бербей, мелтейип турду. Болгону, ким унчукса ошону кандайдыр бир сырдуу тиктеп коёт да, кайра жер карайт.

– Дудук немего бул! Милицияга берип салыш керек нары! – деди үйүнөн жеңил кийинип чыга калган бир аял чыйрыгып.

– Эй бала, айтпайсыңбы, каяктан келип жүрөсүң бул жака таң атпай? Эмне үчүн эл уктап атканда селкинчек тээп ойготосуң! Азыр деген саат алты, билесиңби?

– Өзү деле түшүнбөйбү, чоңоюп эле калган бала экен.

– Жо анан тиги селкинчектин үнүн кантесиң. Таш тийген иттен бетер айкырып тимеле.

– Атың ким, ай бала?!

– Дени соо эмес мунун. Жин урган неме го, – деди баланын намысына тиймек болгон бирөө. Ошентсе бала аны жаман көзү менен бир атып алды.

– Анда эмесе жооп бербейсиңби, тултуйбай!

– …

– Кечээ, мурдагы күнү кармай албай койдук эле, кантип кууп жеттиң бу шайтанга?

– А, индюка окшоп, майтаңдап чуркай албайт экен, – деди кроссовка кийген спортсмен жигит баланы атайын ызалантып. Ошентсе бала тигини акырая карап кызарып кетти. Жооп берейин деп оозун камдап барып, бирок кайрадан унчукпай калды.

– Өзү да чын эле индюка окшоп семиз экен.

– Ха-ха-ха!

Шылдың кылып күлгөндөргө бала ызалуу көз менен айланта карады да, жинин келтирген спортсменге акырын жооп берди.

– Кхм, жер шарынын айланышына карама-каршы жүгүрбөсөм сиз мага эч убакта жете албайт болчусуз.

– Өк, эмне-эмне дедиң?! Түшүнбөй калдым. Кайра айтчы!

Тургандардын баары тең спортсмен сыяктуу эле баланын эмне дегенине түшүнө албай, таңданып калышты.

– Кайра айтчы дейм!

– …

Бир подъезде жашаган эки кошуна кемпир дагы качырып ийбейли деп баланы эки жак кашатынан бекем кармап турган. Баланы колго түшүрүштө бул эки байбиченин эмгеги чын эле зор болчу.

Жалаң чиновниктер турчу төрт кабат үйлөрдөгү нечендеген квартиралар таңкы селкинчектин кыйчылдаган үнүнө жабыла кыжырланып чырак күйгүзгөнү менен сыртка жүгүрүп чыккан бир жан болгон эмес. Бирөөлөр белгисиз бейбашты «наркоман» деп, бирөөлөр «маньяк», дагы бирөөлөр «шизик» дешип жинденишип, балкондорунан башбагышты, бирок караңгыда эчкимди көрүүгө болбойт эле.

Акырында, сомодой жигиттер чыкпаган соң, ушул эки байбиче кадимкидей казатка аттанган. Ансыз да түн уйку жок чакчайып жаткан эки байбиченин бири чала аксак, экинчиси чала сокур, томпогой көз айнегинен алдын араң эле боолгоп көрчү.

Бирок алар караңгыда көзгө илешпей эрбеңдеген баланы үч күн бою тута алышпай, төртүнчү күнү дегенде стадионго машыгууга бараткан бир жаш жигитке туш болушат.

– Ананайын, тетиги бейбашты кармап берчи, – дешет алар спортсменге.

Ошентип кылмышкерди карматып алышкандан кийин эки кемпирдин мактана турган удулу келип турду эле да.

– Карагыла! Мынабул чечек экен таңертең уйкуңарды бузган! – деди томпок көз айнекчени жумушка шашып бараткандарга кабарлап. Экинчи кемпир да биринчини туурай баштады. Экөө тең жумушка чубаган тааныштарына эрдемсип атышты. Өтүп аткандар баланы таңыркай карап, кээси миссирейе тиктеп, бирок дароо эмне деп айтаарын билишпей «ай-ай-ай» дегенсип баш чайкап кетип жатты. А кээ бирлери тимеле ээгин экчеп күлүп коёт. Эки байбиченин жасаган эрдигин шашып бараткандардын эчкимиси деле таңазар албагансыйт. Адам деген ушу да! Эми эле уйкусун бузган бейбашты ичип-жеп жиберчүдөй титиреп атышты эле, эми болсо баарысы тең аны унутуп калгандай. Ырас, бир гана аял балага сөөмөйүн кезеп: «Муну милийсага тапшырыш керек», – деп өттү. Орус аял экен, чындап кыжыры келген түрү бар, баланы аячудай эмес колуна тийсе.

Акыры, эл аягы сууган сайын, баланы бекем тутуп турган эки байбиче өзүлөрү кабатыр боло баштады:

– Бу чечекти эмне кылабыз эми?

– Милийсага өткөрүш керек.

– Албайт да аларың. Акча бербесең албайт мындайларды!

Бала чыйрыгып мурдунан аккан сууга ээ боло албай жатты. Эки жеңи менен алмак-салмак сүртүнүп коёт. Өңү болсо баягыдан бетер түктүйүп чыкты.

– Экинчи теппейсиңби селкинчекти?! – деди томпок көзайнекчен байбиче балага мунапыз берчүдөй эңкейип. Бала жер карады.

Ошол кезде анын муш жүрөгү туйлап, азыр кемпирдин колунан суурулуп чыгып, жер шарынын жүрүшү менен кошо тызылдагысы келип кетти. Анда эле балага эч ким, дегеле бул жалганда бир да адам, ал түгүл таң эртеңки кроссовкачан жинди да кууп жете алмак эмес! Керек болсо бала асманга учуп да кетмек!..



* * *

**Б**ир жума дегенде бала араңдан зорго сасыктумоодон башын көтөрдү. Төшөгүнө тикелей отургузуп, тайэнеси жаздыктарды аркасына бийик жөлөп койду эле, Адилетке терезеден сырт көрүнүп калды.

– Менин боюм өсүп калыптыр, таене, – деди бала күтүлбөгөн жерден. Таенеси баланы тиктеп, дароо эмне деп жооп айтарын билбейт. Анткени ал небереси менен бүгүн таптакыр катуу сүйлөшсөмбү деп камданып отурган. Эгер небереси чечилип сүйлөшсө. Кызы Адилет жанында күнү-түнү такай отурган байбичени сагынган окшойт. Бирдеме айткысы келип тургансыйт. Ошон үчүн Нуржамал байбиче аны маңдайынан сылап, каракушунан таттуу жыттагылады. Атүгүл көзүнө ысык жаш тегеретип да алды.

– Өстүң да. Сенин боюң узун. Дагы өсөсүң, каралдым.

– Киши ооруганда чоңоёт окшойт, таене. Мен чоңоюп калыпмын.

– Боюңдун узарганын айтасыңбы?

– Жок. Бүт эле чоңоюп калыптырмын.

– О, берекем десе. Ошент. Чоңойгун. Сен ансыз деле чоң жигитсиң да. Мына, буюрса быйыл бешти бүтөсүңбү? Илгери үч эле кыласты бүтүп алып элдер актип болуп кетчү. Атка минип, элди башкарып… Сен да ошондой бол. Таятаң кыйын кызматкер болчу өз кезинде. Мен саанчы болуп, ал уйперме болуп иштечү. Кудай салбасын, эзелтен берки саанчынын тукуму, сүттү көп алат деп мени депутат кылып, төшүмө орден тагышкан. Менин чоң апчем да кыйын саанчы болгон экен. Өз апам мени чүкөдөй кезимде эле сербейтип уйдун чандырына отургузуп койчу. Нечен жолу уй тээп, чака-мака, сүт-пүтүм менен томолонгом, хи-хи-хи.

Тайенеси тиши жок оозун колу менен жашырып күлүп койду.

– Уй менен сүйлөшкөндү билчү эмес белең, таене?

– Эмненин балам. Уй менен да киши сүйлөшчү беле кокуй. Сен эле бир шумдукту баштап жүрөсүң го. Бир туруп уй менен, бир туруп иттер менен сүйлөшүп.

– Кумурскалар менен, аарылар менен да сүйлөшө берем, таене. Көрүп атасың го аарылар мени чакпай артымаан ээрчип алат.

– Баланын ойнун кой, каралдым. Андан көрө окууңду окусаңчы. Жалаң сенин окууңдун айынан атаң менен энең урушуп, бирин бири бычактай турган болду. Күндө ызы-чуу!

– Таене, мени оку деп кыйнабачы. Уй саашып апама жардам берейин.

– Сен да өмүр бою бок чыгарып калайын дедиңби, какмар! Жетишет! Атаң менен апаңдын чочко бакканы жетишет. Окууңду оку!

Нуржамал байбиче калчылдап кетти. Бала аны чочулай карады. Бирок таенесин дагы бир сынамак болдубу, айтору:

– Таене, окубайм, – деди атайы мелтейип.

– Окубайсыңбы?! Анда сендей какмардын барынан жогу! Тур! Бас!

Көптөн бери ар нерсеге чогулган ызасын ичине катып, көөдөнүндө бороон улуп жүргөн Нуржамал байбиче токтоно албай буркан-шаркан түшүп жиберди. Бала чочуп кетти. Үрпөйүп, боюн жыйрып, таенесине эмне деп айтаарын билбей, төшөктөн тура баштады.

– Сени биз эмнеге багып жүрөбүз, ыя?! Көзүңдүн агы менен тең айланып.., мын-

дай экениңди билгенде… О өлүгүңдү көрөйүңдүн тукуму десе! Кара жолтой какмар! Багы жок шоркелдей кызымды ого бетер шоркелдей кылдың, сен кудайбезер!

– Тайене!

– Сен туулганда эле каражолтой туулгансың! Керексиз болуп туулгансың. Сени тиги шаардагы чоңдор туулганда эле жектеген. Атыңды өчүрүп коюшкан. Туура кылыптыр! Сени элеби! Окубайсың ээ!

Өзүн жоготуп, көзү канталап, чачтары кадим жезкемпирдикиндей сапсайган Нуржамал байбиче жылаңаяк, жылаңбаш небересин бурчка камап алды.

– Таене дейм!

Нуржамал байбиче небересин тытып жок кылчудай калчылдап, арбайган манжалары менен баланы башы-көздөн, ийинден аткып-аткып алды.

– Таене дейм! Тайене!!!

Бала катуу чаңырганда гана кемпирдин сезимине бир нерсе жеткенсип, денеси селейе түштү. Сандырактап барып бурчка бүгүлдү. «Окуйсуңбу же жокпу?»

Байбиченин бу сапаркы күбүрөгөнү өзүнө да угулган жок окшойт, бирок бул муунуп айтылган сөздүн каары Адилетке кандайдыр даана жетти.

– Окуюн, таяне!, – деди бала тамга жабышкан тейде, сырткы эшикти көздөй жылып баратып. Таенесинин бурчтагы төрт бүгүлгөн арык денесине мындан ары эч убакта жан кирбечүдөй сезилди балага.

Дал ошол тушта Адилеттин апасы, мектепке кеткен Айзада, жүзүндө кенедей кан-сөлү жок, короосуна кирип келаткан. Ал адегенде шыйпаңдап алдынан чыккан итин таяк менен бир салды, андан соң нары короо жагына өтүп барып уйларын оңду-солду чаап-чаап жиберди. Эч качан жонуна таяк тийип көрбөгөн макулуктар онтолоп качып, бирин-бири жөөлөп, уй короонун ичи чаң-тополоңго толуп кетти.

– Өлгүлө! Кырылгыла! Силерди өлтүрүп, анан өзүм жоголоюн!

Эсин жоготкон аял колундагы таягын сындырып салган соң башын мыкчып отуруп калды. Ыйлайын десе көзүндө тамчы жаш жок. Эриндери гана титирейт.

– Э айланайын, кызым, бу эмне кылганың? – деди бир кезде күйүттүү чыккан энесинин үнү кулагына угулуп. Башын көтөрүп караса апасы Нуржамал жанында сербейип турат.

– Улуң окуйм деп убадасын берди. Күйгүлтүк болбо! – деди кызынын авалын түшүнгөн байбиче жүүртө басып жанына отуруп. – Бул бала бир айтпайт эмеспи, айтса аткарат.

– Атасынын башын аткарсын! Мектептен чыгарып салды.

– Ок! Чыгарып салганы эмнеси? Кантип?

– Ошентип эле. Бүт мектепти позорит этти дейт, балаңар. Деректир менен урушуп кеттим. Наша тартат балаңар дейт.

– Карангүн, эми кантебиз! Ал, тигил, эми окуйм деп атпайбы! Жашабаган жубарымбек!..

Айзада кыйлага дейре демиккенин басып, үнсүз отурду да, анан башын көтөрдү.

– Деректирдин үстүнөн Гороного арыз жөнөтүптүр бул чечек. Болгондо да интернет аркалуу дейби… Эмне эле кылтыйып унчукпай жүрөт десечи.

– Дагы эмне дейт!

– Баягы биринчиден төртүнчүгө дейре окуткан Жылдыз эжейи экөө кошулуп жазышканбы, билбейм. Айтор Соломенцева деген деректиричи, тимеле овчаркадай



арылдайт мага. Улуңду Жылдыз Карабаева дейди кылып тарбиялаган дейт. Силер аны карабайсыңар, тартибин оңдобойсуңар дейт. Көрсө Карабаевасычы, өлөөрчө согушкан го аны менен.

– Ким менен?

– Деректири менен чи. Аны мага бери чыкканда бир кыргыз класстын мугалими шыбырап атпайбы. Адилет өткөндө классына иттерди ээрчитип келиптир. Үч-төрт ит дейт. Жылдыз эжеси кой деп койбой ал иттер менен Адилетти сүйлөштүрүп сабак өтүп жатып албайбы. Аны уккан деректир дароо жүгүрүп жетет. Чатак ошондон чыкты дейт. Түшүнүп атасыңбы, апа?

– Айта берчи!

– Сен көчөдөгү ооруу иттерди класска алып киресиң деп деректир адегенде Адилетке кыйкырат. Антсе Адилеттин иттери деректирди талап коё жаздашат. Анысы аз келгенсип деректирин: «Сиздин мээриңиз жаман. Оңолбойсуз.» — деп айтыптыр Адилет. Кишини карап туруп ошентип сынаган жаман адаты бар эмеспи мунун. Жылдыз эжеси болсо окуучусуна болушат. Ошентип экөө иттерден бетер тытышып калган го.

– Ким экөө?

– Жанагы Жылдыз деген мугалими деректири менен чи. Эртеси аны педсоветке салып, ишинен бошотуп ийиптир.

– Кимди?

– Жылдыздычы. Анысы жөн кетпей деректирдин үстүнөн Адилетти арыз жаздыртып кеткен го, өлүгүңдү көрөйүн. Өзү жазбайбы андай болсо!

– Бармактай бала кантип арыз жазып калсын, катыгүн?

– Ошону айтпайсыңбы, апа! Ансыз деле Горонодон келип окуучу жазган арыз турбайбы, муну карабайбыз деп кетип калыптыр.

– Анан?

– Анан ошол. Тигил чечекти окуудан чыгарып салыптыр. Дакүмөнтү жок. Мектепке закүнсүз өткөн дейт. Балаңар дейди, сабактан чыгып кетип, наша тартат дейт. Айтору алкылдайт, кишини сүйлөтпөйт тимеле.

– Э, айланайын, катыгүн. Окуусу жалаң эле беш эмес беле?

– Аны Жылдыз эжеси калп эле беш коё берчү экен дейт.

– Антип эмне жанына күч келиптир Жылдыз эжесинин?

– А дагы бир кудай урган неме го. Мектептеги ата-энелердин чогулушуна мен барбай, атасы барчу эле дайыма. О дегеле мактап келчү Жылдыз деген катынды.

– Катынбы же кызбы? Жаш эле неме болсо керек эле?

– Эмне болсо ошо болсун, өлүгүңдү көрөйүн. Мобул баланы такыр бузуп таштабадыбы. Же менин тилимди алсачы. Тимеле сабагым келип турат союл менен. Союлум да сынып калды, дүгөрөйүн.

– Экөөңдү тең айыптап жүрөт балаңар. Көрүнүп эле турбайбы.

– Ким экөөбүздү?

– Атасы экөөңөрдү! Экөөң эки жакка тартасыңар. А бала ортодо чайналып… Жинди болуп кетпесе десең. Жанагы кара куурайды тартса жинди болот да.

– Атасыначы, өткөрүп бердим. Окутсун ошол.

– Кой антпе! Доюр неме үйдөн кууп салат баланы.

– Маа десечи жоголсун ошондон арычы! Кечтим деги!

* * *

Ошол түнү бала чындап эле кайрадан жоголду. Түнкү саат төрттөр чамасы экен. Айзада сыртка чыга калса, көзгө сайса көрүнгүс караңгы. Ал халатын чала бүчүлөгөн бойдон дарбазадан атып чыкты. Семетей көчөсүнүн кай тарабын көздөй чуркаарын билбейт. Өткөндө ал уулун шаарды көздөй бараткан жеринен кармап келген. Айзада эми да ошол жакка жүгүрдү. «Үч кудук» кварталына кире бериште балдар футбол тепчү жайдак талаа бар эле. Ошол талаага жүгүрүп жеткен кезде, келиндин өпкөсү көөп, дем ала албай калган. Дал ошол тушта алды жагынан баласынын кандайдыр шоолаланып, агарып кетип бараткан сөлөкөтүн көргөнсүдү. Айзада тез эле кубалап жетти, уулун дароо кучактай алган жок. Анткени билчү – уйкуда бараткан баланы чочутуп албаш керек эле.

– Адилет. Адиле-ет. Адиле-етик, – деп энеси аркасынан бир нече жолу добуш салганда гана бала ойгоно баштап, буту чалыштай кетти. Дал ошол ирмемде, бала али жерге жыгылып түшө электе энеси жетип, кучактап калды.

– Адилет, ай Адилет, ойгончу. Мен апаңмын…

Уйку-соонун ортосундагы бала жөөлүп атты: «буттарым сынды… колдорум сынды… ооой, колдорум сынды… өлбөйм… өлбөйм… өлбөйм, эч качан өлбөйм…»

– Адилет, берекем десе, көзүңдү ашчы! Айзада баласын көтөрүп басалбады, оор болуп калыптыр. Акыры уулу ойгонуп, бирок акыл-эсине элдир-селдир келе түшкөндөгү биринчи айтканы селкинчек жөнүндө болду: «Селкинчек мени чакырып атпайбы?» деди ал «Үч кудук» жакты көрсөтүп, көзүн ушалап.

– Кайдагы селкинчек?

– Космоско чакырып атпайбы…

Айзада сөзүн токтотту да, үндөбөстөн баланы алга жетелеп көрдү эле, эмеле басып өткөн жолуна өспүрүм таптакыр бут коё албады. Кеч күздөгү музкыроо отурган төтө жол тикенектүү, таштак болчу.

Айзада баласын аркасына көтөрүп жөнөдү…

«Көтүмө келгенсипчи, муну эмне миллионунчу кылып туудум экен! Миллиондон айланат белек. Кереги да жок эле бизге ошонунчу. Саат басып так ошол мүнөттө тууп салганымчы! Болбосо балам эл катары эле жүрбөйт беле. Асыя азапты мен апкелдим буга. Роддомдогу сволучтарды кантип кана муунтуп өлтүрөм?! Баланын туулгандагы документтерин атайын жоготуп коюшканы үчүн тытып өлтүрсөм болбойт беле ошолорду. Жогортон чоңдор айтышкан дейт, «талаш болбосун, документтерин жок кылып койгула» деп. О өлүгүңдү көрөйүн ошол чоңдордунчу. Башка бирөөнү миллионунчу кыла коюшуп, ага үч көмүт квартира беришип, жаңы туулган баланы «шаардын ардактуу жараны» кылышып, далай акча жешипчи, о өлүгүңдү! А мен ошонун айынан балама митирке алалбайм, ушу күнгө дейречи. Бала бакчага албай кууратпадыбы. Кийин мектепке да албай!.. Баарынанчы атын кайсы арыбызга Адилет койдук дейм да! Кана, кайда адилеттик деген неме!»

– Апа, жерге түшүр мени. Эмне көтөрүп алдың?

– Баса албай атпайсыңбы! Жакшы ойгондуңбу?

Тоонун тал чокусунан күндүн муруту сербейип калганда эси кеткен эне-бала араңдан зорго жетелешип үйлөрүнө келишти.



* * *

**А**лдыңдагы өзүң чече албай жаткан татаал суроолордун жообун турмуш кээде аянбастан таап бере берет. Ошол эле учурда ал андан да татаал тагдырды алдыңа камдап койгонун билбейсиң.

Айзаданын өтүнүчү менен аталаш агасы Таштан Адилетти «маздасына» отургузуп алып, шаардын сыртына, кореялык «Фламинго» шаарчасынын чөлкөмүнө алып чыкты. Шаарчанын кире бериши ээн, суук түшүп, эсалчулар келбей калган кез эле. Мектептеги иштери кедеринен кетип, окуудан чыгып калганын балага апасы угузган. Бирок мындан ары эмне кылыш керек экенин ага эчким айта алган жок. «Ырас менин сөзүмдү укпадыңбы, окууңдан чыктыңбы, анда экинчи сүйлөшпө мени менен. Таштан агаң сага менден артык эмеспи, ошону менен сүйлөш», – деген апасы. Таенеси болсо өгүнтөн бери небересинин жүзүн карай алган жок. Өзүнөн өзү эле сынып, чүнчүп калды байбиче. Таштандын да ахвалы андан жеңил эмес болчу.

– Калп эле мени досум деп коёсуң, бирок мага сырыңды такыр айтпайт турбайсыңбы, – деди Таштан балага таарыныч кылып. Агасы бир орчундуу кеп айтарын Адилет сезип келаткан. Бирок мындай дооматты күткөн эмес. Ошондуктан эртеден бери биринчи жолу баш көтөрүп Таштанды суроолуу карады.

– ГорОНОго арыз жөнөткөнүңдү биринчи жолу кечээ апаңдан уктум. Таңкалганыман эмне дээримди билбей калдым. Аябай жаман болдум, эгер түшүнсөң. Дос да сендей болобу?

Адилет капыстан уурусу кармалгандай кызарып жер карады, бирок адатынча үндөгөн жок.

– Айтсаң эми, ал эмне деген арыз эле?

– Арыз эмес, жөн эле суроо болчу.

– Эмне деген суроо эле. Же мага айтууга болбойбу? Андай болсо айтпай эле кой.

Адилет агасын кирпик астынан кыжалат бир карады:

«Эмне үчүн орус класстарына жылыткыч берилет, а кыргыз класстарына берилбейт?» — деген суроо болчу.

– Ушул элеби?

Адилет башын ийкеди. Таштан күлдү:

– Улутчул суроо турбайбы. Сен билесиңби «улутчул» деген эмне экенин?

Адилет башын чайкады.

– Болуптур. Азыр билбей эле кой. Бирок мындай суроолоруң болсо бере бер. Коркпо.

– Коркпойм! – деди Адилет чыйрала түшүп.

– Мектептен чыгарып салбадыбы. Ошентсе да коркпойсуңбу?

– Окубайм. Чыгарса чыгара берсин.

– Окуйм, окубайм деп айтышка акың жок да. Аны ата-энең чечет. Кичинекейсиң азыр.

– Шамбалага алып кетем дебедиң беле. Сен берген китептердин баарысын окуп бүткөм да, — деди Адилет түз жооптон буйтап.

– Э, ал деген илимий китептер, балдар үчүн энциклопедиялар. Андай эмес, сен кадимки эле бешинчи классты бүтүшүң керек. Анан барасың Шамбалага.

– Өзүң кетип калбайсыңбы?

– Сенсиз кетпейм. Чакырык да келе элек.

– Ким чакырат?

– Тибетте теологиялык[1] илимий борбор бар. Өтүнүчүмдү жибергем. Диссертация жазышым керек деп. Буюрса чакырык келет.

– Келбей калсачы?

– Келет. Диссертациямдын темасы макулдашылган да.

– Кандай тема эле, айтсаң?

Таштан олуттуу түр жасап кесе айтты:

– Сен ага азыр башыңды оорутпачы. Ансыз да мен сага көп нерселерди окутуп салып, өкүнүп атам. Ошонун айынан мектебиңден качып жатат окшойсуң. «Горе от ума» – «Акылдан – азап».

– Жылдыз эжейден окусам болобу?

– Ха-ха! «улутчул» эжейиң жагып калган экен сага. Бирок аны кайдан табабыз? Ишинен бошотуп ийген тура. А балким мугалим болуп иштебей калгандыр. Базарда соода кылып отургандыр.

– Антпейт ал! – Адилет кызалаңдай түштү.

– Сен мага жооп берчи, – деди Таштан жумшарып, – «Үч кудук» кварталынын короосундагы селкинчекке качып барып жүрүптүрсүң… Балким ошол элитный мектепке…

– Ким айтты? – Адилет кыпкызыл болуп ызаланып кетти.

– Апаң айтты. Өткөн түнү эле сени ошол жактан кармап келген турбайбы. Жашырба. Баары бир, каяктан бешинчи классты бүтсөң да, мени менен Тибетке барасың. Эгер өзүң кааласаң.

Адилет тескери карап, Таштанга далысын салды. Көпкө дейре кроссовкасы менен бардюрду тепкилеп турду да, кылчайбастан:

– Селкинчектин үнү Сириустан[2] келген сигналга окшош. Ошон үчүн…

Таштан унчукпай досунун жумшарышын күтүп турду. Ал Адилеттин ички дүйнөсүндө кандайдыр бир өзгөчө сыр бар экенин билчү. Баланы дайыма кандайдыр бир али өзүнө да белгисиз ойлор жетелеп, дейди кылып, бул реалдуу дүйнөдөн алыс алып кетип калчу. Ошондой күндөрү ал карап туруп эле кишини таанылбай, салам бербей, түнөрүп кетээр эле. «Улуң адамдын мээр нурун көрөт турбайбы. Кийин чоң көзү ачык болот. Сакта бул баланы», – деп бир төлгөчү тажик аял айткан имиш.

Бирок баланын атасы да, апасы да атеистик доордо жашаган соң, мындай сыйкыр жыттуу сөздөргө кулак кагышчу эмес, ишенишчү да эмес. Болгону, агасы Таштан гана университеттин философия факультетин бүтүрүп, теология илимине кызыккан. Тибеттеги улуу Мистериялар жөнүндө көп окуп, ошол жалпы будда динindеги ламаизм багытынын алгачкы баскычындагы «бон» ишеними менен байыркы кыргыз теңирчилигинин таңкаларлык окшош элементтери жөнүндө изилдөөсүн баштаган. Диссертациялык иши да ошол эле. Анын изилдөөлөрү эч кандай мистикалык ой жорууларды эмес, барып турган реалдуу жөнөкөй, адамдык материалдар, каада-салттардын, диний ишенимдердин табиятын ачып салыштыруу болчу. Ырас, салыштыруусу жөнөкөй эле илимий көнүгүү

[1] теология – дин изилдөө илими

[2] Асмандын түштүк-батышындагы эң жаркырак жылдыз.



эмес, кыргыз рух тарыхындагы Тибет дооруна байланышкан кыйла ачылыш болмок. Кыскасы бул иш бармак кесип, тобокел кылчу илимий жаңылыктардын бири эле!

А мындай алганда Адилеттин ички дүйнөсүнүн, ал кызыккан кыялдардын Таштандын илимине тийешеси жоктой. Ошентсе да баланы ушул Бишкек чөйрөсүнөн алыс алып кетүү агасынын оюнда дайыма уялап жүрчү. Муну ишке ашыруунун эң эле оңтойлуусу – Тибет. Анткени өзү ал жака барганы турат. Каражаты жок. Эгерде Адилетти өзүнө кошуп алса апасы Айзада каржылашы мүмкүн деп ойлоп, Таштан көп күндөр мурун жеңесин көндүргөн. «Кыргыз балдары Американы, Европаны кой Түркияга, Мекке, Мединага дейре кетип, окуп атышат. Алардын келечеги чектелүү – молдо же имамдан ашык адам боло алышпайт. Ал эми Тибет окуусу таптакыр башка билим, башка дүйнө. Ал жерде бүткүл ааламдын, планеталардын сыры катылган. Улуу ойлор топтолгон. Адамзаттын келечек тагдырын айткан илим-билим бар ал жерде. Кыргыздан али бир да бала барып окуй элек. Адилет биринчи болот. Бизден деле бирөө жетсин да Шамбалага[1]. Рух дүйнөнүн эң бийик чокусуна. Кийин баладан кандай адам чыгаарын бир Алла билет. Көкүрөгүндө бир нерсе бар немени алып баралы ошол жакка. Жок эле дегенде тибет медицинасынын устаты болуп келет» деп Айзаданы абдан ишендирген. Сөздүн чыны, тибет окуусунун чоо-жайын Таштан өзү да даана билчү эмес, Айзадага да түшүндүрө алган жок. Бирок баласы демейдеги «бизнес», «юрист», «маркетинг», «менеджмент» кесиптерин айтса эле баш чайкап тургандыктан, Айзаданын айласы куруп жүргөн. Ошондуктан Таштандын айтканын өзүнүн ой жоруусу менен толуктады да, баласын Тибетке жиберүүгө макул болду. Бишкектин өзүндө эле «Тибет медицинасы» деген канча борбор ачылды. Ошолордун бириндей эле борборду Адилет уулу келечекте ачып алса болбойбу? Албетте болот! Бирок бул чоң маселени эми атасы Саламат менен макулдашуу керек эле…

– Адик, – деди биртопко унчугушпай баскандан кийин Таштан, – мектеп жөнүндө сөздү бүтөлүчү.

– Мен Жылдыз эжеден окуюнчу, байке!

– Жо, мен сени бир жака зордоп жиберейин деп аткан жокмун. Дегинкисин айтам. Башка мектеп жөнүндө сүйлөшкүң келбесе, анда мен да сөздү токтоттум.

– Жылдыз эжени кайдан табабыз?

– Тапса болот. Бирок аны адегенде апаң, атаң менен кеңешели … Коётур, Адик! Дагы бир сөз бар. «Ляп» деген эмне экенин билесиңби?

– Ляп?

– Ооба.

– Апийим го дейм.

– Сен тартасыңбы?

– Ляп эмес. Бир жолу кара куурай тартып көргөм.

– Кандай болот экен?

– Эки бала тартканбыз. Күлүп атып боорубуз эзилген. Ал мени карап алып күлөт. Мен аны. Күлгөн сайын кебетебиз укмуш бузулуп, анан ого бетер күлүп.

– Анан?

[1] Байыртан бери аалам сырларын, илимин чогултуп келген жер астында (Тибетте) калган ыйык шаар.

– Класстагы балдарга айтып берсек алар бизди шылдыңдап коюшту.
– Эмне деп?
– Мактанышат. Биз небак «стеклого», промедолго өткөнбүз. А сен экөөң сопляк, сасыган кара куурайды биринчи жолу тартыпсыңар деп.
– Анан?
– Болду. Ошону менен дагы бир жолу тарттык, анан тартпай калдык.
– Эмнеге?
– Билбейм. Жөн эле тартпай калдык.
– А тиги балаңдын аты ким?
– Аны экинчи жолу тартканда атасы кармап алып сабап салган. Ошондон кийин жолобойт.
– Экинчи тартпайбы анын. Ишенесиңби?
– Унутуп да калды.
– А сенчи?
– Мен дагы.
Адилет байкесин карап ууртунан күлүп койду.

* * *

«Восток-5» кичирайонундагы «Иэзабель» менчик еврей лицейи мурдагы бала бакчанын биринчи кабатын ээлеген экен. Жылдыз эжейин ал жерден табуу кыйын болгон жок. Бирок, танаписке чейин фоеде күтө туруууга туура келди.
– Мен еврей тилин билбейм да, – деди Адилет Таштанды жеңден тартып саруулап. Таштан мостоюп тамашалады:
– Кыргызча окугуң келбесе, еврейче окуйсуң да…
Аңгычакты балдар топурап танаписке чыгышты. Адилет балдардан сүрдөп, атүгүл тердеп кетти. Чурулдаган немелердин көбүнүн кулагында же мойнунда илинген радионаушниктери бар экен. Кийингендери башкача.
Жылдыз Карабаева фоедеги тааныш адамдарды көрүп, таңыркай калды:
– Адилет, сенсиңби?
– Саламатсызбы, эжей. – Адилет жер карады.
– Саламат. Кайдан, меймандар?
Эжейи баланы ийнинен кучактап, Таштанга суроолуу карады. Адамжандын ички табышмагынын дагы бирөө ушул – мурда жолугуп эле жүргөн адамың кокустан эле көзүңө башкача көрүнүп калат. Таштан толкундап кетти. Адилеттин Жылдыз эжейи мурда көргөндөн таптакыр башкача жан турбайбы! Карегинен нуру төгүлгөн, жылдызы жүзүнөн жанган керемет келин Таштанды бүгүн бир башкача карап турду. Мезгил экөөнү тең өзгөртүп салгандай. Өмүр бою бирин-бири издеп табыша албай жүргөн ашыктар азыр, ушул мүнөттө күтүүсүздөн табышып тургандай! Таштан нес болгон бойдон тура берди эле, акыры Жылдыз биринчи көзүн ала качып кетти. Келин эмне кылаарын билбей, бети дуулдап ысып, акыры Адилетти кайрадан кучактап тамашалады:
– Адик, бул киши сага ким болот?
– Дозум.
– Ха-ха-ха! – Таштан катуу күлүп жиберди.
– Досум десең. Атасы «з» менен сүйлөйт. Мен Адилеттин чоң досумун, бул менин кичине досум.Таштан капыстан Жылдызга колун сунуп калды. Түшүнүксүз – же салам бергениби, же эмнеси? Жылдыз сунган колду алды да, кызарып кетти. Экөөнүн көз караштарын кайрадан бир сыйкырдуу ирмем аралап өттү. Колдору болсо ажырашкысы жок. Бирок Жылдыз кайрадан биринчи болуп колун тартууга аргасыз болду.



– О, жакшы экен. Жүргүлө анда, тигил бош класска, – деди ал Адилетти колтуктай алып.
Окуучусу жөнүндө сөздүн баарын угуп бүткөнчө Жылдыз эжейинин өңү нечен жолу өзгөрүлүп, акырында баланы кучактап алып, жашып кетти.
– Менин эң таланттуу окуучум элең. Ушуга дейре жеттиңби, Адик?!
– Сизден башка эч кимден окугусу жок, – деди Таштан.
– Түшүндүм. Бирок… Анда Адикти мага эртеңке дейре калтырып кеткиле. Экөөбүз биздикине барып терең ойлонолу. Макулсуңбу, Адик?Адилет башын ийкеди. Таштан болсо «азыр» деп нары басты да, чөнтөк телефонунан Айзада жеңесине чалды.
– Апасы макул, – деди ал кайра басып келип Жылдызга. Келин Таштандын балбылдап тиктеген көздөрүнөн кайрадан көзүн ала качты.

* * *

«Чексиз Ааламда адегенде баш аламан болгон экен. Аны тартипке салыш үчүн Кудай таала жаралган. Ал өзү эле жети катар асманда жоктон бар болуп, аба менен нурдан жаралып калган. Андан кийин өзүнө жардамчыларын жараткан. Улук, Периште, Ибилис, Азезил деген көп жардамчылары болгон.
Бир күнү Алла жерди жаратып, айбандарды, куштарды ошол жакка жашасын деген. Жер айбанаттардын гана мекени болчу.
Жетинчи күн дегенде ал ойлонуп отуруп өзүнө окшогон жан жаратксы келип, Адам атаны жасаган. Анын денесин жердеги топурактан, жанын Сириус планетасындагы абадан жасаган. Адамды Кудай өзүндөй өлбөс кылып жараткан болчу. Адамга Кудай өзү суктанган, себеби ал өтө акылдуу жана сулуу болчу. Эми мен буга жолдош кошуп берейин деп, анын бир кабыргасын алып туруп, Обо энени жараткан. Обо эне Адам атадан токсон тогуз эсе сулуу жана назик болгон. Экөө тең Кудай менен кошо асманда түбөлүк жашамак.
Алар жыргап жашаган Бейиш багында бир түп ачуу алма бар болчу. Анын алмасын жегендер ак менен кошо караны да билип, күнөөнү көп жасап, бактысыз болуп калмак. Ошону Кудай таала Адам ата менен Обо энеге эскерткен. Эч качан жебегиле деген. Экөө алмага жакын басып барчу да эмес.
Кудай таала өз жардамчыларынан да Адамды жакшы көрүп, көбүнчө аны менен сүйлөшө берчү. Ошого Ибилистин ызасы келчү. Ошондуктан Ибилис Обо энени азгырып, тукумуңар көбөйөт деп кызыктырып, алманы жегизип койгон. Ошентип Кудайдын айтканы бузулат. Аны укканда Кудай таала аябай каардант, Адам ата менен Обо энени айбандар жашаган тоголок жерге түшүрүп салат.
«Тукумуңар мейли көбөйсүн, бирок өмүрүңөр кыска болсун. Күнөөнү, кылмышты, адилетсиздикти тилеп алдыңар, алар эми башыңардан кетпейт», деп Алла таала Азезилди чакырып алып: «Адамдын жанын мен айткан кезде алып турасың», – деп тапшырат.

Муну укканда Ибилис аябай сүйүнгөн. Улук менен Periште болсо Адам ата, Обо энеге болушкан. Кудай «болушпагыла» деп аларга тыйуу салган. Улук болбой эле бир жолу аларды кайрадан асманга алып чыгып, түбөлүк жашатмак болгондо Кудай аны да жазалаган. Жерден асманга кетчү коридорлордун баарын жаап салган. Кудай Улукту жер бетиндеги Кайлас тоого чынжырлап камап туруп, анын ысымын өзүнүн ысымына кошуп алган. Ошондон кийин Алла-Улук деп бирге айтылат. Улук Кудайдын каарына ошентип калган. Ал акыр заман болмоюнча камоодон чыкпайт. Periште болсо Кудайдан коркуп, Адамдын жанына келе албайт. Алыстан гана жакшылык жасап жүрөт. Ал адамды дайыма колдойт. Ибилис болсо дайыма зыян кылат.

Жер бетинде айбандар менен бирге жашап, Адам ата, Обо эне тукуму аябай көбөйөт. Бир күнү алар чогулуп « Биз эмне үчүн өлбөс эмеспиз, эмне үчүн түбөлүк жашабайбыз, муну биз Кудайдан сурап, талап коёбуз, ага жетебиз», — деп Баабил шаарындагы дөбөгө бийик мунара сала башташат. Баабил мунарасы күндөп-түндөп бийиктей берет. Акыры Кудайга жете турган болгондо Кудай таала амал ойлойт. Адамдардын өңдөрүн да, тилдерин да ар башка кылып салат. Ошондо Баабил мунарасын салып аткандар бирин-бири түшүнбөй калат. Мунара токтойт. Адамдар болсо ошентип өлбөс боло албай, жерде айбандар менен биротоло жашап калган экен, алар адилетсиз.

Анткени эң эле биринчи кылмышты Адам ата, Обо эненин өз балдары баштаган. Эмне үчүн Кабл өз иниси Хаблды өлтүргөн? Көрө албас, ичи тар болгондугу үчүн. Энеси Обо кичүү уулу Хаблга айткан болчу: «Агаңды шайтан азгырып дос кылып жүрөт, сак бол, ичиңдеги кубанычыңды ага айтпа», – деген. Бирок Хабл айтып койгон. «Мен Адам атам бөлүштүргөн боюнча малдын пири болгон соң, Алла таалага бир кара койду курмандыкка чалсам, ал зыяратымды кабыл кылды. Кудай мени жакшы көрдү», — деп мактанган. Эртеси эле «мен дандын пиримин» деп Кабл толтура кап буудайды Аллага багыштаса ал кабыл кылбай коёт. Ошого ичи күйгөн агасы инисин таш менен башка уруп өлтүргөн. Ал экөөнөн тең көп балдар калган. Баарынын тең канында жакшылык менен кошо жамандыктын бүртүгү жүгүрүп турат. Ал бүртүк токтоосуз көбөйө берген…»

Төртүнчү класстын баласы жазган дил-баянды окуп бүткөн соң, кош сызык дептердин эки барагын кармалап, Таштан күлүмсүрөп отурду. Адилеттин зиректигине, уккан-билгенин, Таштан өзү берген китептерден Кудай жөнүндө окугандарын бүт эптештирип жазганына ичи элжиреди. «Карасаң, Вавилонду «Баабил» деп шумерче өз аты менен бергенин. Алардын жомогун анык кыргыздыкындай кылып койгонун кара! Балким түбү бир болсо керек… Бул баладан чыгат! Бирок…»

Телефондун үнү Таштандын оюн бөлдү. Трубканы алса Жылдыз эжей экен. Үнү негедир кубанычтуу.

– Адилет биздин лицейден окууга макул болду! – деди Жылдыз сүйүнчүлөгөндөй.

– Кандайча? Еврей лицейиненби?

– Окуу бизде негизинен орусча, англисче. Мен буларга кыргыз тилинен сабак берем. Иврит сабактарынын ордуна Адилет орус, англис тилин окуй турган болду. Деректир менен сүйлөшүп койдум.

– Мм… апасы чечсин. Ансыз болбойт.

– Албетте. Бирок сиз сүйлөшүңүз. Же болбосо мен сүйлөшөйүн.



– Мен апасын сизге алып барсам кандай болот? Окуунун акысын да макулдашыш керек го?

– Ооба. Бул өзү кымбат лицей. Мен Айзаданы жакшы билем да. Апкеле бериңиз! Баса, сочинениесин окудуңузбу Адилеттин? Төртүнчү класста жазган. Кайра өзүмө бериңиз! Мен аны катып жүрөм.

– Бала сизге сырын айттыбы деги?

– Негизинен сизге айткандарды мага да айтты окшойт.

– Гравитациялык коридорлор жөнүндөчү?

– Ошону түшүнгөн жокмун, кечиресиз. Планеталардын аралыгында дейби, ошондой коридорлор бар имиш.

– Анда сизге да четин айткан экен. Ошону издейм деп жүрүп бу шайтан сабагын таштап атпайбы. Бирок сиздин тилиңизди алат. Ошого ишенебиз. Калганын барганда сүйлөшөлү ээ?..

* * *

Үч күндөн кийин Адилет Нарбаев «Иэзабель» еврей лицейинин бешинчи классына отуруп окуй баштады.

– Биз кыргыз мектебинен балдарды өзүбүзгө албайбыз, аны жакшы билесиз. Жалаң гана сиздин сөзгө ишенип алдык. Эгер бу балаңыз төрт классты бешке окуганы чын болсо, көрөбүз,.. – деп лицейдин кожоюну Анри Брудный Жылдызга сылык айтып, мойнуна тымызын доомат илип койду.

– Балага ишенем!, – деди Жылдыз чыгып баратканда деректирдин кабинетинин эшигин демейдегиден катуу жаап. Анри Брудный артынан карап, башын чайкады. Ал Жылдызга тийишип жүрчү.

Адилет түштөн кийин мектептен келген бойдон жазуу үстөлүнөн алыс жылбайт. Мындай тартипке чымырканып жүрүп көнүп да алды. Болгону анда-санда компьютерине отура калып ойнойт. Көбүнчө жылдыздарга саякат жасаган видеокассеталарын тегеретип, ааламдагы гравитациялык коридорлорду издейт.

Бүгүн болсо оң мүрүсү сыздап, ызасына чыдабай көзүнө жаш тегеренип отурду. «Киргиз» деп класстагы балдар ага кличка коюп алышкан. Өңү ак-саргыл, чачы тармал, мурду коңкогойроок баланы адегенде «черкес» деп, андан кийин «пеппи» деп, акырында, мамлекеттик тил күнүндө кыргызча бийлегендиги үчүн «киргиз» деген кличкага токтошту. Папкасын катып коюшуп, буттан чалып, акыры эки-үч жолу мурунга жеди, өзү да жөн калган жок. Аны «киргиз» дегендер көрсө еврей эмес эле өзбек, уйгур, дунган балдар экен. Баарысы тең өздөрүн «крутой», «бугор», «олигарх» деп аташкан Кыргызстандагы жаңы байлардын балдары экенин Адилетке Таштан айтып түшүндүрдү. Орустун, еврейдин балдары эмес, Адилетке адеп катылгандар жалаң ошолор.

Бир сапар класстагы балдар жашыруун бир маанилүү ишке даярдана баштышты. Экиден, үчтөн күбүрөшүп шыбырашат. Адилетти араларына кошушпайт. Ошентип отуруп акыры болчу окуя сабактан кийин, мектептен оолак, чала бүткөн имараттын далдасында өтмөк болду.

– Сен да барып көр. Анткени кийинки кезек сеники, – деп Адилетке улуксат беришкен. Көрсө бир уйгур менен бир орус баланын жекеме жекеси болмок экен. Экөө ортого чыгып, калгандары тегеректеп турушту. Класстын кыздары да келишип, балдардан мурун «калыстар тобунун» ишин аткарып чуркашууда.

Эки бала алды менен чапчышып, мушташып, анан күрөшө кетишип, ит жыгылыш болуп, кайра туруп, айтор көпкө тирешти. Алардын ар бир мушу же чалып жыкканы кыйкырык-чуу менен эсепке алынып, акыры уйгур баланын мурдунан кан кетти эле, баары кол чаап жиберишти. Ошого шердене түшкөн каршылашы беркини аёосуз койгулап, акыры тигил тил-оозу жок жатып калганча тепкиледи. Ажыраталы, болду деген бирөө да чыкчудай эмес, ошондо Адилет кандайча ортого чыга түшкөнүн өзү да билбей, орус баланы «токто» деп жеңден алды. Жеңишке шерденген бала кайрыла калып, муштумун Адилетти көздөй бир шилтеп чыкыйга чала уруп кеткен болчу.

– Не лез, дурак, киргиз! – деди аңгыча тургандар чуулдап. Кыздардын бирөө келип Адилетти төштөн ары бир түрттү эле бала чалкасынан түшүп кала жаздады.

Уйгур бала болсо канга чылк боёлуп, сынган кирпичтердин арасында жатты.

– А теперь Гошку под кран! Хорошо умойте. Чистота залог здоровья! Ха-ха-ха! Ха-ха-ха!

Апта өтпөй эле кезек Адилетке келип, аны бир күн мурун өзүнө угузушкан. Көрсө, Шалхар аттуу бир дунган бала Адилетти «заказ» кылыптыр. Себеби эч белгисиз. «Өткөндө киргиз мени коридордон жөөлөп кеткен» деген «негиз» айткан имиш. Ал бала класстын атамандарынан кастетке уруксат алган экен.

– Сага да уруксат. Кийип чыксаң болот! – деп Адилетке эскертишкен.

Адилеттин шаштысы кетип калды. Кастети жок эле. Анын үйүндө болгон бүткөн куралы – чөнтөк газбалончик. Анысы да бирөө эле болчу. Айласы кетип ал Таштан байкесине айтууга аргасыз болду. Кастет сурады. Таштан баланын айткандарын угуп бүткөн соң дароо лицейге, Жылдыз эжейге бармак болду. Жекеме-жекени токтотуп, аны уюштургандарды дароо жазалаш керек эле.

Бирок ага Адилет такыр макул болгон жок. «Баары бир алар мени «чөгөрөт»[1] деди ал айласы кетип. Жекеме-жеке болмоюнча болбойт». Анда эмесе деп Таштан катуу ойлонду да, бир амал тапты…

* * *

Адилет менен Шалхар ортодо беттеше баштаган кезде капыстан бир чоң киши үстүлөрүнөн чыгып калды.

– Эй достор! Оюн көрсөк болобу? – деди ал киши эчтеме билбеген болуп.

– Сиз кете бериңиз! Жолто болбоңуз! – дешти биринчи кезекте кыздар чуулдашып.

– Макул кете берейин.

Чоң киши кетип калды да, тигил эки атаандаш мушташа баштаганда кайрадан шып жетип келип, экөөнү тең шилиден алды. «Милийсага камайм экөөңдү тең. Мени менен жүргүлө!»

– Кандай акыңыз бар? Булар ойноп атышат!

– Көрдүм! Кастет деген кандуу курал. Бул үчүн камалат! Мен милийсанын капитанымын.

– Кандуу эмес! Финка болсо бир жөн!

– Кана, сен бери келчи! Финкаң барбы!

[1] чөгөрөт – мойнума зордоп акча салат дегени



Таштан эки атаандашты жетелеп келип, лицейдин директору Анри Брудныйга тапшырды…

Ошол чала болуп, бүтпөй калган беттеште Адилет мүрүсүнө кастет жеген болчу. Азыркыга дейре басылбай ооруйт. Бирок, эң негизгиси Адилет беттештен качпады, калыстар тобу болсо аны эми «чөгөрүүгө» акысы жок. Эч ким аны «чыккынчы» же «бок жүрөк» деп кемсинте албайт.

– Бул лицейде болгону дагы жарым жыл окуйт экенсиң, мушташка катышпай эле койчу, – деди Таштан. – Андан көрө билимиңди күчөт.

Машинада Жылдыз эжейи да бар эле. Бала эжейин суроолуу карады.

– Үйгө айтпай эле коёлучу, эже.

– Эмнени? Мушташканыңардыбы?

Адилет башын ийкеди.

– Билбей турам,– деди Жылдыз эжейи.

– Менимче айтпай койсо болот ко. Мушташ үзгүлтүк болду да, – Таштан рулдан колун албай артка, Жылдызга карады.

Дал ошол тушта сары дарбаза шак ачылып, баланын атасы Саламат сыртка чыга келди. Машинедегилер үндөбөй, аны тиктеп калышты.

– Адилет! – деди Саламат болгон окуяны билип койгон сыяктуу шектүү үн менен. Бала сыртка чыга жөнөдү. Таштан болсо Жылдызды үйүнө жеткизип коймоко «Маздасын» дароо буруп кетти. Машина Саламаттыкы эле…

* * *

«**К**үн кыпкызыл болуп батып баратат. А мен болсо дагы эле эч нерсе жаза албай отурам. Жылдыз эжей берген дилбаяндын темасы туура эмес. Ошон үчүн жаза албай атат окшойм. Ной же Нух пайгамбар эмес Яйсувду[1] жөнүндө жазгым келет. Яйсувду деген ат байыркы шумер тилинде «жай аккан суу» дегенди билгизет. Муну мага Таштан досум айтып берген. Эгер ушуну жазсам Жылдыз эжей балким каршы болбойт…

Адам ата менен Обо эненин кичүү баласы Хаблдын өлүмүнөн кийин жердеги адамдардын көңүлү бузулуп калды. Биринен бири шек санап, биртуугандан да ишенич кетти. Акыры жер үстүндө көбүнчө адилетсиздик өкүм сүрө баштады. Жакшылыкты бардык жерде жамандык кубалады, кемсинтти, шылдыңдады. Буга кайгыргандар өтө аз болду. Бир гана адам — Яйсувду деген кырктар чамасындагы киши күндүр-түндүр ыйлай берди. Кишилер ага да күлүп, атын «Ыйлаак» деп өзгөртүп, шылдыңдашты. Ыйлак кишинин үч баласы бар эле. Ал үчөө да атасындай ыйман күтүшкөн. Яйсувду акыры Кудайга үнү жете озондоду: «О, Алла, пенделериң бузуку жолго түштү. Алар кылган кылмышты санап да бүтө албайм. Сенин улуктугуң чын болсо булардын бирин да жер үстүнө калтырба. Анткени булардан жалаң бузуку тукум тарай турган болду». Ушинтип жети күн, жети түн зарлагандан кийин Алла таала «Ыйлаактын» тилегин кабыл кылды. Бат эле асмандан буйрук келди: «Пендем Яйсувду, сен эми көз жашыңды тый. Ыймансыздар бүтүндөй топон сууга чөгүп жок болот. Ошон үчүн балдарың менен саж жыгач тигип өстүрүп,

[1] Байыркы шумер легендасынын Ной сыяктуу каарманы. (Нойдон мурда болгон)

ошондон кеме жаса!» дейт. Яйсувду үч баласы менен саж жыгачын тигип өстүргөн соң зор кеме баштайт. Ыймандуумун деген адамдарга кабар айтып кеме жасагыла, топон суу каптайт десе, алар ишенишпейт, Яйсувдуну шылдыңдашат.

– Көп жылдан бери тамчы жаан жок, жер кургап атса кайдагы топон сууну айтасың, келесоо, – деп күлүшөт.

– Кеме жасап бүттүм, о Алла сууң качан пайда болот? – дегенде асмандан жооп келет:

– Мен белги берем, алоолоп от күйгөн жерден суу чыга баштайт!

Аны уккандан кийин Яйсувду тамак-ашын, иче турган суусун камдап кемеге салды. Кеме үч кабат эле. Үстүңкү кабатына Яйсувду өзү тандап атайын киргизген канаттуулар жайгашты. Ортоңкусуна аялы, балдары, келиндери менен өзү кирди. Эң төмөнкү кабатын болсо калган жаныбарларга берди.

Ошол күнү Яйсувдунун аялы жүгүрүп келди:

– Яйсувду мырзам, тандырга от жагып атсам чоктун астынан суу чыга баштады! – деди бир күнү аялы энтеңдеп чочуп.

– Анда тезинен кемеге киргиле! – деди Яйсувду баарына шашылыш буйрук берип. Бирок ал чочулап Алладан сурады:

– О, жараткан, айбандар бири-бирине кас эмеспи, кемеге киргенде кандай болоор экен?

– Яйсувду пендем, сен санаа тартпа, аларды кас кылган да мен, дос кылган да мен өзүм болом.

Ошондон кийин кемеде тынчтык өкүм сүрдү, арстан, жолборстор жоош болду, жыландын уу тиши түшүп чакпай калды. Карышкыр болсо коркуп бир бурчка тыгылды.

Эшек гана кемеге кирбей кетенчиктеп туруп алганда «Эй, хайбар! Кир кемеге!», – деп Яйсувду бир кыйкырганда эшек кирип кетти.

Асмандан күндөп-түндөп кара нөшөр куя берет. Жерден да оргуп суулар чыгат. Кырк күн, кырк түн токтоосуз суу каптаганда жер үстүндөгү адамдар менен жаныбарлар бүт кырылды, жер бети тазаланды.

Яйсувду кеменин ичин кыдырып карап жүрсө Ибилис отурат бир жерде.

– Сен бузуку, кантип кемеге кирип кеттиң?

– Эшектин куйругунан тартып киргизбей тургам кемеге… Ошондо сен өзүң «Кир, хайбар!» деп кыйкырдыңбы. Анан эшек менен кошо кирип кеттим.

– О, Ибилис, шайтан! Сен адамдын азгырыгы! Кайрадан жер үстүндө тирүү калган турбайсыңбы?! – деп Яйсувду кайгырган экен. Бирок Ибилисти сынап көрмөк болот.

– Э Ибилис, сен өлбөс болуп жаралган Адам атаны Бейиш багында азгырып, өлө турган пенде кылып салдың. Өзүң болсо өлбөс болуп жүрөсүң. Бул калыс эмес ко. Кудайга тобо кылып Адам атанын өлбөстүгүн кайра сура! – деген экен.

– Эй, Яйсувду, макул, мен тобо кылайын, Кудай макулбу ошого? Күнөөмдү кечеби?

Яйсувду Ибилистин тилин алып, Кудайдан анын күнөөсүн кечүүнү сурайт.

– О Яйсувду, Адам атанын табыты сенин кемеңде эмеспи, ошого Ибилис сейде[1] кылсын, күнөөсүн кечейин, – деген экен.

---

[1] Сейде – жүгүнүп кечирим сурасын, табынсын, жүгүнсүн.



Ошондо Ибилис сейде кылбай койгон.

– Адам атаңар тирүү кезинде мен ага баш урган эмесмин, эми чириген денесине баш урамбы?! – дептир.

Ошентип Ибилис шайтан адам менен достошпой койгон.

Күндөрдүн биринде кеменин ичинен оргуштап суу чыга баштайт. Яйсувду шашылыш кыйкырат:

– Тешикти ким табат?!

– Мен табам, – деп жылан алдыга чыгат. Ал сойлоп жүрүп кеменин түбүндөгү тешикти табат. Ошого куйругун тыгып коюп ийрилип жатат. Кеме чөкпөй аман калат.

– Э жылан. Топон суу токтогондо сенин тилегиң эмне болсо ошону орундатам, — деп Яйсувду убада берет.

– Эй, айбанаттар! Силер жакындашпагыла, тукум көбөйтпөгүлө, кемеге батпай, чөгүп кетебиз! – деп Яйсувду буйрук берет. Ошого болбой эле чычкандар аябай көбөйүп, кемени теше баштаашат. Ошондо Алла тааладан Яйсувдуга буйрук келет.

– Арстандын башын сыла! – дейт.

Яйсувду арстандын башын сылаганда ал чүчкүрөт, мурдунан бир мышык ыргып кетет. Ал мышык чычкандарды кырып жоготот.

Кеменин ичи бок-сийдикке толуп кетип, сасык жыт тумчуктурат. Кудай тааладан буйрук келет:

– О, Яйсувду, пилдин жонуна чыгып аркасын сылачы!

Пилдин аркасын сылаганда анын тумшугунан эки чочко чыгат да, бок-сакты бүт жеп жоготот. Кеме таза болуп калат.

Кырк күн, кырк түн дегенде Топон суу тартылат. Яйсувдун кемеси Кантеңир тоосунун үстүнө токтойт. Жамгыр басылып, суулар тартылып, жер бети кургай баштайт. «Бардык жер кургады бекен, көрүп келчи», – деп Яйсувду карганы жиберет. Карга талаадагы тарпты чокуп отуруп кечигип калат. Яйсувдунун чыдамы кетип көгүчкөндү жумшайт. Көгүчкөн ар кайсы жерлерге конуп, бутуна кызыл ылайды жугузуп келип, кабар берет. Яйсувду кечигип келген каргага ачууланып:

– Сен дайыма адамдардын көзүнө суук көрүнүп, өмүрүң коркунучта өтсүн, – деп Кудайдан тилейт. Ал эми көгүчкөндү: – Сен дайыма адамдардын көзүнө жылуу көрүн. Аны менен жанаша жаша. Мен ушуну Кудайдан тилейм, – дейт.

Эң аягында шашпаган жылан соймоңдоп келип Яйсувдуга:

– Кеменин тешигин таап бүтөгөндүгүм үчүн мени ыраазы кылам дедиң эле. Мынакей келдим.

– О, макулугум, эмне каалооң бар. Айт.

– Мага кимдин каны таттуу болсо ошону ырыскы кылып берсең болду.

– Андай болсо мен билейин, кимдин каны эң таттуу экенин, – деп Яйсувду бул ишке чиркейди жумшайт. Чиркей сүйүнгөнүнөн ар кимдин канын соруп жүрө берип, кечигип калат.

– Кирбийген шайтан, эмне мынча кечикти?! Сен билип келе койчу! – деп Яйсувду чабалекейди жиберет. Чабалекей чиркейди таап сураса:

– Дүйнөдө адамдын каны эң таттуу экен. Ушуну Яйсувдуга айтканы баратам, – дейт. Ошондо адамдын досу чабалекей кайгырып, амал ойлойт да, минтип алдайт чиркейди:

– Э, чиркей, ошол кандын даамы тилиңде калгандыр. Мен да билейинчи, тилиңди сунчу. Чиркей мактанып тилин сунганда чабалекей тилинин жарымын жулуп, жеп коёт. Экөө чырылдашып, бирин-бири кууп отуруп Яйсувдунун алдына келишет. Тилинин жартысынан ажыраган чиркей сүйлөй албай «ыз-ыз-ыз» дей бергенде, Яйсувду түшүнбөй чабалекейден сурайт. Анда чабалекей:

– Досум Яйсувду, чиркей мага жолдо келатканда мындай деди: «Дүйнөдө жан-жаныбар өтө көп экен. Ошолордун баарынын канын сордум эле, эң ширини бака балчактыкы экен. Андан артык кан болбойт деди».

– А чиркей эмне муну мага өзү айтпайт?

– Ал баканын досу, ошон үчүн анткорлонуп, айткысы келбей, калп эле ызылдап атат.

– Анда эмесе жылан чеберим, сенин эмгегиң зор. Айтканыңды эки кылбайын. Сага өмүр бою, укум-тукумуң менен баканын каны, эти насип болсун. Ушуну Кудайдан тилейм, – дейт.

Жыландын чабалекейге жини келип кетет. Себеби, ал баканыкы эмес, адамдын каны эң таттуу экенин мурда эле билчү. Ошон үчүн чабалекейди качырып барып чагайын дегенде, ал уча качат. Жылан аны куйруктан гана тиштеп калган экен. Чабалекейдин куйругу эки ача болгону ошондон…

Ошентип жер бети тазарат. Анда Яйсувдунун гана тукуму көбөйө баштайт. Бирок алар менен Ибилис дайыма бирге. Ал улам кийинкилерге зулумдукту үйрөтө берет. Сегиз жүз жыл жер үстүндө жашаган соң Яйсувдуга Азезил келет. Жанын алмак болот. Ошондо ал Кудайга кайрадан ыйлап кайрылат: «О, кудай! Адам баласын аясаң, анда Улукту Кайлаш тоодон чыгарып, ордуна Ибилисти чынжырлап бер! Сен өзүң жараткан Адам пендең ошондо оңолот».

«Оңолбойт!» – деген жооп келген экен асмандан».

***Адилет.***

* * *

***Т***агдыр экен, жашы отузга такап келгенге дейре Таштан үйлөнө алган жок. Университетте окуп жүргөндөгү, андан кийин шаардын мектептеринде мугалим болуп жүргөндөгү, жөн деле көп жерлерден таанышып ынак болгон кыздары, келиндери салаадан аккан кумдай мезгил менен кошо изи өчүп кетип атты. Көбүнүн аттарын да унутту. Карт бойдок атанды. «Моссоветке, түнкү көпөлөктөргө барат экен» – деген жаманатты сөзгө да калды. Анын достору «Таштанды үйлөнтүү боюнча комитет» түзүштү. Комитеттеги мүчөлөр жалаң досторунун аялдары. Күн алыс бир кыз же келин менен тааныштырышат. Ал түгүл үйүнө барышып, тамак-ашын ичип, шарaптан шыңгытышат. Таштанга жагам деген «талапкер» күнү менен даярданып, жасанып-түзөнүп, акырын сүйлөп, аяр басып отуруп, акыр аягы жыйынтыксыз кала берет. Бара-бара комитетчилердин тааныштыра турган кишиси калбай, өздөрү да жадап бүткөн кезде:

– Сага деги ким жагат, айтчы?! — дешти.

– Баары эле жакты, бирок бири да чекеме жазылбаптыр.

– Андай болсо бар! Алдагы бырышкан чекеңдеги жазууңду окуп алып, анан кел!

Аяштары дал ошентип оюн эмес, чындап эле таарынычын айткан күнү Адилет инисинин айынан «Иэзабель» эврей лицейинде Жылдыз менен биринчи ирет капыстан көрүшкөн. Ошол көрүшүүдө экөөнүн тең көз карашында сыйкырдуу бир ирмем жылт этип өткөн. Бара-жүрө ошол, түпкүлүгү Асмандан, илгеркиче айтканда, ашык болгондорго Көкө теңирден келе турган, табышмактуу көз ирмем өз ишин кылбай койбойт экен. Таштан менен Жылдыз экөө капыстан эле, бирисиз бири тура албай калышты. Экөө жолугуп бир басса телегейлери тегиз, кабактары ачык, жүрөктөрү экөөнүкү бирдей өрөпкүйт, айтарга сөз да бар, күлөөргө күлкү да бар, бу жалган жалаң ушул экөө үчүн гана жаралган сыяктуу. Башка эч нерсенин кереги жок, бардыгы унут, бардыгы тең экөөнөн төмөн, экөөнөн алыс, экөөнө эч тиешеси жоктой. Экөө бардык дүйнөдөн таза жана бийик!

Дал ошондой маанайда Таштан менен Жылдыз «Алтын ажыдаар» ресторанына кол кармаша шайдоот кирип келишти. Теңир күбө, бул асмандан түшө калгансыган бирине бири опокшош эки жашты көрө салган ресторандын кызматкерлери дапдаарып тосуп алышты.

– Куш келиңиздер, – деди жетип келген официант жигит өзгөчө жадырап.

Жигитке жооп катары Таштан менен Жылдыз бири-бирине ысык жылмайды.

– Эмне каалайсыздар. Меню мынакей.

– Менин кардым ач.

– Меники андан бетер.

– Мен лагман заказ берем.

– Мен дагы.

– Мен коньяк ичем.

– Мен дагы.

– Мен бүгүн бактылуумун.

– Мен андан бетер!

Таштан нур төгүлгөн каректерин жалжылдатып Жылдыздан көзүн албайт. Жылдыз болсо ээгин кол учу менен таянып, ууртунан күлкүсү кетпей назданып, маңдайындагы жигиттин нес болуп, өзүн тиктегенинен улам зор рахат алып отурду. Ресторандагы ал экөөнү ушул түнү Жылдыздын көп кабат үйдөгү айнектей жаркыраган, тыкан жыйылган, куш жаздыктуу бир бөлмө квартирасы чыдамсыз күтүп жатты…

* * *

Эртең акыркы сабак. Түштөн кийин лицейдин короосунда салтанаттуу тизилиш болуп, окуу жылынын жыйынтыгы чыгарылат деген күнү Анри Брудный Жылдызды кабинетине чакыртып алды.

– Кириңиз, айым. Маанайыңыз өтө жакшы экен. Көзүңүз мынча эмне нурданат? Албетте мен кубанычтамын. Бирок бүгүн колуңуздан өбө албайм, кечирип коюңуз.

– Эмне үчүн? – деп Жылдыз ажарлана күлдү.

– Себеби сиз менен көзкарашыбызды такташа турган күн келди.

– Анри Абрамович, жүрөгүмдү түшүрбөңүзчү. Акыркы күнү!

– Ооба, тилекке каршы окуу жылынын акыркы күнү ушундай болуп калды. Мынабул сочинение Нарбаевдикиби?

– Ооба! – деди Жылдыз көздөрүн бакырайтып.

Буга сиз эң жогорку баа койдуңуз беле?

– Сөзсүз!
– Нарбаевди отличнике чыгарып, лицейдин сыйлыгына көрсөттүңүз беле?
– Ал татыктуу!
– Анда бул окуучуга кылган өзгөчө аракетиңиз талаага кетти деп эсептеңиз. Сочинениеси таптакыр жараксыз. Берилген тема боюнча жазылбаптыр. Ушундай деп чечишти.
– Ким?!
– Жюри. Олимпиаданын жюриси.
– Кайдагы жюри, Анри Абрамович? Бул лицейде менден башка эч ким кыргызча билбейт. Сочинение кыргыз тилинде болуп турбайбы.
– Во-во-во. Именно кыргызчаны эч ким түшүнбөйт деп өз билгениңизди жасап коюпсуз. Жюринин мага берген жыйынтыгында сиздин аракетиңиз дал ошондой бааланган.
– Көрсөтүңүзчү?
– Жюринин жыйынтыгынбы? Мынаңыз, айым. Бирок колуңузга бере албайм. Ушул жерден окуңуз.
– Ушул бир эле абзацбы? Колдору да жок экен, – деди Жылдыз бир барак кагазга көз жүгүртүп, таңкалып.
– А сизге эмне, том керекпи? Хе-хе-хе.
– Мында сочинениенин темасы жөнүндө гана бир ооз сөз экен. Мазмуну, сапаты жөнүндө эч нерсе жок.
– Пардон-пардон. Эң негизгиси – темасы жок болгондон кийин сапаты жөнүндө сөз кылууга мүмкүнбү?
– Сочинениеде темасы да ачылган. Болгону каармандардын аттары өзгөрүп калган.
– Кыскасы мындай, Жылдыз айым. Мен жетекчимин, жюри эмесмин. Ар бир сочинениени текшерип отура албайм. Мен жыйынтык гана чыгарышым керек.
– Кандай?
– Ойлонуп атам. Дегинкиси калыстыктан тайгансыз го. Начар окуучуну биринчи орунга чыгарам дегенсиз. Мунуңузду бүт коллектив билип калды. Бул өтө начар белги…
– Нарбаев башында гана жетишчүү эмес. Азыр класстын эң мыктысы. Мугалимдердин бардыгы буга макул деп ойлойм. Анри Абрамович, сиз мени капа кылбаңызчы. Суранам.
Жылдыз мурдагыдай эле жаркылдап күлдү.
– О бали! Сизди капа кылбайын деп дагы көп нерсени атайын айтпай жатам, айым.
– Дагы эмнеңиз бар, Анри Абрамович?!
–Четин чыгарайынбы? Бул өзү опурталдуу, чоң саясий маселе.
– Бүт эле айтыңыз, эгер андай болсо.
– Болбогон нерсени айткыдай мен бала белем, Жылдыз айым. Биздин лицей аты эле айтып турбайбы – еврей лицейи. Кыргызстанда антисемитизм биртоп экенин билесиз. Кээ бир депутаттарыңар ачык эле чыгып атпайбы. Мына ушунун фонунда сиздин Ной пайгамбар жөнүндөгү бүткүл дүйнөгө белгилүү легенданы жокко чыгарган окуучуну олимпке көтөрүп атканыңыз эмнеден шек берет? Түшүнөсүзбү?



– Анри Абрамович, кудай жалгагыр, саясат менен менин башымды оорутпаңыз! Бешинчи класстын окуучусу жазган иште кайдагы саясат?!
– Факт, Жылдыз айым. Кеп бешинчи класстын баласында эмес. Кеп мугалимде, анын көз карашында. Кеп, окуучу ошол көз караште тарбия алып жаткандыгында.
Сүйлөп жаткан Брудныйдын өңү бузулган сайын Жылдыздын ууртунан күлкү кетпей туруп алды.
– Мага саясий айып тагып атасызбы?!
– Мен айтпайм десем болбойсуз. Ашыкча сөздүн эмне кереги бар? Менин табиятым ушундай, ашыкча сөздү эч каалабайм. Анын үстүнө баары беш колдой түшүнүктүү болуп турбайбы, айым. Туурабы?
– Билбейм, мен эч нерсе түшүнгөн жокмун. Бирок эмне кыл дейсиз мени?
Жылдыз кабагын чытып сүйлөдү эле, аны байкаган Брудный заматта бөйпүлдөй түштү.
– Эч нерсе кылбаңыз, Жылдыз айым. Мен ойлонуп атам. Эч нерсе кылбаңыз. Бар болгону, сиз дагы ойлонуңуз… Баса, баса!
Брудный ордунан тура чуркап, кабинеттен чыгып бараткан Жылдызга визиткасын сунду.
– Ойлонуп туруп, кайсыл убакта болсо да телефон чалсаңыз болот. Күнү да, түнү да. Контрагыңыздын мөөнөтү…
Жылдыз аны укпастан кылак этип эшиктен чыгып кетти. Жүрөгү алып учуп, аны Таштанды көздөй шаштырып бараткан. Сыртка чыга сала чөнтөк телефону менен издей баштады. «Обонент недоступен». Номерди кайра кайталаса кайрадан: «Обонент недоступен». Жылдыздын жүрөгү туйлап кетти. «Эмне үчүн недоступен? Кайда жүрөт болду экен?»
Ошол эле учурда Улуттук китепкананын архивинде кагаз тиктеп отурган Таштан кайсыл бир туюму менен Жылдызды издеп, экөөнүн баскан-турганын, өткөргөн таттуу түндөрүн көз алдынан чуурутуп, ишинен алагды.
Таштандын телефон номери ал архивден чыккандан кийин гана алынды.
– Таштан, мен сени издеп атам. Шашылыш сөз бар.
– Каердесиң, Жылдыз?
– Үйдөмүн. Күтүп атам.
– Баратам. Кола? Апельсин?
– Мандарин!
Андан кийин экөө мандариндин ширесин ууртап, тиктешип отурушту. Биринен бири көзүн алгысы келбейт.
– Карап көзүм тойбой атат, – деди Таштан күлүп.
– А мен сени эмнеге тиктеп отурам билесиңби?
– Билсем буюрбасын.
– Ушундай сулуу, бойлуу, күчтүү, акылдуу жигитти Кудай мага чын буюрдубу, же калппы деп тиктеп отурам.
– Бойлуу болсо болгондур, бирок акылында шегим бар ошонун.
– Ха-ха! Сенин акылың Адилетке жугушуп, ошонун азабын дагы тарта турган болдук окшойт. Мен чындап кайгырып атам, Таштан. Биздин «абрамдын» бүгүнкү мага айтканын эмне кылабыз эми?
– Мен түшүндүм, Жылдыз. Ал еврейчиктин оюу такыр башкада окшойт. Би-

ринчиден: Адилет отличник деген күбөлүк албаса кейибе. Тибетте ага карабайт. Баланын билимин алар өзүлөрүнүн тести менен башкача текшеришет. Экинчиден: Абрамовичти мен жок кылам.

– Кой!, – деп Жылдыз чын дилинен күлдү. – Ал бечарада эмне жазык.

– Бечара эмес ал. Лицей ачкан кожоюн да бечара болчу беле. Эгер менин тилимди алсаң, азыр аны текшерип көрөлүбү?

– Кантип?

– Сага визиткасын берген турбайбы. Телефон чалып көрсөң.

– Эмне деп?

– Ойлондум де. Жолугушалы деп көр. Эмне дээр экен ал моромой.

– Макул дейт да. Ал ошону күтүп атпайбы.

– Макул десе баралы. Көрөлү.

– О, бул коркунучтуу вариант. Мен андай авантюрага бара албайм. Андан көрө мындай, Таштан. Эртең лицейге баралы да, Адилет бешинчини бүттү деген документ алалы. Жылдык баалары ансыз деле жаман болбойт. А мен болсо лицейде иштебейм деп арыз таштап кетем Брудныйга. Ансыз деле контрагымдын мөөнөтү бүтөт.

– Адилет экөөбүздүн айыбыздан дагы бир жолу кызматсыз каласыңбы?

– Табылат.

– Контрагың качан бүтөт?

– Бүттү уже. Бир эле окуу жылына болчу.

– А Брудныйды эмне кылабыз?

– Ал жашай берсин.

– Ага бираз муштум жыттатып койсомбу деп турам.

– Кикбоксингчилер муштумсуз сүйлөшө албайсыңар ээ?

– Муштум эркектердин эң түшүнүктүү тили. Котормочунун кереги жок. Унчукпай бир эле урганда бардыгы тең, еврей да, негр да, папуасың да дароо «түшүндүм» дейт. «Дагы суроoң барбы» десең, жок, бардыгы «окей» дейт. Кыска жана нуска тил!

– Еврейлер мушташпайт болуш керек. Интеллигенттер да.

– Анын чын. Алар көбүнчө «башы» менен мушташышат. Бирок мобул «эл аралык тилди» да жакшы түшүнүшөт. Акыл бар да.

Таштан муштумун түйүп столго таштап койду. Жылдыз жигиттин таштай катуу муштумун кармалап кызыкты:

– Ой-бой, бул тийсе «Абрамович» өлүп калбайбы.

– Өлбөйт. Бирок гарантия толук болот да. Экинчи сага сугун артпайт. Телефон чалып көрсөң, текшерели.

– Анын жообу белгилүү. Ошон үчүн чалбай эле коёюнчу.

– Анда дагы бир гарантия бар, экөөбүз ажырабас үчүн.

– Кандай?

– ЗАГС…

– Ау! Мына бул толук гарантия!..

* * *

**К**андуу кырсык капыстан болду. Эртең буйурса деп Адилеттин Тибетке окууга кетишин атасы Саламат менен макулдашабыз деп атышкан. Түшкү тамактын убагын мелжеп да коюшкан. Саламат менен таң эртеде сүйлөшүш опурталдуу,



кечкисин да тобокелге салышка болбойт, анткени кечке дейре кимдир бирөө анын кыялын тескери айлантып коюш мүмкүн. Ылайыктуусу эле түшкү дасторкон. Эгер Айзада ниетин коюп тамак жасаса, Саламаттын көңүлүн төлгөчүдөй эле таап коёт.

«Охоо! Бу кайдагы катып койгон маймантуун, ыя байбиче?» – деп андайда Саламат жайдаңдай түшөт. Дал ошону кылмакка кам урган Айзада кечтен баштап эле кыртыштуу, майлуу эттерин муздаткычтан чыгарып койгон болчу.

Шектүү дүбүрт Тараза жылдыз капталга оогон кезде, болжолу түнкү саат төрттөр чамасында угулат.

– Ай, Саламат! Сыртты карачы!

– Эмне?!

– Дүбүрттөп атат.

Кулагы катураак болгондуктан Саламат дүбүрттү уккан жок. А «катын укса каңшаар угат» дегенсип, шашпай кийине баштады.

– Таштан дагы келген жокпу? – деди ал аялына.

– Түнкүсүн иштеген неме кайдан келмек эле. Чыкчы батыраак! Эмне балакет болуп атат деги!

Саламат тездеди. Бирок короосу жактагы жарыкты күйгүзсө күйбөйт. Шаңыраган катуу сигналын басса анысы иштебейт. Короодогу итинин кенедей дабышы жок. Телефону да үзүлгөн.

– Мылтык! – деди ошондо Саламат бир шойкомду сезе аялына кыйкырып. Айзада колуна карматкан мылтык менен бир мүнөттө сыртка жулунуп чыкты. Ай караңгы, жылдыздардын эле ыраакы шооласы үрүл-бүрүл. Короодогу уйлары арканын үзүп дүпүрөп, чочколору күркүлдөп чаң тополоң. Тооктору бир жактан чуру-чуу.

– Айт-аайт! – деп катуу кыйкырды да, Саламат асманга мылтык атып жиберди. Өзү канчалык жан кечти болсо да, малкороого кирип бара албай тартынат. Аңгыча дабыр-дүбүр караандар качып кете баштады. Уурулар экени даана болду. Саламат короосунун тээ алыс бурчу жакты көздөп туруп дагы бир заң эткирди. Мылтык туз менен октолгон болчу.

Түнкү каракчылардын кылганы таңата гана көзгө көрүндү. Ошол кезде ойгонуп турган Адилет да жылаңаяк-жылаңбаш атасынын жанына келип калган. Эки уй мууздалган экен. Биринин эки саны, эки колу жок. Айкүнүнө жете элек музоосу ичинен чубалып сыртта, чылада жатат. Экинчиси али түрүү бойдон тыбырчылап, бирок бир саны жок. Каракчылар тирүүлөй кесе качышкан экен. Саламат бычагын алып уйду мууздай салды.

– Балаңдын боорун жеп калгыр! – деп Айзада чылада жаткан музоонун өлүгүн өйдө алып, самандын үстүнө койгучакты Саламат кыйкырды:

– Жолобогула! – деди ал катын-баласына. Издерди тепселебегиле! Азыр милийса келет.

– Ата, Рем кайда?

– Өлүп жатат тигинде.

– Адилет атасы баш экчеген жакка жүгүрдү эле, Саламат колдон алды.

– Милийса келсин, анан кийин көрөсүң. Инеңдурайын Сансызбайдын кылганы! Анын мен эми башын кесип, көтүнө тыгам! Жеңи жулунуп Ремдин оозунда калыптыр.

Жарык киргендиктен атасынын купкуу болуп калчылдаган түрү, чанагы сыр-

тына чыгып чакчайган кыпкызыл көздөрү балага даана көрүндү. Аңгычакты үй короодогу, огороддогу кан-жиндин баары көзгө даана ачылды.

– Ата! – деди Адилет боюн токтото албай солкулдап. Сансызбай байке ушинттиби? Ал биздин тууганыбыз да.

– Тууган болгонун энесин с…

– Жеңин кантип тааныдың, ата?

– Бир эле чириген сары курткасы бар. Бүт эл тааныйт!

– Үйдөн келип сүт алып кетчү эмес беле. Ошондочу, баарын пландаштырган турбайбы, ал акмак! – деди Айзада көзүнүн жашын эки алаканы менен улам жанып. Так кана сонун уйларымды мууздаган тура. Мууздалып калгыр десе!

Күн шашкеде милийсалар келип шашпай ишин башташты. Алардын эң эле негизги жумушу ууруну кармаш эмес, протокол толтурмай окшоду. Экөө короону, огородду тинтип, маалымат айтып, бирөө көчүгүнө отургуч коюп алып, шашылбай жазып атты.

Ошол кезде, чоңдордун бири да байкабайт, атасынын октолуу мылтыгын көтөрүп алып Адилет Сансызбайдын үйүн көздөй кетип баратты. Баланын нервдери таштай түйүлүп, көз көрүнөө болуп өткөн ырайымсыз жорукка, дегеле бул түбүң түшкөн адилетсиз дүйнөгө эт жүрөгү келише албай туттугуп, көзүнөн жаш куюлуп жүрүп отурду.

Сансызбайдын үйү жүгөрү өскөн жашыл тилкенин аркы өйүзүндө эле. Адилет өз боюнан бийик жүгөрүнү аралап өтүп, тууганынын үйүнүн тушунан чыкты. Мылтыгын көтөрүп алдыны карайын десе көз жашы жолто. Бала он алтынчы оор мылтыкты ташка жөлөп коюп эки мушу менен эки көзүн сүртүп аткан кезде кандайдыр арт жагынан үн чыккандай болду. Караса боз ат минген, ак сакалы жайкалып төшүнө түшкөн бир карыя турат.

– Балам, сен бирөөнүн канына забын болгону баратасың. Зулумдукту зулумдук менен кайырбайт. Тарт кайра.

Адилет карыяны бир карап, мылтыгын бир карап тургуча ары жактан ит үрөт. Бала мылтыгын шашылыш жерден алып кайра кылчайгыча атчан карыя жок. Өзү жок болгон менен табышмактуу карыянын жоодар үнү Адилеттин көкүрөгүнө кадалып калыптыр. Ал нес болгонсуп көпкө дейре Сансызбайдын үйүн карап турду да, алга жыла албай артына кылчайды…

Ошол түнү баланын аруусу кармады. Мурда дегеле мынчалык кармачу эмес. Тиштери сынбасын деп кайыш тиштетип, колдорун атасы менен энеси экөөлөп кармап, зиркилдеген тулку денесин жууркан менен кошо басып, түнортосу оогончо кудайга жалынып чыгышты. Акыры бала эси ооп, кара терге түшүп, кыймылсыз сулк тынчыды.

– Кудай ай, кудай! Баламды мынча эмнеге кыйнадың?! – деп Айзада көз жашын көл кылып, бирок кан жутkансып үнүн чыгарбай күйүткө малынат. Мурда эч качан мындайды тоготуп көрбөгөн Саламат болсо бу сапар эмнегедир үн жок, сөз жок соксоюп, кадимкидей алда-немеден чочуп отурду.

Саламат «менин гана пикирим туура, меникинен башканын бардыгы жаңылыш» деген жигиттерден. Ошенткен көктүгү, доюрлугу көп убакта өзүнө муш, бирок дагы эле моюн бербей келет. Анткен менен мынабул Сансызбай тууганынын кылганы Саламатка катуу тийди. Мындай мыкаачылыкка тууганы эмес, кыл чайнашкан дашмандын да колу бармак эмес. Тирүү малдын буту-колун кесе качат деген



адам тарыхында дегеле болуп көрдү бекен?! Кыргыз ушуга жеттиби? Же бүт эле жер шарында Адам ата балдары кедерине кеттиби? Баласы энесин муунтуп өлтүргөн заман акыр заман болот дечү эмес беле. Ошол келдиби ар бир үйгө сагаалап.

Күнү-түнү чочкосу менен алпурушуп жүргөн Саламаттын оюна ушулар капыстан келгендиктен бир нече күн ал нес болуп, жер тиктеп калды. Такыр буркан-шаркан түшкөн жок. Сансызбайды өзү басып барып бир мерте көк челек кылып тепкилемек болду эле, милийса алып кетиптир дегенди угуп, барган жок. Андан кийин негедир үңкүйүп, унчукпай калды.

А баласы Адилет сезгенип ооруган күнү ал кадимкидей үрөйү учуп чочулады. Бүт аалам, ал түгүл кандайдыр бир белгисиз күчтөр ага каршы туруп калгандай сезилди. Өзү даана түшүнбөгөн бүдөмүк сырлар анын үшүн алып, катуу саруулатты.

* * *

Бул үйдөгүлөр бүгүн дагы таң атпай , төшөктөн тура элек жатып эле чырчатакка камдана башташты.

– Инеңди урайын!, – деди Саламат ала мышыгын апчып ыргытып, – деле менин төшүмөн башка жерге жатпайт!

– Айыгасың, бронхитиңе жатып атпайбы! Анын эмнеси жаман?!

– Баарың бүтүп, ушул мышык калдыбы, мени дарылай турган?!

– Айкырба эми! Балаң окууга кетип атканда, жок дегенде бир күн айкырбай турчу!

Түндөтөн бери аялы менен айтышып атып жадаган маселе кайра козголгонго Саламаттын жаны кейип турду. Унчукпай чыгып кетейин десе болбойт. Антсе булар аны макул болгондой көрөт. Ошон үчүн ал түндөгүдөй катуу эмес, алсызыраак бурк этти:

– Оорулуу баламды мен эч кайда жибербейм! – Саламаттын ачуусу келгенде чүйлүсү дүгдүйүп, көздөрү кызарып, таноолору кыпчылып кишини тике качырчу адаты бар эле. Бирок өткөн кырсыктан кийин ал эмнегедир мурдагыдай айкырык салып бирөөгө бетме-бет чыкпай калыптыр. Көбүнчө иниси Таштанга чабуул койчу, бу сапар деле ичинен инисин күнөөлөп турду бардык кырсыктар үчүн, бирок бакырган жок.

Ошого шүгүр кылып иниси Таштан чечкиндүү айтты:

– Жер оошкондо арuусу өтүп кетет. Анын үстүнө дайыма мени менен бирге болот. Жанымаn чыгарбайм.

– Ал жердин тилин билбесе кантип окумак эле!

– Англис тилин бала бакчадан бери эмне, бекер окуптурбу?

Саламат эми башка бир шойкомду эстегендей инисине капысынан буркандай түштү:

– Сен муну догдур болот дейсиң. А өзүнөн сурасам башка бирнемени айтып атпайбы. Эмне мени алдайсыңар!

– Өзү эмне деди эле? – Таштан баланы шекип карады.

– Айтсаң каралдым. Өзүң эмне дедиң эле, баякүнүчү атаңа, – деп Айзада баласын кучактап өзүнө тартты.

– Архаттын окуусу дегем. Адилет мурдун жанып, атасын карап койду.

– Аа, – деди Таштан шашылып, – туура, жалпы жонунан «архаттын» окуусу десе болот. Ал – медицина деген сөз.

Иниси чынын айтпаганын Саламат сезип турду, бирок тибет сөзүн түшүнбөгөн соң анын айыбын ача албастан, айласы жок башка дооматка өттү:

– Моминтип ууру кирип чоң кырсык болуп атса, сен мага тирек болуштун ордуна кетем дейсиң. Бир тууган да сендей болобу. Сансызбайдан айырмаң кайсы?!

Агасы мыкаачыга теңегендиги үчүн Таштандын өңү сурданып кетти.

– Кой-ай, Саламат! – деди жеңеси чочуп, – оозуңа карап сүйлөбөйсүңбү! Таштан эмне Сансызбай болуп калыптырбы?!

– Анан эмне демек элем. Мага бир тыйын жардамы жок!

– Эми, жардамы жок болсо, окусун да балдар. Мен делечи баламды жанымдан карыш жылдыргым жок. Антейин десең, элдин балдары тетиги эле жердин түбүнө кетип атпайбы. Мобу эле кошунанын кызын карабайсыңбы. Торонто дейби, айланайын! Ошиякта окуп атпайбы!

– Торонто деген Торонто. А Тибетте кайдагы окуу болмок эле?

Байкесинин жийиркенип айтканына Таштан күлүмсүрөп жооп берди:

– Тибетте улуу Мистриянын борбору Шамбала деген жашыруун шаар бар. Аны мен сизге түшүндүрө албайм. Аны олуя болчу адамдар гана түшүнөт.

– Эмне, эмне?!

– Айтышпагылачы, кудай жалгагырлар. Аны коюп балаңды окутасыңбы-жокпу, ошону айтчы Саламат! – деди аялы.

Саламат мойнун буруп аялын сүзө тиктеп турду:

– А үйдөгү оокатка ким калат! Же мен эле өлөөр өлгөнчө жалгыз тыртактай берейимби?!

– Экөөбүз кылабыз! Жетет!

– Эй, катын, айтып коёюн! Эгер ушул экөө Тибет-сибетине барып алып шалаңшулаң этип, акчаны коротуп кайра келчү болсо, так сени соём!

– Сой-сой.

Айзада жоолугун оңдоп, этегин ылдый тартып, сөз бүттү го дегенсип ордунан турду…



## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

**К**атманду. Жер шарындагы асманга эң жакын өлкө делген Непалдын борбору 8-майда «касиеттүү Будданын бул дүйнөдөн кечкен» күнүн белгилеп жаткан болчу. Бүтүндөй Индокитай континенти бул майрамын шаан-шөкөтсүз, ыр-бийсиз, суз белгилөөгө тийиш. Диний зыяпаттар негизинен монастырлардын кулак-мурунду кескен тынч, күңүрт жарык, али муздак бөлмөлөрүндө.

Самолёт аэродромдун эң алыскы четине токтоп, жүргүнчүлөрдү ошол жактан автобустарга салып келишти да аэропорттун дал эшигинин оозуна такап түшүрдү. Бардык жерде кокардалуу кара күрөң берет кийген солдаттар. Жүргүнчүлөрдү бура бастырбай, «тирүү коридорлор» менен чубатып, бажы кабиналарына шыкап киргизүүдө.

Адилет аркасына көтөргөн оор рюкзагын улам копшоп коюп, Таштандын артында. Баланын самолёт менен биринчи ирет жол жүрүшү. Ошол үчүн ал учуунун бардык ымыйанын, өзгөчө реактивдүү лайнердин жерден көтөрүлүп, анан кайра конгондогу добушун бүткөн бою менен кантип эсине тутуп калганын азыр жадымында кайталап келатты. Компьютердин экранында өзү канча жолу планета аралык кораблдерди учуруп айдап жылдыздарды аралады, бирок ошонун баары биригип келип самолётко бир жолу чындап түшкөнчөлүк болбойт экен.

– Кулагымдын тунганы ачылбай атат, – деди ал бажы астында кезекте зарыгып турганчакты.

– Ачылат. Башыңды чалкалатып, терең дем алып тур.

– Туристтер көп экен, ээ?

– Сен экөөбүз да ушуларга окшошбуз: спорткостюм, кроссовка, рюкзак.

– Топуларыбыз башка, – деди Адилет өзүнүн башындагы ак кийизден жасалган жука топусун көрсөтүп күлүп.

Ансыз да кезек күткөндөр экөөнүн топусуна кызыгып карап атышкан. Алардын баары эле кыязы европалыктар. Агылжындар, немистер – бойлору тартайып, сөөк-саактары каржайып. Аялдары саал азыраак, эркектери көбүрөөк. Көбүнесе кара көз айнек, анан шортучандар.

– Ушулардын баары Тибетке барабы? – деди Адилет.

– Менимче Тибетке экөөбүз эле барабыз.

Таштан чынында эле ошондой деп ойлогон. Анткени Тибет өткөндөгү Кытай баскынынан кийин отуз жыл камалып атып, араңдан зорго эркиндик алган соң чекараларын катуу жапкан, туристтердин агымын кескин токтоткон деп түшүнчү. Анын үстүнө туристтер кумурскадай каптаган, тебелеп-тепсеген кайсы гана өлкөнүн эмне касиети, эмне деген ыйык сырлары калмакчы?

Тилекке каршы андай эмес экен. Таштан менен Адилет отурган «Катманду – Лхаса» деген автобуска дал баягы чолок шым, кара көзайнекчендер топурап толуп алышты. Бир гана жакшы жери алар өз-өз топторуна бөлүнүп, гиддери бар, анан көбүнчө англисче сүйлөшөт экен. Сүйлөгөндө да кенедей кысылып коюшпай арыл-

дашып, күлгөндө автобусту жаңырта шаракташат. Самолётто тыптынч келишкен немелер азыр тимеле ээн талаага чыккандай. Ошондон улам Адилет аларды жактырбай, ал түгүл жүзүн терезеге бурган бойдон автобустун ичин карабай отурду.

Сөздүн чыны Адилет өз өлкөсүн деле анчалык аралап көрө элек кези. Ошон үчүн Тибеттин седептен бүткөнсүгөн ак мөңгүлүү тоолору, кара шагыл куюлган адыр-бөксөлөрү, анда-мында бир көрүнгөн жапыз дарактар, жолду бойлоп аккан жеңдей суу көзүнө алданемедей көрүнөт. Автобус бирде жонго чыгып, бирде ойго түшүп, жүгүнүн оордугунан кадимкидей жан үрөп баратты.

– Хе-хе! Балдар ойноп жүрөт! – деди Адилет бир кезде терең ойго чөмүлүп отурган агасын жеңден тартып. Автобус кичинекей кыштакчанын жанынан өтүп бараткан экен. Өтө эле жупуну кийинген жылаңбаш, жылаңаяк балдар асманга кагаз жылаан учуруп жүрүшөт.

– Али Тибетке жете элекпиз, – деп агасы баланын кулагына шыбырады.

Самолётто отуруп жолдо ката Адилетке көп кызык нерселерди айтып, түшүндүрүп берем деген убадасын Таштан агасы таптакыр унуткан. Себеби, мындан үч эле саат мурун Бишкек аэропортунда болуп өткөн окуя, окуядан да мурун аэропорттун медпунктунун креслосунда ыйлаган бойдон отуруп кала берген Жылдыздын кайгылуу элеси анын бүткүл эси дартын тузактап, бир чети кубантса, бир чети бушайман кылып келатты. Болгон иш жаңы эле никеге турган жары Жылдызга байланыштуу эле.

Тибеттеги илимий командировкасынан Таштан кайтып келгиче никеге туруп алышканын эчкимге жарыя кылбай туралы деп чечишкен болчу. Ошондой болгон соң аэропортко барып Адилетти узатканы барган ата-энесине деле азырынча көрүнбөй, Таштандын жолдошторун дүүлүктүрбөй коё туралы деп Жылдыз үйүндө кала берген. Ошол үйүнөн чыгып жаткандагы ый-күлкүсү аралаш ысык коштошуу деле жетишмек. Бирок ошого карабай, Таштан, жеңеси Айзада менен иниси Адилет үчөө аэропортко келишсе үйүндө калган Жылдыз алардан мурда жетип, алдыларынан тосуп турат.

«Жылдыз эжей?» деп келинди эң оболу Адилет көрө койду. Экинчи кабаттагы парапеттен эңкейип карап турган экен. Таштан көргөн көзүнө ишенбей, артымда калды деп элестетип келаткан Жылдыздын карааны алдында турса кадимкидей нес. «Мен азыр!» деп ал Адилет менен жеңеси экөөнү алдыга жиберип ийди да, экинчи кабатка кетчү узун тепкич менен чуркап Жылдызына жетти. Караса никелүү жарынын жүзү жошолоп жашка толгон. Экөө кучакташып көпкө турушту. Жылдыз өрөпкүп такыр басылбайт. Таштан көпкө сооротту. Кубанычтын, сүйүүнүн ыйы эмеспи деп өзүнүн да мууну бошоп, ичи элжиреди. Өткөн-кеткендер менен иштери болбой өбүшүп да жатышты. Акыры Таштанды убакыт эсине келтирди окшойт: «Болду, ыйлаба, токтот көз жашыңды» – деп Жылдызды шаштыра баштады эле, келин токтой албай өрөпкүп, жүрөгүн баса кыйналып чыкты. Аңгычакты жандарына Адилет чуркап келди: «Регистрация бүтүп калды» – деди ал апасы айткан сөздү Таштанга угузуп. Таштандын шаштысы кетип, Жылдызды кучагынан чыгарса өңү купкуу. Кой болбойт деп ал аялын колтуктан ала жетелеп медпунктуу көздөй шашылды. Бир жагынан эжейин Адилет жөлөп алган.

«Карвололдун» бир таблеткасын ичкен соң Жылдыз креслого келип муңайым отурду да:

– Кечигесиңер, тез жөнөгүлө, – деп Таштан менен Адилетке күчтөп жылмайган болду, бирок көз жашы дагы эле төгүлөт. Таштан тизелей калып анын каректерине тигилди: «Бул ый эмне деген ый, жакшылыка элеби, же артында дагы бир шойкому бар ыйбы»,– дегенсип шекшинип да жиберди ичинде.

– Кой, жакшы баргыла, – деди Жылдыз алсыз үн менен.

– Жетээр менен телефон чалам, – деди Таштан башка эч сөз таба албай.

Мына азыр Таштандын бүткүл эсакылын көптөн күткөн Тибет өлкөсү ээлебестен, Жылдыздын, жаңы эле үйлөнгөн жубайынын капыстан аэропортко келип бир башкача өрөпкүп ыйлаганы, ошондон мурду-башы дордойуп шишип, ээн жерде жалгыз кала бергени бүтүндөй ээлеп алган. «Көз жаш бирде жакшылыкка, бирде жамандыкка».

Аңгычакты микрофон кыр-кыр этип автобустун асты жагынан кайсы бир гид аялдын үнү жаңырды:

– Биз жер бетиндеги эң табышмактуу, жаратылыштын жана адамзаттын эң улуу сырларын катып жаткан, мындан эки миң жыл мурун иудей Иисус келип олуялыктын, пайгамбарлыктын сабагын алган Шамбала өлкөсүнө карай жол тартып баратабыз. Өзүңөрдү сыймыктуубуз деп эсептесеңер болот, анткени өткөн кылымдын ортосуна дейре Тибетке бир дагы чет өлкөлүк туристин буту басып кирчү эмес. Бүгүн болсо сиздерди адам рухунун эзелтен бери катылып жаткан улуу ачылыштары, биздин доорго чейин белгисиз адамдар, сыйкыр күчтөр салып жана жашап кеткен монастырлар менен храмдар, жер астындагы шаарлар, ыйык көлдөр, касиеттүү дайралар күтүп жатат. Дүйнөнүн рухани борбору болгон Кайлас тоосуна чыгасыздар, жер астындагы касиеттүү Манасавар көлүнө жүз чайыйсыздар… Ал көлдү ыйык Будда өзү эм кылган.

– Кадимки эле биздин Манас атанын көлүбү? – деди Адилет Таштанга мойнун созуп.

– Мен ошону изилдеп көрөйүн деп баратпаймбы.

– Качан барабыз ал көлгө. Эртеңби?

– Кийинчерээк. Адегенде окууга өтүшүң керек. Өтөсүңбү-жокпу кеп ошондо.

– Өтпөй калсамчы?

– Атаң анда апаңды соём дебедиби.

– Айта берет ал. Кыйкырып эле коёт…

– Кыйкырып эле койбойт! Сен өтүшүң керек, Адилет. Ансыз болбойт. Бир гана корккону – сенин үйдөн алган билимиң быяка канчалык туура келет? Мага айткандарына караганда астрономия, астрология, биология, анан медицина негизги сабактар болот окшойт. Андан башка окууларын булар азыр сага айтышпайт. Кийин билесиң, кийин окуйсуң, эгер сыноодон өтсөң.

– Сабактары биздикиндей эле турбайбы.

– Көп айырмасы бар. Мисалы, астрологияны окубайт да бизде. Медитация, левитация, көзү ачыктык, олуялык, сыйкырчылык деген касиеттерге үйрөтөт.

– Ошонун баарынабы?

– Аны өздөрү тандайт. Кеп сенде, Адик. Суроолоруна жооп бере алсаң эле болду.

– Кандай суроолор, айтып койбойсуңбу.

– Билсем айтат элем го. Ар кандай суроолордун баарын бере беришет дейт. Алты күн катар сынак бересиң, билдиңби?

– Ойи-и!

– «Ойи» дебе. Чымыркан.
– Даярданыңыздар! Аздан кийин алыстан Кайлас тоосу көрүнөт! Сол тарапка караңыздар! Тигине! Тээ алыскы седеп мөңгүлүү ыйык чоку. Бийиктиги 6714 метр. Кайлас тоосу ааламдын төрт тарабына төрт кыры менен тупатуура жайгашкан да андан төрт улуу дайра агып чыгат. Ал төрт дайра Индия, Кытай, Европа, Сибирди көздөй агылат. Кайлас[1] тоосу табийгат өзү жараткан пирамида жана анын бетинде эбегейсиз зор крест бар. Тибеттин борбору Лхаса шаарынан Кайласка дейре машина менен төрт күндүк жол…
– Өлгүдөй алыс турбайбы?
Таштан Адилеттин сөзүнө жооп бербестен баш ийкеп койду.
– Балдар ойноп жүрөт! – деди бир аздан кийин Адилет кубанып, – таяк бут ойноп жүрүшөт. Ойи-и, узун экен таяктары. Карасаң, байке, боёп алышат турбайбы. Бизде боёбойт ээ?
– Быякта боёкту жошодон алышат. Карабайсыңбы, жери бүт кызыл жошо менен сары чопо. А тээтиги топоздорду көрдүңбү?
– Ошол топоздорбу?
– Топозсуз буларда жашоо жок. Негизги малы ошол. Суук жер да.
– Кыргыздарга окшош дегенсиң ээ?
– Кебетелерин карабайсыңбы. Монголоиддер. Булар кытай антротибине кирбейт. Өздөрүн «бодул» деп аташат. Булардын ичиндеги «качы», «тангыт» деген уруулары байыркы түрк диалектинде сүйлөшөт. «Теңир», «Манас», «Көжө» деген сыяктуу сөздөрү бар…
– Урматтуу саякатчылар! Алдыңыздарда Тибеттин борбору Лхаса шаары. Деңиз деңгээлинен 3650 метр бийиктикте, Лхаса тоо этегинде, Жуучу суусунун боюнда жайгашкан. Калкынын саны 82 миң адам…
Автобустун ичиндегилердин бардыгы терезелерге жабышып, шаардын эң бийик төрүндөгү, тоого кынай салынган, Тибеттин Далай-ламасы жашап, иштеген Потала дворецин карап жатышты. Дворец өзүнчө эле аска зоого окшойт.

* * *

Лхастагы негизги билим борборлорунун бири болгон Жахан храмынын өкүлү биртопко кечигип келбей атты. Таштан болсо өз атын англисче жазып төшүнө илип алган. Адилет экөө автобустан түшкөн соң рюкзактарын жерге коюп көпкө турушту. Автобекет биртоп эле кыжы-кыйма. Туристерди топ-тобу менен бөлүшүп алып, жай-жайларына алып кетип жатышты. Акырындап отуруп эл суюлду да, үстү жабык бекеттин алдында тибеттиктер жана аларга кебетеси окшош эки кыргыз гана калгансыды.
– Иттери сапсагай экен ээ? – деди Адилет улам келип колун тиктеген күчүккө нан үзүп ыргытып.
– Суук да.
Таштан кабатыр боло баштаган. Дал ошол тушта «Таш-тан!» деген туура жактан үн чыкты. Карай салса шөлбүрөгөн саргыч чапанчан, жеңи жок чыптамалуу,

[1] Кайлас-Тибеттеги ыйык тоо. Шамбаланын асманга кетчү эшиги деп болжошот.



бетинин отунда кара тагы бар жаш жигит. «Ом! Мани падме хум!»[1] деди жаш монах бираз эңкейип. Андан кийин англисче сүйлөп кетти.
– Жүргүлө. Убакытты кетирбейли. Мен ансыз да кечигип келдим, анүчүн кечирим сурайм.
Жахан храмы Поталанын сол жагында, көп алыс эмес апайтөштө жайгашкан экен. Храмды тегерете салынган үстү жалпак кичинекей там үйлөр, дүкөндөр, камоктор. Көчөлөр болсо көбүнесе таштан тизилген, Поталаны көздөй кеткен гана бир чоңураак көчө асфальт сыяктанат.
Таштандарды калдыраган эски «фольсфаген» менен тосуп алган саргыч чапанчан жаш монахтын аты Нгаван Дей болуп чыкты. Таштан экөө сүйлөшүп баратышып күлүп калышты:
– Кыргызча сенин ысымың Нгаван Бешинчи болот, – деди Таштан аны ийинден кысып. – Же болбосо Нгаван Жума. «Жума» деген биздин календардын исламча бешинчи күнүнүн аты. Андан кийин Таштан Адилетке бурулду:
– Булар жуманын кайсыл күнү туулса ошол күн ысымына кошулат экен.
Жахан храмынын түбүндөгү сырты эскиче, бирок ичи европалашкан мейманканада бир түнөгөндүн эртеси Адилетти ээрчитип Таштан окуу храмына алпарды. Храмдын дарбазасы бек, электр коңгуроосу жок. Ал жерде дагы эки-үч бала турган экен. Кыязы бири монгол же бурят өңдөнөт. Калган экөө индуска окшойт. Айтор дарбазаны ачайын деген жан жок. Таштан колунун сырты менен кайрадан каккылады да, күтүп турду. Аңгыча чоочун балдар Адилетти жат көз менен тооруй карашып, үстү-башына, кийген киймине таңыркап жатышты. Бүгүн ал кыргыздын ак калпагын, кара чийбаркыт костюм-шымын кийип алган. Бутунда болсо кытайдын ак кедасы. Кейптерине караганда балдардын курагы бирдей.
Аңгычакты дарбаза ачылып, чымкый сары чапанчан, апарык болгон курку моюн монах көрүндү. Үлүрөйгөн бүтүк көздөрүндө кубаныч да, кайгы да жок, келдиңби-кеттиңби да жок. Ал Таштанды карап да койбой, түз эле өспүрүм балдарга үңүлдү. Адилеттин бүгүн биринчи жолу келип турганын жаземдебей билди окшойт, тигил үчөөнү ичкери киргизип алды да, аты-жөнүн да, каяктан келгенин, дегеле эмнеге келгенин да лам деп сурабастан Адилетке чала-бучук англис тилинде мындай деп түшүндүрдү:
– Дарбазадан ары кырк кадам аттап барып малдаш уруп, «Лотос» порумунда храмды карап жерге отургунуң. Эки жакка алаксып же туруп кетсең анда храмга экинчи жолобойсуң. Былк этпей күнү-түнү отур. Ойлогон ойлоруң бүт – быякка эмне үчүн келдиң, ошол жөнүндө гана болуш керек.
– Канча убакыт отурат? – деди Таштан ичкери кирип бараткан монахка обдулуп.
– Сиздин ишиңиз болбосун, – деди ал Таштанды карабастан. Дарбазаны жаап алды.

* * *

Адилет кечке дейре былк эткенден коркуп, храмды карап, малдаш уруп отурду. Чаң аралаш желаргы улам келип бетке уруп кетет. Адегенде зыңкыйып түз отурган бели күүгүм тарта чыдамы кетип, ылдыйлап, бөгүп калды. Кырбуусуна

[1] Тибетте саламдашуу ордуна айтыла турган сөз. «Өз тагдырың өү колуңда» дегенди билдирет.

кум, чаң толо баштаган ак калпагы улам кабагына түшөт, көздөрү ачышат. Улам кечтеген сайын ичи ийдилеп, курсагы ачат. Монахтардын сыноосу бүгүн кечке бүтөт го деген ой менен Таштан да балага жолобой, тамак жөнүндө кеп да кылбай, күнү кечке өз иштери менен жүрүп кечте келсе, Адилет баягы ордунда. Инисинин жанына барайын дейт, коркот. Адилет көз кыйыгы менен Таштанды көрдү, ыйлагысы да келе түштү, бирок чымырканды, үн каткан жок. Сынак мына-мына азыр бүтөт менен отура берип түн кирди. Таштан болсо ал арада мейманканага барып, тамактанып алып кайра келген. Бармактай жаш баланы ээн талаага отургузуп коюп таптакыр унутканбы бу монахтар! Бул эмне деген кыйноо?! Ушундай да болобу? Же күн мурун эскертишпейт! Бала болсо сыз жерде отурат! Таштандын жаалы келип, тыбырчылай баштады. Храмдын дарбазасын барып кагайын дейт, бирок күндүзгү монахтын мамилесине караганда булар Адилеттин өзү менен гана иши бардай. Эгер башка бирөө ортого киришсе чатак чыкчудай окшойт. Кантсе да эми чыдайын деген ойдо ал обочодогу дубалга далдаланып тура берди.

Асман бир кезде балбылдап жылдызга толуп чыкты. Тимеле колго түшө калчудай, бадырайган жапжакын жарык жылдыздар. Аларга кошул-ташыл болуп храмдын зор имаратынын миңдеген терезелеринен электр жарыгы чачырады. Сөз чынынан бузулбайт, мына азыр Таштан көрүп турган түнкү керемет тигил монахтардын жаш балага кылган мамилесине таптакыр коошпой турду. Эч айыбы жок, окуйм деп келген балага кудайакы кылмышкердей мамиле!

Таштан чыдай албай нары-бери баса баштады. Адилеттин түнкү карааны эле сербейип былк этпейт. Жанына бир тушалуу эшек секирип келип кетти. Андан мурда жүгүрүп бараткан жолбун ит жыттагылап өткөн. Кечки шамал да оңдурган жок окшойт баланы. Бирок Адилеттин ошонун баарына былк этип койбогону Таштанга шектүү боло баштады. Ал эми кадимкидей жини келип, храмдын темир дарбазасын утур-утур чолуп карай баштады.

Баланын ахвалын жок дегенде бир жолу билип коюшпайбы?! А балким аруусу кармап жүрөгү токтоп калгандыр! Антпесе кантип бир кың этип койбосун?!

Агасы антип эмне кылаарын билбей атканда Адилет сопсоо эле, бирок былк эте албай отурган. Бүткөн бою, өзгөчө уюп калган тизелери, буттары зылыйып, аз эле денесин козгосо көзүнөн от чачырайт. Жолбун ит келип жыттаганда ал боюн качырам деп барып муундары сыздагандан улам онтолоп ийе таштады. Андан көрөкчө тынч отура берген кордугу жеңилирээктей.

Түн ортосу болоюн деп калганда Таштан боюн токтото албай кетип, дубалдан дабышсыз аттап түштү да, Адилеттин жанына жетип барды.

– Кандайсың, Адилет?

– Келатат, – деди иниси ага жооп кылып шыбырап.

Таштан укпай калган экен, көрсө дарбаза ачылып эрбеңдеген бир караан келатыптыр. Таштан жылт коюп караңгыга өтүп кетти. Кебетеси баягы, күндүзгү эле курку моюн монах.

– Мынабу тамакты ичкиниң, уулум. Эртең менен идиштерди алып кетем. Түнкүсүн болсо ордуңан козголууга, уктоого улуксат. Эртең менен кайрадан бүгүнкүдөй калыпта отурасың. Сен ойлобо, уулум, бул отурганыңды бекер эле кыйноо деп. Азыр сага ошондой сезилиши мүмкүн. Мунун маанисин кийин түшүнөсүң. Башка эчтеке айтпайм.

Монах кетээр менен обору ачкан Адилет бир капталына жыгылды да, буттары



сунулгуча эле калай табактагы тамакты кашык менен жей баштады. Эмне деген тамак экени да көрүнбөйт. Айтору майга көөлөгөн талканга окшоп атты. «Цампа» деп монахтын айтканын эстеп калган. Дагы бир карапада сүт куюлган коюу, даамдуу чай бар экен.

– Эмне кылып атасың? – деди караңгыда жанына келген агасы Таштан таңыркап.

– Тамак жеп.

– Кетесиңби мени менен?

– Кетпейсиң, ушерге жатып уктасаң болот дейт.

– Тфу!

Адилеттин буга чейин жашап өткөн он бир жылдык өмүрүндөгү таңкалычтуу бул түн кадыр түнбү, же андай эмеспи азырынча белгисиз. Кадыр түн деген адамдын тагдыры, бактысы ачыла турган түн эмеспи. Алыскы кыргыз жеринен таалай издеп, окуу, билим издеп келген бир бармактай бала каардуу Тибет тоолорунун миң коктусунун биринде, жападан жалгыз, ээн жерде түн күзөтүп жатты. Баланы сыздан аман алып кала турган нерсе эле бул жердин топурагы эле. Андан башка эч ылаажы жок. Бийик тоолуу Тибеттин кургак чопосунда ным жок, топурагы жайлата какшып, куу жыгачтай какыйып калат экен. Ошентсе да бала күнү кечке отурган жеринен ит жатак издеп, саал чуңкурураак орун таап жамбашына кыңайды. Эрте жаздын ызгаары бети-башын сайгылап, колдору үшүп, дордоюп чыкты.

Адилеттин көзү илинип кеткен эле, бирок ошол эле замат храмды ойготкон кернейдин үнү бапылдап ийди. Чочуп кетип көзүн ачса, таң атып калыптыр. Адилет кайда, эмнеге жатканын билбей, саамга таңыркады. Андан соң шаша-буша туруп, дал кечээки поруму менен малдаш уруп храмга тигилди. Бул жерде таң кадим Алатоодогудай атат тура. Күн кылайып нурларын тээ алыскы муз чокулардан бери чачыратып, аздан кийин төрт кабат Жахан храмынын айнек терезелери көздү уялта өрттөнүп күйүп чыкты.

Адилет храмдын ойгонгонуна таңыркайт. Ал адегенде уктап жаткан шаар сыяктуу мемиреп, андан соң терең дем чыгарып, улутунуп кыймылдай баштады. Анда-мында кыбыр эткен кыймылдар, бир тигил, бир бул терезеден көрүнгөн монахтардын чачы кырылган соксойгон баштары, бир маалда жыбыраган тирликтин белгисин берип келип анан кадимки, күндүзгү кым-куут башталып кетти.

Адилет көз алдындагы көрүнүшкө алаксыйт, бирок ошого болбой тизелери, муундары кайрадан сыздап, кайрадан денеси уюп зылыйат. Күн көтөрүлгөн кезде храмдын дарбазасы улам-улам ачылып топ-тобу менен монахтар кайдадыр жөө кетип жатышты. Аңгыча Адилет курдуу балдар кубалашып, түртүшүп тебишип, бериде соксоюп жалгыз отурган чоочунга кум-таш ыргытып, бейбаштанып, түшүнүксүз тилде сөгүп да кетип атышты.

Экинчи күнү кеч негедир бат эле кирип келгенсийт. Бат эле карарып асманда дал кечээкидей балбылдап жылдыздар толо. Бүгүн түш ченде Адилет курсагы ачканын аябай сезген, башы айланып, эси оогон авалга жетип анан кайра тарткан. Азыр болсо ошол абалга кайрадан келди. Таштан байкеси кечээкидей жанына келсе көзүнөн жаш атып кетчүдөй. Андан же тамак сурайбы же «кетем, окубайм» деп ордунан тура качабы, айтору мындай кордук-сыноого чыдаш мүмкүн болбой баратты. Адилет мындан ары эми чыдамсыздык менен байкесин гана күтө баштады.Монахтардан да, храмдан да үмүтү үзүлгөнсүдү. Алар тээ кыргыз өлкөсүнөн бери темселеп келген жалгыз талапкерди унутуп эле коюшса керек. Кимге кимдин

кереги бар бул турмушта?! Каякка арсаң баягы эле мамайдын көрү! Кайдыгерлик!

Түн ортолоп калган кезде дарбаза «кыы-ыйч» этип жай ачылды эле Адилеттин нервдери дүр дей түштү капыстан. Көрсө мынабул маңдайындагы кочкул күрөң дарбазанын үнү дал баягы, Бишкектеги «Үч кудук» аттуу көп кабат үйлөрдүн короосундагы эски, дат баскан селкинчектин үнүнүн өзү турбайбы!!! Дал өзү!

Түнкү караңгыда Адилеттин көздөрү алайып, кулактары тикчийип, жүрөгү лакылдап чыкты. Дагы бир жолу дарбазанын үнүн уккусу келет, бирок темир каалгалар кыймылсыз, ачылган бойдон калган. Андан чыккан бир караан Адилетке жакындап келди:

– Уулум, түңүлбө, биз сени унуткан жокпуз. Көп балдар экинчи түнкү кечте сынакты көтөрө албай туруп кетишет. Азыр болсо кеч ооп, саат түнкү он бир болуп калды. Ошону эсиңен чыгарба, — деди кечээки эле курку моюн монах бүгүн аябай ыраазы болгон жумшак үнү менен. Анан ал Адилетке кечээги кечте берген тамактын дал өзүн кайталап берди да кетип калды.

– Сынак канчага созуларын айта албайм, – деп койду ал кетип баратып. Монахтын акыркы сөздөрүн Адилет укпай да калды окшойт, дароо тамакка киришти. Эгер «сынак канчага созулаарын билбейм» дегенди кулагы укса балким цампа кекиртегинен өтпөй калат беле? Айтору обору опсуз ачылган балага бүгүнкү талкан дүйнөдөгү эң таттуу даам болуп, үшүп-тоңгон денесин ысытып кирди.

Ал түнү Таштан эмнегедир инисине жологон жок. Адилет болсо баягы кичинекей чуңкурчасында бүрүшүп уктап жатты. Түшүнө Үч кудуктун селкинчеги кирип, бала улам күүлөгөн сайын андан кандайдыр бир созолонуп, муңайым чыккан дабыш жаңырат. Селкинчек таңатканча «кыы-ыйч, куу-йч» этип тынбай үн салып, өспүрүмдүн аң-сезимин аралап, андан ары чексиз ааламга, алыскы жылдыздарга өтүп кетип жаткансыды.

Үчүнчү таңда Адилет кимдир бирөөлөрдүн кужулдагынан улам ойгонду. Азга көзүн жуумп жатты да андан соң шашылыш ордунан турду. Дааратканa курку моюн монах көрсөткөн жерде, бел кырчоого дейре эле тизилген таш короочо болчу. Ошого сендиректеп жетти да кайра келип баягы порумун алып отура кетти. Көздөрүн ушалап-ушалап алып храмды, өзгөчө анын дарбазасын таңыркап карайт. Темир каалгалар асылып турчу илмектер дат баскан экен. Деле кайда болбосун мындай учурда темир-темирге сүрүлүп кыйчылдап калат го. Бирок опокшош добуш берген эки башка, бири селкинчек, бири дарбаза деги дүйнөдө болобу же жокпу ким билет. Адилет андайды күткөн эмес, бирок мына ушул жерден капыстан өз кулагы менен укту. Храмдын дарбазасы бүгүн Адилеттин көзүнө бир башкача көрүнүп, бир чети алаксыткан эрмеке айланды. Курку моюн монах айткан: «Башка эч нерсени ойлобой, храм жөнүндө, окууң жөнүндө, ыйык Будда жөнүндө гана ойлонуп отур», – деп. Ал сөздөр үчүнчү күнү гана Адилеттин эсине түштү, бирок храм жөнүндө да, Будда жөнүндө да көпкө такай ойлоно албай убара болууда, анткени экөөнү тең өспүрүм али жакшы биле элек эле.

Түштөн кийин ага кайдандыр учуп келген, көзүнө таптааныш, кадимки таранчылар эрмек боло баштады. Тобунан жанбай, бир учуп, бир конгон боз чымчыктар Адилетти таанып аткансып чукул секирип, эч коркпой, атүгүл баланын көздөрүн кылчак карап: «Эмне отурасың? Кыргызстандан быякка эмне келдиң?» деген өңдүү. «Окуганы келдим»,— деди Адилет. Аздан кийин чымчыктар такыр эле үйүр алып,



Адилет тамак жеген жердеги күкүм-сүкүмдөрдү терип жеп, анан рахмат айткан шекилде зырп коюп учуп кетишти.

Чымчыктардын учуп кеткени Адилетке өтө оор тийди. Таштан байкеси эмне жоголду, бу да түшүнүксүз. Сынактын бүтөөр маалы белгисиз болгондон кийин минтип көгөрүп отура берүүнүн кереги барбы? Албетте жок! Же балким монахтар өзүлөрү токтотуп коёбу бу кыйноону? Балким Адилетти жараксыз деп тургузуп жиберишээр? Атаганат ошентсе гана?! Бирок жараксыз болуп калышты кайра бир ойлоп Адилет коркуп кетти. Үйдө атасы Саламат күтүп атат. Жараксыз болуп барса анын күнү тууган турат. Таштан экөөнү тең шылдыңдап, тепкиге алып, баш көтөртпөй бакырып чочколоруна гана кошуп короого камап салмагы бар. Ал көзгө көрүнүп эле турган иш. Анан калса бул экөөнүн өтпөй, акчаны ада кылып, сандалып кайра барганы үчүн Саламат түз эле апасы Айзаданы басып жыгылат. Көгала койдой сабап да салышы ыктымал. Бир сапар сабаганы Адилеттин эсинде. Ошондо бала, эче жашта экенин азыр өзү да билбейт, айтору атасынын колундагы таякка жабышып чыкпай, апасына болушканы бар.

– О, инеңдурайын, керексиз! Тууган энең тиги болсо сенден кантип адам чыксын! – деп атасы бакырган болчу Адилетке. А эмне үчүн аны «керексиз» деп тилдегенин бала түшүнгөн эмес, азыр да түшүнбөйт. Бирок ошол сөз эсинде тыкыйып калыптыр.

Күн батып, күүгүм кирген ченде Адилет таптакыр кунарсыз ойлорго батып, ал түгүл «бүгүн түнү өлүп каламбы» деп шектене баштады. Мунун баарын Таштан агасы билиш керек эле да! Балким ал деле Адилеттин өлөөрүн билип тим койдубу. Кылаар айласы жокпу? Антпесе бир мерте келет эле го! Айтору…

Так ушу тушта дарбаза кайрадан кыйчылдай түштү. Адилет билип калган, бу беймарал кезде ачылбаш керек эле, эгер зарыл жумуш болбосо. Демек монахтардын бир иши чыккан, балким Адилеттин тагдыры…

– Уулум, бүгүнчө бошсуң. Эртең күн чыгаар менен дарбазага кел, – деди жанында эч дабышсыз пайда болгон үн. Адилет сүйүнүп кетип обдулду эле малдаш урган буттары кыймылдабай тоңкосунан кетип, эки колу менен жер таянып калды.

* * *

Мейманкананы эптеп таап келсе, Таштан агасы жаймажай китеп окуп керебетте жатат. Адилет бөлмөгө кирди да, өз керебетине бүкүлү жыгылды. Эч сөз айткысы жок. Үч күндөн берки көргөн эч кимге түшүнүксүз кордугуна, андан да мурун агасы аны акыркы эки түнү карабай таштап кеткени үчүн бүткүл ызасы чогулуп мына эми бир келди бейм, жаздыгын кучактап алып солуктап үнсүз ыйлап жиберди.

Ушундай болоорун агасы болжоп жаткан, инисине айтаар сөзү да даяр эле, бирок Таштан көпкө дейре чыдап унчуккан жок. Бугу бир аз чыкпаса Адилет айткан сөздү укпайт да, түшүнбөйт да эле. Акыры бала солуктап атып тынды.

– Булар биринчи иретте сенин эркиңдин күчтүүлүгүн сынашты. Эрк – Тибетке окуйм деп келген адамдын эң негизги сапаты экен. Ошон үчүн мени сага жолотушкан жок. Атайын келип эскертишти. Барбаганыма таарынба. Андан көрө сени куттуктайм! Мындай көкмелтей экениңди мен да билген эмесмин, таң калдым, – деди Таштан Адилеттин жанына отуруп кежиге чачын уйпалап. – Буюрса эртең мына бул жүдөткөн калың жалдан кутуласың.

– Эмнеге? – деди Адилет көпкө үнсүз жаткандан кийин жаздыктан башын көтөрбөгөн бойдон.

– Менимче ишиң оңунда, иним. Жанараак келип аты жөнүңдү, жердин кайсы точкасында туулганыңды, туулган жылыңды, айыңды, күнүңдү, саатыңды жазып кетишти. Баарын тактай келгеним жакшы болуптур. Эртең чачыңды алат. Сага башка ат коёт. Мындан ары «Адилет» болбойсуң.

– Койсоңчу, байке! – деп Адилет шишиген көздөрү менен жаздыктан башын көтөрүп, Таштанды карады.

* * *

Эртеси таң эртеңде Далай-ламанын резиденциясы делген Тибеттин эң негизги монастыры Потала жактан зыркырап ызгаар уруп калган экен. Тикелей баскан кишинин көзүнөн жаш агызып, бетинин отун тызылдатат.

«Кечээ, мурдагүнү мындай шамал болгондо өлмөк экем»,— деди Адилет өзүнүн Жахан храмын көздөй бурулуп өргө чыга жөнөгөндө. Ал дарбазага жакындап калган кезде таңкы табынууга чакырган кернейдин үнү шамал менен кошо үзүк-созук зыңылдады. Адилет билип калган, азыр бир паста храмдын ичи кым-куут болуп эл табынуучу залдарды көздөй жөнөшөт. Мындай беймаалда ага дарбаза ача турган бирөө чыгаары күмөн. Демек көпкө күтүүгө тура келет.

Адилет темир каалганы кичинекей таш менен тыкылдатып коюп оңтойсузданып турду. Бирок, бу сапар Адилеттин жолу болду окшойт, дарбаза тез эле шарт ачылып баягы тааныш үнү «кыый-ч» этти да, автобекетте буларды тосуп чыккан Нгаван Дей чыга келди.

– Кыргыз тууган, келиңиз, – деди ал өтө урмат менен. – Сиз жөнүндө жакшы сөз болду. Бүгүн сиз өтө атактуу, билимдүү ламага[1] барып сынак бересиз.

– Кайсыл сабактан берем?

– Ал сиз менен жөн гана аңгемелешет. Ар кандай темада.

Адилет бат-бат баскан Дейди ээрчип баратып, храмдын короосунун ичин бир сыйра көрүшкө үлгүрүп, бирок негизги көңүлү храмга кире бериштеги узун таш дубалдардын үстүндө орнотулган кызыл-тазыл чимириктерге бөлүндү.

Чимириктер жыгач чөйчөк порумунда жасалып, ичинде май чырактар күйүп, биликтери үлпүлдөйт. Табынууга бараткан адамдар катар тизилген ондогон чимириктерди сөөмөй менен тегеретип кетип атышты. Алардан чыккан назик добуштар бири-бирине куюлушуп отуруп, кандайдыр бир моокум козгой турган музыкалык күүгө айланып, храмдын дал кире беришин жаңыртып турду.

– Мынабул бөлмөгө кириңиз, – деди Дей Адилетти бир топ коридорлорду аралатып отуруп апкелген соң. Чачы таза кырылган, тегерек бет, кең танолуу, көздөрү бакыракай, кырмызы чапанчан Лама жапыз столдун астына буттарын сунуп отурган экен.

– Мени туурап Лама Цуга салам бер, – деди да, Дей тизелей калып үч жолу жүгүндү. Бүткөн бою билинер-билинбес калтырак баскан Адилет аны туурады.

– Келиңиз, Адилет уулум, – деди Лама Цу ордунан умтулуп.

Адилет сүрдөп барып Ламанын маңдайындагы калың жаздыкка бир жамбашын аяр койду.

---

[1] Профессор маанисинде.



– Малдаш уруп, түз отуруңуз, кыргыз уулум. Окууга эркиңиз жетет көрүнөт. Туулган жылыңыз, аты-жөнүңүздү астрокалендарь боюнча эсептесек үчүнчү көзүңүздүн ачылышына мүмкүнчүлүк бар сыяктуу. Мындай касиет Сириус жылдызынын багымында туулган миллиондордун биринде гана болушу мүмкүн. Албетте эгер сиз аракет кылсаңыз.

Лама жооп күткөнсүп Адилетти сынай карап жылмайды. Адилет эч нерсе түшүнбөгөндүктөн ийнин куушуруп жылмайды. Ошого карабастан бул эки адамдын бирине-бири жылдызы түшүп турду.

– Сиз ислам динин туткан адамсызбы? Мечитиңерге намазга барасызбы?

– Жок.

– Үйүңүздөн намаз окуйсузбу?

– Биздин үйдө эч ким намаз окубайт.

– Билем-билем, – Лама Цу ажарлана күлүп жиберди. – Жашыңызга караганда сиз коммунистик динди да тутпай калдыңыз окшойт. Андай болсо эң жакшы. Сиз менен иштеш жеңил жана өзүңүз үчүн пайдалуу болот. Бирок бизде окуу татаал, кыйынчылык өтө көп. Миң бала келсе бирөө эле аягына чейин чыдай алат. Калгандары жөнөкөй гана тигил табын чимириктерди айланткан кызматчы болуп кала берет. Алардын көбүн акырында храмдан зордоп кетиришке мажбур болобуз.

Бул сөздөрүңүздү түшүнүп атам дегенсип Адилет башын ийкегилеп отурду.

– Эгер бардыгына туруштук бере алсаңыз, а эң негизги биз берген сабактарды окуп түшүнө алсаңыз, билимиңизди тереңдете берип акыры көзү ачыктыкка, келечекти айткан олуялыкка, жылдыздар дүйнөсүнө саякатка чыгуучу левитациялык касиетке багыт беребиз. Аларды андан ары өздөштүрүш сиздин акылга жана темирдей бекем эркке жараша болот, уулум Адилет. Адамдардын арасынан улуу генийлер, таңкаларлык зор таланттар чыга берет. Ал үчүн анын жолун ачыш гана керек.

– Мен архаттын окуусун окугум келет, – деди Адилет Лама Цудан баштагыдай сүрдөбөй.

– Дал өзүн айттыңыз, уулум. Көзү ачылган ар бир лама архат даражасына татыктуу боло алат.

Лама Цу куш жаздыгына оңдонуп отурду да оңой да, татаал да суроолорун аралаштырып, кезеги менен Адилетке берип коюп, жообун кызыгып угуп отура берип акыры ошол күндү биротоло тамам кылды. Эң аягында ал мындай деди:

– Адилет уулум, ааламдагы гравитациялык коридорлор жөнүндөгү ойлорго берилип алыпсыз. Буга аябай кубандым. Сиз бизге чейин эле Сириус багымында төрөлгөн касиетиңиз бекер эмес экенин далилдей баштапсыз. Жолуңуз ачылсын. Кийин аябай күлөсүз. Адамдар азыр ушу тапта космосту техника менен багынтабыз деп жаш бала оюнчук жасагандай иш кылууда. А чынында гравитациялык коридорлор даяр. Эч кандай спутниксиз эле канчалаган адамдар асманга көтөрүлүп кетип жатышат. Бул жөнүндө дүйнөлүк басма сөз такай жазып атпайбы! Кеп ошол кайыптык касиетке ээ болушта. Издегениңизди биздин храмдын билиминен сөзсүз табасыз.

Экинчи балалык кыялыңызды мындай деп айткым келет. Клон өзү мурда табияттын өзүндө бар нерсе. Анын аты – реинкарнация. Бул жөнүндө да биздин храмдан толук билим аласыз. Ал эми Адам жашаган жер үстүндө адилеттик издөө биздин лама дининин эң негизги чакырыгы. Бул жагынан сиз бизге абдан туура келгенсиз. Жолуңуз ачылсын. Атыңызды ким койгон?

Адилет дароо жооп бере албай такалып калды.

– Атымды ата-энем койгон. Бирок…

Аты кандай шартта коюлганын айтсамбы же айтпасамбы деп бала арсарсый түштү. А Лама Цу болсо Адилеттин аты эмне үчүн мындай коюлганын билип тургансыйт. Ошон үчүн көздөрү күлмүңдөп «бала өзү айтсын» деп күтүп турду. Акыры Адилет чыдаган жок, өзүнүн жашыруун жана ичине каткан ачуу чындыгын айтып жиберди:

– Мени ата-энем «керексиз», «артыкбаш» туулгансың деп урушат.

– Ха-ха-ха! Эң тура. Ата-энеңиз болгонун айткан! Сиз ал жакта керексиз адамсыз. Сиз биздин жерде туулуш керек болчусуз. Реинкарнацияда мындай жаңылыштык боло берет.

«Эски, дат баскан селкинчектин үнү мени дайыма чакырчу», – деген сөзүңүздүн өзү бизде «калагия»[1] деп аталат. Ал чакырык аба менен тарайт, же болбосо телепатия жолу менен жиберилет. Ал деген Шамбаланын үнү, же болбосо чакырыгы. Кыскасы, уулум, сиздин бардык маалыматтарыңыз туура чыкты. Сиз Улуу Мистериянын[2] өзү жараткан адамысыз, сиз анын туура жолуна келдиңиз. Бир аз гана кечирээк келдиңиз. Жети жаш эң туура болмок. Бизде он бир жаш чоң адам деп эсептелет. Бул жаштагы адам менен «Сиз» деп сүйлөшөбүз. Бирок бардыгына үлгүрөсүз деп ишенем. Ал үчүн күнү-түнү дебей билим аласыз. Лама Цу баланы ушунчалык элжиреп карады:

– Эгер мага ишенсеңиз мен өзүм сизге насаатчы болоюн.

– Сөзсүз ишенем!, – деген сөздү Адилет шаша сүйлөдү. Анткени Лама Цунун күмүш сындуу жаркыраган мээрин бала биринчи эле жолукканда көргөн жана дайыма көрүп турчу. Аны чанда гана бир адамдан байкачу. Жылдыз эжейи, анан мына, Тибеттеги жаңы таанышкан картаң Лама. Ал түгүл байкеси Таштандын мээри күңүрт.

– Анда эмесе Шамбаланын паролун сизге айтып коёюн, Адилет уулум: «Сергек акыл, жалын жүрөк, темирдей эрк!». Мына ушул үч касиет сизде барбы деп сиз менен бир күн кечке сүйлөштүм. Өкүнгөн жокмун, уулум!

Ушуларды айткандан кийин Лама Цу кандайдыр бир өзгөчө сыр сурачудай Адилетке күлмүңдөдү:

– Кыздарга ашык боло элек белеңиз, Адилет уулум?

Адилет капыстан колго түшкөндөй кызарып кетти. Же калп айта албай, же чынын айта албайт. Эгер чынын айтса «Иезабель» лицейинде бир жыл бир партада отуруп чогуу окуган Шоола аттуу кызды айтыш керек эле. Анткени ал кыздын карагаттай мөлтүрөгөн ойноок көздөрү Адилеттин басса-турса эсинен кетпей кыйнап жүргөн болчу. Анысын эч бир жанга айткан эмес, айта да албайт эле. Ал түгүл Таштан досуна лам деген эмес. Шоола бардык убакта тартынбай эле Адилетке болушуп, атүгүл кыздар менен айтыша кетип турчу. Бир сапар ал Адилетти шылдыңдап аткан кызды жыга түртүп да жиберген.

Окуя спорт залдын ичинде болду эле. Жыгылган кыз ыйлап мугалимге барып даттанган. Мугалим ошол күнү Шоолага тартиби үчүн «эки» деген баа койгон.

---

[1] Шамбаланын үнү, аба менен жер шарына тарап турат.

[2] Ааламдын, дүйнөнүн ачыла элек улуу сырлары.



Адилет бул окуяга катуу кайгырып, көп күндөр Шооланын көзүн карай албай күнөөлүү болуп жүрдү. Ошондон баштап ал экөөнүн ортосунда балалык сүйүү башталган болуш керек, себеби Шоола эми Адилетке баягыдай ачыктан-ачык кыздар менен айтышып болушпай, кандайдыр оолактап, алыстан тымызын тиктеп, Адилет карай калса көзүн ала качат. Бир нече күн Адилет да кызга жолобой алыстап калды. Ошого карабастан классындагылар экөөнө «кыз-күйөө» деген шылдың ат коюшту, доскага, дубалдарга жазышты. Экөөнүн ортосун алыстатууга кыздар бар болгон аракеттерин бүт жасашты. Акыры экөөнү эки башка партага отургузуп тынышты. Ошентип кыздар көктөн тилеген максатына жеткендей болгон. Бирок канча кылса да адамдагы бул ээ-жаа бергис табийгый азоо сезим өз ишин кылбай коёбу, акыры жүрүп окуу жыл аяктаганда, бүт классы менен эстелик сүрөткө түшүп атканда Адилет бар кайратын жыйнап туруп Шоолага түз басып барды да, кыздардын көзүнчө эле үч тал гүлдесте сунду. Шоола бир аз такала түшүп андан соң башын бийик көтөрдү да, гүлдестени алып туруп четке басып кетти. Эки бети от болуп күйгөнүн жашырышка аракет кылды. Ошонун айынан сүрөткө тизилгенде экөө таптакыр эки башка туруп калышкан болчу. Адилет эң арткы катардагы сол четинде, Шоола болсо биринчи катардын оң четинде. Ушул тагдырына Адилет ичинен сызып жүрчү. А өзүнчө сүрөткө түшүүгө ал Шооланы чакыра алган жок. Сүрдөдү. Бирок акыры башка айла тапкан болчу. Сүрөттөгү өзү менен Шооланын элесин ультрафиолет нурга кармап бир аз кызгылтым кылып алган. Ал сүрөттү ким караса да Адилеттин сырсандыгы дароо эле ачылып калмак!

Тибетке жөнөгүчө Адилет кызга телефон чала албай көп күндөр кыйналды, уйкусуз түндөрдү өткөрдү. Акыры тобокел кыла турган мүнөт да келет экен, кыздын чөнтөк телефонуна чалды.

– Алло! Шоола, мен Тибетке кетип атам, – деди Адилет.

– Ии, Тибеткеби? Анда жакшы барып кел.

Ошону менен сөздөрү дароо түгөнүп, экөө тең арманда калышты. Же Адилет бир сөз тапсачы, же Шоола демейдеги ачык-айрым шартылдаган кыз, бир сөз сурасачы! Бул өкүнүч экөөнүн тең жүрөгүнө так болуп, өмүр бою сыздатып жүрө турган окшоду…

– Биз балдарды храмга жети жашынан өтө электе алабыз. Анын себеби ушул – ашыктык сезими. Байкашымда сиз ал сезимге дуушар болгон көрүнөсүз. Көздөрүңүз калп айткан жок. Албетте он бир жаш деген — он бир жаш. Ошондуктан айтып коюшум керек, Адилет уулум, эгер сиз өмүрүңүздү архат окуусуна биротоло арнасаңыз анда катардагы, жөнөкөй адам болуп кала албайсыз. Биз илимдин бийик чокусуна жете албаган жөнөкөй монахтарга гана үйлөнүүгө жол беребиз. Алар бизде «кызыл топучандар» деп аталат. Болгондо да алар храмдан кеткенден кийин гана ал ишке бара алышат. Анткени лама окуусу аялга муктаж болуп, үй-бүлөлүк турмуштун алкагында чектелген жашоодон алда канча жооптуу. Эгер ошону түшүнсөңүз, ошого эркиңиз жетсе гана биздин окууга кириңиз. Сиз өмүрүңүздү чанда гана адамдар жете ала турган улуу нерсеге арнайсыз, аны мен азыр сизге айтып түшүндүрө албайм. Эмесе бүгүн барып жакшы ойлонуңуз.

Лама Цу айнек столунун үстүндөгү күмүш коңгуроону жумшак диңилдетип койду эле ошо замат кызматчы Дей босогодо даяр болду.

* * *

– Эгее! Сынактын оору кечээ бүттү десем, көрсө балээнин баары быяктан турбайбы! – деди Таштан иниси айтып берген узун хикаяны угуп болуп. – Эмне кылабыз эми? Сөздүн кыскасы, сен биз көнгөн, биз билген жашоодон толук баш тартышың керек турбайбы! Буюрбасын, мындай болоорун билген эмесмин. Ата-энең эмне дейт муну укса?

– Кайра кетелиби?

Адилет байкесин арсарсып карады.

– Билбейм. Ата-энеме кеңешейин деп айткан жоксуңбу?

– Эч нерсе эсиме келген жок.

– Бекер кылыпсың. Балким эртең барып айтасыңбы? Мен барсам эч кимиси сүйлөшпөйт тура. Кечээ гана Дей бир келди, сенин маалыматыңды сурап. Ошондо айткан, балаңар окууга өтсө чачын алдырып, атын өзгөртөт деп. Ага чыдаса болот ко деп ойлогом. Көрсө кеп башкада турбайбы. Балким ал эртең да келээр дейм. Ошондо сурап көрбөйлүбү Дейден.

– Эмне деп?

– Ата-энесине кеңешели. Мындай маселени бала өзү чече албайт депчи.

– Макул.

– Анан дагы бир нерсе, Адилет. Сенин арууң бар да. Ошону сөзсүз айтышыбыз керек, билесиңби?

– Макул. Уйкум келип атат, байке.

* * *

Таштан өз кагаздары менен алек болуп түн оодара көпкө отурду. Чарчаган кезде бөлмөнүн бурчундагы экранды барып чукуласа сыналгы эмес, болгону монитор экен. Жанында бир нече видеокассета жатат. Бир-экөөнү иргеп коюп көрдү эле экранда жалаң будда монастырлары, андагы чачы кырылган миңдеген соку баш монахтар, табынуу жүрүп жаткан учурлар сыяктуу көрүнүштөр. Таштанга булардын баары кызык эле, бирок азыр аны көргүсү келген жок. Ал көнүмүш болгон Бишкектин көп каналдуу сыналгысын курулай издеп атканына кайыл болду да жата кетти. Бир кезде, түн ортосу небак оогон тушта Адилет тишин кычыратып козголуп, онтолоп-ооруксуп аябай түйшөлдү. «Аруусу кармап атат жадагалса түшүндө», – деди Таштан жанына келип отуруп. – «Бул байкуш баланын тагдыры эмне болот?». Таштандын азыр аңдыганы баланын жаак-тили. Эгер катуу түйүлсө оозун эптеп ачып туруп жуурkандын четин тиштете коюш керек. Бирок Адилет бир пастан кийин тынчып, уктап калды. Кыязы түш көрүп атса керек. Он бир жашка араң келген, багалчагы толо элек жаш баланын ушуга чейинки ачуу тагдырын, андан да, эгер Тибетте жалгыз кала турган болсо, мындан аркы сүрө турган кунарсыз өмүрүн көз алдына элестетип саруулаган Таштан таң атканча кирпик какпай жатып, эми эле жаңы көзү илинип кеткен болчу. Эшик тыкылдайт. Дагы тыкылдайт. Ойгонгон эч ким жок. Ошондон дагы жарым саат өткөн кезде эшик кайрадан тыкылдайт. Ал кезде Адилет ойгонуп калган эле.

– Кадырлуу Лама Цу өзү келсе эшигиңерди ачпай койдуңар. Мынчалык катуу уйкуга берилген себебин билип кел деп Лама Цу силерге мени жиберди. Эгерде Адилет бала Тибетте окууну каалабаса да баары бир келип жолугуп кетсин деди.



Муну айтып турган монах Дейдин негедир көңүлү суздай көрүндү. Адилетти кандайдыр өкүнгөнсүп карады.

– Азыр барам, – деди Адилет кийине баштап. Жарым саатка жетпей бала Лама Цунун иш бөлмөсүндө отурду.

Лама Цу кадим кечээки кейпинде экен. Мүнөзү жайдары, көңүлү ачык.

– Ким болбосун өзүнүн келечек жолун тандаганда эч кимге көз каранды болбош керек, — деди Лама Цу күлмүңдөгөн калыбын жазбай туруп.

– Мен окуйм!, – деди Адилет Цу жаңсаган жаздыкка отурбастан тикелей туруп каргылдана.

– Эгер сиз Тибет окуусуна макул болуп туура жолду тандап алган болсоңуз, анда кырк жыл аралыгында өткөн өмүрүңүз келечекте акталат. А кокус туура жолду тандай албай калсаңыз байлыкка, бийликке марыйсыз, ага жетишке сизде толо акыл да, күч да бар. Өмүрүңүз күнүмдүк жыргалда чардап өтөт. Бир гана кейиштүүсү – бардык рухани касиеттен ажырайсыз.

– Окуйм. Бирок туура жолду кантип тандап алам?

– Ал келечектин иши. Азыр болсо, кааласаңыз окууга кирише аласыз. Калганын сизге кызматкер Дей айтып берет. «Ом! Мани падме хум!» ( Өз тагдырың өз колуңда).

Лама Цу күмүш коңгуроосун диңилдетти да, Адилетке өзгөчө сүйкүм менен баш ийкегиледи.

* * *

Лхасанын базары автобекеттен алыс эмес, Жахан храмынан солду карай басканда жарым сааттык аралык. Таштан менен Адилетти Дей ээрчитип баратты. Жөө баскан үчөөнү эңкейиште топоз, же пони минген монахтар кууп өтүүдө. Ат, эшек мингендер да базарды көздөй шашылат. Анча алыс эмес, капталдагы автожолдо болсо ар түрлүү маркадагы жеңил автомашиналар, өзгөчө «Жиптер» зуулдайт. Бардык жерде, кайда баспагын, кайда карабагын Тибет коому бай жана кедейге бөлүнгөнү дапдаана көрүнүп турат. Ошентип бөлүнүп турса да башка дүйнөдөн артыкчылыгы – бул жерде жарды монахтарга, кары-картаңдарга, жаш балдарга бардыгы тең, өзгөчө оокаттуу, алдуу-күчтүүлөр эң ырайымдуу, боорукер мамиле жасашат. Кайыр-садага суроо бул өлкөдө таптакыр уят эмес. Ошон үчүн базарга жөнөгөн адам үйүнөн канча пул алып чыкса жарымын кол сунуп тургандарга берүүгө даяр. Уят деп бул жерде башка нерсе, мисален, алдуу-күчтүү, алты саны аман туруп кайыр суроо өтө уят болуп эсептелет. Лхасада болсо ар бир кайырчы ким экендигин дээрлик бардыгы билишет, өңдөрүнөн таанышат жана аларды бечара катары урматташат.

– Мурда алдагы сеникиндей кроссовка кийүүгө уруксат жок болчу, азыр кийсе болот. Ошон үчүн бут кийим албайбыз. Акчаң үнөм болот. Бирок топоздун жумшак терисинен жасалган эки көлөч алууга туура келет, – деп Дей колундагы тизмени кармап алып Адилетке сүйлөп келатты.

– Көлөчтү табынууга барганда кийесиң. Байпактан көп алыш керек. Ар күнү алмаштырып турасың.

– Деги канча буюм алат экенбиз? – деп Таштан Дейдин колундагы кагазды алып үңүлдү, бирок түшүнгөн жок. Демек эмне, канча буюм алаарды Дей гана билет.

Базар деген базар. Дүйнөнүн кай бурчуна барбагын Индиянын түрлүү-түркүн коробкадагы чайлары, кездемелери, калган буюм-теримдин дээрлик бардыгы Кытайдыкы. Болгондо да Кыргызстандагыдай эмес, алда канча кооз, сапаттуу. Дей артка кылчайып тигил экөөнү карап коёт да, улам бир соода катарына өтүп токтойт. Эл көп, кыжы-кыйма. Ошолордун ар бир үчүнчүсү европалык, же америкалык туристтер. Бойлору узун, аркасындагы рюкзактары калдайып чоң болгондуктан элдин катарына сыйбай түртүшүп, жөөлөшүп, өздөрүнө да оңтойсуз, башкалардын да жинин келтиришүүдө. Дин кармап, ыйман тутуп, узун көйнөк, монах чапан кийип, денесин жылаңач көрсөтпөй, сыпаа жүргөн эл ичинде кыска шортучан, буттарынын жүнү сапсайган, аялдары жоон санына дейре жылаңач, көкүрөгү салаңдап ачык жүргөн чет өлкөлүктөр мына ушул Тибет көчөлөрүндө өзүлөрүн кандай сезээри белгисиз. Анысын эч кимге өзүлөрү, кудаякы, айтышпайт.

Дейдин дегеле таанышы көп экен. Улам бири менен учурашат, улам жоголуп кетип кайра көрүнөт. Акыры жүрүп тизмедегинин баарын алып бүтүштү. Ошолордун ичинен Адилетке өзгөчө жакканы 108 таштуу теспе эле. 108 тибеттиктер үчүн ыйык сан. Анын эмне үчүн ыйык экенин касиеттүү Кайлас тоосуна баргандар гана билип түшүнө алат. А азыр болсо ар бир окуучунун колунда күмүш жипке тизилген каухар таштуу теспе ар дайым даяр жүрүшү парз. Ак таар чүпөрөктөн тигилген, бели бүйрү узун көйнөктөн үч жуп, бир тери көнөчөк, чай куйуп ичкенге карапа, сырдалган жыгач аяк, целлофан пакеттен бир нече жана күнүмдүк тирликке деп бычак, кашык, айры сатып алгандан кийин Дей чекесиндеги терин сүртүп:

– Мына эми кайтсак болот, – деди.

– Тээтиги катарды көрө кетсек кантет?

Таштан алысыраактагы эки кабат имараттын кырында илинип турган реклампаннону көрсөттү. Анда жолборс, илбирстердин сүрөттөрү турган. Дей саатын адегенде өзү карап, анан Таштанга билегин сунду:

– Убакыт калган жок. Биз азыр өргө басабыз. Кырк мүнөт керек жеткиче!

Таштан Адилетти карады, бала болсо жан-жакада тамак талашып, ыркыраша кетип аткан иттерди карап турган. Андан арыраакта ээр токулуу топоздор, аттар, эшектер. Эң кызыгы ошондой эле ээр токулуу тойпойгон понилер. Болгондо да жүгөндөрүнө асемделип күмүштөн, жезден чөгөрүлгөн. Бишкектегидей эле бир же эки дөңгөлөктүү кол араба түрткөн өспүрүмдөр. Бирок анча көп эмес. Адилеттин дагы бир байкаганы гүлдөр эле. Базардын ар кайсы бурчунда жайнаган кооз гүлдөр эң көп сатылат экен. Көздүн жоосун алат.

* * *

Кечкурун Таштан менен Адилет мейманканага келишип, керебеттерине сулк жыгылышты. Кечке инисинин жанында жүрүп, бирок сурай албай калган Таштанда бир суроо бар эле:

– Адилет, – деди ал акырын аяр сүйлөп, – бул жактан окуштун шарты таптакыр башка экен. Кечээ ал жөнүндө сүйлөштүк эле. Анан кантип дароо макул болдуң? Өзүң эле жалгыз чечип коёсуңбу? Ата-энең эмне дейт?

Адилет бир топко үнсүз жатты да, анан күлүп жооп берди:

– Мен атам менен макулдаштым.

– Кантип?



– Айтайымбы?

– Айт деп сурап атам да! Мен агаңмын го. Же мени ага кылгың келбей калдыбы?

– Кхм. Түндө түшүмдө атамды көрдүм. Ал кырмызы чапан кийип, монахтардын ичинде отуруптур. Кадимкидей кечки табынууда Лотос порумунда отурат. Дал ушул Жахан храмында. Мен табынууга биринчи жолу барыптырмын. Атам мага карап көзүн кысат. «Бери, жаныма кел» дегенсип. Барайын десем бир монах менин жолумду тосуп коё бербейт. «Бул бала али бизде окуй элек», – дейт. Анда атам ордунан туруп келди да, колуман жетелеп барып жанына отургузуп алды. «Окуй элек болсо окуйт да!», – деди ал жолумду тоскон монахка акырайып.

Ойгонуп кетсем түшүм экен. Бирок баары тең кадим өңүмдөгүдөй болду. Атам улуксат берди окшойт.

Таштан инисинин айтканын таңыркап укту, бирок эмне жооп айтаарын билбей, керебетинде жата берди бир топко. «Иши кылып Бишкекке кайра баргысы жок» деди ичинен. «Анда эле мейли».

– Мен атаңа сенин түшүңдү айта барсам болобу?

Адилеттен жооп болгон жок, бала уктап кеткен.

* * *

Жахан храмы сербейип алдына келген кыргыз баласын бүгүн башкача карап тургандай. «Келдиңби, уулум? Биротоло башыңды байладыңбы? «Өмүр айлампасынын» эң ылдыйкы тепкичине бут коюп, анын бийик чокусуна дейре чыгууга ниетиңди биротоло бердиңби, уулум Адилет?» дегенсийт.

Адилет да бүгүн башка бала эле. Кийген кийими эле эмес, анын бүгүн дээрлик ич дүйнөсү өзгөрүлүп, бала өзүн учу-кыйырсыз чоң деңиздин жээгине келип тургандай сүрдөдү.

Храмдын короосун ал мурда кирип баратканда үстүртөн эле көз жүгүртүп өтүп кетчү. Бүгүн болсо ар бир көрүнүшүнө көз токтотуп, таңыркап карап атты. Баарынан бараандуусу кире бериштеги субурган эле. Бул бийик монумент – лама ишениминин, анын негизги формуласы болгон «Өмүр айлампасынын» символу болчу. Адилет, албетте азырынча субургандын тышкы көрүнүшүнө гана кызыгып өттү. Бир караганда эстелик адамдын тулкун элестетет.

Храмга дейре бүгүн Адилетти Таштан узатып келген. Анткени бул күн инисинин сырткы дүйнөдөгү, мындайча айтканда, акыркы күнү эле. Баланын калган өмүрү дээрлик храмдын ичинде өтмөк. Ал быякта канча жыл окуп, ким болуп, качан кайра элине кайтат? Мунун баарына Таштан эч кимден так жооп ала алган жок. Алышка да мүмкүн эмес экен.

– Адилет, мен бүгүн түштө телефондон Бишкек менен сүйлөшөм. Ата-энеңе эмне айтайын?

– Салам.

– Жылдыз менен да сүйлөшөм, – деди Таштан алдыдагы кубанычын балага жарыя кылгысы келип.

– Жылдыз эжеге да салам.

Адилет Таштандын көзүнө орто жашап калган адам сыяктуу көрүнүп кетти.

* * *

Адилет бүгүн биринчи жолу байкады – храмдын сырты төрт бурч сыяктуу көрүнгөнү менен ички коридорлору көбүнчө айланма, жарым айланма экен. Ошолордун бири менен Дей аны ээрчитип отуруп чакан бөлмөгө алып келди.

– Нетук, бул балага бүгүн жаңы ат берилет. Ошон үчүн бир тал чачын калтырбай ал.

Чачтарач бош отурган экен, дароо тура келди да, Адилетти төбө чачтан тутамдады.

– Кандай сонун чач экен! Муну кескенде колум бир кубанат дейсиң! Отур, кулунум! Көзүңдү чылк жум!

Нетук тилин сунуп алып, чоң кара кайчы менен кой кырккансып ишке киришти. Кайчысы мокок экен, улам чачын жулган сайын Адилет онтолоп ийип, башын качырат.

– Сага жакпай атамынбы, кулунум. Аз калды го!

Көрсө эч кандай аз калбаптыр. Бир сыйра оортопондоп кыркып алган соң Нетук баланын башына ысык суудан жаба куйду эле, Адилет чаңырып ийе жаздады.

– Мен сага эч жамандык кылганым жок, кулунум! Кайдан келгенсиң өзүң?

Адилет башын ийнине катып жооп берген жок.

– Кайдан келдиң дейм?! Нетук Баланы кулактан алды.

– Кыргызстандан. Аа-ай!

– Ошондой десең. Бизде мындай чимкирик бала жок эле дейм да. Бирок Кыргызстан дегенди билбейт экем.

Чачты жибитип алып Нетук эми мастерок сыяктуу үч бурчтук устара менен кырып кирди. Мурдунан киңкилдеп ырдап, баланы тегеренип, өзүнчө эле моокуму канып иштеп атты.

– Мынакей! – деди бир кезде ал. – Башың бышкан коондой болуп калды. Бирок мен коонду кинодон эле көргөм. Силерде коон деген болобу?

– Болот, – деди Адилет алаканы менен башын сыйпалап.

Адилет өйдө туруп, чачтарачтын күзгүсүнө каранды эле өзүнүн кебетесин көрө коюп беттери капыстан дуу дей түштү. Андан соң ушул храмда кумурскадай кыбырап жүргөн миңдеген адамдарга дароо опокшош болуп калганына таңыркап бир далайга күзгүдөн көзүн ала албай турду. Капкара чачтарын тасырайта алып салгандан кийин баланын музоо кирпик чоң көздөрү ого бетер алайып, каректери ого бетер терең чөгүп, ого бетер муңайым карап калгансыйт.

Баягы эле Дей Адилетти ээрчитип алып экинчи кабатка алып чыкты да, ичи китептерге толгон бир бөлмөгө киргизди.

– Лама Цу бул баланын атын таап келүүгө жиберди, – деди Дей бөлмөдө отурган монахка.

Адилет бөлмөгө кирбей ооздо калган эле, кызыкканынан акырын кирип ичкериге баш бакты. Сары көйнөкчөн монах бир чоң китепти барактап аткан экен. Китептеги астрологиялык маалыматтарды ал Дей берген кагаздагы жазууларга салыштырып карап атты.

– О! – деди бир кезде монах сөөмөйүн көтөрүп, анан дароо Адилетке жүзүн бурду, – Сириус багымында төрөлгөн бала турбайбы! Аты мынакей: «Мани Ясо!». Өтө ыйык аттардын бири! Көтөрө аласыңбы?



Тибетче берген суроого Адилет түшүнө алган жок. Ошон үчүн унчукпай жылмайып койду. «Мани Ясо!» деди ал өзүнүн жаңы атын ичинен кайталап. «Мани Ясо».

– Тамак жей турган жайыңды көрсөтөм. Андан кийин окуу ордуңа барасың.

Дей эми Мани Ясону андан ары ээрчитип жөнөдү. Бала бу сапар эң эле оңтойсуз басып баратты. Биринчиден чачы жок, экинчиден кийген кийимдери балбырайт, шөлбүрөйт, кадим жылаңач кетип бараткансыйт. Жан-жакада тургандардын бардыгы бу кайдан келген шумдук деп тиктегенсийт. Болгондо да идишаяк, буюм-теримдерин бир пакетке салып көтөрүп алган. Анысы баскан сайын кылдырт-кылдырт этет.

Акыры жүрүп эң башталгыч классты таап келишти. Ичинде жапыз столдор, анан отура турган эки кабат калың жаздыктар. Он чактыдай бала бир нерсе жазып отурушат. Алды жакта кара такта илинип, мугалим болсо балдардын арт жагында нары-бери басып жүргөн экен.

«Мани Ясо» деди Адилет мугалимге кол куушуруп, бирок мугалим ханзуча сүйлөп туруп алды. Көрсө бу кытай тилинде уюшулган башталгыч класс экен. Мани Ясо англис тилинде сурайт, мугалим түшүнбөйт. Дей болсо баланы эшиктен киргизе коюп эле жылт койгон. Мугалим ошого жини келип атты окшойт. Ханзуча бек-бек сүйлөнүп, акырында чоочун баланы ээрчитип барып өз классын таап берди. Ал жерде көбүнчө индус балдар отурганын байкады Мани Ясо. Кара-кызыл жүздүү, шуру боолуу кызыл топучан мугалим да индус окшоду. Англис тилин көмөкөйлөп жумшак сүйлөп, жаңы балага бир топко орун тандады.

– Алды жакабы же артка отурганды каалайсызбы? – деди ал Мани Ясого жылмайып.

– Ортого отурсам болобу? – деди бала.

– Окей! Сиздин орточул экениңизди байкадым. Отуруңуз. Бизде орун көп. Болгону, азырынча алты бала бир класста окуйсуңар.

Мани Ясо ортоңку катардагы эң четки орунга барып орун алды.

– Бүгүнчө сиз менен иштей албайм. Тим гана угуп отуруңуз. Эмне түшүнгөнүңүздү эртең айтып бересиз.

Ушинтип айткандан кийин мугалим Мани Ясодон алыстап кетти да, экинчи жанына келген жок. Сабак астролатриянын негиздери боюнча эле.

* * *

Жахан храмынын иш күнү түн ортосунда башталат. Мани Ясо окуган классты «англистер» деп коюшат экен, ошол алты бала чогуусу менен бир бөлмөгө жата турган болушкан. Билген балдардын айтымында бул жер храмдагы эң суук бөлмө, себеби дубалдары таш, асты да таш, шыбы гана эмне экени белгисиз. Кытайдын аскери жата турган темир керебеттин үстүнө үч жаздыкты катар тизип туруп жеңил төшөк жамынып жаткан адам чынында эле оңойлук менен жылый турган эмес. Ошентсе да Мани Ясо качан уктап кеткени эсинде жок, бир маалда, капкараңгы түндө капталына тийген муштан улам ойгонуп кетти.

– Тез тургун, табынуу залына! – деди класстын эң улуусу сыяктанган индус баланын үнү чайылдап. Андан ары кимди-ким көрдү, дүбүр-дабыр болушуп алтоо алты жерде уйкулуу көздөрү менен кийине башташты.

Берки балдардын айтуусу менен Мани Ясо да ич кийимсиз жылаңач жаткан. Анткени ошондо гана денеге жыт-жыбыр жолобой таза болот экен. Тибеттин таза, кургак авасынын касиети мына ушунда. Балдар үчүнчүдөн биринчи кабатка дабырап түшүп бараткан элдерге кошулуп чоң табынуу залына киришти. Залдын жыты аңкып, жүздөгөн табын чөйчөктөрдөгү күйгөн жыпар чөптөрдүн түтүнү шыпка көтөрүлүп, дубалды бойлой катар турган ыйыктардын айкелдери билинээр-билинбес ыргалып тургансыйт.

Мани Ясонун аракети эле өз балдарынан адашып калбоодо. Монахтар менен окуучулар болсо ар ким өз-өз ордун мурдатан билгендиктен шарт-шарт өтүп барып жаздыктарга малдаш уруп отурууда. Узун залдын башынан аягына созулган беш-алты катар эл бетме-бет болушуп жайгашууда.

Ошол тушта Мани Ясонун жанында индус мугалими Гуру Тилак капыстан пайда болду да, чыканактан жөлөдү.

– «Адегенде табын, андан кийин билим ал» дейт бизде. Бирок, сиз азырынча классташтарыңыздын катарында унчукпай отура бериңиз. Кулагыңыз көнсүн. Гимндердин жана табын тексттерин жаттаган соң ырга кошуласыз.

Мани Ясо Гуру айткандай үнсүз отуруп, залдагы өтө сүрдүү гүүлдөгөн биринчи табынуу Гимнин угуп, денеси дүркүрөдү. Көбүнесе кырмызы кызыл чапанчан жүздөгөн эркектердин күчтүү добушу табынуу залын титиретип, айнек терезелерди жарып кетчүдөй. Музыкалык аспаптар менен барабандын коштоосундагы Гимндин сүрү, анын жалгыз бир адамдын ички дүйнөсүнө жасаган зор басымы түндүн бир оокумунда ого бетер сыйкыр чалып, ого бетер жүрөктөрдү толкундатат.

Түнкү табын бир саатча созулду, андан соң бардыгы жай-жайына тарап кетишти. Англис классы болсо чогуусу менен келди да, ар ким өз төшөгүнө кулады. Эми таңкы саат төрткө дейре уйку, андан кийин кайрадан ыргып турмай. Таңкы табынуу саат төрт он беште, ал эми саат таңкы беште эртең мененки тамак.

Мани Ясо таңкы табынуу убагында курсагы ушунчалык ачкандыктан эки колу менен ичин кучактап отурду. Орто арада көзү илинип уктап да кетти. Эгер малдаш уруп отурбаганда сөзсүз кулап түшмөк. Бала чочуп ойгонгондо жыгылбай калганына сүйүндү. Акырын байкаса индус балдар деле жыргатып ырдашпай, үргүлөп отурушат.

Бирок мунун баары көздөн жаздым калбайт экен. Кийин Гуру Тилак уктаган балдар храмдан чыгарылат деп катуу эскертти.

Азыр болсо Мани Ясо сыяктуу эле залдагылардын баарысы тамактанчу жайга ат коюп баратышты. «Англистер» үчүн бөлүнгөн чоң залдагы бир бурч кудая шүгүр алыс эмес экен. Алты бала тез эле жайгашып, тамакка киришти. Баягы эле арпа ундан жасалган цампа, май кошулган ысык чай, нан деген ыйык нерсе көздөн учат, ал майрам гана күндөрү берилет имиш.

Тамак жеп жаткан учурда ашкананын ичинде үн күчөткүч менен окулган лектордун добушу жаңырып турду. Көрсө дал ушул үч маал тамак учурунда Тибеттин ыйык китеби «Танжурдан» үзүндү ар дайым окулат экен. Тибет билим эрежеси боюнча бул китептин мазмуну жана маңызы адамдын рух дүйнөсүнө дал ушул тамак ичип аткан кезде эң жакшы сиңет. Ошондуктан залдагы адамдар, өзгөчө «шела» деп аталчу кенже окуучулар оозундагысын жай чайнап, бирок тамак жөнүндө таптакыр ойлонбой лектордун сөзүнө кулак төшөшү абзел.



Мани Ясо бүгүн эч нерсе түшүнгөн жок. Анын сыңарындай эле берки беш «англис» да эрежени бузуп, бу маалда жеп аткан тамактары жөнүндө ойлоп отурушту. 112 томдук «Канжур» жана «Танжур» ыйык китептерин башка тилге которууга тыюу салынгандыктан, алардагы лама дин уламалары жөнүндө Гуру Тилак атайын сабакта айтып түшүндүрмөкчү.

Саат туура таңкы алты дегенде бардык «шелалар» өз класстарында, өз жаздыктарында тыпыйып отурушту. Расписание боюнча саат тогузда бир танапис. Андан соң дагы бир жолу таңкы, же болбосо шашке тамак. Ошону менен түшкү саат бирге дейре сабак. Бирден экиге дейре дене тарбия жана түшкө чейин берилген үй тапшырмаларын аткаруу.

Саат үчтөн баштап бир саатка тыныгуу. Бу кезде сүйлөшүүгө, ойноого, ал түгүл кыймылдоого тыюу салынат. Ар ким өз төшөгүндө былк этпей укташ керек. Мани Ясо биринчи күнү уктай алган жок, анткени баланын эсин дүргүткөн таң калычтуу нерселер ал күнү өтө көп эле. Бирок баары бир көздү жуумп жатыш керек болду.

Саат төрттөн баштап кайрадан сабак. Мына ушул беш саатка тынбай созулган мөөнөттү англис тилинде «hell» (тозок) деп атап алгандарын Мани Ясого классташтары айтып беришти. Себеби бул учурда танапис да, тыныгуу да, ал түгүл даааратка чыгып келүүгө да уруксат жок. Кимде-ким бул тартипке көнбөсө, бузса катуу жазаланат. Оор жазаны ошол эле өтө жумшак, сылык деген Гуру Тилак өзү соп- сонун берип коёт экен. Андайда ал жумшак эмес таштан катуу, сылык эмес, кадимкидей орой боло калып, досканын жанында турган бамбук таякчаны колуна ала кандайдыр бир циркачтык ыкма менен тентекти жон талаштыра берип-берип калганын Мани Ясо бир эмес бир нече жолу көрдү. Ошол эле замат ал жаза алган балага «сиз» деп, урмат менен мамиле жасоого өтөт.

Андай жазадан Мани Ясо да куру калган жок. Чыдабай бараткында даараткага жүгүрүп барып келди да, Гуру Тилактан дароо кечирим сурады. Гуру болсо:

– Биринчи жолу, албетте кечирим кылууга болот. Бирок жазаны баары бир аласыз, – деди да өз ордун көздөй бурула берген баланы жондон ары эки тартты.

Башкаларды чапканда мындайды өмүрүндө биринчи көргөн Мани Ясо таңкалган, бирок ичке эле көрүнгөн солкулдак таякча этти канчалык оорутаарын билген эмес, а качан өз башына келгенде, жонун темир менен тиле чапкандай көзүнөн от чачырап, катуу онтоп жиберди да, Гуруну карап аябай таңыркады. Көздөрү алайып, болгон ишке эч ишене албай далайга сенейип турду. «Чын эле чаптыңызбы? Чаппай койсоңуз болбойбу? Мен кылмыш кылган жокмун го?», – деген көз караш эле. Гуру ошону айттырбай билет көрүнөт:

– Туура, кылмыш кылган жоксуз. Эгер кылмыш кылсаңыз анда жаза таптакыр башка болмок, – деди Мани Ясого сүйкүмдүү жылмайып.

Башын чайкап, жонун сыйпалаган Мани Ясо ордуна отурган кезде ага жанындагы бала ачуулуу шыбырады:

– Кылмыш кылсаң да экинчи кечирим сурабай жүр, келесоо! Мани Ясо кошунасын карап үн дей албады.

Бир күнү, дене тарбия убагында, бейтааныш монах басып келди да, Мани Ясону чакырып алды.

– Сиз жөнүндө Лама Цу мага көп нерсе айтып берди. Бул жердеги адистер

астрологиялык төлгөңүздү толук ачып бүтүшкөн окшойт. Ошондуктан тезинен үнүңүздү текшерүүнү мага тапшырышты.

Монах баланы музыкалык аспаптар турган бөлмөгө ээрчитип келди да алаканын жайды:

– Карап көрүңүзчү. Өз мекениңизде кайсыл аспапта ойночу элеңиз?

– Ойночу эмесмин.

– Анда ырдайсызбы?

– Хордо ырдачумун.

– О, бизге дал ошол керек. Бул жердеги табынуу убагында ырдай баштадыңызбы?

– Ырдай элекмин.

– Анда эмесе мен аспапта обон ойноюн, сиз кошулуп ырдаңыз.

– Жалгыз ырдай албайм го, – деди Мани Ясо оңтойсузданып.

– Хе-хе! Мени менен кошо ырдаңыз анда.

Бөлмөдө кыл кыяктын коштоосу менен эки үн жаңыра баштады. Монахтын адегенде көзү жумулуу эле, акырындап ачыла баштады. Бир кезде Мани Ясого ал акырайып карап калды.

– Сиздин үнүңүздү бул храмда менден башка эч ким уга элек беле?

– Жок.

– Анда дагы ырдайбыз. Катуураак. Кана, кеттик!

Мани Ясонун жалгыз өзүн калтырды.

Дал ошол кезде монах терезедеги гүлдөрдү, стол үстүндөгү буюмдарды карап жүзү албырып, өзү аябай толкунданып чыкты. Бир маалда кыягын токтотуп:

– Сиз эч кайда кетпей мени күтүп туруңуз, – деди да, сыртка жүгүрүп чыгып кетти. Аздан кийин ал Лама Цуну жана дагы эки монахты ээрчитип келди. Лама Цу өтө жайдары экен, ал Мани Ясонун кол куушуруп берген саламын алды да, баланы ийинден кучактады.

– Үнүңүздү угалычы, – деди ал калгандарга баш ийкеп.

Монахтар, өзгөчө устаты Лама Цу эмне үчүн мынчалык кызыга түшкөнүн Мани Ясо түшүнгөн жок, бирок үнүнүн болушунча табын гимнинин баш жагын созуп берди. Ал өзү деле билчү – үнү каргылыраак, өтө деле кооз эмес, кээде кандайдыр бир каз-өрдөктүн үнүнө окшоп каакылдап кетчү. «Аңыр үн» деп хордогу балдар ага ат коюп шылдыңдашчу.

Эми ошол «аңыр үнгө» Жахан храмынын эң зоболоолуу ламасы Цу өзү баш болуп кызыгып, таңыркап атышканын бала таптакыр түшүнгөн жок.

– Гүлдөр, буюмдар ыргалып атат сиз ырдаганда. Демек сиздин үндү кабыл алып тосуп атышат. Мурунку өткөн өмүрүңүздө бул храмда болгон экенсиз. Үнүңүз бул храмга тааныш тура. Демек сиз, урматтуу Мани Ясо, мурда жашап өткөн бир касиеттүү адамдын кайра жаралган реинкарнациясы экенсиз. Балким мурда эле белгилүү лама болгонсуз!

Муну сүйлөп аткан музыка сабагын берген адис, сары чапанчан монах эле. Лама Цу акырын кол көтөрүп анын сөзүн токтотту да, мындай деди:

– Улум Ясо, Гимнди толук үйрөнгүчө сиз мына ушул класска түшкү бир саат убактыңызды сарп кылыңыз. Мына бул музыкант сиз менен жекече иштейт.



* * *

Мани Ясонун храмдагы алгачкы күндөрү түш сыяктуу эле өтүп атты. Азырынча ал толук бойдон жетекте. Ким кай жака бас десе басат, отур десе отурат, бирок дагы эле сабактардын көбүндө угуучу гана, үй тапшырма ала элек, эң негизгиси – алдыга чыгып мугалимдин суроосуна жооп бере элек. Анткен менен ал башка балдардын окуу түйшүгүн көрүп атты. Бир тыным алган окуучу жок. Бардыгы тең балалык ойноок мүнөздөн ажырап, түбөлүк түйшүктү башына үйгөн чоң кишилерден бетер кабактары салыңкы, мүнөздөрү токтоо, жүздөрү кабатыр. Бардыгы тең үй тапшырмаларын аткаруу азабында. Анткени үй тапшырма деген ар бир балага өзүнчө берилет. Бири-бириникине окшобойт.

Ошого карабай кээ-кээде ойной кеткен, туртүшө кеткен, ал түгүл чекелеше кеткен учурлар болбой койбойт экен. Музыка сабагынан чыгып келатып Мани Ясо бир сапар тентек кылып аткан балдарга туш болду. Өзү курду беш-алты шеле бир кичинекей окуучуну ортого алып, мазактап атканын байкады. Дал даараткананын чыга беришинде. Кичинекей бала ак сөөк тукумунан экени билинип, өтө эле назик, сылык сыяктанды. Өзүн муштаган, кулагынан чойгон, бутка тепкендерге эч жооп кыла албай, колдору менен жазганымыш болгондон башка айласы жок. Баланын кантип ошого чыдап атканы белгисиз. Же качып кетпейт кичинекей макулук. Бул жердеги эң бир маанилүү эрежелердин бири – кыйынчылыкка чыдоо! Бирок мына мындай тепкилөөгө, мазактоого чыдаш кантип болсун. Ким билет. Балким бул чемелдей өзү башынан ошондой тарбия алгандыр. «Сени бирөөлөр бейкүнөө уруп-согуп атса деле чыдап тура бер, акыры күнөөлүүлөр өз жазасын алат», – деген лама насаатында тарбияланган немедир. Айтор бала бир кезде эти ооруганына чыдабай ыйлай турган болду. Ага да карабай чоң немелер:

– Бай өрдөк турбайбы!

– Куйругун жулуп коёлучу! – дешип тигини кордой беришти эле:

– Эй, ымтыраган чимкирик! Жооп бербейсиңби буларга! Өзүңдү коргой албасаң кийин сен кимге адилеттик алпераласың! – деген бир монахтын үнү чыкты арка жактан. Көрсө ал Дей экен. Ошондо бир күтүлбөгөн окуя болду.

Дейди бир карап алды да, кичинекей шеле[1] чыйрала түштү, боксёрдун турпатын ала коюп, өзүн аябай мазактап аткан ортодогу балага бир секирип, колунун сырты менен моюнга чаап жыкты. Калгандары ооз ачпай далдырап калышты. Болгону бир гана бала кете баштаган кичинекей шелеге катылмак болгондо ал дагы кокого бирди жеп, жерге кулады.

– Эй, бала, сен адам турбайсыңбы! – деп Дей кыйкырып жиберди аңгыча. – Көрдүңбү, кандай азамат экен! – деди ал карап эле турган Мани Ясого кичинекейди көрсөтүп. Аңгыча чоң балдар качып жок болушту.

– Улум! Сенин акылың канча экенин билбейм, бирок кол күрөшкө мыкты өнөрүң бар экен. Сен эми ушул өнөрүңдү жамандыкка эмес, дайыма жакшылыкка жумшап жүр. Мына бул балдар өтө тентек эле, эми сага эч убакта катылбайт. Бирок булар башкаларды кордошу мүмкүн. Эгер ошентсе сен сазайын бере бер. Адилеттик сен жагында болот.

---

[1] шеле – курсант маанисинде.

Дей кичинекей шеленин башынан сылады да, Мани Ясого көзүн кысты. Аны бир жашыруун сыр айтчудай болуп бери чакырып алды:

– Мани Ясо, мен азыр эле Лама Цудан келатам. Ал сени эртең менен өзүнүн бөлмөсүндө күтөт. Мен сага барып ээрчитип жүрбөйүн, өзүң эле бар.

– Качан барышым керек? Убакыт жок да.

– Эртең мененки табынуудан кийин бар.

– Жетишпейм да

– Ээй, маңыз! Маңыз турбайсыңбы. Болуптур, мен өзүм ээрчитип барам. Бирок эртең менен мен жарыкты күйгүзгөндө дароо ойгон. Капталга бирди жемейинче ойгонбойт экенсиң!

– Макул.

Мани Ясо кечинде төшөгүнө жатаар менен Таштан байкесин эстеди. Андан эмнегедир таптакыр кабар жок. Телефон аркылуу Бишкек менен сүйлөшөм деди эле. Сүйлөштүбү же жокпу. Эгер сүйлөшсө атасы менен апасы эмне деп айтты экен? Окусун дедиби, же окубай кайра келе берсин дедиби? Айтор ошолорду билиш керек эле. Күндүз болсо булар жөнүндө ойлоого чолоо жок. Эртең менен Лама Цуга барыш керек. Ал эмнени айтаар экен. Балким ал «Уулум, ата-энеңден кабар келди. Окубасын дептир», – деп эртең Бишкекке жөнөтүп жибереби. Ал жакта болсо Шоола күтүп жүрөт Адилетти. Барып эле ал кызга «Мен Адилет эмесмин. Мен Мани Ясомун», – деп Шоолага кол сунса, ал эмне дээр эле? Адилет кыздын элесин көз алдына кармап, жылмайган бойдон уктап кетти.

Канча убакыт өткөнүн билбейт, бир кезде эле кулагына чуру-чуу түшүп, шарактаган күлкүлөр угулду. Аңгыча чала ойгонгон Мани Ясо мойнуна бир муздак нерсе оролуп атканын сезет. Чочуп кетип апчып алса – жылан! Так орто ченинен кармаган экен, башы соймоңдоп кайрадан баланын билегине ороло кетти. Мани Ясо бакырып ийди да, жыланды полго бир чапты. Ал боюнча калбай төшөгүнөн атып турган бойдон эси оой түшкөн жыландын дал башын согончоктоп эзип ийди.

– Ээй! Өлтүргүч! Өлтүргүч! Сен мыкаачысың! Сени храмдан кубалаш керек!

– Кармагыла! Жазасын алсын!

Жанатан күлүп шылдыңдап аткан классташтары бир паста Мани Ясону тепкилеп жиберишти. Адегенде бир топ каршылык көрсөткөн Мани Ясо акыры полго жыгылып түшүп, өлгөн жыландын жанында канжалап жатты.

Күтүлбөгөн бул окуя эртеси эле бүткүл храмга угулуп, чоң жаңжалга айлана турган болду. Мани Ясо храмдан куулуш керек, анткени жылан өлтүрдү! Тирүү жандыкты атайылап өлтүрүү лама done дининде эң чоң күнөө. Ал тургай тибеттиктер малды союп жешпейт, кырсыктан өлгөн гана малдын этин тамакка пайдаланышат. А жылан, бака, коңуздар өтө эле аялуу жаныбарлар болуп эсептелет.

Мани Ясо сабагандар өздөрү көтөрүп жаткырып койгон өзүнүн төшөгүндө эсучу жок жатты, ал эми анын классташтары болсо өлгөн жыланды көтөрүп алышып храмдын эң башкы ламасы – Панчен лама Делиге чейин барышты. Балдарды баштап жүргөн индус баланын аты Жавва. Класстагы жашы да чоң, булчуңу да күчтүү, астрологиялык картасы боюнча ал дагы «мурунку бир заманда жашап өткөн ламанын кайра тирүү жаралышы» деген атака конгон өзгөчө бала эле. Жавва баштаган балдардын бүткүл аракети – адам баласы жасаган эң чоң күнөкөр, тирүү жыланды түптүз эле алардын көзүнчө өлтүрүп жиберген кайдагы бир ата-жыты белгисиз мыкаачы Мани Ясо деген немени лама мыйзамы боюнча оор жазага тартыш болду.



Ага караганда уктап аткан адамдын койнуна жылан салып жибериши бу балдар үчүн ашып эле кетсе кумурсканы алаканга салып койгондой жеңил тамаша. Андай тамаша түккө да турбас!

Жанына кимдир бирөөнүн келип отурган жеңил шоокуму угулганда Мани Ясо көзүн ачты. Бирок ким экенин ажыратып биле алган жок.

– Уулум Ясо, сени мен өз бөлмөмө алып кетейин деп келдим. Азыр сени көтөрүп жөнөшөт. Каршы болбогун, макулбу?

Мани Ясо башын ийкеген сыяктанды. Андан башка ишарат күтүш мүмкүн эмес эле, себеби бала али да оор ахвалда жаткан.

Ошондон туура бир жума өткөндөн кийин гана Мани Ясо Лама Цунун жеке дарылоочу бөлмөсүндө жалгыз жатканын түшүндү окшойт. Анткени, бүгүн устатынын үнүн дана укту.

– Мына эми кан басымың ордуна келди. Аны билиш үчүн билегиңди өзүңдүн чыкыйыңа басып көрсөң болот, – деди Цу баланын жүзүнө үңүлүп. Мани Ясо устаты айткандай кылып көрүп жылмайды.

– Ата, – деди андан соң бала, биринчи жолу устатына «ата» деген сөз менен кайрылып, — мени храмдан кууп салышабы?

Лама Цу балага жакын басып келди:

– Бу маселе азыр талаш. Мен сиз менен сүйлөшүшүм керек. Көп нерсени тактайлы. Андан кийин чечебиз. А бүгүн туруп баскыңыз келсе бөлмөнүн ичинде баса бериңиз. Бирок сыртка чыкпаңыз. Жылаанды өлтүргөнүңүз үчүн сизди дагы да жазалайбыз деп күтүп жүргөндөр болушу мүмкүн…

Мани Ясону адегенде Лама Цу жалгыз өзү гана дарылачу, экинчи жумага кеткенде бул ишке Дейди койду. Дей балага досундай болуп калган болчу. Бирок жылаан өлтүргөндөн кийин ал дагы чочуркагансып, Мани Ясону шектүү карап калды.

– Силерде топозду же жылкыны атайылап өлтүрүп, анан этин жейби? – деди ал бир жолу Мани Ясону алая карап?

Мани Ясо жооп бере албай такалып турду. Анткени кокусунан жылаан өлтүргөн үчүн эле мыкаачы атка конуп, храмдан куулганы араң турса, анан топоз менен жылкыны союп жейбиз дегени кандай болоор эле? Оңбой калмак!

Ошондуктан бала жаратына шылтап онтолоду, аңгыча башына бир ой келе түштү.

– Бизде жылаан үйгө кирип келсе алдына сүт, айран чачат, – деди кыргыз эл жомокторунан окуганын эстей коюп.

Дей буга абдан таңыркады.

– Бизде да ошондой. Окшош турбайбы. Анан өлтүрбөй эле койсоң болмок.

– Коркуп кеттим. Жылаан кайра келип мени чагып алат ко деп. Эми мени храмдан чыгарышабы?

– Аны билбейм. Лама Цуга айт. Эгер күнөөң жок болсо ал кечирет. Күнөөң болсо эч качан кечирбейт. Бул храмда Лама Цу кандай айтса бардыгы ошондой болот.

Эртеси эле Дей аны Лама Цунун илимий иш бөлмөсүнө ээрчитип барды. Мурда Мани Ясо кирип жүргөндөн башка бөлмө экен. Лама Цу өзүнүн табынуу жайынан чыга элек болгондуктан Мани Ясо бөлмөнүн дубалдарына боёк менен тартылган, кээси жибек полотнолорго түшүрүлгөн сүрөттөрдү карап турду. Жапыз айнек столдордун үстү толо журналдар, китептер, жалтылдаган статуэткалар, жазылган кагаздар.

Айнек графинде барпайган гүлдесте. Мани Ясо акырын кол тийгизип көрсө гүлдөр кагаз экен, Мани Ясонун көз алдына Шоола кыз келди. Анын колундагы гүл кагаз эмес эле…

– Мен кечээ күнү сиздин агаңыз менен сүйлөштүм, – деген Лама Цунун үнү балага капыстан угулду. Ал артына жалт бурулуп устатына кол куушурду. – Агаңыз сизди көрүүгө уруксат сурады эле бере алган жокмун. Эгер баары жакшы болсо эмдиги жумада көрүшөсүңөр.

– Рахмат, ата. Таштан байкеме мен өзүм барып жолуксам болобу?

– Болот.

– Рахмат, ата.

– Таштан байкеңиз терең ойлонгон илимпоз адам экен. Анын айтуусунда сиз эч убакта жылаан өлтүрмөк эмессиз. Демек, чочуп кетип, корккондон бул ишке барганыңызга ишенгим келди. Атайылап эмес, капилет болгон ишке кечирим. Бирок «Танжур»[1] китебинин онунчу главасында жан-жаныбарларга кандай мамиле кылуунун эрежелери жазылган. Ал жерде ант берүүнүн тексти да бар. Ошолорду жакшылап окуп туруп, анттын эрежесин жаттап, анан мага айтып берсеңиз деген өтүнүчүм бар. Ошондон кийин сүйлөшөлү.

Лама Цу таптакыр мурдакыдай эмес. Мани Ясого жылдызын төкпөй, сустайып турду. Мунун өзү Мани Ясого оңбогондой катуу тийип атты. Кечээ эле, атүгүл жаңжал окуядан кийин деле устаты ата мээримин төгүп турбады беле, а бүгүн кара!

Дей тупатуура билет экен. Бардыгы Лама Цу айткандай болду – Мани Ясо «Танжур» китебиндеги эрежелердин англисчеге кыскартып которулганын окуп келип, андан кийин анттын мазмунун кайталап айтып берген соң, улуу Лама балага мунапыз берди.

– Мындан ары да баскан жолуңуздун бардыгы татаал болот, уулум. Мына ушул жерден мен сизге өтө олутту бир ачылышты угузайын. Өткөндө сиздин үнүңүздү уккандан баштап храмдын атайын илимий тобу сиздин астрологиялык таржымалыңызды кайрадан терең изилдеп чыгышты. Ошонун жыйынтыгын угузайын – сиз мындан он кылым мурда жашап өткөн улуу Тибет йогу акын жана төкмө ырчы Миларепанын[2] кайра жаралган реинкарнациясы деп табылдыңыз. Жан дүйнөңүз, үнүңүз, каныңыз, акылыңыз, сезимдериңиз, эң кызыгы сырткы келбетиңиз бүт ошол улуу адамдыкы, бирок, тилекке каршы тарбияңыз гана башка болуп калган. Ошон үчүн мен сизге эскерттим – он жашка дейре башка чөйрөдө өсүп калганыңыз үчүн мындан аркы ар бир баскан кадамыңыз кыйын болот деп. Бирок кыйынчылыкты жеңүү – лама жолундагы жаш жигиттин эң негизги максаты экенин сиз түшүндүңүз да, туурабы?

Мани Ясо башын ийкеди. Лама Цудан бир нерсе сурагысы келип, бирок сурай албай отурду.

– Улуу йог Миларепа жалаң эле дарылоо менен эмес, ал жалаң өзүнүн үнү менен да сыркоолорду айыктырган. Айтылып калган айыңдарга караганда өзүнүн ыры, шаңшыган үнү менен эми эле өлгөн кишини кайра тирилтип алчу экен. Кандай

---

[1] «Танжур», «Ганжур» тибет дин илиминин китептери, ар бири 112 томдон турат.

[2] Миларепа – европалыктар «Азиянын Сократы» деп атаган Тибеттин улуу йогу, акыны, ламаизмдин ири өкүлү, б. з. II кылымында жашап өткөн.



болгон күндө да улуу Миларепанын кайра жаралышын адамзат күтүп жүргөн. Ошого татыктуу боло аласызбы же жокпу, эми ал сиздин өзүңүздөн. Талыкпаган эмгек, билим, эч тынымсыз окуу гана сизди керектүү бийиктикке көтөрүп чыга алат.

Мен храмдагылардын бардыгына жарыя бердим, сиздин бейкүнөө экениңизди алар эсепке алышат. Бирок класстагы балдарыңыздан өч алам деп аракет кылбаңыз. Алар да сизге мындан ары тийишпейт. Менин өтүнүчүм – бүгүн кечте бөлмөңүзгө барып, «Танжур» китебиндеги антты аларга да кайталап бериңиз. Ар бир шеле сиздин мындан ары тирүү жанды өлтүрбөй тургандыгыңызга бекем ишенгидей болуш керек. Ансыз алар менен бир бөлмөдө жашоого мүмкүн эмес.

Мани Ясо устатынын сөзүн үндөбөстөн угуп болду да, акырында башын көтөрдү:

– Макул, ошентейин.

– Баштапкы класста үч жылда окуп бүтчү көлөмдү сиз бир жылда өтүшүңүз керек. Ага күчүңүз жетээрин билдик. Ошондон кийин сиз биротоло менин классыма өтөсүз.

– Бардыгы канча жыл окуйм, ата?

Лама Цу күлүп жиберди. Ал билген дал ушул суроо алыстан келген баланы кыйнап жүргөнүн.

– Мекениңизди, ата-энеңизди сагынганыңыз акыры өтүп кетет. Ага көп убакыттын кереги жок. Ошон үчүн кабатыр болбоңуз. Окуунун мөөнөтү болсо жалаң гана өзүңүздөн. Анткени билимдин чеги болбойт эмеспи.

Мани Ясо Лама Цунун жообуна түшүнгөн жок, ошон үчүн башын көтөрүп устатына карады.

– Түшүнгөн жоксузбу? Силерде жогорку окуу жайлары негизинен беш жыл окутат. Андан кийин аспирантура, докторантура дегендер бар эмеспи, бизде деле дал ошол сыяктуу. Баса, баса, мына сиздин бул жердеги агаңыз Бишкектеги университетти бүтүп алып, бул жакка илимин улантканы келбедиби. Ал качан илимин жасап бүтөт? Белгисиз. Сиздики да ошондой. Улуу Миларепа өткөн өмүрүндө көп нерсеге жетишпей калган. Ошолорго сиз жетишиңиз керек. Реинкарнациянын негизги сыры ушунда. Адам улам кийинки жаралышында мурунку жетишкендиктерин өнүктүрүп улоо керек. Ошентип отуруп ал акырында улуу архат даражасына өсүп жетет…

* * *

Жан дүйнөсү башка, өзүнө такыр окшобогон балдар менен бир бөлмөдө жашап атканын Мани Ясо эми гана түшүндү, ал түгүл катуу коркуп калды. Ошондуктан Дей аны ээрчитип бөлмөсүнө кайра алып келатканда мындай деди:

– Кайрадан койнума жылан салып ийсе эмне кылам?

– Андай жинди оюнду булар эми жасабайт. Коркпо. Бирок билип кой, жылан же бака койнуңа кирсе ал байлык.

– Андай байлыктын мага кереги жок. Ошону айтып койсоңуз балдарга.

Дей өзү төмөнкү чиндеги сары чапанчан монах болгон менен Лама Цунун эң жакшы көргөн жардамчысы катары храмда биртоп кадыры бар жигит эле. Анын эң негизги сапаты – чынчылдыгы, кызматына тактыгы, анан дагы эч нерседен жалтанбай түз сүйлөгөнү. Храмдагылар да мансап кубалайт. Ар бир кичинекей «шеле» чоңойгондо «траппа», андан соң «лама» же «аббат» болгусу келет. Кыз-

мат боюнча андан ары мансап көксөгөндөр «Панчен-лама», атүгүл «Далай ламалыкты» көксөө керек. Ал эми талант касиетине ээ болгондор үчүн олуялык, башкача айтканда, «Архат» даражасы эң бийик. Бирок мына ушул тепкичтерди ачык айтып көксөө, ага чыканак менен түртүшүп аракет кылуу өтө уят нерсе.

Дейде бир кыйла билим деле бар, эгер Лама Цу каалаcа ага азыркысынан жогорураак даража берип деле коймок. Негедир ошону Дей өзү да, лама да элес албайт. Ошон үчүн сары чапанчан Дей дайыма сары чапанчан.

– Ээ, мырзалар! Мынакей, алыскы мусулман өлкөсүнөн окуйм деп келген меймаңыңарды кайрадан апкелдим. Денесиндеги силер салган көгала тактар али кете элек. Эгер ошол тактарга дагы бир жаңысы кошула турган болсо храмдын эшиги ачык! Ким каалайт окуудан кетишти? Айткыла, ким каалайт?!

Дей балдардын ар бирин кекетип чыкты эле, бешөө тең баштарын чайкашты.

– Анда эмесе уккула, азыр Мани Ясо алдыңарда ант берет.

Мани Ясо өзүн тепкилеген балдарга канчалык өчү кайнап турса да билгизбестен мурдатан даярдап алган, «көзүм жарык дүйнөнү көрүп, буттарым катуу жерди басып тургучакты адамдарга, жан-жаныбарга, канаттуу куштарга, курт-кумурскага, өзүмө окшогон тирүү жандыкка кыянаттык кылбайм…» деген жазуусун күңкүлдөп окуп берди.

– Лама Цу сага ыраазы болот, – деди Дей анын ийнине колун коюп.

– А бирок жыланды өлтүрүп койбодубу?! – деди балдардын атаманы Жавва.

– Силер уктап аткан адамдын койнуна муздак жылан салып ийип чочутпаганда, ал «кара чаар досуңар» өз койнуңарда эркелеп жүрө бермек. Лама Цу айтты, Мани Ясодо күнөө жок деди. Уктуңарбы?

Балдар «уктук» деп айтышкан жок, бирок унчукпай жер караштты.

* * *

Дем алыш күнү Мани Ясо дене тарбия сабактарынан жана тоого барып дары чөптөрдү терүү жумушунан бошотулду. Лама Цу көпкө кыйналып отуруп агасы Таштан менен жолугушууга араңдан зорго уруксат берди, бирок бала храмдан чыгып баратканда катуу эскертти:

– Уулум Ясо, сиз быякта окуй тургандыгыңыз тууралуу чечим кабыл алгансыз. Ал чечимге агаңыз таасир этпейт деп ишенем. Баланын астрологиялык таржымалын билбегендер көп убакта окууга жолтоо болот. Бирок сиз улуу Миларепа жөнүндө эч кимге айтууга тийиш эмессиз. Мен сизди сөзүндө турган, эрки бекем адам деп ишенем. Ошон үчүн гана уруксат бердим. А чынында бизде окуунун биринчи жылында окуучуга ата-энеси же туугандары менен көрүшүүгө тыйуу салынган. Силер ал тартиптин мааниси эмнеде экенин азырынча түшүнбөйсүңөр. Ошон үчүн сизге ырайым кылдык. Кечки табынуу убагында жолугабыз.

Мани Ясо храмдын дарбазасынан чыкканда, чынында эле камалган тордон эркиндикке чыккандай жүгүрүп жөнөдү. Таштан мейманканада экен.

– Ой! Адилет! – деди ал инисин кучактай алып бооруна кысып. Эмнеге окшоп калгансың?!

Адилет көпкө дейре байкесинин кучагынан чыкпай өрөпкүп турду. Баланын ызасы да, сагынычы да, баарысы бирге келип, көздөрүнө жаш толуп, бирок ыйлай албай муунуп калчылдады.



– Кой, антпе. Сен чоң жигитсиң да, Адилет!

Бала акыры байкесинин кучагынан чыкты да, керебетке шалак этип боюн таштады.

– Мен Адилет эмесмин. Мани Ясомун, – деди ал көздөрүнө толгон жашты аргасыз сүртүп.

– Мани Ясо? Сонун ат беришкен турбайбы!

Таштан ошентип баланын көңүлүн убактылуу көтөргүсү келди.

– Эмнеси сонун? – Адилет таарынгансып сурады.

– «Ману» деген буларда биздин «Адам» сыяктуу биринчи жаралган адам. Ясо болсо….

– Бишкек менен сүйлөштүңбү, байке?

– Сүйлөштүм. Сенин окууга өткөнүңө кубанып атышат.

– Башка эч нерсе айткан жоксуңбу? Апам кандай экен?

– Айткан жокмун. Анткени адегенде экөөбүз чечели. Сени чыдамсыз күтүп атам. Мен ойлогом, сен быяктан беш жылча окуп, Тибет догдуру болуп алып эле кайра элиңе кайтып барасың деп. А көрсө булар бир кирген адамды кайра чыгарбайт го сыягы? Кандай дейсиң?

– Менин элим кайсы?

– Кыргыздар да! Кайсы болмок эле?

– Булар менин элим, сенин элиң дебейт экен.

– Кандай десе буларың ошондой дей берсин. Ал өздөрүнүн проблемасы. А биз экөөбүз катуу ойлонолу. Мен сени «окууга өт эле өт» деп кыстап, быякка апкелип алып, же үй бүлө, же бала күтпөй, дүйнөдөн кечил өткүдөй сен биротоло булардын кишиси эмессиң да.

– Мен булардын кишиси экем, байке.

– Тамаша кылба!

– Мен булардын кишиси экем, байке. Бирок калганын айта албайм.

– Эмнени айта албайсың? Айтсаң, эмнени айта албай атасың? Тыюу салыштыбы?

– Байке, сураба.

– Эмнеге сурабайм? Али маселе биротоло чечиле элек. Окуйсуңбу, же окубайсыңбы — ошону чечиш керек адегенде.

Адилет агасын кабак алдынан тымызын карап коюп ойлонуп отурду да, акырын унчукту:

– Атам мени дайыма «артыкбаш», «керексиз» деп тилдечү эмес беле.

Таштан тайсалдай түштү. Эмне жооп айтаарын дароо таба албады.

– Хе! Атаңа таарындыңбы?! Атаң деген сүйлөй берет да!

– Таарынган жокмун.

– Анан эмне?!

– Атам туура айтыптыр.

– Былжыраба, Адик! Таарынчыңды атаңдан чыгарба!

– Атам туура айтыптыр, байке!

– Сен адатыңча көкмелтейлигиңди карматканы турасың го. Бирок бул жерден карматпа. Өмүр бою храмда камалып каласың. Ошону унутпа.

– Атам туура айтыптыр, байке! Мен сага үч жолу кайталадым.

Таштан эки тизесин чаап жиберип, керебеттен турду да, тамеки пачкасын

апчып алып сыртка чыгып кетти. Ал ачуу түтүндөн аптыга соруп-соруп алып, кайра кирсе иниси баягы калыбынан былк этпей катып отурат.

– Сен доюрсуң! – деп кыйкырды Таштан. Жалаң доюрлугуң үчүн биринчи окуган мектебиңен чыккансың, андан кийин еврей мектебинен чыкмаксың, эгер Жылдыз эжейиң болбосо! Эми бул жерде доюрлугуңду карматпа! Бул жер деген бөтөн эл, бөлөк жер!

– Булар антип бөтөн эл, бөлөк жер дебейт экен.

Адилет башын көтөрбөй агасына күңкүлдөдү эле Таштан ого бетер бакырды:

– Буларды эмне кыласың сен?! Өз тагдырыңды чеч! Мен сени кечил болсун деп апкелген эмесмин быякка. Эгер андай болом десең ата-энеңе бар да улуксат алып кел. Менин улуксат берүүгө акым жок! Болду, сөз бүттү! Мен сенин атаң, же энең эмесмин!

Таштан инисине өмүрүндө биринчи жолу кыжыры кайнап калчылдады. Адилет болсо өмүрүндө биринчи жолу агасына боору ооруп, аяп отурду. Экөөнүн жаны башынан бир эле да. Экөө уялаш болбогон менен чогуу бир үйдө өсүп, боор эттери бир бүтүн болуп калган да. «Бала туугандыкы эмес – тутунгандыкы» дегендей, бу баланы Айзада тууса да буту баскандан баштап ал Таштанды ээрчип чоңойду. Таштан агасы да, атасы да сыяктуу. Бала бакчага, мектепке да колунан жетелеп алып барган ушул агасы. Метрикасы жок экен деп бала бакчага албай койгондо Таштан эки апта бою бакчанын залын кооздоп, дубалдарына сүрөт тартып берип атып алдырган болчу. Ошондон баштап ал Адилеттин билим алышына катуу аракет кылды. Эң оболу эле англис тил мугалими менен ысык мамиле түзүп, кез-кези колунда болгон акчасын берип жүрүп акыры мектепке бараарда Адилетти англисче эркин сүйлөп, эркин жаза турган кылып алган. Ошол өзү студент болуп жүрүп жетишкен бул чоң ийгилигин иниси аябай актаган. Анткени биринчиден төртүнчүгө дейре классташтарын бардык сабактар боюнча алыс таштап, болжолу сегизинчи, тогузунчу класстын билимине ээ болгон. Таштан байкеси терип-жыйып келген көп китептерди талашып окуп жүрүп өз алдынча көп нерсеге көзү канык. Экинчи класста экенинде эле класс аттатып төртүнчүгө, анан алтынчыга көчүрүп окуталы дегенге баланын ата-энеси көнбөй, андан соң биринчиден баштап окуткан Жылдыз эжейи да адегенде көңүлсүп барып, кийин макул болгон эмес. Акыры жүрүп Бишкектеги орус мектебинин кыргыз классында окуган Адилет ак менен караны ажырата баштагандан тартып, көбүнесе мектептеги адилетсиздикке көп жолу тушуккан соң көңүлү кайт болуп кеткен. Кечээки эле эчтемени этибар албай, кубалашып ойноп жүргөн баланы курбулары сөөмөйү менен көргөзүп «керексиз» деген атка кондурушкан. Балдар ал сөздү чоңдордон угат да. Чоңдордун ичинен деле бул сөздүн төркүнү эмне экенин билгени-билбегени бар, бирок жакшы окуган баланы бир чети көрө албаган көр сезим менен айрымдар жактырышчу эмес. Анын үстүнө баланын көздөрү караган кишини сүрдөтүп турчу. «Жашабай жатып караганы тимеле шилиңден өтөт», — деп көчөдөгү келин-кесектер кадимкидей ушак-айың кылышчу. Балким ушул өңдүү нерселер себепчи болдубу, айтор Адилетти тезирээк Бишкектен башка жакка алып чыгып кетүүнү Таштан көңүлүндө тымызын эңсеп калган. Жер которуу адамдын тагдырын өзгөртөт.

Бирок эми момундай торго чалынам деп Таштан кайдан ойлоптур. «Шамбала» деген сыйкыр сөз аны өзүнө тартып туруп албады беле.

– Эмне сүйлөбөйсүң? – деди Таштан инисине сөз жаңыртып.



Адилет болсо бутунун учун тиктеп унчукпай отурат.

– Бүгүн кечке бошсуңбу, же азыр кетесиңби? – деди Таштан.

– Кечке.

– Анда жүрү Потала сарайын көрсөтүп келейин. Же тоого чыгасыңбы?

– Уктап алайынбы?

– Эмне, уйкуң канбай жүрөбү?

Адилет башын ийкеди да, керебетке жата кетти.

Таштан базардан өткөн жумада сатып келген жарым кило топоздун этинен кыргыз кесме жасоого киришти. Ошону менен ал бүгүн инисин конок кылмак.

Адилет беймаалда катуу уктап, түшүндө Шооланы көрүп жатты. Шоола экөө Тибеттин көпкөк асманында каалгып учуп жүрүшкөн экен.

**Ш**вейцарияда жашаган Томас Ранкин аттуу англичанин аялы Софи экөө Этьен деген тогуз жаштагы уулун Тибетке апкелишкен. Беш жашынан тартып Этьен баланын таңкаларлык касиеттери чыга баштайт. Эң кызыгы анын каалоосу эле. Эгер бала бир нерсени көргүсү келип кааласа ошондой нерсе сөзсүз ишке ашат, же жакын жерде пайда болот. Өзүнүн мындай касиетин бала байкачу эмес. Аны билбей эле үйүндө отуруп алып кошунанын өзүнөн бир жаш кичүү баласын «сыртка чык, ойнойбуз» деген буйрук берсе, бала дароо чыгып келчү. Кийин, лицейге бара баштаганда Лора аттуу кичинекей кызды жакшы көрүп калат да, «менден башка балдар менен ойнобо» деп такыр өз жанынан чыгарбай кармаган. Этьендин жанынан кете албаган кыз бир күнү ыйлап мугалимге арызданат: «Этьен мени кетирбей кармап атат» дейт. Иштин баарын көрүп турган мугалим «сен өзүң ага жабышып атпайсыңбы», – деп кайра кыздын өзүн күнөөлөгөн.

Бара-бара Этьен балдарга мактана баштайт: «азыр мобул көчөдө авария болот, карап тургула» дейт ал. Дароо болбосо да, бир нече сааттан кийин Этьен айткан көчөдө авария болгонун угушат. Бул кабар акыры жүрүп Этьендин ата-энесине угулат. Алар өз баласынын мындай таң калыштуу касиетинен адегенде коркуп кетишет, апасы ал түгүл ыйлайт. Акыры өзүлөрү текшерип көрүшмөк болуп уулуна айтышат:

– Этьен, атаң экөөбүзгө айтчы, эмнени каалап жүрөсүң?

– Мен тээтиги кошуна кварталдагы эң көп кабаттуу эки «эгиз» үйдүн кантип кулаарын көргүм келип жүрөт, – дейт бала капысынан.

– Кой антпе! Болбогон нерсени антип айтпай жүр!

Апасы ошентип ачууланып койгондон кийин бала лицейге окууга кетет. А кечинде үйүнө келсе телеэкрандан Нью-Йорктогу эки эгиз башнянын кыйрап атканын көрсөтүп атыптыр. Ошол күн 11-сентябрь, 2001-жыл экен.

Мындай укмуштуу окуядан кийин Ранкин Томас менен аялы Софи экөө жүрөктөрү ооздоруна тыгылат. Эмне кылаарын билбей шаардагы бир индустун эзотериялык[1] клубуна кайрылышат. Бирок алардын Этьенди чиркөөгө берип, католик монахы кылгыла деген сунушу баланын ата-энесине жакпайт. Аңгыча ошол жерде иштеген бир чиркөө кызматкери аларга Тибетке барууну сунуш кылат. «Тибетте Кайлас деген касиеттүү тоо бар. Ага барып, тийешелүү шартты жасаган шыктуу адамдардын дароо көзү ачылат, олуя касиетин алат» деп кеңеш беришет.

Ошону менен каникул учурунда Ранкиндер баласын алып Тибетке жетип келишпейби. Келишет да, Лхасадагы турбюрого кайрылышат. Ал жерде группаларды топтоп туруп атайын туристтик гиддер машиналар менен элди Кайласка, касиеттүү Манас көлүнө, ал аймактагы качан салынганы белгисиз лама храмдары менен монастырларга экскурсияга алып барышат. Туризмден түшкөн пул – Тибет элинин жан бага турган бирден-бир оокаты.

[1] Мистикалык, жашыруун окуу.



Таштан да турбюрого заявка берип койгон болчу. Ранкиндердин тобуна киргизилген экен. Болгону бир үй-бүлө, Таштан, анан эки бетинин отунда, кулактарынын учунда карарып үшүктүн тагы калган тургид жигит – бешөө бир джип «Toyota» менен жолго чыгышат.

«Тамак-ашты он беш күнгө алгыла. Кышкы жылуу кийимиңер болсун. Дарыдармек, көбүнчө ич өткөктүн, түтөктүн, кан басымдын дарыларын унутпай алгыла», – дегенди укканда сулууча келген кымча бел Софи өзүн биртопко жоготуп койду.

Мезгил жай болгондуктан ал үйүнөн өтө жылуу деп апкелген сокмо жемперлер эч нерсеге жарабай, Лхасанын базарынан топоздун жүнү ичине караган тери тондорунан, кийиз өтүк, кулакчын калпак сатып алууга мажбур болушкан. Азыр алар багажникте жатат, күн болсо мээни кайнатып жиберчүдөй ысык. Дегеле тигил күрсүйгөн калың кийимдердин керек болooруна эч ким ишенбейт.

– Эмне үчүн он беш күн? Мынча эмне көп? – деди акыры шартка моюн сунган Софи тургидден.

– Заявкаңарда Кайласка чейин барабыз, ал жердеги бардык шарттарды жасашыбыз керек депсиңер. Ал үчүн силердей европалыктарга эң аз дегенде он беш күн керек.

– Он беш күндө Этьен максатында жетип алса биз үчүн чоң олжо болбойбу, – деп Томас аялын дароо сооротуп койду. Бирок алар азырынча Этьен баласынын кандай максаты бар экенин жашырып келатышат. Этьен болсо кадимки эле бай үйдө чоңойгон, эч нерседен тартынып, корунбаган, өзүн эркин кармаган бала экен. Мойнунда асынган цифралуу фотоаппарат, радиодисплей, чөнтөк телефон, наушник аудиокассета сыяктуу бардык ымыян-чымыяндарын Кайласка алып барууга болбойт деп мейманканага калтырып салгандан кийин бала: «Быякка мени эмне апкелдиңер?!» деген кекээр менен ата-энесин бир карап алды да, терезе жакка бет буруп кетти. Ошол бойдон ал бери карабай да, эч ким менен сүйлөшпөй да келатат.

– Жок дегенде видеокамерага уруксат беришсе болмок. Момундай жапайы жаратылышты тартып алат элем, – деди Томас Таштанды сөзгө тарткысы келип.

– Бир чети бардыгын мейманканага таштаганыңар жакшы болду. Анткени жолдогу кытай посттору алып коймок. Кайра беришпейт алар.

– О, мама ми! Чын элеби?! Софи катуу таңкалды.

– Эмен үчүн кытай посттору? – деди Томас.

– Миң тогуз жүз элүүнчү жылы Тибетти капыстан басып алган боюнча кытайлардын армиясы кете элек.

– Менимче аларды кетсин деген ООНдун чечими бар го.

– «Кетсин» эмес, Тибеттиктердин адам укугу бузулбасын деген мааниде. Аны коммунисттер тоготобу.

– Кайласка туура канча убакта жетебиз? – деди Софи тургидге кайрылып. Айдоочунун жанында отурган Тибеттик жигит артка кылчайды:

– Үч күндө. Бирок жолдо эрикпейсиздер. Көп кызыктар бар.

– Мама ми!!! Ха-ха-ха!

Апасы ушинтип нерв болуп кыйкыра күлгөндө гана Этьен атасын жаман көзү менен бир карады. «Мына силерге!» деди окшойт ичинде. Ошону менен ал кайра айнекке бурулду, калгандар болсо таш жолдо шалдырттаган эски джипте үн катпай кыйлага дейре ойлонуп келатышты.

– Алдыны караңыздар. Жуучу суусу, төрт жолдун тоому. Сол жакка кеткен жол Уй провинциясына алпарат, түштүк жакта Сикким аймагы, оң жаккы жол биздин жол. Тээтиги көрүнгөн айыл Шо айылы. Андагы байыркы монастырды кытай коммунисттери талкалаган. Дегинкиси, алар Тибеттеги храмдар менен монастырлардын сексен пайызын бүт талкалашкан. Биздин он төртүнчү Далай-ламабыз Индияга качып кеткен, ошол боюнча келбейт. Биз эми аны Качкын-лама дейбиз.

– Качып жүрсө да Нобель сыйлыгы берилди го ага.

Тургид муну айткан Таштанга кайрылып кекээр жылмайып койду:

– Нобель сыйлыгын бергендердин тибет эли менен иши жок да, – деди анан кошумчалап, – аларга популист гана керек.

– Капырай, ушунчалык артта калган өлкө экенсиңер. Айлананы карагылачы, тимеле байыркы таш доор! Софи муну айтып алды, бирок тургид таарынган жокпу дегенсип аны кирпик алдынан карап калды.

– Биз эч убакта байлыкка умтулбаган элбиз. Динибиз ошондой.

– Бирок адам өңдүү жашаш керек да!

– Эң сонун жашап атасыңыр деп бизге кытайлар дайыма эскертип турат.

– Кытайлар өзүлөрү Европанын деңгээлине жетип калды, – деди Томас сөзгө аралашып.

– Бизге дайыма Европаны мисал кылышат. Бирок биз аларга окшогубуз келбейт. Эгер окшогубуз келсе балким эмгиче аларды кууп жетмекпиз.

– Анан кимге окшогуңар келет?

– Тибет эли эч бир элге окшогусу келбейт. Анткени биздин өзүбөздүн рух дүйнөбүз бар. Максатыбыз байлык топтоо эмес, ошол рух дүйнөбүздү өркүндөтүү, колдон келсе башка элдерге адилеттикти жайылтуу, адамдардын ыйманын ачуу. Ламаларыбыздын бүткүл аракети ушунда.

– Силерди көзү ачыктардын өлкөсү деп коёт го?

– Ар бир адамда эки эмес үч көз бар. Бирок баары эле үчүнчү көзү менен дүйнөнү көрө бербейт. Биздин ламалар айрым кишилердин үчүнчү көзүн ачышат.

– Сиздики ачылганбы? – деди Софи тургидди сынагансып күлүп.

– Менде андай касиет жок. Ал үчүн Сириус планетасынын багымында төрөлүш керек.

– Сириус?! – Софи күйөөсүн жалт карады. – Этьендин планетасы кайсы эле?!

– Ореон болсо керек эле. Өзү даана билиш керек. Этьен, сенин гороскобуң кандай эле?

– Ореон, – деп айнекти караган бойдон күңк этти бала.

– Ошол такпы же так эмеспи?! – деп Софи чебелектей кетти. Анткени тургиддин айтканы башка болуп атат. Эгер уулунун жылдызы Сириус болбосо, анда бул жакка бекер келишиптир да! Аялдын кабатыр болуп кеткенин байкаган Таштан минтти:

– Чыгыштын гороскобу силердики менен дал келбейт да. Кабатыр болбоңуз.

– Чын эле, – деди Софи эсине келгендей тынып.

Андан ары тургид жигит Тибеттин жаратылышын кеп кыла баштады.



* * *

Бир күнү кечке жалаң бийикти көздөй өрдөп отуруп араң дегенде жүз чакырым жол баскан джип «Toyota» каш карайган кезде бийик тоодогу жарымы талкаланган бир эски монастырга келип токтоду. Монастырдын эшигинин үстүндө жалгыз лампочка күйүп турат жылтырап.

– Бүгүнкү жатагыбыз ушул жер, – деди тургид. – Монастырдын ичи жылуу, коркпогула.

Келгендерди тосуп алган монах жашы канчада экени билинбеген, сакалчан, шырымал шым, кийиз өтүкчөн адам экен.

– Куш келипсиңер! – Монах эң оболу Софинин колундагы жүктөрдү алды.

– Оу! Кыш турбайбы бул жерде. Канча градус суук?

– Жыйырма беш эле. – Монастырга кирип бараткан тургид босогодо илинген градусникти карап Софиге жооп берди.

Монастырда болгону эки бөлмө аман калган экен. Ошонун төркүсүнө Ранкиндер, оозгусуна калгандары жайгашты. Ортодо топоздун тезеги жагылган темир меш. Таш керебеттердин үстүндө ичине саман салынган матрастар. Калың кийим менен анын үстүнө жаткан адамдар үчүн темир мештин жылуулугунун барыжогу деле билинбейт. Анысы аз келгенсип монастырдын жыгач каалгасын жылуулап да коюшбаптыр. Кагжыраган жыгачтын жылчыктарынан асмандагы жылдыздар көрүнүп турат. Таштан дал ошол каалганын түбүнө, элдер небак уктагандан кийин келип кеч жаткан. Ага чейин ал нарыда өзүнчө бир булуңда жашаган, алиги кара сакалчан монах менен аңгемелешип отурду.

Аспиранттын издегени эле өзүнүн илимине керектүү материалдар эмеспи. Аска тоонун арасында жалгыз күн көргөн бул монахтан Таштан көп деле бирдеме күткөн эмес. Анын үстүнө кулак-мурдун, колу башын бүт үшүк урган, жүдөгөн неме экен. Бирок бул жерде да Тибеттеги эң негизги өзгөчөлүк! Канчалык итке минип жакыр жашаса да, кийими жыртык, курсагы ач болсо да, эли билимдүү, ар бир бойго жеткен улан-кыз лама дининин негизги теориялык илимин камтыган «Калачакра», «Канжур», «Танжур» китептерине терең сугарылган. Бир эле «Канжур», «Танжур» сериясы 112 томдон турат. Лама илими тибеттиктерге негизинен ааламдын түпкү жаратылышын чечмелеген жети улуу Мистерияны, Космостук дүйнөнүн баскычтарын, Планеталык адамзат же болбосо «Парабраман» окуусун, адамзаттын пайда болушун, бүгүнкүсүн, эртеңкисин, анан кайра жоголуп, кайра жаралышын, ааламдын түпсүздүгүн, мезгилдин чексиздигин, анан мына ошол эч качан сыры чечилбей турган улуу табышмактын адам акылына сыйбай тургандыгын, аны сыйдырыш үчүн улам кийин дүйнөгө жаралган адамзат эс-акылын улам өстүрүп, жогорулатып отуруш керектигин окутат. Ошол себептен Тибет окуусун өздөштүрүүдө бир адамдын өмүрү бар болгону океандан бир тамчы суу бөлүп алган сыяктуу.

Мына ушулар жөнүндө кара сакалчан монах айтып берип отурса Таштан үчүн өзүнчө эле таң каларлык жомоктой.

– Мурдагы совет өлкөсүнөн келипсиз. Андай болсо түшүнүктүү. Силер метафизиканы карандай танып чыккан адамдарсыңар. Материалисттерсиңер. Дүйнөнү өзүбүзчө түшүндүрөбүз дедиңер. Бирок силердин Дарвин да, Менделеев да, Эйнштейн да өздөрүнүн илимин биздин байыркы китептерден иликтеп алышканын билбейсиңер.

– О, койсоңузчу, буга ишенүүгө болбойт ко!

– Албетте болбойт. Себеби силер дүйнөдөгү топтолгон илимдин он гана пайызын моюнга алып окуйсуңар, калганын бүт танып кетпедиңерби. Демек караңгы адамдарсыңар. Мойнуңарга алгыла.

– Азыр окуй баштадык. Мына мен өз инимди апкелип Тибет мектебине бердим.

– Дурус, дурус. Бирок чыдап окуса болду иниңиз. Менин билишимче силерде медициналык институтту беш гана жыл окуйт. Ошол да билимби?

– Ха-ха-ха. Биз ошол беш жылды өтө көп көрүп чычалактап жүрөбүз. Кечиресиз, сизден Бон дини тууралуу сурасам негедир жооп бербей атасыз.

– Э, мейман. Ал бир кайгылуу кеп. Бон деген биздин Тибет элинин ламага чейинки рух ишеними. Ал дин эмес. Силер дүйнөлүк энергияны атомдогу протон менен нейтрондун тынымсыз кыймылы менен түшүндүргөн илимди ошол биздин бондон алгансыңар.

– Анда эмне, «бон» физикалык илимби?

– Ишеним. Бирок ал ишеним болгон менен дүйнөнү астралдык таанууга негизделген.

– Кечиресиз, бонду биз шаман доору деп эсептейбиз. Эмчи-домчу, бүбүбакшылыктын заманы эмеспи.

– Эң туура. Ошол сиз айткан окульт өнөрлөрдүн бардыгы материядагы атомдук кыймылдын ыргагын азайтуу, же көбөйтүү жолу менен аракет кылган. Ошол жол менен ооруларды дарымдаган.

– И-и-и, мени дал мына ошолор кызыктырат, эгер мүмкүн болсо…

– Жо-жо-жок. Биз Бондон биротоло ажырап, кол жууп калганбыз. Падмасамбхава баштаган буддачылар бир кезде күчтүүлүк кылып бизге өз динин таңуулап салган. Бонду «кара сыйкыр», ал эми будданы «ак сыйкыр» деп зордой берип, акыры эки ортодон лама дини пайда болуп, биз ошого биротоло ооп кеткенбиз. Кадырыңыз жан болсун, байыркы бон жөнүндө Лхастагы илим борборунда атайын бөлүм болсо керек, ошондон маалымат алсаңыз болоор.

* * *

Джип «Toyota» дагы бир күн кечке калдаң-кулдаң этип отуруп акыры Манасаровар көлүнүн чатына апкелип токтоду.

– Бул касиеттүү көл деңиз деңгээлинен 4600 метр бийиктикте, тереңдиги 70 метрден ашат. Азыр биз тээтиги кырга чыгып карасак көл кадим сегиз жалбырактуу лотос гүлүн элестетет. Бул көл Брахма кудайдын жаны болгондуктан Будда өзү келип жээгинде жашап турган жана көлдүн суусуна дарылык касиет берген.

– Будда кай жеринде жашаган? – деди Софи чыдабай.

– Барабыз. Будда жашаган үңкүргө конобуз бүгүн. Көп кызыктар алдыда. Эч чочубаңыздар.

– Көлдүн аты эмнени билдирет?

Таштан бул суроону кечээ түнү кара сакал монахка да берген болчу. Ал «Манас» деген сөздүн эки маанисин айтып тим болгон. Ланки тилинде бул «адам» деген сөз. Ал эми тибеттеги качын тилинде «асман уулу» деген сөз.

– Көлдөн сонун бир жыт аңкып атат! – деп Софи тигил экөөнүн сөзүн бөлүп кетти. Тургид жигит аялга алаксый калды, бирок Таштанга жооп берди:



– «Манасаровар» деген «касиеттүү көл» дегенди билгизет. Лама легендасына таянсак бул көлгө индус кудайы Шива жана анын аялы Парвати түшүшкөн. Ал эми өткөн эле кылымда дүйнө салган Индиянын улуу ишмери Махатми Гандинин күлү ушул көлдүн үстүнө да чачылган. Ооруп калганда Ганди келип көлдү айланып, андан кадимкидей дем-күч алчу экен.

Европалыктар адатынча чуркап барып көлгө колдорун салып, күмүш тамчыларды өйдө чачып ойношту эле, Таштан да аларга кошулду. Акыры караңгы киргенде Будда түнөгөн үңкүргө түшүп келишти. Эшик төрдөй жалпак ташка анын сүрөтү түшүрүлгөн экен. Үңкүрдү жердеген сары чапан, сары топучан монах келгендерди тосуп алды да, үңкүрдүн төрүнө бир, ортосуна жана ооз жагына бир май чырак жандырды. Жылуулук берчү меш бул жерде жок экен. Ошондуктан жүргүнчүлөр ар бири өзүнүн машинадагы уктоочу мүшөктөрүн апкелип жатышты. Таштан адегенде дароо эле үңкүрдүн ооз жагын ээледи. Тургид жигит сары чапанчан монах менен башка жайга кетишкен. Дал ошол кезде анан үңкүрдөгүлөр кулактары таңкаларлык чуулдап, денелери жепжеңил болуп, абага көтөрүлгөнсүп, башка бир энергетикалык деңгээлге өтүп кеткендей сезе башташты. Өзгөчө Таштан бушайман болду. Мүшөгүн туйук топчуланып, башын канча катса да болбой, кимдир бирөөлөр аны тегеректеп тыңшап тургансыйт. Таңаткыча Таштан дал ошол ахвалдан кутула албай кыйналды. Акыры качан экенин да билбейт, көзү илинип кеткен экен, бир маалда өзүнөн-өзү чочуп ойгонуп кетти эле, тирүкмуш жандык дал үстүнөн тиктеп туруптур. Үрүл-бүрүлдө даана айра албай Таштан мүшөгүн ачмакка кыймыл этти эле, карап турган көздөр жылт этип заматта дабышсыз жок болду.

Эртең менен жүргүнчүлөр саксайышып, бир башкача түр менен бирин-бири шектүү карап ойгонушту. Көрсө Ранкин аялы экөө да же түш эмес, же өң эмес, айтору капкайдагы бир нерселерди көрө беришип абдан кыйналышыптыр. Сопсоо тынч уктаган эле Этьен экен.

Баласы мүшөктөн башын чыгараар менен Софи аны кучактап, бооруна кысып калды.

– Корккон жоксуңбу, уулум?

– Эң сонун уктадым, апа.

Анын атасы Томас болсо көпкө дейре үндөбөй, ээгин тизесине коюп отуруп, анан ордунан араң козголду.

– Ойя, үңкүр болбосоң коё кал, – деп койду анан ал сыртка чыгып баратып.

«Toyota» биртопко өрдөп барган кезде тургид жүргүнчүлөргө дагы бир көлдү көрсөттү. Манас көлүнөн кичирээк экен.

– Муну бизде «Чоң кара көл» деп айтат. Тескери энергия менен ууланган. Бул көлгө тантра-йогдор түшүп, жамандык жасоочу күч алышат. Алар үчүн адамдын өлүмү оюн-тамаша. Идиш-аяктарын өлгөндөрдүн баш сөөгүнөн жасашат. Зулумдук менен жамандык тантриктерге чоң рахат берет. Өзүлөрүнүн жакын кишиси өлсө түнкүсүн өлүктүн жанында коркпой отура беришет.

«Биздикиндей турбайбы» деп Таштан ичинен ойлоп койду. «Бизде деле боз үйдүн капшытына өлүктү жаткырып коюп үч күн, үч түн катары жанында кишилер отуруп кайтарышат», – деп айткысы келип, бирок кайра айныды. «Анда силер да «кара сыйкыр» баскан тантриктер турбайсыңарбы» деп күлүшсө олдоксон абалда калбайын деди окшойт.

Акыры, ошол күнү түш ченде дагы бир жүз чакырымча эки, үч белести басып

өтүшүп, андан соң кара шагылы куюлган чоң тоону айланган кезде Кайлас чокусу көзгө жарк этип чыга келди. Жалтыраган муз мөңгүлөр күн нуруна чагылышып тимеле өрт алгандай көздү уялтат. Алыстан караганда бир да аласы жок седептей болгон, башкалардан өтө айырмаланып турган, бир караганда боз үйгө окшош аппак тоо!

– Бийиктиги 6666 метр, – деп баштады тургид. – Кайлас тоосу жалгыз эле лама дининдегилер үчүн эмес, ошондой эле бүткүл буддисттер, индуисттер, жайнисттер, тибеттик бончулар үчүн ыйык тоо.

Ушул беш чоң диндеги миллиондогон адамдардын жана андан башка көп өлкөлөрдөгү философ, ойчулардын, гуманисттердин, жазуучулардын, теологдордун ишениминде Жер шарынын астралдык энергиясы Кайлас тоосунун тулкусу аркалуу ааламга чыгып, башка планеталар менен байланышып турат. Албетте Кайлас жалгыз эмес, жер үстүндө мындай окульттук точкалардан дагы отуз бири бар. Ошентсе да Кайлас тоосу өзгөчө орунда туруп, «Дүйнөнүн рух борбору», же болбосо Жер планетасынын огу катары бааланат. Пирамида порумундагы төрт кырлуу тоо ааламдын төрт тарабына түздөлүп, тупатуура жайгашкан жана ал тоодон төрт тарапка тең улуу дайра агып чыгат. Табигаттагы мындай акылга сыйгыс көрүнүш Жер шарынын башка жеринде жок.

Жүргүнчүлөр машинадан түшүп, бүгүн түнөй турган жайына кам уруштү. Анткени Кайласка жөө жүрүш эртеси таңда башталмак.

– Тоону толук бир тегеренип чыгыш үчүн 66 чакырым жол басыш керек, – деди тургид палатканы тигип бүткөндө, – Ошон үчүн катуу уктап, жакшы эс алыш керек.

– Ау! – деп онтолоду Софи, – бир күндө баса албайбыз го!

– Аракет кылабыз. Эгер каалаcаңар жолдун орто ченинде түнөй турган үңкүр бар.

– Ал жерде канча градус суук?

– Тезек бар, меш бар.

– Эмне үчүн 66 чакырым. Кай жерде болсо ушул алты деген цифра.

– Алты же тогуз, – деп жооп берди тургид Таштандын суроосуна. – Себеби бул эки сандын Жер шарынын аралык өлчөмүндө биз али түшүнбөгөн мааниси бар. Айталык, Пасха аралы менен Кайлас тоосунун карама-каршы уюлдагы точкасынын ортосу 666 чакырым. Же болбосо Египет пирамидасы менен Англиядагы Стонхендж монументинин аралыгы 6666 чакырым. Дагы айтайын – Хеопсе пирамидасы менен Түндүк уюлдун ортосу да 6666 чакырым. Ошентип бул сан Жер шарынын төрттөн биринде эле тогуз жолу кайталанат. Мына ушунда кандай сыр жатат? Кокустукпу? Кокустук эмес ко.

– Тибет легендалары бул сырды чече албайбы?

– Аны чечиш үчүн адамзат Шантамани ташын табыш керек. Ал таш азыркыча айтканда «таш файл». Файлда аалам менен жер шарынын, анан адамдын жаралышынын, өнүгүшүнүн программасы жазылган. Тибет легендасы боюнча Шантамани Кайлас тоосунун чөлкөмүндө катылган, бир нускасы балким Пасха аралында болушу ыктымал. Мына ошол ташты табууда 6 же 9 деген сандын мааниси зор деп айтылат.

– Ал ташты издегендер барбы? – деп унчукпаган Томас сөзгө аралашты.

– Албетте бар. Орустун саякатчысы Николай Рерих аялы, уулу үчөөлөп көп издешкен. Азыр да издегендер бар.

Эртеси күн нуру кылтыйаар менен жөө жүрүш башталды. Тургид адегенде ар



кимдин кан басымын өлчөп чыкты, ден-соолугун, ал-ахвалын сурады. Түтөктүн дарысын, дагы башка керектүүлөрдү бүт рюкзактарга салдырып, өзү текшерип чыкты. Анткени Кайлас кабыл албай койсо жүрүштө бараткан адам кокусунан ооруп, зыянга да учураган учурлар болгон.

– Кайласты айланып басыш ритуалын Кора дейт. Кора адамдарды күнөөсүнөн арылтат. Тоону канчалык көп айланса ошончолук адамдын мээри, аурасы тазарат. Жолдо ката Будданын издери калган же анын сүрөтү түшкөн таш плиталар, андан башка да ыйык нерселер кездешет. Бирине да сол колуңарды тийгизбегиле. Эгер чыдабай баратсаңар оң колуңарды тийгизгиле. Ал эми соройуп бийик турган таш түркүктөргө жакын барууга болбойт. Эгер отуруп эс алгыңар келсе мага айткыла, мен кай жерде отурууга болоорун көрсөтүп берем.

Тургиддин ушундай алгачкы жолдомосунан кийин кичинекей топ жолго чыкты. Бул күнү алардан башка дагы төрт-беш топ бар экен. Бардыгы тең рюкзак көтөргөн, кроссовкачан, джинсы шымчан, жүн топучан, дүйнөнүн төрт бурчунан келген, бирок бири-бирине сырт кейпи окшош адамдар. Глобалдашуунун анык белгиси!

Бир жакшы жери, Кора жолунда өтө бийик бел-белестер жок, көбүнесе түз басасың. Ошон үчүн ушул жерге дейре түтөкпөй аман келген адам мындан ары түтөкпөйт. Бирок тургид айткандай капыстан ооруп жыгылгандар болбой койбойт. Алардын жөнү да бар. Ал мындай. Бул жалганда бардык көрүнүштүн оң-терс, аккарасы болгон сыяктуу эле тибет легендаларында Кайлас тоосунда Будда эле эмес, анын карама каршысы Демчок да өз «кара сыйкырын» кармап турат. Ал кара сыйкыр адамга оң эмес, сол кол аркалуу өтөт. Ошон үчүн сол кол менен саламдашуу жарабаган сыяктуу эле, бардык нерсени оң кол менен кармаганда гана адам Демчоктун терс энергиясынан аман калат.

Сапар уланды. Тургиддин жумушунун эң оору дал ушул жерден башталат окшоду. Ал бирде топтун алдына өтүп, бирде артын кылчайып күтүп, өз кишилеринин басып келаткан ахвалын аябай жанталашып кароодо. Кимдир бирөө бутун ташка уруп алып же калпыс басып мүдүрүлсө тургид жанына учуп жетип колтуктан алат. Өзгөчө ал Софини саксактап келатты. Софи болсо уулуна карайт

– Улуу Цезарь! – дейт Софи кичине эле бирдеме болсо Цезарга колун сунуп. Тургиддин бул Це-цар атын Софи «Цезарь» кылып алган. Ошентип «Улуу Цезарь» менен Софи көбүнчө кол кармашып келе жатышат. Ар бир алты-жети чакырымда он, он-беш мүнөт тыныгуу. Тобунда аял же жаш бала жок салтаң туристтер эч бир токтобой, Ранкиндерди кууп өтүп кетип жатышты. Таштан да бир сапар ойлонду, ошолор менен алдыга кете берсемби деп. Анткени аял кошулган бул топ өтө эле жай баратты. Бирок «Цезарь» Таштанга уруксат бербеди. Томаста болсо үн да жок, сөз да жок. Кышылдап баса албай калган уулу Этьенге кез-кези кол кабыш кылып коюп келатат. Кайдан-жайдандыр муздак шамал ура баштады.

Коранын эрежеси боюнча тупатуура жол ортосуна келгенде ар бир адам өткөн турмушу менен кош айтышып, алдындагы жаңы өмүр, жаңы турмушка кадам коёт. Ошондуктан мына ушул кыянын белине жүргүнчү эскиден бир нерсесин таштап кетиш керек. Мейли эски кийим, же буюм болсун, ал түгүл тырмагын же бир тал чачын таштап кетсе да болот. Айланада ошондой акыр-чикирлер үйүлүп жатат. Алар аз келгенсип туш-туштун баары цивилизациянын кунарсыз белгиси – консерванын калайлары, пластмасса бөтөлкөлөр, целлофан пакеттер.

«Цезардын» тобу бул кааданы жасамакка рюкзактарын түшүрүп жатканда Софи байкоостон кыйкырып жиберди. Көрсө обочо барып бир таштын үстүнө отура калган экен. Таш болсо эң күчтүү энергетикалык касиетке ээ болгондуктан адамдын денесин ток сыяктуу уруптур.

– Кайлас тарапка жакын барба! – деп Тургид Софини дароо бери жетелеп, башка жерге отургузду.

– Апа, ал эмне таш экен? – деп Этьен апасына жабышты.

– Отура калсам эле бүткөн боюм титиреп кетти. Ички органдарым үзүлүп кетеби дедим тимеле!

– Кайлас тоосуна эч убакта канаттуу куш жолобойт. Бүркүттөр алыстан айланып өтүшөт. Анткени ааламга бул тоодон чыгып кетип аткан энергетикалык толкундун күчү ошончолук. Тоого жарым чакырымдан жакын барууга болбойт.

– Анда эмне келдик бул жакка? – деди унчукпас Томас адатынча өкүнүчтүү жылмайып.

– Кора, бул – Кайлас тоосунун өзүнө чыгуу эмес, аны айланып кана өтүү. Силер эркектер барып тигил ташка отуруп көргүлө, эгер кааласаңар. Бирок көп отурууга болбойт. – Мен да барам! – деди Этьен дароо жулунуп.

Ошентип Таштан, Этьен атасы үчөө барып ташка бир сыйрадан отуруп, кайра секирип турушту. Этьен ташты балалык оюнга айлантып, дагы бир нече жолу отурган соң, атасы аны жетелеп кетти.

– Магниттик энергия бар экен, – деди Томас Таштанга бурулуп.

– Менимче бул магниттик эмес, геофизикалык башка кубулуш болуш керек. Анткени металлга эмес, адамдын денесине таасир этип атпайбы.

– Кана эмесе, даяр болсоңор чек арадан өтөлү да эң негизги ишаратты жасайлы!

– Ал эмне ишарат, Цезарь?

– Ал – тилек тилөө. Жаңы жээкке өтөөр менен кайрадан жерге отуруп, ар ким келечектеги өз тилегин ичинен үч кайталап айтыш керек. Кайластагы андан аркы кадамдарын адам ошол тилек менен басат.

– Вау! Эң негизги маселе ошондо! – деп Софи баласын кучактай алды да Тургидди ээрчип алдыга өтө аярлап, таман астын карап кадам таштады.– Келгиле эми, отуруп тилек тилейли! Аткарылабы?

– Жүздөн токсон учурда, – деди Це Цар.

Сапарчылар он мүнөттөн гана отурушту, тилекке каршы андан көп отурууга болбойт эле. Анткени, дал ошол кезде тынчтыкты бузуп, катуу-катуу кыжылдашып кытайдын бир туртобу келип калды. Алар үчүн бул жерде касиеттүү эч нерсе жоктой. Бажылдап отуруп тамак ичишип, айнек бөтөлкөлөрдү ташка уруп сындырышып, кандайдыр Тибеткеби, же анын элинеби, айтору жек көрүүлөрүн көрсөтүп жатышкансыйт. Аларды көрүп туруп Це Цардын өңү купкуу болуп, жаак эттери түйүлдү, бирок оозунан бир ооз да сөз чыгарбады.

– Мүмкүн болсо бул жерден тез кетели, – деди анан ал өзүнүн туртобуна кайрылып. – Аздан кийин кеч кирет. Жатагыбызга жете баралы.

– Этьен, уулум! Сен ичиңен бир каалооңду тилеп көрчү, болоор бекен, – деди Софи башкаларга угузбай шыбырап.

– Эмнени? – деди уулу тоолорду карап ийнин куушуруп.

– Жок дегенде мына бул муздак шамал басылсынчы. Тоңуп кеттим.

Этьен апасынын айтканына макул болуп, ичинен тилек тиледи. Бирок шамал



аны тоготпогонсуйт. Бала каалоосун дагы үч жолу кайталады эле будуң басаңдай түшкөнсүдү.

– Апа! Басыла түштү!

Этьен муну айтып оозун жыйгыча муздак шамал баланы бетке урду.

– Дароо эле боло коймок беле, – деди энеси менен баласынын шыбышын байкап калган Томас.

– Балким бул жердин шамалы Этьендин тилегин укпас. Анда эмесе «апамдын баш оорусу басылсын» деп тилеп көрчү, уулум.

– Тиледим апа. Басылдыбы?

Бир топ баскандан кийин Этьен апасына ушинтип айтты эле Софи башын таңган жолукту катуураак тартып колун шилтеди:

– Ого бетер күчөдү оорусу.

Жүрүштүн экинчи күнүндө кызыктар биринчи күнкүдөн көп болду. Анын эң негизгиси биринин үстүнө бири коюлган үйдөй болгон, андан да чоң жылмакай, бозомук, кызыл, күрөң таштар эле. Буларды ким көтөрүп биринин үстүнө бирин койгон? Азыркы көтөрүүчү техниканын биринин да күчү жетчүдөй эмес.

– Жанына барбагыла! – деди Тургид дароо эскертип. Бул таштар тибеттин Бон ишенимине каршы күрөшүп жаткан кездеги улуу йог жана акын Миларепа сыйкырлаган таштар. Бирок баары эмес, кээ бирлери «кара сыйкыр менен дубаланган». Ошон үчүн аурасы жакпаган адам жанына барса басып калышы ыктымал. Жанына барбагыла!

– Миларепа өзү индуспу, же тибет болгонбу?

Таштандын бул суроосуна Тургид мындай деп жооп берди:

– Миларепа өзү Тибеттин дулун уруусунан болгон. Бирок Бон эмес будда дини үчүн күрөшкөн. Ал жаныбарлардын тилин жакшы билген. Ар дайым алар менен сүйлөшүп турчу. Миларепа жүргөн жерлерге дароо кумурскалар жетип келчү экен. Аларга йог: « Э, кибиреген досторум! Бу дүйнөдө силерди эч ким таанибайт, бирок эң мыкты уюшулган, акылдуу коомду силердей эч ким кура албайт». Аарыларга болсо: «Силердин эң таттуу эмгегиңерге эч ким жолтоо боло албайт. Өнөрдүн жана эң мыкты даамдардын үлгүсүн көрсөтө бергиле». Тотукуш жанына келгенде Миларепа ага: «Сенин добушуңа караганда сот же болбосо мударис болгуң бар го деймъ». А жулкунган маймылга минтип эскерткен экен: «Сен кумурсканын уюгун талкалап, аарынын балын уурдап жедиң. Кыязы зордукчу болосуң го!»

– Мына мобул жалпак ташта калган из улуу окутуучу Миларепанын изи. Андай көзү ачык олуя адам азырынча кайра туула элек. Бирок жакында укканыма караганда Жахан храмына алыстан бир бала келиптир дешти. Ошол баланын астрокартасын изилдегенде Миларепанын азыркы түгөйү имиш.

Муну укканда Таштандын бүйрү кызый түштү:

– Ал бала кайдан келиптир? – деди ал чыдамсыз.

– Кыязы Тянь-Шандан го. Тянь-Шань тоолору биздин кошуна мекенибиз эмеспи.

– Баланын аты-жөнүн билбейсиңби?

– Жок.

Таштан эмне дээрин билбей Цезарды көпкө дейре жылуу көзү менен тиктеп турду. «Ал бала менин иним!» деп жар салып ийгиси келип, бирок антпеди. Маалымат али так эмес эле.

Миларепанын изи калган зор таштын бир капталын адам манжалары менен

сүргүлөсө колуна кыпын-чаң жугат. Ошол туз даамданган чаңды тилге тийгизип, ичтен келме келтирүү да ишараттардын бирөө.

Андан ары барган кезде бийик асканын чекесинде дубал сыяктуу кыр турат. Кырдын адам бою ченинде жарым кулачтай тешик бар. Ошол тешиктен жүргүндөр баш салып төмөн жакты кароодо. Тимеле кезекке тизилип алышыптыр. Таштандар да барып турушту. Болгону Софини анча-мынча түтөк басып, аял башым деп көп нерсеге кызыкпай, оңу келген эле жерден отура калып чыкыйын мыкчыйт, үстү-үстүнө таблетка ичет.

Кезеги жеткенде Таштан да тешикке башын салып көрдү эле аза бою дүр этти. Тээ ылдый, тептекши кар баскан коктуда карайган эки адамдын карааны кыймылдап жүрөт. Каак деген карга, куук деген кузгун учуп жете алгыс терең коктунун түпкүрүндө эмне деген адамдар?!

– Йети, – деп түшүндүрдү тургид жигит, – киши кийиктер.

Топ сапарын узады. Бир топ баргандан кийин «Цезарь» Кайласты көздөй жакындап кеткен бир аяк жолго эч капарсыз кол жаңсады.

– Бул дагы Кайласты айлана турган жол. Бирок биздикинен жакынырак барат тоого. «Кичи айлампа» деп аталат.

– Анда эмесе ошол жолго түшпөйлүкпү! – деп эки күндөн бери тургидге үйүрала түшкөн Этьен Це-царды колдон жулка кыйкырып калды.

– Чын эле ошентпейлиби! – атасы баласына кошумчалады.

– Шашылбагыла, – деди Цезар. Качан гана сырткы жолду он үч жолу басып өткөн соң ички жолго түшүүгө болот.

– Он үчпү?! – деп бакырды Этьен.

– Сиз чындап эле айтып атасызбы?! – Бул суроону берген Софинин өңү өзгөрө түшкөн болчу.

– Тургидке бир да сөздү жалган айтууга болбойт, – деди Це-цар, – тигилердин катуу чочуганына таңыркап.

Томас да элейип «Цезарды» карап калган болчу.

– Силерге эмне болду, урматтуу сапарчылар?

Тургиддин бул суроосуна эчкимиси жооп бербей ичтеринен ачуулангансып турушту.

– Он үч айлампа деген болбогон кеп да! – деди кыйладан кийин Софи чыдабай. – Аны ким, канча күндө басып өтмөк эле?!

Тургид ийнин куушургуча Томас да сөзгө аралашты:

– Ошол он үч жолу айланганда анан адамдын көзү ачылабы?

– О, көз ачылуу жөнүндө максат болсо, анда Тибет мектебин толук окуп бүткөндөн кийин келип, жүз сегиз жолу айланыш керек Кайласты. Ошондо да ар кимдин эле көзү ачыла бербейт.

– Тибет мектебин канча жыл окуш керек?

– Он, он беш жыл.

– Адам жинди болуп кетпейби?!

Софи бир зор тилегинен айрылгандай бети-башы бырышып ыйлап ийди. Этьен гана балалык кылып бул капыстан башка түшкөн кайгыга муңайган жок.

– Мобул жерден таш кулатса болобу? – деди ал алдындагы бийик жарды тургидке көрсөтүп.



– Эч убакта таш кулатпа! Бизден ылдыйда да сен сыяктуу туристтер келатат. Ошол дайыма эсиңде болсун.

Жогорку сөздөрдөн кийин Томас көз көрүнө шалдая түштү. Софи болсо көпкө дейре нерви козголуп тынчыбай атты.

– Сен ушуну ойлоп чыгарган! Бул жакка темселебей Сингапурга барып эс алганда болмок! – деди ал күйөөсүн заар көздөрү менен каарып.

Ошентип «Цезарь» алып бараткан топтун маанайы капыстан бузулуп калды. Анткен менен бул үй-бүлө Тибетке келгендеги чыныгы максатын чогуу бараткандарга ачык айтпастан жашырып калды. Бир гана Этьен ата-энесине таарынып алды:

– Мени бул жакка сүйрөбөй эле койсоңор, досторум менен Альпыга кете бермекмин.

– Тибетти да көрүш керек, – деп койду Томас үй-бүлөсүн жошутмакка.

Сапардын мындан аркысы Ранкиндер үчүн максатсыз болуп калса да Цезар аны байкабаган киши болуп мурдагысындай жанталаша берди:

– Тагдыр буюрса, балким «Кичи айлампаны» да басып калаарсыңар. Ал жакта укмуштар мындан көп. Жанаша жаткан эки көл бар. Биринде тирүү, биринде өлүк суу. Андан тышкары 13 алтын эстеликти көрөсүңөр. Жер алдындагы ал коридорлорго мен лама дегендердин да баары кире бербейт.

Бара-бара тургид өзүнүн милдеттүү сөздөрүн көбүнесе Таштанга айта баштады. Себеби Ранкиндер тыңшабай калышты.

– Силер абдан акжолтой туристтер экенсиңер, – деп тургид тигилердин чөккөн көңүлүн көтөрүүгө аракет кыла баштады. – Анткени мына үч күндөн бери күн чайыттай ачык. А болбосо көпчүлүк келгендер Кайласты айланып жүрүп, тоонун өзүн бир сапар да көрбөй калышат. Анткени булут чулгап калат. Кээде жайдын күнү бапылдап кар жаайт. Бир жолу Лондондон келген жаш туристтерди мен жонума көтөрүп өткөм. Кар малтап баса албай калышкан. А бүгүн болсо Кайлас шаңкайып көрүнүп турбайбы. Тигинин ар бир кыры өз-өзүнчө, ортосунда болсо свастика белгиси кашкайып турат. Гитлер өзүнүн нацистик символун ушул свастикадан алган. Ал быяка нечен жолу экспедиция жиберген. Өлбөстүктүн амалын издеген.

Цезардын канчалык жан үрөгөнү Ранкиндер үчүн баары бир сыяктуу. Софи жерден башын албай, тургид көрсөткөн жакты карабай да келатат. Кайластын касиети ал үчүн кетип калган шекилдүү.

Эгерде алдыдагы дагы бир таңкаларлык окуя болбогондо Ранкиндер, өзгөчө Софи, бул ааламда сырдуу табышмактар, касиеттүү кубулуштар, адам акылы али жетпеген нерселер бар экенин биротоло танып баса беришмек беле.

Үчүнчү күнү сапар ортолоп калган ченде Ранкиндер тобу обочодогу эски монастырга келип өрүү болушту.

– Баса дейм да, учурдагы илим-билимсиз, ушул кунарсыз тоолордон башка эч нерсени көрүп-билбеген тибеттиктер кайдан эле астралдык касиетке ээ болсун. Кийгендери байыркы тери тон, мингендери топоз болсо, – деп Софи жаңы эле кесир сөздөрүн күйөөсүнө айтып болгон.

Аңгыча Тургид сунуш кылып калды:

– Мына бул монастырда Кайласты жүз сегиз мерте айланып, толук Корага жетишкен лама жашайт. Кааласаңар жолуккула.

Таштан бул сунушка дароо макул болду. Софи албетте көңүлкош кол шилтеди, бирок күйөөсү, уулу баралы дегенден кийин жалгыз калгандан чочуп чогуу келди.

Келаткандарды тосо чыккан жаш монах ламанын жардамчысы экен. Ал топ менен кошо аял киши Софинин киришин адегенде ичкери барып лама менен макулдашып чыккандан кийин баарысы тең кууш өтмөк менен чубап, лама отурган бөлмөгө кириришти. Бөлмөнүн дубалдары будданын жана башка касиеттүүлөрдүн сүрөттөрү менен шөкөттөлгөн. Түпкүрүндө адаттагыдай эле «Өмүр айлампасы» деп аталчу чортен (статуя) турат. Жапыз айнек столдун астына буттарын сунуп коюп кош жаздыкта кырмызы чапанчан, чачын кыска кырктырган лама отуруптур. Курагы бир топ эле жашап калгандай. Алдыга кирген Це-цар ламага чөк түшө калып жүгүнүп, анан туртобуна отурууга уруксат сурады. Лама башын көтөрүп жылмайды да «отургула» деп ишарат кылды. Андан кийин лама өз ишине кириишти. Кандайдыр бир кагаздарды карап отурган экен. Столунда турган кызыл термостон өзүнө чай куюп алды. Келгендерге кыпындай көңүл бурган жок.

Бир маалда, беш мүнөтчө өткөн кезде ламаны карап отурган Таштандын кулагы тунуп, бөлмөдөгү аба коюланып кеткенсиди. Андан соң капкайдагы таң калар-лык суроолор мээсине келе баштады. Кимдир бирөөнүн тааныш эле үнү ал суроолорду Таштанга угуза берсе Таштандын үнү аларга жооп берип атты. Суроолордун кээси татаал философиялык аныктамалар экенине карабай Таштандын жообу таптак. А кээлери Таштан мурда укпаган суроолор жана жооптор.

Таштан сыяктуу эле Ранкиндер да көздөрү алаңдап, бирин бири карап таңданышууда.

Алар антип атса кырмызы чапан лама эч нерсе укпаган, көрбөгөн болуп кагаздарын барактайт. Жайбаракат ууртаганы чай.

Ламадан чыгаар менен болгон окуяны төртөө тең кызуу талкуулай кетишти.

– Сизге кандай суроолор берилип атты? – деди Це-цар Софинин чөккөн көңүлү ачылса экен деген аракетте жылмайып.

– Онкология боюнча.

– Өзүңүз онкологсуз да?

– Кесибим ошол.

– А сизге кандай суроолор берилди, Этьен?

– Мага эч кандай суроолор берилген жок. Математикадан эсептерди чыгарып аттым.

– Томас, сизчи?

– Мага жалаң эле ишиме байланыштуу ойлор келип атты. Шефим менен бир нерселерди талаштым.

– Туптуура. Биз кирген лама Тибеттеги атактуу телепат. Адамдын оюн окуй алат. А эң негизгиси адамдын мээсинин иштөө процессине өзүнөн чыккан электромагниттик нур менен таасир этет. Мисалы, сиздин аң-сезимиңизде кандайдыр бир ойлор кыймылсыз уктап жаткан болсо ошолорду ойгото алат, дүүлүктүрөт. А мээнин мүмкүнчүлүгү чексиз экенин билесиңер да.

– Анда эмне үчүн бул тоонун башында жалгыз отурат. Элдин арасына барып иштебеген мээлерди иштетпейби, – деди Томас юмор менен.

– Жакында эле Кытайдан келди. Кытай мамлекетинин чоңдору бу кишини дайыма чакырып турат. А өзү болсо «Архат» даражасына жетүү үчүн келет бул жакка.

– Ал эмне, академик даражасыбы?

– Олуялык даража.



– Канча жыл окуш керек ага жетиш үчүн?

– Өмүр бою.

– Үйлөнбөгөн болуш керек? – деди Софи.

– Албетте кечил. «Дзон Капанын сары топучандары» дейт мындай монахтарды. Үйлөнүшпөйт.

– Мындай жашоонун кимге кереги бар? Түшүнбөйм! Өзү деле карып бүтүптүр. Билимдин эми буга эмне кереги бар?

– Менин билишимче бул лама өлгөндөн кийин качандыр бир кезде кайра жаралат. Ошондо бүтпөй калган илимин кайра улантат, – деди Таштан сөзгө аралашып.

– Ошентип отуруп «Өмүр айлампасы» көп жолу тегеренген соң гана адам кадимки Адамга айланат. Азыр биз али Адам даражасына жете элекпиз…

Цезар оозун жыйып алгыча Ламанын жардамчысы ичкериден чыга калды:

– «Кичинекей мейманды» Лама өзүнө чакырып атат, – деди ал Этьенге жылмайып. Муну укканда Софи сүйүнүп кетти:

– Жүрү, уулум. Экөөбүз чогуу кирели.

Эне-бала кирип кетээр менен Софи бат эле ачууланып кайра чыкты.

– Жекеме-жеке сүйлөшөт имиш! Энеси да катышууга болбойт экен!

– Тартип ошондой, – деди тургид аялды жоошутмакка акырын унчугуп.

– Бала али кичине. Өзү үчүн жооп бере албайт. Ата-энеси сүйлөшүш керек да!

– Кабатыр болбоңуз, мадам. Бизде тогуз жаштан баштап эрезеге толук жетти деп эсептелет.

– Биз, европалыктар силердин тартип менен боло албайбыз да!

– Эч кабатыр болбоңуз, мадам.

Лама Этьенди жарым саатча кармады. Софинин чыдамы кетип күйөөсүнөн жинин чыгара баштады.

– Кандай чыдамкайсың сен. Бала жарым саат жок, а сен быш этип да койбойсуң!

Байкуш Томастын багы бар экен, ошол тушта уулу Этьен монастырдан чыга келди. Бала кызарып-татарып, толкунданып алыптыр.

– Апа, бул абышка мен эмнени ойлосом баарын билип койду, – деди Этьен.

– Дагы эмне деди?

– Сенде карма[1] бар экен. Тибетке келип оку дейт.

Софи ойлоно түшүп «Цезарга» кайрылды:

– Силерде канча жыл окуш керек дедиңиз эле жана?

– Он беш. Андан кийин өмүр бою.

– Вау! Ошондо кандай кесип алып чыгат?

– Кесиптер көп. Ал өзүңөр тандаганга жараша.

– Этьен, он беш жыл быякта окуйсуңбу?

– Он беш жылда мен карыган абышка болом да.

Тургандар күлүп калышты.

– Аны ойлонгула. Эмесе жолдон калбайлы, мырзалар!

«Цезарь» ушуну айтты да рюкзагын силкип коюп алдыга жөнөдү. Топ артынан ээрчий чуурду. Эмдиги токтой турган жерибиз «Окуп отурган адам» эстелиги

[1] Карма – реинкорнацияга байланышкан татаал түшүнүк. Б. а. өткөн өмүрлөрдөгү топтолгон күнөөлөр, алардын себеп натижалары, жоюунун жолодору.

деп ал мурда эле кулактандырып койгон. Кызы ошого дейре тургид сүйлөбөй барат окшоду. Анын үстүнө жол саал эңкейиштеп отуруп аягына чыкчудай.

– Тезирээк ысык ваннага жетсек экен, – деди Софи үй-бүлөсүнүн атынан сүйлөгөнсүп. Аны Таштан гана укту, «Цезарь» уккан жок. Укса балким кейийт беле. Ансыз деле кейип келатат дечи. Себеби ар бир туристтин маанайы үчүн тургид жооп берет. Мындайча айтканда ошон үчүн айлык алат, үй-бүлөсүн багат, кесибинин ээси болот. Эки жуманын ичинде казынага эки жарым миң доллар төлөгөн туристтердин маанайы жарык болсун үчүн тургиддер жанын сабайт.

«Окуп отурган адам» аялдамасында жогору жактагыдай таң каларлык космостук жылмакай тектүү таштар жок. Кадимки эле тоонун кара, кызыл, сары, күрөң граниттери жана төө куйрук менен жапалак арчанын башталган жери.

Рюкзактарды ийинден алып, саамга дем алгандан кийин Цезарь тобун оң капталдагы кырга чакырды. «Окуп отурган адам» ошол кырда болсо керек деп барышкан болчу. Көрсө ал кырда эмес экен, болгону ошол кырдан туруп алып дүрбү салганда гана тээ наркы коонун кыл чокусундагы, жан басып жете алгыс бийикте, Шамбаланын чек арасы деген ак түркүктөрдүн ары жагында экен «Окуп отурган адамдын» гранит сөлөкөтү.

– О кудай-ай! Мен аны кармалап көрөбүз го дебедим беле. Рерихтин сүрөтүнөн көргөн болчумун. Бирок ушунча алыс деп ким ойлосун. А дегинкиси бул өзү шумдук нерсе! – деди Софи капыстан кабагы ачыла түшүп. Жанында тургандардын бардыгы буга сүйүнүштү окшойт. Өзгөчө «Цезарь» кудуңдады.

– Николай Рерих эстеликтин жанына чейин барган экен. Башка эч ким жете алган эмес. Европалыктардан жалгыз гана Рерих левитация касиетине ээ болгон адам! – деди ал Софиге жагалданып.

– Эстеликти ким жасаганы белгисиз ээ?

– Бизден мурунку дүйнөнүн адамдары жасаган да.

– Бизден мурун да дүйнө болгон бекен?

– Чексиз жолу болгон да. Ошон үчүн аалам чексиз, мезгил чексиз, жашоо бирде өлүп, анан кайра пайда болуп, ал да чексиз, адамдын ой-кыялы чексиз, ошондой эле алдына койгон максаты да чексиз…

Ушуну айткандан кийин Тибеттеги тургид жигит Цезарь европалык сулуу аял Софини карап мулуңдап күлүп койду.

Коранын үчүнчү күнү жүргүнчүлөрдүн жолу аяктап, асмандан ак кар себелей баштады.

– Мынакей, урматтуу достор. Менин сиздер менен жүрүшүм аяктады. Маанайыңар дайыма сонун болсун. Мекениңерге күлүп-жайнап, унутулгус сезимдерди алып кеткиле. Биздин максат – же өзүңөр кайрылып дагы бир жолу келгиле, же болбосо досторуңарды жибергиле Тибетке!

– Эч качан! – деди Софи күтүлбөгөн жерден Цезарга орой жооп берип. – Бул жак европалыктар келчү жай эмес экен. Силер көрсөткөн ыйык, сырдуу деген нерселердин бардыгы суу кечпеген сандырак. Кечирип кой Цезарь, биз уулубуз Этьендин бир айлык убактысын бекер өлтүрүп алдык.

Он үч күндүк ысык-суугу бирге болгон жүрүштүн мындай кесир сөздөр менен аякташы Цезарь үчүн биринчи жолу болуп аткан окуя эле. Ошондуктан ал Софини карап, эмне дээрин билбей жалдырап калды. Ал түгүл күйөөсү Томас, бержакта турган Таштан да оңтойсуз абалда турушту.



– Антпеңиз, айым Софи. Европалыктар дайыма рух дүйнөсүн баалай билген адамдар эмеспи.

– Азыр андай эмес, – деди ушул жерден Таштан сөзгө чукул аралашып. – Европада Ницше менен Кафканын заманы небак өткөн. Азыр Европанын образын урматтуу Софи сыяктуу сулуулар түзөт. Ишенбесеңер Шпенглердин «Закат Европы» деген китебин окугула.

Таштан Софиден Цезардын өчүн алып атканcып тиштенип, кумсарып сүйлөгөндүктөн Томас чебелектей түштү:

– Эчтеке эмес, досум Таштан, жакында эле баарыбыз тең Азиянын ырын ырдайбыз… Кошкула!



Траппа Тилак Лама Цунун бөлмөсүнүн оозунда турду. Анын бүгүнкү келиши өзү окуткан класстын тагдырына байланыштуу эле. Классындагы алты баланын ар биринин өз-өз көйгөйү. Ошонун көпчүлүгү турмуш шартка, же башка бир жагдайларга эмес, окууга, билим алууга байланыштуу.

Андай болгон соң сөзсүз Лама Цуга келиш керек. Өзгөчө Мани Ясонун маселелерин бул абройсуз чечүү мүмкүн эмес. Ошондой деп Лама Цу өзү талап койгон. Дейдин баш жаңсоосу менен траппа Тилак Лама Цуга кирип таазим этти.

– Менин классымдын келечеги тайкы болчудай, урматтуу Лама Цу.

– Ушинтип айтаарыңызды билгем, мударис. Бирок дагы бир жумача окуучуларыңызды сынап көрөт го деп ойлогом.

– Бир нерсе чыгаарына көзүм жетпей калды.

– Билем. Бир гана балаңыз жөнүндө сөз кылууга болот.

– Мани Ясону айтып атасыз.

– Ооба.

– Кечиресиз, улуу Лама. Алты баланын ичинен окууга даярдыгы эң начары Мани Ясо.

– Билем. Эстутуму али көнүгө элек. Медитацияга таптакыр даярдыгы жок.

– Жок эле эмес. Таптакыр жок.

– Ошон үчүн мен аны таңкы жана кечки табынуудан бошотойун деп турам. Азырынча ошол эки саатты эстутумун чыңдоого, андан соң ой жүгүртүүсүн токтотууга жумшаңыз. Бала али таптакыр чийки экенин түшүнүшүңүз керек. Антkени өз мекенинде ал европа ыкмасы менен окуган адам. А эгер бышырсак, андан өлбөстүк дарагынын алты миң жылда бир жолу байлаган мөмөсүн алууга болот. Мани Ясодон башка дагы бир окуучуңуз бар. Ошол жөнүндө кам көрсөңүз болоор. Башкаларынын тагдырын окуу жылынын аягында чечебиз.

Мугалим Тилак «траппа»[1] даражасын алганына көп жыл болсо да Лама Цунун купулуна анчалык толо бербей жүргөнүн өзү жакшы билет. Бирок анүчүн өзүн эмес, Цуну күнөөлөчү. Ошон үчүн бир жылда Жахан храмында бир жолу боло турган «Тазалык» күнүндө Лама Цу жөнүндөгү сын пикирин ачык айткан болчу.

Ошол күнү храмдагы үч миңге жакын монахтар, шеледен тартып храмдын администрация жетекчиси Панчен-ламага, кала берсе Лама Цунун өзүнө дейре жуунуп-тазаланып, жапжаңы чапандарын кийип, ар ким өздөрүнө тиешелүү залдарга, класстарга чогулушту. Түшкө чейинки убакта ким гана болбосун храмдагы бардык адамдарга ойлогон оюн, мактоосун, алкышын, өзгөчө сын-пикирин, кыжырдануусун айта алат жана ал үчүн эч ким эч кандай жазага тартылбай, же куугунтукка алынбайт.

[1] Аспирант маанисинде.



– Сиз, – деди траппа Тилак Лама Цуга таазим эткенден кийин кафедрага чыгып барып, – бүткүл будда дүйнөсүндө чоң абройлуу, белгилүү архатсыз. Лама илимине киргизген салымыңыз албетте баа жеткис. «Табиятта лотос гүлүнүн жаралыш ыкмасы» деген эмгегиңиз бүткүл биология дүйнөсүнө белгилүү. Мен ошол илимиңизди терең урматтоочу жана изилдөөчү катары бүткүл өмүрүмдү сарп кылып келем. Чынын айтканда Сиздин эбегейсиз көлөкөңүздөгү бир кичинекей мугалиммин. Бирок сиз көлөкөңүздөгү адамга эч качан күн тийбей атканын байкабайт экенсиз. Ал шакиртиңиз үшүп-тоңуп, тамырына суу жетпей куурап бараткан менен ишиңиз болбойт экен. Андай тагдырга туш келген жалгыз мен эмес. Калгандары өзүлөрү айтышаар.

Ушуну айтып болуп траппа Тилак залдагы ордуна барып отуруп калды. Орду болсо дал Цунун өзүнө жанаша болчу. Катуу толкундангандан эриндери али титиреп аткан Тилак улуу Ламаны тике карабай үңкүйүп отурду эле:

– Башыңызды жерге салбаңыз, траппа Тилак. Сиздин эмгекчил мугалим экениңизди менден жакшы эч ким билбейт, – деп Лама Цу ага эңкейип шыбырады. – А мына бул траппа Дзон болсо сизди туурап кана азыр мени сындап атат. Сынын албетте угам. Бирок аягында чыгып сүйлөгөнүмдө: «Урматтуу траппа Дзон, сиз иштегенди мугалим Тилактан үйрөнсөңүз жаман болбос эле» деп айтамын. Ошон үчүн башыңызды көтөрүп отуруңуз.

Лама Цу шыбырап бүткөндөн кийин траппа Тилакты чыканагы менен түртүп жылмайып койгон болчу. Андан бери жарым жылча өттү. Лама Цу Тилакты дайыма жылуу кабыл алат, жакшы көргөнүн да жашырбайт. Бирок Тилак траппа бойдон эле калууда. Лама наамына көрсөтүлбөйт. Эгер каалаcа Лама Цу аны бир эле көз ирмемде бактылуу да, чоң даражалуу да кылып коймок. Тилекке каршы андай болбой келет.

– Мани Ясо, сени Лама Цунун буйругу менен бүгүндөн баштап эртең мененки, анан кечки табынуудан бошотом. Медитация кабинетинде бир саат, андан соң «эстутум тарбия» кабинетинде бир саат иштейсиз, — деди өзүн бактысыз сезген Тилак Мани Ясого кандайдыр ич күйдүүлүк кылгансып тарып. «Лама Цунун бүткүл көңүлү ушул капкайдагы Кыргызстандан келген эч билимсиз, эч тарбиясыз балага бурулган. Баланын болгон бүткөн касиети үнүндө гана. Астрокартасы боюнча Миларепанын кайра жаралышы имиш. Бирок астрокартанын ошончолук так экенине ким кепилдик бере алат. Ал түгүл Лама Цу өзү көп убакта жаңылышат. Балким эмдиги «Тазалык» күнүндө мен ага ушуларды айтам».

Ушинтип ойлогон Тилак Мани Ясону медитация кабинетине апкелип киргизип ийди да, шарт кетип калды. Кабинеттин усулчусу жашап калган сары топучан лама экен. Эң тажрыйбалуу «сыйкырчы Лабсанг» Мани Ясо жөнүндө баардык маалыматты уккан жана Лама Цунун бекем тапшырмасын алган. Ошондуктан баланы эч бир суроосуз эле башынан сылап, эркелете тосуп алды да, жашыл чүпөрөк менен чүмбөттөлгөн кабинага алып кирип, жыгач отургучка отургузду.

– Мен сизге адегенде башыңызга келип аткан чаржайыт ойлорду токтотуп, мээңизди, сезимдериңизди биротоло ошол чаржайыт, билимге тоскоол болгон ойлоруңуздан бошотомун. Ал үчүн биринчи жумада мага бир сааттан, андан кийин эки, анан үч, акырында он эки саат менен бүтөбүз. Башкача айтканда, май чырак он эки саат төбөңүздө күйүп турат. Ошого чыдайсызбы?

Мани Ясо анчалык түшүнбөсө да башын ийкеп койду.

– Анда эмесе, уулум, орундукка түптүз отуруңуз. Денеңизди таптакыр бош коюңуз. Көзүңүздү мына бул жашыл экрандан албаңыз. Дал ушул тейде эч кыймылсыз бир саат отурасыз. Антип отуруш жеңил болсун үчүн төбөңүзгө мынабул май чырак күйгөн чөйчөктү коюп коём. Эгер уктап кетсеңиз, же кыймылдасаңыз чөйчөктөгү ысык май үстүңүзгө жаба төгүлөт. Сак болуңуз. Бүгүн жана дагы үч күн ойлоно бериңиз. Башыңызга эмне келсе келе берсин. Ал түгүл көбүрөөк келсин. Чаржайыт, чалды-куйду ойлор тынбай келе берсин. Акыры андан чарчап, жадап бүткөндө аларды токтото баштайбыз. Акырында мээңиз, эс-акылыңыз бүт билим үчүн бошойт, ээн калат. Ошондо анан угуттуу ал кыртышка лотостун касиеттүү үрөнүн себе баштайбыз, уулум!

Сары топучан устат Мани Ясону ийнинен кучактап койду да, өзүнчө эле бирдемеге сүйүнгөнсүй кудуңдап кетип калды. Май чырак күйгөн кызыл чөйчөк Мани Ясонун төбөсүндө кылтылдайт…

Кечки табынуунун убагында болсо Мани Ясо траппа Тилактын жетегине түшүп алып «Эстутум кабинетине» келди. Кабинет кенен, жарык, абасы аңкыган сонун жай экен. Дубалдын беттеринин баарына миңдеген жыгач кутучалар орнотулган. Ар бир кутучанын ичинде жүздөгөн картон картотекалар. Картотекаларда «Калачакра», «Ак Ведюра», «Канжур», «Танжур» ж.б. китепчелердеги цитаталар кыскача жазылып, аягында ал цитата канчанчы бетте, кайсыл бөлүмдө экендиги көрсөтүлгөн. Калган кутучаларда математикалык сандар, астрологиянын, медицинанын көптөгөн маалыматтары катылган.

Мани Ясону тосуп алган монах эстутумду көнүктүрүүнүн теориясын жана практикалык эрежелерин көпкө түшүндүргөндөн кийин аны карточкалар менен иштөөгө отургузду. Адепки күндөрү бир саатта он карточканы туш келди эле сууруп чыгып, андагы маалыматтарды көчүрүп алып, кайра ордуна коюп, андан соң аларды устат берген суроого жараша беш секундага дейре таап чыгып жатка айтып берүүсү керек. Ошентип ар күнкү карточкалардын саны жүздөп, миңдеп көбөйө бергени менен алардын бирин да эстен чыгарууга болбойт. Анткени устат кай убакта кайсыл карточканы талап кылса, баягы эле он беш секунданын ичинде таап берүүсү милдет. Мани Ясо менен бирге башка класстардан келген дагы экиүч бала көнүгүп атышты. Бир күнү тааныш эмес эле балдар түртүшүп, ойной кетишип, акыры чекелеше калышты эле, ошого наразы болгон устат бешөөнү тең ашканага нарядка жиберип салды.

– Адамдын биринчи душманы адам – эгер бирин бири таанныбаса. Ал эми таанышып билишкенден кийин дос болушат. Достук эмгек кылган жерде тез жаралат. Ошон үчүн ашканага нарядка барасыңар, – деди устат, тартип бузгандарды өзү жазалабастан ашканага жиберип. Ал жер тозоктун отундай ысык экени эшикти ачканда эле билинди. Мани Ясо ал түгүл ысыктан жалтанып бетин колу менен калкалай калды.

– Келгиле шумкарлар! – деди аларды тоскон төшү жылаңач ашпозчу жан алгыч кейиптенип арсаңдап күлүп. Колунда болсо бир эмес эки шапалак жүрөт.

Жумуш болсо – акталган таза арпаны кууруп, кол тегирменге тартып, андан цампа жасаш экен. Жумуш бөлүштүрө келгенде Мани Ясо катар турган үч чоң казанга кезеги менен от жагып чуркашы керек болду. Калган үч бала казандагы куурулуп аткан арпаны узун калактар менен аралаштырып туруш керек. Чоң казандар ашпоздун буйругу берилер менен рычаг аркалуу очоктон көтөрүлүп тууруга жылат да, көмөрүлө кетип ысык арпаны жердеги таарга төгөт. Таардын бетине текши жайылган арпа муздаган кезде жанында турган тегирменге чакалап салынып, андан ун тартылат. Тегирмендин барасы да кол менен айландырылат. Ал үчүн жогорку класстын чоң-чоң балдары керек.



Мани Ясо очокторго топоздун тезегин жагып бир саатча чуркагандан кийин балдар аны карап алып ыкшып жатып калышты. Анткени Мани Ясонун бети-башын ыш басып, музоо кирпик көздөрү тирукмуштай алайып, кейпи кудум каракчыга окшойт. Ясо өзүн карайын десе эч жерде күзгү жок. Ошентип ал шылдыңга калды. Ашпоз өзү да балдарга кошулуп күлүп атат.

– Сен от жакканды унуткан өлкөдөн келгенсиң го. Мекениң кай жер? – деди ашпоз күлкүсүн зорго тыйып.

– Кыргызстан.

– Ал каерде?

– Тянь-Шань тоосунда.

– Андай өлкөнү кудайакы билбеймин. Эмне от жакпайсыңарбы?

– Электроплита. Газ.

– Аа, түшүндүм, түшүндүм. Анда эмесе көнүгө бер. Акқол турбайсыңбы. Ашканага тез-тез келсең бат эле каракол болосуң!

Балдар Мани Ясого күлүп бүтүшкөндөн кийин аны эми аяй баштashты.

– Очокту тимеле кайта-кайта үйлөй бербегин да. Өзү эле күйөт, – деди алардын бирөө жанына басып келип.

Устат айткандай ошол бир эле наряддан кийин бейтааныш балдар өз ара ымалашып калышты. Кетээрде балдардын ар бири бирден кургак цампа-арпа май токоч менен сыйланышты. Мани Ясодон башка ал күнү жапа чеккен дагы бир бала бар эле. Душка келип жуунуп атканда балдар чогулуп, анын далысындагы шапалактын күдүрөйүп чыга түшкөн кыпкызыл тагына колдорун тийгизип көрүштү.

– Күлүп туруп чабат экен, доңуз! – деди шапалак жеген бала ашпозду сөгүп. – Ушундан кантип өчүмдү алсам ыя?

Анын суроосуна балдар жооп бере алган жок. Анткени ал кичинекейлер эмес, чоң класстын балдары шапалак жеп, майышып отура калып аткандарын көрүшкөн. Өч алса ошолор алмак…

Кээде ушундай болот эмеспи, ташың бир ылдый куласа кайта-кайта кулай берет. Мани Ясо акыркы бир айда дал ошондой болду – үч жолу ашканага нарядка туш келди. Ырас, кийинки эки жолкусунда от жаккыч болгон жок, бирок эңгезердей чоң чандарга суу кайнатып, Индиядан келген пачка чайларды бузуп кайнак сууга ыргытып, анын үстүнө туз, сода, анан эң акырында тоголоктолгон топоздун майынан салып отуруп көпкө дейре кайнатат. Ошол чайга кургак цампаны эзип ичкен адамдын курсагы көпкө дейре ачпайт.

Наряд демекчи кийинки эки жолкусунда Мани Ясо өзүнүн «англистери» менен барууга туура келди. Анткени мугалим Тилак да эмнегедир кийинки күндөрү катуубаш болуп кетти. Кымындай нерседен кыйкым таап эле окуучуларын катуу жазалайт. Анын класстагы тартип кармоо усулу мындай эле. Өзү сабак берип, түшүндүрүп атканда, албетте балдардын алдында, доскада турат. Андан соң тапшырманы берип коёт да, балдардын артына туруп алат. Ким, качан, эмне күнөөсү үчүн шапалак жээрин билбей, артындагы жаземдебей карап турган мыкаачы

көздөрдөн корккон балдар таптакыр былк эте алышпайт. Бири-бири менен сүйлөшмөк түгүл жазып алган колун бир саам токтото коюп эс ала албайт. Антсе эле дабышсыз арттан басып келген Тилактын шапалагы же чыканакка, же ийинге шак дей түшмөгү бар.

Ошентип жатып траппа Тилак бул айда өз классын эки жолу удаа-удаа ашканага айдап тынды. Муну кандайдыр бир маалыматтан улам Лама Цу билип алат да Мани Ясону ашканага нарядка жиберүүгө тыюу салат. «Биз келечектеги Миларепанын алтындай убактысын ашканадагы майда иштерге корото албайбыз», – деп ал Дей аркалуу мугалим Тилакка айтырган экен. Ошондон кийин Мани Ясо өз классында да, башка кабинеттерде да өзгөчө ахвалга ээ болуп, ошонун айынан балдардын арасында ичи күйгөн душмандары көбөйдү.

* * *

Тибетте өткөн бир жыл ичинде храмга жаңы кирип окуган шелелер үчүн бир күн да демалыш берилген эмес. Анан кокусунан эле бир күнү кулактандыруу болду. «Эмдиги жуманын акыркы күнү толук демалыш» деп. Муну уккандан кийин балдарда уйку жок. Бардыгы тең кыпылдап ошол оюнга даярдана башташты. Храмдан сыртка чыгып эс алууга уруксат берилет деген кабар желдей тарады. Ошондо Мани Ясо кызык бир сезимге туш болду. Храмдан чыгып кетүү ал үчүн кандайдыр бир коркунучтуудай сезилди. Көрсө храмдагы темирдей катуу тартипке жана тынымсыз эмгектенүүгө адам көнүп алгандан кийин жүрөгүнүн тереңинде ошолордон ажырап, храмдан сырткары максатсыз каңгырап калуу коркунучу пайда болот экен. Ошол себептенби, Мани Ясо демалыштын сыртта болушуна анча деле сүйүнгөн жок. Бирок эртең менен эрте дүпүрөп жөнөгөн балдар менен кошо сыртка чыкты. Чыгаар менен ал бир кезде агасы Таштан экөө жаткан мейманкананы бир карап алды. Байкуш агасы командировкасы бүтүп, иниси Адилетке бир жолуга албай кете берген болчу. Лама Цу жолугуштун кажети жок деп койгон. Ар бир мындай жолугушуу баланын сезимдерине дүрбөлөң салат. Ал дүрбөлөңдү тынчытуу үчүн көп убакыт кетет.

Оюн-зоок храмдын дубалынын аркасында башталды. Ал жерде жайкы стадион, спорттук снаряддар, анан склад бар экен. Кышы бою спорттук снаряддардан жадаган балдар аякка жолобой дароо складды ачтырып алышып футбол, волейбол топторун көтөрө чуркашып кужулдашууда. Мани Ясо болсо көзүнө жаңы көрүнгөн жыгач буттарды кармалап туруп калды. Топторго көп кызыкпай жыгач бут менен басып ойной турган дагы эки-үч бала табылды.

Түшкө дейре өз боюна тете жыгач буттар менен басып көнүккөн Мани Ясо эми кадимкидей арыштап, көпкө дейре жыгылбай көңүлү жайдары. Аңгыча жанындагы «англичандардын» бири «жүрү тетиги суудан кечип, аркы өйүзүнө өтөбүз» деп калды. Экөө калдаң-калдаң этишип ылдый сайды көздөй жөнөштү. Кечмек өтө таштуу, жээги тайыз суу экен. Мани Ясо бир топ барган кезде буттары томугуна дейре сууга малынып, таяк буту таштын кычыгына кирип, терең жерге токтоп калды. Дал ошол кезде жээкке бир бейтааныш жолоочу келе калган экен. Ал Мани Ясого Тибетче бирдемелерди кыйкырды эле, бала түшүнбөсө да башын ийкеп койду. Ошентсе тигил шыпылдаган неме бут киймин чечип, колуна ала сууга кирди да, Мани Ясого жете бербей тереңге «курр» этип кирип кетсе болобу. Айтбуйт дегиче болбой сууга какап-чачаган жолоочу ылдый агып жөнөдү. Дагы жакшы бир аз барып жээкке чыга түштү. Бирок Мани Ясого ызырынып бир тилдеп, сөгүп атат, тимеле оозунан көбүк чачырайт. Көрсө ал бечара Мани Ясо томугуна дейре сууда турган жерди көрсөтүп «тайызбы?» деп сураган тура. Мани Ясо «тайыз» деп баш ийкептир. Ошону менен тигил кургуйга түшүп кетип атпайбы. Майдын ортосундагы муздак сууга кийими менен кирип кеткен жолоочу дароо дырдай жылаңач чечинип курганууга кирди. Ал антип аткыча жыгач бутчан балдар көздөн кайым.

Оюн кара күүгүмгө дейре созулду. Бейкүнөө бирөөнү кургуйга түшүрүп ийип качып келгенден кийин Мани Ясо курбусу экөө футболчуларга кошулуп кетишкен. Эми аларды атайылап издеп келген киши да таба албас.

* * *

Окуунун экинчи жылында Мани Ясо Тибеттеги атактуу метафизик, окульттук билимдердин чоң устаты Лама Церендин карамагына которулду. Ансыз деле мурдагы мугалими Тилактын классында эки эле бала калган болчу. Төртөө сабактарына жетише албай чыгып кетишкен. Алты баланын атаманы Жавва Лама Цунун буйругу боюнча катарлаш класска которулуп, Мани Ясону болсо эки класс жогору аттатып, өзүнөн төрт жаш улуу балдарга кошуп салды.

– Сизди мактап жибергенден алысмын, уулум. Бирок биринчи өмүр деген адамга узакка берилбейт. Ошон үчүн көп несеге үлгүрүшүбүз керек. Алдыдагы бир жылда Лама Церендин классын ийгиликтүү өтсөңүз, траппа даражасына ээ болгондон кийин андан аркы билимди сиз экөөбүз чогуу аркалайбыз. Буга кандай дейсиз?

Лама Цунун жадыраган маңдайы Мани Ясону дайыма өзүнө тартып турар эле. Анын үстүнө Таштан байкеси кеткенден кийин бул көп миң киши кыжылдаган храмда ал үчүн жакынсыган, боор эти тарткан жападан-жалгыз бир гана адам ушул Лама Цу болчу. Бир жылдагы камкордугу менен ал Мани Ясого атадай эле сезилип калган. Андан кийин анын жардамчысы Дей. Өтө тирикарак Дей кожоюну Лама Цу сыяктуу эле кыргыз балага негедир ичи-койну жылуу, колунан келсе дайыма жакшылык кылат. Таштан агасынын ордун бул жерде Дей баскансыйт. Андан сырткары, балким Мани Ясонун эң негизги буйжасыдыр,[1] баланын байыркы Миларепанын реинкарнациясы деп табылышы болду. Тибет тарыхындагы эң жарык жылдыздардын бири болуп төрөлүш албетте жакшы, бирок Миларепанын ордун басыш өзүнөн-өзү боло койчу нерсе эмес экенин бардыгы билишчү, түшүнүшчү. Эгерде Мани Ясонун ордунда бир тибет баласы болгондо иш башка эле, ал эми капкайдагы бир кыргыз бала тибеттиктерге али ишеним туудура элек, туудураарын да кудай билет.

Ошондуктан Лама Цу жеке Мани Ясонун маселеси боюнча Потала ак сарайына, Далай-ламанын милдетин аткаруучуга чакырылган. Лама Цу Миларепа менен Адилет Нарбаевдин астрокартасын көтөрүп барып Далай-лама менен бир саатча аңгемелешип кайта келген. Бул барышты Мани Ясо, албетте билген жок, аны билип да кереги жок эле, себеби бул иш жеке тибеттиктердин көйгөйү болчу.

– Лама Цу, сиздин табылгаңыз, албетте баардыгыбыз үчүн чоң маселе. Ошондой болгондон кийин Мани Ясону окутуу, тарбиялоо иши жеке өзүңүзгө жүктөлөт.

[1] булжа – олжо-булжа деген сөздөн

Эгерде баланын үчүнчү көзүн ачкандан кийин ийгиликтери жакшы болсо мага сөзсүз кабар кылыңыз. Ошондо мен ал баланы кабыл алам. Эгер үчүнчү көз натыйжа бербесе, анда Миларепа жөнүндөгү сиздин табылга бүткүл лама илимине салакасын тийгизет.

Лама Цу Далай-ламанын катуу киши экенин жакшы билчү, эгер Мани Ясодон майнап чыкпаса, ал үчүн Цу өзүн өзү сөзсүз жазалаш керек…

Ошол каардуу келечекти алдын ала тастыктагансып эртеси күнү эле «Мани Ясону окутуу жана тарбиялоо милдети Лама Цуга жүктөлсүн» деген Далай-ламанын кагаз жүзүндө буйругу чыгып, Цунун айнек столунда жатып калган. Ошондой болсо да бул жылы Мани Ясо Лама Церендин классын басып өтүүгө милдеттүү эле.

* * *

Лама Церен өзү сөөгү таза, өңү кубакай, денеси арык, көп күлбөгөн, бирок ак ниети көзүнөн жанып турган киши экен. Биринчи эле сабакта ал Мани Ясону өзүнө тартып алды.

– Мен Кыргызстанда болгом. Силердин борбор шаарыңар Ташкент эмеспи, – деди ал балага үңүлүп.

– Жок. Биздин борбор Бишкек.

– Бишкек? Теңир урсун, мен Бишкек деген шаарды биринчи угушум. Демек силердин географияны билбейт экем да. Бирок силердин ала топучан, сайма чапанчан меймандос элди мен абдан жакшы эстеп калгам, досум.

– Алар өзбектер, – деди Мани Ясо күлүп. – Биз кыргыздар ак калпак кийебиз.

Экинчи жолу жаңылган Лама Церен кызарып кетти.

– Менин байыркы бабаларым да ак калпак кийген экен. Балким биз бир тууган чыгарбыз, – деп Лама Церен баланы ийнинен кучактап койду.

Мани Ясо Лама Церендин «теңир урсун», «ак калпак» деген сөздөрүнө маани бере алган жок. Ошон үчүн унчукпай күлүп турду. Дал ушул жерде байкеси Таштандын диссертациялык изденүүсүнө удул келип турганын да, албетте билген жок.

– Эмесе, биздин сабакка киришүүдөн мурда былтыркы ийгиликтериңизди кайра бир текшерип көрбөйлүбү. Эстутум кабинетинде толук курс өттүңүз ээ? Мен ошол эле кечээ өзүңүз иштеген картотекалардан суроо берейин.

Лама Церен бир саат бою акырын, жумшак үнү менен Мани Ясону ары калчап, бери калчап алка-шалка түшүргөн соң, суроолорун токтотту да, бир топко унчукпай ойлонуп отурду.

– Эстутум көнүгүүсүн быйыл да уланта бериңиз. Анын эч убакта зыяны тийбейт. Анткени биздин сабак метафизика өтө терең эске тутууну талап кылат. Анын үстүнө сиз алдыдагы бир жылда, үч жылдык программаны басып өтүшүңүз керек. Лама Цу мага ушундай милдет койду. Албетте сизге мынчалык тездетилген терең билим берүүдө гипнозду колдонобуз. Сиз бул жөнүндө билсеңиз керек?

Мани Ясо билчү эмес, ошон үчүн ийнин куушуруп күлүп койду. Лама Церен андан ары сөзүн улады:

– Метафизика байыркы чыгыштын көөнө философиялык илими экенине көз жуумп коюшуп, еврочулдар аны Аристотелңден башталган дешет. Ал эми он тогузунчу кылымдын материалисттери метафизиканын дүйнө таануу методдорун таптакыр эле танып, аны диалектикага карама-каршы коюп коюушту. Дүйнө таанууда



материалисттердин мунусу туура эмес жол экенинин сиз экөбүз сабактан-сабакка өткөн сайын далилдеп жүрүп отурабыз. Сиз мага жардамчы болосуз ээ?

Мани Ясо кайрадан жылмайып башын ийкеди. Анын ишенгени медитация кабинетиндеги бир жыл ичинде жетишкен тажрыйбасы эле. Ал азыр өзүнүн ой-жүгүртүүсүн башкара алат. Керек эмес ой-санааларды, чаржайыт эске түшкөн окуяларды, өзгөчө өз мекени Кыргызстандагы он жылдык өмүрүнүн бардык элестерин, ата-энеси, достору жөнүндө, ал түгүл биринчи сүйүүсү болгон татынакай кыз Шоолага байланышкан жашырын жүрөк сырларын, эч баа жеткис таттуу көз ирмемдерди бүтүндөй ич-дүйнөсүнөн өчүрүп салып, азыркы окуусуна керектүү гана маалыматты дилине сиңирип алууга үйрөнгөн. Ал азыр ошого даяр. Адамдын ички дүйнөсү чексиз ааламдын өзүнө окшош эмеспи – ал дайыма көңдөйлүктү, боштукту толтурууга умтулуп турат.

* * *

Күндөрдүн биринде Мани Ясо жаңы ачылган компьютердик класста тибеттик балдарга компьютерден сабак берип келе жатып, кууш жолдо алдынан торой чыккан кишиден буйтай албай туруп калды.

– Саломалейкум, кыргыз бала. Мен да кыргызмын. Коркпой колуңду бере бер, – деди күүгүмдө бети чала көрүнгөн бейтааныш Мани Ясого колун сунуп. Мани Ясонун бүткөн бою дүр дей түшүп, аргасыз колун сунду. Мани Ясого кишинин колу эмес эле аттын туягын кармаган сыяктуу сезим калды. Бирок бала унчуккан жок.

– Кыргыз болгон соң сен экөөбүз тууганбыз да. Убактың болсо сүйлөшөлү. Атың ким?

– Мани Ясо.

– Жо, өз атыңчы. Кыргыз атың?

– Адилет.

– И, ошондой дебейсиңби, кичинекей тууганым! Менин атым Барлас.

– Кел, дагы кол алышып коёлу.

– Мани Ясо колун дагы берди. Аңгыча Барлас өспүрүмдү бери тартып, жерде жаткан эки чоң мүшөктүн бирине отурууну сунуш кылды.

– Мен ашканага отун ташыйм. Бул тезек, — деп койду Барлас алдындагы мүшөктү чаап. – Топоздун тезеги таш көмүрдөй эле күчтүү болот экен кысталак. Сени ашканага барганда эки жолу көрдүм. Бирок жаныңа барууга болбойт да. Нары далдаада монах – полицай турат. Силерге көрүнбөйт.

– Мен бир жолу ушул тезектерди жаккам, – деди Адилет бул жакка келгени биринчи жолу кыргызча сүйлөп. – Бирок жыты өлгүдөй сасык болот экен.

– Сасык эмес, ачуу десең. Күчтүү да. Мен ашканага күнүнө он беш мүшөк ташыйм. Ошол жетет. Таш көмүр деле ошончо кетмек.

– Сиз быякка качан келдиңиз?

– Эки жылча болду. Бирок мени көрдүм деп эч кимге айтпа. Элимди, жеримди сагындым. Ошон үчүн чыдабай сага жолугуп атпаймбы.

Адилет бул сырдуу кишиге эмне сөз айтаарын билбей калды. Барластын денесинен, өзү айткандай, тезектин ачуу жыты уруп турду, бирок көздөрү, өңү-башы күүгүмгө төнүп көрүнбөйт.

– Сенин атагыңды бул жердегилер бүт билишет. «Кыргыз» деп аташат сыртыңан. Себеби жалгыз кыргыз сенсиң. Мени болсо өзүмдүн чоңуман башка эч ким таанybайт. Быйыл мага да монах деген наам беришти. Мен да монахмын!

Барлас баш бармагы менен көкүрөгүн түртүп койду.

– Окудуңузбу?

– Окубасаң деле берет.

– Кантип эле?

– Бере берет. Иши кылып ушул храмда бир жыл иштеп, жашасаң болду.

Адилет бейтааньшка ишенбегенсип туруп кеткиси келди.

– Шашылба, Адилет. Сенин жөнүң башка. Сен деген булардын чоңу болосуң буюрса. Булардын эң чоңун Далай-лама деп коёт.

– Боло албайм, – деди Адилет ашыкча сөзгө бою тырчып.

– Эмнеге боло албайт экенсиң?! Мен го тил билбейм. Тибетке келип топозчу болуп алгам. Бирок чыдабай кеттим. Тоодо суук кышында элүү градуска жетет, ишенесиңби? Сууктa өлө турган болгондо итти кучактап жатчумун. Ит мени аман алып калчу. Акыры бутумдун үч манжасы үшүп, чирип түшүп калды. Кулагым чала угат. Тиштерим бүт күбүлүп түшкөн.

– А эмне Кыргызстанга кетпейсиз?

– Туугандарым менен араздашып калгам. Алардан көрөкчө бьякта өлгөнүм жакшы.

– Канча жаштасыз?

– Быйыл жыйырма тогуздун кырындамын.

– Тамакты ким берет сизге?

– Ашканадан берет. Бирок эт аз бьякта. Ошого эмдигиче көнө албай жүрөм. Булар малды атайылап союшпайт. Өлгөн, житкен малдын гана этин жешет. Сен билесиңби ушуну?

– Билбейм. Бирок бизге да этти аз берет. Мен сагындым эт жегенди.

– Кантип сагынбай коёсуң! Кыргыз дегенди бычак берип этке кой деген. Атаң ким эле? Этти көп апкелчү беле?

– Атам…

Адилет саамга такала түшүп анан мындай деди:

– Атам да, апам да мал баккан фермерлер. Ал түгүл чочкобуз да бар.

– Жейсиңерби аны?!

– Жок, сатканга.

– Тфу, инеңдурайын! Кыргыздар эмне болуп кеткен, ыя?!

– Жебейбиз, байке!

Адилеттин оозуна биринчи ирет «байке» деген сөз келди.

– Болуптур эми. Бирок, и, дечи. Сен экөбүз эт жебесек өлүп калабыз, ошон үчүн мен бир эт табайын, бышырайын, ошондо сени конокко чакырам, келесиңби?

– Келем, – деди Адилет дароо.

– Анда эмесе эртең ушул жерден, ушул маалда жолугушалы.

– Эртең болбойт. Бүрсүгүнү.

– Эмне үчүн эртең болбойт?

– Эртең компьютердик сабагым жок…



* * *

Бир күн өткөндөн кийин эки кыргыз кайрадан жолугушту. Бу сапар асман ачык, күн жарык эле. Барласты бир карап алып, Адилеттин эси чыгып кетти. Тигинин беттери тамтыгы жок тырык экен, болгондо да бычактын издери дапдаана жатат. Бир көзүнүн ордунда оңурайган тешик!

– Коркпо, коркпо, Адилет, – деди Барлас алдын алып. – Мен айтып берем бул тырыктардын баянын.

– Менин убактым аз, байке, – деди Мани Ясо Барластын жүзүнө тике карай албай. Ошентсе да бала бул чоочун кишинин мээр нурун байкады да, көңүлү тынчый түшкөнсүдү. Мээр нуру ачык, ак саргыл көрүндү көзүнө. Бирок картаң кишидей экен.

– Эт бышып, даяр турат, – деди аңгыча тигил киши.

Адилет Барласты ээрчип, ачылганда эле сорпо буркураган кичинекей кепеге кирди. Ичи өтө ысык, бирок таза экен. Ортодогу темир мештин капталдары кызарып кетиптир. Үстүндөгү калай мискиде муштумдай эт кайнап атат.

– Бу топоздун эти. Өткөн базарда алгам. Отурсаң, азыр сага сорпо куюп берем.

Экөө отуруп сорпо ичишти. Адилет көз кыйыгы менен үй ичин тегерете карап, болгону жүктүн алдынан бир сарала теринин бучкагы чыгып жатканын көрдү:

– Карышкырдын терисиби? – деп койду бала жөнсалды.

Барлас эңкейип терини бери тартып чыгарды:

– Илбирс. Бечара илбирс.

Барлас ошентип коюп, ойлоно калды да, сөзүн улады.

– Адилет, иним. Мен сага шашканым мындай. Кайра элиме бара албайм. Эгер уксаң, мен башыман өткөн баянымды айтып берейин. Сенден башка айтар эч кимим жок. Бьякка кыргыздан окумак түгүл турист да келбейт. Мындан үч жыл мурун Таштан деген бирөө келген экен, жолуга албай калдым.

– Ал менин агам болчу.

– Койчу?

– Чын эле. Ошол агам мени бул жакка окууга алып келген.

– Кайра келген жокпу?

– Жок.

– Каап, келсе балким жолугат белек. Кыскасы сенден башка бирөөнү эми жолуктурбайм го. Себеби аз күндө өлөм. Түшүмө үч жолу аян берди. Бир монахка айтсам, ачык эле «өлөсүң» деди. А булар өлүмдөн коркушпайт да, ачык эле айта беришет. Өздөрүнүн качан өлөөрүн да ачык айтышат. Ошон үчүн мен да сага ачыгын айтып атам. Сен эттен кесип жей бер, мен сүйлөп калайын.

«Миң тогуз жүз токсон бешинчи жылдын жазында мен Румынияга, Будапештке кикбоксинг боюнча Европанын чемпионатына бардым. Анда Кыргызстандын чемпиону болуп Борбор Азия кубогун эки жолу жеңип алган кезим. Будапеште кыргыздар тимеле кутуруп кеттик. Мен Европанын чемпиону болуп, дагы эки бала үчүнчү, бешинчи орунду алып, тимеле «кыргызское чудо» болуп жатып калдык. Мени менен финалга чыккан италиялык Умберто деген жигит эле. Ичи аябай ачышып калса керек, чемпионат бүткөндөн кийин Сан-Марино деген шаарга «эрежесиз мушташка» чакырып калды. Байгеси бир миллион доллар экен деп угуп алып, үчөөбүз тең тренерибизди алдап, бир жумага эс алып келебиз деген бойдон Италияга бардык.

Менден өлө таяк жесе да болбой Умберто тимеле досундай тосуп алып, Адриатиканын жээгиндеги беш жылдыздуу отелде бир жума чардатты бизди. Туалеттери алтындын буусу менен капталган экен.

Бул мушташ официалдуу мелдеш болбосо да, шаарды аралап келаткандагы реклама, афишаларды көрүп таңкалдык. Ар бир шитте «Тянь-Шандын илбирси» менен «Альпынын күрөң аюусу» кармашат деген жарнактар тимеле күйүп-жанат. Булар аюуну эле билишет, арстан, жолборс дегенди билишпейт. Албетте жарнактардагы менин сүрөтүм корккон түрү бар, үтүрөйгөн бир эскимос. Ал эми Умбертонун көзүнөн жалын чачырайт, булчуңдары буртуйуп күнгө чагылышат.

Отелге жайгашкан биринчи эле күнү бизди коркутуу башталды. «Чукча! Башың жанчылат! Сөөгүң сөпөт болот!» – деген сыяктуу жазуулар дал эле жаткан номерлерибизде пайда боло баштады. Аңгыча шумдуктай сулуу-сулуу кыздар келе баштады. Алардан качсаң тимеле абийириңди кетирип жулмалашат, шылдыңдашат. Кыскасы биздин духту басмырлоого, колдон келсе өлтүрүүгө катуу аракет кылышты.

Ичкен тамагыбызга дизентериянын таблеткасын кошуп берүүгө көп аракет кылышты. Ошентип айтор айлабызды түгөттү.

А бизде болсо эч ким жок, бирибиз промоуетр, бирибиз врач болуп алып, он күндөн кийин мушташка чыктык. Эсен деген үчүнчү орунду алган бала келишимге кол коюп келди. Байгеси чын эле бир миллион доллар экен дейт. Бирок ал байкаптыр, мушташты уюштуруп аткандар тигил эле Умбертонун кишилери экен. «Бизден өч алганы жатышат», – деди Эсен чочулап. «Өч алганда эмне, атышат белек, андан көрө эмдиги жылы ушулардын Неаполунда болчу бүткүл дүйнөлүк мушташка дейре бизди майып кылып, оюндан чыгарып салалы деп атышкан болуш керек» деди «врачыбыз» Аскар. Анда мен: «Эмнеси болсо да мени даярдагыла, мырзалар, тобокелге салалы, бизди быякка бирөө зордоп апкелген жок. Утсак миллионду серпели да, качалы!» – дедим.

Ошентип дем алыш күнү Сан-Маринонун элүү миңдик спорт залында эл кыжыкыйма. Билети беш жүз долларга чейин экен деп уктук. Бизге эч бир маалымат беришпейт. Адегенде айтышкан, мени менен Италиянын кикбоксинг боюнча мурдагы чемпиону Уномуно деген мушташат деп. Ал болсо мейли дегем, Унамунону дагы мурда бир сапар жайлаган болчумун. А бирок мушташ болоор күнү Унамуно «чүчкүрүп» калыптыр, кыргыз менен Умберто өзү мушташат экен деген сөз уктук. Эсен болсо чебелектеп чуркап жүрөт. Аскар дайыма менин жанымда. Бизди ээрчип Будапештен бери үч кыз келген. Бирөө мен аялдыкка алам деген молдованка кызым болчу. Аты Анжелика. Москвада төрөлүп, окуп чоңойгондо ата-энеси Румынияга ооп кетишкен экен. Анжела менен Будапештте жолукканбыз. Мен ал шаарга көп барчумун. Экөөбүз бири-бирибизди сүйүп калып отурбайбызбы. Ал мени ата-энеси менен тааныштырып, үйүнө бир нече жолу кондурган. Ушул сапаркы убадам боюнча мен аны Кыргызстанга ала кетмекмин. Ата-энеси уруксат берген. Болочок кайнатам өтө аяр, дипломат киши эле, биздин Сан-Мариного бараткаңыбызды угуп алып каршы болгон экен. А мен Анжени кошуп алдабадымбы, «мушташпайм, болгону эки жума курортто эс алабыз», – деп. Акыркы күнү мушташаарымды угуп алып байкушум аябай ыйлабадыбы. Ошондо бирдеме сезген окшойт. Ага болбой эле мен көгөрдүм. Бир миллион деген жерде жатыптырбы. «Ошол акчага свадьба өткөрөбүз», — деп Анжеликаны соортсом



ал эмне дейт дебейсиңби? «Андай обу жок той эч кимге жакшылык апкелбейт», – дейт. Кийин дал ошонун айтканындай болду…

Бирок мен сага катары менен айтайынчы.

Кыскасы, Сан-Маринодогу мушташта мага дейре эки жуп боксчуларды рингке чыгарышты. Андан кийин «борбордук беттешүү» деп мени рингке чыгарып коюшуп, көпкө тамаша кыла беришти. Италиялыктардын юмору да башкача, алар ошентип эс алышат эмеспи. Акыры мага каршы кыпкызыл манто жамынган бирөө чуркап келатат. Карасам – Умберто!

Мен сүйүнгөнүмдү билгизбей ордумда секирип тура бердим, себеби Будапештте мен Умберто менен тиктешкенде көзү жалтанганын эки-үч жолу байкагам. Биздин спорт ушундай – булчуң менен эмес, жүрөк менен мушташыш керек. А жүрөктүн ахвалын көз деген жашырбай көрсөтүп турат. Кыскасы биздин мушташ иттердин алышканындай бир эле жолу жүрөгүң тайсалдай түшсө, бүттүң!

Эсен, Аскар үчөөбүздүн кеңешибиз боюнча мен биринчи раунддарда такыр эле чабуул жасабашым керек эле, себеби мага упай алыштын кажети да жок болчу. Упай менен жеңсе Умберто гана жеңет, а мага андай жеңишти баары бир беришпейт. Ошон үчүн мага бир гана жол калган, ал – нокауд. Болгондо да Умберто «досумду» бир урум менен кайра тургус кылышым керек.

Мен рингге чыкканда эле түшүндүм – Умбертонун көзү тайсалдабай типтик экен. Кадим менден эч убакта токмок жеп көрбөгөн адамдай. Ал түгүл кадыресе шайдоот, чечкиндүү көрүндү. Демек морфий сайынган! Мен муну дароо түшүндүм да, андан өтө катуу чабуул күтүп кача бердим, кача бердим. Ойдогудай эле ал өлөөртирилээрин билбей мени тепкилеп кирди. Биздин мушташтын бир кызык жери бар – биринчи раунддарда канчалык көп муш жесең денең ошончолук ойгонот, чыйралат. Кудай нокауддан сактаса эле болду, калганын бүт көтөрүп кетсе болот.

Чоочун атаандашты жеңиш үчүн музыка чоң роль ойнойт, билесиңби, Адилет?

– Чын элеби?

– Чын эмей! Ошондо Сан-Марино шаарынын гимнин кулак жара тургандай кылып коё беришпедиби. Ал музыкада кыргыз эмес, италия элинин духу жатат да! Ошонун өзү башка кишиге чоң психологиялык сокку берет. Сен өзүңдү колдоочусу жок жетим, жалгыз сыяктуу сезесиң.

Андан кийин рефериниң өкүргөнү духуңду түшүрөт. Ал ар бир кыймылыңа элге билгизбей эскертүү жасай берет, сөгүнөт, титиреңдейт, сенден жийиркенет. Ошентип отуруп жүрөгүңдөгү отту өчүрүүгө аракет кылат.

Эптеп качып жүрүп бешинчи раундга жеттим. Күйөрмандар бүт Умбертонуку да. Алар менин качканыма жинденип сасык жумуртка, banандын кабыгы менен ура башташты. Рефери аларды көрмөксөн болуп тыйбай аткан. Ошо кезде кудай жалгап банандын кабыгына рефери өзү биринчи болуп тайгаланып жыгылбадыбы. Бакырык, өкүрүктөн стадион жарылып кете таштады. Италиялыктар өтө кызуу кандуу, жинди эл эмеспи. Эгер бир нерсе болсо рингди каптап, тебелеп-тепсеп, спортсмендерди өлтүрүп да жиберет.

Алтынчы раундга чейин мени жыга ура албагандан кийин элдин жини Умбертого да келе баштады. «Умберто – мүшөккө шыкаган бок!» деген кыйкырыктар чыга баштады. Ошол кезде анын морфийи күчүн жогото баштаганын сездим. Мен ошону эле күтүп аткам да. Колдору ылдый түшүп кетип, кайра көтөргүсү келбей,

көздөрүндө апатия пайда болду. Мен дароо чабуулга өттүм, анткени морфий бирде солгунданган менен аздан кийин кайра күчүнө кирет. Ошентип алтынчы рауддун орто ченинде досумду согончок менен жаакка бердим эле, үч метрдей ыргып барып полго сулады. Кайра турбас кылыш үчүн үстүнө чыга калып жанчып ийейин десем, рефери ышкырбастан эле чебеленип ортого түштү. Андан буйтап барып чыканактап келаткан Умбертону муштум менен башка уруп өттүм. Ал экинчи турган жок.

Италиялыктардын бакырып-өкүргөнүн айтпа. Бирок эмнеге бакырып атышканын билбейсиң. Же мени колдоп атышабы, же Умбертону сөгүп атышабы айтору элүү миң кишилик стадион жарылды. Мен өз бурчума келип отургуча Эсен менен Аскар экөө кучактап ыйлап жүрүшөт. «Качалы, өлтүрөт!» — дедим мен ал экөөнө. «Силер качкыла, мен калам»,- деди Эсен. Аңгыча рингди курчап жинденген элдин арасынан биздин кыздардын үнү угулду. Аларды да качкыла дедик. Калыстардын чечими болсо чыкпай күттүрүп атты. Умбертону замбилге салып көтөрүп кетишкен. Анын күйөрмандарынын кейпи өтө жаман. Биз кетчү жолду тороп алышкан. Ошон үчүн мен колумду булгаламыш болуп рингдин башка жагына жүгүрдүм да секирип түшүп элдин арасына кирип кеттим. Ошондо да эки, үчөө мени желкеге коюп калганга үлгүрдү. Мындайда өзгөчө аялдар тажаал болот эмеспи. Бир катын беттен апчыды эле качып араң кутулдум. Биздин «жапайы спорттун» кебетеси ушундай, Адилет иним.

– Бир миллион долларды албай эле качып кеттиңерби, байке?

– Ха-ха-ха! Акчаны кантип унуталы. Бирок ал күнү акча эмес, кара жанды куткарыш керек эле да.

Эртеси да калыстардын чечимин биле албай убара болдук. Түш ченде араң Эсен телефон урду. Калыстар тобу аябай талашып-тартышыптыр. Рефери баш болуп жарымы менин акыркы муштаганымды ышкырыктан кийин болду дешип, калгандары мурун дешип, акырында жеңишти мага ыйгарышыптыр. Биз кыздарыбыз менен шаардын четиндеги бир жеке менчик мейманканага жашынганбыз. Кыздар күн-түнү менин жараттарымды дарылашат. Кеп эми байгени алышта калды. Адегенде Эсен менен Аскар экөө кетишкен. Кечке жүрүп кайра келишти. Жаактары карышып калыптыр. Эмне десек алар минтет: «Бул, сволочтор, ондон бирин да берчүдөй эмес. Биринчиден калыстар тобунун чечимин колго бербей атышат. Акчаны болсо, адегенде налог төлөйсүңөр дейт, андан кийин страховой процент, анан беттешти уюштурган коомго, спортзалга комиссионный дейт, айтор, Барлас, сага эчтеке тийбечүдөй!»

Баарыбыз тең катуу кайгырдык. Ичибизде жалгыз гана Анжелика байгени таштап кете берели деди, калгандарыбыз бүт тырыштык. Биз жаткан үйдүн ээси юрист экен, ошого айтсак жаман ачуусу келди. «Бул ыплас мафиядан эч нерсе өндүрө албайсыңар. Эмне үчүн байланышасыңар булар менен!» деп кайра бизге кыйкырат. Акыры ошол юрист Эсенге бир жол айтып бериптир. «Көчөдөн бир кичинекей баланы уурдап барымтага алгыла да, шаардын мэрине: «Байгебизди бербесеңер, баланы кайтарбайбыз деп талап койгула», – дептир. «Ошондо анан полиция тигил мафиянын артынан түшүп акчаңарды алперет». Биз бул сунушка дароо каршы чыктык. Бирок юристти угуп отурсак мындай окуя Италияда күн сайын боло берет экен. Анын үстүнө биз өз акчабызды ала албай ушуга барып атпайбызбы. Ошон үчүн юристке айттык, анда дедик, сиз ушул ишти



аягына чыгарып бериңиз, а биз акысын төлөп берели дедик. Ал макул болуп элүү миң доллар сурады. Бирок деди, менин үйүмөн чыгып башка жакка жайгашкыла. Ошентип ал ээн токойдун четиндеги бир чалдын үйүн өзү таап берди. Кыскасы, мындай иште аялдар кыйын болот экен, эртеси эле биздин кыздар кеч күүгүмдө бир беш-алты жаштагы секелек кызды жетелеп келип калышты. Кыз адегенде тигилер берген оюнчуктарга кызыгып, атүгүл бизге бийлеп, ырдап берип, анан түн бир оокум болгондо ата-энесин издеп ыйлай баштады. Умбертонун эжесинин кызы экен көрсө. Мен чыдабай короодогу мал сарайга барып жатып алдым.

Үч күндөн кийин «кыз жоголду» деген жарыя газеттерге чыга келди. Ошондо Наташа деген орус кызыбыз барып юристтен телефондун номерин, анан биз айта турган сөздүн текстин апкелди. Дал ошол айткандай кылып, Наташа өзүнүн чөнтөк телефонунан чалды. Текст мындай эле: «Умберто! Сен адам бол да, утулган байгенди толук апкелип берип, жоголгон кызды алып кет». Жолугуша турган жерибиз шаарды аралап өткөн дайранын үстүндөгү бир көпүрө болчу. Кайсыл көпүрө экенин юрист өзү билет, акчаны да өзү алмай болду. Бизден жанына бир гана киши кошуп алат. Көрсө анын өзүнүн автоматчиктери артында турат экен. Эгер, такыр эле колго түшө турган болуп баратса көпүрөнүн астында катылуу катер бар экен. Ошол катерге секирип, куугундан кутулуп кетүү амалы күн мурун каралыптыр. Кыскасы, биз өзүбүз акчаны алууга эч кудуретибиз жетпеген соң юристтин шартына аргасыздан макул болдук. Бир гана ишенгенибиз – анын үйүн билебиз, эгер ал миллион менен кача турган болсо он бөлмөлүү, эки кабат особнягын өрттөп кетүүгө даяр элек.

Кеп эми бизден кимди кошуп беребиз – ошондо калды. Юрист айтты, мага баары бир деди, бирок эркек болсо кармашууга ыңгайлуу болмок экенин эскертти. Андай болсо мен барам деди Эсен биринчи чыгып. Биз унчукпай макул болдук. Эгер ал барбаса кыздарыбыз деле даяр болчу.

Ошентип болжошкон күнү акча колубузга тийип отурбайбы! Бул өзү жомокто гана болчу нерсе. Эч убакта бир миллион доллар колубузга тийет деп ойлогон эмеспиз. Аябай сүйүндүк. Юристке эмгегин төлөп бергенден кийин акчаны эптеп Италиядан алып чыгып кетүү үчүн тепетең алтыга бөлүп туруп, ар кимибиз жаныбызга каттык да, бир мүнөт токтобой жолго чыктык. Колдон келишинче шаардын чок ортосу, эл көп жерлер менен жүрүп отуруп, темир жол вокзалынан түз эле Миланга жол тарттык. Андан ары Швейцарияга өтүп кетиш эле максатыбыз. Бирок люкс купелерде келатып артыбыздан кандайдыр бир шектүү адамдар илээшкенин байкадык. Кыздарыбыз башка купеде эле. Эмнеси болсо да деп биз үчөөбүз акчаларыбызды үч кызга тапшырдык да, аларды сыртынан кайтарып калдык.

Биз корккондой эле бар экен. Милaндын темир жол вокзалында адашып, Швейцарияны көздөй кетчү өтмөктү издеп жүргөн кезибизде алдыбыздагы үч кызды полицай кармап калды, документ текшеребиз деп. Алар полицей эмес эле тоногучтар экен. Кимиси жибергенин ушул убакка дейре айтыш кыйын. Балким Умбертобу, же юристпи, айтор бизди беш колундай билип, аңдып келаткан бандиттер кол салды.

Үчөөбүздө тең тапанча бар болчу. Вокзалдын өтмөктөрү тимеле аарынын уюгундай быт-чыт экен, ошол жер астындагы өтмөктөрдө атышып атып бир кызыбыз окко учту, эки кызыбызды аман алып кутулдук. Бандиттердин үчөөнү жыга аттык, экөө качып кутулду. Мына ушундай күнөөгө баттык, Адилет иним. Мен

өмүрүмдө адам өлтүрөм деп ойлогон эмесмин. Бирок тагдыр неге гана туш кылбайт экен. Аны айтканым, Миландан кийинки тагдырым андан да татаал болуп калбадыбы.

Барлас мештеги отту көсөп коюп, жаңы сигарет күйгүздү да, бир топко түтүн соруп капалуу отурду.

– Убактың барбы? – деди анан ал Адилетке.

– Убактым азыр бүтөт, байке. Бүрсүгүнү келип уксам болобу калганын.

– Болот. Эгер өлүп калбасам.

– Өлбөйсүз, байке.

Бир күндөн кийин Адилет Барластын кепесине өзү келди да, аңгеменин уландысын уга баштады.

«Миланда каза тапкан Наташа кыздын сөөгүн ала албадык, бирок ал денесине каткан акчаны сууруп кеттик. Туура үч ай дегенде мен сүйгөн кызым Анжеланы алып Караколго келдим. Мекеним Ак-Суу районунун эң түпкүрүндөгү, Кытай менен чектешкен тоолуу айыл болчу. Анжеликаны ата-энемдикине алып келсем, байкуштарым тимеле сүйүнүштү. Балким дүйнө кезип тентип жүргөн мени кимге үйлөнсө да иши кылып үйгө келсе болду дештиби.

«Ананайын, кыргыздай эле кара көз, кара чач кыз турбайбы, мүнөзү да жарокер экен», — деп апам өзгөчө жакшы көрүп калды колуктумду. Биз келген күнү бир кой союп түлөө кылышты. Андан кийин айылга чоң той беришке кам көрүп аттык. Мен айттым, бүт айыл келсин тойго, республикадагы бүт туугандарыбыз келсин, керек болсо кырк боз үй тигели дедим. Досторумду бүт чакырам дедим. Анжелика биздин айылдын коздугун, тоолорду, сууларды көрүп алып, ушунчалык таң калды. Силердин жер бейиш багы турбайбы, мен эми бул жерден эч качан кетпейм, тоюбузга ата-энемди Будапешттен чакырам деди.

Өзүң билесиң, акчаны суудай чачтым. Ошондо да чети оюла турган эмес. Европанын чемпиондугуна жүз миң доллар алган болчумун. Бүт айылыма акча таратып бердим. Ким канча керек десе ошончо берип салдым. Байкуш менин тууганларым үчүн кымындай эле акча керек экен. Кыргыз акчасы менен беш-он миң сом берсем тимеле батыра албай ыйлашты. Ошол тууганларымдын ичинен эки-үчөө эле Анжеликага үйлөнгөнүмдү жактырбай коюшкан болчу. Аскерден келип көп жыл бойдок жүргөн ага сөрөйүм бар эле, «моряк» деген кличкасы бар. Ошол мен жокто Анжеликага айтыптыр: «Мен Будапештте болгом, сен өңдөнгөндөрдү узун-туурасынан тебелечүмүн», – деп. Мен дароо анын оозун карыштырып коёюн десем апам менен Анже экөө чырылдап болбой коюшкан. Ошол мас жиндиге теңелесиңби деп. Ал мас жинди мени аябай көрө албасын мурда эле билчүмүн. Кыргызстандын чемпиону болгонумда Бишкекке барып алып тренерлеримдин көзүнчө: «Бул көп болсо бир күндүк чемпион. Алыска узай албайт, көөп кетет», – деген болчу. Ошондо эле намазын окутуп койбой ит болгон экем. Ичип алган немени деп тим койбодум беле. Анын үстүнө ага сөрөй эмеспи.

Кыскасы, биз тойго даярданып бүтүп атабыз. Элдин көбүнө чакырык кетип да калган. Бир күнү эле Караколдо шаардык милицияда иштеген бир тууган инибиз келип калды шашылып: «Кача турбасаң болбой калды. Интерполициядан сага издөө келип түштү» дейт. Дароо түшүндүм, баягы эле Умбертонун колунан келген иш. Бандиттерден коргонобуз деп атышканыбыз чын. Бирок аларды «апакай» кылып, бизди «бандит» кылып интерполго беришкен да. Бу жер үстүндө адилеттик жок да,



туурабы, Адилет иним? Айла жок, бир-эки жумага тоого чыгып кетишке туура келди. Тойду ары жылдырдык.

Тоодо эс алып, бала чакта чуркап өскөн жерлердин баарын кыдырып, мекенимдин тунук суусуна канып, гүлдөрүн жыттап чын эле аябай жыргадым. Анан бир күнү эле түнкүсүн жаман түш көрүп, эртең менен турсам жүрөгүм акылдап денеме батпай калыптыр. Эмне экенин билбейм, айтор айылды көздөй чуркагым келди. Ал аз келгенсип алды жагымда улам учуп-конуп бир боз чымчык безилдейт. Кенедей эле, бармак башындай сары ооз чымчык. Тимеле «тез», «тез» деп мени алдыга шаштырат. Азыр ушул саатка дейре ошол чымчык көз алдымда.

Көрсө айылдын чекесиндеги суунун боюнда, сары талдуу бадалдын арасында мен байкуштун тагдыры биротоло талкаланып атыптыр, иним Адилет.

Барлас кайрадан жаңы сигарет күйгүзүп, кайрадан үңкүйүп жалгыз көзү менен отту тиктеди. Аңгемеге абдан муюп отурган Адилет музоо кирпик көздөрүн алайтып Барласты карады: «Тагдырыңыз эмне болуп талкаланды?» – деген суроолуу көз караш.

«Моряк» дагы бир мас досу экөө суу боюна жалгыз чуркап барган Анжеланы кармап алышып, зордуктап салышыптыр. Алардын кылмышын байкап калган апам бадалга тызылдап жетет. Тигил эки зөөкүр элүүгө чыккан апамды кошо зордукташат. Ошентип мен жеткен кезде айыл ичи ызы-чуу түшүп тигил эки айбанды кармап алышып, милийсага өткөргөнү атышыптыр. Иштин жайын алыстан эле түшүндүм – Анжелика али тытылган көйнөкчөн, бети-башы канжалап, апам болсо боздогон бойдон сыз жерде жаткан экен.

Мен жеткенде аксакалдар кумсарышып, алдыман утурлай чыгышып: «Ал айбандар жазасын алат, түрмөгө кесилет!» – дешип чуулдап ийишти. Карасам «моряк» менен досу экөөнүн көздөрү кутурган иттикиндей кыпкызыл, кандай айбанчылык кылганын деле түшүнүшкөн эмес окшойт, мага карап «моряк» жулунуп кирди. Аны кармап байлап аткан жигиттерге кыйкырдым:

– Коё бергиле! – дедим туттугуп. – Коё бергиле!

Жигиттер түшүнүп-түшүнбөй эле коё беришти. Андан аркысын өзүм да билбейм, айтор экөөнү тең жайлап салыпмын. «Моряктын» башы эки бөлүнүп, мээси чачырап, беркисинин эки көзү тең чанагынан ыргып кеткенин бир билем.

Ошондой «самосуд» болуп калды, иним. Көрсө жек көрүү деген өтө күчтүү нерсе турбайбы. Мени жырткыч кылып жибериптир тигил экөөнө болгон жек көрүүм. Сүйүү күчтүү деп коюшат, сүйүүдөн да адамдагы жек көрүү күчтүү окшойт. Бирок өзүң билесиң, закон андайды көтөрбөйт да, түрмөгө жок эле дегенде сегиз, же он жыл ошол, тигил эки айбан үчүн жатышым керек болуп калды. Анын үстүнө «интерпол» издеп атса…

Ошол эле күнү айылдын эли чогулуп туруп Анжела экөөбүздү качырып жиберишти. «Моряктын» өзүнүн бир тууган агасы айтты: «Барлас иним, күнөөңдү кечтим, сенин ордуң түрмөдө эмес, бейиште болсун. Кудай берген өмүрүңдү алдагы алганың менен жашап өт»- деди. А «моряктын» карындашы антпеди. Өтө тажаал аял экен, тимеле мага катылганы жүрөт жулунуп. Өтө жаман сөздөрдү айтты. Сотко берем, акыры түбү түрмөдө чиритип өлтүрөм дейт. Айтор адамды түшүнүп болобу…

Биз, Анжела экөөбүз мен бала кезде атам айтып берген жомоктун артынан кеттик. Ал жомокко эч ишенчү эмеспиз, анын үстүнө укканда жүрөгүбүз түшчү.

«Тээ Кантеңир тоонун ары жагында алмустактан бери эрибей жаткан түбөлүк ак кар, көк муздун койнунда бир касиеттүү өрөөн бар. Жайдыр-кыштыр ал өрөөндө адам баласы али көрө элек өсүмдүктөр өсөт, ысык суу асманга атылып, өрөөндүн ичи жыпжылуу. Көлүндө балык, жээгинде ар түркүн жаныбар оттойт» — деп келип аягында атам: «Арманай, бир гана жаман жери ал өрөөндү жердеген киши кийиктер бар. Ошолор ал жердин ээси. Адам менен достошкусу келбеген киши кийиктер бар ал жерде» — деп бүтүрчү атам жомогун.

Рюкзактарыбыз өтө эле оор болуп калыптыр. Мен бир колум менен таяп алганыма да болбой Анжела байкуштун бели бекчейип, өзү өр талаша боортоктойт. Мен аны карап алып аябай айран калдым. Биз чынында эле бири-бирибизди катуу сүйөбүз, анда талаш жок, бирок бул каран калган сезимдин ушунчалык сокур экенин мурда ойлобопмун, билбепмин да. Болбосо бул байкуш кыз мына ушул азыр кайда, эмнеге баратат? Мен го тагдырдын жазмышы менен качкын болдум. Баарына кайылмын. Жашоом болсо болоор, болбосо жок. А бул бир үйдүн маңдайына бүткөн эрке кызы азыр ким менен, кайда баратканын билеби? Болгону, Будапештке апасына факс уруп, үйлөнүү тойу кийинкиге калганын айтты. Калган кабарды күткүлө деп койду. Андан соң бир көз ирмем ойлонбостон менин кой дегениме таптакыр болбой, кошо жөнөй берди. Албетте, мен бул кыз үчүн жанымды аябайм, тирүү турсам эми эч кимге кол тийгиздирбейм. Бирок бул башынан аягына дейре адилетсиз жаралган көр дүйнөдө нелер болбойт, нелер койбойт экен, иним!

Биз Көкбел деген жонду ашып Үзөңгүкууш өтмөгүн көздөй бурулганда артыбызды бир карап алдык. Жыргалаң өрөөнүн курчаган аскалардын ошол күнкү шаңкайганы тимеле бир башкача! А Ысык-Көлчү! Эч убакта эстен кеткис көрүнүш. Кырда тамактанып отурсак эки суткадан бери басылбай келаткан Анжеланын ыйы басылып калды. Табигаттын кооздугунун күчүн кара! Кыздын оозу ачылып, айтууга эч бир сөз таба албайт. Чайнаган нанын жута албай: «Укмуш!», «Укмуш!» – дей берди мени карабай эле. Мен болсо ичимден акырын көл менен коштошуп аттым.

Жана тээ төмөндө сайдын суусуна түшүп атканда карасам байкуштун денесинде соо жери жок көгала экен. Азыр ошонун бирин эстеп койгон жок. Көрсө мезгил денедеги жаратты билгизбей акырындап дарылай берет турбайбы. Ал эми көкүрөктөгү жарат түбөлүк кала берет деп ойлойм.

Барлас ачышкан жүрөгүн ушалап койду да, кайрадан сигаретин күйгүздү. Адилет анын түтүндөн сапсары болгон, темир болттордон курап жасаган сыяктуу манжаларын коопсунуп карайт. Сезимтал баланын көз алдынан али да болсо баш сөөгү эки бөлүнүп, мээси жерде чачырап жаткан кишинин элеси кетпей турган болчу.

Экинчи күнү биз алыстан «Хан Теңир» аскасын көрдүк.

– Жанына барабызбы?! – деди Анжела көздөрү ченемсиз бакырайып. – Кадим сүрөттөгүдөй турбайбы, ээ. О кудай, мен муну кимге айтсам да ишенбейт. Хан Теңиринин түбүнө барып өз көзүм менен көрдүм десем ал түгүл папам, мамам да ишенбейт мага, көрөсүң го, Барик! Кийин Будапештке барганыбызда так ушуга өзүң күбө болосуң. Ишенишпейт.

Анжела мойнундагы фотаппаратын кайрадан көтөрдү…

Дүйнөдө теңдеши жок Хан Теңир бир ойго кирип, бир кырга чыгып кыбыраган эки адамды дээрлик эки күн кечке шаңкайып карап турду эле, акыры аны менен коштошо турган үчүнчү күн да келди.



– Бизди унутпа! Кайра ушул жер менен өтөбүз! Көрүшөбүз! – деди Анжела чокуга кол булгалап.

– Мээлейиңди чечпей эле кол булгаласаң болмок, – дедим мен Анжеланын колун ушалап. – Бат эле үшүк уруп кетет. Өзүң да билбей каласың.

– А кандай болот үшүк урганда?

– Кызарып ысып чыгат, анан кычышат.

– Анан?

– Анан көгөрүп барып, жаны өлүп калат үшүгөн жердин.

– Ужас!

Анжела апакай колуна мээлейин кийгиче шашты.

– Костюмдарыбыз бутубузга дейре альпинистики. Бети-башты майлаганды эле унутпасак болду. Үшүкө алдыра койчудай эмеспиз.

Хан Теңирден алыстаган сайын оюм онго бөлүнүп санаага төндүм. Анткени миң сан окшош аскалар, миң сан окшош борчуктар, миңдеген кокту-колоттор алардын кайсынысын болжол кылам, кай тарапка барам, издеген ысык өрөөнду кантип табам?

– Картага түшүрүлбөгөн гейзерди табууга болобу? – деди менин жүрөгүмдүн өйүгөнүн түшүнгөн Анжела.

– Коркпо. Мергенчилер айткан багытта баратабыз.

Кыздын жүрөгүн түшүрбөш үчүн колумдагы Тянь-Шань, Тибет, Гималай тоолору бар картаны ага көрсөтүп койдум.

– Бүгүн мына бул борчукка жете барып түнөсөк, эртең нарыдагы агарган мөңгүгө жетебиз. Менин атамдын айтуусу боюнча ошол мөңгүлүү коктулардын биринде көл бар. Көлдү тапсак болду…

Эртеси аба ырайы капыстан бузулду. Аска зоолордон шамал улуп, муз аралашкан терсек кар бут астыдагы какыраган кара шагылды сабап кирди. Күн небак көтөрүлсө да жар түбүндөгү үңкүрүбүздөн чыкпай жашындык. Кечээ жарыкта куураган арчалардан отун чогултуп алгам. Тамак-аш түгөнө элек, ошон үчүн Анжеланын көңүлү кадыресе тынч.

– Мынакей, мен бала чагыман эңсеген романтикам! Жапайы тоолор, бийик аскалар, мен болсо сүйгөн жигитим менен капкара үңкүрдүн ичинде отко жылынып отурам! Астыбызда күлүк атыбыз гана жок.

Мен кызды карап жылмайдым да жүзүнчү, миңинчи жолу ичимен таңыркадым. Адам адамга ушунчалык да байланабы? Ушунчалык да ишенип, өз өмүрүн бирөөнүн колуна бейкапар карматып коёбу? Коёт экен да көрсө! Ишенет экен да! Буту баса элек наристе ата-энеси колуна көтөргөндө жерге түшүрүп ийет деп коркобу? Албетте коркпойт, антип ойлобойт дагы. Анжела дал ошол наристе сыяктуу жан экен көрсө. Менин жанымда келатканы үчүн эле бүткүл дүйнөсү түптүгөл, башканын кереги да жок. А мен буга кандай жооп бере алам? Сактай аламбы ушу өз тагдыры эмес, бүткүл өмүрүн ишенип койгон адамды?

Жүрөгүм кайрадан түйлап кетти. Эрксизден тапанчамды кабынан алып, патрондорумду түгөлдөдүм. Болгону эки пачка – элүү ок чыгара алам, эгер кокус бирдеме болсо. Анан – эки миздүү мерген бычагым. Болгон куралым ушул. Жаныбызды сактап калыш үчүн жардамы тийээр бекен ушулардын? Ай ким билет? Алдым капкара түндөй белгисиз туңгуйук. Эгер тамагыбыз түгөнсө бирдеме атып алам го, болгон үмүтүм ошол.

Аңгыча кайрадан күн күркүрөп аска-зоолор күлдүр-күлдүр. Биз жаткан жардан да таш кулады. Үңкүрүбүздүн асты ташка толуп кетти.

Эртеси араң жолго чыктык. Коркконум эле эми түтөк болуп келатат. Себеби мергенчилер айткан, мөңгүгө жете электе түтөк кармайт, а жетип алсаңар кармабайт деп. Карта боюнча дал мөңгүнү көздөй кара шагыл кыр менен кетип баратабыз. Шамалдын катуусунан Анжела ыргалып кетип атты. Айла жок. Ыктоо беттер менен басууга болбойт, үстүңөн таш кулайт. Кырлар менен гана жүрүүгө аргасызбыз. А кырларда суук ыктоого караганда беш-он градус жогору. Негизинен 35-40 градус суукта бараттык. Ар бир саатта мен Анжеланын бети-башын атайын май менен сүртүп келаттым. Күн өткөн сайын рюкзактарыбыз салмагын азайткан менен биз үчүн ого бетер оордоп барат. Түштөн кийин Анжела: «Чыкыйым ооруйт», — деди. Сол ууртунан кичине көбүк чыккансып калыптыр. Менин коркконум ошол болчу. Демек түтөгө баштады. Анжеланы чоң бурчуктун далдасына отургузуп коюп, бийик зоого өзүм салт чыгып барсам аржагы уюган эле ак мөңгү экен. Бир чети сүйүнүп кеттим. Мөңгүнүн учу-кыйыры жок. Салаа-салаа болуп кокту-колотторго кирип жатат. Ошол коктулардын кайсынысын көздөй басабыз? Турнабай салсам көзгө илинээр эч бир өзгөчө белги көрүнбөйт. Аска-зоо, тоо-таш, ак кар, көк муз – башка эч нерсе жок.

Ал күнү ошол Анжела отурган үйдөй борчуктун коңулуна түнөдүк. Палаткабыздын таарларын үстү-астыбызга төшөп катуу чүмкөндүк да, кучакташып уктадык. Мен ойлойм, таң аткыча жүрөктөрүбүз араң дегенде мүнөтүнө отуз жолдон согуп чыкты го деп.

Эртеси Анжеланы жетелеп отуруп, акырын жылып мөңгүгө бут койдук. Тай туяктарыбызды кийип алганбыз. Бир түндө кыздын денебою биз жүргөн бийикке көнгөнсүп калыптыр. А мөңгүгө жеткенден кийин биз өйдө эмес саал ылдыйлай баштамакпыз. Муздун үстүндөгү катуу карды издеп басыш керек. Бул өзү адамга кыйла жеңилдик берет. Ошентип кар кууп жүрүп отурдук да, мен кайрадан мойнумдагы илинген турнабайды көзүмө салдым. «Туман!» дедим капыстан бир коктунун ичиндеги тумандын чекесин көрө коюп кыйкырып. Анжела да жаш балача сүйүндү, себеби ал дагы айтып келаткан – туман баскан кокту карандай ачык жерге караганда бир нече градус жылуу болот деп. Башка эч бир божомолубуз жок болгон соң биз түз эле туманды көздөй салдык. Акыры туманга жеттик. Чынымды айтайын, муздак туман эч бир жылуулуктун белгисин берген жок. Болгону нымды сездик. Капюшондорубуздун боолорун бекем тартууга туура келди. Себеби нымдуу муздак аба кургакка караганда коркунучтураак. Тумандын ичи менен эч максатсыз бирдалайга дейре жүрүп отурдук. Тумандын ичинде отуруп алып түштөндүк. «Эмне үчүн быякка кирип алдык?» – деп Анжела өкүнө баштады. Ошентип ал менден эки жолу сурады. Мен болсо жооп таба албайм. «Керек болсо тумандан чыгып кетсек болот» – дедим мен. Бирок дароо эмес, дагы бир аз алга жүргөндөн кийин, анан капталга чыкмай болдук. Кантсе да бийикти көздөй баскыбыз келбей атты. Нымда жүктөрүбүз оорлогонун даана сезе баштадык.

Ошентип баратып эле бир кезде ысык жел бетибизге бир ургансып кетти. Ишенбей дагы бир нече кадам бастык эле, чын эле туман ыпысык экен. Мен, ал түгүл чочуп кеттим, вулкандын оозуна келип алдыкпы деп. Себеби бут астыбыздагы шагыл да ысык экен. Бир топко дейре алга жыла албай турсак ылдыйтан өйдө каптаган туман аздап суюла баштады. Бут алдыбызда муз да, кар да жок, баягы



кадимки кара шагыл. Болгондо да ысык шагыл. Биз өзүбүз гейзер издеп келатабыз. Бирок гейзер эмес жанартоого кептелип калганбызбы деп чочулаганымды Анжелага айтсам ал дагы селейип калды. Ал колкабы менен бетин сүрөм деп чочуп кетти, мээлейи ысып чыгыптыр.

Аңгыча каалгыган туман бизден биротоло өтүп кетти эле алдыбыз шаңкайып ачыла түштү.

– «О, кудай, биз бейишке келиппиз!» – деди Анжела араңдан зорго эриндерин кыбыратып. Мен болсо үнсүз турдум. Көргөн көзүмө ишенбейм. Алдыбыз жомоктогу бейиш багындай. Өмүрүмдө мен көрбөгөн чоң-чоң жалбырактуу өсүмдүктөр. Азыр эле тоңуп келаткан жаныбыз ысыктан дем ала албай тердеп чыктык. Аба кандайдыр күмүш нур чачкансып жылтырап, бүтүндөй коктунун таманынан буу буланат. Дал биз турган жерден оргуштап чыккан бир жеңдей суу ылдый карай тызылдайт. Баарыдан таңкалыштуусу – коктунун чөбү белден. Миң түркүн гүлдөр жайнайт. Биз, экөөбүз тең жогорку билимдүү адамдар, геологияны жакшы эле окуганбыз, гейзер деген эмне экенин билчүбүз, мен Камчаткадагы кыштыр-жайдыр бууланып жаткан гейзерлерди телевизордон да көргөм, бирок момундай укмуштуу, элүү градус суукта көк муздун ичинде бейиштин болооруна ишенчү эмесмин. Эми мынакей өзүбүз үстүн бутубуз менен басып турабыз.

Анжела акырын эңкейип жанындагы ташка, чөпкө колун тийгизип көрдү да, мени карап «чын эле экен» дегенсип башын ийкеди. Андан соң мен да ошенттим, сууга да колумду салып баратып кыйкырып ийе жаздадым – кайнак экен.

Биз канчалык эңгиреп турсак да акыры эсибизге келдик. Коктунун орто ченине чейин барып бир кургак жер таптык. Нечен доорлор бою тынымсыз өскөн чөптөр үстү-үстүнө жыгылып, куурай берип, тимеле көң болуп калыптыр. Эч кандай керебеттин кереги жок. Ошол жерге, борчукка такай палаткабызды тигип алдык. Экөбүз тең трусычан жүрөбүз. Бизден бир элүү метрдей жерде көл бар экен. Жакындап барсак абанын ысыктыгы кадим мончодогу парилкадай. Ошол кайнак көлдүн ичинде да камыш сыяктуу өсүмдүктөр өсүп, алтүгүл суунун чет жакаларында түрдүү жандыктар жүргөнсүп кыймыл байкалат.

Анжела экөөбүз сыйкырлап койгон кишилердей өтө аяр кыймылдап, үн чыгарбай шыбырашып сүйлөшөбүз. Бир маалда ал онтолоп жибергенсиди, карасам мага бир нерсе көрсөтүп атат. Бул жерде кадимки эле тоодогу жапалак арчалар бийик дарак болуп узарып кеткен түрү бар, ошол дарактардын бутактары тропик токойундагы сыяктуу узун арканга айланып, дарактарга жылаандай оролуп өсөт экен. Ошол бутактар менен кошо жарыша жүзүм сыяктуу өсүмдүк өсүп, ал түгүл мөмөсү самсаалап турат. Кадимки эле жүзүм сыяктуу, бирок ар бир данынын чоңдугу абрикос өрүктөй. Биз жанына келдик да алып жесекпи деп бир шиңгилин кыркып алдым. Өтө ширин мөмө экен, бирок ичинде данеги жок. Данектен эмес, башкача жол менен көбөйгөн өсүмдүк окшойт. Даамы жүзүм эмес, шабдалы сыяктуу десем болот. Бара-бара биз тойгончо жей баштадык. Бирок көп өтпөй ичибиз өтө баштады. Анжела бир жакка, мен экинчи жакка тынбай чуркап калдык.

Бир сапар Анжела калчылдап коркуп келди да, мындай деди: «Мен дайыма бизди аңдыган бирөөлөрдүн көз карашын сезип атам» — дейт. Дал ошол сезим менде да бар болчу, бирок Анжелага айткан эмесмин.

– Коркпо, – дедим. – Бул жерде киши кийиктер болушу мүмкүн, бирок алар бизге тийбейт. Коркок болот.

«Киши кийик» дегенди угаар менен Анжела дароо өңүнөн кетип менин жаныман таптакыр чыкпай жабышып калды. Экөөбүз аябай үңүлүп айлананы карайбыз, кулак төшөп тыңшайбыз. Бир сапар кураган бутакты сындырган дабыш алыраактан угулду. Жүрөктөр болк этти, Анжела болсо палаткага кире качты. Мен шашкалактап тапанчаны октодум. Ошондон баштап биз эч иш кылбай эле айланабызды аңдып калдык. Акыры мен тапанча менен палаткадан чыга баштадым. Болору болсун дедим, эгер киши кийик кол салса атып таштоого туура келет. Эгер кол салбаса, аны көрөбүз. Жаныбыздагы агып аткан сууну ичсе болот экен. Жытына караганда күкүртү гана көбүрөөк окшойт. Ага карабай эле кайнатып ичели деген ойдо мен биринчи жолу от жактым. Өрт чыгарып албайын деп аябай сак кыймылдап атам. Кудай жалгап от ал жерде катуу жалындабай тынч күйөт экен.

– Анжела! – дедим мен акырын үн чыгарып, – кел отко жылын. Өзүбүз ысыктан дем ала албай энтигип аткандагы айткан биринчи тамашам ошол болду окшойт.

– Йети оттон коркот да, ээ? – деди Анжела палаткадан башын чыгарып.

– Коркпогондо. Түтүнгө келсе жөтөлүп атып өлөт болуш керек.

Баса, түтүн да анча булабайт экен. Абадагы нымдын коюулугу ушунчалык. Чай кайнатып ичип ич өткөгүбүздү басууга аракет кылдык эле, жардамы тийди окшойт. Аз-аздап кайрадан мөмөнү жей баштадык. Ашказан көнсүн деп атабыз. Айланада киши кийиктер жүргөнүн эми даана эле билип калдык, себеби дабыштар көп. Атүгүл алардын үндөрү угула баштады. Мышыкча «мяу» деген сыяктуу, андан кийин гориллалыкы сыяктуу «күрк-күрк» эткен добуштар угулуп атты. Бирок канча күн жатабыз бири да көзгө көрүнбөдү. Чынында эле өтө сак жаныбар сыяктанды.

Акыры бир күнү Анжела мөмө тергени барып, чаңырып ийди. Мен жанында эле болчумун, карай салсам жүзүмдүн далдасында, он метр ченде киши кийик бизди тиктеп туруптур. Бою эки метрге жакын, колдору узун, маңдайы өтө эле жапыз, чачы көзүнө түшкөн, ээги жокко эсе, тумшугу бери чыгып, көздөрү адамдыкындай экен. Күрөң-кызыл жүнү өтө эле жука өңдөндү. Кыязы ысыкка ыңгайлашып кеткендей.

Анжеланы карап жылмайгансып турду. Мен аны коркутуп коймок болуп тапанчамды асманга көтөрүп туруп курогун бассам от албай калды. Дагы бир бассам дагы от албайт. Оюма бир нерсе түшө калып жүрөгүм шуу этти. Мынчалык нымда балким патрондор нымдашып кеттиби! Дал ошондой болуптур. Бир да патрон от албайт. Денемди заматта кара тер басты. Чынымды айтайын, иним Адилет, өлөт деген ушул экен дедим. Жанагындай жерде тапанчадан айрылат деген эмне шумдук! Мен ок ата албаган соң корккonuман бычагыма жүгүрдүм. Кайра келсем киши кийик жок.

– Сен палаткага чуркаганда эле тигил дароо качып кетти, – дейт Анжела. Демек коркунучту бат сезет экен. Атам айтканы чын сыяктанды. «Алар өтө коркок болот» деген.

Рюкзагымдагы патрондор да жарабай калыптыр. Мен шашканыман алактап союл, таяк, таш-туш издей баштадым. Аларды таап келип босогого жыйып коюп, эпадам кандайдыр бир себептен тигилер кол салса кантип коргоноорумду ойлонуштура баштадым. Ойлогонум эле ошол болуп калды. Башка эч нерсе эсиме келбейт. Бычакты союлга таңып найза жасайын десем ал ар мүнөттө оокат кылганга керек. Ошентип «бейиштин төрүндө» мен үчүн эң жаман күндөр башталды.

Киши кийиктерден үч-төртөөнү көрдүк. Баягы биринчи жолукканы күн сайын бизге жакындай баштады. Алар да тигил жүзүм менен тамактанышат окшоду. Күндө ошонун арасынан жолугушчу болдук. Биздин да негизги тамагыбыз эми жүзүм. Ысык сууда балык жок, жылан сыяктуу соймоңдогон жаныбар жүргөнсүйт. Киши кийиктер ошону да жейт экен. Биз азырынча ага жете элекпиз.

Байкасак «кошуналарыбыз» бизге жамандык кылчу деле түрү жоктой. Кичине эле шектенсе дароо жылт коймой адаттары бар экен. Ошондон улам биз эми чочулабай калдык.

– Булар да адам сыяктуу жаралган, бирок башкача эволюцияга туш келишкен го, — деди Анжела да ой-жүгүртүп, анча коркпой.

Бир күнү «Антонго» бир момпосуй берип койду Анжела. Баягы киши кийикти биз дос катары көрүп, «Антон» деген ат коюп алганбыз. Ал биздин палаткага дейре коркпой келе алат, калгандары болсо жүзүмдүн арасынан шыкаалап турушат. Момпозуйду жеген соң Антон аябай ыраазы болгон сезимдерин билгизип катуу-катуу күркүлдөп, төшүндөгү жүндөрүн жулуп жиберди. Дагы бер дейт момпосуйдан. Анжела өзүнүн калган запасынан дагы эки-үч момпозуй алып чыкты эле, Антон күтүп турбай эле дароо колунан жулуп алып, кычырата чайнап кирди. Ошондо мен анын тырмактарын даана көрүп үрөйүм учкан. Тимеле беш манжасында бештен кинжал жүргөнсүйт.

Антон үчүнчү жолу момпосуй сураганда мен дароо өкүнө түштүм, буга таттуу берип бекер кылган экенбиз деп. Ал болсо биздин достукту чындап кабыл алган бойдон момпо издеп палаткага өзү киргени жүрөт. Анжела «кирбе» деп анын жолун тосту эле киши кийик чөгөлөй калып аялды жыттагылап кирди. Уят болсо да айтайын, иним, эркектик жапайы сезим менен аялдын жыныс жытын издеп жанталашат. Бул жапайы жаныбарда кадим иттики сыяктуу жыт сезими күчтүү белем, Анжела качса да болбой тумшугун анын этегине тыгат.

– Барлас, кетир нары муну! – деп Анжела чаңырып ийгенде мен союл менен киши кийикти чаап жибердим. Ошондо ал дароо жырткычка айлана түштү да, мага кол салды. Ушундай болуп калды, иним, мынабул денедеги тырыктын баары ошондогу кармаштан калган. Адам качан да болсо алданат экен го, чиркин! Ошол киши кийикке ишенгениме ушул убакка дейре айраң калам. Көрсө аны биз жырткыч катары эмес, киши катары кабыл алыппыз. Байкуш Анжелам да өзгөчө ишенчээк жан болчу. Мен тиги менен кармашып атканда анын бакырып, чаңырып атканы ушул убакка дейре кулагымдан кетпейт. Бир гана арманым – ошондо бычагыма жетпей калганым. Сыртта калган экен, а тигил айбан болсо босого жакты тосуп калган. Анын максаты Анжеланы менден талашып алып кетиш болду. Палатканын ичи тар болгондуктан мен аны союл менен чаба албай буйдалып калгыча тигил арбайган курч тырмактары менен көздөрүмдү бир нече жолу апчып, андан соң Анжеланы сүйрөй качты.

Эки көзүм тең кан толуп көрбөйт, улам сүртсөм улам кан толот. Көзүмдүн, бети-башымдын териси сыйрылып самсаалап жүргөнсүйт. Ага да болбой Анжеланын үнүн көздөй чуркай бердим эле, бир кезде терең ангекке бүткөн боюм менен согулдум. Эсим ооп көпкө жатыпмын. Бир маалда көзүмдү ачсам асман да, айланам да кыпкызыл жошо. Адегенде эч нерсе түшүнбөй жатып анан боолгодум – көздөрүмө дагы эле кан толуп жаткан экем.

Адам ит жандуу деген туура, эки-үч күн ошол жыгылган жерде жатып акырында сендириктеп туруп кеттим. Бычагым жамбашымдын астында, балчыкта жатыптыр. Аны качан колума алганымды да билбейм.

Жакын эле турган палаткага жетиш мен үчүн тозок болду. Башымды такыр эле көтөрө албайм, көтөрсөм эле оң жаккы чечекейим кайра ылдый тартат, ооруганы болсо жан чыдагыс. Акыры төрт аяктап отуруп палаткага жетип жыгылдым. Ал жерде канча жатканым белгисиз, акыры бир шектүү дабыштардан улам ойгонсом баягы киши кийиктер палатканын ичин аңтарып, колуна тийгендерин бүт ташып кетип атышыптыр. Мен эмнегедир аларды даана көрө албайм. Көрсө оң көзүм агып түшүп калган экен. Бардык нерселер эле мага кыйшык көрүнгөнсүйт. Киши кийиктерге кол салгым келди, бычагым уучумда экен. Мен бүт күчүмдү жыйнап туруп оордуман серпилдим эле, рюкзактарды аңтарып аткан немелер шабыр-шубур качып жок болушту.

Эртеси сендиректеп туруп тамак издедим. Кудай жалгап консервалар аман калыптыр. Кыязы киши кийиктерге жыты жакпайт окшойт. Дагы бир эки күн ирденген соң, сокур көзүмдү чүпөрөк менен бекем таңып алып Анжеланы издеп жөнөдүм. Бычакты таякка байлап найза кылып алгам. Кокту ылдый кетсем кайра өйдө чыга албасыма көзүм жетти, — деп Барлас Адилетке күлүп койду.

Киши кийиктер эч жерде көрүнбөйт. Же алар мени аңдып жатып жайлаган атышабы, же коркуп качыштыбы, айтор белгисиз. Негизи бул айбандар өтө сак, анан коркок болооруна ынандым. Эпадам катуу чочуп кетпесе, же болбосо жырткыч сезими капыстан козголуп кетпесе булар адамга оңой менен өзүлөрү катылгыдай эмес.

Анжела тирүүбү же жокпу? Тирүү болсо эмне үчүн бир белги бербейт? Менин элес-булас сезимим ушундан башка эч нерсе ойлоого жараксыз. Бир аз жылгандан кийин башым айланып отуруп калдым.

Жарым айча убакыт өттү. Мен күн сайын коктуга жарык түшкөн кезде Анжеланы издеп чыгам да, кайтып эптеп палаткага келем. Бат эле кеч кирет. Кийин байкасам гейзер коктунун ичине болгону эки эле саатча жарык түшөт экен.

Акыры тамагым түгөнүп ачкадан өлө турган кез да келди. Менимче ошол аймакта эчки-теке болуш керек эле, бирок алар ысыкка жолобосо керек. Ошон үчүн мен гейзердин аймагынан чыгып, муздактан бир нерсе издей баштадым. Мына ошондо, иним Адилет, алдагы теринин ээси менен жолугуштум. Ок жеген илбирс экен. Болбосо араң жан басып жүргөн мен буга чак келемби? Бир серпкенде күкүм болбоймунбу?

Мен найзама ишенип жанына жакындасам ордунан турбайт. Жатып алып эле айбат кылат. Экөөбүз тең окшошкон чала жан экенбиз, көпкө дейре тиктешип отурдук да, акырында мен ага мындай дедим: «Же сен, же мен аман калайын». Десем ал ордунан козголбойт. Ошондо чукул басып бардым да күрөө тамырына бычак уруп койдум. Анан кансыраганын күтүп көпкө отурушка туура келди. Акыры терисин сыйрып, этин бышырып жедим. Илбирстин эти курусун, өтө катуу болот экен, даамы жүрөктү айлантат, ташка корумдап коюп аны көпкө дейре оокат кылдым.

Ошентип, иним Адилет, Анжеламды таппай калдым. Анын тирүү эмес экенине көзүм жеткен соң, чынын айтайын, мен анын сөөгү сөпөт болуп жаткан өлүгүн көрсөм эмне болот элем? А көркүчө тирүү кезиндеги элесин өмүр бою жүрөгүмдө сактап калганды артык көрдүм окшойт. Акыркы күндөрү аны издегенден заарканып, качып калдым. Кудай өзү кечирсин.

– Анан кетип калдыңызбы?

– Анжелам өлүп жаткан жерге кантип жашайм?



– Гейзерди да таштадыңызбы?

– Ал жер мага таптакыр жакпай калды. Ал бейиш деген алдамчы гана сөз экен. Киши кийиктерче чөп менен тамырын кошо жей албаган соң кете бердим.

Ошол иним, андан берки өмүрүмдү аркы өмүрүмө кошкум келбейт. Айткым да келбейт. Эч качан жолбун иттин турмушун көрүп калам деп ойлогон эмесмин. Бир кездеги эл суктанган чемпион! Мынакей эми, өзүң көрүп турбайсыңбы.

– Анжелачы, байке?

– Анжела эмне? Мени сүйөм деп ал байкуш бүт өмүрүн тозокко салды, баарынан ажырады. Акыры менден да ажырады. Ата-энесинен, күлгүндөй өмүрүнөн, жарык дүйнөдөн ажырады. Ушундай да сүйүү болобу?!

Бирок иним, мен ичээр суум түгөнгөн кезде каниет кылар бир нерсем бар. Аны сенден башка эч кимге айтпайм. Сени бул жердегилер «касиеттүү Миларепа» дешет экен. Ошон үчүн тозокко барардагы кымындай кубанычымды айтып кетейин.

Бир жылча сандалып, Кытай чегиндеги топоз баккан кыргыздардын ирегесинде күн көрүп жүргөндөн кийин Тибетке келдим. Кандайдыр бир сезимге жетеленип отуруп акыры ушул Жахан храмга жетип токтодум.

Храмга келгенден кийин гана Анжелам менин түшүмө кире баштады. Ага чейин эмнегедир кирчү эмес. Түшүмдө эми мен аны кадимки өңүмдөгүдөй көрчү болдум. Тимеле жүрөктөрүбүз эзилишет, колдорун кармайм, колдору ысык, чачынан сылайм, каректерине тигилем… Ал да мени ушунчалык төгүлүп тиктейт, кээде ойгонсом жалгыз көзүмөн жаш куюлуп жаткан болот.

Анан, бул Тибетке келгени Анжела экөөбүз дайыма бирге жашайбыз. Асманга учабыз. Булуттарды аралап, кол кармашып учабыз. Ал мага мындай дейт, иним: «Жүрү, башка планетага учуп кетели», – дейт. «Кайда, кайсы планетага?» – десем, «Сириуска» – дейт. Мен андай планетаны, кудай акы билбейт экем. Мен бар болгону жерде жашаган макулукмун.

– Мен билем, байке, Сириусту. Ал асмандагы эң жаркырак жылдыз! – деди Адилет Барластын колун кармап. – Бирок аякка жетиш үчүн жылдыздар аралык гравитациялык коридор менен учууга жетишиш керек!

– Биз, Анжела экөөбүз жөн эле уча беребиз, иним.

– Түшүңөрдө да.

– Анан кандай дейсиң? Эгерде өңүбүздө уча турган болсок бир мүнөткө да калбайт элек, ушул ырайымсыз жердин үстүндө. Адамды кудай канатсыз жараткан турбайбы.

– Адам уча алат, байке.

– Техниканы айтасыңбы?

– Жок. Адам өзү уча алат!..

– Болуптур. Эгер сен ошону тилесең, тилегиңди кудай берсин.

– Эч кандай кудай жок, байке. Адам өзү алдына улуу максат коюп ошого жетиш керек.

– Эге-гее, таң калып атам. Сен бул жакка келип алып кудайсыз болуп калгансыңбы?! Же Буддабы сенин кудайың?

– Будда кудай эмес, Олуя.

– Олуя? Олуя деген эмне?

– Бул жашоого, же болбосо бул жарык дүйнөгө, анан тигил дүйнөгө да көзү ачылган адам.

– Болгону элеби? Хе-хе-хе. А мен Будданы кудай деп жүрбөйүмбү.

– Байке, мен кетейин. Издеп атышат.

– Кетсең эми кармабайм, иним. Бирок акыркы сөзүм ушул. Бул жакта сөөктү көр казып көмбөйт турбайбы. Жер катуу, көр казылбайт дейт. Өрттөп ийет экен. Тигине, мен өзүмө отун жыйып койдум. Эл катарлуу денемди өрттөп ийгиле. Жаным асманга учуп кетээр. Эгер булардын айтканы чын болсо жаным Анжеламдын жанына барып кошулаар. Ошон үчүн бул жарыктан тезирээк кетким келет. Сен өлүк ээси болуп бер иним, Адилет. Акыркы өтүнүчүм ушул.

– Кабатыр болбоңуз, байке. Жаныңыз Сириус жылдызына учуп кеткиче дагы далай жолугушабыз.

– Сириусту эле көп айтат экенсиң, иним. Бар эми, кош.

– Эмкиде келип качан өлөөрүңүздү айтып берем. Бирок кийин кайра жаралалсыз, ошону билип коюуңуз.

– Ха-ха-ха!



## *БЕШИНЧИ БӨЛҮМ*

**Т**ибеттеги окуунун бешинчи жылында Мани Ясонун ата-энеси күтүүсүздөн Лхасага келип калышты. Келебиз, коёбуз деп эч кандай кабар беришкен эмес. Таңкы саат алтыда Мани Ясо кезектеги сабагын алмака Лама Цунун илим бөлмөсүнө барган.

– Атаңыз менен энеңизди сагындыңызбы, уулум? – деди Лама сынагандай жылмайып.

– Жок. Сагынган жокмун.

– Бирок көрүшүп койсоңуз болот. Алар эми сиздин тилиңизди түшүнүшпөйт. Айткан сөздөрүңүздүн бирине да макул болбойт. Бирок сиз капа болбоңуз. Акыл-эси толгон чоң киши үч жашар бала менен талашып-тартышпайт да.

– Мен сизге түшүнбөй турам, улуу Лама. Мени Кыргызстанга, ата-энеме жиберген турасызбы?

– Ата-энеңиз бул жерде, мейманканада сизди күтүп отурушат.

– Ата-энемби? Кызык!

– Алдыңызда беш жылдык окууңузду жыйынтыктоочу татаал сынак турат. Андан соң үчүнчү көзүңүздү ачабыз, уулум. Ата-энеңиз дал ушул чоң сыноолор болоор алдында беймаал келген экен. Сиз менен көрүштүрбөй койсок да болбос. Бирок эч бир толкунданбай, көңүлүңүздү дүрбөлөңгө түшүрбөй, бир сааттан кийин кайра келишиңизди күтөм.

Мани Ясо бир жеңи эндей күрөң-кызыл траппа чапанын, ошондой эле түстөгү жука таар топусун кийип алып, мейманкананы көздөй шашылды. Дөң ылдый чоң-чоң арыштап келе жатса атасынын элеси көз алдына чала-була тартылат да, энесинин өңү такыр эсине келбейт. Ошенткен сайын өспүрүм ата-энесинин жүздөрүн көрүүгө кызыкты.

– Уулум, берекем! – деп Айзада ордунан биринчи учуп туруп уулун кучактай алды. Бети- башынан өпкүлөп, атасына кезек бербей атты.

– Кандай?! – деди Саламат өзүнө кезек келгенде уулун бооруна кысып. – Кандай турасың?

– Ом! Мани падме хум!

– Эмне, эмне? – деди Саламат оңтойсуз кызарып.

– «Өз тагдырың өз колуңда» деген сөз.

– Ошентип учурашат бекен булар?

– Ооба, – деди Адилет атасынын жинин келтирбейин деп.

Байкаса атасы баягы эле Саламат – өзүнө бирдеме жакпай калса түз эле сүзө качырчудай.

– Боюң мага теңелген турбайбы, – деди атасы баласына, – келчи бери, теңешели.

– Алдагы чапаның кантет деги шөлбүрөп. Эмне кездемеден тигилген өзү? Такыр арыктап бүткөн турбайбы, каралдым десе.
Айзада уулунун бети-башын сылагылап, чапанын кармалап көрдү.
– Курсагың ток жүрөсүңбү деги? Эмне тамак берет экен быякта?
– Ар кандай, апа.
– Спорт жок бекен? Эмне булчуңдарың шалбырайт.
Саламат баласын каруудан кармап өзүнө тартты.
– Быякта Дзюдонун үч түрүн сабак катары өтөбүз.
– Анда эмне булчуңуң жок?
– Койсоңчу, Саламат. Булчуңду коюп, башканы сурасаң! Ден соолугуң кандай балам? Эч жериң оорубайбы? Арууң кармаган жокпу деги?
– Эч жерим оорубайт, апа. Таштан байкем келген жокпу?
– Ал байкең деген доктор наук болом деп жанын сабап жүрөт. Америкага командировкага кеткен. Жылдыз жеңең эки бала төрөп берген. Жакшы, аман-эсен турушат. И баса, мынакей сүрөттөрү.
Айзада чемоданынан бир топ сүрөт алып, уулуна берди.
– Сүрөттү анан биз кеткенде көр. Окууң эмне деген окуу, ошону айтып берчи андан көрө! – Атасы уулун стулга тартып отургузду.
– Чын эле эмне деген окуудасың, каралдым? Таштан байкең ар кайсынын эле башын айтат, – деди апасы кошулуп.
Адилет апасын бир карап, атасын бир карап кыйналып турду:
– Толук айта албайм. Биздин окуу негизинен адилеттиктин окуусу.
– Догдурдун окуусу дебедиң беле үйдөн кетип атканда!
Саламат кызалаңдай түштү.
– Жашыруун жагы бар го окууңдун, ээ уулум? – деди Айзада абалды жумшартайын деп.
– Жашыруун жагы бар. Бирок, азыр өзүм да билбейм, апа. Жакында сынактан өтөм. Андан кийин көзүмдү ачышат…
– Көзүң эмне жабыкпы? Ачык эле турбайбы?!
– Акырын сүйлөчү, Саламат.
– Жо анан… Үйдөн эле сельхозду окуса болмок! Өзү ит-куштарга жакын эмес беле. Тилин билчү. Азыр ветврачтын баары акчаны тимеле шыпырып атат. Бир эле уколу алты жүз сом азыр! Часный мал доктур азыр тимеле чайпалат басалбай.
– Көзүңдү ачканы эмнеси, уулум. Аны бизге айтсаң болобу, же болбойбу?
– Азыр өзүм да билбейм, апа. Айтпай эле коёюнчу.
– Жо сен эмне деген сабактарды окудуң деги? Ошону айтчы!
– Астрономия, физика, метафизика, математика, астрология, медицина, философия, өтө көп предметтер…
Саламат уулуна эмне деп айтаарын билбей такалып турду. Анан ал оозун камдап сүйлөгүчө Адилет озунуп:
– Жок, андай эмес ата. Бизде факультет деген болбойт. Бизде «багыт» деген болот.
Саламат уулун карап таңыркап калды:
– А сен кайдан билдиң менин эмне сураарымды?
– Окуп үйрөнүп атам. Физиогономия деген сабак бар. Адамдын ойлогон оюжүзүнөн окулуп турат.



Саламат уулун жийиркенгенсип карады:
– Дагы эмне деген өнөр үйрөндүң?
– Агни-йога багыты негизги багытым болот. Азыр медитация менен салмагымды он килого дейре төмөндөтө алам. Учууга жакындап калдым.
– Кой, балам! – деди Айзада чочуп. – Кел отурчу, мобул тамактардан жечи. Үйдүн тамагын сагындың го. Келегой. Салмагыңды эмнеге жоготосуң, кокуй. Ден соолугуңа зыян болбойбу.
Адилет каттама май токочтон үзүп оозуна салды.
– Жанагы Таштан деген дөөдүрөк чаргытып ар нерсени айтканда эле түшүнгөм, мунун окуусу окуу эмес экенин. Беш жыл болду, жыл сайын акча салам. Кана майнабы? Кана?!
– Эми азыр окуусун бүтө элек да, э кудай! Жөн эле демите бересиңби?
– Бешинчи курска дейре эмнеге окуп атканын билбесе, анан кандай адис болот? Өзүң ойлочу!
– Быйылдан кийин акча жибербе, ата. Быйылдан кийин силерге көп акча салып турам.
Саламат уулунун сөзүнө кызыга түштү:
– Кайдагы акчаны саласың? Өзүң окуп атсаң?
– Табам. Болгону сен апамды урушпа, ата. Бүткүл акчаңды кайтарып берем.
– Жо, мен сени карызсың деп аткан жокмун. Кандай сүйлөйсүң өзүң! Мен сени билим ал деп атам, адис бол деп атам. Адилеттиктин окуусу дейсиң. Ошондой да окуу болчу беле? Андай окуу жок бу дүйнөдө! Адилеттик өзү жок болсо, анан анын окуусу болчу беле?!
– Тамактан алчы, каралдым. Атаң бир чети туура айтат, уулум. Мен бул жагына кошулам атаңа. Адилеттик деген жок нерсе го! Билесиң да баягы мыкаачы агаңдычы. Үч уйубузду тирүүлөй кескилеп көтөрүп кеткеничи. Ошону атаң сотко кестире албай койбодубу. Туура төрт жыл кармашты. Акыр аягында күнөөсү жок деп актап ийди сотчу. Атаң нерв жинди болуп кала таштады тимелечи. Туура бир ай төшөктөн турбай жатып калды. Карабайсыңбы, ошондон кийин колдору, беттери ала болуп кетти.
Адилет атасын эми көргөнсүп таңыркай карады. Чынында эле капкара колдорунда, мойнунда, кулак түптөрүндө аланын тагы пайда болуп калыптыр.
– Мен дары чөп берем, ата. Үч жолу айдын жарыгында сүйкөсөң айыгасың.
Саламат өмүрүндө биринчи жолу жылмайып аткансып бети-башын араңдан зорго тыржыйтты.
– Ошондой десең! Биздин эсти оодарбай.
– Анда мен жүгүрүп барып апкеле коёюн чөптү. Убактым бүтүп калды.
– Ой, биз менен болбойсуңбу жок дегенде бир сотке?
– Андай болбойт, ата. Бир гана саатка улуксат берген. Адилет жүгүрүп кетти.
– О, инеңди урайын. Түрмөгө түшкөнсүп.
Баласы кетээр менен Айзада үшкүрүп полго отура калды:
– «Көзүмдү ачат» дейт, «учам» дейт. Бул эмне деген окуу, ыя кокуй, Саламат.
– Аны мен сенден сурайын! Таштан экөөңөн!
– Ал деле жаман болсун деген жок го…
– Ошол мунун башын тескер айлантkан. Тээ кичинесинде эле!
– Балам такыр эле өгөй болуп калганбы. Үй-жайды, мал-салды бир сурап койгон жок.

– Молдонун окуусу да. Кийген кийимин карабайсыңбы.
– Молдо болбой эле койсо болмок, каралдым.
– Болгондо да тибеттин молдосу! Анын бизге эмне кереги бар? Алып кетели баланы! Сен ортого түшпөгүн, айтып коёюн. Мен өзүм алып кетем! деп Саламат жакшы эле комдонуп, керек болсо баласын билектен алып коё бербей койчудай болуп турган. Аңгыча каалга ачылып башка бир жапкак көз неме кирип келди.
– Мына бу дары сизге, – деди ал кагазга оролгон чөптү Саламатка сунуп англисче. А мына бул записка сизге.
Айзада тиги берген кагазды окуса баласы минтип жазып койуптур: «Апа, ата, мага таарынбагыла. Келсем мугалимим күтүп атыптыр. Сабакка кирип кеттим. Кошкула».
Эненин шаа-бою муздай түштү, унчукпай кагазды столдун үстүнө таштап койду. Саламат болсо аны окуур менен желкеси дүгдүйүп, көздөрү чанагынан чыгып, өңү кыпкызыл!
– Мен деректерине барам! – деди ал сыртты көздөй бой уруп.
Ошентип Саламат жарым күн бою храмга кире албай, дарбаза кайтарган монах-полицай менен мушташа кетип, кечке жуук мейманканасына качып келип дароо эшигин ичинен илди.
– Инеңди урайындар, камап салчудай! – деди бүткөн бою калчылдап.
– Кимди, кокуй?!
Кечке саруулап жатып көздөрү шишиген Айзада эчтеме түшүнгөн жок.
– Ал мени төшкө түртөт, инеңдурайын. Мен дагы беттен ары бир койдум да баса бердим.
– Кимди дейм?!
– Киргизбей атпайбы! Жанагы дарбаза кайтарган сволоч!
– Кимди камап салчудай анан. Сениби?
– Анан кимди камамак эле!
Иштин баары ойрон болгонун түшүнгөн Айзада дароо чемоданын чогулта баштады.
– Бол тез! Батыраак кетели бул жерден! – деди ал асынма сумкасын ийнине салып атып.
Автобекетке чейин бир чакырымча жолду экөө энтеңдеп жөө чуркады. Мындайда деле кашайып унаа чыкпай калат. Дагы жакшы – жол эңкейиш.
– Апкелген тамагыбызды кайра апкетип бараткабызды кара! – деди качып кутулдум го дегенсип, биртике жүрөгү ордуна келген Саламат эки ийниндеги зылыйган эки сумканын оордугуна ызаланып.
– Анан эмне, талаага таштайт белек?
– Тетиги кайырчыларга таратам, инеңдурайын!
– Таратсаң таратчы, сообу тийээр.
– Биздегиден көп ко, бул иттериң ыя?
– Мегиле, кайыр-садака алгыла! Келгиле!
Саламат сумкадагы тамактарды жүгүрүп келгендерге бүт таратып берди да үшкүрүп отуруп калды.
– Бирок артыман кууган жок, инеңдиурайындар, – деп койду анан ал тээ артта калган Жахан храмын ызалуу карап терин сүртө.
– Куубаганы абийир болбодубу. Камалып калсаң эмне болот элек?!



Катмандуга кетчү «бусик» бош эле экен. Эки-үч киши отурат. Айзадалар ошол экөөнүн артына жашынгансып барып орун алышты эле Саламат эле болбойт, улам үшкүрүп сыртка чыгып, кайта кирет. Аңгыча бусик жөнөп берди.
– Отурчу-ай ордуңа, ойдолобой! – деди Айзада эрин этектен тартып.
Ошондон аз өтпөй, автобус автобекеттен узап чоң жолго бурула бергенде Саламат капысынан эле айгай салып кирсе болобу.
– Эй, браток! Останови! Останови, свою машину! – дейт ал орусча кыйкырып.
– Ой, сага эмне болду! – деп Айзада жеңден тартса кайра анын колун силкет.
– Останови, говорю!
Бети ыштаган саба түстөнгөн айдоочу Саламатты карап алып же эчтеме түшүнбөйт.
– Токтот! – деди Саламат ошондо автобустун эшигине жетип барып каалганы муштады.
Бусик акыры токтоду.
– Бас, түш инеңдиурайын! – деди Саламат аялына айкырып. – Биз балабыздан биротоло айрылып кетип баратабыз! Сен ушуну түшүнөсүңбү?!
Айзада эмне дээрин билбей турган ордунда селейет.
– Бас дейм, түш!
– Сени кармап алсачы.
Айзада эриндерин кыбыратып сумкасын ийнине сала баштады.
Аңгыча бусиктин айдоочусу бирдеме деп ачуулана кетти. Кыязы акчаңарды кайтарып бербейм деп атты окшойт.
– Не надо! – деди Саламат ага кол силкип,
– Не надо!
Ошентип эрди-катын кайрадан автобекетте, кайрадан жогору кетчү машине издеп убара.
– Кудай шерменде кылып сени кармап албагай эле, – деди Айзада баягы мейманканадагы бөлмөгө кайра киришкенде сумкасын ийнинен алып.
– Кармаса инесин урайын, түрмөсүнө жатып берем! Булар кармайт деп баланы таштай качабызбы? Айрылабыз баладан! Көрдүңбү анын башын кандай айлантышкан! Сүйлөгөн сөздөрүн карабайсыңбы, тантыратып салышыптыр такыр. Имне адис болоорун өзү билбейт! Калп булардын окуусу!
Саламат тар бөлмөнүн ичин сасыта бир сигаретти жарымына чейин тартып ийген соң аялын сүзө карап мындай деди:
– Сен баргын дарбазага. Аялсың. Энесиң. Ыйла керек болсо. Шолокто! Деректириңерге арызданам де. Кыскасы, алып чык бери баланы. Анан аны менен өзүм сүйлөшөм!

* * *

Дөңдөгү Жахан храмынын темир дарбазасы өтө эле бийик болгондуктан түбүнө келген бейкүнөө адамды да үстүнөн ныгыра басып, чүнчүтүп жиберет. Ушундай сезим чочулап араң барган Айзаданын дароо жүрөгүн өлтүрдү. Ошентсе да аял, электр кнопка таппаган соң, темирди муштуму менен секин түкүлдөттү эле эмнегедир ошону эле күтүп тургансып кулпулары дароо шарактай кетти. Каалганы ачкан узун бойлуу арык полицай экен. Анын жаагына жабышкан марлини көрө сала Айзаданын жүрөгү шуу этти. Бая Саламат эринен муш жеген

кокуйдун дал өзү ушул болсо керек! Азыр Айзаданы билектен алып кишен сала калчудай.

– Кечириңиз, кечириңиз, – деди аял англисче чала-була.

– Кимге келдиңиз?

– Ректоруңарга келдим эле.

– Бүгүн кабылдабайт. Эмне маселе боюнча?

– Балам окуйт ушул жерде. Кыргыз бала. Адилет!

– Аа, Миларепабы? Кыргыз, кыргыз. Сиз кимиси болосуз?

– Апасымын. Мамасы!

– Мама-ми! Мен киргизе албайм. Уруксат жок!

Айзада бир паста дүлөй, муздак темир дарбазанын артына калды. «Саламаттан өчүн алып кийирбей атат» деди аялдын биринчи оюу. Бирок тигил полицай өзүн туткундап албаганга бир чети тобо кылды.

Анан, дагы бир пастан кийин гана Айзаданын аялдык сезимдери дуу козголуп, өз карачечекей баласына жете албаганы үчүн, тагдыр эч күнөөсүз аны минтип жазалагандыгы үчүн каңырыгы түтөп, ушунчалык бактысыз болгонуна өзүн аяп, аяп жиберди. Улам бир бетин алаканы менен жаныса, экинчи бети ылдый ысык жаш шоролойт. Ал адегенде үнсүз эле өрөпкүп, буулуга берген. Бирок деми улам барган сайын көкүрөгүнө батпай солуктап, ыйлаган доошу дарбазанын ары жагына эрксизден угула баштады.

Демейде эненин жүрөгү деген жамандыкты огеле биринчи сезчү эле го. Бул сапар андай болбой, эмнегедир ушул мүнөткө дейре, мына бул каргыш тийген темир дарбаза бет алдында тарс жабылганга дейре Айзада өз кан-жанынан чыккан баласынан ажырамак түгүл кандайдыр бир алыстайм деп да ойлобоптур. Бу түбүң түшкөн аласал дүйнө ал үчүн үстү-асты болуп көмкөрүлүп кетээрин дегеле бир ойлобоптур. Ошол алааматты энеси эмес, атасы Саламат тигинтип жолго чыгып жөнөгөн автобусту токтотуп, айкырып: «Ой, инеңдиурайын, биз балабыздан биротоло айрылып кетип баратабыз!» деп отурбайбы. Эринин бакырган үнү Айзаданын кулагына кайра-кайра угулган сайын аял өрөпкүп ыйлайт. Мына мындай ачуу шорду эркек Саламат эмес Айзада өзү, эне болуп туруп өзү биринчи сезбегенине ичи өрттөнүп ыйлайт.

Бир кезде дарбаза капыстан кайч этип Адилет жапжалгыз сыртка чыга түштү. Өспүрүмдүн өңү бозоруп, кебетеси катуу чочугандай.

– Апа, – деди ал Айзаданын кучагына кирип барып.

– Балакетиңди алайын. Жалгыз каралдым. Кантип эле сенден ажырап калалы. Ажырабайбызбы?!

Айзада уулун эки ийинден түртүп жүзүнө тике карады. Көздөрүн толо жаш чалып даана көрбөсө да уулун тиктеп турду.

Адилеттен эмнегедир жооп болгон жок. Айзаданын корккону дал ушул эле. Жүрөгү кабынан чыгып кайдадыр жетип кеткендей болду.

– Жүрү, атаңа баралы, – дегенге араң жарады.

Мейманкананын бөлмөсүн Саламат түтүнгө ыштап ийген экен, тимеле өзү көрүнбөйт.

– Кел, уулум! – деди ал тумандын ичинен үн чыгарып.

– Сөздүн кыскасы, мындай, Адилет. Сен үйгө барасыңбы же жокпу? Ачыгыңды айт. Качан барасың? Энең экөбүздү бүдөмүк кылба. Так сүйлө!



– Окуумду бүтөйүн.

– Качан бүтөсүң? Даанасын айт.

– Билбейм качан экенин.

– Ой! Э кокуй! Ушундай да шумдук болобу?!

– Чын эле билбейм.

– Бас, андай болсо, үйгө! Мен сени мындай кеңкелес окууга жиберген эмесмин!

– Мен быяктын кишисимин, ата.

– Эмне – эмне?

– Мен буларга керекмин. Силерге керегим жок.

– Кой, балам! Андай сүйлөбө. Мына, мен – энең турам го маңдайыңда!, – деп жанатан бери эси оопотурган Айзада сөзгө аралашты. – Керегим жок деген да болчу беле! Керек болгондо да кандай керексиң. Мал-жанга каралаша турган киши жок. Кол жетпейт. Атаң экөбүз дедек болуп бүттүк. Чочколорду көбөйткөнбүз. Уйлар жалаң колду карайт! Мына азыр ушу кезде музоолоп атат, биринин артынан бири тууп. Сен керек эмей анан!

– Мен булардын кишисимин апа! Балким кырк жыл окуйм.

Саламат чыдабай кетип ордунан ызырынып тура калды:

– Бас, дейм азыр! Тапкан экенсиң шылдың кылганды! Тур ай, катын! Кеттик. Ал жүгүңдү!

– Кийим кечесин албайбы, э кокуй?

– Албайт. Ушу бойдон кетет. Бас!

Саламат сумкасын ийнине ыргытты да Адилетти колдон силке жетелеп жөнөдү. Сыртка жулунуп чыккан атасын Адилет секин токтотту, өзүнө тике каратып туруп гипноздун ыкмасы менен бир аз жоошутуп, андан соң жыгылып кетпесин деп бир аз дубалга сүйөп турду.

– Апа, – деди Мани Ясо, – атам экөөң бара бергиле. Таарынбагыла, мен бардыгынан кечишим керек…

* * *

**Л**ама Цу Мани Ясону көпкө абайлап карап турду: – Мынча эмне кабатыр болуп алгансың, уулум. Бул кейпиң менен сынакка барууга болбойт. Тигил кабинетке өтчү, мен сени бир аз эс алдырайын.

Лама Цу өспүрүмдү тахтага чалкасынан жаткырды:

– Сен өзүңдү бийик секиден кулап түшкөн сыяктуу элестет. Эсиң оопкалган, эч нерсе сезбейсиң, бүт денең өлүк, былк этүүгө дарманың жок. Буту-колдоруңду серпкенге да алың жок. Мээңдин иштешин токтотуп кой.

Медитация сабагында мындай көнүгүүлөргө маш болгон Мани Ясо устаты айткандарды дароо аткарды да, жүрөгүнүн кагышын кырк согушка дейре азайтты. Акырын тамырын кармап көргөн Лама Цу балага ыраазы болгон тейде дабышсыз басып бөлмөдөн чыгып кетти.

– Мына эми өңүң оңолду. Сынагыңа бара бер, Мани Ясо,– деди жарым сааттан кийин туруп келген өспүрүмгө устаты.

Сынак берүүчү кабиналар чоң залдын ортосунда кыркалекей орнотулган. Тегерете коюлган орундуктарда байкоочулар отурат. Эшиктерде болсо экиден монах-полицай. Залга кире электе, ооздогу класста балдарды чечиндирип, тула

боюн текшерип туруп ар бирине жаңы чапан кийгизишет. Бул – бийик даражага талапкер окуучулар татыксыз иштерге барып, өз наамын булгап албасын деген чара. Андан соң сынак комиссиясынын коштоосу менен ар бир бала бирден кабинага кирет, эшиги сыртынан дароо печатталат. Ал жерде калем, атайын белгиси бар актай кагаздар даяр. Суроолорду болсо кабинага апкелип тегерек тешиктен беришет. Бир күндө бир гана предметтен сынак бермей.

Суроолордун көптүгүнөн окуучулар кабинанын ичинде 10-12 саатка дейре отурган учурлары көп. Ошондуктан аларга үч маал цампа, чай менен суусундуктарды болсо каалашынча апкелип берип турушат.

Дал ушундай режимде он күнгө чейин созулган сынак азабын көтөрө албай, кабинанын эшигин мөөнөтүнөн мурда «ачкыла» деп ургулаган окуучулар аз эмес.

Суроолордун жарымынан оогон кезде Мани Ясо орундукта отурган бойдон 10-15 – мүнөт уктап алганга жетишет. Ошону менен күүгүмгө дейре сергек иштеп отуруп, бирок сынак ишин мугалимге тапшыргандан кийин бөлмөсүнө жетээр менен ырп эте албай төшөгүнө кулайт.

Он күндөн кийин эми жазуу ишине өтмөй. Ар бир бала өзү каалаган эркин темасына дилбаян жазып бериш керек.

Мани Ясо тема тандоого көп убактысын кетирип алды окшойт. Саатын караса он эки. Өспүрүм алдындагы кагаздарын шаша-буша ирээттеди да, тобокел деп өзү тизип ак баракка түшүргөн темалардын эң биринчисине жооп жаза баштады:

«Тибет окуусу мага эмне берди? Эң биринчи кезекте «Канжур», «Танжур» жана ошондой эле «Калачакра» илимин окутту. Андагы «Өмүр айлампасы» менен «Мезгил айлампасы» мага мурда түшүнүксүз болгон эки улуу сырды ачып берди. Мен ал сырды башка эч бир илимден таба албаймын. Анткени – жок.

«Калачакра» илими эки түбөлүк чексиздик жөнүндө биздин эрага дейре, Платон менен Сократтан алда канча мурда эле терең ой жүгүртүп, туура гипотеза айткан экен. Алар «Аалам чексиздиги» жана «Мезгил чексиздиги» жөнүндөгү гипотезалар. Мен ушул эки түбөлүк чексиздикке «Кыял чексиздигин» кошоор элем. Адам кыялы да учу-кыйыры жок чексиз кубулуш. Дүйнөдөгү улуу күчтөрдүн эң улуусу – адамдын ой жүгүртүүсү. Ал эми эң учкулу – адамдын кыялы. Ошону менен бирге эле кыял – чексиз.

Мен бала кезимде асманды карап алып, «жылдыздардын ары жагында эмне бар болду экен? Асмандын чеги кайда болду экен деп баш катырып, көп ойлонор элем. Кийин мектептеги эжейим айтты: «Космостун бүткөн жери болбойт. Аалам чексиз», – деп. Эжейдин сөзүнө дароо ишениш кыйын эле. Анткени түбөлүк чексиздикке: учу-кыйыры жок, туш тарабы жок, мезгил ченеми жок, эч дабышы, үнү жок туңгуюк чексиздикти элестетүү, аны акыл менен таануу мүмкүн эмес. Ошондуктан Сократ ааламдын акыл жеткис сырын чечмелөөдөн, атүгүл аны изилдөөдөн баш тарткан.

Ошондой кургуйдан мени «Калачакра» илими алып чыкты. Мен азыр билем: аалам, планеталар, жылдыздар кандайча пайда болгон жана алар кыйырсыз чексиздикте кандайча жок болуп анан кайрадан жаралып, тынымсыз кыймылда, жашоо жана өлүмдүн айлампасында тегеренип тураарын. Ошол эле сыңары кайсыл шартта, кайсыл планетада нуклеин чөйрөсү пайда болуп, андан тирүүлүк жаралаарын, тирүүлүктүн миңдеген түрү, анын ичинде адам түрү кантип, кайсыл ыкма менен жаралаарын билем. Чексиз жолу жаралып, кайра өлүп, анан кайра жаралып, түбөлүк айланып турган ааламда бардыгы убактылуу жок болот, бирок бир гана жаралуу ыкмасы түбөлүктүү кала берет, ал өлбөс. Ошол ыкма, ошол метод тирүүлүктүн түбөлүктүүлүгүн камсыз кылып турат. Мисал катары – оттун жаралуу ыкмасы эч убакта өлбөс болгон үчүн керектүү шарт түзүлгөн сайын от чексиз жолу жаңыдан тутана бермекчи. Демек от – өлбөс, өчпөс! Ошол сыңары мени, Мани Ясону, жараткан биологиялык ыкма табиятта жоголбой кала берген үчүн мен, Мани Ясо, бир жолу өлсөм, экинчи жолу кайра жарала бермекчимин. Менин өлбөстүгүм ушунда.



Замандын бир заманында, чексиз аалам өлүп кайра жаралган доордо мен дагы кайрадан жарала турганымды «Калачакра» илими мага түшүндүрдү, реинкарнация теориясына мени ынандырды.

Ошентип биз азыр жашап аткан жер шары да, асманда күйүп жанып турган планеталар жана жылдыздар да түбөлүктүү эмес. Бул космостук циклдин өмүрү болжол менен төрт жарым миллиард жылга созулмакчы. Ошол космостук «көз ирмемдердин» саны чексиз жана анын кайра жаралуусуна өбөлгө болгон Улуу себеп – Парабраман, оттун тутануу ыкмасы сыяктуу өлбөс болуп кала берүү менен жаңы ааламды кайрадан жаратат.

Анан бардык материялар өмүрүн сүрүп бүткөн чексиздикте эмне калат? Көзгө көрүнбөгөн газ түрүндөгү эң баштапкы субстанциялар гана калат да, анын атомдору жети касиетке өсүп жеткенден кийин ысыктык энергиясын, башкача айтканда, жарыкты, нурду пайда кылат. Демек чексиз аалам боштугунда эң биринчи биздин көзгө көрүнгөн түшүнүктө Нур жаралат. Нурдун өзү – кыймылдын булагы. Кыймыл болсо айлануунун себепчиси, айлануу атомдордун биригишин, жуурулушун жаратат. Сүттү чала берсе акыры майга, же болбосо суюктуктан кам нерсеге айланган сыяктуу космос чаңы айлануунун эсебинен жуурулуп отуруп чүкөдөй топуракка айланган…

Чүкөдөй топурак миллиарддаган жылдардан соң планетага айланат да, анын бетиндеги химиялык заттардын иштөөсүнүн негизинде Нуклеус б.а. кычкыл ным чөйрөсү пайда болуп, андан тирүүлүк кайрадан жаралмакчы. Ошол кайра жаралып аткан миң-сандаган тирүүлүктүн түрлөрүнүн ичинде адамдын жаралуу ыкмасы, же болбосо тажрыйбасы оттуку сыяктуу эле туруктуу жашап жүрбөйбү.

Демек планета бетинде кайрадан от тутанат, кайрадан миң сандаган жандыктар, анын ичинде адам жаралат, кайрадан лотос жаркырап гүлүн ачат!

Ал эми жердеги адамдардын өзүнүн жеке эволюциясы кандай? Адам тажрыйба топтоого, аны илимге айлантып, билим алууга, топтолгон тажрыйбасын алдыга өнүктүрүүгө жөндөмдүү болгондуктан улам жаңы жаралуудагы адамдар мурункулардан артык болуп жүрүп олтурат. Демек азыркы, 21 кылымдагы биз, жер планетасындагы адамдар, өзүбүздүн денедеги ДНКбыздын молекулалары аркалуу мурдагы сансыз жаралыштардын тажрыйбасын кошо алып жүргөн мураскорбуз. Ал мурастар денебиздеги 33000 геномдо жана мээбизде архив сыяктуу сакталуу. Учурдагы илимпоздор ал геномдордун эшигин жаңы гана ача баштады. Бир адам бүт өмүрүн жашап өткүчө мээсиндеги нейрондордун ондон бирин сарп кылууга үлгүрөт. Калганы мурункулардан калган чоң запас.

Бир кезде ошол запастан пайдаланган неандерталец адамы акырындап өнүгүп отуруп азыркы кроманьен рассасына өсүп жеткен. Азыр 21 кылымдан нары карата кроманьен адамы жер үстүндө тиешелүү убакка дейре жашоосун улантуу үчүн

мындан жогорку баскычка көтөрүлүп, супер адамга айлануусу зарыл. Анүчүн өзүнүн ДНКсындагы мурда эле топтолгон экстрасенсордук мүмкүнчүлүктөрүн, б.а. көзү ачыктык, телепаттык, левитациялык касиеттерин ачыш керек.

Антпесек башка планеталарда жашаган «акыл-эстүүлөрдөн» артта калуудабыз. Алардын айрымдары бизди өнүгүү жагынан көп кылымдар артка таштаган жана тарелка порумдуу жылдыздар аралык кораблдери менен учуп келип бизге байкоо жүргүзүп турушат. Айрым учурларда жер бетинде жазыксыз адамдар кыйроого, өлүмгө учурай турган болгондо аларды топ-тобу менен асманга алып кетип куткарышат. Буга жер үстүндө болуп өткөн көп фактылар күбө. Ошол адамдардын тагдыры жөнүндө кийинки дилбаянымда мен сөзсүз жазам.

***Мани Ясо***

Ооз эки жана жазуу экзамендери толук бүткөндөн кийин траппалар өзүлөрү отурган кабиналарын толук тазалап, жыйнап чыгышты да, үч күнгө өрүү алышты. Өрүү убагында алар дзю-до күрөшүнүн үч түрүнөн сынак беришмек.

Дене тарбия сабактары Мани Ясо үчүн өзгөчө режимде жүргүзүлө турган. Анын себеби өспүрүмдүн көп убактысы дзю-дого эмес, левитация көнүгүүлөрүнө кеткендигинде болчу. Мына ушул сапаркы сынакта ал денесинин салмагын максималдуу азайтып, биринчи жолу жерден абага көтөрүлүү усулун көрсөтмөк.

– Сиз ушул үч күндүктө левитацияны коё туруп, жөнөкөй эле дзю-додон сынак бере берсеңиз. Анткени левитациядан берүүчү сынагыңыз өтө оор, – деди Лама Цу өспүрүмгө.

Ошону менен Мани Ясо үч күн бою күч-кубатын көп кетирбестен өзү канык болгон дзю-додон сынак берип, эс алып калды. Эс алыш пайдалуу болгон экен, анткени үч күндөн кийин ламалар баягы эле сабактар боюнча кайрадан траппаларды тердетип, кургатып сынак алышты. Болгону бул сапар оозеки суроолорго бетме-бет отуруп оозеки жооп бериш керек эле. Бул сынактын учурунда да калган акыркы жети баладан үчөө өтпөй кулады.

Сынактардын жыйынтыгын чыгарган эң акыркы күнү болсо лама наамына татыктуу деп эки гана траппага макулдук берилди. Ал экөөнүн биринчиси Тибет мамлекетинин башчыларынын биринин баласы Лапсанг эле. Экинчиси Мани Ясо. Өтө талanttуу бала Лапсанг өз ата-энесинен кол үзүп, илимге биротоло башын сайган Жахан храмындагы атактуу окуучулардын бири болчу.

Лама наамына берилүүчү сынакты ийгиликтүү аяктаганы менен Мани Ясого ал наамды азырынча бербей турушту. Арадан үч ай өткөн соң Лама Цу өспүрүмгө мындай деди:

– Эмдиги жуманын башында үчүнчү көзүңдү ачууга биз дилгирбиз. Сиз өзүңүз ушуга даярсызбы?

– Кандай айтсаңыз ошондой ишке дайыма даярмын, ата.

– Биз бардыгын эсептеп чыктык. Эмдиги жуманын экинчи күнү сиздин туулган күнүңүз. Ошол күн эң ылайыктуу болуп турат. Бирок көп нерсени сизге эскертип коюшум керек. Эволюциянын процессинде өнүкпөй токтоп калган үчүнчү көз бардык адамдарда бар. Ошон үчүн дүйнөдөгү элдердин көпчүлүгү чекедеги үчүнчү көздү легендаларында айтып, сүрөттөрүндө, беткаптарында, айкелдеринде тартып көрсөтүп жүрүшпөйбү. Анын негизги органы эпифиз бези мээнин чоң жарым шарынын алдында орношкон. Космостон келчү электромагниттик эмес нурларды



кабыл алган ошол без аркалуу үчүнчү көзүбүз менен биз тээ заманда космостук алыс мейкиндиктен баштап, адамдын ички органдарына, материянын ички түзүлүшүнө дейре көрчүбүз. Динчилердин айтуусунда мындай касиет адамдарда эмес, кудайда гана болуш керек эле. Себеби ал касиети менен адамдар биринин жашырын эмне ойлоп турганын, экинчиси «көрүп» коёт да, каршылашып, кан төгүүлөр күчөйт. Ошол себептен кудайлар адамдардын үчүнчү көзүн жаап салышкан. Эпифиз бези өнүкпөй, бирок ордунда сакталып калгандыктан кээ бир адамдар үчүнчү көзү менен мурдагыдай даана болбосо да адамдардын аурасын көрө алат. Сизде, уулум, мындай касиет бар экен. Бу касиет өтө сейрек кездешет, уулум Мани Ясо. Сиз Миларепанын реинкарнациясы катары бул жагынан чоң ишеним берип турасыз. Тобокел кылалы. Дагы айтаарым, эгер ишибиз оңунан чыкса, сиз ал касиетиңизди эч качан терс иштерге колдонбойм деген ант беришиңиз керек. Лама окуусунун эң негизги максаты бүткүл дүйнөдө, адам жашаган чөйрөнүн бардыгында адилеттик орносо дейбиз. Максатыбыз бирөө эле – адилеттик!

– Менин да максатым ошол, ата. Менин да максатым бир гана – адилеттик! Адилеттик болсо калганынын бардыгы тең ошого жараша го.

– Сиз өзүңүз туулбай жатып адамдардын адилетсиздигине туш болгон бала турбайсызбы!

– Сизди билбейт ко деп ойлодум эле, ата.

– Сиз жөнүндө болгон бардык маалыматты жыйнадым, уулум. Атыңызды атайылап Адилет коюшканын билип ыраазы болдук ата-энеңизге. Адилеттик үчүн күрөш ошентип кичинеден башталат.

Азыр мен сизге көп нерсенин сырсандыгын ача элекмин, уулум Ясо. Бирок ишенем, келечекте сиз дагы даанышман Миларепа сыяктуу байыркы замандардан бери карата келаткан улуу акылмандардын шериктештигине кошуласыз. Ал шериктештиктин ар бир заманда өзүнчө пайда болгон өкүлдөрү бар. Алар – доорлордун акылмандары, көзү ачыктары, мен бул катарга, албетте дүйнөлүк үч пайгамбарды кошуп айткан жокмун, алар Мистерия илиминен адашып дин, жалган кудай жолуна түшүп кетишкендер. Бул катарга албетте, дүйнөлүк тирандар, басып алгыч полководецтер да эч убакта жакын жолобойт. Тескерисинче ошол кан төккүчтөргө ар дайым каршы турган гуманисттер жөнүндө айтып атам, уулум. Алар көбүнесе жөнөкөй адамдар болгон. Биздин биринчи окутуучубуз Гаутам Сидкартты гана бөлүп айтайын, анткени анын ата теги Орто Азиядан келген көчмөн уруунун кагасы болуптур. Улуу Мистерия мектебин алгачкы түзүүчүлөрдүн калгандары: Кытай Конфуций, Тибеттик архаттар Тзонг-Капа, Ригден Жапо, Миларепа, грек ойчулдары Пифагор, Эмпедокл, Платон, Сократ, булардын бардыгы жөнөкөй адамдар болушкан.

Кийинки доорлордо гуманисттердин бул шериктештигине дүйнөдөгү бардык элдерден ойчулдар, философтор, жазуучулар, башка ишмерлер кошулуп келүүдө.

Ошолордун бардыгынын адам баласына жакшылык тилеген, жер бетиндеги жамандыкка каршы турган окуулары болбогондо кырылып, жоюулуп кетмекпиз. Буюрса сиз дагы ошол Шамбаланын жоокерлеринин катарына кошуласыз го деп ойлойм. Адилеттик үчүн күрөшкөн өмүр гана кайра жаралууга татыктуу, уулум Ясо.

– Шамбала жөнүндө, Кайлас тоосу туурасында сизге көп суроолорум бар, ата.

– Анын баарына өмүр бою жооп издейсиз. Ал алдыдагы иш. Азыр болсо эс алыңыз.

* * *

Жуманын экинчи күнү асман чайыттай ачык. Мындайда Лхаса шаарынын борбордук ордосарайы Паталанын алтын карниздери жаркырап көздү уялтат. Аксарайды күндө карабаган Мани Ясо эмнегедир бүгүн көз тигип токтоп калды. Ким, качан, кантип салганы легендага айланган Аксарай! Өз кезинде Иисус Христос келип сабак алган касиеттүү Потала.

Мани Ясо Лама Цунун бөлмөсүнө болжогон маалдан эрте келди. Атасындай болуп калган киши. Бала туугандыкы эмес, тутунгандыкы – Лама Цу табиятынан идиректүү жаралган баланы боору менен бир кылып өзүнө тартып алган. Мына бүгүн дүйнөдө сейрек болуучу операциянын бирин Лама Цу ушул өз уулундай кымбат адамга жасаганы турат.

– Мен сени эрте келээриңди билгем, – деп Дей бөлмөдөн чыга калды.

– Саатты карабаптырмын, – деди Мани Ясо. Эртеден бери ичи уйгу-туйгу болуп атканын билгизбешке аракет кылып.

– Азыр Лама Цу чыгат.

* * *

Мани Ясону эки бөлмөлүү кабинетке апкелишти. Бир аздан кийин ал жердеги үч лама келди. Үчөө тең бул храмда иштебеген, бирок алтын ичтүү кырмызы чапанчан чоң даражалуу ламалар эле. Алардын бирөө Мани Ясонун тамырын көпкө кармап отурду да:

– Сүйлөңүз, – деди өспүрүмгө англисче таза акцент менен.

Мани Ясо сүйлөөрдөн мурун Лама Цуну карады. «Сүйлөй бер» деди устаты башын ийкеп жылмайып.

– Тибет илими мага берген өзгөчө касиеттерди, анын ичинде үчүнчү көзүмдүн ачылышын мен, Мани Ясо, эч качан, эч жерде, эч кандай шартта адамдарга, жан-жаныбарларга каршы колдонбойм.

– Тибет илими мага берген өзгөчө касиеттерди, анын ичинде үчүнчү көзүмдүн ачылышын мен, Мани Ясо, эч качан, эч жерде, эч кандай шартта адамдарга, жан-жаныбарларга каршы колдонбойм.

– Тибет илими мага берген өзгөчө касиеттерди, анын ичинде үчүнчү көзүмдүн ачылышын мен, Мани Ясо эч качан, эч жерде, эч кандай шартта адамдарга, жан-жаныбарларга каршы колдонбойм.

Ламалар унчукпай бирин бири карап баш ийкешти. Андан соң Мани Ясонун маңдайына, эки каштын ортосунан өйдөрөөк бармак басым жумшак чемирчек сөөккө чөптөн кайнатылган компресс коюп, башын бинт менен таңышты да, чыгып кетишти.

– Ой жүгүртүүңүздү токтотуп, алты саат чалкаңыздан жатасыз, – деди чыгып баратып Лама Цу баланын колун бекем кысып.

Кеч бешимде төртөө тең кайра келишти.

– Жакшы, – деди Лама Цу Мани Ясонун башындагы бинтти чечип алып, маңдайын сыйпалап көрүп, – абдан жумшаптыр. Эми эч кандай оорубайт.

Андан соң өспүрүмдү атайын креслого отургузуп, колдорун кыймылдагыс кылып кайыш илгичтер менен матап коюшту.



– Наркоздун кереги жок, – деди Лама Цу Мани Ясого эңкейип, – сиз баардыгын сезип турушуңуз керек. Операциядан кийин эмне сезгениңизди толук айтып бересиз.

Ламалар коробкадан жалтылдаган бир топ аспаптарды алып чыгышты да, ишке киришти. Эң оболу Мани Ясонун чекесин атайын суюктук менен үч сыйра жууп, андан соң кебез менен кургата сүртүп, акыры бир лама креслонун аркасына өттү да, Ясонун башын саал чалкалата кармады.

– Көңүлүңүз тынчпы, уулум, – деди Лама Цу.

– Тынч.

Ошондон кийин ал жумшак ызылдаган аспаптын үнүн укту. Дрелге окшогон жалтырак көзөк өспүрүмдүн чекесине кадалып иштей баштады. Мани Ясого убакыт токтоп калгансыды. Электроаспап иштеп атат. Мынакей көзөк териден өттү. Өспүрүмдүн чекеси оорубай эле эмнегедир бүт денесин ийне менен сайгылагансыйт. Аңгыча көзөк жумшак чемирчекти өтүп, сөөккө урунгансыды. Ошондо баланын бүткөн бою дүр дей түштү, бирок баары бир катуу ооруну сезген жок. Лама Цу баланын так маңдайына келип турган. Балким ал атайын ошентти. Себеби Мани Ясо анын жүзүнөн улам өзүнүн ахывалын түшүнүп атты. Лама Цу эриндерин бекем кымтып, ызылдап жаткан машинкадан көзүн албайт. Аңгыча тырс эткен жумшак үн угулуп ошол замат электроаспап үнүн токтотту. Көзөк баш сөөктү тешип өткөн болчу. Андан соң лама электроаспаптын ичиндеги түтүк аркалуу тешилген жерге алтындын буусуна сугарылган атайын тыгын орнотуп, аспабын баланын чекесинен албай кармап турду. Ошондо Мани Ясо бүткөн боюнда бир чоң өзгөрүү болгонун сезгендей, бети-башы сайгылашып, акыры мурдуна бир башкача, мурда искеп көрбөгөн жаңы жыттар келе баштады. Аздан кийин ал жыттар жоголуп, бала өз денесин жылаңач калгандай сезди. Ошол замат жылаңач денеси назик жибек чүпөрөккө оролгонсуйт. Дал ошол тушта  анын сезимдери жарк эткен күчтүү жарыктан улам дүргүй түштү.

– Жетишет! – деди Лама Цу беркилерге колун көтөрүп. Ошондон кийин гана лама аспабын баланын чекесинен алды эле, Мани Ясо акырын онтолоп ийди. Ал биринчи жолу чекеси сыздап ооруганын сезген болчу. Андан кийин баланын денеси өрттөнүп-күйүп чыкты, тимеле жалынга жан чыдагыс. Ошол авалды түшүнгөн Лама Цу Мани Ясонун башын назик кучактап: «Чыдай тур, уулум, азыр баары ордуна келет» дегендей.

Аздан кийин дененин өртү сууп, баланын башын бинт менен ороп таңышты да, үч чоочун лама кабинеттен чыгып кетишти.

– Туура бир ай ушул бөлмөдөн чыкпашың керек, уулум. Операция ойдогудай өттү окшойт. Сага менден башка эч ким кирбейт, улуксат жок. Тамакты да өзүм апкелип турам. Буюрса экөөбүз кенен сүйлөшүүгө убакыт болот…

Туура бир апта бою Мани Ясо терезелерине кара чүпөрөк тартылган капкараңгы бөлмөдө жатты. Сегизинчи күн дегенде жарыкты аз-аздан бере башташты.

Он жети күндөн соң бөлмө кадимкидей жарык болуп, баягы үч лама келди да, Мани Ясонун ахвалын көпкө дейре текшерип отурушуп, акыры чекесиндеги алтын тыгынды алууга киришишти.

– Чочубаңыз, – деди жанында турган Лама Цу өспүрүмдүн колун жумшак кармалап, – азыр үчүнчү көзүңүз көрө баштайт. Кандай жана эмнени көрүп атканыңызды мага айтсаңыз, мен сизге бардыгын түшүндүрүп турам.

– Ата! – деди Мани Ясо башка эмне айтаарын билбей толкунданып. Ал кабинеттен чыга жөнөгөн үч ламаны таңыркап карап калган болчу.

– Булардын мээри көрүндүбү, сизге? – деди Лама Цу.

– Бирөөнүкүн гана көрүп калдым. Сапсары нурларга чулганып баратkансыйт.

– Ов-ов-ов, – деген бойдон Лама Цу сүйүнүп ордунан тура калды. – Баары биз күткөндөй болду, уулум Мани Ясо! Көзүңүз даана ачылды! Демек сизде бар экен! Миларепа!

– Бирок мен түшүнгөн жокмун, ата. Эмне үчүн сапсары нурга оролгонун.

– Андай мээр чанда жолугат. Ал адамдын ичинин, ой-тилегинин тазалыгын билгизет, уулум. Ар бир адамдын мээринин түсүндө ар кандай айырмалар бар. Гаммасы өтө эле көп. Муну эми сиз экөөбүз атайын сабак катары окуй баштайбыз. Адамдын мээрин көргөн бир кеп, аны окуй билиш экинчи кеп, уулум! Биз, жөнөкөй мугалимдер, мээрди окуганды теориялык жактан билебиз, бирок көрө албайбыз. Сиз устатыңыздан алда канча жогору турган адамга айландыңыз, уулум Мани Ясо!

Лама Цу өзүн таңыркап карап отурган окуучусуна каткырып күлүп ийди:

– Менин мээримди карап түшүнбөй отурасыз ээ? Эмнени көрүп турасыз, айтыңызчы?

– Агышыраак, үлпүлдөк нур экен. Оң жак төшүңүзгө жакындаганда жашыл түскө өтүп желпилдеп турат.

– Даана! Дапдаана! – деди Лама Цу кадим өзү жеңишке жеткендей сүйүнүп. Өңү кызарып-татарып кетти.

– Көкүрөк жагым жашылданганы ал менин өпкөмдүн эски оорусу!

– Башыңызды бүт агыш нур чалып турганычы, ата?

– Мен ага сыймыктанам, уулум. Өмүрүмдө бир жанга жамандык кылган эмесмин, бир адамга карасанаган эмесмин.

– Курсагым аябай ачып атат, таразага түшсөм жети кило арыктаптырмын, ата.

– Билем, билем, уулум. Атайын диетада отурбадыңызбы. Азыр ашканага барабыз.

Мани Ясо устатын ээрчип жарым айлампа коридор менен келе берди. Ашканага дейре эч ким жок ээн учур экен. Аңгыча ашкананын эшигин көздөй чукул бурулушту.

– Ата! – деди Мани Ясо чочуп кетип устатын жеңден ала. Тетиги адам өрттөнүп атат!

– Ха-ха-ха!

Лама Цу дагы да сүйүнгөнүнөн коридорду жаңырта күлдү:

– Ал адам ашкананын кароолчусу. Ачуусу чукул, билими жок, жөнөкөй полицай. Мээри көгүлтүр бекен?

– Көгүлтүр жалынга өрттөнүп атат!

– Туптуура көрдүңүз. Бирок мындан аркы өмүрүңүз татаал болот, уулум. Көргөнүңүздүн бардыгын адамдардан жашырууга туура келет…



## *АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ*

Сөздөн сөз чыкты! Ашканада отурушуп Барластын ашпозчу курбусу бир күнү мындай деп мактана кетти.

– Мен өлгүм келсе каалаган күнү өлүп алаберем. Бирок азыр өлгүм келбейт.

– Кантип?! – деди Барлас чочугандай жалгыз көзүн алайтып.

– Эмне кантип?

– Кантип өлө аласың каалаган күнү?

– Ээ, ал өзүнчө чоң өнөр.

– Кандай өнөр?!

– Чоң өнөр дебедимби. Мына, көрсөтөймбү? Демиңди толук чыгарып туруп, алдагы чоң челектеги сууну көтөрчү. Көтөрө албайсың ээ? А демиңди ичиңе тартып, абаны чыгарбай туруп көтөрчү. Бул эмес, мындай эки челекти көтөрөсүң. Туурабы? Же болбосо бир нерседен коркуп, же бир нерсеге ачууланганда жүрөгүң дүкүлдөп чыгабы? Ошондо терең дем тартып, абаны он секунд ичиңе кармап, анан дагы төрт жолу ошентсең жүрөгүң дароо тынчып калабы? Калат!

– Сен досум йогдон да кыйын окшойсуң?

– Йог болбосом да кээде шарап ичип мас болуп калсам үч басым дем алуу жолу менен беш мүнөттө таптаза болом да, ишке келе берем.

– Ой, анын мага кереги жок! Ичкилик ичпейм. Андан көрө кантип өлө коёсуң ошону айтчы. Айтсаң эми, кыйыктанбай.

– Эмне, өлгүң келип турабы?, – деди ашпозчу өтө эле теминип сураган Барласка таңкалып.

– Акыры өлмөй бар да. Билип алыш керек. Оңойбу ал өнөрүң?

– Оңой болчу беле. Дем алып атып анан токтотосуң. Акырындап.

– Эмнени токтотом?

– Жүрөгүңдүн сокконун.

– Токтото албайм да. Кантип токтотом?!

– Сүкүт салып. «Медитация жасап» дейт ламалар. Ошолордон үйрөнгөм. Ал үчүн көпкө көнүгүш керек, досум.

– Көнүгөм! Канча болсо көнүгөм!

– О кой, досум! Жаша дагы. Көпкө жаша. Мен да жашайм. Азыр сен араң дегенде отуздасың да.

– Үйрөтүп кой эми ашына. Жакшылыгыңды аяба!

Барлас боюн калчылдатып, тура жөнөгөн ашпозчу досунун алдын торой калды.

– Эй, сенин кебетең жаман го. Өлгөнгө эмне мынча кызыктың?

– Өлбөйм! Коркпо. Бирок үйрөнүп алайын. Бизде, кыргызда макал бар, «Эр жигитке жетимиш өнөр аздык кылат» деген.

– Өлбөйсүңбү деги?!

– Сен айткан күнү өлөйүн.

– Бирок үйрөнө аласыңбы? Кеп ошондо. Ар кимдин эле колунан келе бербейт бул иш.

– Балким келип калаар колуман. Үйрөтсөң, досум.

Ашпозчу Барласты биртопко шекий карап турду да кесе айтты:

– Өлбөсөң үйрөтөм.

– Өлбөйм дебедимби!

– Анда эртең баштайлы. Таза кол жоолук ала кел.

– Калыңбы?

– Жоок, жанагы эле кадимки жука бет аарчыдан.

Тамак ичпей келемби?

– Иче бер! Дароо эле өлөйүн деп аткан жериң жок да.

– Макул, макул. Дароо эле өлбөйм...

Ошентип күтүлбөгөн жерден эртеси ашпозчу өзүнчө эле билги йог болуп алды да, топоздун тезегин ташып келген Барласты танапис убагында тактага чалкасынан жаткыза коюп дем алууну бара-бара азайтуунун ыкмасын үйрөтө баштады.

– Полицай келип сураса: «Тыныгып жатам. Жүрөгүм начар» деп кой, макулбу.

– Макул.

Ошентип отуруп оголе көп күндөр арадан өттү. Барлас эми көнүгүүнү үйүндө, жумуштан кийин жалгыз өзү жасай турган болду.

– Байкагын, – деди ашпозчу курбусу эскертип, – демиң көпкө дейре токтоп, эки чыкыйың какшай баштаганда дароо кол жоолукту бетиңен тартып ал. Антпесең зыян болосуң. Ошого күчүң жетеби же жетпейби?

– Жетет, – деди Барлас курбусун ишендирип.

Бирок өзү шашып жүрдү. Ашпозчунун бул өнөрүн тез эле үйрөнсөм дейт, тез эле аркы дүйнөгө өтө качсам дейт. Анткени ал жакта Барласты эң кымбат адамы Анжела күтүп жаткан. Ал жөнүндө ашпозчу курбусуна айтууга болбойт эле. Ошон үчүн Барлас аны алдап, өлүү өнөрүн тезирээк үйрөткүн деп шаштырып жүргөн.

Күндөрдүн биринде Тибеттин үстүн караманча эле кара булут каптады. Же асман жарылып кетип нөшөр төгүп жибербей, же булут жыртылып, ар кай жери сөгүлүп жеңилдебей, таң супада түнөргөн капкара асман кечке дейре төбөдөн ныгырып жер үстүндөгү тирүү жандыктын бардыгын думуктуруп жиберди.

Барласты өзгөчө. Асманды булут алса эле анын дүйнөсү куруп кетчү. Анжеласы булуттун нары жагында калып кеткендей, ал экөөнүн ортосун булут атайылап тосуп калгандай сезиле берчү. Заманасы куурулуп, жүрөгү кысылганына карабай ал бүгүнкү жумушун бир башкача маанай менен шаша-буша эрте бүтүрүп, ичиндеги сырын каткан бойдон ашпозчу досуна акыркы жолу сырдуу кылчайып карады эле.

– Үч күндүк кылып үйүп салдың го тезекти, – деди ашпозчу Барластын кандайдыр ээликкенсип турганын көрүп, – тамак ичпейсиңби?

– Үйүмдө тамагым бар, – деди Барлас аны менен дароо кош айтышып.

Ошентип ал иңир ченде кепесине келди да, каалгасын ичинен илип алды. Үйүндө тамак эмес нандын күкүмү жок болчу. Чырагын да күйгүзгөн жок. Айда-жылда эле бир жыйылбаса дайыма чачылып жаткан секичедеги төшөгү даяр эле. Барлас болгону жаздыгын тигиндей алып салды да, чала чечинген бойдон жыгачтай төшөккө чалкасынан жата кетти. Бу жалганда же бир алдына койгон максаты жок,



жөндөн жөн эле жашап жүрө бергенден ал ушунчалык жадаган экен, тимеле азыр ушул жатышы менен дароо нары жүрүп кеткиси келгенин өзүнөн кенедей да жашырган жок. Анысын чын жери өзүнөн таптакыр жашырбай калганына огеле көп болгон. «Тезинен өлгөнгө не жетсин!» – деп көкүрөгүндө бир күндө миң жолу кайталаган үн угула берип ашмалтай болуп бүткөн. Ал үн кимдики экени да белгисиз. Айтору тынбайт. Шаштырат. Ачыктан ачык эле кулагына жаңырат да турат. Болгону, жумушуна чыгып элге аралашканда гана баягы үн дымып, кайдадыр жашынып калгансыйт.

Бу дүйнөдөн тигил дүйнө алда канча кызык болуп калган Барласта ойлоп көрсө эч арманы деле калбаптыр. Анткени бүткүл өмүрү, деле туулгандан берки баскан жолу бүтүндөй эле текши арман экен. Анан анын кайсы бирин өзүнчө бөлүп алып арман кылып отурат эле?! Бүт эле баары арман. Ошон үчүн эч бир арманы жок. «Жок арманы Барластын!!!»

Ачуусу, ызасы ичтейине толуп-ташып чыкканда, кепесинде жалгыз отурган Барлас кээде ушинтип кайгырып-кайгырып алчу да, узунунан солуп жатып калчу. Ошентип жаткан боюнча сүкүт салып, медитацияга өтчү, демин токтотконго шашчу. Бирок, демди токтото коюш деген баланын ойуну эмес экенине анын көзү небак эле жеткен. Алиги ашпозчу досу, карандай калпты шыпырткан көрүнөт! Ошентсе да, ага карабай аракет кыла бериш керек...

Баса, канча кылса да бир арманы жок эмес экен, Барластын. Эң акыркысы! Бирок ал дагы арылбай койгондон кийин Барлас ага да кайыл болгон. Кайыл деле болгон жок. Тимеле кол шилтешке мажбур. Андан башка эмне кылат эле? Колунан эмне келет эле?

Ушинтип бу түбүң түшкөн көр дүйнөдө, кымындай нерсе да кээде-кээде ишке ашпай, колдон келбей туруп алат эмеспи. Так ошонун өзү болду. Өткөн эле жумада. Барлас ушуердеги жападан жалгыз улутташы, кандашы Адилет менен жолугуп, колунан кармап, кучактап, ага билгизбей эле ичинен коштошуп коёюн деген болчу. Ошол тилеги менен, ал нечен алекет кылып издеди баланы. Бирок, чоң храмдын ичиндеги кыжы-кыймада таба ала турган эмес. Тимдентим эле алдынан чыга коё турган эмес Адилет. Ошон үчүн ал суугa киринип, сакал-мурутун алып, таза кийинип алып Адилетти атайын издеп чыккан.

Барлас иштеген ашкана жак «чарба тарап» деп, ал эми шелелер окуп жашаган жак «панчен» (ректор) тарап деп аталчу да, ал жакка чарба тараптагыларды киргизчү эмес. Ортодо ачык коридор бар, бирок эки полицай турчу ал посто. Ошолордун экөө тең Барласты таанычу. Атүгүл анын кикбоксинг боюнча Европанын, Борбор Азиянын чемпиону экенин да билишчү. Билмек тургай Храмдагы бүткүл полицай аттуулар, жаш жигиттер аңыз кылып сүйлөшүп, Барлас келатканда ордуларынан кандай тура калганын өзүлөрү билбей калчу. Бою эшиктен ашкан, бетинин баарын кандуу кармаштан тагы тырыйткан, өзү жалгыз көздүү шер сыяктуу жалтанбай баскан Барласты көрүшкөндө, көздөрү жайнап, сөз сүйлөй албай аптыгып калышаар эле.

Бу сапар да ошондой болду. «Панчен постко» дейре үч жерде турган полицайлар Барластын астын тоспостон, үндөбөстөн өткөрүп жиберишти. Атайын эле өткөрүп жиберишип, анан артынан суктанып карашкандай. Барлас болсо баарына тең жылмайып, баш ийкеп өтүп жатты. Бирок өзү билчү – жылмайганынан көрө анын мостойгону жакшы эле. Анткени жылмайган сайын жалгыз көзү чанагына

кирип, бырыктары бетинин  отун көздөй тартылып, кандайдыр бир ырылдаган кабыланга окшоп, кишинин үрөйүн учура турган. Бирок айла жок, жылмайбаса да болбойт, анткени тыйуу салынган жакты көздөй келе жатат.

«Панчен постогу» полицайлар мындай болоорун эч күтпөсө керек, ары карап отурушкан экен карп-курп келе калган Барласты көрө сала эстери чыгып кетти. Алдын тосконго да чамалары келелбай далдырашат. Бирок Барлас өзү постон өтпөдү:

– Ом мани падме хум!, – деди ал орусча чест берген сыяктуу колун кулагына көтөрүп.

Ошондо гана эки полицай экөө тең эсине эми келгенсип тура калышты да Барластын астын торошту.

– Кирүүгө болбойт!, –  деди бирөө өтө эле арсарсыган үн менен.

– Билем, – деди Барлас алдындагы белкырчоосунан келип турган полицайларга эңкейе сүйлөп. – Менин силерге өтүнүчүм бар. Кандай кылганда жердешиме жолуга алам. Ал ушул жерде окуйт.

– Кыргызбы?, – деди бир полицай. Кыязы бул жердегилер эки кыргыздын тең чоо жайын толук билишет көрүнөт.

– Ооба, Адилет. Ал менин иним да.

– А, Миларепабы, – деди экинчи полицай биринчисин карап.

– Ага кирүүгө болбойт, – деди биринчиси, Барласка эми араң биртике такаат кылгансып. – Анын аты азыр Миларепа. Лама Цунун бөлмөсүнөн да нарыда жашайт. Ал иниңизди атайын пост кайтарат. Жанында жансакчысы да бар.

– Ого, ошондой болуп кеттиби? – деди Барлас кубангандай таңыркап.

– Кандай кылсам кирем. Кеңеш бербейсиңерби.

– Лама Цу, же болбосо ректор өзү уруксат бериш керек. Бирок азыр сабак учуру. Экөө тең сизди кабыл албайт.

Барластын беттери тырыша түштү. Ушунча даярданып алып келсе, моминтип турганын кара! Анын өксүй түшкөнүн көргөн эки полицай чочуркап эки жакка четтей беришти. Кокус аттын туягындай зылыйган колдору менен серпип жибереби деген сыяктуу коркунуч.

– Анда качан келейин, – деди Барлас наараазы болгон түр менен.

– Саат төрттөн кийин.

– Кимисине келейин?

– Панчен-ламага кириңиз.

–  Ректоргобу?

– Ооба.

– Баары бир, Лама Цусуз Мани Ясого киргизбейт ко, – деди экинчи полицай сөздүн ачыгын айтып.

– Панченге кирсе анан алар өздөрү сүйлөшөт да.

Ошентип Барлас кайра кепесине кетип, кеч бешимде кайра келди. Келсе ректор да, Лама Цу да жок. Адилет болсо Тибеттин ыйык кишиси, Миларепанын кайра жаралган түгөйү катары мындан ары катуу кайтарууда калыптыр.

– Жансакчысы менен сүйлөшөлүбү. Ушул жерде иштеп атып, Адилет инимди көрбөгөнүмө бир жыл болду. Бир мүнөткө кантип уруксат бербесин.

– Оо, ал жансакчы жырткычтан да жаман. Тибеттеги эң катуу полицай. Керек болсо Далай-ламаны жанына жолотпойт, – деди баягы эки полицайдын бири.



Барлас көпкө дейре ошол жерде ойлонуп отуруп, анан акыры түңүлдү. Адилетке жолуксам деген ою негедир чардай учуп, көкүрөгүн башка санаалар басты.

Ошентип ал, күздүн күн катуу бүркөлгөн бир кечинде кайрадан жапыз кепесинде сүкүт салып жатты. Анын оюнда ушу бүгүн түнү «кетип» калыш керек эле. Ашпозчунун айтканы дайыма эсинде, ал айткан: «Эң акырында, эки чыкыйың какшай баштаганда, чыдабай бараткаңында бетиңди жапкан жүзаарчыны алып ыргыт» деп. «А бүгүн мен ашпозчуну укпайм» деди Барлас эсмас абалда жатып. Байкаса чындап эле деми токтогону баратат. Чыдаса болот экен. Чыкыйы деле анча сыздабагансыйт. Бетаарчыны алып ыргытуунун эми кажети жок. Эч кыйналбай...

Ох, бу турмушта каргаша деген көп болот эмеспи! Дал ушул тушта кимдир бирөө эшигин такылдатса болобу. Тимеле тарса-тарс. Барластын өчүп бараткан аң-сезимдери кайра ойгоно баштагансыйт. Бирок, саамга дейре баары бир түшүнбөй жатты, эмне болуп атканын.

Эшиги кайрадан тарса-тарс. Эшик деле эмес, ичке тактайлардан эле тизип уруп койгон каалга эле. Ачык эле калган болуш керек. Барлас атайын ачык таштаган. Балким ал үч күн, үч түн бою өлүү жолунда жатканда кимдир бирөө келип тедол[1] окуп коёр деп үмүт кылган болчу. Келсе эле ашпозчу досу келмек да, башка ким келмек эле?

Каалгасы кайрадан такылдады. Барлас бу сапар демин ушунчалык азайткан экен тимеле караңгы кургуй менен кайдадыр ылдый, жердин жети катмарын көздөй учуп жөнөгөнү аз калган болсо керек. Ошол кургуйдан кайра көтөрүлүп чыгыш керекпи же жокпу? Же болбосо тынымсыз учуп отуруп жарк эткен «Жарык дүйнөгө» биротоло чыгып кеткени оңбу? Албетте ошонусу оң да. Анын бар максаты ошол эмес беле!

Ангыча каалгасы кайч этип ачылган сыяктанды. «Ашпозчу досум» деп боолгоду Барлас бүдөмүк сезиминде. Бирок ойгонгусу келбей көздөрүн ачкан жок. Ашпозчу досу болсо эң сонун тедол окуп кыргыз курбусун Бардого* узатып койсун.

– Мырза Барлас! Э, мырза Барлас! Барсызбы?!

Барлас бул бакылдаган жоон үндү чын уктумбу же калп уктумбу деп ойлонуп калды. Баягы үн кайра да бир кайталанганда Барластын тынчы кете түштү.

– Эшик ачык. Бул ким? – деди ал үнүнүн болушунча унчугуп. Бирок кирген адам анын үнүн уккан жок. Ошон үчүн ал кайрадан катуу бакылдады:

– Уйкуңуз ушунчалык катуубу? Же кулагыныз укпайбы?

Барлас көзүн жылтыйтып ачты да дал үстүндө далдайган чоң полицай турганын көрдү. Сырттагы жарык терезеден үйүнүн ичине түшүп турган экен.

– Сизге ким керек?

– Сиз Барлас мырзасызбы, деги?

– Мен.

– Анда сизди Панчен-лама, ректор күтүп атат. Тез келсин деди.

– Мениби?!

Барластын бүткүл сезимдерин кайгынын илеби уруп кетти. Ушундай кантип болсун? Кайрадан төшөктөн туруш керекпи ыя? Кантип турат ордунан? Биротоло, түбөлүккө жатты эле да. Кантип эми...

– Тезирээк туруп кийиниңиз, Барлас мырза!

[1] Тёдол – мусулмандарча алганда ыйман окуу маанисинде.

– Мен эмне үчүн ректорго барышым керек?
– Аны мен билбейт экем.
Барлас эми кыйла эсине келгенсиди. Ал түгүл чочуп кетти.
– Азыр түн да! – деди ал үнү киркиреп.
– Панчен-лама али ишинде.
– О, ректорго чакырып атасызбы. Мен жердешим Мани Ясо менен көрүшүүгө улуксаат ала албай жүргөм. Билесиз да.
– Аныңызды билбейт экем.
– Балким ошону угуп чакырып атса керек мени?
Барлас чайнектеги суудан куюнуп бети-башын жуунду да, үстүн жаңыртып кийип полицайдын артынан жөнөдү.
Жана ылдыйтан, төшөгүндө жатып караганда үстүндөгү полицай Барласка тимеле зор көрүнгөн. А көрсө кыдыңдап жорго баскан кичинекей арык неме экен. Ал эми атактуу Жохан храмынын панчени андан да арык неме болуп чыкты. Дегеле бүткүл Тибет боюю семиз киши бар экени күмөн. Топоздун кылаңыр майы салынган куурмак чай менен арпа көжөдөн башка тамакты өмүрүндө самап көрбөгөн эл.
– Ошол жерге отуруңуз! – деди бөлмөсүнө кирген Барласты көрө коё денеси дүркүрөп кеткен панчен шашкалактап. Ошентип ал жалгыз көздүү карасур жигитти не бар не жок дегенсип өзүнөн алыс отургузду. Андан соң ал бир даарга дейре же сөз баштай албай, же Барластын жүзүнөн көзүн ала албайт. Нес болуп эле далдырайт. Кыязы алдында отурган адам таптакыр күтүүсүз болуп чыккандай.
– Сиз чакыртыпсыз. Мен сүйүнүп кеттим. Анткени сизге кире албай жүргөм.
– Айта бериңиз, айта бериңиз, – деди панчен шашылып. Ал Барластын тибетче так сүйлөгөнүнө ыраазы боло кетти окшойт. Бирок эси чыгып корккону дагы эле билинип турду.
– Мен сизден Мани Ясону көрүшкө улуксат алайын дедим эле.
– Улуксатпы?! Оо, анда...
– Ал менин бир тууган иним. Кыргыз!
– Билем, билем.
– Улуксат бересизби?!
– Албетте. Бирок...
– Эмнеге бирок?!
– Албетте улуксат беребиз. Бирок...
– Эмне үчүн бирок, түшүнбөйм.
– Мен сизге айта албай атам. Шаштырбасаңыз.
Барлас панченди таңыркай карады да тынчып, үңкүйүп калды. Акыры панчен эсине келди окшойт, эки билегин жеңинен чыгара серпип, боюн түзөй отурду да, олуттуу түр менен мындай деди:
– Биз сизди өтө жооптуу маселе боюнча чакырдык эле. Ошон үчүн менин каршымдагы бош бөлмөдө бираз күтө турсаңыз деп өтүнөм.
Барлас эч нерсе түшүнбөй ийнин куушурду да, панчен көрсөткөн бөлмөгө өтүп отуруп калды.
– Кадырлуу Цу, – деди панчен андан кийин Лама Цуга телефон чалып, – мага келип кетпесеңиз болбой калды. Сиздин өтүнүч боюнча Барлас деген монахты чакырттым эле. Бирок бул маселени мен өзүм жалгыз чече ала турган эмесмин. Ыя? Келсеңиз көрөсүз.



Панчен-лама Цуну эшигинин оозунан тосуп алды да мойнун созуп кулагына шыбырады: «Мунуңуздун өтө эле түрү суук экен».
– Ошончо элеби? Мен аны көргөн эмесмин.
– Азыр өзүңүз көрөсүз. Менин чочулаганым, эки айдан кийин Далай-ламага алпарасыз Мани Ясону. Ошондо улуу көсөм мындай түрү суук немени көрүп калса капа болбос бекен. Сиз экөөбүзгө нааразы болуп жүрбөсүн?
– Көрөлүчү.
– Тигил бери кирсин! – деди панчен эшик оозунда турган полицайга.
Кандай неме кирээр экен деген ой менен Лама Цу ачык эшикти абдан кызыга карап турду эле аңгычакты жүрөгү болк дей түштү. Барлас босогодон бир аттап кирип эшикти бүтүндөй тосуп калган эле.
– Мынабул орундукка отуруңузчу, – деди эрксизден шашылган Лама Цу Барласка тигиндейдеги орунду көрсөтүп. – Сиз менен таанышсак деген оюбуз бар. Каршы болбойсузбу?
– Кандай айтсаңыз макулмун, – деди Барлас жалгыз көзү менен тигил экөөнү тике карабаска аракет кылып.
– Ден соолугуңуз кандай? Эч жериңиз оорубайбы?
– Эч жерим оорубайт.
– Жашыңыз канчада?
– Тибетче алганда карып калдым окшойт. А бизде кыргызда отуздагы адамды али жаш деп коёт, – деди Барлас ылдый карап күлүп.
– Албетте, жашсыз. Күчкө толуп турган чагыңыз... Бирок бизде жаш кары деп канчага чыкканына карата айтпайт...
Жохан Храмынын эки жетекчиси бир саат боюу Барластын ичи-койнун бүт аңтара сураштырган соң аны кайрадан коңшу бөлмөгө чыгарып жиберишип өзүлөрү унчукпай тынып, ойлонуп отурушту.
Бул маселе чынында эле терең ойлоно турган иш болчу. Үч эле күн мурда Жохан храмында эки полицай Тибеттин коргонуу кызматкерлери тарабынан камакка алынган. Ал мындай болду.
Мани Ясонун үчүнчү көзүн каныктыруу үчүн Лама Цу экөө храмдын эл чубап кирген эшигинин тушундагы атайын айнек кабинада отурушкан болчу. Мани Ясо кирип келаткан адамдардын мээрин айтып турат, а Лама Цу болсо анын жандырмагын үйрөтөт. Ошентип алар күнүгө эки сааттан иштешчү. Үч күн мурда эшиктен бир кара беретчен полицай кирип келатканда Мани Ясо айтты: – Бул полицайдын мээри кочкул күрөң, анан чачыранды экен.
– Кандайча чачыранды экен?
– Кадимки эле суу чачыраган сыяктуу. Көлмөдөгү сууну бир нерсе менен чапканда чачырайт ко, ошол сыяктуу. Анан төшү ылдый салаалап кочкул күрөң нур баратkансыйт.
– Бул өтө жаман! Өтө коркунучтуу!
Лама Цу ордунан тура калчудай обдулуп кайра отурду. Аңгыча Мани Ясо кошумчалады:
– Мага жансакчы кылып полицай-монах Жосайды койбодуңарбы? Ошонун мээри тез-тез өзгөрүп, кадим азыркы өткөн полицайдыкындай кочкул күрөң болуп ылдый ачылып турат.
– Чын элеби?

Лама Цу бу сапар ордунан ыргып турду.

– Бүгүнчө сабакты бүтүрөлү, – деди ал шашылып.

Ошону менен Мани Ясо өз бөлмөсүнө кетип, анын жансакчысы полицай Жосай эшиктин сыртында турган. «Кереги жок» деп Мани Ясо жакшы эле каршы болду жансакчы дегенге. Анткени уялды. Басса-турса эле, бир чоң киши акыйып карап турса кыйын экен да балага. Адегенки күндөрү ал түгүл качып кетүүгө аракет кылды кароолчусунан. А бирок анте албайт экен. Бир храмдын ичинен кайда качып кутулмак эле. Ошентсе да эки ирет көптүн ичине кирип кетип таптырбай убара кылды эле Жосай ал жөнүндө Лама Цуга айтып даттаныптыр.

– Уулум, – деди Лама Цу баланы чакырып алып, – бул өзү айла жоктун иши. Мен деле жактырбай турам сиздин жаныңызда бир полицайдын такай жүрүшүн. Бирок Далай-Ламанын буйругу бул. Аткарбаска акыбыз жок. Биз билбейбиз, а Далай-Лама мамлекеттик жашырын иштерди билет да. Кыязы сизди уурдап кетчүлөр бар го.

– Кантип эле уурдасын, – деди бала чын дилинен жылмайып.

– Сиз аны кийинчерээк түшүнөсүз, мен сизге дайыма айтып жүрөм, уулум. Өтө сак болуңуз деп.

Ошону менен Мани Ясого «дөөлөрдүн мекени» деп аталган Тибеттин Кам өрөөнүнөн чыккан мыкты полицай Жосай илээшти да калды. Нечен ирет күч сынашкан күрөштөрдө алдына киши чыгарбай байге менен атак алып жүргөн Жосай бармактай бир балага жансакчы болуп калганына ыза. Адегенде ал кетмек болуп да жүрдү. Эңгезердей чоң кишиге бул кызмат деле эмес экен. Керээли кечке баланын эшигин кайтарат. Ал болсо дайыма эле сабакта. Класстан-класска өткөндө, же ашканага баратканда-келатканда эле аркасынан ээрчип калбаса, негизинен эле Мани Ясо отурган бөлмөлөрдүн жабык эшигин аңдып отурат. Бир жолу ал Панчен-ламага атайын кирип, бала сабакта отурган сааттарда башка жумуштарымды бүтүрө берсем болобу деп уруксат сураган. «Жок!» деген кесе жооп алды. «Баланы кай убакта болбосун капыстан бир жакка чакырышыбыз мүмкүн».

Ошонун эртеси эле Жосай бул иште иштебейм деп кескин баш тартты. Панчен-лама аны эптеп ордуңа киши тандагыча чыдай тур деп көндүргөн. Бирок, бир жума айланбай ал кайра иштейм деп калыптыр. Ошого сүйүнгөн панчен. Анткени Жосайдай тың-тарс полицай таба коюш оңой иш эмес.

Дал ошол, Мани Ясого өз ыктыяры менен жансакчы болгондон жарым жыл өтпөй полицай Жосай колуна кишен салынып Тибеттин коргонуу кызматы тарабынан кармалып отурбайбы. Болгондо да жалгыз эмес, өзүнө окшогон дагы бир жолдошу менен. Көрсө, ал экөө Тибетти көзкаранды кылып басып турган Аскер күчтөрү менен тымызын байланыш түзүшкөн экен. Ири суммадагы акча алышыптыр. Алар өздөрүнүн мекенин Тибетке каршы аткара турган чыккынчылык иштердин санында Мани Ясону уурдап кетүү милдети да бар болуп чыкты. Ал эки чыккынчыны камоонун себеби Лама Цунун төмөндөгү билдирүүсү эле: «Миларепанын реинкорнациясы болуп эсептелген Мани Ясонун көргөнүнө караганда ага жансакчы болуп коюлган монах-полицай Жосайдын жана ага келип жолугуп, жүргөн Сикким храмынын полицайы Чампал экөөнүн тең аурасы ичи бузуктукту, өтө бир коркунучтуу ишке бел байлагандыктарын көрсөттү. Тезинен текшерүүгө алышыңыздар керек. Кеч болуп калбасын. Лама Цу».

Мына ушундай атайын билдирүү Далай Ламанын колуна тийээр менен, ансыз да шектүү болуп калган эки полицай дароо камакка алынат. Ошол эле саатта Жохан храмынын панченине Мани Ясону бышыктап кайтаруу жана баланын өзүнүн жеке тандоосу менен жансакчы коюу жөнүндө көрсөтмө берилет.



– Уулум Мани Ясо, – дейт ошондо Лама Цу баланы өзүнө чакырып алып, – сиздин мурдагы түгөйүңүз Миларепа жашаган доор башкача эле. Анда адамдар Миларепанын сыйкырдуу кудуретинен коркуп ага кол сала алышчу эмес. Азыр болсо заман башка. Адамдан адам коркпойт, сыйлабайт. Тескерисинче касиеттүү адамга көз арткандар, көрөалбай ичи тарлык кылгандар, ага жамандык издегендер арбып кетти. Мына ошол себептен сиздин жансакчыңыз полицай Жосай, анын шериги Чампал экөө чыккынчылык ишке барып душманга сатылган. Ошол себептен экөө тең камакка алынды. Азыр эми сиз кайтаруусуз калдыңыз. Тезинен тандашыбыз керек. Көсөм Далай-ламанын буйругу боюнча жансакчыны биринчи кезекте өзүңүз тандайсыз. Калганыбыз, мына мен баш болуп адамдардын мээрин, ички дүйнөсүн көрө албайбыз. Сыртынан карасаң полицайдын баары эле жыпылдап сонун, а ичинде эмне бузугу бар экени бизге белгисиз. Ал иш сиздин гана колдон келет. Бүгүн эле Жохан храмында болгон полицайдын бардыгын сиз экөөбүз ооздогу айнек кабинага отуруп алып карап чыгабыз.

– Жосайдын мээри жаман болгон менен өзү жакшы киши болчу. Мага таттуу нерселерди көп алперчү.

– Качантан бери? Эң башынан бери элеби?

– Башында мени жаман көрчү.

– Кеп ошондо уулум. Душмандар муну кийинчерээк колго алышкан. Кийин сатылды. Анын мээр нурун мага убагында айтып калдыңыз. Болбосо кечикмекпиз. Эми уулум, ишке киришели. Бүгүн саат үчтө бардык полицайлар табынуу залын көздөй чубайт...

Мына ушундай иш өткөн жумада болгон. Табынуу залына чубаган полицайлардын көпчүлүгү демилгесиз, өз гана жанын баккан, чабал касиеттерин көрсөтүп, азганатайы бозомук жарык мээрин көрсөткөн. Бирок ошол аздын ичинен да темирдей эркти, коркунучтан кайра тартпас шер мүнөздү көрсөткөнү болбой туруп алды. Ошондо Мани Ясо санаа тарткан устаты Лама Цуга минтип турбайбы:

– Урматтуу Цу ата. Сиздин самаганыңызга туура келген бул храмда бир киши бар. Бирок ал полицай эмес.

– Ким ал?

– Ашканага тезек ташыгыч.

– Тезек ташыгыч? Лама Цу биртоптон кийин башын көтөрдү.

– Сиз аны менен ашканада таанышкансыз го?

– Ооба. Жашаган жерине да чакырып бүт таржымалын айтып берген. Ал да мендей Кыргызстандан болот экен. Мээр нуру жакшы. Бирок ойлогон ойлору окулбайт. Анткени бети бүт тырык-мырык.

Лама Цу баланы угуп бираз кабатыр болду:

– Чоочун адамдардан сак болушуңуз керек Мани Ясо. Сиз башка бир да полицайдан тезек ташыгычтыкындай мээрди көрө алган жоксузбу?

– Көрө алган жокмун, ата.

– Анда эмесе көрөлү тезек ташыгычты. Жаш адамбы өзү?

– Жашын билбейм, ата. Өзү кикбоксинг боюнча Европа менен Азиянын чемпиону болгон экен.

Ушундан кийин Лама Цу панченге телефон чалып анан ал Барласты өзүнө чакырткан болчу.

– Сиз айткандай түрү өтө эле коркунучтуу экен, – деди Лама Цу панченди карап. – Эмне кылабыз? Мани Ясонун айтуусунда бул адамдын мээри шоолаланып, денеге жакын жагы мала саргыч чалып турат экен. Демек таза киши. Кикбоксинг боюнча Азия менен Европанын чемпиону имиш. Кебетесинде турат.

– Аты жөнүн толук айтса балким мен тааныйм муну, – деди панчен ышкыбоздонуп. – Мен кикбоксиндин күйөрманымын да. Өзүм да биркезде Тибеттин чемпиону болгом.

– Баса ошондой, – деди Лама Цу панченди баштан аяк сынай карап күлүп.

– Анда эмесе чакырып сүйлөшөлүбү? Өзү тибет тилин мыкты үйрөнүп алыптыр...

* * *

Көптөгөн сүйлөшүүлөрдөн кийин, Тибеттин коргонуу комитетинде Барласты атайын сынактардан өткөрүп келишип, акырында Мани Ясого жолуктурушту. Барластын эңсегени ушул эле. Адилетти кадимкидей сагынып, ага жансакчы болуш үчүн эмес, көбүнесе аны көрүш үчүн баарына тең макул болуп жүрүп отурду. Жалаң ошол үчүн тиги дүйнөдөгү Анжеласына кетмегин да токтото турууга бел байлаган. Мен ал жакка биротоло кетем. Түбөлүккө барам. Ошон үчүн эки үч күндүн нары-бериси жок деп өзүн-өзү көндүргөн. Анын үстүнө биротоло жансакчы болуп иштеп калаарын анын өзүнө дааналап деле айтышкан эмес. «Сынактан өтөсүз, Адилетке жолугасыз. Калганын көрө жатабыз» деп коюшкан.

– Мен өз иним Адилетке жолугуш үчүн эмне үчүн тапанча атып сынак беришим керек?! – деп көп сынактын биринде ал комитеттин офицерине тикелей суроо койду эле ал жигит эмне деп жооп берээрин билбей жаман болду.

– Жогор жактын буйругу ушундай, – деп кутулайын деди эле Барлас офицерди чыканактан алды:

– Айтып коюңуз эми мага, мен шпион эмесмин го?

– Билсем айтат элем. Билбейм. Бизде тартип ушундай – полицайлык кызматка даярдангандардын бардыгы бизден сынактан өтүшөт.

– Охо-хо – деп Барлас эзиле күлүп алды. Жалгыз көздүү полицайга жетишет экенсиңер. Бүткүл дүйнөгө шылдың болбойсуңарбы.

– Тапанчаны жакшы эле атат турбайсызбы.

– Полицай дегендин өңү-түсү болуш керек. Жалаң тапанча менен эмине кылам? Мисалы мен ушул кебетемен уялып өзүм иштеген храмдын монахтарына көрүнбөй качам.

– Көп сүйлөбөйлү. Макулсузбу?.

– Сага жакпай калдымбы?!

Барлас акыр түбү Адилетке жолукмай болгонуна чындап толкунданып, Лама Цунун бөлмөсүнүн алдында турду. Бул жерге аны жардамчы Дей ээрчитип келген. Тибет тилин жакшылап үйрөнүп алган Барлас жолдоката аны да жөн койбой:

– Мен Адилет инимди жаман кепеме коноко чакырып алсам болобу же болбойбу?, – деп сынап келатты.

– Балким, – деди кишиге дайыма пейли жакшы Дей күлмүңдөп.

– Аны ким чечет?

– Лама Цу чечсе панчен жок дебейт.



Бара түшкөн соң Дей кайра чочугансып минтти:

– Бирок азыр тартип өтө катуу. Эки чыккынчы полицай колго түшкөндөн кийин бардыгы өзгөрдү. Ошон үчүн Мани Ясону үйүңүзгө чакыра албайсыз го.

Ал айткандай эле бар экен. Мурда «панчен постон» кийин жол тоскон эчким болчу эмес. Азыр болсо андан кийин дагы эки пост пайда болуп, акыркысы Лама Цунун бөлмөсүнүн тушунда экен. Дал ошол акыры пост Дейди биртоп убара кылды.

– Лама Цуга кирүүгө азыр болбойт. Ал жакта кадырлуу чоң адам бар, – деди оң колун төшүнө көтөргөн жаш полицай Барласты коё бербей.

– Бул киши ошол кадырлуу адамга жолукканы баратат. Коё бериңиз.

– Жок, болбойт. Лама Цу өзү айтыш керек. Анын өзүнүн көрсөтмөсү ушундай.

Дей аргасыз алаканын жайды да, беш-алты эле метр жердеги Лама Цунун эшигине кирип кетти.

Ушунчалык көп тоскоолдон өтүп отуруп, акыры Адилетке бир жеткенде Барлас кадимкидей барбактап көрүшөйүн деди эле, болбой калды.

– Ой, бир тууганым, кандайсың деги, асыл иним! – деп чоң денеси менен өзүн басканы келатканда эле Мани Ясо сөөмөйүн эрдине басып койду эле Барлас оңтойсуз тайсалдай түштү:

– Эмне, учурашса да болбойбу? – деди ал кыргызча сүйлөп.

– Болот, – деди Адилет жылмайып. Андан кийин Лама Цуга ишарат кылды эле, устат Барласты чакырып, өз алдындагы кош жаздыкка отургузду.

Сөз көп болду. Акырында Барлас Лама Цунун жансакчы жөнүндөгү сунушунан баш тартты:

– Менин акыры максатым ушул инимди бир көрүш эле. Көрдүм. Кадимкидей чоң жигит болуп калыптыр. Эми кете берсем болот. Сиз мени кармабаңыз, улуу устат, – деди Барлас оң колун төшүнө коюп. Андан кийин сыртка чыга жөнөмөк болду эле Лама Цу күлүп токтотту.

– Шашылбаңыз, – деди ал, – эгер ушул жигит сиз үчүн кымбат болсо, анда өзүңүз кам көрүңүз. Биз сизге ошондой мүмкүндүк берип атабыз.

– Байке, макул болсоңуз, – деди Адилет өз тилинде. Барлас жалгыз көзү менен аны бутунан башына дейре бир карап алды да, жер тиктеп калды. Андан соң Лама Цуга кайрылды:

– Улуу устат. Биздин Адилет өз элине акыры барабы же жокпу? Мен ушуну билгим келет.

– Мани Ясо Улуу Жолдо бараткан өзгөчө адам. Кийин, керек болсо дүйнөнүн кайсы бурчуна барам десе өзү билет. Бирок баскан ар-бир кадамы коркунучта болгондуктан, жанында дайыма өзү ишенген кишиси болуш керек. Мен туура айтып атамбы, кандай дейсиз?

Лама Цуну карабай, бирок оң кулагын салып, сөзүн тыңшап отурган Барлас «туура» дегендей башын ийкеди.

– Баса менин эсиме бир айтым сөз түштү. Ошону угуңуз, – деди Лама Цу жандана түшүп. – Бир жаш эле монах жалгандагы вазипасын толук аткарбай туруп эле түбөлүк жарык дүйнөнү көздөй шашылып калат. Эң бийик тоодогу монастырга чыгып барып ошол жерден өлмөк болот. Жети күн жети түн сүкүт салып, демин токтотмокчу болуп сыртта жалпак таштын үстүндө жаткан күндөрдүн биринде асмандан бир ажайып үн угулат, кулагына. Эсинен саал кете түшкөн неме эмне

деген үн экенин ажырата албайт. «Аны тыңшап эмне кылат элем, өлө берейинчи» дейт ал сүкүтүн уланта берип. Эртеси баягы үн кайрадан угулат. Монахка аябай жолтоо болот. «Бул кандай каргыш тийген үн» деп монах жини келип акырындан ойгоно баштайт. Ойгонсо – бир керемет – асманда кадимки бүркүт шаңшып аткан экен. Тибетте бүркүттүн шаңшыганы асмандын үнү деп эсептелет. Сиз аны билесизби урматтуу Барлас мырза?

– Билбей анан. А бизде, кыргызда, билесизби, бүркүттүн өзүн канаттуулардын пашасы дейт. «Пашасы» деген падышасы деген сөз! Бизде бүркүт ыйык!

– Эң жакшы! Эң жакшы! Демек сиз менин айтканымды түшүнөт экенсиз! Ошентип, өлөм деп жаткан монах сүкүтүн жандырып ийет. Жандырып ийип асманга тикирейип көз тигет. Караса асманда, тээ бийикте, зооканын кылда учундагы көк асманда бир чоң эне бүркүт балапандарын учуруп, үйрөтүп аткан экен. Монах ошону карап карегi талып жатса баягы «кляк» «кляк» деген үн кайрадан кулагына угулат. Бирок, бу сапар алыстан эмес, тимеле кулагынын түбүнөн чыгат ошол үн. Монах башын буруп карай салса дал тушунда канаты кагыла элек, али абыдан уча элек бир сары оозул балапан жаткан экен. Тээ зоокадагы бийиктен бери уча албай, али мултук канатын каккылап келип таштак жерге урулса керек.

Монах аны көргөндө секирип ордунан турат да, балапанды дароо койнуна катат.

Кайра тирилген денесинин деми менен жылытып, бирок тамак берейин десе айланада топурак-таштан башка эмне болмок? Кескелдирик менен момолой сыяктуулар кишиге карматпай калсын. Ошондо монах балапанды өз денесиндеги сирке, бит менен баккан экен. Балапан чоңойгон сайын ал биттерине жалынат: «Э, кибиреген макулуктар! Силер да куу кекиртектин айласынан менин канымды соруп күн көрүп жатасынар. Ага мен кайыл элем. Бирок кечиримдүү болгула, заң ушундай экен, силерди мен мынабул бүркүттүн балапанына жем кылайын. Ошон үчүн менин канымды батыраак соруп, этимди жеп тезирээк ирдеңгиле, балапан тойгудай болсун.»

Ошентип монах тирүүлүктө күтүлбөгөн вазипага туш болот да, анысын өз денеси, кан-жаны менен аткара берет. Убактылуу өлүмдү унутат. Күн артынан күн өтүп, балапан бозум түлөк жашка жеткенде асманга атып чыккан экен.

Жерде жаткан монах балапан бүркүттүн улам өйдөлөп, улам бийиктеп, андан ары нечен мейкиндерди сабалап учканын көзү көрбөй калгыча тиктеп жатып ыраазы болот да, кайрадан өлүмдү эстейт. «Аз болсо да жакшы иш аткардым окшойт. Куш төрөсү бүркүттүн бир балапанын асырадым. Мындан артык эч нерсе колуман келбейт. Жайыма жүрүп кете берейин» деп ойлойт да, кайрадан сүкүткө отурат. Деп ошентип ал демин жайлата баштаган кечте баягы бозум түлөк абаны жара шуулдап, монахтын үстүнөн бир нече мерте каргып учат да баш жагына келип конот. Монах көзүн ачып караса жанында өзү сындуу дагы эки үч жаш бүркүттөр бар экен. Бардыгы тең шаңдуу, бардыгы тең канаттарын таранып, ойносо оюнга, учса асманга тойбой турган чагы экен.

«А, тууруңа кошулдуңбу балапаным» – дейт кечил монах өз баласын көргөндөй сүйүнүп. Ал өмүрүндө үйбүлө күтпөгөн соң аталык мээрими деле жок болчу. Ошентсе да, бу бала бүркүт анын табигат берген, бирок уктап калган сезимдерин козгойт. «Атаганат мунумдун туйгун болгонун көрсөм болот эле» деп арман кылат. Андан соң туйгунум кыраан болсо деп, кыраан бүркүтү кадимки канаттуунун сырттаны болгонун көрсөм деп арман кылат. Анан ал ошол арманы бүт арылганча жашап туруп бир күнү баягы таштын үстүндө жан берет. Оо, ал арада канча жыл өттү? Монах өлөм деген күндөн баштап туйгуну шырп алдырбас кыраан болгуча, жер шарын айланып учуп бүткүл канаттуулардын сырттаны болгуча оголе көп жыл өмүр сүргөн экен ал монах.



Ошентип ал көз жумган соң баягы сырттаны жолдоштору менен асмандан шукшурулуп түшүп келет да, төрт метр келген кошканатына жаткырып алып, монах «атасын» асманга көкөлөтүп алып кеткен болот.

Ошентип монах бу дүйнөдө да, тигил түбөлүк дүйнөсүндө да тилегине жеткен экен.

– Түшүндүм урматтуу Лама Цу! Түшүндүм Адилет иним! – деди айтым сөздү бүтөөр менен Барлас өтө толкундана ордунан туруп. – Эмне кылышым керек, айткыла! Мен баарына макулмун.



**Т**ибет автоном районунун диний жана бийлик жетекчиси Далай-лама Жохан храмында билимин өркүндөтүп жаткан Мани Ясону белгилеп койгон мөөнөтүнөн мурда, шашылыш кабыл алмай болду. Андай буйрукту алаар менен өзгөчө Лама Цунун тынчы кетти, анткени алдында дагы бир ай мөөнөт бар эле да. Ошого ылый-ык даярдап жаткан болчу өспүрүмдү. Азыр эми бир айлык ишти бир жумада бүтүрүү керек болду. Анын үстүнө белгисиз – Далай-лама эмне максат менен шашылыш чакырды? Кандай милдет таккан турат Мани Ясого? Же болбосо, канча жашырышса да болбой кабары дүң этип, будда өлкөлөрүнө угулуп кеткен Мани Ясону өзү эле тездетип көргүсү келдиби. А балким кошуна өлкөлөрдүн жетекчи-лери ага суроо сала башташкандыр. «Силерде Миларепа кайра жаралдыбы?» деп. Ошон үчүн Далай-лама шашып калдыбы? Өзгөчө, өткөн айда эки полицай камак-ка алынгандан кийин Мани Ясону уурдого болгон аракет угулду да туш-тушка. Учурда андай кабар жерге жатпай калсын.

Кыскасы, ансыз да күнүгө он сааттан иштеп атышты эле, Лама Цу анын үстүнө дагы үч саат кошууга аргасыз болду.

Мындан эки ай мурун, Далай-лама Ясону кабыл алам дегенде эле Лама Цу-нун бүткүл иш пландары бузулуп, өзү эки-үч күн бою маанайсыз жүрдү. Анткени Мани Ясо ыраат боюнча эң маанилүү, узак мөөнөткө кетчү оккульттук көнүгүү-лөргө жаңы эле киришкен болчу. Эми болсо алардын баарын токтото туруп, Да-лай-лама эпадам карп-курп берип калчу ар кандай суроолорго даярдык көрүш керек болуп калды.

Ошол суроолордун бирөө – өткөндөгү Миларепанын бүткүл рухий казына-сын, анын толгон токой философиялык, диний жана эпикалык ырларын, айткан накыл сөздөрүн, көп жолу ааламды кезип жүрүп жасаган бүтүндөй астралдык иштерин Мани Ясонун эстутумунда толук ойготуу керек эле. Анткени Далай-лама баш болуп бардык адамдар эң оболу мына ушуга кызыгат. Бул өспүрүм чындап эле касиеттүү Миларепанын кайра жаралышыбы, же болбосо Лама Цу-нун ойдон чыгарган фокусубу? Эгерде бул иш афера болуп чыкса, анда Лама Цу эле эмес, Жохан храмы эле эмес, атүгүл бүтүндөй Тибет же Далай-лама эле эмес, дээрлик будда дүйнөсүнүн абийирине жабылган кара көө болгону турбайбы.

Ошол коркунучту эң жакшы түшүнгөн Лама Цу Мани Ясонун реинкорнация экендигине тээ башында эле, мындан жети жыл мурун, Кыргызстандан Адилет деген жаш бала келип, Жохан храмдын босогосун аттаганда эле, музыкалык класста анын үнүн уккандагы керемет окуядан кийин көзү жетсе да, ал жөнүндө жалпыга жарыя салбай, ичинен миң ирет тобо карманып жүргөн болчу. Мани Ясону толук ачыш үчүн, баланын өзүнө Миларепа жөнүндө таптакыр айтпаш керек болду. Лама Цу дал ошондой кылды. Нечен жолу Мани Ясо Миларепа жөнүндө сураганда аргайсыга жооткотуп, сөз качырып жүрдү. Бирок өзү баланын ар бир сөзүн, ар бир кадамын



аңдыды. Ошого жараша анын тилеги ишке ашкан сайын кээде кубанганынан бөлмөсүнө бекине калып жашып алчу. «Ыйык Мила кайра келди, о Аалам! Болгон-до да менин колума келди!» деп жетимиш тогузга чыккыча бир сапар да сүйүнүчтөн ыйлабаган Цу ушул жети жылда биртоп жолу жашыды. Анысын эчкимге көргөзгөн жок, бирок бир сапар жардамчысы Дей байкап калган болчу.

Мани Ясо устатына айтпастан туруп эле, түшкү тамак маалында ашпозчуга барып, мүмкүн болсо чалкандын жалбырагын бүрү менен кошо кайнатып берүүсүн өтүнүптүр. «Аны эмне кыласың, бир жериң оорудубу, дарылыкка ичесиңби?» – деп ашпозчу сураса: «Жок. Эч жерим оорубайт. Жөн эле чалканды кайнатып ичкенди сагындым» дептир Мани Ясо. Ашпозчу таңыркап калат да Дей-ге айтат, ушундай-ушундай деп. Дей дароо келип Лама Цуга айтат.

– Мынакей! – деп Лама Цу кубанганынан каткырып ийет ошондо. Көрсө Миларепа өз кезинде, бийик тоолуу үңкүрдө сүкүт салып отурган жылдары бир тоголок дансыз ачка калып, нечен жолу суу боюнда өскөн чалканды бүрү менен кайнатып ичкен экен. Ошондон улам чачтары, сакал-мурутy, териси кошо жашыл түскө боёлуптур. Ошону дароо эстеген Лама Цу Дейдин көзүнчө эле көз жашын сүртүп-сүртүп алат. Уялганынан Дей бөлмөдөн чыга качат.

«Чалкан кайнатып бергиле Мани Ясого», – деп Лама Цу дароо ашпозчуга улук-саат берет. Бирок кылаңгыр эле кайнаткыла, – деп чочулайт. А бирок, баары бир маселени Мани Ясонун өзү менен тактaшка туура келди:

– Уулум Ясо, Кыргызстанда чалкан кайнатып ичкен салт барбы? – дейт Лама Цу.

– Билбейм, ата.

– Сизге кайнатып беришчү беле чалканды?

– Жок.

– Анан кандайча сагындыңыз чалкан кайнатып ичкенди?

– Билбейм. Сагынганыман бир жолу жалбырагын чийки эле жеп көрдүм, даамы жок экен. А бирок, кайнатып ичкенде даамдуу экенин билем.

– Дагы бир суроом бар өзүңүзгө. Ошол чалканды кайнатып ичип жүргөн карапасын сындырып алганда сиздин мурдагы түгөйүңүз Миларепа эмне деп ыр-дады эле, эсиңиздеби?

Мани Ясо эстей албай кыйналып калды. Көпкө башын мыкчып отурду да мындай деди:

– Эки эле сабы эсиме келип, калганы келбей атат.

– Айтсаңыз ошол эки сапты.

«Ал тургай ушул карапа,
Кечөө бар бүгүн жок болгон.
Эсиме салат дүйнөнүн,
Опосуз жалган экенин...»

– И баса, – деди Мани Ясо көздөрү жалжылдап , – дагы бир сабы эсиме келе калды: «Өзгөчө салат эсиме, адамдын ачуу тагдырын...»

– Калганын эстей албадыңызбы? Демек, Далай-ламага бараар алдында бир жума сүкүткө отурбасаңыз болбойт.

Мани Ясо балким өзүнө ишенбес эле, бирок устатына бардык иштерде терең ишенчү. Ошон үчүн бир жума жылчыксыз караңгы бөлмөгө жатып «Өмүр ай-лампасында» Миларепанын жашап өткөн бардык өмүр баянын, бүткүл жан дүйнөсүн, көкүрөк казнасын бүгүнкү эстутумуна кайрадан жаңыртмай болду...

* * *

Мани Ясо устатына бой тирешип, Потала Ордосарайынын тоодон түшкөн дайра сыяктуу кенен агылып жаткан таш тепкичтери менен ойдо көтөрүлө баштады. Тибетке келе электе ал жакыр киши деген кандай болоору менен иши жок эле. Бул жакка келгени кээде-кээде, бирин серин айрык-сыйрык кийимчен, кайыр сурап жүргөндөрдү көрүп элес алчу эмес.

А бүгүн өспүрүм адегенде катуу чоочуп таңыркады. Далай-ламанын Ордосарайына келип мынчалык көп кедей-кембагалды чогуусу менен бир көрөм деп дегеле күткөн эмес. Тимеле ондогон жүздөгөн кайырчылар! Арасында төкөрлөр, сокурлар, буту-колу чолоктор, балдакчандар, тизелеп араң баскандар. Аларды аралап, майда соода кылып чай, суу сатып чуркагандар. Тумар, сөөктөн, таштан жасалган ар кандай ырым буюмдарын сунуп жабышкандар. Айтор Ордо сарайдын асты жайма базар сыяктуу кымкуут.

– Ата, – деди ал денесин билинээр-билинбес калтырак басып, – бул эмне деген адамдар?!

– Булар, уулум, бүткүл Тибеттен келген кембагалдар. Эстей албай жатасызбы? Булар Далай-ламаны бир көрүүгө келишет. Кайыр сурашпайт. Көпчүлүгү оору-сырксолор. Поталаны ыйык жер катары көрүшүп, сыйынышат. Андан кийин нары капталда турган Шакпори монастырына барып дары-дармек алышат. Монахтар ооруларды карап дарылашат.

– Кембагалдар мынча көп экен деп ойлобопмун.

– Бүткүл жер жүзүндө ушундай, уулум. Өзгөчө Тибетте көп. Анткени динибиз байлыка, ичип-жеп, куунап жашоого чакырбайт эмеспи. Кембагал, кедей болсоң да ак жашап, адилет жүр дейт динибиз...

Аңгыча тепкичтер ада болуп, экөө Ордосарайдын чоң кызыл каалгасына чукул келип калышты. Мани Ясонун баамында шыңкыя бой түзөп турган полицайлардын баары эле Лама Цуну таанышат экен. Көбү жылмайып, ага илбериңки жолулап атышты. Так Поталын ичине кире берээрде гана Лама Цу артына кылчайды да, удаалаш келаткан полицай кийимчен Барласка «ушул жерден бизди күтүп алыңыз» деген белги берди.

Далай-ламанын иштеп жана жашаган жайы Ордосарайдын төртүнчү кабатында болгондуктан, ага дейре да таш тепкичтер менен көтөрүлүп барыш керек эле. Сексенге чыгып калган Лама Цу сырттагы тепкичтерди билгизбей басып өттү эле, Ордосарайдын ичине киргенде кыйнала баштады.

– Ата, мен көтөрүп алайынбы сизди? – деди Мани Ясо колтуктап келаткан устатын.

– Ошого күчүң жетеби? – деп Лама Цу энттикенин басып күлдү.

– Жетет.

– Андай болсо чыдап тур. Мени көтөрүп жүрө турган да мезгил алыс эмес, уулум.

Төртүнчү кабатка жеткен кезде Лама Цу оң тараптагы таш каалгаларды көрсөттү:

– Мына бул «Ыйык инкорнациялар» деген зал. Ичинде буга чейинки үч Далай-ламанын ыйык айкелдери орнотулган. Кийин көрөбүз. Аңгычакты алардын



алдын эбегейсиз чоң, кочкул сары түстөгү көшөгө тосуп калды. Көшөгөнүн бир ыптасы ачылды эле устаты менен шакирти узунун кеткен чоң залга кирешти. Залдын бийик капталдарында ачык боёктор менен тартылган дин темасындагы аркыл сүрөттөр, килемдер. Залдын сакчылары катары орнотулган жашыл ажыдаарлардын турпаттары. Кыркалекей коюлган жапыз столдордо тибет мифологиясынын эмальдан, фарфордон, мрамордон жасалган аркыл кудайларынын айкелдери...

Аңгычакты залдын төрүндөгү эшиктен кочкул кызыл чапанчан бир лама чыгып келди да Лама Цуну чакырып кетти. Жалгыз калган өспүрүм эми дубал беттериндеги сүрөттөрдү, турпат менен айкелдерди жакшылап карап, бул заңгыраган төбөсү бийик залда өзүн алсыз да, кичинекей да сезип, сүрдөп турду.

Бираздан кийин Мани Ясону Далай-ламага алып кирешти. Өкүмдардын отурган тактысы берегi оозгу залдан кичирээк, бирок абдан шөкөттөлгөн бөлмөнүн дал төрүндө экен.

Мани Ясо, устаты көп жолу үйрөткөндөй, эшиктен кире башын жерге салып жүрүп отурду да, тактыга үч кадам жетпей токтоп тизеледи, үч жолу жүгүнүп салам берди. Андан кийин каруусуна илинген жибек шарфты Далай-ламанын тизесине алпарып койду эле Далай-лама ага жооп кылып, Мани Ясонун мойнуна ошондой эле жибек шарф салды.

– Мына бул жерге, устатыңыздын жанына отура бериңиз, – деди, артты көздөй кетенчиктеп жөнөгөн өспүрүмгө Далай-лама.

Мани Ясо кош жаздыкка малдаш уруп отуруп жатып Далай-ламага көзүн көтөрдү эле ал өспүрүмдү ушунчалык жылуу көз менен тиктеп отурган экен. Анын көз карашында кубаныч да, таңыркоо да, ыраазылык да, баары тең бар эле.

Мани Ясо болсо башын көтөргөн бойдон кирпиктерин ылдый түшүрүп үнсүз отурду. Чекеси атайылап кызыл жибек тасма менен таңылуу эле.

– Кана эмесе, урматтуу Лама Цу, сөздү эмнеден баштайбыз, – деди Далай-лама көптөн кийин эсине келгендей Цуга кайрылып.

– Эрк сизде, улуу урматтуу таксыр.

– Албетте, биз үчүн өтө таңкалычтуу, эмне үчүн биздин Миларепа Тибетте эмес, бөтөн өлкөдө кайра жаралды?

Ушуну укканда Лама Цунун эрксизден башы шылк дей түштү. Өзүнүн бир кездеги окуучусу, Далай-ламанын кээ-кедээ орунсуз сүйлөп коймоюу бар эле, бирок ушул азыр мынчалык олдоксон суроо берет деп күткөн эмес. Шаштысы кете түшкөн ал, колун оозуна кармай калып, жөтөлүп-жөтөлүп жиберди.

Далай-лама устатынын бул белгисин сезип тартына түштү, бирок сөзүн улантууга аргасыз эле.

Ошондуктан:

– Жеке мен өзүм өтө дыкат текшерем, урматтуу Лама Цунун сиз жөнүндө айткандары чындыкпы же жокпу? – деди Мани Ясону карап жылмайып.

Лама Цуга Далай-ламанын бул сөзү да жаккан жок. Бирок ал мунусун терең жашырды. Антпегенде, зор мамлекет таңуулаган шарттардын негизинде убактылуу бийликке келген, саал ашкере дымактуу өкүмдардын кычыгына тийип алмак.

«Өзүм күнөөлүмүн» деди Лама Цу оюн терең жашырып, мунун «Мен» деген ашыкча сезимин бая окуучу кезинде биротоло жоготтурбай койгом. Мындай «Эго» ал түгүл Мани Ясодо да анча мынча бар. Жакын арада аны сөзсүз жоюу керек. Антпегенде, мына көрдүңбү «Мен» дин адамга зыяны кандай? Өзгөчө бийлик ба-

шындагы адам канындагы каргыш тийген «Эго» дон айрылбаса эч убакта адилеттүү башкаруучу боло албас...

– Сиз буга кандай дейсиз, урматтуу Лама Цу? – деди ошол кезде Далай-лама ага капыстан кайрылып. Ойлуу отурган Лама Цу анын эмелеки айткан сөзүн кулагынын сыртынан кетирип койгон болчу. Ошон үчүн Далай-ламага жооп бере албай такалып калды да, аздан кийин чынын айтты.

– Эмне айтканыңызды укпай калыпмын, улуу урматтуу таксыр.

– Ха-ха-ха, – деп Далай-лама санын чапты – кулагыңыз катуулаган экен ээ? Мен айтып жатам, Мани Ясо бир жумага менин жанымда болуп текшерүүдөн өтсүн. Бир жумадан кийин мен өтө жооптуу делегация кабыл алам. Эгер сыноодон так өтсө, Мани Ясо дал ошол кабыл алууга катышат. Эгер көзү ачылганы чын болсо Тибеттин пайдасына иштей баштасын. Сиз буга кандай дейсиз деп атам, урматтуу Лама Цу?

Лама Цу Ясону бир карап алды да, тунжурап отуруп калды. Жок деп айтышка болбойт эле. Анткени, мамлекеттик тартип ошондой. Анын үстүнө Далай-лама маселени Тибеттин таламына такап атпайбы. Далай-ламада андан бийик кызыкчылык болбогон соң, жана болбой да тургандыктан, айла жок бул жолку талабын аткарышка туура келет. Ошон үчүн Лама Цу мындай деди:

– Өзүңүз өтө жакшы билесиз, улуу урматтуу таксыр. Бизде окуу тартиби катаал. Мани Ясонун бир жумага эле үзгүлтүккө учурашы орду толгус өксүк. Бирок сиздин айтканыңыз эки болууга тийиш эмес, улуу урматтуу таксыр. Өзүңүз чечиңиз.

– Хе-хе, Сиз эч качан адамдын жүгүн жеңилдете турган жоопту бербейсиз. Мен аны жакшы билем. Бирок, ушунуңузга да рахмат. Бул жигит бир жума Поталада калсын! Менин чечимим ушундай!

* * *

– Сиз эми бул жерде каласыз, уулум. Бир жума бою сизди сынайм деп атпайбы Далай-лама. Көбүнесе ыйык Миларепа жагын иликтейт болуш керек. Мен андан камсанабайм го. Бирок өтө кылдат болуңуз, уулум, – деди Далай-Ламадан чыккандан кийин Лама Цу өспүрүмгө.

– Мен сизди Жохан храмына жеткирип коюп кайра келсем болбойбу, ата?

– Жок. Антүүнүн кереги жок. Жансакчың Барласты мен ала кетем. Анын да буерде кереги жок экен.

* * *

Мани Ясонун Ордосарайдагы күндөрү Лама Цу эскерткендей болбой, таптакыр башкача нукка кетти. Өспүрүмдүн чын жери аны менен иши деле болгон жок. Далай-Лама эмнени айтса унчукпай аткара берди. Милдетим ошол экен деп түшүндү. Анын үстүнө атын алыстан уккан улуу даражалуу Далай-Ламанын өзүнө моминтип түздөн-түз кызмат кылуу сезими жаш өспүрүмдүн дилинде биринчи жолу козголуп, ошол азгырык сезим аны жаңы эле сыймыктантып турган. Ошол сыймыктануу сезими анын ичинде катылган «менин» билгизбей козгоп, атүгүл бу күндөрү устаты Лама Цуну унуткарып да турду. Жаткан жери жайлуу, тамакты болсо мыктылап берет. Өмүрүндө көрбөгөн жер жемиштер, дүр-дүйүм даамдар, атүгүл куурулган жангактан өйдө дасторкондо дайыма турат.

Мына бүгүн үчүнчү күн. Мани Ясону Далай-лама баягыдай эле өзүнүн арка жагына жашырып отургузуп койгон. Өспүрүмдүн милдети – Далай-ламага кирген



арбир адамдын мээрин карап, анын эмне ойлоп турганын, ичинде кандай жашырын сырлары бар экенин тигил кеткенден кийин өкүмдарга айтып бериш. Миларепа жөнүндө кудаякы, азырынча эч кандай сөз жок, Далай-лама атүгүл аны эстеп да коёру күмөн. Анткени ал эмнегедир өтө шашылып атты. Бир эле күндө ондогон кызматкерлерин чакырып, бирден-бирден суракка алып, бүтүргөн ишин сурап, кайрадан тапшырма берип, айтор ар кимисинин ичегисине дейре аңтарып-теңтерип, колдон келишинче бардыгынын түпкүрдөгү сырсандыгын ачып алышка далбастайт.

Мани Ясого ал бирде тибетче, бирде англисче суроо берип, ошондой эле эки тилдеги жоопту өзүнүн дептерине илгиртпей жазып алып жатты.

– Мына азыр бир лама кирет мага. Ушуну үчүнчү көзүң менен өзгөчө кунт коюп карагын. Сен экөөбүз тибет эли үчүн иштеп атканыбызды унутпа, Ясо мырза, – деди Далай-лама көшөгөнүн артына, Мани Ясо отурган далдага өзү өтүп келип. Кебетеси өспүрүмгө аябай ыраазы болгондой. Күрөң-сары узун халатынын этегин улам сылагылап, төбөсүндөгү ошондой эле түстөгү топусун күзгүгө улам оңдоп кийип алып, кезектеги кызматкерин кабыл алганы шашат.

– Сага «лама» наамын ыйгарууга буйрукту мен өзүм чыгарам, – деди бу сапар Далай-лама тактысындагы жибек жаздыгын көздөй баратып.

* * *

Эшиктен жаңы кирген кезектеги кызматкер узун бойлуу, кубакай келген арык киши экен. Кийген кийими Далай-ламаныкынан эч айырмасы жок. Ал босогодон аттап киргенде эле жылмайды эле, башынан ийнине дейре туюк кийип алган кулакчан топусу, кыязы синтетика аралашкан кездеме болуу керек, мээр нурун бирде сары-кызыл, бирде күрөң-кызыл кылып чалгыртатып туруп алды. Ар бир адам баш кийимин алып кирсе жакшы болот эле деп кечээ да, мурдакүнү да Мани Ясо Далай-ламага айткан, бирок ал эмнегедир андай буйрук бербей атат. Себеби белгисиз.

Кирген адам Далай-ламага улам жылмайып сүйлөгөнү менен таптакыр ага ишенбей, атүгүл жаман көрүп, жактырбай отурганын Мани Ясо дапдаана көрдү да, бейпайга түшө баштады. Анкени тигил адам, аты Лама Тойба экен, Далай-лама менен азыр болсо азыр эле кармашып, кызыл чеке болгондон кайра тартпай, сыртынан баш ийкегени менен ичинде: «Сени ушул такка сунуш кылып чуркаган мен өзүмдүн «лама» атыма көлөкө түшүрдүм», – деп жаалдана баштады. Бир кезде ал Далай-ламага мындай деди:

– Урматтуу таксыр! Сиз өткөн жумада каржы департаментине жетекчи кылып дайындаган Лама Дондуп ишти толук алып кете алат деп ишенесизби?

Далай-ламага ушул суроону койду, бирок өзү болсо ичинен «Сенин кадырыңды дал ошол түшүрөт. Мейли тезирээк түшүрсүн. Андан кийин биз сен жөнүндө кайрадан ойлонобуз», деп турду.

Далай-лама болсо ага мындай деп жооп берди:

– Таксыр Тойба. Лама Дондупка мамилеңиз жаман экенин билем. Бирок мага иш керек да. Иш! Сиз экөөбүз бир турсак дондуптар эмне кыла алат?

– Аныңыз туура, бирок дегинкиси сак болуңуз, – деди да ичинен «Далай-лама XIV кайтып келмеинче ушул кемпай менен сүйлөшүп да кереги жок экен. Мен Индияга кете берейин, эмне болсоң ошо бол!» – деди да кетүүгө улуксат сурап Далай-ламага башын эңкейтти.

Бүгүнкү кабыл алынгандардын эң акыркысы ушул Лама Тойба экен. Аны чыгарып жибереэр менен Далай-лама Мани Ясону өзүнө чакырды.

– Кана. Таксыр физиогоном! Айтып берчи азыркы келип кеткен сандырактын ички ойлорун.

– Жаман экен, – деди Мани Ясо Далай-лама көрсөткөн жаздыкка отурбастан тикелей туруп.

– Билем жаман экенин. Бирок толук айтып берчи.

Мани Ясо болгонун болгондой айтып бүттү эле Далай-лама ордунан тике тура калды: «Индиягабы?! Далай-лама он төртүнчүбү?! Мен кемпай бекем буга!? Охоо! Көпкөнүн кара кечилдин! Менин аркам менен көөп жүргөнүн билбейт! Индияга баргызам мен сени! Мен турганда... сениби! Карасаң муну, саңдырак!» деген ачууну Мани Ясо анын жүзүнөн окуду да оңтойсуз жер карап калды.

* * *

Арадан толук эки ай убакыт өткөндө Лама Цу өзүнүн туюк жабылган иш бөлмөсүндө жападан жалгыз ыйлап отурду. Эч убакта ойлогон эмес, моминтип курагы сексенге келгенде жаш баладай жашык болуп балбырап кетем деп. Ушуга өзү бир чети таңкалат, бир чети уялат. Тибет коомунда, өзгөчө ламалардын жогорку чөйрөсүндө, Цунун даражысындагы адамдар темирдей бекем, таштан катуу мүнөз менен жүрбөсө болобу?

Бөлмөсүндө жалгыз отуруп, кол жоолугу менен көздөрүн улам-улам басып, кургактап атып Лама Цу көп убактысын жоготуп койду. Кеминде бир-эки саат наркы-терки басып жүрдү окшойт. Жардамчысы Дей чыйпылыктап, бул арада эшикти нечен ирет ачып кайра жапты. Ачкан сайын ал ламанын далысын гана көрөт да кайра жаап коёт. Бир нерсе деп сөз сурай албайт, анткени керек нерсени Цу өзү айтат эле. Тартип ушундай. Бирок жетекчиси мынчалык убакыт үн катпай койгон учурлар өтө сейрек болгондуктан, Дей бул эмнеси деп чочулап атты.

Лама Цу көздөрүн акыркы жолу кургаттым деп ойлогон. Күзгүгө кароонун деле кереги жок болчу. Себеби ансыз деле белгилүү – көздөрү каканактап кыпкызыл. Бирок мындан ары эми жаш чыкпастыр да. Түгөнүп деле бүткүдөй болду. Ошондой болжол менен ал күмүш коңгуроосунун жибин секин силкип Дейди чакырды да, аны карабай туруп:

– Потала жактан эч кабар жокпу? – деди.

– Кабар болмок түгүл Сиз ал жакка кечигип атасыз. Жарым сааттан кийин Далай-ламада болушуңуз керек! – деди жардамчысы. Эч качан сөз кайырбай кызмат кылган Дей бүгүн эмнегедир кескин сүйлөп калыптыр. Же Лама Цуга ушундай угулдубу? Айтор ал шашып калды. Эгер жарым саат калса, анда дароо чыгып жөнөш керек. Ал түгүл ректордун жеңил машинасын суроого туура келет.

– Машина сыртта күтүп турат, – деди жардамчысы анын оюн илгиртпей таап. Атаганат! Колунан келсе эч кандай машинасы жок эле жөө баса койбойт беле. Ушул кырк жылдан ашык жөө эле барып жүргөн Ордосарайга эми моминтип машина жалдап отурбайбы. «Шамалдап жөө барсам көзүмдүн кызарганы өтүп кетет эле го» деди ал кийинип атып.

«Бирок өргө басыш кыйын болуп калды. Карыдым. Албетте карыйсың. Моминтип, өзүң окуткан окуучуң Далай-лама болуп алгандан кийин эки ай бою кабыл албай күттүрсө, албетте карыйсың. Эки ай болду! Мен эми аны менен бүгүн катуу сүйлөшөм! О, жаратткан! Сабыр бере көр өзүмө. Сабыр бере көр!»



* * *

Лама Цу канчалык боюн токтотсо да болбой колдору калчылдап кетип атты. Ал эң алды менен Далай-ламанын столуна эки барак кагаз таштады.

– Бул эмне кагаздарыңыз? – деди Далай-лама биркездеги мугалимине урмат катары алдынан тосуп чыккандан кийин кайра өз ордуна отуруп жатып.

– Бул сиздин бийик даражалуу эки декретиңиз, улуу урматтуу Далай-лама.

– Оэ, эмне болду? Сизге жакпай калдыбы булар?

– Буларды мен Жохан храмынын жааматына угузганым жок. Анткени, мурун кеңешип алсакпы дедим. Сиз менен.

– Кулак сизде!

– Мани Ясого лама наамын ыйгарыпсыз. Ага каршылыгым жок. Бирок, азыр берүүнүн зарылчылыгы жок. Анткени Жогорку даража, наам дегендер али жаш өспүрүмдүн «мен» сезимине тескери таасирин берери бышык. Анын үстүнө бул наамды кимге болсо да, эрежеге ылайык, Жохан храмынын өзү эле бергени оң го. Жобо ошондой да.

– Бийик даражалуу декрет талкууланбайт, аткарылат, урматтуу Лама Цу. И, дагы айта бериңиз, кулак сизде!

– Ыйык Миларепанын түгөйү «лама» деген биздин азыркы наамдын алкагында каралбайт, улуу даражалуу таксыр.

– И, экинчи айтарыңыз эмне? Кулак сизде! Далай-ламанын өңү тирсийе түштү.

– Экинчи айтаарым – сиздин экинчи декретиңиз жөнүндө. Өткөндө Мани Ясо бул жерде бир гана жума болот дедиңиз эле. Андан бери эки ай өттү. Өспүрүмдүн храмдагы окуу сыныптары бүтө элек. Ошондуктан аны сиздин Ордосарайга биротоло калтырууга болбойт, улуу урматттуу таксыр. Эгер андай кыла турган болсоңуз келечегине балта чабылат.

– Биринчиден, «өспүрүм» эмес, «жигит»! Экинчиден, он алтыдагы жигиттин келечеги Тибетке кызмат кылууда деп эсептебейсизби?! Мен, мисалы эсептейм!

– Тибетке да, башка элдерге да, керек болгондо жер жүзүнө кызмат кылууга Мани Ясо үлгүрөт. Бирок ал азыр ага даяр эмес, улуу урматтуу таксыр.

– Сопсонун даяр. Өткөндө мен кошуна өлкөнүн соода өкүлдөрүн кабыл алдым. Өзүңүзгө айттым эле го. Ошондо Мани Ясо мага жардам берди. Бул болбогондо, демейдегидей алар бизди алдап кете бермек. Жигит иштөөгө даяр. Бул жагынан сизге рахмат урматтуу Лама Цу. Ошон үчүн кабатыр болбой ишиңизге бара бериңиз.

– Жок мен кабатырмын, улуу урматтуу Далай-лама! Мен... Мен сизге түшүндүрө албайт окшойм. Мани Ясо андай күнүмдүк майда жумушка колдонуучу кызматчы эмес. Ал окуусунун жарымын да бүтө элек!

– Далай-ламанын иши «күнүмдүк майда жумуш» экенин сизден биринчи угуп отурам, Лама Цу. Башкалар антип ойлобосо керек!

– Түшүнүңүз, таксыр! Сиз улуу Миларепанын ишин улантууга бөгөт коюп жатасыз. Мани Ясо...

– Улуу Миларепа эң оболу Тибеттин патриоту болгон. А сиз патриот эмессиз, Лама Цу. Муну бетиңизге эле айтып коюшум керек.

– Кечиресиз, таксыр! Миларепанын сабагы сизди жана мени Тибеттин эле эмес, жалпы эле адамдын патриоту болууга үйрөтөт.

– Мен үчүн адегенде Тибет! Анан кийин башкалар!

– Талашпайын, таксыр. Сиздики чындыктыр. Бирок чычкан жерде жөргөлөйт. Бүркүт – асманда учат. Экөөнүн ордун алмаштырууга болбос!

Лама Цунун өмүрүндө мынчалык ачуусу келген эмес, андан да өмүрүндө бирөөгө мынчалык орой сүйлөп көргөн эмес. Ошондуктан Далай-ламаны тике карай албай күнөкөр болуп, кетүүгө шашып калды. Бул жерде эмес, Мани Ясону кантип бийлик чеңгелинен кутултушту иш бөлмөсүнө барып ойлонгусу келди. Ал ошентип эсин жыйгыча өңү купкуу боло түшкөн Далай-лама бек-бек чаңкылдап жиберди:

– Мани Ясону окутууга өзүңүздөн башка устат жок деп ойлойсузбу?! Табылат! Бүгүндөн баштап андай окуучуңуз жок!

Лама Цуну бирөө жүрөккө катуу муштагандай болду. Эмнегедир ал башканы күтсө да, дал ушул жаналгычтай сөздү күтпөптүр. Түк оюна келбептир. Башка чапкандай болду. Эч сөз айта албай, туруп бараткан жеринен кайрадан отуруп калды...

* * *

Дал ошол мүнөттө, атадан артык устаты тигинтип карыган кезде тагдырдын дагы бир катуу соккусун жеп, шал болуп отурган маалда Мани Ясо Далай-ламанын китепканасында болчу. Бул жерге анын экинчи жолу келиши. Биринчи жолку катуу уят окуядан кийин бойго жеткен жаш жигит бул китепканадан жаа бою качып жүргөн. Бирок, бүгүн келбеске чарасы жок эле, анткени Далай-лама аны түштөн кийин Лама Цуну кабыл алаарда бош койду. Бош койгондо күндөгүдөй эркин бастырбастан «китепканадан чыкпай отурсун» деп айттырыптыр. Мани Ясо түшүнгөн жок эмне үчүн ошондой буйрук берилди. Эгер кожоюндун жүзүн көрүп турса анын себебин билип коёт эле го. Ошондон качып Далай-лама кээ бир буйруктарын Мани Ясого жардамчысы аркалуу айттырчу болгон.

А биринчи жолку, Мани Ясонун эсине өмүрү өчкүс так салган уят окуя мындайча болгон. Ал күнү дал ушул китепкананын залында Мани Ясого «лама» намын тапшыруу зыяпаты уюштурулду. Зыяпатты уюштурган да, ага катышкан да болгону эле Далай-ламанын өзүнүн үй-бүлөсү экен. Бул үй-бүлөдө Мани Ясо мындан мурда эки-үч сапар мейман катары болуп, сый-тамакка катышып, кадырэсе эле тааныш өңдөнчү. Далай-Ламанын жубайы, толмочураак келген, ак эттүү шайдоот аял Мани Ясону күйөөсүнүн көзүнчө эле эркелетип, тиктесе көзүн тарта албай элжиреп, жакшы көрчү. Бирок, эмнегедир ал аял жигиттин үчүнчү көзүн ачтырчу эмес. Тасмаңды чекеге байлап ал деп турчу дайыма. Бирок жей гой, иче кой деп алдына аш кармап турган илеби ысык аялды Мани Ясо да өгөйлөбөй, кызы тээ алыста, Кыргызстанда кандайдыр унут калган, бирок элес-булас жүрөгүн өйүп жүргөн апасы Айзада өңдүү көрсө керек эле. Айтору эки өрүм узун чачын аркасына бош таштаган Тибеттин канайымы ошол, Мани Ясо үчүн чоң салтанат күнү бардык шаан-шөкөттү өзү башкарып, Далай-ламанын залга келишин көпкө күтүп атышты.



Акыры Далай-лама зыяпатка катыша албай турганы белгилүү болгондо канайым эки өспүрүм кызын, улуу баласын, анан ошол жерде болгон эки-үч кызматкерин залга чакырды да, Мани Ясону ортого тургузуп коюп, «Мындан ары, чоң жигит, Мани Ясо эмес, «Лама Ясо» болосуң» деп лама чапанын кийгизе баштады. Мани Ясо китепканага келгиче эле сүрдөп бүтүп калган. А залга киргенде ичи толтура эл, болгондо да жалаң аялдар сыяктанды ага. Ошондуктан көзү ымырчымыр болуп, эч жакты карабай эле канайым колунан кармап жетелеп келген ортого туруп калды. Үстүндө жөнөкөй кездемеден тигилген ачык-күрөң, сол ийни жабык, оң ийни ачык траппа чапаны бар эле. Канайым көз боочудай тез кыймылдап, ошол траппа чапанды жигиттин денесинен сыйрып ыргытып, дароо эле лама чапанды кийгизе баштады. Жалаң ички дамбалчан калган Мани Ясо капыстан ак денелүү аялдын кучагында калам деп ойлобосо керек, чапандын үстү жагын оңдоп-түзөп кийгизгиче эле дене бою чымырап, капыстан делебеси козголуп кетти. Же канайым тезирээк кийгизип бүтсөчү, же ысык деми менен жаш жигитти улам каптаганын койсочу. Айтор Мани Ясонун көздөрү бозоруп, эч нерсе көрбөй, жүрөгү акылдап чыкты. Аңгыча канайым жигиттин денесин кыса кармалап, чапандын белден ылдый жагын оңдоп-түзөөдө. Этек-жеңи салбырап, же бу каргыш тийген эндей кездеме аялды убара кылбай орду-ордуна жата калса эмне. Бир кезде аялдын ак балыктай түйлаган билектери жигиттин таштай катып, оттой күйгөн жан жерине эки-үч мерте кайта-кайта оролуп туруп алды эле улуу табигат ээ жаа бербей, өз ишин аткарып салды. Канчалык чымырканса да Мани Ясо токтото алган жок, жаш дене мээнип кетти – сүмбөдөн аткан ок сыяктуу былжыр суу жука дамбалын теше зырпылдап, канайымдын билектерин булгады, андан ары өзүнүн жоон саны менен балтыры ылдый агып булгаары кепичине куюлду. Мындай кыжалатка өмүрүндө тушукпаган жаш жигит эсүчүн жоготкон бойдон китепканадан чыга качып, нары бир кабат ылдый, өз бөлмөсүнө бекинип алды.

Мына ушундай уят окуя болгон. Мани Ясо ошол күнү таптакыр эшигин ачкан жок, сыртка да чыкпай, тамак да ичпей кеч күүгүмгө дейре төшөгүндө солуп жатты. Кечинде гана Далай-ламанын бир жардамчысы келип, эртең саат ондо Непалдан келген расмий делегацияны тосууга катыша тургандыгын айтканда эсин жыя баштады.

* * *

Бүгүн болсо ал кайрадан баягы каргыш тийген китепкана залында. Эки ай бою Далай-ламанын үй бүлөсүнөн, өзгөчө канайымдын өзүнөн жаа бою качып, анын эки кызын алыстан көрсө булук-буйтка издеп жашынып жүрдү.

– Ата, – деди бир күнү Далай-ламанын кичүү кызы тамак ичип отурушканда атасына кабарлап. Сенин жаңы жардамчың Мани Ясо жинди экен. Өткөндө апам ага лама-чапан кийгизип атса качып кетти.

– Чын эле. Ошондон бери бизден качып жүрөт, – деп ага Далай-ламанын улуу кызы да кошулду.

– Тамак ичип атканда атаңарга жолтоо болбогула! – деди Далай- ламанын аялы кыздарына сур салып.

– Качып кеткен эмнеси? Эмне окуя болду эле? – деп Далай-лама аялына карады эле:

– Кыздарың күчөтө берет да. Ал бала чапан кийээр менен уялып тез эле чы-

гып кеткен. Өзү уяң неме турбайбы. Биз менен отуруп тамак ичкенден да тартынат, – деп аялы маселени жымсалдап бүтүргөн болчу.

Мына эми бүгүн, Лама Ясонун китепканада жалгыз отурганын угаар менен канайым кийиз кепишчен дабышсыз басып жанына келе калды.

– Кандай чоң жигит? – деди анын азезилдикиндей мукам үнү. Капыстан Мани Ясо ордунан ыргып турду да, манаттай кызарып, тескери карады.

– Үстү-башың кир болуптур. Чапаныңды тез-тез алмаштырып турбайсың, – деп эле канайым бою калчылдап аткан жигитти кармалай кетти.

Аялды кандайдыр бир сокур-күч элеп-желеп кылып, ээ-жаа бербей, ошол турган эле жеринде жаш жигитти тытып жиберчүдөй. Аңгыча Мани Ясого капыстан оңдой берди болду. Залдын ичинен илинген эшиги такылдап, Далай-ламанын жардамчысы нарыдан өкүмдарга чакырып үн салды.

– Кел, отур урматтуу Лама Ясо. Сага деген менде чоң жаңылыктар бар, – деди Далай-лама бүгүн жигитти кандайдыр ашыкча ышкы менен утурулай тосуп. «Лама» даражасына али көнө элек Мани Ясо уяң жылмайып, үч мерте жүгүнүп тизе бүктү.

– Биринчиден, бүгүндөн баштап сага айлык акы койдум. Айлыгың менин биринчи жардамчымдыкынан эки эсе көп. Ошон үчүн алар билбей эле койсун.

Экинчиден, окууңду жана машыгууңду мындан ары Жохан храмында эмес, мына ушул ыйык Ордосарайда улантасың. Устатың башка лама болот. Аны менен бүгүн кечте таанышасың.

Мани Ясо башын көтөрүп таңыркады:

– А, Лама Цучу?

– Картайды. Алжый баштады. Сенин «лама» наамыңа каршы болуп, менин буйругума наразы. Анын үстүнө саган мындан ары Лама Цудан күчтүү устат керек. Ал байкуш болгон билимин сага берип бүттү. Мындан ары үйрөтөөр эчнерсеси калган жок.

– Кечиресиз, улуу көсөм. Лама Цу мага болгон билиминин жарымын берип бүтө элек.

– Ха-ха-ха! Ал ошентип сени ишендирген да. Чынында бүттү ал кишинин көрөңгөсү. Бүгүн кечинде жаңы устатыңды укканда анан иштин жайын өзүң түшүнөсүң.



## *СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ*

– **У**рматтуу Лама Цу, үкөктүн бир капталын урганга арча тактай жетпей калыптыр. Жөнөкөй тактай менен уруп койсом болобу дейт, уста.

Ушуну айтып жардамчы Дей Лама Цунун жообун күтүп турду. Лама Цу иш бөлмөсүнө барбай, бир жумадан бери төшөгүндө жаткан. Бир эле аптада начарлап кетти. Өйдө туруга шайманы жок. Оозуна наар албай калганына бүгүн мына туура үч күн. Же бир Дейге айтып койбойт, эмне болуп атканын. Оорудум десе дары апкелет эле. Айтпайт эч нерсе. Болгону, бир гана тапшырма берген жардамчысына. «Жыгач устага барып арча тактайдан бир үкөк жасат. Бир киши лотос порумда отурганда баткыдай болсун. Тез бүтүрүп берсин да баасын айтсын. Дароо төлөп берем» деген болчу бир апта мурун. Ошондон бери жыгач устанын иши чачтан көп белем, бир үкөктү жасап бүтпөйт. Эми мынакей, бүгүн бүтөбү десе дагы бир шылтоосу чыга калыптыр. Арча тактайы түгөнүп, бир капталына жетпей аткан имиш.

Жооп күткөн Дей кыйлага устатын тиктеп турду да, жаман ойлорго түштү. Өңү аябай эле начарлап кетиптир устатынын. Бетинде кан-сөлү жок. Жардамчысы айткан эмелеки сөздү укпай да калды окшойт.

– Урматтуу Лама, – деп Дей устатынын билегин аяр кармап көрдү эле.

– Ойлонуп атам, – деди ошондо Лама Цу үнүн араң кирилдетип. – Бир капталын жөнөкөй тактай менен урбай эле койсун. Чирип калат бат эле. Андан көрө акчасын төлө, а үкөк болсо устаканада тура турсун. Сааты келгенде аласыңар. Уулум, Дей сен да менин баламдайсың. Айырмаң жок. Мани Ясодон кем көрбөйм сени. Менин жердеги бакытым ушул – жакшы кишилер менен чогуу жашап, чогуу иштедим. Ыйык атабыз кайра жаралып менин колума келди. Бактым ушунда. Эми болсо аны бийликтин чеңгелинен куткаруу керек. Тез...

Лама Цунун жумулуу көздөрүнүн кычыктарынан жаш сызылып, мукактанып калды. Дей түшүндү, устаты бир шумдукту айткан атканын. Ошон үчүн жүүртө басып жанына жакын отурду.

– Ойлой берип эч амал таппадым. Далай-ламага кимдин алы жетет? Аны Мани Ясо өзү гана теске салып коёт эле, бирок антүүгө болбостур... Ошон үчүн бир гана жол калды, уулум Дей. Мани Ясону туткундан бошотуш үчүн мен эч токтолбой, тезирээк бул дүйнөдөн кетейин. Абдан кечигип калдым. Эгер мындан тогуз жыл мурун Мани Ясону жолуктурбаганда кете бермекмин. Ошондо эле даяр болчумун кетишке. Анда жетимиш жашта элем. Алдуу-күчтүү кезимде кетип калайын деп тургам. Кийин, кайра жаралганымда деле мага күч-кайрат керек эмеспи. Ошон үчүн өтө карып, шалдырай элегимде кетип калайын деп турсам, Жараткан бир жылдыздай баланы өзүң мага апкелип колума салып бердиң. Анан кантип мен Сага ыраазы болбоюн! Ыраазымын Жараткан! Уулум, Дей. Мобул үч катты бекем катып ал. Ичин ачпа. Менин сөөгүмдү коюуга Мани Ясо келиш керек. Панчен-

лама ага кабар жеткирсин. Панченге өзүм да айтам. Ошондо мынабул үч катты өз колуна тапшыргын. Башка бир адамдын колуна тийбесин. Уктуңбу, Дей?!

– Мани Ясонунбу?

– Ооба. Бирок түшүндүр. Биринчи гана катты ачсын. Калган экөөнү качан ачыш керек экенин ошондо өзү түшүнөт. Уктуңбу, Дей?

– Уктум, ата. Тамак апкелеймби?

– Кой антпе. Мен жолдон калбайын. Ошон үчүн жакшылап угуп ал. Алиги арча үкөктү терең чуңкур казып туруп орноткула да ичине сөөгүмдү лотос порумунда отургузуп туруп үстүнө толтура туз төгүп, капкагын жапкыла. Анан тактай жетпей калган капталына таштан кынап туруп бышыктап көөмп, үстүмө бир белги коюп койгула. Калганын Мани Ясо каттан окуйт.

* * *

Ошондон туура үч күн өткөндө Жохан храмынын сары чапан монахы дем алуусун токтотуп, мемиреп тынч жаткан Лама Цунун аяк жагына келип отуруп «Бардо Тедол» келмесин келтирип, адамдын жанын аркы дүйнөгө узатуу ишаратын жасап атты.

Сапарга кетип аткан адам «Өмүр айлампасындагы» жашоосун үчүнчү жолу кайталап, жүрүм-турумун, кылган иштерин, ойлогон ойлорун, бүткүл рух касиетин Будданыкына тете өнүктүрүп, ошону менен Адам деген бийик атка жетүүгө умтулган жан эле. Бүткүл индокытай дүйнөсү Цунун ушундай улуу максаты бар инсан экенин билишчү. Ал түгүл момундай максатты кубалаган ламанын бул дүйнөдөн качан өз ыктыяры менен өтүп кетээрин астейдил күтүп да жүрүшчү. Лама Цу бир чети ушул үчүн да шашылды аркы дүйнөгө.

Дагы бир күндөн кийин маркумдун сөөгүн коюу расмысы аткарылды.

Бардыгы Лама Цу өзү Дейге аманат кылып айткандай болду, бирок Далай-лама да, Мани Ясо да азага келген жок. Панчен-ламанын айтканына караганда Тибеттин жетекчиси Пекинге расмий эмес визит менен кеткен имиш. Аны коштоп жүргөн жөкөрлөрдүн курамында сөзсүз түрдө Лама Ясо да бар экен. «Бирок, Лама Цу өз денесин салт боюнча өрттөтпөстөн минтип үкөккө салып жерге көмдүргөнү Далай-Ламага жакпай калыптыр» деген сөздү Дей Панчен-ламадан эмес, башкалардан укту.

Ошол эле күнү кечинде Дейге дагы бир кабар жетти. Топоздун тезеги үйүлгөн чоң сарайдын чекесиндеги топурак кепесинде жатып Барлас деген сары чапан келгин монах да дүйнө салып кетиптир. Кабарды Дейге ашкананын ашпозчусу атайын айттырган экен.

Барластын жаны асманга учуп кеткен соң анын денесин отко берүү расмысына күтүлбөгөн жерден эл көп чогулуп, атүгүл Панчен-лама өзү баш болуп келип аза күтүп турду. Храмдын арт жагындагы кызыл борчуктун түбүндө атайын таш секи бар эле. Ошол секиге Барлас өзү дайындап кеткен отунду калың төшөп туруп үстүнө жука шейшепке оролгон сөөктү жаткырышты да, монах «Тедол» окуп бүткөн соң от коюшту. От күйө баштаган мезгилде капыстан ондогон тапанчанын үнү асманга жаңырып, байкабай тургандар селт этүүгө аргасыз. Көрсө азага Жохан эле храмы эмес, башка монастыр менен храмдардан жыйылып келген полицайлар экен. Кыязы Барластын аты алардын арасында небактан эле легендага айланса керек. Ошентип «мундирдин урматын» бийик кармаган полицайлар секидеги от алоолонуп асманга көтөрүлүп, андан соң аз-аздан отуруп таптакыр күлгө айланып өчкөнгө дейре аза күткөн баштарын көтөрбөстөн төнүп турушту.



«Аттиңай! Мекенимен сыртта тентиреп жүрүп бир кыргыз баласына кызмат кылайын десем болбоду. Баланы хансарайы бекитип алды. Эми менин балага керегим жоктур. Ошондуктан акыркы керээзим ушул: Менин күлүмдү айнекке салып туруп жердешим Адилетке бергиле. Качандыр ал Алатоого барып калса кыргыздын бир алакандай жерине көөмп койсун» деп керээз айткан экен Барлас.

Ошентип Ордосарайдан чыкпай калган жаш лама Ясого устаты Лама Цунун өлөөр алдында жазган каттары да жетпеди, Барластын айнектеги бир ууч күлү да ашпозчу досунун колунда кала берди...

* * *

Бул кечте бири бири менен алгач көрүшө турган эки адам экөө тең толкунданып жатышты. Жаш Лама Мани Ясо азыр Далай-ламанын иш бөмөсүндө жаңы устаты менен таанышмак. Далай-ламанын айтымына караганда бул жаш устаты мурдагы устаты Лама Цудан алда-канча күчтүү касиетке ээ экен. Демек бул жагдай толкундоого себеп эмей эмине?

Мани Ясонун Лама Цуга жүрөгү сууган жок. Бирок Далай-ламанын айткандары ал үчүн күтүлбөгөн кабар болгондуктан «жок, мен Лама Цудан башка эч бир устаттан окубайм» деп айта албай, жөн гана атадай көргөн устатына болгон урматын көкүрөгүндө терең катып калууга аргасыз болгон.

Далай-ламанын расмий буйругу менен Лама Мани Ясо, же болбосоТибет кожоюну кыскарта чаап айткандай, тимеле «Лама Ясого» жаңыдан устат болуп бекиген Лама Бусмен болсо болочок шакиртинен аябай сүрдөп турду. Анткени ал эч кандай Кыргызстандан келген бир балага эмес, ыйык Миларепанын дал өзүнө устаты болмокчу. Мына ушул жагдай бир кезде Лондондон динсиз билип алып, бирок акыр аягы Тибетте Лама даражасына чейин жеткен, анын үстүнө Мани Ясону шартка жараша бир жолу көргөн Лама Бусменди толкундатпай коёбу?

Экөө Далай-ламанын иш бөлмөсүндө жолугушту.

– Үчүнчү көзүңдү жаап эле алгының оң. Антпесең, биринчи көрүшүп аткан устатың сүрдөйт, – деди Далай-лама Мани Ясого кеңеш берип.

– Сиз кандай айтсаңыз ошондой, таксыр. Үчүнчү көзүмдү ачкандан өзүм да көп убакта уялам. Анткени адамдырдын ички ой-пикирин көрүп билип туруу анча деле салабаттуу иш эмес экен.

– Мен айтпадым беле. Ошон үчүн сенин касиетиңди бир гана нерсеге – Тибеттин мамлекеттик кызыкчылыгына пайдалансак туура болот.

– Бирок, урматтуу таксыр байкашымда сиздин кызматкерлер мени жек көрө башташты.

– Эмне үчүн? Кимдер мисалы?

– Кызматынан бошогондор, сизден катуу жаза алгандар.

– Ага сен кайгырба жаш Лама. Ага өзүлөрү күнөлүү. Көрдүңбү кандай экен адамдар? Менин жанымда жөкөр болуп, кошомат кылып, ийилип чуркап жүрүп ниетинде мага каршылар бар экен. Сен болбосоң алар зили-түбү Тибетке чоң зыян кылышмак. Ошондуктан эч кайгырба. Касиеттүү Миларепа азыр менин жанымда! Билсин ушуну бүткүл арамзаалар, бузукулар, эки жүздүүлөр! Мен азыр...

Дал ушул тушта жардамчы эшикти ачып кабылдамага Лама Бусмен келгендигин кабарлады.

– Кирсин, – деди Далай-лама сүйлөшүп аткан кебин кийинкиге калтыргансып.

Лама Бусмен индуска окшогон, шадылуу, чоң мурун адам экен. Ал киргенде эле Лама Ясо дароо тааныды. Анын үчүнчү көзүн ачкан үч хирургдун бири ушул Лама Бусмен болчу. Ал түгүл Мани Ясо ошондо, чекесиндеги таңууну алганда биринчи жолу көз ачып көргөнү ушул Лама Бусмендин мээр нуру болчу.»Ичи таза, ниети ак адам» деп ошондо Лама Цу чечмелеген Бусмендин мээрин. Ошол адам азыр кирип келгенде Мани Ясо бир чети кубангансып кетти.

Лама Бусмендин болсо Тибеттикинен да европалык тарбиясы күчтүүрөк окшоду – Далай-ламанын алдында колун көкүрөгүнө алып жүгүнгөнү олдоксон болуп, көзү кыйла эле комсоо. Ага каранда жаш Ясонун болочок устатына жүгүнүп, жасаган ишараты кадимки чебер монахтыкына окшоп, жарашып берди.

– Кана эмесе отургула. Менимче бир-бириңерди эми жаңы көрүп аткан жоксуңар го дейм?

Далай-ламанын бул суроосуна Лама Бусмен озунуп жооп берди:

– Сиз эң туура айтасыз, улуу урматтуу таксыр. Өзүңүздүн буйрук менен мен касиеттүү Миларепанын азыркы түгөйүнүн үчүнчү көзүн ачууга катышкам.

– А сен тааныдыңбы, Лама Ясо бул кишини?

Лама Ясо жылмайып башын ийкеди да, унчукпастан туруп барып каруусунда илинүү жибек шарфты Лама Бусмендин тизесине койду.

– Урматтуу таксыр, – деди ошондо Лама Бусмен ордунан тура калып Лама Ясого таазим кылып, – сиздин колуңуздан шарф алыш мага сыймык. Бирок ыйык Миларепанын алдында бардыгыбыз тең тизе бүгүп турушубуз милдет деп эсептейм.

«Буга кандай дейсиз?» дегенсип ал анан Далай-ламага карады.

– Ха-ха-ха! – деп ошондо Далай-лама капысынан күлдү. Ошентип бириңдибириң сыйлагыла. Бирок да иш үстүндө ким устат а ким шакирт экени унут болбосун. Мага Лама Ясонун тез арада монах Додайдын сыйкырын өздөштүрүүсү керек. Анткени Тибеттин душмандары көбөйдү. Арабызда жүрөт. Бардыгы тең жазасын алсын!

Далай-лама алдында отурган экөөнү сынай карап бир тынып алды да кайрадан сөзүн улады:

– Анда эмесе Лама Бусменди жакшылап тааныштырайын. Толук аты-жөнү Наинг Синг Бусмен. Өзү нагыз боду[1] болгону менен англис тилин англичандардан жакшы билет. А сен дагы Лама Бусмен, биздин жаш Лама Ясого устат болушка дайым даярсың го деп ойлойм.

– Ыйык Миларепага жардамдаш болууга албетте дайым даярмын, улуу таксыр. Экинчиден, сиздин ушул жоопттуу милдетти мага аркалаганыңыз үчүн чексиз сыймыктанам. Болгону бир гана суроом бар сизге, улуу таксыр.

– Кандай суроо?

– Өзүңүз билесиз, мен Агни-Йога боюнча гуру эмесминби. Кара сыйкырды биле албасмын.

– Жо сен биздин жаш Ламага куратор гана болосуң. А калганын кийин айтам.

– А Агни-Йога боюнча урматтуу Мани Ясого сабак беремби?

– Жок. Башка планеталарга учуп, башка дүйнөлөрдү издөөгө азыр Тибеттин убактысы жок.

[1] Боду – тибеттиктердин байыртан келаткан өз аты.



– Хмм, – деп Лама Бусмен өчө түштү. «Анда менин керегим эмне?» деген суроо менен ал Далай-ламаны карады эле, дароо жооп болгон жок.

Бирпас ойлонуп турган Далай-лама акыры мындай деди:

– Бирок, бул ишке атайын сени дайындаганымдын себеби бар. Ошол себеп болгон үчүн чектедим. Тапшырманы аткарсаң өзүң сурап жүргөн кызматты сөзсүз аласың.

* * *

Бир нерсе катуу шарак эткенден улам Дей чочуп ойгонду. Бирок таппай койду эмне шарак эткенин. Ары карайт, бери карайт, көзүн ушалайт, баары эле орду ордунда тургансыйт, жалгыз бөлмөсүндө. Бул эмне шарак этти? Эткенде да катуу этти. Же жөн эле кулагына бирдеме угулдубу? Жалган дабышпы? Айтору ал төшөгүндө соксоюп биртопко отурду да бу караң-каткыр дүйнөдө жападан-жалгыз калганын сезди. Ичи боору ачышып, жүрөгү сыздап-сыздап алды. Жыйырма жыл колуна-кол, бутуна-бут болуп жүргөн кишисинен айрылыптыр. Ошону Дей бүгүн араң даана сезди. А Лама Цуну көмүшкөнүнө канча болду? Эки жума болуп кетиптир. Ошондон бери сезбептир жетекчисинин өлгөнүн. Анын үстүнө Лама Цу өлгөнгө да окшобой калды окшойт. Өлдүбү же өлгөн жокпу? Сөздүн чыны көп адамдар ушинтип бүшүркөп калышты. Анткени ал лотос порумун алып көп күн үкөктө отурган соң дем алуусун өзү токтотту. Денесине топурак да тийген жок – үкөктү аппак таза туз менен толтуруп туруп, анан капкагын жаап, андан кийин гана үстүнө топурак салышты.

Дей ошондогу бүт кыймыл-аракетин, баскан-турганын, өзгөчө Лама Цунун эң акыркы көрүнүшүн көп ирет көз алдынан өткөрө бере турган болуп алды. Бир күндө нечен жолу кино көргөн сыяктуу көрөт.

Дей акырын кыймылдап, дабышсыз кийинип, жуунуп, тамак ичимиш болду да кайда бараарын, эмне кылаарын билбей биртопко отурду. Иш жок. Шашке ченде, саат ондордо гана бир кыжалат жумушу бар, ошону бүтүрсө болду, андан кийин бекер. Таптакыр эле бекер. Ошону ойлогондо Лама Цудан айрылганын дагы бир мерте эстеп алды. Ичи-боору дагы бир сыйра аңтарылып кетти.

А бирок, саат ондогу жумушу аны катуу чыйралтып турду. Мани Ясого керээз кылып багыштаган Лама Цунун үч катын Потала ордосарайында иштеген бир ишенимдүү, болгондо да устатынын окуучуларынын бирине алпарып бермек. Ошондой деп сүйлөшүшкөн. А тигил болсо каттарды Лама Ясого эптеп жеткирмек. Ырас, Лама Ясо жашап-иштеген жогорку кабаттарга жөнөкөй кызматкерлердин өтүп барышы оңой иш эмес, ал кабаттар Далай-ламага, жана анын үй-бүлөсүнө гана тийешелүү, ошентсе да аракет кылуу керек болчу.

Дей аракетти бир нече мерте жасап да көргөн. Мындан мурун ал башка бир, Поталага кирип-чыгып жүргөн таанышынан берип жиберсе анысы каттарды эки күн жанына салып жүрүп кайра апкелди. «Лама Ясоң өтө катуу кайтарууда турбайбы. Ал жака чычкан жөргөлөп өтө ала турган эмес» деген анысы. Кийин Жакан храмынын ректору бир сапар аракет кылып көрдү да дароо жалтактап качып калды. Далай-Ламанын бир жардамчысынын айтымында Мани Ясого кимде-ким жолугам же сүйлөшөм десе ал Далай-Ламанын балээсине калат деген экен. Ошол сөз сыртка таралгандан кийин Дейдин өтүнчүнөн ким эле болсо жаа

бою качып калган. Ошентип керээз катты эле ээсине тапшырыш чоң тозокко айланып турган.

Катты жеткирип берем деген бүгүнкү монах болсо Лама Цуга бир чети тууган, бир чети колунда окуп чоңойгон. Өзү болсо он экинчи кабатта сакчылыкта турган бир полицай менен жатындаш эле. Дей ошого бел байлап мелжешкен маалда сүрү жүрөктү түшүргөн Тибеттин Ордосарайына жакындап келди. Кечээки жаандан чоң көлчүк калган экен. Бийик аскадай шаңкайган Поталанын элеси ошол көлчүктө жатат жыбыр-жыбыр этип. Дей ошону карап саамга тура калды да кайрадан алдыга жылды. Анын чочулап, өз көлөкөсүнөн өзү коркуп баратканын ким деле болсо байкамак. Анткени көзү өтүп кеткен Лама Цунун өзүбү же анын Мани Ясого жазган каттарыбы, атүгүл Дей бечарабы, айтору баары тең Далай-Ламага жакпай калышканын ал билет. Бирок эмне үчүн экенин түшүнбөйт. Кат ташыйм деп жүрүп колго түшсөм катуу жаза алып каламбы деп да саруулайт.

Туристтер оңбогондой көбөйгөн. Кытайда «атипичная пневмония» деген жугуштуу оору чыкканда турист дегендин Тибетте да изи сууган болчу. Анан кытай бийликтери бат эле ал оорунун айласын таап, дүйнөгө жар салды да, туристтер үчүн бүткүл өлкө боюнча эки эсе жеңилдик берип, чыгымдарын арзандатты. Ошондо Тибетте да, өзгөчө Ордосарай Поталага кирип чыгуу акысы элүү пайызга ылдый түшкөн болчу. Ошентип айлакер кытай бийлиги тез эле бөксөсүн толтуруп кирген.

Туристтердин арасында жылып баратып да, Дей чочулай баштады. Анткени анын эч кандай турист эмес экени көзүн таңып алган кишиге деле көрүнүп турбайбы. Ошон үчүн каптал-капталда турган дубинкачан полицайлар аны теше тиктеп атпайбы.

Денесин саал калтырак баскан Дей акыры жетчү жерине жетип турду да, өзүн караган көздөрдөн жалтанып, кокус бирөө жакындаса эле кайра артын көздөй каччудай. Бирок оңдой берди болду. Баягы айткан монах дал убагында чыга калды да, Дейден үч кат салынган бир чоң пакетти алган бойдон кайра кирип кетти. «Катты бердим деп жообуңду айтып кой!» дегиче болбой кирип кеткенин кара!

Бирок, жообун алды Дей. Болгондо да эртеси эле алды. Жооп эмес, баягы пакеттин өзүн кайра алды. Түз эле Потала храмына, Дей жаткан бөлмөгө бир бейтааныш полицай апкелип таштап кетти. «Лама Ясо Ордосарайда жок. Кайда экени белгисиз» деп жооп айтты келген неме.

Эч нерсе түшүнбөй оозун ачкан Дей бирдеме сурайын деди эле тигил полицай андан озунуп, алаканын жаа ийнин куушурду да кетип калды. Мына ошентип лама илими менен билимине бүт өмүрүн берген Лама Цунун кыргыз шакиртине арнаган бир үкөк толтура «Калачакра» тексттери, анан дагы табышмактуу үч каты кайрадан Дейдин көптөн бери жуула элек, тапталган бозчаңгыл жаздыгынын астында жатты...

* * *

**М**ани Ясо чынында эле ал күнү Поталада жок болчу. Ал азыр ичи көрүнбөгөн, айнектери капкара Джип «Мерседесте» Тибет-Кытай чекарасындагы Баян-Хара-Ула тоосун көздөй жол тартып бара жаткан болчу. Коштоочулары Лама Бусмен, жана эки жансакчы-полицай. Адам деген ар кандай – жансакчылардын бири таптакыр унчукпаган дулдугуй, экинчиси жаагын жанган сөзмөр, ырчы неме экен. Алыс жолдо жүргүнчүлөрдү ошол эриктирбей келатты.



– Кана, мырза Чоро ырыңды токтотпо. Антсең уктап калабыз, а уктагандан пайда жок, – деп Лама Бусмен аны улам шыкактап коёт. Ошенткен сайын Чоро аттуу полицай улам бир тамашалуу ырды ырдап, өз санын өзү чаап каткырып, тигилердин да күлбөскө чарасын койбойт.

Мен, Теңири деген жерденмин.
Качын деген элденмин
Топоз минип чоңоюп,
Кыз сүйүп, аял алганмын.
Акыры келип бир бакшы[1]
Башымды кетти айлантып.
Сен дагы бакшы болгун деп.
Жөн жүргөнүңдү койгун деп.
Окууга келдим борборго,
Отузга жашым толгондо.
Акыры, акылым жетпей окууга,
Лхаста калдым темселеп.
Катыным кетип, кайын жок
Же бакшылыктан дайын жок,
Ошентип полицай болдум,

Күйдүү-м чоо-ок, – деп Чоро созолонто келет да тизесин бир чаап алып өзү биринчи ыкшып калат.

– Бакшы болсоң эң мыктысы болмок экенсиң, – деп көзүнөн жаш чыккыча күлгөн Лама Бусмен тамашага аябай курсант.

Ошентип, шарактап күлүп отурушуп жолоочулар акыры чарчашты, бир сыйрадан үргүлөп да алышты. Сапар болсо карыбайт, Джип »Мерседес» резина колубуттары менен одур-будур таштарды кадимкидей чеңгелдеп, мыкчып жогору, бийикти карай тынымсыз тырышканы-тырышкан. Ал адеп калдаң-кулдаң этип секирген сайын адамдардын өпкө-жүрөгү үзүлчүдөй, ийиндери кагышып, баштары шалак-шулак.

– Ушунчалык алыс экен ээ, – деди тажап кеткен Мани Ясо Лама Бусмендин кулагына.

– Алыс эмей. Мен бул жолдо көп жүрдүм. Азыр эмне – көп болсо эки күндүк жол. А мурда ат менен жүрчүбүз. Бир жума аз болуп калчу.

– Сиз мага дропа эли жөнүндө көбүрөөк айтып берем дедиңиз эле.

Мани Ясо эртеден бери жүрөгүн туйлатып, көкүрөгүнө батпай шыкалып келаткан суроосун Лама Бусменге кайрадан дагы берди. Бул суроосун ал, жана тээ ылдый, түздө келатканда эле бир берген. Ошондо эле Бусмен жооп бермекчи болуп оозун жыйды эле, ангыча болбой тигил жансакчы Чоро улам бир тамашасын баштап жарылдап, сүйлөткөн эмес. Лама Бусмен жигиттин анда берген суроосун унутуп да калган экен. Ошондуктан башын көтөрүп, Мани Ясони уялгансып бир карап алды.

– Сөзсүз айтып берем. Мен беш жылдан бери ал элди изилдеп жүрөм. Ошон үчүн айтсам сөз көп. Бирок мобул машина калдаңдап.

[1] Бакшы – тибетче «бхши»

– Айта берсеңиз мен уга берем, урматтуу Лама Бусмен.

«Бул эмне эле мынча жабышат» дегенсип Бусмен Мани Ясону дагы бир жолу карап жылмайды.

– Ал кичинекей элдин саны азыр үч жүзгө чыкса чыгат, чыкпаса жок. Алар өзүлөрүн Сириус планетасынан келгенбиз дешет. Барганда көрөсүз го кебетеси таптакыр бизге окшобогон эл. Баштары чоң, көздөрү сүйрү, денелери кичинекей.

– Кулактары чоң дегенсиз ээ?

– Кулактары мобул Чоронукундай делдегей, – деп Лама Бусмен полицайды тамашага тартайын деди эле Чоро чала жылмайымыш болуп, бирок уйкудан көзүн ача албай койду.

– Мен сириус планетасын дайыма түшүмдө көрөм. Ал жактан келген сигналды угам. Тээ, бала чагыман бери угам.

– Чын элеби? – деп Лама Бусмен чочугандай Мани Ясону оңурая карап калды.

– Чын.

– Хе-хе, сиз мени таңкалтырып турасыз, касиеттүү Миларепа. Мен сизге эмес, сиз мага көп нерсени айтып бере турган окшойсуз.

– Адегенде сиз, – деди Мани Ясо күлүп. – Дропа эли качан, кантип келген экен биздин планетага?

– Жеке эле дропа эли эмес, Батыш Африкадагы Мали мамлекети бар эмеспи. Ошол Малинин Бандагара деген тайпасында догон деген бир уруу эл бар. Ошолор да өзүлөрүн Сириус планетасынан келгенбиз дешет.

– Сиз болгонсузбу?

– Малидеби? Ооба. Төрт мерте болдум догон элинде. Кадим мынабул биз бараткан дропаларга окшош. Турмушу да, дини да, маданияты да көп жагынан окшош. Бирок климат шарты башка болгондуктан айырмасы да көп.

– Аларда ысык да?

– Африка. А бул биздин дропа туугандарыбыз болсо кырк градус суукта жашашат. Мына биз азыр жайында баратабызбы? А дропалар турган жерде кыш.

– Ылдый, жылууга түшүшпөйбү?

– Түшпөй калсын, алар ошол азыр турган жеринен эч жакка жылбайт. Бизди кайра Сириуска алып кетишет, ошон үчүн ордубуздан жылбайбыз дейт.

– Качан алып кетет экен?!

Мани Ясо Лама Бусменди чыканактан мыкчый калды.

– Кеп ошондо. Булардын жерге келгенине быйыл 991 жыл болду. Анткени, дропалардын илгертен келаткан айтымдарында, булар «Чоң дөбөт» жылдыздар тобундагы кичи Сириус[1] планетасында жашашкан. 1014 жылы Жерге конуу учурунда космикалык корабли кыйрап, дал ушул Баян-Хара-Ула тоосунда калып калышкан. Эми, өзүңүз ойлоп көрүңүз касиеттүү Миларепа, буларды ким, качан кайра алып кетет?

– Жалаң үмүт менен ушунча кылым жашоого болобу? – деди Мани Ясо таңыркап.

– Үмүт деген эч убакта үзүлбөсө керек. Атадан балага өтүп келе берет тура.

– Мен дропалар менен сүйлөшсөм болобу? Тибетче билишет да ээ?

– Билишет. Өздөрүнүн да тили бар. Мен сизди дропалардын башчысы Лур-

[1] Кичи Сириус – Астрономияда 1862-жылы ачылган «ак карликтер» категориясындагы «Сириус В» жылдызы. Жерден 8,6 жарык жыл алыстыкта.



ган-ла менен тааныштырсам болмок. Бирок биздин быякка келаткандагы максатыбыз башка, билесиз да аны?

– Билем. Бирок дропалар менен сөзсүз сүйлөшүм керек.

– Далай-лама улуксат берген жок.

Мани Ясо эмне дээрин билбей кыйлага унчукпай келди да:

– Эмне үчүн улуксат берген жок? – деди.

– Биздин максат башка, урматтуу Миларепа. Аны өзгөртүүгө менде бийлик жок.

– Дропалар менен сүйлөшүүгө дегинкиси тыйуу салынабы?

– Мен алардын изилдөөчүсүмүн. А сиз, касиетүү Миларепа булар менен сүйлөшүүгө убакыт таппайсыз го дейм.

– Эмне үчүн?

– Биринчиден, булар чоочун киши менен дароо эле сүйлөшө коюшпайт. Экинчиден, сиздин убактыңыз өтө тар.

Аңгычакты Джип «Мерседес» калдаңдап отуруп кырга чыга түштү эле, ары жагы түптүз жайык экен.

– Баян-Харага келдик, – деди  Лама  Бусмен кубанбай  эле кейигендей үн менен.

Дал ортосунан туптунук кашка суу аккан көк жайыктын төр жагында, төш таянган кырка-кырка топурак үйлөр Мани Ясого адегенде Кыргызстандагы күмбөздөр сыяктуу көрүнүп кетти. Бирок, жакындаган сайын ошол «күмбөздөрдөн» иттер үрүп чыгып, учуп жүргөн сыяктуу салмагы өтө эле жеңил балдар чуркап, атүгүл жыгач челектерге суу көтөргөн аялдар көрүнө баштады.

– Ушуларбы дропалар? – деди Мани Ясо машинанын айнегине жабышып

– Быякта дропалардан башка жан жок.

Башка планетадан келген адамдарды көрүш үчүн Джипте отургандардын бардыгы уйкуларынан ойгонуп, көздөрүн бакырайтып калышкан болчу.

– Хе-хе, буларыңыз бизге кол салбайбы? – деди жансакчы Чоро не бар не жок дегендей тапанчасын кармалап.

– Эч убакта кол салбайт. Бирок менден башкаңар сыртка чыкпай тургула. Түшүндүрөйүн.

Ошенткен соң Лама Бусмен машинадан түшүп барып белкырчоосунан келген кичинекей чоң баш кишилер менен чыканактарын тийгизип учурашты да сүйлөшө кетти.

Мани Ясо ошол тушта чекесин байлаган жибек тасманы чечип, дропаларга үчүнчү көзүн ачты эле, эч кандай мээр көрүнгөн жок. Ал улам арытан келип топко кошулуп аткандарды үңүлүп карайт, бирок дропалар негедир мээрин көрсөтпөдү. «Ички энергетикасы жабык болуш керек» деп болжоду Мани Ясо.

Аңгычакты майда балдар келип Джипти курчап калышты эле полицай Чоро бетибашын кыйшаңдатып алар менен ойной кетти. Дропанын балдары майда саргыч тиштерин ырсайтып күлгөндө сүйрү көздөрү таптакыр эле жабылып калат экен.

Аздаң соң Лама Бусмен кайрылып келип машинага отурду да, айдоочуга кол жаңсады.

– Дропалардын айлынан өтүп, дагы  саатгык жол басат экенбиз, – деди ал Мани Ясого кайрылып.

Мани Ясо адатынча унчуккан жок. Бирок, жаңы устаты Бусмен эмнегедир

өтө кабатыр болуп, бул жакка келгенине нааразы экенин ал тээ небактан эле байкап келатат. Анын көздөрүн тике карап туруп ичиндеги ойлорун даана окуп алайын десе Бусмен ошону сезгенсип, Мани Ясодон ар дайым жүзүн ала качат. Анын үстүнө Мани Ясо өзү да өтө эле зарыл болгондо гана бирөөлөрдүн жүзүнө үңүлбөсө, башка учурларда адамдарды тике карагандан качат. Качмак түгүл айбыгат. Кадимкидей айбыгат. Бирөөлөрдүн ички сырсандыгын аңтаргандан көрө, анын капкагы жабылуу турганы жакшы экенин Мани Ясо тез түшүндү. Анткени ар бир сырсандыктын ичи толтура «акыр-чикир».

Баян-Хара-Ула тоолору кызыл жошолуу, тилке-тилке кеткен жарчалар экен. Ошол жарчалардын боорлору киши бою келген үңкүрлөргө бай. Кол менен оюп жасаган бул үңкүрлөр кайсыл замандардан бери келатканы белгисиз, бирок будда монахтары бул чөлкөмдү биздин эрага чейин эле өздөштүргөн. Лама Бусмендин карачечекей кайнатасы, Тибет-Кытай аймагында кара сыйкыр боюнча атагы чыккан, бирок кийинки үч жылда карасыйкырдан баш тартып, «Бошонуу» жолуна түшкөн, ошол максатта бул жерге келип биротоло жалгыздыкка, сүкүткө оогон монах болчу. Бир кезде анын «сыйкырчы Додай» деген коркунучтуу аты ыйлаган баланы соороткуп, кара сыйкырдын күчүнө ишенген тибеттиктердин жүрөгүнүн үшүн алып турчу эле. Сыйкырчы Додай, өз кезинде ыйык Миларепадан барып сабак алган, атактуу кара сыйкырчы Юнтон Тюгалдын мектебинин мыкты окуучусу, сыйкыр менен адамдарды дубалап оору кылган, акжолдон чыгарып адаштырган, кырсыка учуратып өлүмгө түрткөн. Керек болсо асманда добул чакырып, каршылашкан адамынын арпа, күрүч талааларын мөндүргө сабатып, тыптыйпыл кылган учурлары көп болгон.

«Мен ошол кылган иштеримдин баарына эрдемсип жүрүп асман көтөргүс күнөөнү мойнума үйүп алып, эми мынакей жан жараткан Улуу Жарык астында айыпкер болуп отурам» деген экен сыйкырчы Додай мындан үч жыл мурун үй-бүлөсүн, бала-бакырасын, неберелерин чогултуп алып. Анда Лама Бусмен Додайдын ортончу кызына жаңы эле үйлөнгөн.

Кайнатасынын сырын жакшы да биле элек болчу. Бир гана көрүп калганы монах Додай кыялы чатак жан эле. Ошону Лама Бусмен жакшы билчү. Ошон үчүн ал кайнатасы жалгыз жаткан үңкүргө жакындап келген-кезде:

– Касиеттүү Миларепа, сыйкырчы Додайдын кыялы чатак адам. Ошон үчүн адегенде өзүм барып сүйлөшөйүн, – деди.

– Үңкүрдүн оозу кирпич сымал таштар менен бекем бекилип, түп жагында гана бир тешик бар экен. Лама Бусмен үңкүрдүн оозуна келди да, ошол тешикке эңкейип аяр үн чыгарды:

– Додай ата. Мен келдим. Мен Бусменмин.

Эч жооп болгон жок. Бусмен дагы үн чыгарды эле жооп болгон жок. Анда Бусмен жерден чүкөдөй таш алып үңкүрдүн оозундагы ташты тыкылдатты. Ошондо анан баягы жалгыз тешиктен карыган адамдын тыртайган арык билеги чыга түшүп жерди нары-бери сыйпалады да эч нерсе таппаган соң кайра кирип кетти.

Бусмен кайрадан аракет кыла баштады. Бу сапар ал тешикке жата калып катуу-катуу ышкырды.

– Ата! Мен Бусменмин. Тамак-аш апкелдим! Ошондо гана ичкериден кандайдыр ачууланган алсыз үн чыккансыды.

– Кереги жок тамактын. Эмне жанымды тынч койбодуң?! Сендей да акылы жок күйөө бала болобу? Коштошподум беле баарың менен!



– Мен сизге Далай-Ламадан кат апкелдим!

– Эмне өчү бар экен анын менде?! Мен бардык кылган күнөөлөрүм үчүн өзүмдү-өзүм жазалап жатпаймбы! Дагы эмне керек экен ага?!

– Катты өзүңүз окуп көрүңүз!

Ошентти да Бусмен бир целлофан пакетти тешикке сунду. Пакетти алган монах Додай көпкө дейре үнсүз дымып калды эле бир кезде баягы пакет ошол эле бойдон сыртка кайра ыргыды.

– Ача албадым мунуңду! – деди ичкериден үн. –Мен бул жерде бычак курчутуп отурган жерим жок!

Лама Бусмен пакеттин бурчун кырча тиштеп атып араң ачты да, бүктөлгүн кагазды ичкери сунду.

– Улуу урматтуу Далай-ламага айтып кой, – деди көптөн кийин баягы алсыз өңдөнгөн үн жаалдангансып, –Анын акысы бар, кимге кандай наам берсе. А менин «лама» наамын алууга акым жок! Айтып кой!

– Кечиресиз! – деди Бусмен кайрадан тешикке жата калып кыйкырып, мен катты окуган эмесмин. Эгер сизге лама наамы берилген болсо баш тарткан болбойт! Андай дегеле тибеттин тарыхында болуп көргөн эмес!

– Мен баш тартып аткан жерим жок. Алууга акысызмын! Далай-лама ошону билбейт бекен? Же сен да билбейсиңби менин ким экенимди?!

– Далай-ламанын буйругу эки болбойт, – деди Бусмен үнүн басаңдатып. Бирок анын оюнда башка нерсе туйлап атты. Ал Далай-Ламанын өзүнө берген жеке тапшырмасын аткарыш керек эле. Өлсө-тирилсе да аткарыш керек. Ошон үчүн Далай-лама ага ишеним көрсөтүп быякка жиберип отурбайбы.

– Катты аягына дейре окудуңузбу? – деди ошон үчүн ал үнүн дааналап кыйкырып.

– Окуган жокмун.

– Окуңуз! Аягына дейре окуңуз!

Додай кайрадан унчукпай калды эле Бусмен демин ичине алып чыдамсыз күтүп турду.

– Окуган жокмун, – деди Додай кайрадан.

– Жаш бала болбоңузчу, ата! Окуп чыгыңыз шашпай. Мен күтүп турам.

– Күтпөсөң, кете бер! – деди Додай капыстан оройлонуп. – Эмне менин сүкүтүмдү бузасың?!

– Далай-лама жиберди, ата. Бир жолу угуп коюңуз анын сөзүн. Ал сизге жөнөкөй адамды жиберген жок. Касиеттүү Миларепаны жиберип отурат. Миларепаны!

Бусмен жооп угайын деп кулагын тешикке тосту эле аңгыча артына бирөө келип туруп калганын сезди. Карай салса бир өспүрүм бала турат. Дропа экен – колунда бир түйүнчөк анан бир бөтөлкө суу.

– Эмне, быякка бересиңби? – деди Бусмен тешикти көрсөтүп. Бала башын ийкеди да, апкелгендерин тешикке суна салып дароо кайра жөнөп кетти.

– Мен сизге Миларепанын кайра жаралган түгөйүн апкелдим. Сүйлөшөсүзбү?

– Мила-Дорже-Гялцен деп жазыш керек болчу. Ал дагы жаш кезинде кара сыйкырдын тузагына түшкөн. Отуз беш адамдын канына забын болгон, билип койгула. Мила-Дорже-Гялцен да аппак периште эмес!

– Билебиз ата. Ал сиздин алдыңызга келди, сүйлөшөсүзбү?

– Ал дагы, мен дагы Юнтон Тогялдын кара сыйкыр мектебин бүткөнбүз, билесиңби?

– Мына эми ошол мектептешиңиз алдыңызга келип отурбайбы. Сүйлөшүңүз!

Бусмен кайнатасынын жообун күтпөй эле Мани Ясого кол шилтеп шашылыш чакырды.

– Мына, келди Мила-Дорже-Гялцен алдыңызга!

Мани Ясо Бусмендин жанына келип жүйүртө басып отурду.

– Мила-Дорже-Гялцен кийин Улуу котормочу Марпанын ак сыйкыр мектебине өтүп кетти. Ыйык болуп алды. Анан кантип азыр кайрадан менин кара сыйкыр мектебиме кирем дейт?!

– Ом мани падме хум! Сизге эң оболу улуу даражалуу Далай- ламадан дубай салам айтам, – деди Мани Ясо тешикке эңкейип.

– Сиз Мила-Дорже-Гялцендин 100 миң ырын бүт билесизби? – деди ичкериден кекеткен сыяктуу үн.

– Кечиресиз, урматтуу Додай. Мен өткөн өмүрүмдө деле ырдаган гимндеримдин бардыгын эсиме тутуп жүрчү эмесмин. Азыр да ар учурга карата ырдаган ырларымдын бардыгын эле эстеп жүрө албайм. Балким бул менин кемчилигим болуш керек.

– Анда эмесе кулак сизде, – деди үңкүрдүн ичинен чыккан үн Мани Ясону сынагандай.

Лама Бусмендин өңү бузула түштү да, Мани Ясону суроолуу карады. Жигит болсо өзгөргөн жок. Үңкүрдүн оозуна малдаш уруп отура баштады. Анан, бирпастан кийин тамагын жасап алып үзүл-созул ырдай баштады.

О, урматтуу Додай монах, кара сыйкыр сырттаны!
Менден сура: Арбынбы деп бу дүйнөдө душманың?
Жок деп айтам: »душман болсо Тибеттики!»
Жана сура: «көрө албаган, ичиң тарбы» деп.
Жооп берем: «андай мүнөз менде эмес,
Көрө албастар Тибетти, курчап турат курал менен шыкаалап»
Дагы сура: бирөөлөрдү бүлдүрүп, ыйлатууга ниетиң барбы деп,
Жооп берем: »андай жорук менде эмес,
Андай ишти кылып жаткан кара ниет башкалар»
Жана сура: «анда эмнеге келдиң мага күч бергин» деп кара сыйкыр.
Мен жооп берем: «күрөшөйүн залал менен, жогоруда мен айткан,
Бел болоюн, улуу көсөм Далайга
Элин коргоп мекенине жанын берген!»

Ырдап бүткүчөктү Мани Ясонун бүткөн бою солкулдап, чекесинен чыпылдап тер кетти.

– Хи-хи-хи, – деди аңгычакты үңкүрдүн ичиндеги монах Додай кыткылыктап. – Баардыгыбыз тең бирдей сезимге алданабыз. Кезегинде кара сыйкырдын пири Юнтон Тогял да, Миларепа да, анан мына, мен дагы дал ушинтип алданганбыз. Ак сыйкыр болгон жерде сөзсүз кара сыйкыр болуш керек деп жараткан өзү жарлык кылган. Анан кантебиз?! Сиз, ыйык Миларепанын түгөйү, дагы бир жолу алданайын дедиңизби? Эки жолу алданыш көптүк кылбайбы? Али жаштыгыңыз бар экен ээ?!

Монах Додай менен сүйлөшүш мынчалык кыйын болоорун ойлобогон Мани Ясо чалга берээр жообу жок такалып турду.



– Улуу даражалуу Далай-лама өзү сизден өтүнүп жатат, – деди аңгычакты Лама Бусмен чыйпылыктап.

– Мен ошону айтып жатам, күйөө бала! Мен Далай-ламанын дал өзүн айтып жатам!

– Улук Далай-лама сизге баа жеткис урмат көрсөттү. Аны сиз түшүнбөй атасыз.

– Мага азыр эмне керек?! Жооп берчи, күйөө бала! Жооп бер дейм!!!

Монах Додай өтө эле алсыз чаңкылдады, бирок ошондо да үңкүрүнүн ичи оңой жаңырган жок. Андан кийин сүкүтү бузулган монах чарчады окшойт, таптакыр унчукпай калды. Кыска күн тоо артына батып кетти.

* * *

Ошол эле Джип турган жерде түнөмөк болушту. Лама Бусмен ылдый түшүп, дропа «туугандарына» кетип калууга ниет кылды эле дароо кайта айныды. Мани Ясону эки жансакчыга ишенип таштап кетүүгө болбойт эле. Канча кылса да өз көзгө жетеби.

Күндүн илеби кетээр менен дароо суук кычырайт.

– Болгон-бүткөндүн баарын үстүнөргө жамынгыла, – деди Лама Бусмен өзү да уктоочу мүшөгүнө кирип жатып. Алар жаңы эле уйкуга кетели деп тынчып калган кезде бирөөлөрдүн басып келген дабышы угулду:

– Таксыр Бусмен. Силерди биздин жол башчыбыз сүйлөшүүгө чакырып атат! – деди келген үн.

– Эмне дейсиң? Сен ким?

– Силерди кубанычтуу сүйлөшүүгө чакырып атат.

– Ким?

– Биздин жолбашчыбыз. Лурган экинчи.

– Баарыбыздыбы?

– Баарыңарды.

– Же мени элеби?

– Жок, баарыңарды.

«Каап» деди Лама Бусмен ичинен өкүнүп. Ойдо жок нерсенин чыга калганын кара. Барбай коюшка болбойт эле. «Же мен өзүм жалгыз эле бара берсемби» деген да ой кылт этти. Бирок ал дагы опурталдуу. Мани Ясону Тибеттин жетекчиси жалгыз гана Бусменге тапшырган. Жансакчыларга көп жылдан бери ишенич жок. Четинен сатылып кете беришет. Акча деген азезил эмнени гана кылбайт.

– Барабызбы же жокпу, таксыр Бусмен, – деди багажникте жаткан полицай Чоро кийме төшөгүнөн башын чыгарып.

– Ойлонуп атам.

– Батыраак ойлонсоңуз экен.

– Баруута туура келет, – деди Бусмен акыры. Анткени дал өзүнүн дропаларга нечен жолу иши түшмөк.

Джиптин фараларынын жарыгы көзгө сайса көрүнгүс караңгыда жаткан дропалардын топурак үйлөрүн бир ажайып жалпылдатып, иттерин болсо ийиндерине кирекире качырды. Сыртынан караңгы көрүнгөн үйдүн ичи бирок кыйла эле жарык экен.

«Жанар таштар күйүп турат үйлөрүндө,» деп Лама Бусмен артында келаткан Мани Ясого шыбырап койду.

Лурган Экинчи деген такыр эле салмагы жок сыяктанган бирок негедир узун бойлуу арык киши экен. Бардыгы тең Бусменди туурап Лурган Экинчи менен чыканактарын тийгизип учурашышты да үйдүн төрүндөгү секичеге кыркалекей отурушту. Кызык жери үй ичиндеги кыбыраган бардык жумушту жолбашчы деген Лурган Экинчи жалгыз өзү жасап жүрдү. Аялы, бала-чакасы көрүнбөйт. Жолбашчы бир тутам жыттуу чөптү кытай «зажигалкасы» менен күйгүздү да, жайпак табака салып туруп ортого коюп койду. Чөптүн жыты бир ажайып буркурайт. Андан соң жолбашчы нарыдан алып чыгып ар бир кишиге бирден тал башка бир чөптөн карматты да, ошону тигил отко күйгүзүп алгыла деп ишарат кылды. Лама Бусмен башта жасап жүргөндүк кылып дароо ордунан туруп барып күйгөн чөбүн жыттаган бойдон кайра ордуна келди.

– Улуу урматтуу жолбашчы Лурган Экинчи бизди урматтап, сый көрсөтүп аткандыгы үчүн өтө ыраазыбыз, – деди анан ал ордуна отурбай, тикелеген тейде.

Аңгычакты меймандардын бардыгы жашыл жалын чыгарып күйгөн жыттуу чөптү бирден-бирден кармап отуруп калышты.

– Жыттагыла. Кайгы-кападан, сар-санаадан көңүлүңөр арылып, дилиңер тазарат. Бул чөп көңүлдүн дарысы.

– Бул чөптү эмне деп атайсыңар? – деди Мани Ясо сөзгө аралашып.

– «Менеп» деген чөп. Силердин планетада жок. Уругун Сириустан ала келгенбиз. Африкадагы догон туугандарыбыз өстүрө албай койду. Ысык жерде өспөйт экен.

– Сириуста аба ырайы кандай? – деп сурады Мани Ясо.

– Ата-бабаларыбыз айтат – мелүүн деп. Жай, кыш деген болбойт. Ар дайым бир калыпта.

– Быякта эмне тамак жейсиздер?, – деп жансакчы Чоро суроо таштап калды. Ошентсе жолбашчы шашылыш ордунан тура калды:

– Сиз тамак жейсизби? Апкелип берейимби?

– Жо-жок, рахмат. Биз азыр эле кечки тамагыбызды ичтик. Мен тимеле кызыгып сурап атам.

– Биз тамагыбызды да Мекенибизден ала келгенбиз. Мынакей көрөсүздөрбү?

Лурган жолбашчы туурадагы каалганы ачып, меймандарына бир бөлмөдө шагы ийилип өсүп турган төө буурчак сыяктуу өсүмдүктү көрсөттү.

– Мына ушунун жемиши биздин тамагыбыз. Силерче айтканда жайдыр-кыштыр тынымсыз түшүм берип турат. Бизге башка эч нерсенин кереги жок.

– Эт жебейсиңерби?

– Эт жеген бизде абдан чоң күнөө. Биздин денеге керектүү заттардын бардыгы ушул старонун курамында бар. Бул биздин дене тамагыбыз.

– Африкадагы догон туугандарыңар менен байланыш барбы?

Мани Ясо улам дилгирленип суроо сураган сайын Лама Бусмендин тынчы кете баштады.

– Байланыш мурда бар болчу. Ал турмак мен өзүм ошол жактан келгем. Догонмун. Улам доор өткөн сайын бардыгынан ажырап баратабыз. Догондор Сириустан бизге караганда алда канча мурда түшкөн. Алардын түшкөнүнө 20миң жылча болуп калды. Биз болсо 1014 жылы түшкөнбүз. Эки учурда тең учуп жүргөн, силерче айтканда космикалык корабльдерибиз кырсыкка учураган. Болбосо силердин жерде сыноо өткөргөн соң кайра эле кетишмек экен,



биздин ата бабалар. Жер планетасынын биоэнергетикасы өтө эле алсыз болгондуктан биз быякта эң оболу ичибизде жанып турган жарык нурдан айрылдык, андан кийин мейкиндикте учуп жүрүү жөндөмүбүздөн айрылдык. Андан кийин...

Лурган тез нары карап кетип кайра бурулду да сөзүн улады:

– Андан кийин Сириустагы бардык сыйкырдуу касиеттерибизден ажырадык да, дал силерге окшоп калдык. Мына, Жер планетасынын кылганы! Албетте, силер менин сөзүмдү туура түшүнөсүңөр деп ойлойм. Бизде, мисалы «Мен» деген өзүмчүл сезим эчкимде жок. Төрөлгөндө эле «Мен» сиз төрөлөбүз. А силерде бул сезим эң биринчи орунда турбайбы. Ошондон улам бардык жамандыктар менен адилетсиздик ар кимиңди биротоло ээрчитип алган.

Мани Ясонун көздөрү жайнап, бүт тулкусу менен Лурган Экинчиге магнит сымал тартылып баратты:

– Мекениңерде силерди унутуп коюшканбы? Эгер алар унутса өзүңөр жол издебейсиңерби ал жака кетишке! – деди жаш жигит жалындап күйүп.

– Биз, айттым го, Жер адамдарына окшоп калдык. Алар болсо күн сайын, саат сайын Жерди айланып учуп жүрүшөт, бирок бизди алып кетише элек. Антсе да биз эч убакта үмүтүбүздү үзбөйбүз.

– Анткен менен алар башкаларды, болгондо да Жер адамдарын силердин Сириуска алып кетип атышпайбы!

Буга дейре жигитке анчейин байкоо салбай отурган Лурган жолбашчы Мани Ясону жашыл сүйрү көздөрү менен алайып карап калды. Анан кийин:

– Ооба, билебиз, угуп атабыз, алар жердеги ак жеринен өлүмгө кете турган адамдарды Сириуска алып кетип куткарып атышат, – деп оозун кыбыратты.

Ошондон баштап дропалардын жолбашчысы Лурган Экинчи Мани Ясодон таптакыр көзүн албай калды.

– Сиз менен бетме-бет, кененирээк сүйлөшүүгө мүмкүн болоор бекен? – деди ал Мани Ясого түздөн-түз.

– Тилекке каршы, – деп ошондо Лама Бусмен чебелектеп капталдан чыга түштү. –Тилекке каршы бизде азыр андай мүмкүнчүлүк болбой турат. Биздин өтө зарыл башка ишибиз бар эле. Андан көрө ошого жардам бере аласызбы?

Лурган Экинчи «дайым даярмын» дегендей ишарат кылып ордунан элпек турду.

– Отура берсеңиз экен, – деди Лама Бусмен шашып. Мен адегенде сизге түшүндүрөйүн. Силерден жогорку, тэтиги кызыл тоодогу үңкүрдө бир адам сүкүт салып отурат. Монах Додай. Менин байкашымда жеке сиздин өзүңүз менен ал адам жакшы мамиледе болуу керек. Ошон үчүн башка жерди коюп, дал силердин жаныңарга келген да. Ошол монахты бир зарыл ишке көндүрүү керек болуп атат. Сиздин жолбашчылык улуу даражаңыз гана ал монахка таасир этчүдөй. Бизге моюн сунбай жатат.

Муну уккандан кийин Лурган Экинчи кызык абалда калды. Кадим жаш балага чоң кишинин суроосун бергендей мукактанып унчуга албайт. Анын ахвалын көрүп туруп Мани Ясо акырын устатына шыбырады:

– Сиз буларга түшүнүксүз өтүнүчтү айтып койдуңуз окшойт, урматтуу Лама. Экинчи кайталабаңыз.

– Анан эмне кылам? Айлам кетип атпайбы!

– Коркпоңуз, урматтуу Додай макул болот.

* * *

Эртеси окуя дал Мани Ясо айткандай болду. Лама Бусмен экөө кайрадан монах Додай отурган үңкүргө келишкен болчу.

– Ом мани падме хум! Ата, сиздин ички туюмдарыңыздын ыраат болушун тилеп келдик, – деди Лама Бусмен баягы эле бир жеңдей тешикке эңкейип. Ошентип ал оозун жыйып алгыча эле ортосунан ичке чарык менен байланган бир түтүк кагаз тигил тешиктен сыртка ыргып чыкты.

Лама Бусмен сүйүнүп кетти да бетине урунган кагазды дароо ала коюп эки жакты карады.

– Мынакей биздин издегенибиз, – деди ал Мани Ясого. – Бул деген кара сыйкырдын нускамасынын тексти. Кайнатам муну небак өрттөп салдыбы деп корктум эле. Өмүрүндө эчкимге берип көргөн эмес. Акыры биздин колго тийди. Эми улуу даражалуу Далай-Ламанын тапшырмасын сиз экөөбүз аткарабыз, урматтуу Мани Ясо!

– Миларепа же болбосо анын түгөйү Мани Ясо эч убакта менин пирим болгон эмес!, – деген ичкериден монах Додайдын кирилдеген ачуу үнү чыкты аңгычакты. – Ошон үчүн ал кара сыйкырдын нускамасын менден тартып алды. Мен берген жокмун, Мани Ясо өзү тартып алды! Эми көрүп ала бергиле, канчалаган адамдардын баш сөөктөрү анын баскан жолунда томолонуп жатаарын! Көрүп ала бергиле, кан жуткурлар!

Лама Бусмен бул каргашалуу сөздөрдөн Мани Ясону тез алып качам деп шашкандыктан кайнатасына рахматын да айтпай, коштошпой дагы, Джипти көздөй энтеледи.

– Ызасына чыдабай, эмне айтканын билбей атат алжыган чал, – деди анан машинага отуруп жатып ал. Ошо кезде Мани Ясо анын жүзүн капыстан даана көрүп калды да таңыркады. Нускама колуна тийгенине сүйүнүп атkансыган Лама Бусмендин ичи толо нааразылык менен кайгы эле...

* * *

Мани Ясо миң салаа болгон Баян-Хара-Ула тоолорунун тереңиндеги, дропалардан алыс, кук эткен кузгундун үнү угулбаган бир кызыл чаптын үңкүрүндө жалгыздыкка камалган. Үңкүрдүн оозу бек, ылдый жагында гана аба кире турган бир, үстүндө аба чыга турган бир тешик бар. Ичинде болсо мисте майга куурулган эки пакет арпа бадырак, анан атайын жасалган челекте эскирбей турган суу. Үңкүрдүн ичин жарык кылган – жанар таш, адамдын кир-когу чыга турган атайын жең. Бул «кара» сүкүттө Мани Ясо туура үч ай үч күн отурушу милдет. Сүкүт бузулбас үчүн Лама Бусмен жансакчылар менен машинанын үнү угулгус алыста, кырдын ары жагында жайгашкан. Үңкүр жакты алыстан турнабай менен кароого да болбойт. Алардын милдети – Мани Ясо отурган капчыгай тараптагы кулак-мурдун кескен табигый тынчтыкты бекем сактоо, ал жакка кыбыр жан өткөрбөй кайтаруу!..



## *ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ*

**М**онах Дей капыстан чочуп ойгонду. Кулагына бирөө бирдеме деп кыйкырып ийгендей. Ушул үч жарым миң адам кумурскадай жыбырап иштеп-жашаган Жохан храмынын ичинде бир айдан бери ал ээн талаада жападан жалгыз калгандай эле. Эч кимдин Дей менен иши жок, мындай алып көрсө Дейден да эч ким менен иши жоктой. Көрсө, бул жалганда ал жалгыз гана Лама Цуга керек болгон турбайбы. Лама Цу атасы да, энеси да, жетекчиси да, үйбүлөсү да болгон экен көрсө. Башка эчкимиси, а түгүл эч нерсеси жок турбайбы Дейдин бу жарыкта. Ушуну өзү түк бир ойлоп койбогонуна өзү таң. Көрсө бир эле киши о дүйнө жүрүп берсе тирүү калган башканын асманы жерге түшүп, тулгасы томолонуп калат турбайбы. О шумдук!...

Мына эми, ээн бөлмөсүндө жалгыз уктап жатса кулагына кимдер бирөө чаңырат. Кадимкидей, катуу чаңырды. Бирок, ойгонуп кетсе эчким жок. Үн да жок, дабыш да жок.

Дей биртопко ойлонуп жатты. Чаңырган үндү кайра-кайра эстеп көрсө, чын эле бирөө чаңырган окшойт. Бирок сөзү эсинде жок. Ошол чаңырган бирөөнүн сөзү эсинде жок. Аңгыча Дейдин оюна бүгүнкү боло турган эң маанилүү окуя түшө калбаспы. Ооба, ал бүгүн храмдын ректору Панчен-ламага бармак. Чакырткан экен. Кечээ ректордун жардамчысы келип кабарлаганда Дейдин оозунан келмеси түшүп, уккан кулагына ишенбей кеткен. Храмдагы Дей сыяктуу майда кызматкерди ректор өзүнө атайылап чакырбай калсын. Ар кимдин өз кардары дегендей, Дейди чакыра турган бир эле Лама Цу болгон.

Дей төшөгүнөн ыргып турду да, шашылыш кийине баштады. Сары монах чапанын, топусун, бутуна топоздун шили терисинен жасалган маасысын кийип күзгүгө каранды. «Буюрса кызмат берет ко» деген ой кечээтен бери көкүрөгүнө миң келип, миң кетти, бирок Дей дагы эле ал ойдон тажабай баратты.

Панчен-лама өзү абдан эле дурус адам болчу. Кичи пейил, боорукер, храмдын ичинде жүргөндө тааныса да таанибаса да элдин баары менен учурашчу. А Лама Цуга канча жолу айттырбай эле өзү кирип келчү. Канча жолу Дей менен жылуу баш ийкешти, бирок ошентсе да, кичинекей кызматкер эмеспи, ректор аны анчейин таңазарына алчу эмес. «Мейли да, мендейлердин ар бирине токтолуп отурса ректордун чактысы калабы?»

Кабылдамада үч-төрт киши бар экен. Акыры монах Дейге да кезек жетти.

– Ом мани падме хум! – деди Дей эшиктен денеси толук кире электе эле. Өтө шашып калды окшойт.

Ошону байкай койгон Панчен-лама күлөбагып, Дейге утурлай чыкты.

– Баарыбыз урматтаган Лама Цунун элеси ардайым көз алдымда турат, – деди ректор Дейдин сунган колун кармаганда.

– Менин даанышман жетекчим Лама Цу сизди өзгөчө кадырлачу эле.

– Келгин, мындай отургун. Менин бир гана суроом бар, урматтуу монах Дей.

Лама Цу о дүйнөгө кетип атканда ыйык Мани Ясого арнап кат жазган экен. Ошол катты сага таштаган имиш, ээсине берип кой деп. Эмне үчүн эмдигиче бербей жүрөсүң. Жооп берчи?

Панчен-ламанын үнү доомат сыяктуу чыккандыктан Дей коркуп кетти.

– Мен ал каттарды Мани Ясого бере албай жүрөм, – деди ал дароо актана кетип.

– Эмне үчүн?

– Поталага кире албадым. Киргизбейт. Анан бир тааныш полицайга берсем, ал Лама Ясо ордосарайда жок экен деди. Кайда экени белгисиз деди.

– Белгисиз?

– Ооба, ошентти. Белгисиз дейт.

– Белгисиз да болчу беле. Анда азыр мага апкелип бер ал катты. Мен берип коёюн, ыйык Мани Ясого. Окуган жок белең?

– Эмнени, каттыбы?

– Ии.

– Окуган эмесмин. Чапталуу да.

– Анда улуу даражалуу Далай-ламага жакпаган сөздөр жок беле, билбейсиңби сен?

– Далай-ламагабы? Билбейт экем.

– Анда апкелип бере сал. Тез.

– Урматтуу Панчен-лама  Мен эки айдан бери ишсиз отурам. Бекерчилик деген эң жаман нерсе экен...

– Адегенде катты апкел, анан сүйлөшөбүз!

Дей ректордун бөлмөсүнөн тез эле сыртка чыга түштү. Аны чакыраарын чакырыптыр, бирок ректордо Дейдин өзү жөнүндө сөз айтайын деген бир ооз ой да жок экен. Ошого ичи күйдү, бөлмөсүн көздөй кетип баратып астейдил ызаланды. Анан, бир маалда анын кадамы ылдамдай, шашып жөнөдү. Апыл-тапыл үйүнө кирди да жаздыгынын астындагы үч конвертти ич көйнөгүнө орой салып храмдын караңгы подвалына жүгүрүп түштү. Подвалдын бул көзгө сайса көрүнгүс булуң-буйткаларында Дейге окшоп дегеле бир жан жүрө алчу эмес. Лама Цуга ишке орношкондон бери айтор канча жыл өттү? Ошончо жылдан бери Дей арткан-урткөн акча-тыйынын подвалдын түпкүрүндөгү бир көз көргүс, кулак уккус кычыкка катат. Баардык жагынан алганда кычык эң сонун жай. Жалгыз гана айыбы – көпкө жатып калганда кагаз акчалары көгөрүп, ным жыттанып кетчү.

Ошол кычыкка алпарып Дей Мани Ясого деген Лама Цунун үч катын кошо катты.

Бул ишти ал көкүрөгүндө пайда болгон, бирок өзүнө да белгисиз бир шекшинген, же болбосо жоопкерчилик сезимдин күчү менен жасап салды да эшикке чыкканда: «Эмне болсоң ошо бол» деп өзүн сооротконсуду. Бирок таңаткыча уктай алган жок.

Панчен-лама дагы түнү бою жалаң ошол каттарды эле эстеп жаткансып эртеси Дейди дал таңкы табынуунун маалында чакыртып ийиптир.

– Канакей каттар? – деди ал Дей киргенде саламын албай туруп эле. Түрүнө караганда ачуусу келип калгандай.

– Урматтуу Панчен-лама, каттар Лама Ясодон башка бир дагы адамдын колуна тийбесин деген эле.



– Ким?

– Лама Цу. Менин ардактуу жетекчим.

– Демек, сенин ардактуу жетекчиң башка кишилерден жашыра турган сөз жазса керек Мани Ясого. Көрөгөч Далай-лама бекеринен издетип аткан жок ал каттарды. А сен, кембагал Дей, ардактуу жетекчиңдин артынан кеткиң барбы, же болбосо дагы жашайсыңбы?!

– Жашагым бар, урматтуу таксыр.

– Апкел андай болсо катты. Табынуу бүткүчө апкеле кал. Кечиксең таарынба! Ансыз да улуу көсөмдү кечээтен бери күттүрдүң!

«Улуу көсөмдү күттүрдүң!» деген сөздү ректор монах Дейди калтек менен башка чапкандай доош менен айткандыктан, ал бөлмөдөн чыгып баратып теңселе түшкөндөй болду. «Далай-ламаны күттүрүп койдумбу?» деди андан ары бара түшкөндө жүрөгү оозуна тыгылып. Көрсө ыйык Далай-лама өзү суратып аткан турбайбы!» «Далай-лама!»

Дей куру кыялында нечен-нечен көкөлөп, далай жакшы, бийик зоболого жетип кайра түшүп жүрчү, бирок моминтип реалдуу турмушта Далай-Ламанын дал өзү менен кандайдыр бир жагдайда байланышып, болгондо да аны зарыктырып күттүрүп коём деп үч уктаса түшүнө кирген эмес. Кирмек да эмес. Бирок турмуш дегениң кээде кадим эле жомок сындуу боло берет турбайбы.

Монах Дей өз бөлмөсүнөн өтө түшүп анан подвалга кирмекчи болуп баратты эле, ошо кезде аны бир зор күч этектен тарткандай токтотуп, атүгүл бөлмөсүнө зордоп кийирип салды. Ал эмне күч экени белгисиз, айтор кежигеси кежейип эле подвалга баргысы жок. Каттарга жологусу жок.

Дей бөлмөсүн ичинен илип алды да, өзүнүн көптөн берки кир, жыты буруксуган төшөгүнө көмөрүлүп жатып алды. «Таңкы табынуу бүтпөй турса экен» деп адегенде анын жүрөгү ошого кыпылдады. Ага болбой эле таңкы табынуу бүтүп, атүгүл атайын Дей уксун дегенсип тарагандар анын эшигинин дал түбүнөн бака-шака сүйлөшүп өтүп кетип жатышты. «Андай болсо Панчен-лама мени унутуп, чакырбай коё турса экен» деп анын жүрөгү эми ошого кыпылдады. Турмушуң түшкүр ага да болгон жок.

Панчен-лама тезинен келсин деп атат! – деди үн.

Бул, албетте жардамчынын үнү. Атаганат, бул турмушту алдоого түк болбос! Монах Дей жаткан тейинде бүкүлү турду да үндүн күчүнө багынып илкип берди.

Панчен-Ламада кишилер бар экен, ошого карабай эле ал Дейди «кирсин» деп коңгуроосун ачуулу басып-басып алды.

– Ал каттарды кармоого кандай акың бар?! Сен кимсиң анте тургандай?! Ал деген ыйык Миларепага арналган каттар! Эмне үчүн апкелбейсиң?! Ал каттардын мамлекеттик мааниси бар. Сен түшүнөсүңбү ушуну? Же түшүнбөйсүңбү?! Же мамлекеттик ишке тоскоол болоюн дедиңби?! Айт жообуңду?!

Тигиндей бирукмуш бийик сөздөрдөн кийин монах Дей өзүн таптакыр жоготуп тургандыктан Панчен-лама: «Айт жообуңду!» деп дагы бир жолу кыйкырууга мажбур  болду.

Ошентсе Дейдин капыстан өңү бузула түштү. Жаак эттери түйүлүп, бетинин чүкөсү чыга калды, бирок өзү баягыдай эле унчукпастан жер тиктейт.

– Эмне тилиң кесилдиби?! – деди Панчен-лама эмнегедир Дейдин өңүнүн кубарып кеткенин байкабай эле кайтадан кыйкырып.

Ошондо Дей токтоно албай калды. Ыйлап жиберчүдөй оозун кемшиңдетип:

– Лама Цунун өзүнөн сурап алгыла каттарын! Ал көрүндө тирүү отурат. Эмне мени кыйнайсыңар?! – деп киркиреп жиберди. Андан кийин бөлмөдөн шарт чыга качты...

* * *

Далай-лама жеңил халатын үстүнө жамынып, ажатканасына кирсе, желелүү бурчта бир жөргөмүш түнкү көпөлөктү торуна түшүрүп алып өлтүрө албай арбаңдап чуркап аткан экен. Ары бир кетет, бери бир кетет. Уулуу тумшугун денесине матырайын десе жандалбас урган көпөлөк канаты менен каккылап жолотпойт азырынча. Күтө турайын десе жөргөмүштүн жаны чыгып, курсагы ач.

«Табигат өзү дал ушундай жаралган. А менин тибеттик лама туугандарым ушуга каршы» – деди Далай-Лама: бирөө чымындай жаны үчүн, бирөө ач курсагы үчүн кармашып жаткан эки макулукка мыйыгынан жылмайып.

«А бирок канчалык каршы болбогула, жердештерим, баары бир табигаттын күчү карама-каршылашта, талаш-тартышта. Талаш!!! Эң оболу тамак талаш. Анан жер-суу талаш... Бардыгы талаштан башталат, талаш менен бүтөт! Бүткүл дүйнө тарыхы – талаштардын тарыхы! Лама окуусу буга макул эмес. Ыйык Миларепа да буга макул болбогон. Көрөлү азыр эми Лама Ясо кандай дээр экен. Азыр заман башка, доор башка...»

Ошентти да ажатканадагы ордуна отуруп, Лондондо студент болуп жүргөндөгү адатынча, колуна кармай келген китебин ачты.

Эртең мененкисин ал дайыма Поталанын Кызыл сарайындагы узун залды кыдырып, Тибет тарыхындагы болуп өткөн Далай-ламалардын алтындан жасалган айкелдерин суктанып карап чыкчу. Бүгүн дагы ал адатынан жазган жок. Жер чийген узун парча халатын ийнине бош таштаган бойдон сегиз айкелдин улам бирин тирмейе тиктеп, оо кай замандарда өтүп кеткен адамдардын жүзүнөн, көздөрүнөн, ууртунан, жылмайуусунан, мостоюусунан, каш-кабагынан бийлик зоболосунун улуулугун, бийиктигин издейт, табат, таңыркайт, куштарланат, суктанат, акырында ичи өрттөнөт.

Антүүгө себеп бар эле. Учурдагы бул Тибет жетекчиси өзүн Далай-лама деген бийик ат менен атай албайт, себеби ал саясий шартка жараша утурумдук гана, «жарандык жетекчи». Башкача айтканда, Далай-ламанын милдетин гана аткаруучу болуп дайындалган.

Демейдеги башка мамлекеттер сыяктуу «милдетин аткаруучу» болуп туруп андан ары Далай-ламанын кызмат ордун ээлөөгө жол жок. Анткени Далай-лама болуп төрөлүш керек. Антүүгө да мүмкүн эмес, себеби Тибеттин мыйзамдуу он төртүнчү Далай-ламасы көзү өтө элек, Индиянын Дхармсала шаарында саясий качкын болуп жашап турат. Ал адамды Далай-ламалык бийик даражасынан түшүрүп салуу да мүмкүн эмес, анткени ал Он үчүнчү Далай-ламанын реинкорнациясы болуп төрөлгөн, анысы өтө машакаттуу, татаал эрежелер жана жолдор менен далилденген.

Мына ушундай ара жолдо турган Тибеттин азыркы жетекчиси бала кезинен баштап диний, оккульттук билим алганы менен көзү ачылып, сыйкыр касиетине жетпеген соң акырындап отуруп материалисттик, атүгүл кытайлык, коммунисттик көз карашка оогон, азыр болсо көбүнчө ошол нукта иштеп, аракет кылып жаткан кези эле.



Бирок, канча кылса да нукура буддачыл адам катары анын кан-жанына сиңген идеалдары баары бир байыртан бирин-бири улап келе жаткан ыйык, касиеттүү Далай-ламалар. Өзгөчө Бешинчи Далай-лама.

Мына, азыр да ал Далай-ламалардын ичинен эң таланттуу, билимдүү реформатор катары эли-жери үчүн албан эмгек кылган «Улуу Бешинчинин» бийиктиги 20 метр келген алтын айкелинин алдында үч жолу жүгүнгөн соң кирбийип, өзүн өтө эле кичинекей сезип турду. Бул айкелди жасаш үчүн убагында төрт тонна алтын сарпталган экен. Уу тилин жанган кээ бир тибеттиктер «ошондон бери казынада алтын жок итке минип отурабыз» деп атадан балага айтып келет.

Улуу Бешинчинин тушунда Тибеттеги болгон бардык монастырлардын, храмдардын окуу усулу таптакыр жаңыдан уюштурулуп, борбордук негизги эки дин окуу жайы жаңы ачылып, өлкөдө толук бийлик реформасы ишке ашып, биринчи жолу эл каттоо өткөрүлүп, жеңил салык тизими киргизилип, айтор өмүр бою жалгыз чапанчан жашап өткөн көсөм жетекчи өзү окшогон жарды журту үчүн жанын аябаптыр.

Дал ошол Бешинчи Далай-ламанын аракети менен 1645-жылы Тибет тайпасынын эң бийик төрүндөгү Марпори тоосуна такай дүйнөдө архитектуралык түгөйү жок, кайталангыс Потала Ордосарайынын курулушу башталган.

Мына ошол Ордосарайда, арадан жүздөгөн жылдар өткөн соң биздин адабий каарманыбыз, Тибеттин утурумдук Далай-ламасы өзүнүн Улуу бабасынын «алтын жүзүн» тирмейип көпкө тиктеп турду.

«Ом мани падме хум! Мен сиздин түздөн-түз тукумуңуздан болом, ата, Сиз аны билесизби? Мен сиздин кайра жаралган түгөйүңүз болом. Буга мен сизди толук ишендирейинби? Угуп турсаңыз. Сиз 1682-жылы капысынан о дүйнө салып кеткениңизди сиздин уулуңуз, менин түздөн түз бабам Санчжягацо он алты жыл бою эчкимге жарыя кылбай жашырып келген. Антишке көп себеп бар эле. Эң негизгиси – коркунуч. Эгер сиздин көз жумганыңызды Цин династиясынын манжурлары укса Тибетти ошол замат басып алышмак. Анткени алар Тибет бийлигин, сизден башкага ыраа көрмөк эмес. Сиздин өтө бийик аброюңуз гана аларды баскынчылыктан айбыктырып турган. Экинчиден, сиздин кайра жаралган түгөйүңүздү ошол катаал кырдаалда дароо таба коюш өтө кыйын болчу. Эгер жаңылыш болуп калса, анда өлкө башына зор мүшкүл түшмөк. Үчүнчүдөн, сиздин жок экениңизди билишсе мынабул Потала Ордосарайын салып жаткан жүз миңдеген адамдар ошол замат тарап кетмек.

Мына ушуларды туура ойлоштурган менен бабам Санчжягацо Сизди, Улуу Бешинчи Далай-ламаны «көп жылдык сүкүткө отурууга бекинди» деп аргасыздан жарыя кылган да өлкөнү өзү башкарууга мажбур болгон. Ошондо менин бабам отуз жети жашта эле. Мен дагы азыр туура отуз жети жаштамын. Дал келип турганын караңыз!

Ошон үчүн суранам, Калыстыкка жол ачкын деп, о менин улуу бабам Бешинчи!

Эгер антпесиңиз Лхастын азыркы лама төбөлдөрү мени, сиздин түздөн-түз кайра жаралган түгөйүңүздү, издегиси да тапкысы да келген жок.

Менин ордума «Улуу Бешинчинин» түгөйү деп азыркы Лама он төртүнчүнү таап келишкен. Ал болсо кыйын күндөрдө элин душман колуна таштап коюп качып кетти. Тибет эли бүтүндөй аны азыр «Качкын лама» дешет, «Далай лама» дебейт. О, менин улуу бабам калыстыкка жол ачкын! Өзүңдүн түздөн-түз тукумуң алдыңа келип жалбарып турат. Мен дал өзүңдүн жолуңа түшүп, тибет элинин кур-

сагын тойгузам, бизнести, сооданы өнүктүрүп, элдин байышына кеңири жол ачтым. Ошонумду көрө албаган душмандарым көбөйдү. Алар мени: «сен тибеттин ыйык жерлерин бүтүндөй ыплас жаман туристтерге тебелеттиң, лама дининин касиеттүү кутун качырдың дешет. А мен аларга: «тибеттиктер XXI кылымда өнүккөн башка элдер сыяктуу, курсагы ток, кийми бүтүн жашасын. Андан кийин динин, окуусун өнүктүрсүн» деймин. Кимибиз туурабыз, о улуу бабам? Калыстыгыңды айтып адилеттикке жол ачкын! Суранамын сенден жалдырап...»

Далай-лама тирүү кишини карагандай тирмийип тиктеген сайын Улуу Бешинчинин телмирген алтын жүзү акырындап кыймылга келгенсийт. Көздөрүнөн нур чыккансып, эриндери билинээр-билинбес кыбырайт. Анакей, кара! Ал түгүл жылмайгансып жибериди! О, Жараткан! Өлбөс-өчпөс бабалардын колдоосуна дем бере көр, Жараткан!

Дал ушул тушта узун залдын тээ алыскы эшиги ачылып полицайлар кирип келишти. Көрсө туристтер залга кире турган саат келген экен. Мурдагы заман болгондо Далай-ламанын бул залда экенин көргөн полицайлар дароо кайра чыга качышмак да Улуу көсөм кетмейинче туристтик саат башталмак эмес. Азыр болсо полицайлар Далай-ламаны «сен кетпейсиңби тезирээк» деп омуролой карап турушту. Туура, ошентиш керек алар. Анткени Далай-лама туризмди өзүнөн да жогору койгон. Өлкөгө акча керек эле!

Шашып калган Далай-лама шарт аркасын салды да залдын башка жагын көздөй басып жөнөдү. Узун парча халатынын этеги желп-желп этип полго сүйрөлүп баратты.

* * *

– Ом мани падме хум! – деди үч мерте жүгүнгөн Жохан храмынын ректору Далай-ламанын бөлмөсүнө кирип, бирок ага жакындабай алыстан. Ошентип ал күн мурун эле өз күнөөсүн мойнуна алып, дапдаарып турду.

– Мага үч жолу жүгүнүп убакытты албагыла деп канча жолу айтам. Бир жолкусу жетет. Тез сүйлөгүн!

– Улуу урматтуу таксыр! Мен сиздин тапшырманы аткара албаганым үчүн өзүмдү эмне кылаарымды да билбейм. Өмүрүмдө башыман өткөрбөгөн бир окуя сиздин алдыңызда мени чоң күнөөгө жыгып турат.

– Ал эмне деген окуя экен?

– Лама Цунун жардамчысы Дей деген салбырак монах өлгөн жетекчисин тирүү дейт. Көрүндө тирүү отурат, анын Мани Ясого жазган керээз каттарын өзүнөн сурап алгыла дейт. Ошентип коюп ал монах качып жок. Кечээтен бери храмды тинтип издетип таба албадым. Бүгүн да издеп атабыз, улуу урматтуу таксыр. Акыры таап, аны балак менен жазалоого туура келет. Болбосо андан да катуу жаза колдоном, таксыр.

– Мага ал монахыңдын жазасы эмес, каттар керек! Каттар керек мага!

– Билем, түшүнөм, улуу урматтуу жолбашчы!

– Түшүнбөй турасың! Болбосо өз билгенин кылган Лама Цуну антип табытка отургузбай эле башкалар катары, тибеттин өз салты менен аркы дүйнөгө жөнөтүш керек эле да. Эмне үчүн алжыган Цунун тедолдун шартын бузуп, айтканын аткардыңар?!



– Улуу таксыр, сиз сыяктуу эле мен дагы Лама Цунун окуучусу болгон соң, сөзүн эки кыла албадым.

– Сен азыр эч кандай окуучу эмессиң. Храмдын жетекчисисиң. Ошон үчүн өз милдетиңди так аткарышың керек болчу. Убагында аткара албадыңбы – эми аткаргының!

– Түшүнбөдүм, улуу таксыр. Ректордун өңү кубара түштү.

– Сага Панчен-лама деген бийик наам берилген. Түшүнүшүң керек!

Далай-лама көрсөтмөсүн түздөн-түз бере албай туттугуп турду. Ректор өзү түшүнүп өзү аткарсын деген догуруңуу эле. Ошентсе күнөөнүн жарымы андан ооп, ректорго кетчүдөй. Ошондуктан ал ачуусунан улам кыпкызыл болуп чыңалып тура берди. Мындай көз карашка көпкө чыдоого мүмкүн эмес эле. Ошондуктан ректордун ич дүйнөсү куурулган майдай чырылдап, акыры минтип жиберди:

– Улуу таксыр, Лама Цуну көрүнөн алып чыгып, Тибет салты боюнча денесин парчалап чаап, таз жоруларга ыргыталы деп турасызбы?

– О, мынакей, өзүң айттың иштин көзүн! Ошон үчүн панченсиң! Тур тезирээк аткар айтканыңды. Мен экинчи жолу эскертпегендей болоюн. Ага убактым жок. Ал эми, алиги качып жүргөн монахыңды табууга бир сутка убакыт берем. Башка мөөнөт жок!

Панчен-ректор өкүмдардын саясатынын анча көп эмес, бир эле ууч жактоочуларынын бири эле. Бир пикирлеш, тилектеш деген өлкө жетекчиси анан эмнеге ушунчалык, тимеле душманындай катаал сүйлөштү аны менен? Же бир атайылап кылган айыбы бар беле? Лама Цунун өзүнүн керээзин аткаргандан башка эмне жазык жасады?

Ушуларды ойлоп ызаланган ректор Поталанын баш айлантма коридорлорунан кантип өтүп келип, кандайча сыртка чыкканын да билбей калды. Чыкса өзү улуу тоонун башында тургансып бут алдында кызыл-сары топурактуу кенен Уй өрөөнү кылкылдайт. Андан ары алыс-алыс көз кайкытса «Дүйнөнүн түркүгү» атанган Эверес чокусу, анын оң тарабында касиеттүү Кайлас тоосу, ыйык Шамбаланын мекени...

Күндөлүк күйпүл жумуштан эч качан колу бошоп, башын өйдө көтөрүп көрбөгөн ректор эмнегедир мынабул бүгүнкү көрүп тургандыдай ажайып кенен дүйнөнү ушуга дейре бир да жолу байкабаптыр. О, шумдук! Дүйнө кенен турбайбы?! Тибет кенен турбайбы?! Мынабул миң сан жылга жыбыттардын койнунда не деген керемет адамдар жашап өтпөгөн? Ошонун бирин Лама Цу жалгыз отуруп ректорго айтып берди эле. Дал азыр эсине кылт дей түштү:

«Ак чач болуп калган кезинде бир абройлуу монах ээн үңкүргө келип, көп айларга сүкүт салмак болуп бекинет. Аны ал жерге коштоп, жүктөрүн көтөрүшүп келген өзүнүн эң кымбат көргөн окуучуусу, шакирти эле. Устатынын анча-мынча жарыбаган оокатын көргөн жаш жигиттин капыстан ниети бузулат да карт ламаны таш менен башка уруп өлтүрүп тоноп кетет. Бирок, өлдү деген монах өлбөй, эртеси эсине келет. Жараты ушунчалык катуу болгондуктан ал ооруга чыдап жата албай кайрадан тезинен сүкүткө кирип, эсучун жоготуп жата берет. Ооруган жерин сезбейт.

Бир күн айланган соң монахтан кабар алууга дагы бир шакирти келет. Келсе монах тилоозу жок жатат, шилисинен куюлган кан сасып чирий баштаптыр. Устатын ойготуп алып эмне окуя болгонун билип алган бала дароо жакынкы монастырды көздөй чуркап, догдур апкелмек болот. Ошондо өлүм алдында жаткан монах колун көтөрүп шакиртин токтоткон экен.

– Менин бул кебетемди көрүшсө дароо кылмышкерди издей башташат. Ал болсо алыс узап кете элек. Колго түшүп калышы мүмкүн. Колго түшсө ал бечараны атууга буйруп салат ко. Мен андайга макул боло албайм. Андан көрө мен жата турайын ушул тейимде, тигил шакиртим узап кетсин. Балким ал ушундан кийин оңолуп кетээр. Түшүнөөр. Эмнеси болсо да мен анын өлүмүнө себепкер болбоюн. Эми сен дагы бара бер, уулум. Бул окуяны эчкимге айтпай эле кой», – деген экен. Мына ушундай аркыл адамдар жашап өткөн тура бу миң коктулуу Тибет тоолорунун ичинде.

Ректор терең санаадан чыгалбай илкип жүрүп отуруп иш бөлмөсүнө кирди да, эшигинин ичинен бекитип алды...



## ***ОНУНЧУ БӨЛҮМ***

Лама Бусмен бул түнү аябай жаман уктады. Ары оодарылып, бери оодарылган сайын жапжаңы Джиптин арткы орунтугу кычырабаса деле кычыраган сыяктуу. Түн ортосу оогондо алар токтогон тыптынч эле дөбөнү кайдан-жайдан келген жаан аралаш добул уруп-сабап, үч тоннадан ашык машинаны тимеле жулкулдатат. Андан соң добул тып эле басылып калды.

Лама Бусмен болсо добулдун басылганына ишенбей күтүп жата берди, жата берди. Уйку-соодо көп жаман нерселер түшүнө киргенсиди, бирок бирин да эстей албай калыптыр. Акыры таң супа салып, айнектер агарып кетти, бирок добул ошол бойдон кайтып келген жок.

– Тургула, мырзалар, – деди салондун потологун тиктеген тейде, түндөгү капыстан келген добулду ичинде жакшылыкка жоруй албай акырын сүйлөп. – Тургула. Үч ай үч күн өттү. Ыйык Миларепаны бүгүн сүкүттөн чыгарышыбыз керек. Ал бизди күтүп жаткандыр. Тургула.

Үңкүрдүн оозу дал баягы үч ай, үч күн мурдагыдай экен. Эч өзгөрүү жок. Ташы-таштай, куму-кумдай дегендей бардыгы тең орду-ордунда. Буерге эч бир жандык, атүгүл канаттуу куш конбогону билинип турат.

Лама Бусмен дасыккан пандит эле. Адамды сүкүттөн чыгаруу өтө кылдат, опурталдуу иш экенин ал билчү. Эпадам олдоксон иш кылып чочутуп алсаң, сүкүттөгү адам майып болуп калышы мүмкүн. Ошондуктан Лама Бусмен адегенде үңкүргө жалгыз өзү келди. Эч дабышсыз келип тешикке кулагын тосту. Эпадам сүкүттөгү кишинин дем алуусу угулса, анда ошол ыргакка кошула дем алып отуруп Лама Бусмен акырындап Мани Ясонун сезимине ойготуучу психикалык сигнал бере баштамак. Антейин десе сүкүтчүнүн дем алуусу угулбады. Бир аздан кийин Лама Бусмендин өзүнүн сезимдери дүргүп чыкты. Анткени айлана-чөйрө өзү үңкүрдүн бопбош экенин сездирип турду.

Ошентсе да ал абайлады. Колуна кармай келген жыпар чөптү күйгүзүп үңкүрдүн тешигине кармады. Жыттуу түтүн ээн үңкүрдүн ичине толуп чыкса да эч натыйжа берген жок. Ошондо Лама Бусмен анык чочуду, жата калып үңкүрдүн ичин карады – эч нерсе көрүнбөйт, угулбайт, сезилбейт.

– Эй, мырзалар, тез келгиле! – деди ал ошондо тигиндейрээкте жалдырап турган жансакчыларды шашылыш чакырып.

Жансакчылар жүгүрүп келди да, Лама Бусмендин буйругу менен үңкүрдүн оозун ача башташты. Анчалык ачып деле кереги жок болду себеби, үч-төрт ташты алганда эле көрүндү – үңкүрдүн ичи ээн экен. Ыйык Миларепадан, же болбосо Лама Ясодон дайын жок!

– Ээ, эй! – деди Лама Бусмен эмне айтаарын билбей. Калгандарынын да оозуна сөз келбей дапдаарып турушту.

– Улуу урматтуу Далай-ламага кандай жооп беребиз?

Лама Бусмендин эптеп тили чыккансыды. Бирок анын сөзүнө эчким жооп айта алган жок. Акыры жансакчы Чоро мындай деди:

– Үңкүрдүн оозун толук ачып аржагын карайлычы, балким аркасында чыгып кетчү жери бардыр.

Дароо ошентишти. Бирок аркасында тешик тургай эчнерсе жок. Мани Ясонун төшөгү, идиш аягы, бардыгы тең орду-ордунда экен, өзү гана жок.

– Кайдан издейбиз?! – деди Лама Бусмендин өңү бозоруп. Ал тургандардан эч жооп укпаган соң бул суроону эми өзүнө-өзү дагы бир мерте кайталады. – Ыя, кайдан издейбиз, ыйык Миларепаны?..

* * *

Ыйык Миларепа бу мезгилде дропалардын жолбашчысы Лурган-ла менен жай-мажай сүйлөшүп отурган. Өткөн жолкудай эле бөлмөнүн ортосундагы жез табактагы аңкыган чөптүн жыты. Болгону, бу сапар бөлмөдө көптөгөн беткаптар пайда болуп калыптыр. Сары, жашыл, кызыл, ак беткаптардын кебетелери бирок мынабул дропаларга окшобойт. Беткаптар сулуу десең сулуу, бир ажайып адамдардын алдаканча жылдыздуу өңдөрүн берип турат.

– Биз дагы өз майрамыбызга даярданып жатабыз, – деди Лурган-ла беткаптарды жандили менен карап турган Мани Ясого.

– Эмне майрам, качан болот?

– Биздин майрам «Сириус үч» планетасы Сириустун өзүн 50 жолу айлангандыгына карата өткөрүлөт. Силердин жыл эсеп менен алганда он жылда бир.

– Мынабул беткаптар силерге такыр окшобойт ко? – деп Мани Ясо жылмайды.

– Окшобойт. Жерге түшкөндөгү дагы бир жоготконубуз ушул- өзүбүзгө өзүбүз окшобой калдык. Менимче азыркы мынабул ырбыйган кебетебиз кислороддун аздыгынан жана кургакчылыктан улам пайда болду окшойт. Бул жер абдан бийик экен, биз үчүн.

– Менин билишимче, – деди Мани Ясо сөздү булардын кебетесинен башкага бургусу келип, – силердин «Сириус үчтү» биздин Жердин астрономдору таба элек. Таба албай жатышат окшойт.

– Эмне десем. Сизди таарынтып албасмын, эгер чындыкты айтсам.

Лурган-ла Мани Ясого оңтойсуз жылмайып, андан «айта бериңиз» деген ишаратты күтүп турду.

– Айта бериңиз, – деди Мани Ясо, – бизде кандай таарыныч болушу мүмкүн?

– Анда эмесе мындай. Силердин астрономия өтө эле жаш. Биздин Сириус галактикасын быякка коюңуз, өзүңөрдүн күн системаңардын айланышын 1927-жылы араң, ал эми анын спиралдык формасын 1950-жылы араң ачтыңар. Рас, Сириустун өзүн жана «Сириус экини» 1862-жылы эле ачкансыңар. Ал эми «Сириус үчтү» силеридин телескоптор ушуга дейре көрө албайт. А биз болсо өзүбүздүн Мекенди мынабул көзүбүз менен эле көрүп алабыз. Он жылда бир көрүнөт биздин мекенибиз. Ошон үчүн бул майрам биз үчүн өтө зор окуя. Башка майрам жок. 8,6 жарык жыл аралыктагы Эне мекенибизди ушул жерден туруп көргөндө үч күн, үч түн эсучубузду билбей ыйлайбыз. Оңой ишпи?

– Менин да ыйлагым келип кетти, – деди Мани Ясо күлүп. Анан ал минтип сурады:



– Бизде «Ата мекен» дейбиз, силерди Эненин аты менен чакырабы?

– Кечирип коюңуз. Бизде силер түшүнбөгөн, түшүнгүңөр да келбеген көп нерселер бар. Мисалы бизде силердикиндей бир эркек бир аялды, же болбосо бир аял бир эркекти ээлеп алмай деген жок. Андай менчик бизде качандыр бир алыскы замандарда болгон экен. Бара-бара жоюлган. Бизде баланы эне тууйт, ал эми аны өстүрүш бардык адамдардын милдети.

– Бул жерде деле ошондойсуңарбы?

– Ошондой. Тетигил ойноп жүргөн балдар үчүн бардыгыбыз бирдей жооп беребиз.

Лурган-ла ачык турган эшиктен сыртты көрсөтүп койду.

– Кечиресиз Лурган-ла, сиздерге, же болбосо Африкадагы догондорго Жердеги илимпоздор же башкалар келип турабы?

– Келбегени жакшы эле. Бирок келишет. Силер айткандай өткөн, жыйырманчы кылымдын отузунчу жылдары Марсель Гриболь, андан кийин Робин-Эванс келип алышып көп жыл арабызда жашаган. Мен анда жүзгө да чыга элек жаш кезим. Марселдин мурдунан, анан көкүрөгүнөн чыгып турган жүндөрдү көргөндө бардыгыбыз жийиркенип, үйлөрүбүздөн качып жүрдүк биртопко. Анан көнө баштадык – биз деле силердей кишибиз да. Силер «адамбыз» дейсиңер. А биз өзүбүздү «адамбыз» деп айта албайбыз. Ал үчүн көп машакаттан өтүш керек. Кишинин баары эле адам боло бербейт бизде.

Ошентип Марсельге көнө баштадык. Өтө жупуну жакшы киши болчу. «Мен» деген Эгосу бар эле, бирок Жердин башка адамдарына караганда азыраак болчу. Ошонусу үчүн биз аны урматтадык. Өзүбүздүн тарыхыбызды, жомокторубузду, ырларыбызды бүтүндөй айтып бердик ага. Бардыгын кагазга жазып алды. Акыры биз аны «Сириус кишиси» деген өзүбүздүн тизмеге киргиздик. Ал ошону суранган болчу. Биз менен кошо Сириуска кетмек болгон. Кийин уксак тез эле өлүп калыптыр. Көрсө силерде жашоо өтө эле кыска турбайбы. Араң дегенде жетимишке чыгып өлүптүр байкуш француз Марсел Гриболь. Бирок бизден кетип Африкадагы догондорго барган экен ал. Ошолордон кеткенден кийин өлүптүр.

Марселдин биз жөнүндө көп макалалары чыккандан кийин абдан жаман авалда калдык. Эң көп адамдар келе баштады. Баардыгы тең Марсел жазып кеткендерди эле кайталап сурай беришти. Өзгөчө «Ак ниет аталар» деген католиктердин боордошчулугунан көп келишти. Көрсө алар да өзүлөрүн асмандан түшкөн ыйык кишилер катары көрүшөт тура. Эмнеси болсо да бизди ары деп, бери деп өтө талаш пикирлерди көп жазышты. Ушул убака дейре басылышпайт. Кай бирлери бизди: «Жапайы, билимсиз, караңгы, булардын Сириус жөнүндөгү жомоктору барып турган сандырак» деп да жазышты. Ошенткендердин бирөө немец илимпозу Дитер Герман деген киши. Андай болсо бизден келип сурабайбы – бүгүнкү күндөгү Жер астрономдору ача элек космостук мааламаттарды силер, дропалар менен догондор кайдан алгансыңар деп. Антпейт!

Лурган-ла улам сүйлөгөн сайын айткандарына далил катары англис, немис, хинди, орус тилиндеги газеталардын, илимий журналдардын кесиндилерин Мани Ясонун алдына таштап коюп жатты.

– Булардын баардыгын кантип жыйып алдыңар? – деди Мани Ясо Лурган-ланы сүймөнчүк менен карап.

– А, биз эмес. Мунун баарын бизге досубуз Лама Бусмен апкелип берет.

– Лама Бусменби? Ал дагы силер жөнүндө көп жаздыбы?
– Аз. Балким эми жазаар, ким билет.
– Бирок, бул жазуулардын эч бирөөнөн силерге пайда жок, турбайбы?
– Кандай пайда болмок? Силер али жетиле элексиңер да. Бир гана жаман жериңер силер, Жер адамдары, өзүңөрдөн башка «Ааламда жашоо жок», «биз Ааламдын борборубуз» дейсиңер. Ошол жаңылыштыгыңарды моюнга албайсыңар.
– Алабыз, Лурган-ла. Убагы келгенде аргасыз моюнга алабыз.
– Кийинчерээк Кэри Робин-Эванс деген англичанин бизге келип, кытай археологдору менен кошо иштешип жүрдү. Эски мүрзөлөрүбүздү казып, биздин кечээки өлгөн кишилерибиздин сөөктөрүн, андан башка дагы биртоп нерселерди таап изилдешти көрүнөт. Ошолордун ичинде жалпак таш бетине түшүрүлгөн Сириустун космикалык кораблинин сүрөтү жана анын спиралдык жазууларын табышкан. Аларды алып кеткен боюнча бизге кайтарып беришкен жок...
Ушул тушта сырттан иттер үрүп калды, аларга удалааш эле Джиптин үнү угулду.
– Мынабул беткапты кийсем улуксаатпы?, – деп ошондо Мани Ясо бала кыялданып ордунан тура калды.
– Сизге куп жарашат, кийсеңиз.
Лурган-ла туруп келди да Мани Ясонун бетине кийген масканы оңдоп-түзөп койду. Аңгычакты босогодо Лама Бусмен пайда болду. Бою калчылдап, эриндери титиреп алган экен. Мани Ясону көрөөр менен оозуна сөз келбей туттугуп калды. Сүйүнгөн да, ачууланган да, корккон да сезимдери аралашып калды окшойт.
– Сиз мени өтө катуу чоочуттуңуз, урматтуу Миларепа, – дегенге араң жарады ал бираздан кийин, эриндери кемшеңдеп ыйлагысы келгендей.
– Ыйык Миларепа бизде, – деди Лурган-ла Лама Бусмен менен чыканак тийиштирип жатып. Ал Лама Бусмендин азыркы ахвалын түшүнбөйт эле. Ошон үчүн Бусмен сыр билгизбей өзүн колуна алды да мындай деди:
– Чоң рахмат, кадырлуу Лурган-ла. Бизди эң сонун тосуп алдыңар. Эми кайтсак болот. Убактыбыз өтө тар. Ыйык Миларепа, буга кандай дейсиз?
Мани Ясо бетиндеги маскасын албай туруп, Лурган-лага чыканак тийгизип коштошту да, акырын кулагына шыбырап койду.
– Мен силерге тез-тез келип турам. Улуу майрамыңар качан болот?
– Майрамыбызга башка адамдарды катыштыра албайбыз.
– Анда эмесе бөлөк мезгилде келем. Силер менен чогуу гравитациялык коридор издейли.

* * *

Урматтуу Далай-ламанын чыдамсыз күткөн күндөрүнүн бири бүгүн эле. Эртеден бери ал улам ордунан туруп кайра отуруп, жанын жай алдыра албай убара. Кызматкерлерине бир сыйра тапшырма берип бүткөн соң алардын бир нерсени түшүнбөй калып кайра кайрылып келгендерин кагып-силкип, сиркеси суу көтөрбөй, эчкимди көргүсү келбей туталанып атты. Эртең мененки тамакка чакырып келген ортончу кызын да эркелетпей туруп кайра айдады. Анын минтип ачуусу келгенине себеп жок эмес эле. Карамагындагы бир нече ламалардын небак шиши толуп, атүгүл ашып ташып кеткен кези болчу. Алардын өзүнө каршы тымызын иштерди жасап жүргөндөрүн урматтуу Далай-лама билет, бирок кылмышкерлер колдон карматпай келет. Ачык жазалоого азырынча ылаажы жок. Ошон үчүн Мани Ясо ага абадай керек болуп турган кез. Биринчиден, алардын ичинде эмне бузукулукту ойлоп турганын аныкташ керек, экинчиден ачык, расмий эмес, көмүскө жазалаш керек. Анткени ар бир расмий жазанын артында убарасы көп, ашык дооматтары, сасыган саясий оюндары толтура. Андан көрөкчө алардын ар бири өз жазасын тымызын алсын. А эмне үчүн жаза алганын ар ким өзү сопсонун түшүнөт. Экинчи урматтуу Далай-ламага кара ниеттигин коёт. Койбосо, андан да катуу жазаны Мани Ясонун кара сыйкыры аркалуу дагы да болсо алганга үлгүрүшөт. Эч кайда качып кете алышпайт!
Урматтуу Далай-лама түшкө дейре зарыгып күттү. Мерчем боюнча Мани Ясону алып Лама Бусмен небак келип калыш керек эле. Эмнегедир жок.
Аңгычакты түшкү тамактын да маалы болду.
– Ата, сизди апам түшкү тамакка тезинен келсин деп атат! Басыңыз!
Кайрадан ортончу кызы келген экен. Урматтуу Далай-лама бу сапар ойлонбой эле кызын ээрчип жөнөп берди. Эң жогорку кабатка чыгыш керек эле. Тамактана турган жайы ошоякта. Обору ачылып, ичи курулдайт. Бирок ошентсе да түшкү тамагына үлгүрбөй калды. Лама Бусмен артынан кууп жетти:
– Урматтуу таксыр, – деди ал эки тепкич ылдый турган боюнча аптыгып. – Азыр араң үлгүрүп келдик. Жолдун эки жерин кыян алып кеткен экен, ошого кармалып аттык.
– Лама Ясо кайда?
– Өз бөлмөсүндө.
– Тезинен мага чакыргын! Тасмасын кийип алсын чекесине!
Ошентип коюп Далай-лама кызын баштан сылап эркелетти да кайтадан артына бурулуп кетти.
– Ата! Апам тез келсин деген!
– Бир аздан кийин,кызым. Сен бара бер.
– Ата!..

* * *

Ыйык Миларепанын кайрадан жаралган түгөйү Мани Ясо экендигине Далай-лама ишенбесе да ишенчү. Ага негиз биринчиден Лама Цунун көптөгөн далилдери болсо, экинчиден Мани Ясонун өзү. Жигиттин түспөл-турпаты, өзгөчө анда-санда бир караган терең көздөрү Далай-ламанын мээсинен өтүп шилисине кадалып тураар эле. Такыр туруштук бере алчу эмес, дароо көзүн ала качып кетчү. Ал эми Мани Ясонун чекесинде тасмасы жок кезинде таптакыр эле андан жүзүн ала качат.
Мынакей, азыр да Далай-лама иш бөлмөсүндө наркы-терки басып, азыр кирип келчү жаш жигиттен күнмурун сүрдөп, опкоолжуп турду. Анын үстүнө Мани Ясо бүгүн таптакыр күчтүү касиетке ээ болуп келатат. Ал азыр кара сыйкырдын да ээси!
– Ом мани падме хум! – деди Мани Ясо Далай-ламанын алдына келип үч жолу жүгүнүп. Андан соң кармай келген жибек шарфын өкүмдардын бут алдына койгон соң Далай-ламанын «отур» деген ишаратын күтүп туруп калды.
Далай-лама болсо «отур» дештин ордуна өзү туруп келди да атайын ушул расмыска арнап койгон өтө кымбат баалуу, алтынжип менен шөкөттөлгөн кызылкүрөң шарфты Мани Ясонун ийнине салды.
– Мына эми жайланып отуруңуз, ыйык Миларепам, – деди андан соң туура-

дагы катар жаздыктарды көрсөтүп. Мани Ясо орун алганчакты унчукпай күтүп турган Далай-лама сөзүн улантты:

– Сүкүтүңүздүн ийгиликтүү аякташы менен куттуктасам болоор дейм, ыйык Миларепам?

Мани Ясо унчукпай жылмайып койду. Жигиттин мына ушул жылмайуусунан Далай-Лама өзүнчө эле шек санай берчү. Бул эмне деген жылмайыш? Бир нерсени айтпай ичине катып калдыбы? Же менин ички ойлорумду толук көрүп-билип туруп ошого жылмайдыбы? Айтор түшүнүксүз. Анан калса бул жигит сыяктуу оюңду окуп турган адам менен баарлашыштын өзү эле бир оңбогондой тозок иш. Колдон келсе мындайлардан алыс болгонго не жетсин. Бирок антүүгө болбойт, алдыдагы сааты небак келип, чыркырап турган көйгөйлөрдү тезинен чечиш керек. Айла жок, чечиш керек.

Сырткы маселелерди коё туруп, биринчи эле ички маселе – Лама Тойбанын кылык-жоруктары. Жакын тууган экенине карабай ал көптөн бери Далай-ламанын артынан тымызын ылаң сөздөрдү агытып, XIV Далай-ламаны кайрадан ордуна келтирүү аракетин баштап жүрөт. Тегерегине ушул максатка талапташ биртоп белгилүү адамдарды топтоп алган. Атүгүл жашырын кеңешмелерди өткөрүп жүргөнү жөнүндө маалыматтар Тибетти коргоо комитетинде дайын турат.

Ачык айтып ошол маалыматтарды мойнуна коёюн десе Тойба тыйылмак түгүл кайрадан күчөй турган. Анткени жоготоор эч нерсеси жок анын. Каржы департаментин жетектеген кызматынан болсо ажырап калган. Ошон үчүн касиеттүү Миларепанын гана тымызын «жардамы» керек болуп турган кез азыр.

– Кичинекей Тибеттин көйгөйлөрү дайыма чоң болуп келген. Аны сиз, касиеттүү Миларепа жакшы билесиз, – деп кебин алысыраактан баштады урматтуу Далай-Лама:

– Геосаясий жактан абалыбыз дайыма талаштын чордонунда. Хе-хе, менин «талаш» деген жеке философиям бар. Адам жерге жаралганы жалаң талаш-тартыш менен жашайт, өнүгөт, өсөт, согушат, өлөт, тарыхын андан ары улайт. Адамдын мындан башка амалы жок. Талашсыз бир да күн жашай албайт адам коому.

– Анын себеби бар, улуу таксыр, – деп жиберди ушул жерден Мани Ясо дилгирленип. Бирок андан ары оюн улаган жок, кайрадан унчукпай калды.

Урматтуу Далай-лама саамга тыным жасап күттү да, кайрадан сөзүн улады:

– Мына ошентип Сиз экөөбүздүн мекенибиз Тибет учурда кайрадан оор күндөрдү башынан өткөрүп турган чагы. Мындай кыйын кезектерде тубо элибиздин патриот азаматтары дайыма оң жолдо, ал эми чыккынчылары тескери жолдо болгон. Сиз бүгүн эле сабак алып келген касиеттүү монах Додайды мен элине эмгек сиңирген эң биринчи патриот деп эсептейм. Ага эң жогорку «лама» наамын ыйгардым. Себеби ал сүкүткө кеткенге дейре Тибеттин чыккынчыларына каршы аёосуз күрөшүп келген патриот. Монах Додайдын эмгегин, кара сыйкыр болгонуна карабастан, тибет эли эч качан унутпайт. Ал улуу адам кара сыйкырын дайыма өз элинин ак иштерине жумшап келген. Менин терең ишенимимде монах Додайдын улуу ишин мындан ары, касиеттүү Миларепа, сиз өзүңүз татыктуу улантасыз деп ойлойм.

Сөзүм жигитке кандай таасир берип атат дегенсип Далай-лама астыртан кымыйып Мани Ясону тиктеп атты. Мани Ясо болсо Далай-ламага тикебакпай, өлкө жетекчисинин абдан олуттуу сүйлөп аткан сөздөрүн бардык кунту менен тыңшап отурду. Бирок, бир гана жолу, «монах Додайдын ишин Сиз улантасыз» деген жери-



не келгенде капкара сүрдүү көздөрүн бакырайта ачып Далай-ламаны капыстан карап алды да кайра түшүрдү. «Кара сыйкырчынын ишинби?» деген суроо эле. Бирок Мани Ясо ал көз карашын кайра кайталаган жок. Далай-лама кандай айтса да ошого макул болуу жигиттин азыркы ой-пикирин толук ээлеп турган болчу.

– Мына ошондой, Тибет тагдырына кедерги болуп турган, ичи бузук кишилер бар, урматтуу Миларепа. Сиз менен алар жөнүндө ачык сүйлөшүшүм керек. Алардын жасап жаткан тескери иштерин кан буугандай токтотпосок чоң зыян апкелчүдөй. Апкелчүдөй эмес, апкелет! Өлкөнүн тагдырына балта чабышат. Муну алар жеке өз кызыкчылыгы үчүн жасоодо. Бир мырзаны, өзүмдүн эле жакын тууганым, иштей албагандыгы үчүн кызматтан алып койсом азыр Тибетке каршы иштерди уюштуруп жүрөт. Сиз аны бир сапар ыйык көзүңүз менен карагансыз. Ошондо сиз толук көргөнсүз анын ичинин бузук экенин. Капкара экенин. Балким эсиңизде калгандыр? Лама Тойба деген неме. Индияга качып кете тургандыгын Сиз мага айткандан кийин аны токтотуп койгом. Ошол жакка барып алып мага каршы күрөшүн уюштургусу бар! Чыгарбайм мен аны эч жакка! Мен турганда анын буту Тибеттен бир карыш сыртка аттай албайт!

Урматтуу Далай-лама ачуусуна чыдабай кумсаңдап кетип анан кайра боюн токтотту да Мани Ясого эбилди:

– Улуу урматтуу Миларепам мына ошол Тибет душманын бирдеме кылуу керек.

«Эмне кылуу керек?» дегендей Мани Ясо өкүмдарын карады.

– Жоготуу керек! Андайларды жоготпосок элдин шору. Улуу сыйкырчы монах Додай андайлардын сазайын бир заматта берип койчу. Эң туура кылчу! Антпесе мындайлар зыяндуу, сасык иштерин токтотпойт эч убакта.

Тээ башынан бери унчукпай отурган Мани Ясо малдаш урган тизелерин бир аз козгоду да Далай-ламага суроолуу карады:

– Улуу көсөм Далай-лама, сыйкырчы Додай кандай чара көрчү эле мындай учурларда? Аны сизден сураганым үчүн кечирип коюңуз. Анткени Додай биз менен таптакыр сүйлөшпөдү. Сүйлөшкүсү да келген жок. Тескерисинче аябай ачууланды. Сиз ыйгарган «лама» наамын ал менимче, боюна жуутккан жок. Лама Бусмен менен абдан жаакташып сүйлөштү. Мени болсо өтө жек көрүп кабыл алды. Кара сыйкырынын нускамасын бергиси келген жок. Айлам түгөнгөндө мен анын сезимдерин кысып бир аз мажбурлап койдум. Башка жолум жок эле. Аргасы кеткенде ал кара сыйкырдын бир гана нускамасын үңкүрүнөн сыртка ыргытып берди, мени жаман сөздөр менен коштоду.

– Кандай?! – деди Мани Ясонун бул айткандарын жактырбай угуп, үрпөйүп калган Далай-лама.

– Ыйык Миларепа жаш кезинде жаңылыштык кетирип кара сыйкырга кирип кеткен. Андан кырк жылда араңдан зорго кайра чыккан. Эми сен, Мани Ясо, Миларепанын түгөйү, кайрадан анын жаман жолун кайталаган атасыңбы? «Анда эле сенин баскан жолуңдун бардыгы адамдын сөөгүнө толот!» – деп үңкүрүнөн кыйкырганын угуп калдым, улуу таксыр.

– Табигат кээде таш боор, ыйык Миларепам. Карыганда ушинтип айнып калгандар чыгат тура. Болбосо монах Додай кезинде өтө күчтүү кара сыйкыр болчу. Ал каргыш окуп койгон адам демейде көп узачу эмес. Додай адамдын акыл-эсин алып койгонго чоң устат эле. Бир дагы айлакер анын сыйкырынан кутула алган эмес. Ал Сизге кандай өнөр үйрөттү экен, ыйык Миларепам?

Далай-лама өтө чыдамсыздык менен жооп күтүп калды. Анын антип күткөнүн күчөткүсү келгенсип Мани Ясо да саамга ойлонуп, шашпай жооп берди:

– Канчалык ачууланган менен да монах Додай мени кара сыйкырдын эң аёосуз, ташбоор жолуна салган экен, урматтуу таксыр.

Далай-лама жандана түштү:

– Кандай жол экен?

– Мен азыр маңдайымда дидаарлашып отурган адамдын психикасына таасир этип, анын «Мен» деген өзүмчүл ички сезимин күчөтө алам.

– Эмне, эмне?! – деди Далай-лама уккан сөзүнө ыраазы болбой дароо тирсиңдеп.

– Бул сыйкыр, улуу таксыр, кайсыл адамды болсо да оор мүшкүлгө салчу сыйкыр.

– Ал өзү өтө узак жол, ыйык Миларепам! Мага азыр, мына бүгүн токтоосуз жыйынтык берчү кара сыйкыр керек! Мен Тибет душмандарын тез арада жок кылышым керек. Лама Додай, эмне, башка усул бербедиби? Ушул бир эле жолго салдыбы сизди?! Дагы сураган жоксуңарбы?

– Ушул гана жол.

Өзү бийик урматтаган Далай-ламанын наараазы болуп чебеленгенине таңыркаган Мани Ясо аны бир аз тиктеп турду эле, өкүмдөр тайсалдай түштү:

– Лама Бусмен тапшырманы толук аткара алган эмес турбайбы. Кайнатасы деп мен аны атайын жиберсем, кара! Анын да мага ичи таза эмес болушу мүмкүн. Сиз байкаган жоксузбу, ыйык Миларепам?

– Менин андай максатым жок эле, урматтуу таксыр.

– Байкап бериңиз. Анын дегеле кабагы ачылбайт. Шек алып жүрөм. Ал дагы балким Лама Тойбанын таасирине кирип жүргөндүр.

– Лама Бусмен сиз таккан милдетти аткарыш үчүн абдан аракет кылды.

– Алар баары тең ошондой. Сыртынан аракет кылымыш болушат. А ичи кандай экен? Ошону билип бериңиз.

Мани Ясо унчуккан жок, башын да көтөргөн жок. Балким ошого кооптондубу, айтор Далай-лама бат эле кайра жумшара түшкөндөй:

– Менин ачууланып атканымды ыйык Миларепа туура түшүнөт деп ойлойм. Аракетимдин баары элибиздин, жерибиздин кызыкчылыгы эмей эмине? Анда эмесе, касиеттүү Миларепа сиздин сөзүңүз. Качан, кай жерден Лама Тойба менен жолугушасыз.  Менин адамдарым бардыгын уюштуруп беришет.

– Сиз кандай айтсаңыз, урматтуу таксыр.

– Колдон келишинче эрте эле болгону жакшы.

– Мен даярмын. Мага негизинен үч шарт керек. Күндүн нуру кайтып, батаар кезде, бетону жок жыгач, же кирпич имаратта, котормочу аркалуу жолуксак болот.

– Эң эле жакшы. Бир гана суроом – сиз ал мырзанын «Мен» ин күчөткөндөн кийин кандай иштерди жасашы мүмкүн? Ошого акылым жетпей турат. Ал ансыз деле бой көтөргөн, өзүн ашкере акылдуумун деген неме. Сүйлөшүп көрсөңүз бул дүйнөдө андан мыкты, андан ишкер дегеле адам жок. Ошондой немени ого бетер ээликтирип, иштин баарын таза ойрондоп албайбызбы. Бул бир, экинчиден, Сиздин сыйкырдын натыйжасын качан күтүүгө болот? Эгер кечигип атса тездетүүгө болобу? Анткени Лама Тойба жалгыз эмес, башка да кишилер бар. Кишилер дегеним – чыккынчылар!



Мани Ясо дагы бир жолу Далай-ламаны таңыркагансып карады. «Дагы канча кишиңиз бар?» деген көз караш эле. Бирок, азыр ал оюн айткан жок. Далай-ламанын суроосуна жооп берди.

– Кара сыйкырчы Додайдын мантрасы боюнча «Мени» күч алган мырза тез арада эле салабаттуу, өзгөлөрдү урматтаган адам болуудан калат. Андан кийин ар бир пенде ар башка жүрүш-туруш жасашы мүмкүн. Кээ бирөөлөр кылмыш ишине барып, дароо күч оргaндарынын колуна түшөт. А кээ бирлери андан да аянычтуу тагдырга туш болушат. Бирок бири эрте, бири кеч дегендей. А азыр болсо мага англис тилинен бир котормочу берсеңиз, бир-эки күн аны менен көнүгүү жасашым керек, улуу урматтуу таксыр...

* * *

Болжошкон күнү кеч бешимде Мани Ясо менен Лама Тойбанын жолугушуусу Лхасанын борборундагы «Дүнүйө» аттуу жаңы салынган европалык ресторандын кичи залында өтүп жатты. Шыпылдаган узун шыйрак эки кыз улам тынбай келип-кетип атканчакты котормочу жаш жигит эки тарапты тең суу ичүүгө, сок ичүүгө чакырып атты.

– Урматтуу Лама Тойба, сизди ишкердик жолугушууга чакырган камбоджалык соода фирмасынын өкүлү мырза Го Моу келгениңиз үчүн ыраазылык билдирет. Мүмкүн болсо сизди мырза Го Моуга толугураак тааныштыра кетейин.

Ошентти да котормочу жигит Лама Тойбанын ата-тегин айтып келип аны астейдил мактай баштады. Англис тилин сүйлөй албаган менен жакшы түшүнгөн Лама Тойба саал оңтойсузданды, бирок өзү жөнүндөгү мактоолорду токтотууга азырынча киришпей отурду эле, дал ошол кезде Мани Ясо анын дем алуу ыргагына кошула кетип телепаттык жол менен ички дүйнөсүнө аралашты. Дагы бир аздан кийин котормочунун: «Лама Тойба учурдагы Тибет тарыхына зор таасирин тийгизе турган улуттук лидер» деген сөздөрүнөн улам тигинин ой тутумунда чындап эле «Мен» деген өтө сыймыктануу сезими пайда болду. Мани Ясо жылмайып отурган Лама Тойбанын дал ошол сезимин кармап алып үстүккө-босток жагымдуу чабуул жасай берди. Сөз арасында ал өзү дагы «Сиздей адам менен баарлашып отурганыма сыймыктанам» маанисиндеги күчөткүчтөрдүн агытып отуруп акыры Лама Тойбанын өзүнө болгон ишенимин толук ачууга жетишти. Ошондон кийин гана ал монах Додайдын кара сыйкырын колдонуп, каршысындагы адамдын көкүрөгүнө мурунку «менин» алдаканча көкөлөткөн «Эго» сезимин биротоло, кайра чыккыс кылып бекемдеди.

– Бармен! – деди ошондон кийин Лама Тойба өтө жайдарылана үн салып: – Шотланд вискисинен бери жөнөт! Мен, Лама Тойба, бүгүн Камбоджадан келген урматтуу коногумду сыйлайм. Бол тез!

Андан кийин жолугушкандар өздөрүнүн «негизги» темасына өтүшүп, соода иштерин талкуулашты...

## *ОН БИРИНЧИ БӨЛҮМ*

Төбөсүнүн жарымы жок, эски сарайдын астындагы Лхаса кайырчыларынын жатагында бүгүн уу-дуу кеп козголду. Себеби күн жаап, баардыгы тең «иштерине» чыкпай калган. Кепти биринчи болуп булардын башчысы Таро[1] Дамема деген эки буту жок, төрт чыгырыктуу жыгач тактада отурган, бети чаар, богоктуу толук аял өзү жөнөттү.

– Силер, баарыңар билип койгула!, – деди ал аркай жерде томпоюп, чүпөрөкчапрактарга оронуп жаткан кайырчыларына кыйкырып: – Эгерде базардын полицай башчысы бириңерге келип дагы бир жолу кабыла турган болсо дакини[2] кылып жиберем. Эки көзү агып түшүп, сокур болуп жатып калса мен күнөөлү эмесмин. Айтып койгула ага! Уктуңарбы?! Түштөн кийин, күн ачылса баарыңар ордуңарга баргыла. Ушул кабарды базардагы полицайларга четинен угузгула! Кабылбасын мага, жубарымбек! Биз, кайырчылар, Тибетте ыйык касиетке ээ экенибизди ал көпкөлөң унуткан окшойт. Биз деген кол тийбестик укукка ээбиз. Тибеттин мыйзамдарын окубайт бекен ал акмак! Мыйзамды менден кыйын билген эчким жок! Бизди деген будда Саки Муни өзү жалгаган! Менден бийсиз бириңди полицай камай албайт!

Таро Дамема бакылдап бүткүчөктү баштарын чүмкөй жаткан кайырчылардын дээрлик баардыгы тең соксоюп өйдө болушту. Бети баштары шишиген, чачтары саксайган. Тээ алысыраакта ойгонбой жаткан эки-үчөөнү Таро Дамема жанындагы чүкөдөй таштардан ала коюп туруп уруп калды.

– Дамем-апа! – деди шыйрагына таш тийген монах жигит ооруганына чыдабай онтолоп, – мен сөздөрүңүздүн бирин калтырбай угуп жатпаймбы.

– Жакшы кайырчы сөздү жатып алып укпайт! – деди да Таро Дамема дагы бир таш алып туруп нарыда жаткан бирөөнү таамай шыйрака урду.

Бу жолку таш тийген киши монах Дей эле. Чоочуп кеткен неме ордунан ыргып туруп анан кайра отурду. Жакан храмындагы кырдырган чачы али өсө элек, кебетеси тысырайып, сулууча келген өңү бул жердин жатакчыларына деле бир коошпойт.

– Бас бери! Жаныма кел! – деди Таро Дамема Дейди өзүнө чакырып. – Сен кандайча менден улуксаатсыз кызыл дарбазага барып отуруп калдың?

– Сизден улуксаат алыш керек экенин билбепмин, Дамем-апа. Аны мага ушул жерден айтышты.

– Кечээ канча таптың? Эмне үчүн кассирге өткөрүп бергениң жок?

[1] Таро – «көзү ачык аял» деген мааниде. Кайырчылар өздөрүнүн жетекчисин ушинтип атап алышкан.

[2] Дакини – Тибет мифологиясындагы кара сыйкыр аял. Бул жерде Таро Дамема «Полицайдын бетине уу чачып жиберем деген мааниде айтып жатат.



– Беш сом пул, эки алма, бир кочуш күрүч.

– Кайда аларың?

– Күрүчтү тэтигил жанымда жаткан монахка кечээ эле бергем. Эки алманы өзүм жегем. Беш сомдун үч сомуна кечээ кечте тамак ичкем.

– Калп айтканың көзүңдөн көрүнүп турат!

– Ха-ха-ха! Муну мага бериң, Дамем-апа! Калп айткан неменин сазайын берейин!, – деп аңгыча бир тытык чапан, кара сакал кайырчы кыйкырып калды эле Таро Дамема аны таш менен төшкө бир урду.

– Сен арак ичкениңди койбосоң ордуңа мына ушул жаңы жигитти коём да, өзүңдү ит куугандай кууп жиберем, уктуңбу?

Дамема ошентип кыйкырды да Дейге көзүн кысып койду. Дей ага жооп кылып ыржайып күлөйүн дегиче болбой Дамема кайра сустая түштү:

– Сенин кайырчы болууга кандай, эмнең бар? Алты саның аман экен. Өлүк чаппайсыңбы барып![1]

– Албай коюшту. Баргам.

– Кайдан чыга калган немесиң өзүң?

– Мен эч убакта калп айтып көргөн эмесмин Дамем-апа. Жохан храмында ардактуу Лама Цунун жардамчысы болуп туура жыйырма бир жыл иштедим. Лама бу дүйнөнү таштап кетти, кийин храмдан иш беришкен жок. Жатаканага болсо кала албадым.

– Эмне, ууру кылдың беле?

– Эч убакта ууру кылып көргөн эмесмин Дамем-апа.

– Калп айтат! – деди баягы кара сакал кайрадан кыйкырып. Бирок бу сапар ал Дамема таш алгычакты чолоңдоп бир буту менен секирип барып түркүккө жашынып калды. – Мага бериң, мындай калпычыны тоңкойтуп алып...

Аңгычакты Дамема соктурган таш түркүккө барып тарс дей түштү.

– Бас жаагыңды, ичкич доңуз!

Дамема дагы бир ташты алып аңдып турду эле кара сакал түркүктөн чыкпай койду.

– Ата-энең, үй-бүлөөң барбы? – деди анан ал кайрадан Дейге кайрылып.

– Эч кимим жок. Өзүм болсо «сары шапкечен» монахмын.

– Катын албадыңбы?

– Эч качан.

– Хе-хе, – деп Дамема күлүп койду да мындай деди:

– Сен анда мага жардамчы болуп тур азырынча. Алдагы жылтыраган бетиңди көрсө полицай сени баары бир иштетпейт. Ансыз да мага дооматы көбөйүп баратат алардын. Өзгөчө полицай башчысы Церендин.

– Ал деген Далай-ламанын атайын койгон кишиси. Ал түгүл тууганы болот. Ошон үчүн сенден коркпой атат Дамем-апа! – деди ошол кезде кадим жезкемпир кебетеленген бир, Таро Дамемадан алда канча улуу кайырчы кемпир.

– Менден Далай-ламанын тууганы тургай, өзү коркот! – деп кыйкырды Дамема кемпирге жооп берип.

– Полицайдын башчысы Церен деген Далай-Ламанын тууганы эмес. Ал де-

[1] Тибеттин өлүкканаларында «өлүк чабуучу» – деген кесип бар. Өлгөн адамдын денеси барчаланып чабылып, куштарга салынып берилет, же болбосо өрттөлөт.

ген Жохан храмынын ректорунун күйөө баласы. А ректор деген Далай-лама менен бирге окуган. Ошон үчүн Дамем-ападан коркпой атат, – деп дагы бир чүрүшкөн кемпир тактоо киргизип калды.

– Ал ректоруң деген өзү качып кеткен турбайбы.

– Панчен-ламабы?

– Өзү, өзү. Мен аны кечээ жанымда туруп сүйлөшкөн эки кызыл чапан монахтан уктум. Экөө тең салабаттуу немелер экен. Мага бир сомдон акча таштап коюшуп көпкө кобурашып турушту.

– Ректор кайда кетиптир? – деп ошондо чыдабай кеткен Дей дагы сөзгө аралаша калды.

– Полиция издеп атат экен.

– О, койчу калпты шыпыртпай!

– Сен өзүң калпты шыпырткан! Мүрзөсүндө тирүү отурган ламаны карышкыр жеп кетиптир дебедиң беле, жеген эмес турбайбы!

– Мүрзөсү эңшерилип жатканын өз көзүм менен көргөм.

– Калп, көргөнүң! Кара чаар жылаансың сен!

Таяк жете турган жер эле. Ошондуктан эки кайырчы кемпир бирин-бири беттен аткый турган болуп жакындаша баштаганда Дамема узун союлун экөөнүн ортосуна таштап койду да калгандарга кыйкырып буйрук берди:

– Тезирээк битиңерди карап алгыла! Күн ачылып баратат!

Андан соң Таро Дамема кайрадан Дейге көңүл бурду:

– Эмне каткан дүнүйөң бар? Келе, алдыгы баштыгыңды бери бер, – деп Дейдин колтугундагы баштыкка сөөмөйүн сунду. Дей бергиси келбей кыстала түштү эле Дамема каткырып ийди:

– Ичи толгон алтынбы, же акчабы? Андай болсо ого бетер мага бер. Антпесең бир заматта алдырып коёсуң. Тетиги мас эле алып ичип салат, – деп ал кара сакал кайырчы жакты таягы менен жаңсап койду.

– Айтып коёюн жаш жигит. Эгер бизге кошулсаң толук бойдон менин колумда болосуң. Менсиз эч нерсең жоголбойт, менсиз эч нерсе таба албайсың, менсиз ачкадан өлөсүң, менсиз жашооң жок деп эсепте. Менден бир тыйын, бир тоголок арпа жашырчу болсоң мынабул отурган аттуу-баштуу кайырчылардын көзүнчө эле өзүм жазаңды берип коём. Мынакей, сенин алтын каткан баштыгың менин колумда, – деп ал делдейип сөз угуп турган Дейдин колундагы баштыкты эңкейип алып койду. – Эми эч кайда кете албайсың. Бул баштык сенин күрөөң.

– Ичинде алтын жок. Бирок өтө кымбат каттар бар эле, – деди Дей кызарыптатарып.

– Эмне каттар? Айт чыныңды!

Дей уурусун карматкан кишидей жалдырады.

– Тытып сал андай каттарды! Эгер кадимки кайырчы болом десең тытып кутул андай жүктөн. Эмне, аманат каттар беле?

– Ооба. Ээсине сөзсүз беришим керек.

– Шпион эмессиңби ыя сен?

Таро Дамема Дейди таягы менен көкүрөккө түрттү:

– Андай болсо азыр качып жогол. Дароо полицайга карматам.

– Жо-жок, Дамема-апа! Шпион эмесмин. Бол десе да болбойм!

– Ха-ха! Акчаны көп берсечи.



– Мен бул өмүрүмдө биротоло кайырчы болоюн дедим Дамем-апа.

– Аны убакыт көрсөтөт. Кайырчы болуш ар кимдин эле колунан келе бербейт, жаш жигит. Ал үчүн темирдей эрк керек. Эгер сыноодон өтсөң мен сени жалаң бай монастырларга, ак сөөк, көпөстөр иштечү жайларга садага сурап барчу топко кошом. Ошондо өз көзүң менен көрөсүң кайырчы деген эмне экенин. Ага чейин эч нерсе түшүнбөйсүң.

– Бир гана жалынганым, каттарымды жоготпосоңуз экен, Дамем-апа

– Көрөбүз...

* * *

Үстүнө кайырчынын чапанын кийген монах Дей Лхасанын өлүкканасын көздөй жанүрөп шашып баратты. Жүрөгү жолдун өрдүгүнөн эмес, көбүнчө корконунан түрсүлдөйт. Коркунуч болсо бу турмушта боло жүргөндөй дайыма эки жактан тең көкүрөгүн кысат. Биринчиден ал кимдир бирөө өзүн таанып койбосун деп кыпылдайт. Таро Дамема сый катары берген, бакшыныкына окшош, салаа-салаа тытык тумакты көзүнө баса кийип алган, бирок өзүн кудум жылаңач бараткандай сезип коңулдайт. Кимдир бирөө тааныгысы келсе жөпжөн эле таанып койчудай. Анын үстүнө ал өзү качып чыккан Жохан храмын алыс эмес жол менен кыйгап баратат. Храмдагылар аны чуу салып издеп атса керек да. Далай-ламага керек каттарды алып качкан кишини кантип эле издебей коюшсун. Сөзсүз аны полиция шимшип атат. «Кызык, – деди бул ойлорду ойлоп бараткан кечээги монах, бүгүнкү кайырчы Дей, – мен го мен. Кичинекей кишимин, а биздин ректор эмне болгон? Эмне үчүн ал качып кетет? Түшүнсөм буюрбасын. Балким мен үчүн Далай-лама аны күнөөлөгөндүр? Кылмышкер Дейди таба албаганың үчүн сени жазалайм десе, ошондон коркуп качып кеттиби? Түшүнсөм буюрбасын!

Иши кылып, эмнеси болсо да Таро Дамеманын калкасына барганым оңдой берди болду. О, кандай күчтү аял ыя? Менсиз бириңди да полицая камай албайт деп кыйкырып атпайбы. О, кандай күчтүү аял. Анык Таро!»

Дей жыты саңырсаган өлүкканага жетип, андан соң солго бурулуп, шаардын «мүрзөсүн» көздөй бет алды. Мүрзө деген аты эле болбосо – он чакты эле томпойгон боз топурак. Анын эки-үчөө Лхасалык мусулмандардыкы, бирөө орустуку, алтоо кытайлардыкы, анан кечээ коюлган Лама Цунун топтон алысыраак, тектирде турган жалгыз мүрзөсү.

Ошого жеткенде Дей тимеле ээгинен шорголоп кеткен терин тытык тумагы менен бир аарчыды да артын карады. Караса кууган эчким жок.

А Лама Цунун мүрзөсү болсо, теңир жалгап бүтүн эле тургансыйт. Эмнеси болсо да боз топурактын үстүнө Дей өзү тизип койгон кызыл таштар аман, ордунда өңдөнөт.

Дей тектирди айланып мүрзөнүн аркы бетине барды эле жүрөгү шуу дей түштү. Мүрзө соо эмес экен! Аркы бети казылып, топурагы эңшерилип, Дей өзү жасатып, быякка көтөрүшүп келген арча табыттын чекеси чыгып калыптыр. Дей Лама Цунун дал өзүн көргөндөй болуп тизелей калды. Колдорун өйдө кылайын десе титирейт.

«Лама-ата» деди анын ички сезимдери бакырып, «Сиз табытта барсызбы же жоксузбу?» Жооп болгон жок, бирок Лама Цунун табытта, өз ордунда, кадимкидей лотос порумун жазбай отурганын Дей сезди. Акырын табыттын чекесине ко-

лун тийгизди эле арча жыгач жылуу сыяктанды. «Анда ким минтип эңшерип салган мүрзөңүздү, Лама-ата?» Лама Цудан дагы да жооп болгон жок.

Дей жылаңач колдору менен бош топуракты кайра ордуна шилеп, таптап, мүрзөнүн ачылган жерин кайра жаап, ордунан турду. Кайрадан ээгинен суу шоргологонунан аарчыса тер эмес – көз жашы экен. Өзүнүн көз жашын көргөндөн кийин Дейдин ого бетер мууну бошоп, алкымдары туз куйгандай ачышып кетти. «Лама-ата...»

Кайырчы Дей шаардын мүрзөсүнөн кайтып узаган кезде аны экинчи коркунуч алдынан күтүп чыкты. Ал коркунуч Таро Дамем-апасынын акыры айткан сөзү болчу. «Көрөм сенин кандай иштээриңди. Мобул складдын ичин бүгүн таптаза мизилдетип чыкпасаң, эртең сага тамак да жок, түнөк да жок» деп жумуш тапшырган болчу башчы аял. Склад көрсө кайырчылардын быйыл кышта жата турган жайы экен. Чыкыроон түшүп калган кезде ичин тезинен тазалап, астына саман төшөп, жыртык тешигин бүтөп, какжыраган эски каалгасын бүгүн эртең менен оңдоштуруп чыгыш жаңы кайырчы Дейдин милдети болуп калган.

О, андан бери канча убакыт өтүп кетти? Кечикти Дей. Күн түш болоюн деп калган тура!

Складка жетип алып Дей жумушун чаңызгытып катуу баштады эле өпкөсү кысылып дем ала албай калды. Канча жылдан бери ээн калган складдын ичинин чаңы тимеле кере карыш. Шыпыргыны, кол күрөктү дагы башка ымыяан-чымыйандарын Таро Дамем-апа бирөөлөрдөн убактылуу сурап алдым деп аткан. Кокус бирин-жарымын сындырып албаса эле болду. «Сындырсам төлөтөт да» деп үнүн чыгара сүйлөп койду Дей.

Ошентип күүгүм киргенче жалгыз тыртактады эле Дамема ага бир аялды жибериптир, карап кел кайда жоголду деп:

– Түшкү тамакка эмне келбедиң, ой бала? – деди жерден көзүн албаган ал аял.

– Жумушум бүтпөй атат, апа.

– Апа дебе, мен сендей эле жашмын. Эмне, көзүңө картаң көрүнүп турамбы?

– Жок.

Дей дагы кандай тил угуп калам деп кооптонуп жооп берди.

– Мынакей ишенбесең!

Кайырчы аял үстүндөгү самтыраган чапанын ачып туруп тирсейген эмчектерин Дейге көрсөтүп койду. Андай шумдукту Дей биринчи көрүшү. Нечен ирет аркимден уккан, ушундай укмуш болот дегенди, бирок биринчи жолу өз көзү менен көрүшү. Мойну-башы, кулагына дейре кызарып туруп калды да, бирдеме айтайын десе тили күрмөлбөйт. Оозу ачылып, тиштерин ырсайткандан башка эчнерсе кыла албады. Аздан кийин анан эсине келди окшойт, аялга мындай деди:

– Дамем-апа мени жазалайбы же антпейби?

– Сага көзү түшүп калды ал мастандын. Билип кой, ал сенин энең менен тең.

– Мага андай сөздөрдү айтпаңыз! Мен кечил монахмын! – деди Дей титиреңдеп. Антсе, тигил кайырчы ха-ха-ха деп санын чабат:

– Көрөбүз кандай кечил экенсиң! Сен деген азыр эркин адамсың. Биздин коом монастыр эмес сага. Бирок билип кой, менден жашты таба албайсың. Менден сулууну да таба албайсың.

«Менден сулууну» дегенде Дей кирпик астынан тигинин бети-башын дааналап карап койду.



– Бара бериңиз. Мен азыр, жуунуп алып барам.

Ошентсе тигил аял кежирленген жок, көкүрөгүн кымтынды да дароо кетип калды. Дей ошого ичинен ыраазы боло түштү...

Бул түнү кайырчылардын жатагында уйку болгон жок. Чуру-чуу түн ортосуна жакын башталды. Баардыгы тең жаңы эле уйкуга кетишкен болчу. Ошо кезде сарайдын четине келип бир полицай ышкырып-ышкырып туруп мындай деди:

– Эртең базарга бириң да чыкпайсыңар. Чет өлкөлүк делегация келип атат. Жолобогула! Көзгө көрүнчү болсоңор таарынбагыла! Үч күн эч жакка чыкпайсыңар!

Ошентип койду да караңгыда бетин көрсөтпөгөн полицай кетип калды. Таро Дамема же катуу уктап кеткенби, же ачууга туттунуп калганбы, белгисиз. Айтор ал дароо эмес, полицай кетип калгандан кийин ана айкырып чыкпадыбы:

– Жанагы акмак Церендин жасаганы! Мен эми аны анык бакини кылам! Оа-ээ, полицай! Токто, бери бас!

Таро Дамеманын кыйкырыгы шаарды бүт жаңырткан сыяктанды, бирок эч кандай полицай кайрылып келген жок.

– Чет өлкөдөн келгендер эмне, кайырчы көрбөй жүрүптүрбү?!

– Калп шылтоо! Полицай Церен бизди тимеле жек көрөт.

– Дамема-апа тапканынан ага беришпей атпайбы, – деди ошондо караңгыда кимдир бирөөнүн киркиреген үнү чыгып.

– Ким ушуну айткан?! – деп Дамема дароо башын көтөрө калды. Эчким үн деген жок. Дамема дагы бир жолу сурады эле кайрадан үн чыкпады. Ошондо Дамема таягы менен темир калакты бир чапты да мындай деди:

– Ушуну ким айтса эртең тапканын Церенге алпарып берсин, Церен аны алсын. Андан кийин мен сүйлөшөм полиция менен. Далай-ламага чейин жетем мен! Силер унутуп калдыңарбы, мен былтыр анын Улуу даражасы менен жолукканымды?! Ыя?!

Таро Дамема бул суроосун даана кимге бергенин белгисиз болгондуктан кайырчылар унчукпай жата беришти. Түн ортосунан ооп, чыгыштагы жылдыздардын нуру биртике өчө баштаган.

– Эртең чыгабызбы эми, же чыкпайбызбы?! – деди ошо кезде бирөө үргүлөп бараткандардын уйкусун кайрадан бузуп.

– Чыга беребиз!

– Полицайлар ар кимибизди ит сүйрөгөндөй сүйрөп салат!

– Сүйрөп эле көрсүн!

– Эмне кыла аласың сен? Полицай деген дөбөттөн жаман!

– А биз эмне, киши эмес бекенбиз?

– Киши эмеспиз. Кайырчыбыз.

– Эй, сен антпегин. Тибетте ар бир Лама адегенде кайырчы болгон. Ал түгүл ыйык Миларепа өзү дайыма кайыр сурап, анан сүкүттө отурчу.

– Туура, – деп койду караңгыда бир капталдан үнү чыккан Дей дагы ушул жерден сөзгө аралашып.

Акырында Таро Дамема өз өкүмүн кесе айтты:

– Баскыла жаагыңарды! Эртең полиция менен өзүм сүйлөшөм!

Таң эртеңде Таро Дамема башына жаңы жоолук салынды, чоң дөңгөлөктүү коляскасына эки колу менен так секирип отурду, Дейге түрттүрүп алды.

– Мен алар менен катуу салгылашам. Кокус эсим ооп жыгылсам мынабул

дарыны дароо оозума салып жуткуруп жибер, – деди ал бир тоголок сары бүртүктү Дейдин алаканына салып берип.

Дей аны кайда катаарын билбейт. Чөнтөктөрүнүн бирине салса дароо эле дайынын таппай калчудай. Ошон үчүн бир алаканына дарыны жуумп алып колясканы бир колдоп түртүп баратты.

Базар полициясы турган имараттын крыльцосу кызыл менен боёлгон экен. Ошону көргөндө Таро Дамема алыстан эле коляскасынан учуп кечүдөй жулунуп, кыязы абдан катуу жаңжал салчудай.

– Дамема-апа, кокус бир нерсе болсоңуз мобул дарыны жута аласызбы?, – деди Дей жанатан бери өзүн сарсанаа кылып келаткан көйгөйүн айтып.

– Жута албайм! Сен оозумду кемээчтеп, зордоп эле жуткуруп ий. Антпесең өлүп кайра келбей калышым ыктымал. Түшүндүңбү?!

Дей анча түшүнө алган жок, бирок мекемеге чукул келип калгындыктан «түшүндүм» деп жиберди шашып.

– Келе, бери! Чакыргыла башчыңарды! – деди Таро Дамема мекемеге жетээр менен кызыл крыльцону таягы менен карс эткизе бир салып. Крыльцодо эки полицай турган болчу. Бирөө дароо ары кирип кетти да, бирөө Дамемага тап берип кайрылды:

– Качан коёсуң ушундай адатыңды, мастан?!

– Койбойм. Күчөтөм! Силер койбойсуңарбы? Мен да койбойм! Чакыр башчыңды!

Бир паста эле бою эшик төрдөй болгон капкара полицай чыга калды. Аны көргөндө Дейдин жүрөгү түшүп кетти эле, бирок эмнегедир полицай башчысы корко турган кишидей эмес экен. Тескерисинче, Таро Дамемадан ал жалтаңдаган сыяктуу:

– Сага мен түшүндүрөйүн Дамема, – деп полицай башы эңкейгиче эле Таро Дамема чаңырып, кыйкырып айгайды салып кирди.

– Мен деген кайырчымын. Кудайдын кишисин эмне мынча кордойсуңар! Азыр ушуерде өлүп берем! Үч күн иштебейт деген эмне? Кырылып калалыбы?! Силер жашагыла, а кайырчылар кырылып калсын!

– Дамема-апа...

– Жо биз кырылып калалы, а силер чардагыла! Полицайлар, көпөстөр, байлар, паракорлор, уурулар, кесептер, шылуундар жашагыла, а биз, күнөөсүз кембагалдар, томояктар, момундар, будда жолунда таза бараткан кайырчылар ачкадан өлөлү!

– Дамема дейм! Сөздү укпайсыңбы! Далай-лама өзү келет базарга. Өтө сыйлуу делегация апкелип базарды көрсөтөт экен. Сен түшүнөсүң да.

Далай-ламанын атын укканда буркандап аткан Дамема тып басыла калды:

– Далай-лама келет бекен? – деди ал көзүн бакырайтып.

– Бирок аны сен уккан жоксуң! Бир күн базарга чыкпай коё тургун, суранам.

Таро Дамема ойлоно калды да мындай деди.

– Болуптур, менин кишилерим чыкпасын, өзүм жалгыз чыгайын, улуксат бер. Макулсуңбу?

Полицай башчысы жооп бере албай такалып калды. Аңгычакты нарыдан бирөө аны телефонго чакырып кетти эле Таро Дамема эңкейтип алып Дейдин кулагына шыбырады:

– Көрдүңбү жалпактап атат. Болбосо бул эшектей айкырган неме.



Дей тез-тез башын ийкеп жиберди, анткени полицай башчы кайра келип калган. Ал ойлонуп келген көрүнөт:

– Болуптур. Жалгыз чык. Бирок биз айткан жерде олтурасың!

– Мен Далай-лама менен жолуккудай болоюн.

– Келжиребе, Дамема!

– Бир эле сөз айтам Далай-ламага. Бир эле!

– Анда эмесе таптакыр жакын жолотпойм! Алып кет! Полицай башы Дейге кыйкырды эле тигинин жүрөгү оозунан ыргып кете таштады.

– Түш көрдүм Далай-лама жөнүндө. Ошону...

– Алып кет! – деп полицай Дейге кайрадан кыйкырды эле Таро Дамема дароо жүрөгүн кармай калып, көзүн аңтарылта чалкасынан кетти. Коляскасынан ооп, жерге башы менен урулаарда Дей кармай калганга үлгүрдү. Уучунда баягы бир тоголок дарысы бар эле. Бирок аны кантип аялдын оозуна салаарды билбейт. Дамеманын жаактары карышып, атүгүл ууртунан көбүк чыга түшкөндөй.

– Баштады баягы долусун, – деди карап турган полицайлардын бири. Ал кезде булардын башчысы кайрадан бөлмөсүнө кирип кеткен болчу. Ошол жактан туруп ал беркилерге мындай деп кыйкырды:

– Бул мастандан кутулбайсың. Сүйрөп барып бир далдага отургузгула. Далай-Ламаны алыстан көрсө көрсүн, бирок делегациянын бирөө муну көрбөсүн! Апкеткиле!

Канча кылса да Дамеманы жакшы жерге отургузушту. Базардын негизги кире беришинен көп алыс эмес, тактай курчоонун нары жагына, күн тийген жылуу бурчка жайланышкандан кийин гана, Таро Дамема жүрөгүн укалап, үшкүрүп өзүнө келгенсиди.

– Сен эмне дарыны оозума салбадың? – деди аял полицайлар алыстап кеткенден кийин Дейге. Дары болсо баягы бойдон эле Дейдин алаканында болчу.

– Кандай салаарымды билбей койдум, – деди ал уучун Дамемага көрсөтүп.

– Моментип эле жаагымды карыштыра кармагын да, оозума салып ий, анан ары карай өзү эле кетет, – деп Дамема өзүн жаактан кармап Дейге үйрөттү эле, жигит мышмыйып күлүп тим турду.

– Антпесең чындап эле жүрөгүм токтоп калсачы? Мен бул ооруну өзүм жасайм го, бирок жүрөгүмдү кайра соктура албай калсам силердин күнүңөр эмне болот? Мен ошону ойлоп корком.

Дей үрпөйүп чочуп калды. Чын эле бул апа мертинип кетсе тетигинче кайырчынын күнү эмне болот? Полицайлар ар-бирин бирден сүйрөп эмеле жок кылбайбы. Дейдин ушинтип ойлоно түшкөнүн көрүп Дамема ичинен ыраазы болгонсуду.

Таңертеңден баштап базардын булуң-бурчун бүт калтырбай жууп-тазалашып, соодагерлердин үстү-башын оңдоп-түзөп, даярдык аябай көрүлдү окшойт. А саат ондор чамысында айланага полицайлар толуп кетти. Баардыгы тең тапанчалуу, чыкчырыла кийинген. Ондон-бештен болушуп ар ким өз-өз ордун ээлеп, а негизи кире бериште болсо эки жең болуп тизиле башташты. Таро Дамема отурган бурч да эми тизилген полицайлардын аркасында калды. Эки тактайдын ортосундагы жылчыктан Дамема баарын көрүп отурат эле эми болсо күрөң формачандардын белкөчүгүн гана карап отуруп калды. Бою узун Дейдин болсо жөнү башка...

Аңгычакты полицайлар каптал-капталга жыйыла баштаган элди артка сүрүп, ортодогу өтмөктү кеңейте башташты. Кыязы келчүлөр жакындап калгандай.

Дал ошондой экен. Дагы бир топтон кийин ортодогу аянтчанын кире беришинде Далай-Лама баш болгон жоонтоп расмий кийимчен адамдар пайда болду. Баардыгы тең жайдары жылмайышып, капталдагы адамдар менен баш ийкеп учурашышып, эч токтолбостон базардын оозун көздөй жакындап келатышты.

Ошол жылмая-күлгөндөрдүн ичинде бир күлбөй түз басып, Далай-Ламанын артында келаткан акжуумал, узун бойлуу жаш жигит бар эле. Дейдин көзү эмнегедир ошого биринчи урунду да капыстан жүрөгү туйлап кетти.

Мани Ясо! Ошолбу, ошол эмеспи? Ошол! Мани Ясо! Ойээ, керилген кандай жигит болгон! Өң десен өң, бой десен бой. Тике жакалуу саргыч кител-шымы тулкуна куюп койгондой. Дайыма монах чапанчан жүргөн Мани Ясонун мына мындай кийингенин Дей биринчи көрүп турат. Потала ордосарайына адеп келгенде мойну чилдей болгон өспүрүм эле, эми кара! Тимеле адамдын сугу түшкүдөй жигит болуптур! Чачынын капкара тармалы күнгө чагылышып жалтылдайт. Далай-Лама эки мерте артына кылчая, Мани Ясого бирдемелерди шыбырай салып атты. Бери жакты караса Дейди көрөөр беле? Көрсө таанып бекен? Кантип тааныбасын. Биртууган агасындай эмес беле. Канча жыл коюн-колтук алышып жашашты? Экөө тимеле жатындаштай, Лама Цу болсо кадим атасындай болчу экөөнүн. Турмуш дегендин караниеттигин кара, мына минтип көз ачып жумганча үчөө үч жерде калды: Бири көрдө...

Делегация жылып отуруп мына-мына базардын ичине кирип баратат. Шаштысы кеткен Дей ошондо Лама Цунун каттарын эстей калды: «Мани Ясо!», – деди анын сезимдери бирбашкача үнсүз чаңырып, Мани Ясо! Лама Цунун сага жазган каттары бар! Ала кет ошол каттарды, Мани Ясо! Ала кет дейм! Лама Цу атаң бу дүйнөдөн кетип калган!»

Тээ монастырга окууга киргенден баштап Дей дагы башкаларчылап нечен жолу сүкүткө отуруп, ойлорун аралыкка берүүнү үйрөнмөкчү болгон. Бирок, чын жери андан майнап чыкпады. Жараткан ага андай касиетти бербептир. Мына азыр дагы оюндагысын канча чаңырса да беш кадам жанынан өткөн Мани Ясого жеткире албай арманда күйүп кетти. Байкуш Дей! Көз жашын эки алаканы менен сүрткөндөн башка айласы калган жок – Мани Ясо кылчайбастан өтүп кетти.

– Көчүгүңдү мындай кылчы ай! – деп ошол тушта Таро Дамема алдында турган полицайды таягы менен жамбашка сайып калды эле полицай былк этип койгон жок.

– Бакырып ийеимби! – деди ошондо ачуусуна чыдабай кеткен Дамема Дейди карап. – Мобул көчүктөрдүн айынан Далай-Ламаны көрбөй да калдым!

– Кой бакырбаңыз! Болбойт!

Жүрөгү түшкөн Дей, эпадам бир нерсе болсо Дамема-апасынын оозун баса калганга даяр турду...



## *ОН ЭКИНЧИ БӨЛҮМ*

**М**ындайды эчким күткөн эмес. Лама Тойбанын кыял-жоругу айдын төртүнчү күнүндө, Лхасанын Түштүк монастырында дарс окуп жаткан кезде таңкаларлыктай өзгөрүп кетти. Зал толтура эл болчу. «Тибеттин учурдагы финансы саясаты» деген темага кызыккандар көп эле. Демейде токтоо, алибеттүү, өзүн салабаттуу кармаган Лама Тойба капыстан эле кучактап турган жыгач трибунадан жийиркенген сыяктуу боюн ала качып, залдагы угуучуларын үстүртөн карагансып, кекирейип калды. Биртоптору аны чүчкүргөн атат ко деп ойлоп турушкан. Лама Тойба чүчкүрүгү жок эле ошол керсейген кебетеси менен бир башкача сүйлөй баштады:

– Мен Будда Саки Мунини түшүмдө көрүп жүрөм. Бир эмес көп жолу көрдүм. Кадимкидей кол алышып, сүйлөшүп, досторчо эле дидаарлашып жүрөбүз. Канакей, Тибеттен менден башка ошондой лама барбы? Албетте жок. Эгер болсо көрсөткүлөчү!

Залдагылар таңкалганынан үнсүз дымып калышты эле Лама Тойба кайрадан күчөдү:

– Ии, көрсөтө албайсынарбы?! Ошон үчүн менин ар бир айткан сөзүмдү илип алып, мээңерге бекем түйүп койгула. Каржы кредит боюнча силерге эчким мендей билим бере албайт. Баардыгын тескери жасашат!, – деди аңгыча ал кимгедир ачуусу келип албууттанып. – А Далай-лама болсо дал ошол каңгыбаштарды угат! Ошолордун сасык саясатын жүргүзөт. Натижада Тибет эмне болду? Банкрот!

Угуучулардын ичинде биртоп жоопттуу кызматкерлер, өздөрү дарс окуган пандиттер да бар болчу. Алар бирин-бири карашып, Лама Тойба өкүмдардын дал өзүн уламдан-улам күчөп сынга алып, трибунадан ыргып кетчүдөй обдула баштады. Алар бардыгы тең билишчү Лама Тойба Далай-ламанын жердеши, атүгүл тууганы экенин. Ошондуктан Лама Тойба жакында эле кызматынан түшсө да, баары бир кайрадан чоң креслого отурат деп эсептешчү. А биерде андай болбой тескери кетип атпайбы өзү.

– Мен мындан ары чындыкты эч жашыра албайм! Болгонун болгондой айтам. Себеби, аны мен айтпасам ким айтат? Бардыгыңар башыңарды тизеңерге катып отурасыңар!, – деди да Лама Тойба андан ары оолугуп отуруп Далай-Ламага жалпы баарыбыз каршылык көрсөтөлү дегенге чейин жетип албууттанды.

– Мындайды угуп көрбөгөн тибеттиктердин чынында эле үрөйү учту. Эпадам ушунун баарысы Далай-Ламага жетсе: «Залда отургандардын жок дегенде бирөө келжиреген Лама Тойбага сөз кайрып, токтотуп койбоптурбу?» деген доомат тулбайбы. Андан ары залда кимдер отуруптур деген закондуу сөз чыгат. А кимдер отурганын тактай коюш кыйынбы? Албетте кыйын эмес...

Кийинки жумада Лама Тойба өзү төрага болгон соодагерлер коомунун кезектеги жыйынын өткөрүп, ошол жерде да Далай-ламага каршы катуу чакырык жасайт. Өзү иштеген коомдук уюмда анын абройу зор болгонуна карабастан, ал жердегилер төраганын эч түшүнүксүз чабуулуна макул эмес экендиктерин айтып экичөө сөз сүйлөйт.

– Силер Далай-ламага кошомат кылбагыла! Чындыкты сүйлөгүлө. Болбосо биздин уюмдан чыгып кеткиле! – деп Лама Тойба сүйлөгөндөрдү коркута баштайт. Ошондо соодагерлер коомундагы жыйын чоң чатакка айланып, отургандар Лама Тойбаны трибунага тургузуп алышып, туш-тушунан камап сурака алышат:

– Урматтуу Лама Тойба сизге эмне болду? Булуту жок, асманда чагылган чартылдабайт эле го. Сиздин бу жоругуңузду кандай деп түшүнсөк болот?

Дагы бирөө айтты:

– Кадырлуу төрага, мурда Тибеттин бир дагы Далай-ламасы соодага, акчага, өлкөнүн байлыгына мынчалык эркин жол аччу эмес эле. Жалаң рух дүйнө деп калган турмушту карачу эмес. Эми болсо биздин гүлдөгөн доор келди. Соодагерлер качан эле Тибеттин эң ардактуу адамдары болчу элек? Качан да болсо ламалар, ал түгүл жөпжөнөкөй монахтар башыбызга чыгып турчу эмес беле. Анан моминтип биздин күн келгенде сиз өкүмдарга каршы турганыңыз кандай?

Лама Тойба ушундай деп өзүнө тике караган, зал толтура көздөрдөн бираз жалтангансыды, бирок анын ички ой туюму биротоло өзгөрүп, башкача болуп калган болчу. Ал азыр залдагы өзүнүн шериктештерине ушунчалык кыжыры кайнап, жанагы суроо узаткан экөөнү тимеле залдан айдап чыккысы келип турду.

– Силерге кор болгон кайран мен! – деди ал көпкө ойлонуп тургандан кийин, калчылдап. – Айтканымды бириң да түшүнбөдүң. Төрагаңар мен айтып аткандан кийин ойлонбойсуңарбы?! Эмне үчүн мен чындыкты айтып күрөшүп атам?! Тибет үчүн, эл үчүн күрөшүп атканымды түшүнбөйсүңөрбү? Жэ көзүңөр көр болуп, мээңер тескери айланып калганбы?!

– Сиздики догурунмайга окшоп атпайбы. Андан көрө суроого жооп бербейсизби, – деп ошондо залдын артжагынан бирөө кыйкырып калды эле Лама Тойба ошого катуу жулуна кетти.

– Сендей жаш соодагер мага, Лама Тойбага каршы сүйлөгүдөй болуптурбу?! Туруп мага көрүнүп койчу! Турчу ордуңан!

Кыйкырган жигит ордунан турбай койду эле:

– Мынакей, – деди Лама Тойба ошол жакты сөөмөйү менен кезеп, – мага кыйкырат, а өзү жүзүн көрсөткөндөн коркот. Анан ушундай бечелдер менен кантип биз Далай-ламага каршы күрөшө алабыз?

– Биз Далай-лама менен күрөшөлү деп чогулган жокпуз бул жерге, туурабы урматтуу төрага, – деп Лама Тойбанын орунбасары ордунан чала туруп жумшак баштады эле төрагасы аны дароо кагып салды.

– Сен дайыма бийликтин кулу болуп келгенсиң? Отур ордуңа!

Ошентсе тигил чыйрала түшүп төрагасы менен жаалдаша кетти:

– Эмнеге отурам? Сиз отуруңуз, бир саат болду трибунада турганыңыз. Таптакыр туура эмес сөздөрдү сүйлөп атасыз. Биз макул эмеспиз. Туурабы? – деп ал залга кайрылды эле отургандар бир дем менен «туура» деп жооп кайрышты. Ошондо эмне кылаарын билбей калган Лама Тойба трибуна менен кошо обдулуп мындай деди:

– Баарың тең саткынсыңар! Мен силерсиз эле өлкөнү банкрот кылган диктаторду кантип жок кылыштын жолун табам! Качан мен жеңишке жеткенде анан баарың тең жүгүрүп келип бутумду жалайсыңар. Эстеп койгула ушуну!

Ошентти да Лама Тойба залдан чыгып кетти. Отургандардын баары айраңтаң. Кимден эмне деп сураарын, кимге эмне деп айтаарын эч ким билбей, баардыгы тең бирин-бири карап ооздорун ачат.



«Соодагерлер коомундагы» чогулуш, дегеле Лама Тойба жөнүндөгү тирукмуш сөздөр бүткүл Тибетке чагылгандай тарады. Эки кишинин башы кошулган жерде эле ушу жөнүндө сөз. Бирдаары Лама Тойба жиндеп кетиптир десе, бирдаары: «Жо, жиндеген жок. Ал туура кылып атат. Анткени Далай-лама аны ак жерден күйгүзгөн. Кызматтан алып койгон. Лама Тойба оңой киши эмес. Керек болсо ал Далай-ламаны ишинен кетирет, көрөсүңөр го!» деп пикирлер эки ача болуп атты. Мурда болуп көрбөгөн, Тибеттин табиятына жат мындай уу-дуу сөздөр чакан өлкөнүн койнуна батпай сыртка, түндүк менен түштүктөгү улуу элдерге дейре чыгып кетип жатты.

Күндөрдүн биринде дагы мындай сөз тарады: Лама Тойба Далай-ламага кол салуу даярдап жатыптыр деп. Бул өзү сенцациянын эң ана башы эле. Ошондуктан муну уккандар жакаларын анык карманышты. Дегеле мындай ачыктан ачык, өлүмгө баш байлап кырчылдашкан кармаш Тибетте болуп көргөн эмес. Мындай айкаш чыгыш элдерине чаптасаң да жабышбайт. Чыгыш элдери анча эле ашынып кеткенде кебез менен муунтат, жибек менен мууздайт, бирок тынч, чуу-муусуз, сен көрдүңбү – жок, мен көрдүмбү – жок. «Тындым» деп коёт аны.

Эл деген кандай? Эл деген бир ээликсе оңой менен токтобойт. Лама Тойбанын өлкө башчысына кол салуусун күткөндөр көпкө чыдай албай күн өткөн сайын ортодон ар түркүн кептерди биринен-бирин чуулгандуу кылып чыгара коюшуп, калың журтка ооз эки да, телефон менен да, күндөп-түндөп таратып атышты.

Лама Тойба өзү болсо ал күндөрү Далай-ламага катылгандай эле албууттанган кайрат менен үйбүлөсүндөгү бир чатак маселени чече албай алпурушуп жүргөн. Кептин баары төрт баланын энеси, жаштайынан баш кошкон аялында эле. Мурда сүйлөшкөн убаданы бузуп, энеси эң кичүү кыз-күйөөсүнө үйлөрүн сатууга улуксат берип коюптур. Кыз-күйөөсү Лхасадан элүү чакырымдай алыс, атактуу Сэра монастыры жайгашкан шаарчада турушчу. Лама Тойба балдар жаңы үйлөнгөндө ошол жерден татынакай, жаңы салынган үч бөлмөлүү үй сатып берген. Адепки жылдары күйөө бала монастырда электрик болуп иштеп, кызы көбүнчө үйүндө эле. Кичинесинде бирдемеден жүрөгү түшүп, кыз бала нерв жагынан биртике ооруулуу болуп калган. Кыялы чатагыраак, өз дегенин бербеген кыз болуп чоңойду. Кыязы, аялуу деп эркелетип атышып ата-энеси өзүлөрү ошого жеткирди көрүнөт. Лама Тойба ал кызын дегеле койнунан түшүрчү эмес. Тогуз жашка чыкканча атасынын алдына отуруп тамак ишчү. Энеси болсо көпкө дейре балтыр эти толбой, илмейип арык чоңойгон кызынын көзү менен тең айланып, берээрге ашын таппай турчу. Анан ошол кызы кайдан-жайдандыр күйөө таап алыптыр. Бала айлынан келип Лхасадагы техникалык окуу жайын бүтүп аткан экен. Экөө бирин-бири жактырып калган болот. Анда Лама Тойба, мындайча айтканда, Тибеттин каржы министри болуп турган кези.

– Мен сага бир жаңылык айтайымбы. Кызыңдын боюнда болуп калыптыр. Төрөйүмбү же алдырып салайымбы деп атат? Кандай дейсиң, атасы?

Лама Тойба бир күнү жумушунан чарчап келсе аялы ушинтип алдынан чыгып отурбайбы.

– Койчу? – деди Лама Тойба таңыркап. – Менин кенедей музоочугум ошончолук чоңоюп калыптырбы? Төрөсүн албетте, – деп жооп берди Лама Тойба.

Эрке кыз болсо атасынын төрүндө көз жарганга жетише албай калды, себеби аны күйөө бала ай-күнүнө жеткен кезде өз ата-энесиникине алып кеткен болчу.

Аяктан бала аман-эсен, сопсонун эле төрөлгөн экен, бирок тибеттиктердин эски салты боюнча жаңы төрөлгөн баланы «жашоого кудурети барбы же жокпу» деп кышындагы агып аткан муздак суга салганда өпкөсүнө суук тийип чарчап калган болчу наристе.

Лама Тойба ошондо кудаларына бир жинденди:

– Минтип отурса тукум калбайт булардан. Чыгарып алам кызымды!, – деп кайгырганда аялы болбой койгон. Рас, жаштар кийин дагы бир перзенттүү болушту. Анысын да какшаган муздак сууга салышкан экен – аман калыптыр. Кийинчерээк күйөө бала негедир арак иче баштады. Өзү тыржыйган арык неме, дегеле ичкенди көтөрө албайт, ошого карабай күндө мас. Ошону уккандан кийин Лама Тойба экөөнү ажыратып, кызымды үйгө алып алам деп көп аракет кылды. Бирок, адамың түшкүр баш катырган бир табышмак эмеспи – кызы болбойт тырышып. Мас күйөөсүнөн өлүп ажырашпаса, тирүү ажырашкысы жок. Анын үстүнө бержактан кыздын энеси да болбойт: «Экөө бирин-бири сүйөт экен» дейт.

– Сүйсө эмне күндө арак ичет?! – деп Лама Тойба маселени нечен жолу кабыргасынан койду, бирок балдарды ажырата алган жок.

Мына эми ошол күйөө бала үстүндөгү кайнатасы үлөштүрүп берген үйдү сатып туруп аялын баласы менен Чыгыш Тибеттеги Кхама деген шаарга көчүрүп кетет имиш.

Бул кабарды мурунку «соо» аблында укса Лама Тойба балким макул болот беле, азыр болсо тимеле жиндеп кете таштады.

– Ошол ийне жеген иттей кирбийген акмак менин кызымдын үйүн сата коёт бекен, ыя! – деп ал аялына бир тийди. – Ушуну ойлоп чыгарган үчүн мен ал мастын мойнун жулам!

«Мен барайын, кой сен барба» деп аялы аябай чырылдады. Эри жулунганда үйүнөн чыгарбай кадимкидей алдын тороп, кармашканга чейин барды. Лама Тойба таптакыр болбоду. Көгөрүп атып такси алды да, Сэра монастырын көздөй жулунуп, жалгыз өзү жөнөдү.

Экөө тең элүү жашка чыгып, отуз жыл эрди-катын болуп жашап, дегеле Лама Тойбанын мындай кыялын үч уктаса түшүндө көрбөгөн аялы сезди, бу кетиши менен күйөөсү бир шойкомду баштаарын. Күн мурун эле буулугуп ыйлап да алды. Бир туруп күйөөсүнүн артынан жөнөгүсү келип кетти эле, бирок эмнегедир анткен жок. Өзүнчө эле жалгыз бурчка тыгылып, заманасы куурулуп, оорулуу кызынын, небереси менен күйөө баласынын амандыгын тилеп атты. Ошолордун бирин Лама Тойба майып кылып койбогой эле, жараткан ай!

* * *

Такси келип үйдүн алдына токтогондо короодо ойноп жүргөн үч жашар бала сыртка чуркап чыкты. «Таята» деди ал машинадан чыгып өзүн көздөй чоң-чоң арыштап келе жаткан кишини сөөмөйү менен көрсөтүп. Андан ары баланы карусуна көтөргөн Лама Тойба дарбазаны ичинен тарс жаап үйгө кирип барды. Күйөө бала адатынча мас болуп ирегеде жаткан экен. Кызы кайдадыр көрүнбөйт. Лама Тойба үч бөлмөнү кыдырып чыккандан кийин колундагы небересин жерге койду да, күйөө баласын ойгото баштады. Ары түртсө былк этпейт, бери түртсө быш этпейт, өлүктөй сулк жатат күйөө бала. Лама Тойба ачуусу менен желке чачтан алып туруп башын полго бир урду эле ошондо анан жан кирди окшойт:



– У, акмак, өлтүрүп коём! Тийбе мага! – деди башын көтөргөн бойдон булдурактап.

Лама Тойба күйөө баласынын мынабул кебетесинен ушунчалык жийиркенди. Эски кусунду жыттанып, чалажан бакадай тырбайып жаткан немени кантип гана койнуна катып чоңойткон, боор эти менен тең эрке кызы күйөө кылып алганына ушунчалык ызаланды да жанагы жасаганын кайра бир кайталады. Бирок бу сапар жини менен полго тигинин башын катуураак урду. Ошондо анан күйөө бала таш тийген жырткычтай айкырып-кыйкырып тура баштады. Мас оюнда ал аялын сабамак болсо керек, көзүн ачпай туруп эле жанындагы бирөөнү ыргай таяктай катуу согончогу менен тээп калды.

Дал ошол тушта Ламанын кызы сырттан кирип келген болчу. Колунда бир кесик нан, бир бөтөлкө сүтү бар экен. Аларын тигиндей койгучакты күйөөсү турду да кайнатасын көрбөй эле аялын барып чачтан алды. Лама Тойба артынан жетип кармагыча болбой кыз бала күйөөсүнөн эки муштум жегенге үлгүрдү.

– Эй, айбан, бери кара! – деди Лама Тойба күйөө баласына кыйкырып. Андан соң элүүдөгү күчкө толгон зор киши ырбыйган арык немени башка көзгө чаап сабай баштады. Күйөө баланын мурдунан кан кетти. Үчтөгү небереси бир бурчта бакырып атат. Аңгыча кызынын нерви бузулуп чаңыра баштады. Болгондо да ал күйөөсүнө болушуп, атасын тытмалап жүрөт.

Баары бир тең, ошол эч нерсеге арзыбаган бир арсыз-күнсүз мас немеге кызынын болушканы Лама Тойбанын жанына батып кетти окшойт.

– Экөөң тең окшошкон наадансыңар! Чыккыла үйдөн! – деп экөөнү тең сыртка куйу баштады.

Оо, колдорунан эч нерсе келбейт деген жүдөмүштөрдү ошондо көрүп ал. Экөө тең сыртка чыкмак түгүл килейген Лама Тойбанын өзүн түртүп салчудай. Тарамыштай тырышып күйөө бала, андан өтүп кызы калтырап-титиреп өң алаттан кетип алган.

– Мактанган атаң ушубу?! Лама деген ушундай болобу! – деп канжалаган күйөөсү аялына бакырып атат. Биртике солуга түшүптүр. Айтор үйдүн ичи сапырылып ызы-чуу. Бержактагы баланын боору эзилип атканы менен эчкимдин иши жок.

Тибет интеллегенциясынын ичиндеги эң абройлуу ламалардын бири болгон Тойбаны миңдеген жөнөкөй адамдар үлгү тутчу эле. Өзүн дайыма зыңкыйтып бийик кармап жүргөн, эл улуу деген инсан моминтип бала-бакырасы менен тытышып атканы эч бир акылга сыйбаган таңкаларлык нерсе эле. Бирок ошону Лама Тойба өзү таптакыр сезбеди. Анын көкүрөгүнө кирип, биротоло орноп алган бир жалаңгычтай «Мен» бүткүл эсакылын туткундап алып коё бербей атты.

Кармаш күчөдү. Демейде эле үлп эткен желге нерви козголуп кетчү Ламанын кызы азыр эми таптакыр эсин жоготуп, атасын үйдөн түртүп чыгуунун аракетинде. Күйөө бала болсо кайнатасын жыга чапкысы келип, үй ичинен бирдеме издейт. Азырынча колуна эч нерсе илинбей атат. Ошол кезде Лама Тойба түшүндү окшойт, бул экөөнү эзели куып чыга албасын – шарт жулунуп ички үйгө өтүп барды да терезеде жаткан мынабул каргыш тийген үйдүн документтерин алып чөнтөгүнө салып алды.

– Жараткандан мен силердей балдарды тилеген эмесмин! – деди анан ал жеңишке жеткен кишидей үнүн чечкиндүү чыгарып. – Мен үчүн силер жоксуңар! Силер үчүн үй жок!

Ошентип ал кетмекчи болуп сыртты көздөй бир кадам шилтегенде эле бетине

бир таштай катуу суюктук жаба урулду. Суюктук адегенде муздак эле, бирок бетине тийээр менен өрт болуп күйүп кетти.

– Ааа-аг! – деди чоң эле киши аргысыздан отура калып бетин басып бакырып. Анткени эки көздү оюп түшкөн уунун күчү ошончолук эле.

* * *

Арадан туура үч күн өткөндөн кийин Лама Тойбанын өлгөндүгү тууралы кабар газеталар менен радио-телевидениеден элге кабарланды. Кабардын бардык түрлөрүндө «күтүлбөгөн кокустуктан» деп бүдөмүк берилгендиктен эчким ага ишенбей, анын артынан ондогон божомолдор эл оозунда желдей учуп Тибеттин бардык кокту-колотторуна тарап кетип атты.

Бир гезит жазды: «Лама Тойба табышмактуу жагдайда түнкатып Сэра монастырына барып, ошол жерден күйөө баласы колдуу болуп өлгөн. Күйөө баласы азыр суракта. Тибет органдары бул саясий өлүмдүн артында ким тургандыгын изилдөөдө» деп. Ким турмак эле? Бештен белгилүү да!» дешип муну окугандар дароо Далай-ламанын өзүнө «таш ыргытышты».

Дагы бир гезит жазды: «Лама Тойба Сэра монастырында дарс окуп аткан кезде бир фанатка дакини кылып бетине уу чачкан экен, жаралуу болгон ламаны ошондон алып чыгып Лхасанын госпиталына апкелаткан кезде жолдо жүрөгү токтоп өлгөн» деп. Аны окугандар да дароо эле кабарды жиликтей коюшту: «Ал фанатканы ким ишке салганы оркоюп эле көрүнүп турбайбы...»

Эл оозунда жүрүп аткан айыңдарды жокко чыгарган расмий билдирүү кийинирээк чыкты. Ал боюнча алганда: «Лама Тойба үйбүлөлүк иштери менен Сэрадан алыс эмес жерден үй сатып алып жашап аткан кыз-күйөөсүнө барган. Ошол үйдө кандайдыр бир кокустуктан кызынын колунан түшүп кеткен уу ламанын бетине төгүлгөн. Лама ал жерде өлгөн эмес, жарат гана алган. Андан соң күйөө бала кайнатасын Лхасадагы госпиталга жеткирип келатканда жолдо жүрөгү инфаркт болуп, бир аздан кийин жан берген. Демек, мындай болгон соң Тибет бийлигинин бул өлүмгө эч кандай тийешеси жок. Ошон үчүн Далай-ламанын артынан ушак тараткандар өлкөнүн душмандары болуп эсептелет...»

Полицияда суракта отурган күйөө баланын көрсөтмөлөрүнө негизделген мына ушул маалымат Потала ордосарайына куп жакты. Ошон үчүн өкмөттүк маалымат органдары бул кабарды көбөйтүп үстөккө-босток таратып атты.

Андан соң, бир айдын ары-берисинде эле кеп Лама Тойба жөнүндө болбой калды. Кеп эми башкада эле. Теке айынын акырында, дем алыш күнү Лхаса шаарын кайрадан бир үрөй учурган суук кабар аралайт. Бу сапар чуу борбор шаардын мэри, Панчен-ламасы тууралуу чыкты. Өзүнүн эле шаардагы үйүндө, ылдый, подвалына кирип жатып алган жеринен кырк эле жаштагы Панченди келемиш чычкандар кемирип жеп кетиптир. Ой, тукумуң кур! Мындай окуя Тибет эмес жер үстүндө качандыр бир болгонун кулак уккан эмес, көз андан бетер көргөн да эмес.

Атасы эртең мененки тамакка чыкпайт, түшкүгө да чыкпайт. Бул эмне болду деп кечки тамакка караганда балдары подвалга түшсө Панчендин сөөгү эле калыптыр дейт шалдырап. Көргөн көздөрүнө ишенишпейт. Балким башка бир кишинин сөөгү шаардын өлүкканасында шылыгандан кийин апкелип таштаганбы, балким атабыз биз жокто сыртка чыгып кеткенби деп балдары көргөн көздөрүнө түк ишенбейт. Караңгы төрдө жаткан сөөккө бара алышпай коркушат да, дарбаза кайтарып турган полицайды чакырышат. Ал түнкү фонариги менен келип караса кош жаздыктап салынган парча төшөгүндө чын эле Панчен-ламанын сөөгү жатат. Полицай аны баш сөөгүнөн тааныйт. Баш сөөгүндө сербейип муруту калыптыр. Калганын арс чычкандар таза мүлжүп кеткен экен. Ошол муруттан кийин анан расмий түрдө полиция чакырышат. Сөөктү өйдө, жарыкка алып чыгышса Панчен-ламанын өзү!

Бул шумдуктуу окуяны басма сөзгө Лама Тойбаныкындай кылып нары-бери удургутуп берүүгө болбойт эле. Анткени баардыгы тең так, даана – Панчен-лама өз үйүнүн подвалында эс алып жатканда аны келемиш чычкандар жеп кеткен. Болду. Башка бир ашык сөз жок. Ошон үчүн сенсация издеген бардык гезиттер, радио-телеканалдар айла жоктон окуяны бирөңчөй берип жатышты. Тиякка-бияка буруп жиберүүгө эч илинчек табылбады.

Ошентсе да, Панчендин сөөгүн өрттөп ийгенден кийин, оо эки-үч ай өтүп калганда үч баланын энеси, маркумдун жесири бир менчик гезитке интервью берет:

– К-к-к-үйөөм өл-тү-тү-рүп ке-ке-тет деп коркту, – деди ал болуп өткөн, түшкө киргис коркунучтуу окуядан кийин кекечтенгени жоюлбай. – Ме-н айт-тым коркпо деп. Ал кор-коркту...

– М-м-мен ай-ай-тайын, – деп келип бечара аял шолоктоп ыйлап жиберет. Жаздыктан кайрадан баш көтөрүп: – М-м-ен айт-там. Бир-бир к-кар-а сый-кыр күй-күй-өөмдүн мээ-мээ-син буз-буз-ду. А-а-а-а-ны, – деп келип кайрадан ыйлайт. – А-а-а-а-ны буд-да бол-болдуң де-птир. Кү-кү-күйөөм и-и-ишен-ди. Ме-н буд-да-мын деп ы-ыл-дый сү-сү-күткө түштү. Ке-ке-келемиш көп...

* * *

**О**рдосарайдын бардык кызматкерлерине Мани Ясо менен сүйлөшүүгө тыйуу салынган. Бул тартип өзгөчө Лхасанын мэри Панчен-лама өлгөндөн кийин катуу көзөмөлгө алынды. Мурда Мани Ясо жок дегенде тамак бергендер менен же болбосо посто турган сакчылар менен бир-эки ооз аркы-беркини сүйлөшө калчу. Азыр болсо алардын бири да ооз ачпайт, Мани Ясо суроо берсе ийиндерин куушуруп, баштарын чайкайт да турат. Лама Тойбанын да, Лхасанын мэринин да өлгөндүгүн Мани Ясо Далай-ламанын гана жеке өзүнүн оозунан укту. Өкүмдардын айтымында ал эки маркумдун тең трагедиясында Далай-лама менен Мани Ясонун кымындай да тиешеси жок. Экөө тең күтүүсүз кырсыктан улам каза тапты. Экөө тең өз үйлөрүндө, бала-чакасынын колунда өлүп отурбайбы. Далай-лама үчүн мындай оңтойлуу жагдай миң алакет кылса да табылат беле? Албетте табылбайт болчу. Ошон үчүн бул окуяларды Мани Ясого айтып атканда кабагын бүркөмүш болгон менен, ичинен мулуңдап турганын ката албады. Анын үстүнө Мани Ясого өтө ыраазы болуп турганын жашыргысы деле келген жок. Эмнеге жашырат эле?!

Бирок, көздөрү күлмүңдөп, ичинен кудуңдаганы менен Далай-ламанын сүйлөгөнү башка чыгып атты:

– Лхасанын ламалар чөйрөсүндө бул эки адамдын өлүмү тууралуу ар кандай сөздөр жүрүп атат, – деди ал Мани Ясонун бөлмөсүнө дагы бир жолу өзү келип. – А кээ бир кеңкелестер бул ишке биздин да тиешебиз бар деген ушактарды таратышы мүмкүн.

– Кимдин? – деди Мани Ясо жүзүн ала качып, терезени карап сүйлөгөн өкүмдарынын сөзүнө түшүнө бербей.

– Биздинчи. Менин жана сиздин. (Далай-лама акыркы күндөрү Мани Ясону «сен» эмес «сиз» деп калган. Анын себебин ал ыйык Миларепага шылтаган болчу).

– Тиешебиз бар да, – деди Мани Ясо ага таңкалыштуу карап.

– Эч кандай! Экөө тең өз ажалдарынан өлүштү. Болгондо да экөөнүкү тең өлүмдү өздөрү тилеп алышты. Тибет элине жамандык издесең дайыма ошентип жазасын аласың! Жараткан өзү жазалайт. Ошондуктан сиз билип коюңуз, касиеттүү Миларепа, өлгөндөргө биздин тырнактай да тиешебиз жок.

– Экөө тең кара сыйкырчы Додайдын нускамасындай болуп өлүшкөнү мени аябай кайгыртты, улуу таксыр!

Мани Ясо байкабай эле ошентип койду эле Далай-ламанын көзүнөн чаары чыга түштү.

– Мен сизге дагы бир жолу айтам. Сиз экөөбүздүн да, кара сыйкыр Додайдын да бул өлүмдөргө эч тиешеси жок!

– Бирок мен сиздин дагы беш душманыңыздын эгосун күчөтпөдүмбү. Алар эмне болот?

– Менимче алар дагы өз ажалдарынан өлөт болуш керек. Мынабул экөөндөй эле.

– Демек, биз билинбей эле калат экенбиз да.

– Анан эмне дейсиз! Андан жакшы утуш барбы бизге?

– Утушпу?

Мани Ясо ойлонуп калды. «Эмне үчүн утуш? Ушуну да утуш дешке болобу? Ким утуп атат, ким уттуруп атат? Бирок алар тибет элинин душмандары. Тибет элинин дагы беш душманы жакын арада жок болот. Балким өлбөй калышаар. Балким тигил экөө чын эле өз ажалдарынан өлгөндүр. Ким билет. Көрө жаталычы...»

Далай-лама кеткенден кийин Мани Ясо көпкө дейре терезени карап тура берип кайрадан Лама Цуну эстеди. Сыртта, Поталанын чатырынын кырында көгүчкөндөр учуп конуп өз турмушун өткөрүүдө.

Далай-ламанын айтуусу боюнча Лама Цу көп жылдык сүкүттө отурат. Кызык. Эмне үчүн жандан артык көргөн атасы Мани Ясого бир ооз бир нерсе айтпай туруп сүкүткө отуруп алды? Анын максаты деле жок эле андай. Сүкүт жөнүндө мурда жок дегенде бир ооз айтат эле го...

Көгүчкөндөр кайдадыр уча качышып анан кайра келишти. Бирок баягы ордуна эмес, башка кырга отурушту. Бир нерседен корккондой түрлөрү бар. Баары текши майпаңдашып бут оодарыша оң жакка жылып кетишти. Кыязы булардын да жакын эле колтугунда аңдып турган душманы бар окшоду. Балким мышыктыр...

Ушул тушта Мани Ясонун эшиги астейдил тыкылдады. Жигитти жагымсыз сезимдин илеби уруп өттү да «кириңиз» деген ишарат берди ал. Антпеске болбойт эле. Анткени тыкылдаткан Далай-ламанын улуу кызы Селенг болчу. Он бешке караган Селенг Мани Ясо үчүн өзүнчө эле бир табышмак. Келет да жигитти жалдырап тиктейт да турат. Же оозунда лам деген сөзү жок. Же кетпейт. Же жакындабайт. Ирегеден бир кадам бери кирет да турат.

Тибеттин кыздары өтө эле эркин болушат. Мындай эркиндикти өздөрүн ашкере мактаган Европалыктар да түшүнбөс эле. Кыз белги менен быякта эч кимдин жумушу жок. Жигит-кыз үйлөнбөй туруп балалуу болуп калса эки тараптын каалаганы баланы багып ала берет. Боюнан алдыруу деген жок. Төрөлгөн бала эч качан жерде калбайт. Бирок, ошондой талаа эркиндигинин өзү тартипти, сактыкты, тазалыкты жараткан. Кыз дагы, жигит дагы күнүмдүк эркин жыныс жашоодо туш боло турган баардык балээден өздөрүн-өздөрү гана сактайт. Башка эчким сактабайт. Ошондуктан аларда «өзүн сактоо инстинкти» деген сезим эзелтен өнүккөн.



Мына бүгүн да Селенг эшиктен дабышсыз кирип, демейде туруп жүргөн ордуна турду. Адегенде апасы менен кошо келчү. Мани Ясо сабак окуп жалгыз отурганда апасы карп-курп кирип келип, тамагын берген болуп, жигиттин кийим-кечесин тескеп, үстү-башын оңдоп-дегиче болбой артынан кызы кирип келет.

– Үйгө бар, сабагыңды оку! – деп апасы нечен ирет кызын кетирүүгө аракет кылды эле майнап чыкпады. Кызы дүлөй болуп калгансып апасын укпайт. Ошентип жүрүп акыры апасы артка чегинүүгө аргасыз болду окшойт. Кызы менен кошо жарышып бул жакка келе бергенден уялдыбы, айтор изи сууду.

Азыр эми Селенг өзү жалгыз келет. Мани Ясо бөлмөсүндө ээн калган учур көп деле эмес, анткени ал «ишке» Далай-лама менен кошо чыгат, кечкисин аны менен кошо бүтөт. Өкүмдарынын көлөкөсү сымал ар дайым жанында. Жанында болбосо арка жагында , көшөгөнүн артында. Далай-ламанын суроосу менен кабыл алууга келген адамдардын мээрин карап, жазып отурат да, керек болгондо чечмелеп берет.

Селенг мунун баардыгын эсептей билген кыз. Ошон үчүн ал Мани Ясо ишине шаша баштаганда саал эңкейип, ишарат кылат да чыгып кетет. Мындай авалда өзүн олдоксон сезген жигит бир нече жолу аны менен сөз сүйлөшүүгө аракет кылды.

– Келиңиз, отуруңуз, – деди бир жолу кызга орундук көрсөтүп. Селенг отурган жок. Болгону, анын терең чөккөн кой көздөрү билинээр-билинбес күлмүңдөп койду. Бул көздөр жигитке көп нерсени айтып тургандай: «Сиз эмне үчүн кечилдиктин жолуна түшүп алдыңыз экен? Өзүңүздү аябайсызбы. Мен сизди сүйгүм келет. Колуңуздан кармагым келет. Сүрөткө да эч убакта түшпөйсүз. Эгер түшсөңүз сүрөтүңүздү мен өзүмдүн алтын кутучама катып алат элем. Сиңдиме да көрсөтмөк эмесмин. Ал түгүл уктаганда боорума басып жатмакмын. Балким эң жакын дос кызыма көрсөтсөм болот эле. Ал дагы сизди дароо сүйүп калмак. Ошон үчүн ага көрсөтөөрүм күмөн. Колумда сүрөтүңүз жок үчүн ар качан жаныңызга келүүгө мажбурмун. Мунум үчүн апамдан дайыма тил угам. «Сенин башың тегеренип калган. Окууңду окубайсың. Жигит сүйүүгө али эрте. Эгер минтип жалдырай берсең Пекиндеги кыздар лицейине жиберип коём» деп апам мени коркутуп атат. А мен сизден эч качан ажырагым келбейт, Мани Ясо. Сүйгөнүм!..

Кыз бала өзүнүн астейдил, ички жан дүйнөсү менен жашаган жан болот. Эгер үчүнчү көзүн ачып караса Мани Ясо Селенгдин ошол жан сырын бүтүндөй аңтарып көрмөк. Бирок жигит антүүгө даабайт. Анткени билет – бул азгырыкка, бул ургаачы дүйнөсүнүн сазына бир сорулсаң эч качан кайра чыкпасын. Лама Цу бул жөнүндө тээ, Адилет жаңы келген балакай кезинде көп айтып түшүндүргөн. Ошол жылдары, ал өзүн али Мани Ясо эмес, Адилет катары сезген жаш чырпык кезинде Шоола деген дүйнөдөгү эң кымбат кызын унутууга бел байлаган. Унуткан. Атүгүл сүкүт салып отуруп эстутумундагы үйүлүп-жыйылган керексиз көп нерселер менен кошо Шооланын да элесин жок кылууга жетишкен.

Ошол эле учурда Адилеттин кан-жанынан чыкпаган көп нерселер анын өзүнөн да, көп убакта түшүнөн да кетчү эмес. Алдаркөсө жөнүндө жомокторду кызыгып окуп жүргөн бала кезиндеги элестер, ошол куркуйган узун бойлуу, эчки сакалы бар кара-тору кишинин айткан кептери, кылган иштери эсинен кетпейт. Эң эле шумдуктуудай сөздөрдү айткан, куудул киши кантип адилетсиз байларды жазалаганы балага өзгөчө жакчу.

Жашыл тыштуу, бетинде Алдаркөсөнүн көзүн кыбыңдатып күлүп турган сүрөтү бар чоң жомок китеби ушу кезде да көз алдында.

Бир сапар, мына мобул жакында эле, сүкүттө отурган кезинде түнү бою түшүндө Манас айтып чыккан. Муруту сербейген, башы тоголок, эриндери түйрүк чоң манасчы Адилетти өзү менен кошо Манас айттырып кыйнай берди, кыйнай берди. Акырында Адилеттин сезимдери кыян суудай өрөпкүп, арты өркөчтөнүп ташып, Манасты өз алдынча катуу айтып кирди эле тоголок баш мурутчан киши боздоп ыйлап жатып калбаспы. Же сүйүнгөнүн билбейсиң же кайгырганын билбейсиң. Ошо кишиге боору ачыйм деп атып Адилет ойгонуп кетсе түшү экен. Чалкадан жаткан жигиттин өзүнүн көз жашы ага берип, ага берип эки кулагына толуп калыптыр.

А дагы бир жолу андан да кызык окуя болгон. Жохан храмынын музыка бөлмөсүндө кыргыздын эле комузундай бир аспап илинип турчу. Ошону алып бөлмөдө жалгыз калганда Адилет адегенде кыңылдатып көрдү эле таптакыр манжалары келишпейт. Бир топ убара болгондон кийин ал эселек чагынан баштап Бишкектин радиосунан уга берип кулагына жат болгон күүнү оозу менен чертип кирди. Бөлмөдө жалгызмын деп эле ал ийиндерин салактатып, башын экчеп, колун ойнотуп черте берди. Күүнүн кайрыктарынын биртобун оозу менен шартылдатып салды. Өзү да билчү эмес, мынчалык көп кайрык эсинде бар экенин.

Бир маалда эле арка жагынан шапалактаган кол чабуулар! Адилет селт этип караса музыка мугалими баш болгон бир топ шелелер ыржактап кол чаап атышат.

Уялып кеткен Адилет кулагына дейре кызарып, аспапты таштаган бойдон бөлмөдөн качып чыкты.

Анда шылдың болгону го ал болсун, эми азыр мынабул өкүмдардын жалдыраган кызын эмне кылат Мани Ясо? Эч нерсе кыла албайт. Айласы кеткенде адатынча кыздан көзүн ала качты. Анан саал жүзүн үйрүп, кызга сез берип, ишке шашып атканын билгизди...

* * *

– Урматтуу Лама Ясо, – деди бул сапар да Далай-лама жигиттин жанына жакындаганда мулуңдап ичинен күлүп. Мани Ясо дароо түшүндү – калган беш адамдын дагы бирөө зыянга учураган! Кайсы шордуу болду экен?!

– Кабатыр болуунун кереги жок. Уй провинциясынын Панчени өзүнүн полиция департаментинин башчысын хрусталь ваза менен башка уруптур. Түндө мага телефон урушту, камака алууга улуксаат бериңиз деп.

Мани Ясонун кабагы түйүлө түштү. Ошону байкай койгон Далай-лама эки алаканын жайды:

– А кантип мен улуксат бербей коё алам. Айыпсыз бирөөнүн башы жарылып атса?! Уят, албетте. Борбордук провинциябыздын жетекчиси ошентип өз полицайы менен мушташып жүргөнү биринчи кезекте мен үчүн уят. Тибетти чет өлкөлөрдүн бардыгы карап турат.

– Эми төртөө калды, – деди Мани Ясо аркасын салып турган Далай-ламага карап.

– Сиз антип санабай эле коюңуз, урматтуу Миларепа. Ашыкбаш күнөөнү мойнуңузга ала бербеңиз. Биздин эч тиешебиз жок.

– «Күнөөнү» дедиңиз, урматтуу Далай-лама. Менин кара сыйкырым күнөөбү же күнөө эмеспи. Ошону түшүнө албай жатам. Мынакей, үчүнчү адам зыянга учурады...



Далай-лама жигитти «мынча эмне сүйлөөк» болуп кеткен дегенсип жактырбай бир карап алды да кайрадан кырын салды.

– Эгер сиз ак адамдарды сыйкырласаңыз анда күнөөлүү болмоксуз.

«Улуу таксыр мени таптакыр тике карабайт» деди Мани Ясо ошол ирмемде мурда нечен ирет оюна келген нерсени эстеп. «Караса болот эле».

– Бул биринчиден, – деп Далай-лама сөзүн улады. Экинчиден сизди болуп өткөн өлүмдөргө тиешелүү деген факт барбы? Жок да! Дегеле сиздин кара сыйкырыңыздын таасири бар экенине күмөнмүн, таксыр Мани Ясо. Ошон үчүн бул иштерди өзүңүзгө ала бербеңиз.

«Ушундайбы?» деди Мани Ясо чындап эле таңыркап. «Чындап эле менин тиешем жокпу? Андай болсо кайра жакшы болоор эле...» Мани Ясонун көкүрөгүндө азырынча өзүнө да түкшөмөл бир сыр пайда боло баштаган. Анысын текшерип көрмөккө Далай-ламаны көзү менен бир сапар жакшылап карап көрмөк болгон. Эмне деген сыр жатат бул өкүмдардын ичинде? Эмне үчүн ал өзүнө карата Мани Ясонун үчүнчү көзүн таптакыр ачтырбайт. Тыйуу салат. Эмне үчүн андан дайыма жүзүн ала качат? Акырында эмне үчүн кара сыйкырга туш болгон, Эгосу күчөтүлгөн, түздөн-түз ошонун айынан өлүмгө учурап аткан адамдардан баш тартат? Ал түгүл Мани Ясонун өзүн тангын деп зордойт. Ушул бүдөмүктөрдүн баарысы биригип келип Мани Ясонун көкүрөгүндө суроо пайда кылууда. Мамлекет менен элдин башында турган Далай-лама дегеле өзү чынчыл адамбы? Анын жеке курмандыгы болуп аткан шордуулар чынында эле Тибеттин душмандарыбы?

Ушуну Мани Ясо өкүмдарынын көздөрүн бир эле сапар түзмө-түз карап алса таап коймок. Бирок Далай-лама жигитке андай мүмкүнчүлүк бере турган эмес. Өтө чебер, өтө кыйды, таптакыр Мани Ясодон жүзүн ала качууну унутпайт.

– Мынакей, – деди бир күнү ал кайрадан эки алаканын эки жакка жайып күлмүңдөп. – Поталанын Иш Башкаруучусу, менин оң колум болуп эсептелген Лама Дондуп өзүнөн-өзү эле акылдан адаша баштады. Иш боюча келген кызматкерлерди таптакыр кабыл албай атыптыр. Канчалык шашылыш болсо да. Атүгүл менин буйругум менен жиберилген бийик даражалуу ламаларды кабыл албайт экен. Муну эмне дешке болот? Мамлекеттик иштерди үзгүлтүккө учуратып атпайбы!

– Эмне себеп менен кабыл албайт экен, улуу таксыр?

– Себебин билгим да, уккум да келбейт. Далай-Ламанын буйругун аткарбай атса, анан мен анын себебин сурап отурушум керекпи?

– Ал шордуу менин төртүнчү курмандыгым, улуу таксыр.

– Ха-ха! Мен канча жолу айтам. Сиз мындайды өзүңүзгө албаңыз деп?!

– Антиш мүмкүн эмес, улуу таксыр! Мен өз колум менен жасаган иштен кантип баш тартам?

– Сиз өзүңүздүн баркыңызды өтө эле бийик көтөрүп атасыз, Ясо. Чынын айтсам зыянга учурагандардын бирине да сиз кара сыйкыр бере алган эмессиз. Мен баардыгын тыкыр иликтеп карап турам го!

– Түшүнбөдүм, улуу таксыр! Мен кандайча баркымды көтөрүп атам? Кара сыйкыр берүүнү мен эч качан барк деп эсептебейм. Ал барк эмне – кылымыш! Эгер сиз айткан жети адамдын бирине да кара сыйкыр бербеген болсом анда мен кубанам!

Далай-лама мындай кескин сөздөрдү биринчи жолу угуп нес боло түштү: «Бу кандайча? Эч нерсени көрө элек, биле элек жапжаш неме Далай-ламага моминтип турат?! Же бул жигит «Ыйык Миларепа» дегенге дөгүрсүй түштүбү? Же болбосо

буга сырттан бирөө акыл үйрөтүп атабы? «Кылмыш» деген сөздү буга ким айтты экен? Акырын чегип сурап көрсөмбү?»

– Ордосарайда ким менен кеңешип-таңашып жүрөсүз, ыйык Миларепа?

– Мени менен эчким сүйлөшпөйт. Ал түгүл бир да киши сураган суроомо жооп бербейт, таксыр.

– Чын элеби? Жинди болушкан го?! Эмне үчүн андай?

– Билбейм, таксыр.

– Болуптур, мен муну текшерем, чара көрөм. Сиздин кара сыйкырга өткөнүңүздү айтып балким Лама Бусмен элди коркутуп койгондур?

– Мен аны билбейт экем, таксыр.

– Анда беймарал эсала бериңиз. Мен өзүм териштирем.

Мани Ясо кетүүгө кам урду эле Далай-Лама артынан үн салды.

– Касиеттүү Миларепа, эртең дагы бир нече кызматкерлерди текшеребиз. Жакшы уктаңыз!

Мани Ясо артына бурулган жок.

* * *

Потала ордосарайынын Иш башкаруучусу Лама Дондуп бир кезде Жохан храмында Мани Ясого сабак берген. Көөдөнүндөгү эгосу кемден-кем, унчукпаган коймаарек мүнөзү бар адам эле. Лама Цунун бир чети шакирти, бир чети кыйышпас досу болчу. Боюн дайыма таза кармаган, ишке өтө тыкандыгы менен Лхасага аты чыккан бул билимдүү кызматкерди кийин ушул Ордосарайга Далай-лама өзү иш башкаруучу кылып дайындаган. Дайындаардан мурда Дондуп жөнүндө эң биринчи кезекте пикирди Лама Цудан, андан кийин Жохан храмынын ректору Панчен Делиден сураган болчу. Экөө тең Лама Дондуптун ишмердигине, өзгөчө кагаз жумуштарга кудум чычкан аңдыган мышыктай өтө тыкыр экенин айтышкан. Ошол акыры чын чыкты. Лама Дондуп бүткүл Тибеттин; диндин дагы, өкмөттүн дагы иштерине тиешелүү, мурдараак чаржайыт болуп, ирээтинен кетип калган иш кагаздарын тез арада тартипке салып, ордосарайдын чарба иштерин илбериңки колго алган. Ошонусу менен ал Далай-ламанын купулуна толуп, жакшы атка конгон. Эгерде досу Лама Цунун капилеттен сынган тагдыры болбогондо Далай-ламанын актыгына шек кылбастан Дондуп кадимкисиндей иштей бермек. Баарысы тең ошол саат баскан буйруктан башталды. «Лама Цунун сөөгүн көрүнөн казып алып өрттөп ийгиле» деген өзүнүн буйругун Далай-лама адегенде дал ушул Иш башкаруучусу Дондуп аркалуу Жохан храмынын ректоруна айттырган. Дондуп албетте ал буйрукту тиешелүү кишиге жеткирди, бирок өз атынан: «мен мындай буйрукту аткарбас элем» деп сөз кошуп коёт. Мунун ошол пикири менен ректордун оюу экөө дал келген соң анан Панчен Дели дайынсыз качып кетип атпайбы.

«Урматтуу Лама Дондуп! Мени колдогунунузга ыраазымын. Ошентсе да алсыздык кылдым. Далай-ламага каршылык көрсөтө албадым. Бирок анын адилетсиз буйругун аткарбаганым – менин жеңишим» деп Лама Дондуптун атына кушкат жазат да дайынсыз жоголот. Кушкат болсо кандайдыр Лама Дондуптун өзүнө эмес Далай-ламанын колуна тийет. Өкүмдар иш башкаруучусунун чакырып алып кушкатты колуна берет, – бирок бир ооз лам деп сөз айтпайт. Сөз айтпаган менен Далай-ламанын ичи кирдеп, мамилеси бузулуп калганын Лама Дондуп ошол окуядан эртеси эле сезди. Сезген менен кылаар айласы жок эле. Лама Дондуп чындыкты калп деп айта алчу эмес.



Ошондон көп өтпөй Мани Ясо «тибеттин душмандарынын» кара тизмесинен Лама Дондуптун ысымын көргөндө өтө таңкалган. Бирок өлкөнүн саясаты менен таптакыр иши жок жаш жигит, улуу таксыр Далай-ламанын «тизмесине» а деп бу деп пикир айта алат беле? Албетте айткан жок. Ал түгүл бир кездеги өзү жакшы көргөн мугалими тибет элинин душманы экенин укканда түнү бою катуу бушайман болгон. Кадимкидей кайгырган. Кийин анын «Эго» сун күчөтүп отурганда эч нерседен шек санабаган Лама Дондуп адатынча Мани Ясо берген суроолорго жообун жүрөгү эзилип, жигитке жакынсып сүйлөп берген. Кептин чыны мугалими Дондуптун «Эго» су тизмедеги жети кишинин ичинен эң пасы экен. Мани Ясо ошондо мугалимин дагы бир ирет жакшы көрүп алган ичинде. «Байкуш Дондуп устатым эми кандай тагдырга туш болоор экенсиң» деп аяп койгон аны.

Мынакей, Мани Ясо ошол устатынын босогосуна бүгүн кайрадан шашып келди. Кире бериште карасурунан келген, өңү серт бир полицай отуруптур. Ал Мани Ясону тааныды, ордунан тура калды, бирок Лама Дондупка кирүүгө болбойт, ал кабыл албайт деп дароо кесе сүйлөдү.

– Лама Ясо, же болбосо Миларепанын түгөйү келди деп айтыңыз! – деди Мани Ясо үнүн кескин чыгарып. Ошентсе полицайдын айласы кете түштү. «Баары бир кабыл албайт» дегендей ишарат жасап ийнин куушурду.

– Сиз, адегенде айткан сөздү аткарыңыз!

Бу күндөрү Мани Ясо өзүнүн ким экенин толук түшүнүп калган болчу. Лхаса эмес, бүткүл Тибетке, бүткүл Тибетке эмес, анын чегинен алыс кеткен анын Миларепа аты канча жасырышса да болбой алыска угулуп калган болчу. Ошондуктан жигит керек учурда чечкиндүү сүйлөгөнгө үйрөнө баштаган. Өзгөчө Потала ордрсарайындагылар анын караанын эле көргөндө нес болуп катып калышат. Ыйык Миларепанын кайра жаралган түгөйү бир эсеп болсо, Мани Ясонун өзүнүн бойкелбети, сүрү, баскан-турганы бир эсеп. Чынар теректей шыңга бою солкулдап, кызыл күрөң лама чапанынын узун этектери кадамы сайын серпилип, чанагына тереӊ чөккөн каректери алдынан чыккан адамды жалтантат.

Белгисиз себептер менен бир да адамды үстүнө кийирбей аткан Лама Дондуп Мани Ясону кабыл алмай болду окшойт. Бирок ал ыйык Миларепага эңкейип таазим кылаар менен, анын кайра жаралган түгөйү Мани Ясого дароо доомат айтып кирди. Көздөрү чачыладай кызарып алыптыр.

– Далай-лама экөөңөр адегенде бирди жайладыңар, андан кийин дагы бирди... А бирок мени жайлай албайсыңар, айтып коёюн. Мен Лама Тойбадай же болбосо Лхасанын мэриндей аксак кийик эмесмин! Мени экөөңөр кууп жете албайсыңар!

Мани Ясонун дароо каны бетине тээп чыкты. Көрсө Далай-лама экөөнүн жашыруун деп жасап аткан иштерин Лама Дондуп апачык эле билет турбайбы! А бир киши билген сырды калгандар билбес болуптурбу?! Демек элдин баары эле билет экен да. Жашыруун эч нерсеси жок турбайбы!

– Урматтуу Лама Дондуп...

– Жо-жок. Мени сиз, касиеттүү Мани Ясо, алдай албайсыз. Сизди деген мен окуткам, эсиңиздеби? А бирок мен сизди кара сыйкырга окуткан эмесмин. Мен сизди жер үстүндөгү адилеттик үчүн күрөшсүн деп окуткам. А сиз болсо эмне кылып атасыз?!

– Урматтуу устатым, Лама Дондуп...

– Эми келип алып мага өзүңүз кол салмак болдуңузбу? Мага канча жолу киши жибердиңер «өлтүр Дондупту» деп. Мен болсо бирөөнү да кабыл алган жокмун. Билемин да силердин кыянат кылаарыңарды!

Лама Дондуп Мани Ясону сүйлөтөөр эмес. Жигит улам аракет кылса улам кагып туруп алды. Мурда жибектей созулган жопжоош кишинин «Эго» су башынан ашып, боюна батпай өрт жалын болуп күчөп аткан кези экен. Ошон үчүн Мани Ясо шашып калды. Лама Дондуптун эгосун мурунку өз абалына келтирүүгө аракет кыла баштады. Антейин десе Лама Дондуп бир ордуна токтобой, тура калып, отура калып, тескери айланып кетип, Мани Ясого колун кезеп таптакыр тынчыбады. Жигит канча аракет кылса да тигинин дем алуу ыргагына кире албайт. Ошондо айласы кеткен Мани Ясо устатын саамга гипноздоп коюга аргасыз болду. Эсин жогото түшкөн Лама Дондуптун заматта көздөрү сүзүлүп, өзү болсо ордунан жылбай отуруп калды.

– Тынч отуруп бериңиз. Мен сизди куткарышым керек, – деди Мани Ясо устатынын дем алуусу менен кошо анын психикалык чөйрөсүнө кирип жатып. Андан соң ал ак сыйкырдын кыска мантрасын санскрит тилинде алтымыш алты жолу күбүрөп окуду да көз алдында отурган адамдын «эго сезимин» кармады...

* * *

Лама Дондуптун ахвалы кандай болоору эртеси күнү билинмек. Ошон үчүн Мани Ясо таңды таңатканча оюнан кетпей кыйнаган суроолор менен алпурушуп чыкты. Биринчи эле суроосу өзүнүн кара сыйкыры жөнүндө болчу. Анын бул терс касиетке ээ болгону чынбы же калппы? Өткөндөгү Баян-Хара-Ула тоосундагы үңкүрүндө сүкүттө жатып алып кара сыйкырчы Додайдын кыйкырып айткан сөзү кулагынан кетпейт: «Эми көрүп ала бергиле Мани Ясоңорду. Канчалаган адамдардын баш сөөгү анын баскан жолунда томолонуп жатаарын!» деп кыйкырган болчу ал. Додайдын ошол каргаша сөзүндө чындык барбы же жокпу? Далай-лама өкүмдар болсо «чындык жок» деп жанүрөп ишендирип келет. Анын айтуусунда өзүндө да, Мани Ясодо да эч күнөө жок. Өлгөндөр өз ажалынан имиш. Бирок ошол эле учурда «Тибеттин душмандары» биринен сала бири жайрагында Далай-ламанын көзү күлүңдөп, Мани Ясого өзгөчө ыраазы. Ошентип өкүмдардын ички туюму бир башка, эмнегедир айткан сөзү бир башка.

Мынакей эми Лама Дондуптун ахвалы кандай болоор экен? Эгерде ал кара сыйкырдын чеңгээлинде кала берген болсо, мурдагысындай кызматкерлерин үстүнө киргизбей, өзүн жогору ала чаап, көрүнгөндөн «өлтүрүп коёт» деп шек алып, кыскасы дени соо адамдай иш кылбастыр. А эгерде бүгүн оңолуп, Лама Дондуп өзүнүн баягы тубаса кулк-мүнөзүнө келе баштаса анда кара сыйкырдын ага таасир эткени да, анан андан кутула баштаганы да айгине.

Мани Ясо саатын караса – жети. Далай-ламанын иши башталып калган эле. Тез барып ага көрүнүш керек. Ошондо ал айтат Мани Ясонун эмне кылаарын. Кээде аны көшөгөнүн артына отургузат, а кээде түз эле жанына алып, келгендер менен сүйлөшө баштайт Далай-лама. Анткенинде да себеп бар – жигиттин гримделген үчүнчү көзү абдан эле дааналап карабаган кишиге азыр көп байкалбайт.

Бирок бүгүн Мани Ясонун өкүмдарга карата ичтеги мамилеси эмнегедир



өзүнө да түшүнүксүз болуп өзгөрүп, ага баргысы келбей турду. Буга дейре ал үчүн эч кынтыксыз аброй болуп келген Тибеттин эң башкы ламасы, мамлекеттин да, элдин да башчысы эмнегедир жигиттин көңүлүн тартпай калды.

Ошон үчүн ал тез кийинип чыкты да жогору эмес, төмөнкү кабаттагы Иш башкаруучунун бөлмөсүн көздөй жөнөдү. Лама Дондуп ишине келе элек экен. Ал түгүл кире беришиндеги полицай да жок. Мани Ясо бираз айланчыктап турду да бурчтагы орунга отура кетти. Далай-ламага кечигип атса да болбой Лама Дондупту күткүсү келди.

Ошол, Иш башкаруучунун кире бериш бөлмөсүндөгү жалгыз отурган дымыраган тынчтыкта ал өзүн биринчи жолу кандайдыр бир кылмыш кылган адам катары сезип кетти. Кудум азыр полицайлар кире калып, колуна кишен сала калчудай. Мани Ясо шекшинип эки жагын каранып койду, сырттагы, коридордогу дабыштарга катуу кулак түрө баштады. Мынакей биринчи дабыш угулду. Баскан кадам дал өзүн көздөй жакындап келатат.

– Ом, мани падме хум! – деди шарт кирип келген полицай Мани Ясону көрө коюп шашып. Ордунан тура калган Мани Ясо да ага шашыла салам берди да кызарып кетти.

– Мага мырза Дондуп керек эле.

– Мырза Дондуп ооруп калды, үйүндө.

– Мен анын ден соолугун көрүшүм керек. Үйүнө алпарыңыз!

Полицай эч сөз айтпастан алдыга түшүп жөнөдү.

* * *

Лама Дондуп бийик салынган төшөгүндө жаткан экен. Мани Ясону көрөөр менен ал өйдө турмакчы болуп обдулду эле жигит ийнинен басып токтотуп калды:

– Ден соолугуңуз кандай, Дондуп ата?

– Мен ооруп калдым. Бирок мени баары бир өлтүрө албайсыз, Мани Ясо! Ойлобоңуз мени бир алсыз байкуш экен деп. Андай эмес! Мен деген...

Мани Ясонун башы шылк дей түштү. Көкүрөгүндө бороон жүрүп кеткенсиди. Атаганат! Устатынын авалын оңдой алган эмес экен да! Эми эмне болот!? Эмне болот эми? Көрсө, өзүнүн кара сыйкырын өзү кайтара албайт турбайбы!

Мани Ясо эмне кылаарын билбей алдастап калды да Лама Дондупту тикемаңдай карап туруп үчүнчү көзүн жаба кийген топусун башынан сыйрып алды.

– Мен деген өлбөс Лама Цунун жанына барып отурам! Ал экөөбүз...

Мани Ясонун көздөрү алайып чыкты. Анткени сүйлөп аткан Лама Дондуптун мээр нуру кызыл кочкул болуп алпылдап, өтө катуу оорунун энергиясын чыгарып жатты. Денесине жакын жерлери кара киргил. Мындай мээр нур менен көпкө узашка мүмкүн эмес эле. Ошон үчүн Мани Ясо устатын кайра бир жолу гипноздоп, кайра бир жолу эгосун өзгөртүүгө далалат кылды эле андан эч нерсе чыкпады. Лама Дондуп гипнозго моюн сунбаган абалга жетип калган экен. Анын бардык болгон эсидарты эле Лама Цуга барып такалып атты: «Лама Цунун жанына барып мүрзөгө чогуу отурам... отурам... отурам...»

– Мен сизди Цу атамдан кем көрбөйм, Дондуп ата! Бирок ал сүкүттө жалгыз отурат да! Ага жолтоо болбош керек!, – деп Мани Ясо Лама Дондуптун ойлорун окуп жатып аны менен сүйлөшүүгө аракет кылды эле, устаты тескери карап жатып алды.

– Сиз анын каттарын окуган эмессиз, – деди Дондуп ошол тетири караган тейде күңкүлдөп.

– Кимдин каттарын?

– Мен гана билем ал каттар жөнүндө! Мен!

– Айтып берсеңиз Дондуп ата?

Мани Ясо Дондуптун жанына тизелеп отура калды эле нарыда турган полицай «жакындаба» дегенсип күрсүнүп койду.

– Айтып берсеңиз Дондуп ата. Ал эмне деген каттар?

– Айтпайм! Ректор Дели экөөбүз гана билебиз! Бирок ал качып жүрөт. Коркот себеби. А мен коркпойм! Ушу мени Далай-Ламадан коркот деп турасызбы?!

Лама Дондуп мойнун кескин буруп Мани Ясону кекээр карады.

– Жок, антип ойлобойм, ата.

– Мен сизден да коркпойм Мани Ясо! Мейли кара сыйкырчы Додайдын түгөйү боло бериңиз! Миларепа эмессиз! Бирок мен сизден кенедей да коркпойм!

– Коркпоңуз, ата. Мен сизди куткарышым керек. Сиздей болгон дагы үч адамды куткарышым керек! Мага жардам бериңиз, ата!

– Эч кандай жардам күтпө менден! Мен деген!..

Дал ошол ирмемде Мани Ясо устатын гипноз менен кармаганга үлгүрүп калды. Бир нече секунддан кийин Лама Дондуп тынчыды, көшүлүп уктап да кетти.

* * *

Мани Ясо тизелеп отурган тейде ордунан козголбоду. Лама Дондуп дени соо эмес авалда болсо да жигитти чоочута турган сөздөрдү айтканы ага катуу тийди көрүнөт. Айтпадыбы! «Сиз Миларепа эмессиз, сиз кара сыйкырчы Додайдын түгөйүсүз!» деп айтпадыбы. Бул эмне деген сөздөр?! Лама Цу ушундай болсун деп бүт өмүрүн бейпайга салды беле? Анын өмүрүнүн максаты, тилеген тилеги, күйгүлтүгү ушул беле? Ыйык Миларепа кайрадан жаралып адилеттик үчүн күрөшөт деп Лама Цу кирпик көзүн какпай, түнү уйкудан калып жүргөндөгү көйгөйү ушул беле? Дегеле кедериң кеткен бул кара дүйнөдө кимге ким ишенет? Айткылачы, о адамдар! Кимге ким ишенент?! Же көр дүйнө ушуну менен оңолбос, түзөлбөс, агарбас болуп бүткөнбү?! Жарык барбы алдыда? Эгерде Мани Ясо эрезе жетип алып жараткандан алган өз ак шыбагасын минтип кара көө менен өзү боёп отурса, минтип бийлик өкүмдарынын камчысын чаап, акты ак дебей отурса, анда ким аргасыз чылага чөгөлөгөн кембагалды колтугунан өйдө жөлөйт? Ким?

Жакындан бери ичтейиндеги, айталаада жалгыз калган жолбун итче улуй баштаган ушул кунарсыз ойлорун Мани Ясо башынан чууртуп отуруп алды эле, Лама Дондуптун, жанатан бери анын бетин тытам деп жулунуп аткан кызы артынан айкырып ийди:

– Жоготуш керек бул кара сыйкырды! Эгер атам айыкпаса мен муну үйдөн чыгарбайм! Дакини кылам! Денесин иттерге салып берем!!!

Үңкүйүп, тизелеп отурган Мани Ясо арка жагындагы угулган уудай ачуу сөздөр өзүнө карата айтылып атканына адегенде ишенген жок. Ошентсе да моюн буруп аркасын карады. Бойго жеткен бир, жаш чырпыктай солкулдак кыз эки бети жошолонуп ыйлап турат. Эгер аны полицай эки колдоп тосуп турбаганда түз эле келип Мани Ясонун бетине асылчудай.



– Кайра алгын кара сыйкырыңды! – деди кыз Мани Ясого жулунуп.

Мани Ясо өңалаттан кетип, бопбоз болуп ордунан араң турду. Колго түшкөн кылмышкер катары айтаарга эч сөз таппайт. Мына дал ушул жерде ал өзүнүн чын эле кылмышкер экенин өзү даана сезген болчу. Адамжанды ушунчалык мазес кылып ким жараткан? Акыл-эсиң толуп ташып турган кезде, өткөндөгү улуу йогдун кайра жаралган түгөйү болуп турган кезде, ак-каранын баардыгын түшүнүп турган кезде бирөө сазга жетелесе сазга барып тыгылганың кандай эй, Мани Ясо! Миларепа эмес эле, жөнөкөй адам атын актай албаган кеңкелес Мани Ясо!

Жигит башын жерге салып, атасы үчүн чыркырап күйүп аткан, отко түшкөн кыздын астында толук бойдон чөгүп турду...

Эгер бул үйдөгү капилет трагедия андан ары, дал Мани Ясонун өзүнүн көзүнчө уланбаган болсо, балким жигиттин сезимине мүмкүн дагы да жетпес беле? Ким билет! Адам деген, айтпадыкпы, ушунчалык мазес жаралган пенде! Кыздын ачуу чаңырыгынан кийин Мани Ясо эмне кыларын таптакыр билбей калган кезде Лама Дондуп өзү уйкудан ойгоно кетти:

– Мен... мен..., – деди ал тили булдурактап, күрмөөгө келбей жатып, – Мен Лама Цуга кетем.

– Цу деген өлгөн адам, ата! Эки жыл болду!, – деди кызы атасына кыйкырып.

– Өлгөн эмес дейм! Барам!

– Тантыраба, ата! Ал деген өлгөн!

– Анда мен дагы өлөм! Анан барам!

– Ата дейм!

Кызы жанына келгиче болбой Лама Дондуп кандайдыр бир күч менен ордунан серпилип тура калды:

– Чыккыла үйдөн! Баарыңар кеткиле!

Лама Дондуп кызын да, Мани Ясону да төштөн ары түртүп-түртүп жиберди. Ал үчүн өзүнүн жандай көргөн кызы менен жек көрүмчү Мани Ясо экөөнүн айырмасы жок болуп калган экен. Демек, оорунун ахвалы татаалдашып баратат. Кантип куткарууга болот?

Ошол тушта көз алдында болуп аткан окуялардын жөн-жайын такыр түшүнбөй босогодо нес болуп турган полицай келип Мани Ясонун кулагына шыбырады:

– Далай-лама сизди издеп, бардык полицайларга, посторго «тапкыла» деп буйрук бердирип атат.

– Түшүндүм, – деди Мани Ясо, полицайдын чыканагын кармап. – Лама Дондупту айыктырмайын мен жөнүндө эч кабар бербегин!

Ошол замат Мани Ясо Лхасадан жүз чакырымча алыс турган Галден монастырын эстеди. Ал жерде ак сыйкырдын Бакшысы, атактуу йог жашачу. Лама Цу шакиртин бир сапар ал Бакшыга алпарып тааныштырган болчу. Ошондо эле Бакшы карылыкка моюн сунуп калган эле. Эми азыр ал кандай ахвалда болду экен?

Мани Ясо аз убактан кийин Бакшынын алдында отурду. Картаң Бакшы куу сакал, куу чач болуп төшөгүндө жаткан экен. Көздөрү чылпактап, көкүрөгү кышылдаса да бакшы Мани Ясону айныбай таанып:

– Сени кантип унутайын, балам. Бүткүл Тибет эли сенден үмүт кылып, карап турбайбызбы. Менин баамда ыйык Миларепанын жолун жолдой турган мезгилиң келди, – деди киркиреген доошу менен.

– Айтканыңызга рахмат, ата. Бирок мен сизге бир өтө кысталыш иш менен келдим. Өмүрүмдө чоң жаңылдым ата.
– Сен жаңылбайсың, уулум. Жаңылтышты го.
– Кара сыйкырга чалындым. Жети адамды дубаладым. Экөө көрдө, бешөөнү куткарып бериңиз, ата. Антпесеңиз мен өзүм да жашабайм.
Бакшы ошондо акырын мойнун буруп, Мани Ясону кычыктарына жаш толгон көздөрү менен ишенбегендей көпкө карап турду да эчкирип ыйлап жиберди:
– Кандайча ошондой болду балам?! Менин алым жок да! Көрүп турбайсыңбы!
Кары Бакшынын ыйын көргөндө Мани Ясо да өзүнүн көз жашын жашыра албай эңкейип, жер сүзүп калды.
– Эмне дубага отургуздуң эле ал шордууларды?, – деди оо көптөн кийин Бакшы унчугуп.
– «Эго»сун көбөйткөм.
– Эмне, эмне?
– «Эго»сун. «Мен»ин...
Мани Ясо сөзүн бүтпөй муунуп калды.
– Каргыш тийген Додайдыкы турбайбы!, – деди Бакшы жашы сооло түшкөн көздөрүн чакырайтып. – Ким сени ага туш кылган?! Ошону көмүш керек! Ким ал?!
Мани Ясо үнсүз. Далай-ламанын атын атай албады.
– Додайдын адамга кылган залалын жер көтөрбөйт ко дегем. Көрсө көтөрө берет турбайбы! Жер анык албан экен. Жер деген жер экен. Мен өмүр бою Додайдын кара сыйкырын жандырам деп жүрүп карып-арыдым. Акыры ал жеңди. Мен жеңилдим. Ошон үчүн моминтип төшөктө жатам. Тура албайм.
– Додай жеңилди, ата. Ал акыркы үңкүрүндө жалгыз отурат, – деди жанатан бери унчукпаган Мани Ясо үнүн чыгарып.
– Кайдан ал жеңилет?! Ал кара сыйкырын элге тумоо тараткандай таратып ийген. Мен аны менен күрөшүп жүрүп чактым келбеди. Анан эми мына, сен келип отурасың...
– Эгер ооруну бул жерге, сизге апкелсем болобу, ата?
Картаң Бакшы жооп бербестен көпкө дейре ойлонуп жатты:
– Адамдарга ажал апкелген зулум Додайга акыркы күчүмдү салып көрөйүмбү? – деди Бакшы Мани Ясого кеңеш салгансып кыңайып.
– Салып көрүңүз, ата!
– Эгер ушу сапар мен жеңсем, анда жеңиш меники! Эгер ал жеңсе, анда түбөлүк аныкы. Бирок менде күч аз, Мани Ясо. Анткени сен дагы азыр зулум тарабында туруп атасың.
– Мен сиз тараптамын, ата!
– Оо, макулук! Сен эми мен тарапка өткүчө көп заман бар. Өтө көп заман бар. Андан көрө апкелип көрчү, Додайдын каргышына калгандардын бирөөнү. Көрөйүн...

* * *

Лама Дондупту Лхасадан Галден монастырына жеткириш анчалык азап болгон жок, анткени Мани Ясо аны гипноздоп алган. Азапты Дондуптун кызы көрсөттү. Өзү эле табиятында оройураак кыз экен, а бу сапар тимеле ээ-жаа бербей, атасын Мани Ясодон талашып, кези келгенде жигитти сөгүп, ашатып, акыр аягында полицайлардын күчү менен араң дегенде короосунда калды.



Акыры мен сени дакини кылам! – деди кыз эң акырында короосунан сыртты көздөй Мани Ясого айкырып.
Мани Ясо үндей алган жок. Бирок, кыздын атасын эптеп алып кетти.

* * *

Токсондон ашкан карт Бакшы күн эмес, саат сайын «ылдыйлап» бараткан болчу. Анын бул «шыдыр жолун» саал жайлаткан эле күндүн чыгышы болчу. «Күндүн чыгышын күтүп жаткан үчүн мен бу түндөн аман калдым» деп ал эртең менен дайыма балдарына айта турган.
– Сиз адамдарга өмүр бою жакшылык кылдыңыз! Нирванага[1] барууга акыңыз бар. Барбайсызбы!, – деди бир күнү улуу баласы анын кулагына катуу унчугуп.
– Нирванагабы? Менде андай кудурет жок да, балам. Мен бир гана жаралган жөнөкөй адаммын. Бу дүйнөгө кайра кайтып келээрим да белгисиз. Анан кантип мен Нирванага барам? Сен ушуну ойлонсоң болбойбу, уулум!
– Бу дүйнөнүн азабын тартып бүтсөң, акыры бу азаптарга кайра келгис болсоң, ошондо анан Нирванага барасың го, ата?! Ошондо түбөлүк «Ээндикке» жетесиң го?
– Мен сенин бул сөздөрүңөн кайрат алам, уулум! Бирок нирванага барышка мага жол жок.

* * *

Жолду ката машинада момурап тынч отурган Лама Дондуп Бакшыны көргөндө бир башкача толкунданып, сүрдөп кетти. Ал түгүл артка кача тургандай обдулду эле кармап калышты.
– Мынакей, ата! Алдыңызда Лама Дондуп отурат, – деди Мани Ясо көзүн ачпай жатып алып кандайдыр бир мантрасын[1] окуп күбүрөгөн Бакшыга.
– Аа, үйүң өрттөнүп, тукумкурут болгон зулум Додайдын кара жини келдиңби?! Мен азыр көрсөтөм сага!
Көп айлар төшөктө жаткан чал жаш жигиттей жепжеңил серпилип турду да, арка жагындагы ээн бөлмөгө кирип кетти. Кыйладан кийин ал жака Лама Дондупту чакырды, эшигин бекем жаап алды.
Бериде калган Мани Ясонун корккону эле Дондуптун гипнозу тарап кетпесе деген ой. Эгер андай болсо чатак болоору бышык. Лама Дондуп Бакшыга моюн бербей айгайды салышы мүмкүн. Андайды карт Бакшы көтөрө алабы же жокпу?
Жабык бөлмөдөн чыгып аткан добуштарга караганда азырынча Лама Дондуп тынч, а Бакшы болсо адегенде жайыраак, анан улам күчөп санскритте кандайдыр бир, Мани Ясого тааныш эмес мантраларын ыргак менен айтып жатты. «Мунун ыкмасы таптакыр башкача турбайбы» деп ойлоп отурду Мани Ясо. «Канчалык көп күч керек экен Бакшыга. Жараткан ага ошончо күчтү бере көр. Бере көр».
Ошенткен сайын Бакшынын үнү бирде чайылдап, бирде киркиреп, сөздөрү булдуруктап кайра оңолуп, онтолоп, кыйкырып жаналакетке түшүп атты.
Күн бешимге барган кезде Мани Ясо отурган бөлмөгө кирип чыгып жүргөн Бакшынын уулу наразы боло баштады:
– Карыган кишини эмне мынча кыйнайсыңар? – деди ал Мани Ясону жак-

[1] Нирвана – бул жерде «будда жолуна» деген варианты.
[2] Мантра – «келме» деген мааниде.

тырбай. – Атамда кашыкты оозуна алпара турган алы жок эле. А силер жарым күн бою зордоп атасыңар!

– Биз урматтуу Бакшыга Жараткандан ал-күч тилеп атабыз, – деди Мани Ясо башка эч нерсе айталбай. Улам убакыт өткөн сайын Бакшынын уулунун кирип-чыкканы көбөйүп, кагынып-силкине баштады. Көрсө анын бир шойкомду сезгени бекеринен эмес экен. Күн кеч бешим болгон кезде Лама Дондуп өзү жабык бөлмөдөн өтө кабатыр болуп чыга келди.

– Суу! Суу! – деди ал шашкалактап.

Мани Ясо жалгыз эле, суу издеп сыртты көздөй жүгүрдү. Кайра келишсе Бакшынын эки ууртунан көбүк буртуйуп, чалкасынан түшүп калган экен. Башын көтөрө салышып оозуна суу тамызышса эсине келгенсип, атүгүл Мани Ясону бир карап алып жылмайып койду.

– Ата!, – деди Бакшынын уулу катуу ачууланып, – Ач көзүңдү, ата!

Жигит Мани Ясого эле эмес, атасына да «эмнеге ушулар үчүн жаныңды кыйнадың!» деп ачуулангандай.

Ошентсе карт Бакшы илмийген, кан-сөлү жок колун уулунун ийнине коюп туруп эриндерин билинер-билинбес кыбыратты: «...зулумду акыры жеңдим...».

* * *

Үйүндө шалдырап жаткан Лама Дондуп туура үч күндөн кийин өзүнө келди. Баш жагында жылбай карап отурган Мани Ясону адегенде байкабай калып кызын чакырды эле, жигит ордунан тура калып Лама Дондуптун колун кармады:

– Бирдеме керекпи, ата?

– О, сиз бул жерде белеңиз? – деди Лама Дондуп таңыркап.

Анан акырындап ордунан тура баштады.

– Өх, канча күн жатканымды билбейм, ооруп калыптырмын. А сиз кандайча биердесиз, урматтуу Миларепа?

– Эсиңизде жокпу, менин кандайча быякка келгеним?

– Эч кандай эсимде жок.

– Анда түшүнүктүү. Сизди адегенде ашка киргизишибиз керек, ата. Үч күндөн бери наар ала элексиз.

Лама Дондуп баягы соо кездеги адатынча жумшак жылмайып күлүп койду:

– Курсагым деле ачканы билинбейт. Хи-хи.

– Кайнаткан күрүчтүн суусунан баштаңыз. Калганын бүтүндөй эртең сүйлөшөбүз, ата. А бүгүн мен сизди айыктырган Бакшынын жанында болуп келейин...

* * *

Канчалык шашып келсе да Мани Ясо Бакшыны тирүү кезинде көрө албай кечигип калды. Кыязы, үч күндөн бери шал болуп жаткан Лама Дондуп көзүн ачаар менен, Бакшы үзүлгөн.

Мына ушундай азага туш болгон Мани Ясо Бакшыны бу дүйнөдөн узатуу расмысына гана катышып калды. Башка айласы жок эле.

Галден монастыры ак сыйкырчы Бакшыны чоң урмат менен узатууну чечишкен экен. Таң эртеңден монастырдын эли имараттын алдындагы аянтка жыйылып турду. Лама салты боюнча тийиштүү Бардо Тёдол окулуп бүткөндөн кийин Бакшынын башына кызыл топу кийгизишип, үстүнө кызыл намжар[1] жабышып, шатыга салып көтөргөн бойдон шаарчанын четиндеги жаңы эле салынып бүтүп, ишке кирген Крематорийди көздөй алып жөнөштү. Чубаган элдин ичинде чет элдик туристтер, прессанын кызматкерлери жүрөт. Ошолордун адегенде бирөө Мани Ясого жүгүрүп келип микрофон сунуп калды:

– Москванын «Аргументы и факты» газетасына өлгөн адам тууралуу бирнече сөз айта аласызбы? Адегенде өзүңүздү тааныштыра кетсеңиз.

Өмүрүндө биринчи жолу мындай капилетке туш болгон Мани Ясо сүрдөй түшүп токтоп калды.

– Өлгөн адамды мен анча жакшы билбейт экем, – деди ал эптеп кутулуунун айласын издеп. Аңгыча дагы эки кабарчы жетип келип, Мани Ясо микрофондордун курчоосунда калды. Журналисттер сыягы жигиттин сырт келбетине кызыгышты көрүнөт. Өзү жапжаш туруп өтө кымбат лама намжар, андан да мурун кечилдиктин сары топусун кийгендиги «мурду жытчыл» гезитчилерге шек бербей коёбу!

– Өзүңүздү тааныштыра кетсеңиз, – деп үчөө тең эми жигитти бура бастырбай камашты. Булардын мынчалык өжөр болоорун Мани Ясо албетте билген эмес, ошон үчүн чындап эле кыйын кыстоодо калды.

– Эгер мүмкүн болсо сиздин жашыңызды билсек болобу? – деди микрофон сунгандардын бирөө жигиттин авалын жеңилдетмекчи болуп.

– Он сегизде, – деди Мани Ясо англисче.

– Анан ушул курагыңызда Лама даражасына жеттиңизби?

Мани Ясо күлдү да эки алаканын жайып койду.

– Кечиресиз, урматтуу Лама. Биздин түшүнүк боюнча башыңыздагы сары топу кечилдикти билгизет го?

– Ооба.

– Сиз бул монастырда окуйсузбу же иштейсизби?

– Окуйм. Бирок мында эмес, башка храмда.

– Өлгөн адам тууганыңызбы, же устатыңызбы?

– Тууганым да эмес, устатым да эмес.

Гезитчилердин ооздору саамга жап боло түштү. Эмне дээрин билбей калышты окшойт. Ошондон пайдаланган Мани Ясо курчоодон чыкты да алдыга басып жөнөдү.

– Аты-жөнүңүздү айтып койсоңуз?

– Сиз менен башка убакта кеңирирээк аңгеме курсак болобу?

Гезитчилер элди аралап бараткан жигиттин алдына бир чыгып, артына бир чыгып, бирок жооп ала албай атышты. Мани Ясо болсо жүздөгөн көздөрдүн караганынан, ага болбой гезитчилердин уйгактай жабышканынан жүдөп, эмне кылаарын, кайда качаарын билбей, эл арасынан улам четке чыгып, атүгүл артты көздөй бурулуп кеткиси келди. Ошентейин деп ал чынында эле кылчактай баштады эле аңгычакты артында да, каптал жактарында да полицайлар өзүн акмалап келатканын байкады. Ушундай болмок! Анткени ал Далай-ламанын издөө салганына карабай бир аптадан бери Поталага бара элек. Баргысы да жок!

Аза күтүү расмысы аяктап, элдер туш-тушка тарай баштаган кезде Мани Ясо

[1] Намжар – монахтын кийген кымбат чапаны.

чындап эле полицайлардын курчоосунда калганын көрдү. Калай кокардалуу, күрөң беретчен полицайлар азырынча Мани Ясону алыстан акмалап, бирок жанына жакын келбей атышат. Алардын баардыгы бири-биринен небак уккан – Мани Ясо кара сыйкырчы Додайдын бардык коркунучтуу дубаларын үйрөнүп келген деп. Ошон үчүн жигиттин каарына калгылары келишпейт, бирок кызмат милдети боюнча аны кармап, Ордосарайга алпаруулары керек.

Мани Ясо кайра артка чубагандарды ээрчип Галден монастырын көздөй эрксизден жүрүп отурду. Бирок улам барган сайын көчө ээндеп, акыры ал жалгыз эле өзү калып баратат. Ошол мүнөттө жигит Поталага кайра барууга чечкиндүү бел байлады:

– Машинаңар барбы?! – деди ал артына шарт бурулуп полицайларга. Күрөң беретчендер таптакыр андайды күтүшкөн эмес экен, катуу чочуп кетишти.

– Бар, – дегенге бирөө араң жарады.

– Айдагыла бери!

* * *

Далай-лама иш бөлмөсүндө кагаздарын карап отурган экен. Эшиктен кандайдыр тартынбай, шыдыр кирген Мани Ясону көзүнүн төбөсү менен бир атып алды да кайрадан кагаздарына үңүлдү. Мани Ясонун ереже боюнча тизе бүгүп кол куушурганын караган да жок. Ошондой болгон соң Мани Ясо кошумча: «Ом мани падме хумду» айтууга мажбур болду.

– Отуруңуз, – деди ошондо араң Далай-лама эриндерин кыбыратып.

Ал дагы бирпаска баш көтөрбөй отуруп акырында мындай деди:

– Мен сизди полиция аркалуу расмий издетүүгө мажбур болдум. Сиз ошону каалададыңызбы? Менимче каалададыңыз окшойт?

– Бул күндөрү өтө оор кайгыда болдум, урматтуу өкүмдар. Эгерде мен кара сыйкыр Додайдын жолун жолдоп кала бере турган болсом анда жашабайм деп чечтим.

– Ой, бу кандай? Бу кандай!? Мен сизге канча жолу айтам! Ак ишке, эл үчүн, жер үчүн иштелген кара сыйкыр эч убакта кара болбойт, ак болот!

– Мен түшүнгөн жокмун, урматтуу таксыр. Түшүнбөстөн жети адамдын убалына калыпмын.

– Бу кандай дейм! Мен айтпадымбы сизге, аларга эч кандай тиешеңиз жок деп. Унутуңуз аларды дебедим беле!

– Бирөөнү араң кайра куткардым. Ошондо да мен эмес, ак сыйкырчы араңдан зорго, өз жанын берип атып куткарды. Калган үчөө эмне болот, таксыр? Мен болсо жакшылык ишке жараксыз экемин.

– Кимди куткардыңар?

Далай-лама үтүрөйө түштү.

– Лама Дондупту кызматынан бошотупсуз. Кайра ордуна коюуңузду өтүнөм. Ал эч кандай Тибеттин душманы эмес.

– Сиз өзүңүздү Далай-лама сезип калгансызбы дейм, урматтуу Мани Ясо?

– Жок. Мен өзүмдү кара ниет Додаймын деп сезип турам. Зулумдуктан башка эч нерсе колумдан келбейт!

Далай-лама колунун манжалары титирей баштаганын жашырып ордунан туруп кетти.



– Сүйлөй бериңиз. Кулак сизде, – деди өкүмдар адатынча жигитке далысын салып, желкесин дүгдүйтүп.

– Сөзүм көп, таксыр. Болгон менен аларды айтуудан эч натижа көрбөй турам.

– Бир жумада эле ушунча кескин өзгөрүлүп кеттиңизби? Кимдер менен кеңештеш болдуңуз? Ошону айтыңызчы?!

Далай-лама күлүмүш болуп бери бурулду эле, Мани Ясо баш кийимин алып, атайылап үчүнчү көзүн ачканын көрө койду да дароо кайра бурулуп кетти.

– Сиз менен бетме-бет отуруп сүйлөшүүгө мен даярмын, улуу урматтуу өкүмдар.

– Көрүп турам Мани Ясо, сизди мага каршы аябай үгүттөшкөн экен. Ошон үчүн барып эс алыңыз. Ойлонуңуз. Мен сизге эч убакта жамандык каалабайм. Өз баламдан артык көрөм. Кем көрбөйм. Менин эки кызым бар. Керек болсо алардан сизди артык көрөм. Эми, баш кийимиңизди кийиңиз да барып бөлмөңүзгө эс алыңыз. Арыктап да кетипсиз. Калган сөздү эртең иш убагында сүйлөшөлү. Кечикпей келиңиз. Сиз бул Ордосарайда жооптуу кызматтасыз. Ошону унутпаңыз.

Мани Ясо көпкө дейре башын шылкыйтып отурду да, акырында туруп, үндебестен кетип калды.

Ал кетээр менен Далай-лама рациясы менен бүткүл Потала ордосарайына шашылыш буйрук берди:

– Бардык дарбазалар, сырткы эшиктер жабылсын! Менден улуксаатсыз бир дагы адам Ордосарайдан чыкпасын!

* * *

Эртеси таңэртеңде Мани Ясо Лама Дондуптун жанында отурду. Экөө цампадан жеп, топоздун коюу сүтү куйулган чайдан ууртап, азырынча орчундуу сөздөрдөн качып, экөө тең жеңил-желпи ар нерсени сүйлөшүүдө. Мани Ясо бу сапар Дондуптан Лама Цу жөнүндө, андан соң анын ректор Дели алып качып кеткен кандайдыр бир каттары жөнүндө сурамак. Аларды дал ушул Лама Дондуп өзү биринчи жолу жигиттин кулагына угузган. Рас, анда анын «мен» оорусу күчөп аткан кез эле. Оору болсо да Лама Дондуп жадымында бар нерсени айтты да. Жадымында жок нерсени кайдан айтмак эле? Андан соң Мани Ясо эгосу күчөтүлгөн дагы үч адамды эмне кылыш туурасында Лама Дондуп менен кеңешмек. Ал үчөөнү куткарууга кандай айла бар?

– Устатым Лама Дондуп, – деди Мани Ясо мугалими биротоло тамактанып бүткөндөн кийин. – Ден соолугуңуздун оңолгонуна мен өтө кубанычтамын. Күнөөмдү мойнума алып, сизден кечирим сурайм. Экинчи мындай ишке барбаска ант берем.

– Коё турсаңыз, – деди Лама Дондуп кабатыр болуп, – эмнени айтып жатасыз? Мен тактайын дедим эле. Кандай болуп кеткенин тактайын дедим эле. Мен билем, сиз Лама-Тойбаны, ошол эле күнү Лхасанын мэрин, кийинки күнү Уй провинциясынын башчысын мен аркалуу чакыртып алып, бир сааттан ашык аңгеме курганыңыз эсимде. Андан кийин Тибетти коргоо комитетинен эки генералды, анан бир полковникти чакырдыңыз. А бирок мени качан чакырып сүйлөшкөнүңүз эсимде жок. Мени эмне кылдыңыз эле? Ошону билейин дедим. Ишенсеңиз, караманча эч нерсе эсимде жок. Бирок, Лама Тойба менен Лхасанын мэри өлгөндө

мага минтип айтышты: «Мунун баарын Далай-лама өзү колундагы кара сыйкырчы Мани Ясо аркалуу жасап атат» деп. Ошондо да мен түшүнбөдүм. Кандайча деп? Эмне үчүн деп? Биздин ошончолук чоң күнөөбүз бар беле деп, башым катты?

– Сиз айткандардын баардыгы туура Дондуп ата. Күнөө менде. Силердин эгоңорду күчөтүп койгом. Монах Додайдын мага үйрөткөнү ошол болчу. Бирок мен түшүнбөпмүн бул сыйкыр ушунчалык залалдуу экенин.

– Кара сыйкырдын эң мыкаачысы ушул да, уулум.

– Теңир урсун, билбепмин, ата.

– Эми түшүндүм, – деди Лама Дондуп колдорун сүлгүгө аарчып жатып күлүп, – Андай болсо уулум эми Далай-ламанын өзүнүн «менин» бираз күчөтүп койбойсузбу. Ага көптүн кереги жок. Кымындай эле күчөтүп койсоңуз жетишет.

– Эми жамандыкка бара албайм, ата. Мындан ары бара албайм. Кимге болсо да.

– А эгер ал адам чындап эле башкаларга зыян кылган зулум болсочу?

Мани Ясо жооп бере албай турду.

– Андай учурда мен Лама Цу атам менен, анан сиз менен кеңешем, – деди акыры.

– Мен сизге угузуп коёюн, Мани Ясо уулум. Акыры чындыкты угушуңуз керек. Лама Цу атаңыз сүкүттө эмес, ал демин токтотуп, жанын асманга учуруп жиберген. Денесин болсо, өзүнүн айтуусу менен арча табытка салып тузга көөмп койгонбуз. Ошондо ал сизге арнап үч кат жазып кеткен. Ал каттар мен билгенден Ректор Панчен Делинин колунда болуу керек. Кийин, Далай-лама: «Цунун сөөгүн табыттан чыгарып алып өрттөп жибергиле» деп Делиге тапшырма берет, мен аркалуу. Өкүмдар баардык кооптуу иштерин түз өзү бүтүрбөстөн, мен аркалуу жасатчу эмес беле, аны билесиз да.

Бирок ректор, азамат жигит экен, андай ишке барбай, кетип калды. Качаарда ал мага эки ооз жашырын кат берип ийиптир. Ошол катты Далай-лама кармап алып, ошондон кийин, көрсө мени да «Тибеттин душманы» кылган тура. Мен тибеттин душманы эмесмин уулум! Мен болгону Лама Цуну коргодум. Анткени Лама Цу Тибет үчүн бүткүл өмүрүн арнаган адам. Ал мына сизди, ыйык Миларепанын түгөйүн биринчи тапкан адам! Ошон үчүн баарыбыз аны колдодук. Бирок, Далай-Ламанын ойлогон оюу башка турбайбы. Ал сизди өз кызыкчылыгына пайдаланып кирбедиби. Өзүнө жакпагандардын баарын сиз аркалуу жоготмок болбодубу...

– Түшүндүм ата, түшүндүм!

Мани Ясо тыбырчылап ордунан тура калды:

– Дондуп ата! – деди ал Ламага тигилип, – менин устатым Лама Цуну өлдү дедиңизби? Ал тирүү экен, ата! Мага келгин деп белги берип атат. Шаардын кайсыл көрүстөнүндө дедиңиз?

– Күнбатыш.

– Азыр ошол жерде болом. Андан кайтып сизге келем. Генералдарды кантебиз, ошону кеңешели.

* * *

Бир адам өмүрүнүн максатын эрте аңдайт, эрте табат, бир адам кеч табат. А көпчүлүк аңдабайт да, таппайт да, а эң күйгүлтүгү – издебейт дагы.

Лама Цуга бу табылга өтө кеч келген. Сексенге таяганда келген. Бирок, турмуш деген кургуй качан эле ойдогудай боло койчу эле? Кеч болсо да бир келген



көөнө максат үчүн жашоону улантайын дегиче болбой быягынан такымдап, өлүү ырасмысы жетип келет. Өз убагында бул дүйнөдөн өтүп кетиши Тибет адамынын өмүрүнүн эң акыркы жана эң зор максаты. Муну аткарбаса таптакыр болбойт. Анда ал адамдын келечектеги бүткүл сансарасы[1] бузулат. А бирок ошол эле учурда Лама Цуга тарых, табигат өзү апкелип колуна салып берген Мани Ясону такыр эле жер үстүнө таштап салып жүрүп кетсе болот беле? Эч болбос эле. Кандай кылса дагы аны менен «кармикалык Бардо» байланышын үзбөй туруш керек болчу. Жигит торолсун, толук бойдон Агни-йогалык, левитациялык, оккульттук кудуретине өтсүн, эгосунан айрылсын, андан кийин кандай жол менен дүйнө кезип кетет – өз иши.

Мани Ясо улам мүрзөсүнө жакындаган сайын арча табыттагы Лама Цунун дээрлик токтоп турган жүрөгү жыбылжып үлөй баштады. Толук тирүүлүккө келе албайт, бирок керектүү биоэнергиялык толкунду канча мезгилден бери кашына биринчи жолу келип турган Мани Ясосуна аз да болсо жибере алчудай.

– Ата! – деди Мани Ясо. Мүрзөгө чөгөлөй калып жигиттин биринчи оозанган сөзү ушул болду. Андан кийин ал эч нерсе дей албай көпкө дейре туттугуп отурду. Көзүнүн жашы чууруп ээгинен тамчылады. Көпкө тамчылады.

– Ата! – деди Мани Ясо экинчи жолу мүрзөгө шыбырап, – мен кечирилгис күнөө кылдым. Кантем?

Кыйлага дейре жооп болгон жок. Мани Ясо көгөргөн бойдон отура берди. О, бир оокумда анан Мани Ясонун денебою жумшак сайгылашып, термелип чыкты. Кандайдыр бир энергетикалык толкун анын бүткүл денесин, өзгөчө жүзүн, бети-башын жылуу аймалап, бирок көпкө узаган жок. «Дей» деген гана жалгыз туюм арча табыттан чыгып, жаш жигиттин сезимине жеткенсиди. Аздан кийин ал сезим Мани Ясонун жүрөгүнө тыкыйып, кыттай орноп калды: «Дей».

Үч күн, үч түн Лама Цунун табытына баш уруп отурган соң Мани Ясо Лама Дондуптун үйүнө келсе, ал жок. Далай-лама аны кызматына кайра койгон экен, таңэртеде ишине чыгып кетиптир.

– Күтө турсам болобу? – деди Мани Ясо Лама Дондуптун кызына саал ийилип.

– Эркиңиз, – деди көп күндөн бери жигитти «дакини» кылып жиберем деп жулунуп аткан сулуу кыз бүгүн бир башкача назданып.

Мани Ясо ачык терезеден сыртты карап отурду. Тибеттин авасы деген ушул – күзгө тарта терезеден башыңа ысык аба урса, бутуңа – муздак. Анда-санда сербейген дарактардын желге учкан сары жалбырактарын бирден санаса болот.

Короолоп салынган үч кабаттуу үйлөрдүн астында балдар ойноп атат чурулдашып. Он сегизге чыкса да Мани Ясодон балалыктын ойноок сезимдери али кете элек эле. Ошондуктан ал балдардын ойнуна аябай берилди. Кыргыздын «качма тобу» сыяктуу оюн экен. Бул оюн чуркаганда кимдин эң күлүк экенин, андан да, качкан балдарды топ менен урганда кимдин колу түз экендигин даңазалайт.

Арыраакта дагы бир топ өспүрүм балдар башка оюн ойноп атышат. Алардыкы алыстан жарышып келип дөбөчөнүн төрүндөгү ташка ким биринчи отура калса мөрөй ошонуку окшойт. Бирок калгандары аны күч менен таштан сүйрөп түшүп, өзүлөрү отурууга аракет кылууда. Бул өзү «так талашмай» оюну сыяктанды.

---

[1] Сансара – өлүп, кайра жаралып жүрүп отурган узун өмүрдүн тизими, эрежеси, машакаты, азап-тозогу.

Мани Ясо жылмайып күлүп, эркисизден өзүнүн кыргыз мекени, бала чагын эстеп отурду. Ал өзү да мындай оюндардын нечениие катышып, ойногондордун ичинен эң биринчиси, «эң күчтүүсү», «эң шамдагайы», «эң амалдуусу», «эң күлүгү» болгусу келип жанын үрөбөдүбү. Көп убактарда ошол жетем деген максатына жетип, болом дегенине болуп, ошого аябай манчыркап, өз зоболосун өзү сезип, көкүрөгүндөгү «Мен»и кадимкидей козголуп, күчөп калганын эстеп отурду. «Көрсө баардыгы тең бала чактан башталат турбайбы», – деди жигит ичинен күлүп. Эстеп отурса ойногон оюндарынын баардыгы тең ошол «биринчилик» үчүн экен. А эгер чүкө ойносо чүкөнүн бардыгын мен утсам, баардыгы меники болсо деп тырмышып, кара күүгүм кирип, апасы чыбык менен үйгө айдап келгенче дейре атышчу эмес беле.

Мектепке баргандан кийин компьютерди үйрөндү. Ошондон баштап экрандагы оюндар көчөдөгү калган бардык оюндарды сүрүп чыгып, өзгөчө эркек балдарды жекеме-жеке мушташтын, тепкилештин, бычакташуунун, атышуунун, жылдыздарды аралап учуп, космикалык кораблдердин кандуу согуштарында эч жеңилбес, өлбөс, бардыгын тең талкалаган монстр болуунун кумарына саз соргондой соруп алды.

Мани Ясо баардыгын эстеп отурду. Экинчи класста экенинде чогуу окуган балдары менен сабакты таштай качышып, компьютер залында отурганда капыстан арүусу кармаганын да эстеди. Ошондон кийин ал оюн залдарынан качып калган болчу. Анткени балдар аны «падучка» деп ат коюп алып шылдыңдашчу. Кийин, Адилет көчөдөгү ит-күчүктөр менен достошуп кеткенде «собачник» деген атка конду. Кыскасы эстей берсе элес көп. Ошон үчүн тибет окуусундагыларды эң башынан баштап эле эстутумун башкарууга үйрөтөт. Керек болбогон учурда, мисалы, Мани Ясо азыр ушул эле балалык чагындагы окуяларды каалаган убака дейре эсинен өчүрүп коё алат.

Кишилердин бүткүл эле жашоосу, аракети жалаң «Мен»ди күчөтүш үчүн турбайбы. Каякты гана алба: бүткүл табигаттын өзүндө, мамлекеттерде, элдерде, стадиондордо, чөлдөрдө, саздарда, токойлордо, океандын, деңиздердин, суулардын түбүндө, жада калса абада учкан тирүү жандыктардын баарында биринчилик үчүн, үстөмдүк үчүн, башкалардан артыкчылык үчүн айыгышкан кармаш, тынымсыз күрөш. Муну тирүүлүктүн диалектикасы деп коёбуз. Бул процессти өзгөртө албайбыз, колубуздан келбейт деп ойлойбуз. Ошон үчүн адилеттик жок, – деди Мани Ясо дал ушул күндөрү өзүнүн башынан өтүп аткан окуяларга эс буруп. « Бирок «кишини» чыныгы «адам» кылып жаратууга кантип болбосун?»

Дал ушул тушта колуна кофе куюлган фарфор чөйчөк көтөрүп Лама Дондуптун кызы келип калды:

– Мен сизди кофе менен коноктосом болобу?

– Рахмат, – деди Мани Ясо ордунан илбериңки туруп келип кофе коюлган столго отуруп.

Экөө кофе ичип отурушту. Мани Ясого мындай, жаш кыз менен жалгыз үйдө маңдай-тескей отуруу көнүмүш эмес эле. Ошон үчүн кофеден мурда эле беттери алоолонуп чыкты. Ошону байкаган кыз кыткылыктап күлө кетти:

– Сүйүү жөнүндө китептерди окудуңуз беле?

– Азырынча жок. Кийин окуйм го.

– Качан? Карыгандабы?



Мани Ясо жылмайып, жооп бербей койду. Антсе кыз ого бетер шарактап күлүп:

– Сүйүү деген адамдагы эң ыйык, эң бийик сезим. Сүйүү деген жаркын дүйнө! Ансыз жашоого болбойт. Сүйүүсүз жашоо – өлүмгө барабар. Сүйбөгөн адам бу дүйнөдө жашабай эле койгону жакшы. Ушунун баарын сиз билбейсиз ээ? Алдагы сары топуну эмне кийип алдыңыз?

Мани Ясо башындагы топусуна колун тийгизип күлүп койду.

– Чыныңызды айтыңызчы, кыз сүйүп көрдүңүз беле?

– Храмда кыздар жок да.

– Азырчы? Азыр сиз деген Ордосарайда ээн-эркин жашайсыз. Ал жердегилер кудайдай көрүшөт ко, сизди!

– Ал жерде да кыздар жок.

– Бар. Издесеңиз кыздан көп неме жок. Ылдыйкы кабаттарга түшсөңүз боло.

– Түшүрбөйт Далай-лама.

– А сиз түшө бериңиз да. Же чындап эле кечил болуп калайын дедиңизби?

– Аны кийин көрөбүз.

– Сиздей сулуу жигит кечил болбош керек. Сиз деген кыздарды сүйүү үчүн жаралгансыз. Же болбосо, кыздар сизди сүйүш үчүн жаралгансыз. Мен ушундай деп ойлойм.

– Өткөн эле жумада мени жек көрчү элеңиз го. Ал түгүл дакини кылам дегенсиз.

Мани Ясо кызды сынай карап жылмайды.

– Албетте, эгер атамды айыктырбасаңыз сизди эки көзү жок сокур кылат болчумун. Хи-хи-хи.

– Мен айыктырган жокмун.

– Баары бир. Атам айыкты, жумушуна кетти. Сүйүү деген кандай болот айтайымбы? Сүйүү дегендин үч түрү болот. Мисалы сиз бир кыздын сырткы сулуулугун сүйүп каласыз. Башка бир учурда сиз, кыз сулуу болбосо деле анын кыялжоругун, ички дүйнөсүн сүйүп калдыңыз. Анан дагы бир кезде сиз үчүнчү кызды жалпы эле адам, инсан катары сүйүп калдыңыз. Мынакей көрдүңүзбү, сүйүүнүн үч башка түрүн. Бирок, айтып коёюн, сиз сүйүүнүн бул үч түрүн оңой менен ажырата албайсыз. Үчөөнүн айырмасы чоң болуп турса деле ажырата албайсыз. Мисалы биринчи учурда дейли. Кызды сиз сырткы сулуулугу үчүн сүйүп калдыңыз. Башкача айтканда фигурасын, денесин дейличи. Бул сүйүү – сексуалдык же болбосо дене кумарына негизделген сүйүү болуп эсептелет. О, бул аябай күчтүү, жаныңызга жай бербей турган жапайы сезим. Буга туш келгенде сиз өлөөрүңүздү да билбей каласыз. Себеби дене кумарын сиз акыл менен башкара албайсыз да. Ал акылдан алда-канча күчтүүлүк кылат. А бирок сиз аны кадимки эле чоң сүйүү экен деп ойлойсуз. Кыздын кыялын да, адамдык ички касиетин да сүйүп аткандай сезесиз. Ошентсе да сиз өзүңүздү андай кыздын алдында көбүнесе жасалма мүнөздө алып жүрөсүз. Анткени денеңиз зарураттан чыңалып, күйүп баратат. Шашып атасыз. Кызга кандай да болсо жагыш үчүн аябай короздонуп, койкоңдоп ар кандай жорукту көрсөтөсүз. «Мына, көрдүңбү, мен кандай укмуш жигитмин. Бол эми батыраак...» деген кыязда. Бирок минтип атканыңыздын баарысы жалган. Анын жалган экенин өзүңүз да иш бүткөндүн эртеси гана түшүнөсүз. Кыз да бардыгын эртеси түшүнөт.

Бул биринчи сүйүү. Экинчи болсо...

Кыз ушул жерге келгенде жанатан жылмайып отурган Мани Ясо катуу күлүп жиберди:
– Мен өзүм психологмун, – деп кыз оңтойсуздана.
– Аа, андай болсо түшүндүм. Сиз, мындайча айтканда, сүйүү боюнча адис турбайсызбы.
– Ошон үчүн мен сизди сүйүүгө чакырып атпайымбы. Эгер менин чакырыгымды кабыл алсаңыз анда сиз махабаттын падышасы болосуз. Өлүп кетейин, падышасы болосуз! Себеби сизде баардыгы бар. Өң десен – өң! Бой десең – бой. Акыл десең – акыл! А эң негизгиси сизде кара сыйкырдын күчү бар. Аны менен сиз сүйүүңүзгө жолтоо болгон бардык адамдарды жолуңуздан алып коё аласыз. Керек болсо опоңой гана жок кылып коёсуз!
– Опоңойбу?
– Сүйүү деген аёону билбейт да. Керек болсо ал сокур, дүлөй. Ал жапайы күч! Адам өз махабатына жетиш үчүн баардык тоскоолдорду кыйратып өтүп кете алат. Өзгөчө сиз!
– Кептин баары «сокур», «дүлөй», «жапайы» экенинде болуп атпайбы...
– Дал ошондой, «сокур!». Кыз шарактап күлүп сөзүн улады: – Мына, мисалы мен сизди сүйүп калсам эмне кылат элеңиз. Мени боздотуп, ыйлатып коюп кылчайбай кете берет белеңиз?
– О, бул сурооңузга жооп бериш кыйын. Анткени...
Мани Ясонун сөзү ушул жерден үзүлүп калды. Бөлмөгө Лама Дондуп кирип келген болчу, өтө камыгып алган экен:
– Урматтуу Миларепа, Ордосарайдан качып кетти деп сизди расмий камоого буйрук берилди!
– Билем, – деди Мани Ясо ордунан туруп.
– Сиз дубалаган эки генерал да түндө камака алынды.
– Эмне күнөөсү үчүн?!
– Бийлике каршы кутум уюштуруп атышкан имиш.
Мани Ясо кайрадан орундукка отуруп калды.
– Бир айла кылыш керек го, – деди Лама Дондуп.
– Мен Дейди издеп табайынчы, Лама Цу атам белги берди. Каттары балким Дейде болуп жүрбөсүн?
– Каттары ректордо.
– Баары бир адегенде Дейди табайынчы. Дондуп ата үйүңүздө жөнөкөй монахтын эски-уску кийми жокпу? Мынабул намжар менен көчөгө чыгыш мүмкүн эмес экен.
– Эски кийим деген толо. Батса эле болду сизге. Бирок полицайлар баары бир таанып коёт ко.
– Тааныса камап коюшар. Андан аларга пайда жок.
– Сизди да генералдарга кошуп күнөөлөйбү деп корком.
– Баса, алардын азырынча камакта жата турганы жакшы. Антпесе бир кырсыкка учрашат.
– Ыйык Миларепаны камакка алдырууга кантип батынды билбейм?
– Ыйык эчким калбаса керек, ата. Өзүңүздүн иштериңиз жайындабы?
– Мени жумушуна кайра кой деп сиз айткан турбайсызбы Далай-ламага.
– Мен айтпасам деле коюш керек да, ата. Сиз эч кандай күнөө кылган жоксуз, туурабы?



– Күнөө деген ошол, уулум – мен Лама Цуну сатпай койдум.
– Биздин өкүмдөр ушундай киши экен ээ?! Муну тез арада токтотпосо болбойт ко.
– Ал иш сиздин кана колдон келет, Мани Ясо
– Кантип? «Эго»сун күчөтүппү?
– Сиздин колдо баардыгы бар, ыйык Миларепа.
– Мен сөзсүз Далай-ламага барып жолугам.
– Каматып салбаса экен.
– Чочубаңыз.

* * *

Билектери уркуйуп жеңинен чыккан, кыска багалегинен шыйрагы көрүнгөн, эски жаман чапанчан жигит Жохан храмынын коридорлорун аралап баратканда аркы-терки агылган элдин бир тобу эле көңүл буруп атты, бирок бири да атйын көз токтотуп карап, Мани Ясону тааныган жок. Ага көбүнесе жигиттин самсаалап көзүнө түшкөн айрык баш кийими себеп болду окшойт.
Ошентип ал түз эле Дей жаткан караңы бурчтагы бөлмөгө барды. Барса чоочун бир монах ачат эшикти.
– Ом мани! Сизге дейре мында бир монах жигит жатты эле? – деди Мани Ясо колун бооруна көтөрүп.
– Мен жаңымын. Кошуналардан сураңыз.
Кошуналары ырас эле болжолдоп айтып беришти Дейдин дайнын. Бирок даана эмес. «Шаардын борбор базарынын күн батыш дарбазасында кайыр сурап отурчу, бирок көптөн бери көрүнбөй калды» дешти. Болгон бүткөн кабары ушул.

* * *

Мани Ясо базарды бир күн кечке акмалады. Кайырчылар менен сүйлөшүп, Дейдин дайынын чегип көрсө оңой менен алардан сыр чыга койчудай эмес. Ынтымактуу журт болот окшоду. Анын үстүнө Мани Ясонун кебетеси аларды шекитти. Билектери менен шыйрактары акшыйып али чаң көргөн түрү жок. Жигиттин өңтүспөлү болсо кийген чапанына дегеле коошпойт. Ошонун айынан Мани Ясо бир күн кечке убара болду.
Акыры кеч бешимде, качан гана жанына күч келгенде Мани Ясо өзүнүн үчүнчү көзүн эстеди окшойт, беттерине каны дуу дей түштү. Өзүнүн ушул өзгөчө касиетин пайдалангысы келбей, адамдардын ички дүйнөсүн, ойлогон оюн окугандан качып жүрүп ал, сөздүн чыны, үчүнчү көзүн көп убакта унутуп койчу болгон. Качсам качайын, унутсам унутайын го, бирок момундай айла кеткен учурларда колдонбогон касиеттин эмне кереги бар деп ойлогон Мани Ясо самсаалап кабагына түшкөн топусун желкесин көздөй тегеретип кийди да кезектеги кайырчыга бетме-бет барып маңдайына жүйүртө басып отурду. Адатта кайырчылар алдындагы жоолукка майда тыйын түшкөндө баштарын көтөрүп койбойт. Качан гана чоңурак акча, же букулу буюм түшкөндө «бу ким болуп кетти?» дегенсип, келмесин күбүрөп, өйдө карашат. Чачтарын атайылап саксайткансыган, кир манжалуу кайырчы аял Мани Ясону бу сапар аябай кызыгып тиктеп калды. «Мынча акча таштаган бу ким?» деген көз караш.

– Мен Дей деген кайырчы жигиттин тууганы элем. Агамды издеп таппай жүрөм, – деди Мани Ясо.

– Кайсы Дей?

– Бир жыл боло элек силерге кошулганына. Узун бойлуураак арык. Аты Дей. Өңү сары жигит.

«Аа, Дадема жалап жабышып аткан неме турбайбы» – деди кайырчы аял ичинде, бирок Мани Ясого мындай деп жооп берди:

– Мен өзүм да жаңымын. Тааныбайм эчкимди.

– А Дадема деген ким, айтсаңыз?

– О, ал деген биздин тора. Аны кайдан таанылсың?

– Ал кишиге бере турган аманатым бар. Ага мени жолуктуруңуз.

Мани Ясо дагы он сомдук акча таштады да кайырчы аялдын жүзүнө тигилди: «Жолуктурам деп балээсине каламбы ал жалаптын».

– Өзүң эле жолук. Эртең таңертеңде күнчыгыш дарбазага келет. Ошерге барсаң табасың.

– Рахмат, апа.

Эртеси Мани Ясо күнчыгыш дарбазага жете электе эле, алыстан Дейди тааныды. Канчалык самсаалата кайырчынын кийимин кийинсе да анын көзгө тааныш тыкчыйган арык, тарамыш денеси билинип турду.

– Ом мани падме хум, – деди Мани Ясо Дейдин маңдайына түз келип. Ал чоң кара аял балпайып отурган коляcканын артында турган экен. Мани Ясону көргөндө Дейдин жапкак көздөрү алая түшүп эки колу менен башын мыкчый калды:

– Кантип коркпой жүрөсүң?! – деди андан кийин ал Мани Ясону өзүнө тартып шыбырап. Бул базарда жалаң эле Далай-лама экөөң жөнүндө сөз болуп атат.

– Эмне деген?

– Лама Тойбанын балдары сени өлтүрөбүз деп издеп жүрүшөт турбайбы. Полицайлардын бардыгы сени издеп атышат. Далай-лама ушундай буйрук берип-тир. Сен эмне Поталадан качып кеттиң беле?

– Керек болсо кайра барам, коркпо, Дей ага.

– Мен коркпойм, сен корккун. Эмне үчүн сени Лама Тойбанын балдары өлтүрүш керек? Аларга жамандыкты сен кылдың беле?

– Ал узун кеп, Дей ага. Андан көрө ректор Делинин кайда экенин билесизби?

– Билем.

– Кайда?

– Лондондо дейт. Будда монастырында пандит болуп иштейт экен.

– Ушул чынбы?

– Жакын иниси бизде кайырчы.

– Тактайлыбы? Эгер чын болсо анда мен Лондонго тез барышым керек.

– Эмне кыласың ректорду?

– Анда Лама Цунун мага жазган каттары бар экен...

– Ал каттар менде да!

Монах Дей кыйкырып ийе жаздап, коляскада отурган майып аялды көрсөттү. Кебетеси айласы алты кеткен кишиникидей эле. Мани Ясо Дейди акырын жеңден тартып нары чакырды:

– Бул аял силердин Таробу?

– Ооба. Бирок сүйлөшпө. Кыялы өтө чатак.



– Каттарды сизден алып койду беле?

– Ансыз болбойт да. Баарыбызды тең барымтага кармайт.

– Каттар кайда азыр?

– Таронун темир сандыгында.

– Кантип алабыз? Сандык кайда?

– Таронун жаткан жеринде. кайтарган киши бар.

– Ачсак болобу?

– О, анда эле оңбой калдык. Ичи толо алтын, күмүш...

– Анан кантип алабыз каттарды?

– Кечинде...

* * *

Кайырчылар түнөгүндөгү кыймыс эткендин бардыгы Таро Дамеманын маанайына жараша. Мына бүгүн бул короодо бир кичинекей жаңылык болуп турат. Монах Дей чоочун кишини ээрчитип келиптир. Келишкен жаш жигит экен. Не храмдын окуучусу, не монастырдын дин кызматчысы. Дей анысын эмнегедир ачык айтпай тайсалдатып атат.

– Анда эмесе бербейм каттарды! – деди Таро Дамема Дейдин шымынын алаасын таягы менен нукуп.

Антсе, аялдан уялбаса да Мани Ясодон уялган Дей Дамемадан оолактады. Мани Ясо да эрксизден артка чегинди.

– Баскыла бери! Жакын келгиле! Эмне качасыңар? Же кыздыгыңар барбы?

Таро Дамема жырык тиштерин арсаңдатып күлүп тигил экөөнү жанына чакырат. Кечки тамакка карата текши чогулган кайырчылар таросу менен кошо шарактaшып күлүп, айтор түнөктө бүгүн – күлкү.

– Мынакей каттарыңар! – деди таро Дамема сандыгынан үч катты алып чыгып. – Жакын келип, ызаат менен кол куушуруп алгыла. Мегиле!

Алаасын колу менен баскан Дей тарого жакындап келди эле:

– Жо-жо-жок. Сенин керегиң жок. Сеникин билебиз. Тигил жигит өзү келип алсын! – деди Дамема.

Айласы жок Мани Ясо дагы аялга жакындады эле Дамема шарт эңкейе калып Мани Ясону умасынан мыкчып алды:

– Ээй, катындар! Мунуку тимеле билектей зуңкуят. Киминңер өбөсүңөр, келгиле тез!

Ошентсе тээ нарыдан мастан кебетеленген бир аял чындап эле жүгүрүп келатат. Калгандар боорун тырмап күлүп атат.

– Тарт колуңузду! – деп Мани Ясо шашканынан таронун колун силкип ийгенчекти Дей арытан келип Дамеманын наркы ууучундагы үч катты илип кетти.

– Эй, жубарымбек! Келе бери каттарды! Келе дейм! Ал сенин күрөөң болчу. Кууп чыгам биерден!

Таро Дамема айкырып-кыйкырып аткычакты Дей менен Мани Ясо алыстап кетишти.

– Ойаай! Самтыраган Дэй! Дамема эрсиз калабы? Кетпе! – деген бир кайырчы аялдын чарылдаган үнү акырында экөөнө чала угулду.

– Уятсыздар! – деди Дей жерге чыйт түкүрүп, колун шилтеп.

– Дей ага, сиз буларга кайра барасызбы же жокпу? Кандайча кайырчыларга кошулдуңуз, ошого таңмын!

– Ушулардын арасына кирип жашынып, сени күтүп жүрбөймбү. Мынакей каттарыңды колуңа тапшырдым. Атам Лама Цунун акыркы аманатын аткардым.

– Эми кайда барасыз? Храмгабы?

– Билбейм...

* * *

Лхасанын борборундагы эки кабат мейманкана «Дүнүйө» деп аталат. Ошонун түбүнө келгенде Дей апкаарып калды.

– Мени киргизбейт бу кейпим менен.

Мани Ясо Дейдин кебетесин эми жаңы көргөнсүп чындап эле ойлонуп калды.

– Сенин кебетең да меникинен дурус эмес, деди андан соң Дей Мани Ясонун кийген эски тытык чапанын көрсөтүп.

– Экөөбүз окшошкон турбайбызбы. Кийген киймибиз бул. Баш калкалаар жайыбыз жок, – деди Мани Ясо күлүп.

– Талаада калбайбыз. Менде акча бар.

– Мен сизди эч качан акчадан кем кылбайм, – деди Мани Ясо Дейдин айтканына ыраазы болуп. – Бирок бүгүн бир жерге түнөйлү. Кеч кирип кетти.

– Мен барып сүйлөшүп келеймби?

Ошентип айтты да Дей мейманканага жылт кирип кетти. Бир аздан кийин кайра чыгып ал Мани Ясого мындай деди:

– Кароолчунун жанындагы бөлмөгө жатасыңар дейт. Бирок акысы тигил кадимки эле номердикиндей экен.

– Макул дедиңизби?

– Макул бололубу?

– Анан эмне кылат элек? Жүрүңүз.

Кароолчунун жанындагы шыпыргы, күрөк-сүрөк койгон бөлмөгө эки матрац, анча мынча төшөнчү кийрип алышып кароолчулар акча таап атышкан экен. Анысын мейманкананын кожоюну көрүүгө тийиш эмес ко. Ошон үчүн тигил экөөнү бөлмөдөн чыкпай жатасыңар деп сыртынан дароо бекитип коюшту.

– Бизди ууру тутуп коркуп атышат, – деди Дей.

– Анысы турган нерсе деңизчи.

Мани Ясо бутун чечип матрацка малдаш уруп отурду да чөнтөгүндөгү үч катты алып чыгып биринчисин ача баштады.

– Биринчи деп номер коюлганы бар. Ошону ачып атасыңбы? – деди, нары карап ботинкасын чийе боосун чече албай аткан Дей.

– Ооба.

«Уулум Ясо!

Өзүм жазып аткан ак кагаздагы тамгаларды көрө албай кыйналдым. Көз жашым тоскоол болду. Ыйым өзүм жөнүндө эмес. Экөөбүздү тагдыр ажыратканы жөнүндө, окуубузду али бүтпөй, максатка али жетпей калганыбыз жөнүндө. Ыйым өзүм жөнүндө эмес. Ортого кара күчтөр киргендиги, Сизди ак жолдон чыгара тургандыгы жөнүндө. Мына бүгүн, ушул катты сиз ачкан күнү авалыңыз өтө оор, бараткан жолуңуз тайгак, акыры түбү – адамзаатка каргаша.



Сиз, уулум Ясо ак менен караны, жаман менен жакшыны, жалган менен чындыкты, адилеттик менен адилетсиздикти, адал менен арамды али таасын ажырата электе жолубуз эки айрылды. Сиздин куракта буларды таасын ажыратыш өтө кыйын, анткени баардыгы аралашып, быткып калган. Агын чубасаң – кара чыгат, түзүн чубасаң – ийри чыгат, көбүн чубасаң азы чыгат...

Ошондуктан, уулум Ясо, сизди таштап кете албай, көрүмдө тирик менен өлүктүн ортосунда арабөк отурмакмын. Башка аргам жок – жанымды байлаган күмүш жиптин бир учун коё бербей сиздин алдыдагы тагдырды аңдып карап отурам. Сезимдеримдин теңи өлгөн, теңи сиз тарапка бурулган. Анда эмесе акыркы сабагымды угуңуз. Ал үчүн сизге Дей керек.»

«Уулум Дей!

Сиз экөөбүздүн көп жыл кайышып кылган эмгегибиз актала турган күн бар. Жараткан экөөбүздү ыйык Миларепага жөлөкчү болсун деп тандаган экен. Ошол вазипабызды унутпайлы, ошого ишенели, ошого ар бир кайра жаралган өмүрүбүздү арнайлы. Анткени ал максат – кишилерди адамга айланта турган улуу максат.

Эмесе, уулум Дей, Мани Ясону ээрчитип алдыга түшүңүз, Манас көлгө жетиңиз. Сиздин эстутумга ишенем. Жаш болсоңуз да мен менен бир кезде, ыйык Саки Будда өзү жашаган эски монастырга баргансыз. Эсиңиздеби, ошол монастырдын кире беришиндеги будданын чоң жалпак таштагы элеси. Ошол элестин оң тарабындагы үңкүр менен ылдыйлап жүрүп отурсаңар акыры Манас көлүнүн жээгине чыгасыңар. Ошол жээкте туруп сол жактагы тик аскага баш көтөрүңүз. Жыйырма кадамдай бийиктикте, жар бетинде кызыл таш турат. Ага сиз жете албайсыз. Мани Ясо өзү көтөрүлүп жетип ташты оң тарапка жылдырсын. Ал – үңкүрдүн оозу. Үңкүр болсо арылап жүрүп отуруп байыркы пергамент кол жазмалар сакталган жашырын бөлмөгө алпарат. Ошол кол жазмалардын катарынан 66.66.66. деген оромону таап ичин ачса эки бет нускама жазуу бар. Ал нускама менин колум менен жазылган. Жаш кезимде ошол үңкүрдө эски жазууларды жаңы Тибет алфавитине көчүрүп жазып эки жыл отургам. Калган иш ошол нускама боюнча жүрүш керек. Анда жазылган сүкүт жазуусу өтө кылдат, өтө так аткарылбаса аракет кылган киши өзү зыянга учурайт. Окулган катты дароо өрттөп салгыла. Жалгыз эскертээрим ушул. Экинчи жана үчүнчү каттарымды ачпагыла. Анын маалы качан келээрин өзүм билгизем...»

Лама Цу

Мани Ясо окуп бүткөн кагазынан көзүн албай биртопко отуруп калды.

– Бул кат сизге да жазылган экен, – деди анан ал эки бүктөм кагазды Дейге сунуп.

Дей окуп чыгып эле дароо чечимге келди:

– Туристтик бюрого барып Манас көл маршрутуна жазылышыбыз керек. Экөөбүздү бир туртопко кошуп жиберет.

– Эмне үчүн туртопко кошулушубуз керек?, – деди Мани Ясо таңыркап.
– Антпесек кантип аякка жетебиз? Үч күндүк жол.
– Жетебиз. Анда эмесе уктайлы. Калганын эртең көрөбүз.
– Ушул сурубуз менен Манас көлгө барсак тоңуп өлөбүз. Эртең базардан жылуу кийим алалы, – деди Дей уктап баратып кобурап.
Түн бир оокумда мейманкананын ресторанында мушташ чыкты окшойт. Чуру-чуу түшкөн эл сүрмөтоп болуп дал кароолчунун эшигинин алдына чейин келишкенде Дей чоочуп ойгонду. Ордунан атып туруп эшикти ачайын десе – сыртынан бек. Жакалашкан, коколошкон эркектер келип алардын эшигине урунуп атат. Жука каалга бычырап кетчүдөй. Дей корккунунан Мани Ясо жакка секирип өттү. Караса Ясо таптакыр былк этпей, колун жаагына койуп, бир капталына кыйшайган тейде уктап атат. Оо кечте, адеп жатканда эле ушул тейде кыйшайган болчу. Жигиттин өңү эшиктин үстүндөгү айнектен түшкөн күңүрт жарыкта жаны жок сымал акшапак. «Баракелде уйкуңа» деди Дей Мани Ясонун маңдайындагы үчүнчү көзүн дааналап көрмөкчү болуп үңүлүп. Саал эле билинээр билинбес, бармак басым так бар экен. «Балким бу көзү уктап атканда да көрүп койбосун» деген өз оюнан Дей өзү чочуп нары качты.
Аңгычакты эшик шарактап ачылып, кароолчу кирип келди да бурчтагы жөлөнгөн күрөгүн ала коюп кайра кетти. Ошонун баары болуп атса Мани Ясо кымындай бир тоготуп койбойт, былк этпейт. Мушташкандар сүрүлүп сыртка чыгып кеткендей болду, кароолчунун бакылдаганы эми ошол жактан угулуп атты.
Дейдин болсо уйкусу качкан. Ал тер сасыган жуурканды буттарына жаап алып дубалга жөлөнүп отурду. Эки көзү Мани Ясодо. «Ушундай да катуу уйку болот экен ээ» деген таңыркоо менен отура берип Дей таң супа салган кезде гана көзү илинди.
Эртең менен караса Мани Ясо жок. Ордунан туруп кетиптир.
– Уйкуңдун катуулугуна там бердим, – деди Дей Мани Ясо бөлмөгө кайра киргенде.
– Катуу уктайт бекем? – деди Мани Ясо күлүп.
– Укмуш. Түндөгү калаймакан мушташтын бирин да уккан жоксуңбу? – деди Дей таң калып.
– Мушташ болдубу?
– Оу, болгондо да кырылып калышты окшойт.
Мани Ясо Дейди карап оңтойсуз жылмайып турду да, анын башын айлантпас үчүн чындыкты айтууну эп көрдү.
– Түндө мен Баян-Хара-Ула тоосунда болдум. Кара сыйкырчы Додайга жолугайын деп барсам ал киши өлүм алдында жаткан экен. Тилден калыптыр.
– Эмне, эмне?!
– Додайдын жардамы керек эле мага. Бирок жолум болбоду.
– Кара сыйкырдынбы? Эмне керек эле?
– Төрт адамдан кара сыйкырды тез алып салыш керек болуп атат.
– Аныңды билбейм, бирок түнү бою мына бул эле матрацта жатпадыңбы, Мани Ясо!? Мен сенден көзүмдү албадым го. Анан кандайча?..
– Жанагы мушташты укпай калганым ошол, Дей ага. Мен бир эле убакта эки-үч жерде боло берем. Анын сиз экөөбүзгө пайдасынан башка зыяны жок. Туурабы?



Дей көзүн жүлжүйтүп, жигитке ишенкиребей башын ийкегенсиди. Бирок, баары бир шекип калды.
– Баян Хара тоосуна дейре үч күндүк жол да, – деди анан кайрадан Мани Ясонун калпын кармагысы келип.
– Мен мурда бир сапар болгон жериме кийинки барышта кыйналбайм, Дей ага. Каалаcам дароо эле ошол жерде болом. Бул да болсо Лама Цу атабыздын эмгеги. Кандай дейсиз?
– Лама Цу сени Кудай кылып салган турбайбы, анда.
– Андай эмес. Цу атабыздын бир гана максаты бар. Ал мени дайыма адилеттик үчүн күрөшсө дейт. А мен болсо жаңылып, жолумду таба албай жүрөм. Ал түгүл тескери кеттим...
Дей Мани Ясонун капаланып наалыганын этибарга алган да жок, түшүнгөн да жок. Болгону ал жигитке суктанып да, таңыркап да карап турду.
– Анда эмесе Манас көлгө барам десең азыр эле барып калат турбайсыңбы? – деди анан.
– Жок. Адегенде бир көрүп алышым керек. Андан кийинкиси оңой. Бу сапар сизди ээрчип эле барам.
– Анда кеттикпи?
– Кеттик. Автобекетке баралы. Такси жалдайлы.
– Оболу базардан жылуу кийим албайлыбы?
– Адегенде такси кармаганыбыз оң го. Ошону менен анан калган иштерди бүтүрөбүз.
Экөө сүйлөшүп алышып чыга жөнөштү. Дей алдыда болчу. Ресторандын бир жерине кире калып тамактанып алмай да болушкан. Бирок Дей шыпылдап сыртка чыгып баратып эле башка чапкандай кайра качты. Эшигин да жаап алганга чамасы жеткен жок. Оозуна да лам деп сөз келбейт. Көрсө сыртта, булардын эшигин аңдып, ондой куралчан полицайлар турган экен. Тапанчаларын комдоп, түнү бою уктабаган көздөрү чычаладай кыпкызыл.
– Тибетти коргоо комитетинин буйругу менен сиз кармалдыңыз, мырза Мани Ясо!
Колдорун артына кайрып кишен салып аткан кезде Мани Ясо, бурчка тыгылып калчылдаган Дейге:
– Ушул мейманканада болуңуз, – деп бир ооз айтканга араң үлгүрдү.
Туткунду адегенде Коргоо комитетинин атайын бөлмөсүнө алпарып камашты эле, көп өтпөй Поталага, Ордосарайга жеткирилсин деген буйрук келди. Полицайлар шашкалактап, дабдаарышып, бул «өзгөчө» туткунду качырып жибербейли деген таризде жабалактап курчап алышкан. Качан гана туткунду Ордосарайдын сакчыларына өткөрүп бергенден кийин алардын санаасы тынды окшойт.
Мани Ясонун колунан кишенин чыгарып туруп, шыдыр эле Далай-ламанын өзүнө алпарышты:
– Сизден мен эч убакта мындайды күткөн эмесмин! – деди Далай-лама алдына келген жигитке башын көтөрбөстөн.
– Тартипсиздик, өзүм билемдик, кенебестик, өзгөнү коюңуз Далай-ламанын өзүн кенебестик бул – өзүнүн акыл эсине ээ боло албай калган кишинин кылаар жоругу!
Мани Ясо унчукпай туруп алгандыктан Далай-лама аны жаман көзү менен бир атып алды да, кайрадан жемелеп кирди.

– Бир жумадан ашык жок болдуңуз. Кайда жүрдүңүз?! Бул жердин кызматкери катары жооп беришиңиз керек! Менин маалыматым бар. Сиз камакка алынган генералдарга барып жолугупсуз!

Ушул жерден Мани Ясо бирнерсе айтчудай болду эле, бирок кайра айнып калды.

– Жолукканыңыз чынбы?!

Мани Ясо жооп айтууга мажбур болду:

– Жолуктум. Бирок андан пайда болгон жок. Аларды куткарыш мүмкүн болбой жатат, таксыр.

– Эмнеден куткарыш керек экен? Аларды эмес, тескерисинче алардан элди куткарыш керек. Сиз андан көрө ошону ойлонуз!

– Алардын «эгосун» кайра түздөш керек. Антпесек өздөрүнө да, башкаларга да зыян.

– Баягы эле эски жомогуңузду кайра айтып турасызбы?! Алар сизсиз эле акылынан адашып, мамлекеттик төңкөрүшкө көптөн бери даярданып жүрүшкөн. Мына эми жазаларын алышсын!

– Мен алардын мээрин көрдүм. Экөө тең сезиминен жабыркаган. Экөө тең оорулуу. Тез жардам бериш керек, урматтуу таксыр.

– Өздөрү айыгат. Он беш жылдан түрмөгө отуруп чыга калышсынчы – топоздон соо боло келишет.

– Он беш жыл жашай алышпайт алар, таксыр.

– Кеп анда эмес, урматтуу Лама Ясо! Кеп сиз жөнүндө. Мени өтө көп капа кылып атасыз.

– Мага айттыңыз эле: «Лама Цу сүкүттө отурат» деп. Көрсө андай эмес турбайбы, урматтуу өкүмдар?

– Мени калпычы кылбаңыз! Акыңыз жок! Мен мамлекеттик расмий маалыматты гана айтууга милдеттүүмүн!

– Демек, мамлекеттик расмий маалымат туура эмес.

Далай-ламанын өңү бозоро түшүп анан кызарып отуруп калды. Дал ошол тушта ага чет өлкөдөн телефон урулуп атканы айтылды эле, Мани Ясону «чыга тур» деп белги берди да, нары карап алып сүйлөшүүгө кирди.

Мани Ясонун ичи уйгу-туйгу. Коридордо аркы-терки басып жүрдү. Өзү жаткан бөлмөгө да баргысы келбейт. Далай-лама менен да сөздү уланткысы жок. Улантуунун кажети калбай калгандай. Анткени экөө тең таптакыр эле эки башка тилде сүйлөп, бирин-бири түшүнгүсү жок. Ал үчүн Далай-лама кечээ эле кол жеткис бийик аброй, өкүмдардын-өкүмдары, адамдын-адамы эмес беле. Ошол киши Мани Ясону пайдаланып бирөөгө залал кылат деп кайдан ойлоп коюптур. Анын эки оозунун бири – тибет эли, тибет жери болуп атса ким эмнени шек алат, ким сөзүн укпай коёт анын?

Мани Ясо ошентсе да аягына дейре даана түшүнбөй атат – Далай-лама деги өзү ким? Балким Ясо жаңылышып атабы? Акыркы жумадагы жүрүш-турушу менен балким ал чындап эле өкүмдарды ашкере капа кылып жүрбөсүн? Эстеп көрсө, сөз чынынан бузулбайт, Далай-ламаны бир да жолу эсине алып койбой, тигил ооруга тушуккан адамдарды куткарам деп чуркай бериптир. Рас, Лама Дондупту куткарып калганга үлгүрдү. Ал түгүл, ал устаты өзүнүн ишине кайра орношуп жакшы болду. Калган үч адамдын тагдыры али белгисиз. Бирок ушунун баарын өкүмдары менен бир ооз кеңешпей жасабадыбы. Ал чындык! Ошондон улам экөөнүн мамилеси момунтип эки ажырым болуп отурат.



Ушул эле башынан өткөн бир жумалык окуялардын агымынан чындыкты, калыстыкты, адилеттикти даана таба албай, ойлору чаташып Мани Ясонун эси эки.

– Мырза Мани Ясо, сизби, сиз эмеспи?! – деген үн капыстан аркасынан угулганда жигит канайымдын үнүн дароо тааныды. Артына дароо бурулуп аялга таазим этти.

– Менмин, – деди оңтойсуз.

– Капырай! Эмне азапты көргөнсүз?! Кийимиңиз кантет деги! Кайда жүрдүңүз?! Селенг! Селенг дейм! Бери келчи!

Канайым артына бурулуп кызын чакырды.

– Апай! Эмне болду?! – деп кызы жүгүрүп келди.

– Мани Ясо табылды! Мына, бул жерде турат!

Апасы менен кызы жоголгон жандыкты таап алгандай сүйүнүшүп, бирок Мани Ясонун самтыраган кийимининен жийиркенгендей алысыраак турушту.

– Бөлмөңүзгө барып жуунуп, кийинип туруңуз. Биз сизди чакырабыз, – деди канайым акырында.

* * *

Аздан кийин Ордосарайда, өзгөчө анын канайым жак бөлүгүндө али эчким биле элек белгисиз бир салтанатка шашылып даярдык жүрө баштады. Тамак-аш даярдоочулар алтынчы кабаттагы үйбүлө аземдерин өткөрүүчү кичи залды тезинен мейман тозууга даярдашып, көбүнесе гүлдестелерди коооздоп тизишип, кыязы жакшылык ишке даярданып жатышкандай. «Эмне болот экен?» «Кайсы мейман келет экен?» деп жүгүргөндөр бири-биринен ара- чолодо сурап коюшат, бирок жооп алганы жок. Азырынча белгилүү болгону ушул – бардык буйруктар канайымдын жеке өзүнөн келип атты. Бирок таңкалычтуу жагдайлар да бар эле. Демейде буйруктары өзгөрүлбөгөн канайым эң оболу жүз элүү, андан жарым саат өтпөй жүз, акыр аягында элүү гана меймандга орун даярдайсыңар деп айттырды. Ошого жараша убаракерчилик да үч эсеге көбөйүп, ашканадан, складдардан мурда ташылып келген тамагаш менен буюм-теримдер кайрадан ташылып кетип жатты. Акыры, түш оогон кезде бардыгы даяр болду окшойт, канайым өзү көргөнү келе жатат деген күбүр угулду.

– Эшик-терезелердин бардыгын ачып койгула! – деди канайым залды сергитмек болуп. Андан кийин ал керектүү деген жерлерин бир сыйра карап келди да залдын төрүнө эки отургучту жанаша койдурду.

Бу кезде Далай-лама Мани Ясону өзүнө чакыртып алып кайрадан аңгеме куруп жаткан.

– Жансакчыларыңызды көбөйтүп койдум. Жүдөтүшкөн жокпу?

– Алты киши экен, – деди Ясо наараазы болгон үн менен.

– Жүдөбөңүз. Сиз экөөбүзгө болбогон күнөөлөрдү коюп, жалаа жапкандар бар экен. Сакчылыкты ошон үчүн күчөттүм. Эч нерсе эмес. Ошентип барып басылышат.

– Мени күнөөлөгөндөрбү?

– Ооба.

– Алар басылбайт. Себеби аталарынан ажырады.

– Мен бүгүн, урматтуу Лама Ясо, сиз менен башка сөз сүйлөшкүм келип турат. Макулсузбу?

Мани Ясо ийнин куушуруп, алаканын жайып койду.

– Албетте, Лама Цуга сиз чаң жугузбайсыз. Анткени ал устатыңыз. Ошентсе да айтайын дегеним, ал киши эски, он төртүнчү кылымдагы көз караштын туткунунда калган окутуучу эле. Бир эле мисал. Сизди, момундай жапжаш, келишкен жигитти сары топучан монахка үндөп койгон. Менимче ал кезде сиз «сары топу» менен «кызыл топунун» айырмасын көп деле түшүнбөсөңүз керек. Ошондон пайдаланып ал сиздин кечилдердин тарабына оодарып алган экен. Мен муну кийинчерээк, кечирээк билип калдым. Бирок ойлонууга али деле кеч эмес. Сиз азыркы замандын адамысыз. Үстүбүздө XXI кылым. Тибет азыр орто кылымдагы караңгы түндүн кучагында эмес. Үстүбүз жарык асман, элибиздин көзү ачылган. Тибет окуусу азыр бүткүл дүйнөгө тарап кеткен кез. Биздин маданий борборлор Америкада, Европанын көп өлкөлөрүндө ачылды. Сиздей жигиттер ошол өлкөлөрдүн баарын кыдырып, учурга жараша бардар жашаш керек, иш кылыш керек. А сиз кечил жүрөм дейсиз. Жарашпай турат.

– Ар кимди өз тагдыры алдыда күтүп турса керек, – деди Мани Ясо.

– Тагдырдын кулу болбой бийи болуңуз, урматтуу Лама Ясо. Өз тагдырыңыздын бийи болмоюн бул турмуштун жыргалына жете албайсыз.

– Ыйык Миларепа тирүүлүктүн жыргалын эмес, тирүүлүктүн запкысын көбүрөөк ойлонгон экен, улуу урматтуу таксыр.

– Мен макулмун. Ыйык Миларепаны танбайм. Бирок аны диний теория, кыялый ой жоруу деп коёт. Мен мына ушул жагына көбүрөөк кошулам. Негизи эле турмуштун өзүнөн алыстабаш керек экен. Буга толук көзүм жетти.

– Мен Миларепанын кайра жаралган түгөйү болгон соң өз теримен чыгып, башка териге кире албайт болушум керек.

– Баардыгы колуңуздан келет. Баардыгы өз эркиңизде. Кечилдиктен чыгуу да өз колуңузда. Ушуга байланыштуу менин зайыбым сизге бир сюрприз даярдап жатат. Ошого сөзсүз катышыңыз. Ал иш мага дагы өтө кызык.

Мани Ясо өкүмдарды шектүү карады эле ал адатынча жүзүн көрсөтпөй бурулуп кетти.

Саамдан кийин канайымдан экөөнө тең чакырык келди. Далай-ламаны да залдагы окуяга катышып берсин деп сураныптыр.

– Азыр урматтуу Лама Ясо менен чогуу залга бара бергиле. Мен бираздан кийин кирем, – деди Далай-лама жардамчысына.

* * *

Мани Ясо жабалактап өзүн тике караган көздөрдөн сүрдөп кетти. Зал ичи толтура аялдар экен. Болгондо да европача кийинген, Лхасадагы, өзгөчө ордосарайдагы «мен» деген асемдүү, жасалгалуу, зобололуу аялдар. Көпчүлүгүндө павлин канаттуу желпигичтер, аларды секин кыймылдаткан апакай жумуру билектер.

Мынчалык көп айымдардын үстүнө кирип көрбөгөн Мани Ясо залдын босогосун аттарын аттап алып, кайра тарта албай туруп калды. Жүрөгү түрсүлдөп, алакандары тердеп чыкты. Кай тарапка басаарын билбейт. Артында али да болсо, бу качкын жигитти Далай-лама катуу жазалайт ко деп кыркалакей тизилген полицайлар. Залдагы аялдар болсо жаш жигитти жалмап жиберчүдөй тиктешет. Аңгычакты нары жактан канайым шашылыш басып келди да Мани Ясону чыканактан



жөлөп барып төрдөгү эки отургучтун бирөөнө шаңдуу отургузду. Мани Ясонун абалы эми, бая жаңы кирип келгенден да жаман болду. Жанында Ордосарайдын оркестри музыка ойноп атат, ал болсо жүздөгөн көздөрдүн алдында соройуп жалгыз отурат. Эң кызыгы – ал жерде эмне үчүн отурганын өзү билбейт. Бир маалда ал чекесинен көзүнө куюлган терин шашыла сүрттү да ордунан тура кетти. Кайсыл бир далдоо жакка өтүп кетсемби деп эки жагын каранат. Ошол тушта музыка токтоду да канайым келип Мани Ясону кайрадан ордуна отургузду.

– Ом мани падме хум! Урматтуу айымдар! – деди ал андан кийин залга кайрылып. Бүгүнкү аземибизге улуу урматтуу Далай-лама катышмак эле, тилеке каршы зарыл иштери менен кармалып калды. Ошон үчүн баштай берели. Байыркы бир заманда тибет динине кечилдик дегенди киргизишкен экен, – деп канайым эки алаканын жуптап алып сөзүн абдан толкундоо менен улантты:

– Ээ кудурет, ал заман нечактан-нечак өтпөдүбү! Качанка дейре биз, тибеттиктер артта кала беребиз? Ошол кууратан салттын айынан нечен сонун жигиттерибиз баштарына капкайдагы сары топуну кийип алышып, өз турмушун өзү талкалап басып жүрүшөт. Аны жасаган жанагы биздин картаң-сартаң ламалар. Аларга эмне – баары бир да! Жашаарын жашап бүтүшкөн. Эми ошолор биздин жапжаш жигиттердин, алардын эле эмес, жапжаш кыздардын убалына калып атышпайбы. Туурабы ыя?

Залдан «туура!» деген үндөр хор менен чыкты. Канайым сөзүн эки эселенген эргүү менен андан ары улантты:

– Мынакей, карагылачы өзүңөр, эгер мага ишенбесеңер. Биздин ордодо мынамындай жаш жигит иштейт.

Канайым Мани Ясонун ийнине колун коюп сүйлөдү. – Ушул жалоондой болгон азаматты да картаң мугалими сары топучан кылып таштаптыр. Тимеле күйүп, өрттөнүп кетесиң да! Качанка дейре ушинтебиз. Өзүбүздү өзүбүз шылдың кылып!? Ошон үчүн биз, айымдар жана мырзалар, силер калыс болгула, ушул жаш чырпыктай жигиттин убалына калбай сары топусун алып, кызыл топуга алмаштырып коёлу дедик. Кандай дейсиңер?!

«Туура!». «Эң туура!» деген үндөрдөн зал солкулдап кетти.

– Анда эмесе, Селенг, апкелчи кызыл топуну! – деди канайым биринчи катарда топу кармап отурган өз кызына.

Далай-ламанын Селенг кызы топуну ала чуркап, мүдүрүлүп барып апасына жетти эле, апасы мындай деди:

– Ушул топуну Мани Ясого менин улуу кызым Селенг кийгизсин! Кандай дейсиңер?

«Туура! Эң туура!» деген үндөр мурункудан алда канча шаңдуу да, көңүлдүү да жаңырды.

Мындай капилет окуя биринчи жолу башына түшүп аткан Мани Ясо эмне кылаарын ойлонгучакты эле Селенг жигиттин башындагы сары топуну ала коюп, кызылын кийгизе салды.

Зал ичи дүңгүрөгөн кол чабуулар. Ошол арада беride, камда турган видеокамерачандар менен фотоаппаратчандар ортого жүгүрүп чыгышты эле канайым кызын Мани Ясонун жанындагы бош орундука отургуза салды. Ошентип, неченди көрө-жүрө кексесине тартып калган канайым ойлоп таап уюштурган азем отургандардын баарына тең жакты окшойт, туруп алышып көпкө дейре тындырбай,

жанаша отурган эки жашка алакан чаап атышты. Анын үстүнө Ордосарайдын бул залында ушу кезде кошоматка да толтура орун бар эле...

* * *

Эртеси эртең менен Ордосарайдын үстүнкү кабатындагы көнүмүш окуя кайрадан кайталанды. Мурда да бир жолу дал ушундай болгон. Мани Ясонун бөлмөсүнүн алдында түнү менен отурган сакчылар таңкы жетиде эле сааттарын карап тынчы кете башташат. Анткени бөлмөдөгү жигиттин ишке чыгар маалы келди, бирок ичкериде кыбыр эткен дабыш жок. Каалганын түбүнөн нары өтүп тыңшашат, бери өтүп тыңшашат – дымбырдым.

– Ачкыла эшикти! – деди сакчылардын башчысы шашылыш буйрук берип. Ошондо каалганы түртүшсө ачык эле экен. Өткөндө Мани Ясо эшиктен эле чыгып кеткен. Бу сапар болсо терезе ачык. Поталанын сегизинчи кабатынан киши кандайча сыртка чыгып кетиши мүмкүн? Үстүндө дагы үч кабат. Мына ушул табышмак!

Бүгүн да сакчылар жүткүнүп келишип ылдый, төмөндү карап айраңтаң болушту.

Мунун себеби жаш муундарда эле. Тибет жаштары левитация өнөрүн үйрөнбөй калышкан. Үйрөнмөк түгүл табигатта мындай касиет бар экенин эстебей, окубай, унутуп да баратышат. Анткени жүз жылдап андай касиетке ээ болгон бир дагы тирүү жанды эчким өз көзү менен көргөн эмес, балким укканы гана болбосо. Ал эми ыйык Миларепанын мезгилинен бери дээрлик миң жыл өттү. Анын реинкарнациясы болсо мына минтип эми гана, XXI кылымда кайра жаралып отурбайбы. Албетте, адамдар үчүн миң жыл деген миң жыл, мынчалык мезгилде, керек болсо баардыгы текши, тыптыйпыл эскирет, унутулат. Ал эми тирүүлүктүн улам бир доорун жаратып турган чексиз, түпсүз, мезгилсиз, түбөлүк Аалам үчүн миң жыл деген – бир ирмем. Бул бир ирмемде эмнелер гана өтпөйт, эмнелер жаралып, өсүп, өнүп, кайрадан ыңжыңсыз чирип жок болбойт? Дал ошол сыңары алгач жаралган кишилерде болгон кадимки эле үчүнчү көз да, ал көздүн ачыктыгы да, сыйкырлар, кусурлар, каргыш, көз тийүү, кара жолтойлук, ак жолтойлук, арбап салуу, түйнөк түйүү сыяктуу касиеттердин баардыгы соолуп, жанып кеткен. Ошолордун эң улугу экөө эле. Биринчиси – кайыптык же болбосо чексиз мейкиндикте эркин учуу өнөрү. Экинчиси – сыйкыр же болбосо дуба. Булар да жок болду, унутулду, жомоктордо гана кыял, тилек катары жашап калды.

Мындай болуп калыштын да себеби айкын. Анткени өзүн табийгаттан жогору, жаңылыш коюп алган адамбаласы улам барган сайын күндөлүк көроокатын тыңдап, тажрыйба үйрөнүп, илим билимге жетип, техникага таянып отуруп эң алгачкы, табигат өзү берген тубаса касиеттеринен акырындап ажырап келет. Бул жакшыбы же жаманбы, аны таразалап туура түшүнүү азырынча «Эго»су күч адамдын өзүнүн колунаң келбей турат. Ошентсе да бир гана нерсе – ошол эле «Эгоадам» эч убакта эңсөөсүнөн, кыялынан, алдыдагы өлбөс-өчпөс үмүтүнөн айрыла койбос!..

Тибеттин Ордосарайынын төбөсүнөн жерди караган сакчылардын башчысы жанатан бери таңыркап турду эле эми кадимкидей корко баштады. Коркконуна себеп – Далай-лама. Өткөндөгү окуя да ушул сакчынын убагында болгон. Бүгүн да, мынакей! Бу сапар сакчы башчысы кызматынан айдалышы турган иш болуп калды окшойт. Ошонүчүн ал өзү түктөйүп, саруулап баратты.



– Улуу урматтуу таксыр! – деди ал Далай-ламанын алдына келип үч жолу жүгүнгөн соң, – мен сиздин ишеничти актай албадым. Айдасаңыз кызматтан кетем, бирок эч нерсе түшүнбөгөн бойдон кетем. Дагы да баягы өткөндөгүдөй окуя болду!

– Эмне окуя?!

– Мани Ясо дайынсыз жоголуп кетти.

– Дагыбы?!

– Ошондой, улуу урматтуу Өкүмдар. Өткөндө эшигинен чыгып кетти эле, бу сапар эшигин сагаалап отурсак терезеден чыгып кетиптир. Мен эч айла кыла албадым, улуу урматтуум.

Далай-лама сакчыны күнөөлөп, каардуу көздөрү менен жекире карагансыйт, бирок ошол эле көздөрүнөн өзүнүн катуу чочулаганы көрүнүп турду.

– Бүткүл Тибет боюнча издөө салгыла! Тезинен колго түшүрүп мында апкелгиле! – деди ал, үнүн катуу чыгарган менен, өтө эле ишенимсиз. Андан кийин «Менин кызыма да кылчайып койбоптур го» деди ичинен ызаланып.

* * *

Дал ошол күнү Далай-лама кошуна мамлекет, Непалдын өлкө башчысынан өтө жылуу маанидеги факс алган болчу.

«Урматтуу Далай-лама, – деп жазыптыр ал. Биздин өлкөлөрүбүздүн эки тараптуу, нагыз кошуналык ийги аракеттеринин натыйжасында жалпы соодабыздын көлөмү быйыл былтыркыга караганда эки эсе көбөйүптүр. Мен бул көрсөткүчтү өтө кубануу менен эң оболу өзүм кабыл алдым, андан соң дароо сиздин улуу урматыңызга кабарлоого шаштым. Биздин экономикалык, жана башка тармактардагы достук байланыштарыбыз мындан ары да дал ушундай темпте өнүгүп, өөрчүп отурат деп биринчи кезекте өзүм ишенем, жана ошондой эле курсантчылыкта сизди ишендирип кете алам. Сиздин улуу урматыңызга мына ушундай, жаркын келечегибизге байланышкан бир өтүнүч жолдомокмун. Менин ишенимдүү маалыматтарыма караганда сиздин кол астыңызда өткөн замандын ыйык йогу, касиеттүү Миларепанын кайра жаралган азыркы түгөйү, Мани Ясо деген жаш сыйкыр ээси пайда болуптур. Ал жигит аркалуу сиз өтө орчундуу малекеттик маселелерди чечүүгө жетишипсиз. Ошол ийгиликтериңиз менен куттуктайм!

Жана ошондой эле, сиздерге ар убакта достук жүрөгүн кенен ачкан Непал өлкөсүнүн айрым бир сепараттык манайдагы адамдары менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүш үчүн урматтуу Мани Ясону бир нече күнгө Катмандуга, менин жеке карамагыма ишсапарга жиберип коюңузду өтүнөм.

Сизди терең урматтап Непал өлкө башчысы».

Мына ушундай мазмундагы каттар башка өлкөлөрдөн да келе баштады. Алардын ичинде Кыргызстан да бар эле...

# *ОН ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ*

**О**мм, – мани! Ал деги кайсыл заман, кайсыл доор эле? Ойлоп отурсаңыз ага бүгүнкү адампенденин эс акылы чендебейт. Ал кез деген Аллатааланын каары менен жер үстүн бир сыйра топон суу каптап, ой сүрүлүп тоо болуп, тоо сөгүлүп ой болуп, океандан океанга дейре кырк найза бойлогус терең суу мелмилдеп, нечен кылымдар жер үстү кургабай баткак басып жаткан доор болчу. Мурдагы кыбыр эткен тирүү жандыктан ныпым эч нерсе калбай, канаттуулар күндөп-айлап учуп жүрө берип акыры эстери оогондо сууга кулап, алар да түботу менен жексен болгон заман эле.

Атай турган эчким калбаган соң Жердин «жер» деген аты өчүп, Суунун «суу» деген аты өчүп, Тоонун «тоо» деген аты өчүп, тутанаар чырпыгы жок Оттун «от» деген аты өчүп, тоголок жердин кунары кетип, асмандагы Ай менен Күндүн, жаркырап күйгөн жылдыздардын жерди карагысы келбей, тетири айланып калган мезгилдер болчу.

Ошентсе да күндүн нуру менен жан жараткан табийгаттын улуу күчүнө там бербешке болбойт экен. Жүрө-жүрө, бара-бара суу астынан тоолордун чокулары кылайып, кийин апайтөш боорлор топорсуп, акыры ой-кырлардын баарысын жашыл тулаң кайрадан каптап, болгондо да мурдагыдан кыйла тездик менен жан-жаныбар көбөйүп, жарыктык жер кайрадан бая өз жолу менен Күндү айланган сапарын улай берди.

Ошол доорлордун бир доорунда кир кол тийгис жапжашыл кең талаанын бетинде бир үйүр жылкы пайда болду. Апаппак[1], жумурткадай жумуру, бири-бирине окшош, кылка эле ак берметтей керемет жаныбарлар асмандан түшө калыштыбы, же болбосо жер астынан сызып чыгыштыбы, же жан жараткан улуу Табигат өзү эле иштеп койдубу, айтору муну билген да, көргөн да ал кезде эч ким жок. Баарынан да булардын жомоктогудай сулуулугун, келишкен сын-сыпатын акындар ырга сала элек, сүрөтчүлөр келиштирип келбетин тарта элек, – анткени алардын өзүлөрү али жок кез. Бир кочуш седепти жашыл килемдин үстүнө чачып койгон сымал түшкө дейре, тулаң аралап оттошот да жылкылар күн ысыганда тээ коктудагы өстөндү көздөй оюн салып алып учуп жөнөшөт.

Кадим аккуулар сымал кыркалекей тизилип Жер бетинде учуп бараткан аппак үйүрдү ошол кезде бүткүл Айаалам: асман өзү, ай, күн, жылдыздар баарысы тең кубана карап, жадырап турушаар эле. Анткени учу-кыйыры, чети-чеги жок ааламдын бир тоголок «Жер аттуу» таруудай бүртүгүндө кайрадан «жан» жаралып тирүүлүк деген керемет башталып атпады беле. Ошон үчүн баардыгы тең бир

[1] Апаппак – ак түстөгү жылкыны кыргыз негизинен «кызыл» деп, айрым учурларда «акбоз», «аккула», «аксаргыл» деп, ыгына жараша бир нече түрдө атай берет. Кыргыз лексикасынын ушул кенен байлыгына таянып мен бул сынатоочтун: «апакай», «аппак», «кызыл», «акбоз» ж. б. түрлөрүн эркин колдондум.



топон суудан аман калган Жерди сүймөнчүк менен, өзгөчө мээрим, өзгөчө *ишеним* менен карап турчу эле да. Алардын курсантчылыгын, ишенимин мына мобул жаңы пайда болгон аппак үйүр жылкылар өзүлөрүнүн желдей сызган кылык-жоругу менен ого бетер күчөттү бейм, күндүз эле эмес, түнкүсүн да асман толо миң сан жылдыздар жымыңдашып, жүрөктөрү эзиле тиктеп, аппак жылкылардан көздөрүн алышчу эмес. Ошонун ичинен да баардыгына өзгөчө жакканы Апакай деген аты бар жаш айгыр болчу. Үйүр башы Апакай чынында эле жан жараткан табийгаттын айтып түгөтө алгыс бир керемети! Күч десең күч, көркөм десең көркөм: төгүлгөн акбоз жалы менен суналган кыл куйругу ошол үйүрдүн байрагы сымал дайыма шамалга желбиреп, чуркаганда канат сымал сапырылып, учуп тураар эле.

Бирок, сөздүн чыны Айаалам Апакайды көркү үчүн эле эмес, анын эр жүрөктүгү үчүн, үйүрүнө канын, жанын бергендиги үчүн, а эң негизгиси адилеттиги үчүн жакшы көрчү. Эч убакта Апакай үйүрүндөгү жылкы, кулун, тайларынын бирине да асыя жаза берип көргөн эмес. Кокус эле али эси кире элек кулундар, оюндун кызуусу менен тай, быштылар кей-кээде чектен чыга чуркап, кырсыктуу жайларга өтүп кете турган болсо, Апакай ачуулу таскак уруп барат да тентекти үч кошкондон аткып туруп дароо үйүргө айдап келет. Ошентип ал күндүзү сан жеткис жолу тегеренип чуркап үйүрүн чогултса – түнкүсүн таптакыр эле тыным албайт. Түнкүсүн ал кулундарын ортого камап, тегерете мемиреп уйку салып турган бээлердин тынч-амандыгын көзүнүн карегиндей сактачу. А коркунуч деген, кырсык деген ошо кезде эле каш менен кабактын ортосуна келип калган. Анткени Бөрү деген мыкаачы жандык чөптөн башкага зыяны жок жылкы менен бир эле убакта теңжарыша жаралган. Түнкүсүн көзгө көрүнбөй, көлөкөдөй бозоргон бул жаналгычтын дагы бир аты Карышкыр. Бир тиш салган жерин өлүп коё бербесе тирүү коё бербей, жаактары карышып калганы үчүн карышкыр атанса керек. Ошол кан жуткан карышкырлар ар түн сайын Апакайдын сазайын колуна берчү болгон. Бирден-бирден жүрсө го кашакеңдердин жазасын Апакай көз ачып-жумганча бере салат эле го. Үйүр-тобу менен, дөбөт канчыгы, күчүгү менен баары үйүгүшүп чогуу жүрүшөт, чогуу тамак издейт, чымындай жалгыз жанын коргоп, өзөгү менен буту үзүлгөнчө, атүгүл жүрөгү жарылганча безилдеп качкан шордуу малды үйүрү менен чогуу кууп жетип, алеки саатта түгүн калтырбай жеп жутат. Мына ушундай жаралган жан, бу карышкыр деген кесеп. Ошентсе да эч кимден, эч нерседен тайманбаган көркоолордун эсесин бул аймакта жалгыз гана Апакай берчү. Ошон үчүн бөрүлөр аны ушунчалык жек көрөт – айгырдын жер чапчыган чоюн туяктары көздөрүнө көрүнгөндө ызасына, коркконуна, ачкалыгына чыдабай нары карап алып улуп-уңшуп кадимкидей көз жаштарын төгүп, төгүп жиберишчү.

Бирок, кеп чынынан бузулбасын, Апакай дайыма эле бээлерин ажалдан алып кала алчу эмес. Бир жолу мындай болду:

Аппак сүттөй бээлердин кайсы бири ооруп, арыктап жүрбөй калган экен. Аны Апакай өзү байкабайт. Бир түнү эле кашакеңдер адатынча кол салды. Жылкы деген аларга теңелгидей жырткыч эмес да – жандалбастап ажалдан качып беришти. Ошондо баягы сыркоо бээ артта кала бериптир. Ал байкуш канавайранды башкарып жүргөн Апакайдын бир ирмемге эле көз жаздымында кала түшкөн болот.

Желдей сызып бараткан үйүрдүн арт жагын кокус кылчайып караса баягы оорулуу бээ жаналгычтардын туткунунда калыптыр. Жер жаңырта катуу азынаган айгыр дароо артын көздөй учуп, бөрүлөрдүн үйүрү менен жекеме-жеке кармаша

кетет. Кармаш чай кайнамга созулду. Ошондон кийин, төрт туягы менен бирдей серпкен Апакайдын айланасында онго жакын жырткыч тырп этпей сулап, калган бөрүлөр качып жоголгондон кийин гана айлана тынчыйт, мемирейт. Эси оогон, жүрөгү лакылдаган айгыр көпкө дейре башын жерден көтөрбөй, демиккенин баскан соң мойнун созуп баягы оору бээни карайт. Караса бечара жандыктын денесинин жарымы эле калыптыр. Жарымы жок! Ошентсе да болбой Апакай анын көздөрү жалдырап ачык жаткан башын барып жыттагылайт. Жыттаган менен өлүү баш былк этеби? Былк этмек түгүл небак муздап, зылыйып калыптыр...

Жаз келгенде Апакайдын түйшүгү өзгөчө күч. Үйүрдүн тукумун улаш үчүн, бээлердин баарын бирден кууп токтотуш керек. Анткенинин себеби эмдиги жазда ар бээси бирден кулун эмизип, өзүлөрү энелик сезимдин жыргалын көрүп, ошол эле учурда жанжараткан Табийгаттын өзүн да рахатка бөлөбөйбү! Эгер анте албаса бул турмушта жашоонун кереги не?! Анте албаса Апакайдын айгыр болуп азынап, бир үйүр жылкыны имерип багып жүргөнүнөн не пайда?

Бирок, жылдар өткөн сайын анын жаз мезгилиндеги түйшүгү көз көрүнөө оордоп бараткансыйт. Аны ошентип оордоткон чоң бээлер эмес, көбүнчө жыл сайын көбөйүп аткан жаш байталдар. Алар айгырдан мурда өзүлөрү куутка киргиси келип, айгырдан мурда өзүлөрү ага тийишип, анын ысык денесин күсөп, айласын кетирет. Тобу менен артынан калбай ээрчип, Апакайды күндүзү же оттотпой, же тынчыраак суу ичирбей, же үргүлөп эс алайын десе эс алдырбай туш-туштан денесин жыттагылап, ал түгүл үстүнө секирип убара кылышат.

Апакай өзү деле сопсонун билет – күүгө келген жаш немелерди көп кыйнабай токтотуш керек. Жанжараткан Табийгат өзү да ошону катуу талап кылып турбайбы.

Шыйрактары али ыргай талдай ипичке, боор жүнү үлпүлдөгөн бир ак боз байтал бар эле. Апакайды ошол баарынан көбүрөөк эңсеп туруп алды. Деле курбуларына кезек бере турган эмес. Кыязы денеси от-жалын болуп күйүп баратса керек. Акырында Апакайдын омуроосун кажып, умасын тиштегилеп жанын койбоду. Анда эмесе болуптур деди окшойт Апакай сүрдүү көздөрүн жалтылдата катуу окуранып, байталды бир тегерете жыттап алган соң үстүнө аяр секирди. Жаш немеге атайылап эле салмагын салган жок. Аяп секирди. Ошентсе, тигил Апакайдын ысык сүмбөсү чатына такала түшкөндө кытыгысы келген чунак, мөңкүгөн бойдон айгырды төшкө тепкилеп кача жөнөбөспү. Мындайды биринчи көрүп аткан боз байталдын чындап эле жүрөгү дүкүлдөп калса керек, көпкө дейре тигини убара кылды. Апакай денесин жыттагылап үстүнө секиргиче туруп берет деле анан кайрадан төшкө тепкилеп качып жөнөйт. Күүгө кирип алган айгыр болсо эми өзүн кармай алабы?! Боз байталдын артынан түштү да калды.

Акыры, күнү кечке качып убара кылган байтал асманга жылдыз текши толгон кезде энтигип, солуктап туруп берди. Анын үстүнө дал ушуну жан жараткан улуу Табийгат өзү катуу талап кылып атпайбы. Туруп бергин деп атпайбы!

Апакай боз байталдын үстүнө бу жолу секиргенде асмандагы Ай, жылдыздардын баардыгы да бир добуштан: «Тим туруп бер!». «Шүк туруп бер!» деп чуулдап жибергендей болду. Ошону бүт тулкусу менен сезген боз байтал саамга кытыгысын сезбей, бүткөн бою балкып, мээнип, көздөрү тунарып, акырында саамга эсин жоготуп, тыптынч туруп берди...

Таңды таңатканча үйүрүн айланып жүргөн Апакай эртең менен жанына келсе боз байталдын бая кечте бүкүрөйө түшкөн бели али жакшы түзөлө элек экен.



Таңатканча бир тал чөп искей албаптыр. Оозунан дагы эле кара суу агып турат. Бирок, ага карабай эле айгыр аны тумшугу менен жамбашка нукуду да айдап жөнөдү. Анткени ак үйүр алыстап, төш таяна, отко чыгып бараткан болчу.

Баягы кашакеңдерден кийин Апакайдын үйүрүнүн кашында бир күндөрү кайдан-жайдандыр эки аяктуу жандар пайда болду. Кудайына кине кылып коюп, асмандагы жыргап турган бейишинен куулуп түшкөнүн андан кийин топон суудан аман алып калган атасы Яйсувдунун ишенимин актай албаган эки аяктар эч кимге лам деп ооз ачпады, алардан болсо муну такмазалап сураган жан да болгон жок. Жер үстүндөгү айбандардын бардыгы төрт аяктуу болгон соң, бул соройгон эки аяктуулар, сөздүн чыны керек, жылкыларга аябай эле түрү суук көрүндү.

Бирок, буларда карды ачканда шак-шак-шак этип кагышып турган бөрү тиш деген эң залалдуу нерсе жок сыяктуу. Тумшугу жалпак, ооздору жапкак, тиштери таруу сымал майда, буттары узун, колдору кыска, көздөрү анча жырткыч эмес немелер экен. Биртоп күн Апакайдын ак үйүрүн тимеле тегеректеп, беймарал карап жүрүштү. Кол сала тургандай деле эмес. Андай болгон соң деп Апакай менен анын бээлери кыйла тынчып калышты. Эки аяктуулардан анча деле үркүп качыштын кереги жок сыяктанды.

Ошентип жүрүп күндөрдүн бир күнүндө дал Апакай өзү мурда чуркап жүргөн эле түптүз жерде кандайдыр пайда болуп калган үстү жабык жашыл чөп менен жабылган аңга кулап түшүп, очорулуп тура албай, онтоп калбаспы! Аңгычакты жерден чыга калгансыган баягы эки аяктуулар жабыла чуркап, мойнуна кыл аркан сала коюшуп, айгырды байлап, матап алышты. Апакай байлатпай да, мататпай да жакшы эле кармашты тигилер менен. Аркан-жибин нечен ирет бачырата тээп, ордунан серпилип турууга аракет кылды, бирок тигилер ага боло турган эмес. Көптөп атышты. Өтө эле амалы ашынган, айлакер, куу немелер экен. Бир арканы үзүлсө экинчисин сууруп чыгышып...

Бээлер, кулун-тайлар, кунан-быштылар болсо бардыгы текши баштарын бийик көтөрө, болуп аткан окуяны таңгала карап турушту, бирок эч нерсе түшүнүшкөн жок. «Бул эмне деген шумдук? Апакай силерге эмне жамандык кылды эле? Эки аяктуулардын бул кылганын кандай түшүнсө болот? Ушу да калыстыкпы?!». Жылкыларга жооп берген эч ким болгон жок. Ошол кеч бешимде анан эки аяктуулар Апакайды кайдадыр бир жака зордоп сүйрөп кетишти. Жарыктык жылкынын көздөрүнөн аккан жашы он салаа!

Айгырсыз калган үйүргө болсо ошол эле түнү аңдып жаткан карышкырлар кол салды. Апакайдын бүгүн кайтып үйүрүнө келбесин кыйдылар түшүнүшкөн окшойт. Жашыл туланда баягы эле, көнүмүш болгон канавайран башталды. Бирок, бир гана жери – бүгүн Апакайсыз башталды. Түнкү жашыл талаада ак кебездей караандар демейдегидей эле желдей учуп, ажалдан качып баратышты. Эгер мурда бул караандардын катары толук уча турган болсо, бу сапар улам бири кемип, улам азайып учуп баратты. Улам бири томолонуп, көмөлөнүп, жабыла баскан жырткычтарга туруштук бералбай үнсүз тыбырчылап, акырында кырча тиштелген кокосу менен коркурата аба тартып, андан кийин жан берип атышты. Эки аптага жетпей эле кашакеңдер баягы жумурткадай аппак үйүрдөн калган эң акыркы боз кулундун уздай тумсак денесин тытып жеп, али катый элек чемирчек сөөктөрүн качырата чайнап, акыр аягында коргошун чөйчөккө окшогон кичинекей төрт туягын гана ээн талаага таштап кетишти. Кечээ эле өздөрүнүн сазайын колуна карматып турган Апакайды эстеген бирөө болгон жок.

Дал ошол түнү каргашадай болуп асманды кара булут каптады эле, алыс-алыстагы Ай-жылдыздар, кең аалам өзү дагы Жер бетинде болуп өткөн кандуу окуяны көрбөй калышты...

А бирок, карышкырлар эстебегени менен эки аяктуулар Апакайды көз ирмемге да унутушпай тегеректеп, улам жакындашып, көкүлүнөн, жалынан сылагылашып, жоошута башташты. А күндөрдүн бир күнүндө болсо Апакайдын оозуна темир ооздук салышты да, Улуу падышанын мураскер уулу деген бир кырдач мурун жээрде чач жигит байкоостон эле айгырдын үстүнө мышыктай секирип мине калды. Апакай адегенде эмне болуп кеткенин түшүнгөн жок. Атүгүл саамга селейип туруп калды эле, жонундагы сербейген бир нерсе көзүнө чалдыга түштү. А далысынын кытыгысын айтпа! Ошондо ал катуу кошкурук аткан бойдон эки алдыңкы колу менен асманды чапчыды да, үстүндөгү жүктү силкип ыргытмак болду. Жүк ыргыбайт. Апакай нечен жолу баягысын кайталады эле жүк ыргыбайт. Андай болсо деп айгыр эми эки арткы бутун асманга серпе мөңкүй баштады. Жүк ооп барып-барып кайрадан ыргыбай калат. Апакайдын кыжыры ушунчалык келгенден көп жолу кайра-кайра мөңкүй берди эле акыры үстүндөгү тырмышкан неме жерге учуп түштү окшойт. Ошол замат айгыр үйүрүн эстеди да жашыл талааны көздөй бой урду. Бой урган менен аркан деген каргаша аны бу сапар да коё берчүдөй эмес. Акыры жүрүп баягы көккөз, кырдач мурун, жээрде чач неме айгырдын үстүнөн таптакыр түшпөй турган болуп алды. Анткени топурап жөө согушкандардан эки эсе бийик, көп эсе күчтүү, андан да көп эсе күлүк болуп алды да. Ошондон дагы биртоп убакыт өткөн соң Апакай эки аяктуулардын өз ара чабышкан чатагына биринчи жолу катышты. Жараткан анын бетин нары кылсын, тимеле кызыл кыргын, кара сүргүн. Апакайдын омуроосуна калың жазы кайыштан көмөлдүрүк тагып туруп анын үстүнө томуктай болгон коло темирден үч урчук бекитишкен. Ал урчуктардын эмнеге керек экенин Апакай элес алган деле жок. Үстүндөгү эки аяк тизгинди бирде оңго, бирде солго тартып, капталын оорута теминип, а кээде соорусун ачыштыра камчы салып да жиберет. Апакай эң алдыда. Артында болсо аны ээрчип найза сунган эки аяктар топурайт. Ур эле ур, сок эле сок деп кыйкырган ызы-чуу. Аңгычакты ошондой эле найза сунган эки аяктар Апакайдын дал бетмаңдайынан чыга түшүп качырышты. Ошондо артка кеталбаган Апакай шашып калды да тикемаңдай келгендердин үстүнөн секирип өтмөк болду. Секирсе алдындагы туяк тийген эки аяктар көмөлөнүп бакырып, кээлери омуроодогу темирлерге урунуп ыргып, айтору айласы кеткен Апакай кайрадан-кайра секирип отуруп четке чыккыча душмандардын кыйласын тебелеп-тепсеп, канжаян кылып салды. Четке чыгаары менен ал өзүн бирпаска эркин сезе калды эле дароо аппак үйүрү эсине түшүп, дароо жашыл талааны көздөй учуп жөнөдү. Бирок, баягы эле каргаша тизгин аны кайра бурду, кайрадан эки аяктууларга апкелип кептеди. Апакай кайрадан алардын үстүнөн секирип өтүүгө аргасыз. Ошентип анын дайыма тулаң чөп баскан эч айыпсыз туяктары тизесине дейре кайра-кайра кызыл кан кечип жүрдү...

«Мен!», «Мен!», «Мен!» деп тамагы айрылганча, кызылөңгөчү үзүлгөнчө кыйкырып жатты, айкашта жеңген соң Апакайдын үстүндөгү сербейген экиаяк. «Мен эми бүткүл Жер жүзүн өзүмө каратам! Алдымда мынабул Боз айгырым турганда алыс-жакынды бүтүндөй чаап, өзүмө окшогон эки аяктууларды кырып-



жоюп, деңизден деңизге, океандан океанга дейре түгөл баарын алдыма чөгөлөтөм! Чөгөлөтөм!»

Эки аяктын ээликкен жырткыч көздөрү кыпкызыл болуп каканактап, оозунан көбүк буртулдап, канга боёлгон кылычы менен колго түшкөн туткундардын денебоюн бырчалай чаап, токтолбой атты.

– Балам, – деди ошол кезде купкуу сакал атасы жанына басып келип калчылдап – оң колуң менен кан төктүң, эми сол колуңа кезек бер! Сол колуң алдагы жылкынын денесиндеги канды аарчып кетирсин! Жарыктык малда эмне айып?

– Аарчыбайм! – деп бакырды баласы атасына.

Ошондо атасы байкуш тигиге катуурак акыл айта коём деп бөөдө жерден опат болуп калды бейм. Кандын жытына уугуп, жеңиштен улам көзү тунарып, көкө теңирин таанибай дөгүрсүп турган экиаяк кылычын жаный шилтеп жиберди эле муну көрүп тургандардын бардыгы айбан сыяктуу чуулдашып, кудум алиги карышкырларча улуп-уңшуп жиберишти. Бул болсо тигил кылыч шилтеген эки аяктын баатырдыгын, жеңиш үчүн өз атасын да аябай турган тайманбас эрдигин даңазалаган өкүрүк-бакырык эле.

Такыр жерге топ этип ыргып түшкөн баш али тирүү болчу, ошондуктан чалдын жаңы эле ичине кан толо баштаган кулактары Апакайдын дал ошол ирмемде үйүрүн издеп алыс-алыска карай катуу азынаган доошун угуп калды... Ал эми жумулуп, өчүп бараткан көздөрү болсо ат үстүндөгү керсейген экиаяк уулу тизгинди кандайча катуу силккенин, тиштерине темир оздук шак эткенде чоочуп кеткен Апакай кандайча башын экчеп, эки колун асманга серпе дагы бир жолу азынап, дагы бир жолу айталаада кырылган аппак үйүрүн издеп алганын көрүп калды...

– Бу сандыракты ким жазган?! – деди Далай лама жардамчысына өзү окуп аткан аңгемени көрсөтүп жийиркенгендей.

– Мани Ясо жоголуп кеткен соң анын жашаган бөлмөсү опуз болгон. Ошондо табылган кагаздар, азирети таксыр.

– Жо мынабул аңгемени ким жазган, ээси ким экен деп сурап атам сенден?

– Ээси белгисиз, азирети таксыр. Балким Мани Ясо өзү жазгандыр.

– Ал сары топу кечил неме айгыр-пайгыр, байтал дегенди кайдан билип коюптур?!

– Аны айта албайт экем, азырети таксыр. Кечирип коюңуз.

– Кандай жаңы кабар бар аны издөө боюнча?

– Кечээки чегарадан кармалган монах дагы Мани Ясо болбой чыкты.

– Билем аны! Башка кабар жокпу?!

– Азырынча жок, таксыр.

Далай лама жардамчысынын макоороок экенине ичинен кыжыры келип, аны тиктеп турду да өзү башка бир шектүү нерсени ойлоду: «Тигил сандыраган нерселерди Мани Ясо жазган болсо, анда менин кызымды соо койгон эмес ко бул акмак. Калп эле сары топу кийип алып булар кылгылыкты кыла берчү эле. Энесине айтыш керек экен, кызын текшертсин».

# *ОН ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ*

Селенг кыз төшөктөн турбай жатып калды. Үн жок, сөз жок, жалдырап шыпты тиктейт. Жарым айдын ичинде ансыз да эти толо элек жаш немени шалдырап эле сөөгү калды. Догдурлар, мен деген табыптар, мыкты ламалар улам бири келип өспүрүмдүн тамырын кармап унчукпай баштарын чайкайт, ийин куушурушат. Кыздын ден соолугу жайында эле көрүнөт, бирок бири да аны төшөктөн тургуза албады. Күн өткөн сайын бетинин нуру өчүп, көз жашы тыйылбайт. Үй кызматын жасаган аял Селенгдин суу болгон жаздыгын улам алмаштыра берип суй жыгылчудай.

Кызынын бул ахвалы, ансыз да ишинде жолу болбой аткан Далай ламаны кайгыга батырды. Канайым болсо кызы Селенгдин бөлмөсүнө кирген сайын ыйлап чыгат. Бүгүн да ошентти. Берилген тамакка Селенг кашык тийгизбептир. Кызынын башын көтөрүп, ананас ширесинен бир ууртап койчу деп жалынса анысы баш чайкап, идишти түртүп болбой койду.

– Ушул балакет сүрөттү деги алып коё турайынчы! – деди канайым кызынын маңдайында, дубалга илинип турган Селенг менен Мани Ясо экөөнүн чогуу түшкөн сүрөтүн илмегинен чыгарып алып.

– Алба! – деди кызы солуктап. – Алба!

– Сен айыккыча ала турайынчы, каралдым.

– Алба!, – деди кызы көз жашын мөлтүлдөтүп, эриндерин титиретип. Канайым сүрөттү кайра ордуна илип коюшка аргасыз болду.

– Атам келсинчи, – деди саамдан кийин Селенг алсыз үн менен кыңылдап.

Далай-лама ансыз да түшкү тамагына келаткан болчу. Күндөгүсүндөй эле ашканага токтолбой өтүп кызына кирди.

– Деги бирдеме сүйлөчү кызым. Апаң экөөбүз таптакыр уктабай калдык.

– Сиз Мани Ясону издетпей атасыз! – деди ошондо кызы капыстан атасын күнөөлөп.

– Издетип атам, кызым. Чегараны бүт жаптырдым. Азыр Тибеттин бүткүл полицайлары, атүгүл солдаттары ошол жубарымбектин артында. Кечээ, мурдагы күнү эки баланы кармап келишиптир, экөө тең анча-мынча окшош экен, бирок Мани Ясо эмес.

– Ата, сиз издетпей атасыз! – деди Селенг жаздыктан өйдө боло калып, эки колу менен бетин басып калчылдап. Ошентти да, канайым кучактап калгыча болбой, ордунан сендиректеп тура кетти:

– Өзүм издейм! – деди аңгыча кыз атасына бакырып. – Өзүм издейм! Сиздин полицайлар макоо! Дөдөй! Келесоо! Уктап атышат! Өзүм издейм! Мен билем аны кайдан табышты!

Жыгыла жаздап темтеңдеген кыз кийине баштады эле энеси кийимин колунан талашып, жалына кетти.



– Кой, каралдым, антпе. Ооруп жатып кантип издемек элең! Табылат ал бала. Кайда кетмек эле, табылбай!

Далбастаган аял күйөөсүнө кыйкырды:

– Таптырбайсыңбы ал жер жутуп кеткен немени!

Кызынын мынабул жоругуна таңыркаган Далай-лама болсо оозуна лам деп сөз келбей дудук болуп турду.

– Издетип атпаймбы! – деди акырында ал апасына ээ бербей жулунуп аткан кызын кошо кармалашып.

Акыры түбү атасы менен энесинин кызына алдары жетпей койду. Долуланып, тытынып, жулунуп атып кыз кийинди да сыртка чыга жөнөмөк болду.

– Коё тур эми, полицай кошуп берейин. Чогуу издегиле! – деди айласы кеткен Далай – лама кыжырлана бакырып.

Ошентип, Тибеттин өкүмдарынын эрке кызы айнектери капкара, «Мерседес-600» менен Лхаса шаарын аралап чыкты. Селенг алдыңкы орунда, айдоочунун катарында, артында болсо Далай – ламанын жеке жансакчыларынан төртөө.

– Сенин тарбиялаган кызың! – деди Далай – лама кызы узап кетээр менен боюнун калчылдагын токтото албай аялына кыйкырып. Канайым баардык учурга кадик болгон, чечкиндүү, амалкөй жан болгондуктан, күйөөсүнө тике карабай туруп жооп берди. Тике карабаса да күйөөсүнөн кем кыйкырган жок.

– Сүйүү деген ошондой оору! Болгондо да мээнин оорусу! Мен аны кантип айыктырат элем!?

Тибеттин өкүмдары ошенткен аялына таңгала карап биртопко оозун ачалбай турду да, шарт бурулуп ишине кетип калды. «Шумдук!» деди ал иш бөлмөсүн көздөй кетип бараткан коридордо башын чайкап, «Шумурай шумдук!..»

* * *

Бу маалда Лхасанын Пекин аттуу машина көп жүргөн борбор көчөсүндө айдоочусу мас сыяктуу «Мерседес–600» автомашинасы эрежени орой бузуп, бирде оңго, бирде солго чыгып, токтобой турган жерлерге чукул токтоп, арттагы жүргөндөрдүн кыжырына тийип кетип баратты. Жол полицайы аны токтотуп жазалаштын ордуна эки кадам артка чегинип, колун бооруна ала таазим кылып өткөрүп атты.

– Селенг канбийкеч, сиз антип айдоочуга жолтоо болбоңуз, кырсыкка учурайбыз! – деди акырында чыдабай кеткен жансакчылардын бири, айдоочуга улам бир буйрук берип келаткан Далай – ламанын кызына батынып.

– Токтот! – деди ошол замат эсакылдан кетип албууттанган жаш кыз айдоочуга кыйкырып.

– Тигинекей Мани Ясо! Оң жакта кетип баратпайбы! Көрбөй атасыңарбы!

Чоочуп кеткен айдоочу дароо тормозду басты да оң жакты көздөй алды. Караша чынында эле бир шыңга бойлуу монах жигит кетип бараткан экен. Кыз токтогон машинадан секирип түштү да жигиттин артынан жүгүрдү. Мындайды күтпөгөн жансакчылар шаша-буша машинадан ыргышып, бирок баары бир кызга жеталбай артта. Кыз бейтаанышка жүгүрүп жете бергенде ал жигит чочугандай артына кылчая калды эле таптакыр Мани Ясо эмес экен. Селенг башка чапкандай тык токтоду да ызасына чыдабай ыйлап жиберди.

– Сизге эмне керек, айым? – деп бейтааныш жигит кызга жакындагыча жансакчылар жетип барышты да ортолорун бөлүп, кызды артка алып жөнөштү.

– Эй, тийбегиле! – деди бейтааныш жигит капыстан жолуккан сулуу кыздан кол жуугусу келбей титиреңдеп. Ошентсе жансакчынын бири этегин ачып туруп тигиге тапанчасын көрсөтүп койду. Ызалуу жылмайган жигит башын чайкап кала берди.

Андан ары Селенг Мани Ясону эми жөө чуркап издейм деп жанындагыларды кыйнай баштады. Жөө издөө мүмкүн эмес эле. Көчөдө эл, анын үстүнө жаандан кийин тротуарларда көлчүктөр көп. Андай жолдордо жөө жүрүш үчүн адам абдан тажрыйбалуу болуш керек, а, Селенгде болсо ал караманча жок болчу.

– Жөө киши шаардан издегенин таба албайт, – деди жансакчылардын бири аяр сүйлөп.

Дал ошол тушта чөнтөк телефон менен Селенгдин апасы чалып калды.

– Кызым, – деди канайым ый аралаш каргылданып, – үйгө кайрылып тез келчи кызым, Ясону антип көчөдөн издеп табалбайсың. Эгер ал көчөдө жүргөн болсо полиция небак кармап келмек.

– Полиция дөдөй, кеңкелес, акмак! Алар эч качан табалбайт! Мен өзүм табам!

– Кызым, каралдым...

Селенг телефонун өчүрүп салды да күтүлбөгөн жерден машинага отурууга макул болду.

– Мусулман мечитине айдагыла, ал ошол жакта! – деди андан соң айдоочуга буйрук берип.

«Мастиф» деген мусулман мечити Жохан храмынын батыш ыптасында, эки кабат үйлөрдүн далдасында эле. Кире бериши дайыма суу сээп таза шыпырылган эски мечитте киши деле көп болчу эмес. Жума намаз күндөрү гана Лхасадагы исламчылар чогулуп келбесе, башка убакта бу мечит тынч. Ирегесинде бир кандек, анан каптал жүнү күйүп калган сары мышык.

– Мани Ясону көргөн жоксуңарбы?! Мына мындай, узун бойлуу, сулуу жигит! – деди Селенг алдын тоскон уйгур топучан молдокеге колун жаңсап.

– Иллаху илла иллалла! Мухаммади алла суллалла, Сизиң айым, кимди сурап атасыз? Ал адам муслимби же жокпу? – деди молдоке Селенгге көзүн аңтарып.

– Ал – Мани Ясо!

– Мухаммади алла суллалла! Андай момун пенде бул жакка келбеди, Ханум.

– Калп айтпа! Ал мечитте жашынып отурат!

Ушундай сөздү уккан жаш молдо Селенгге болгон урматын дароо жоготту окшойт, карап турган жансакчылардын көзүнчө, тартынбай эле кыздын соорусунан сылап ыржактады:

– Менам калп сүйлөбөйм, ханум. Ар качанда чын сүйлөйм. Мага ишенсеңиз дурус болот.

Жансакчылардын бири молдону нары жөөлөп кыздан алыстатты да Селенгге мындай деди:

– Сиз машинага отуруп туруңуз, мен мечиттин ичин карап чыгайын.

– Жок, мен өзүм карайм!

Селенг мечитке кирмекчи болгондо молдоке шыпылдап алдыга түшө турган болду эле, жансакчы аны кирбейсиң деп чыканактан тартты да сыртка калтырды...

«Мастифтен» кийин Мани Ясону издегендер Селенгдин буйругу менен Жохан храмын көздөй салышты. Нечен миңдеген адам окуп жашаган эбегейсиз храмдын коридорлорун аралап жүрүүнүн өзү акылга сыйбаган иш болгондуктан, кызды кантип токтотуштун амалын билбей жансакчылар катуу бейпайда эле:

– Храмдын башкы сакчысына жолугалы. Ал буердеги ар бир чычкандын уюгуна дейре билет, – деди жансакчылардын бири туюктан амал таап.

Акыры Селенгди ошого көндүрүштү да Мани Ясо он жыл ашуун билим алган атактуу Жохан храмынын баш сакчысы, калдайган кара мурутчан полицайга жолугушту.

– Мани Ясону кармап, камакка алууга бизге да буйрук берилген. Издеп атабыз, таба элекпиз, – деди ал офицерчесинен какайып туруп.

– Эмнеге камака аласыңар?! – деди аңгычакты Селенгдин өңү кубарып.

– Буйрук ушундай, ханум.

– Кимдин буйругу?!

– Жогорку жак! – деп полицай сөөмөйүн шыпты каратып койду.

– Ким ал жогору жак?!

– Аны бизге айтышпайт. Суроого акыбыз жок.

– Эмне үчүн сурабайсыз. Сураңыз азыр!

– Акым жок, ханум!

Мурутчан полицай «бу кайсы кыз мага буйрук берген» деген түр менен Селенгди жекире карады да сөз бүттү дегендей ишарат жасады.

– Мани Ясо сөзсүз ушул храмда! – деди ага болбой эле Селенг жансакчыларына чечкиндүү бурулуп.

– Андай болушу мүмкүн эмес, Канбийкеч.

– Бул жерде болсо небак кармалат эле да, Канбийкеч!

Жансакчылар ушинтип безилдеп жибергенде храмдын баш сакчысы чоочулай түштү. Кызга корс этип катуураак сөз айтмакчы болуп турган неме дудук болду да калды. Антишке дагы бир себеп – кыздын үстүндөгү кымбат кийимдер жана билектерине, мойнуна тагылган, седеп чөгөрүлгөн алтын билерик, сакчы өмүрүндө көрбөгөн каухар сөйкөлөр эле. Жанатан сакчы буларды байкабаптыр. «Оха! Канбийкеч дегениң ушул турбайбы!» деди ал карап турган көзүнө ишенбей, бирок дагы эле тили буулуп.

– Мани Ясо ушул храмда окуган! Булар жашырып атышат!

Селенг өзүнүн бардык кайгысына дал ушул баш сакчы күнөөлүү сымал калчылдады эле тигил кайда кире качаарын билбей жаман болду.

– Ханум, – деди анан ал эрдин араң кыбыратып, – ишенбесеңиз көрсөтөйүн. Мынакей, бизде Мани Ясону издөө боюнча Тибетти коргоо комитетинин акыркы маалыматы бар. Ошентип ал кылтыраган колу менен сейфинде катылуу турган билдирүү кагазды Селенгге сунду.

«Экинчи жашыруун билдирүү!

Тибет автоном районунун бардык чекара жана кайтаруу постторуна!

Учурда мамлекеттик издөөгө алынган Потала Ордосарайынын жоопту у кызматкери Мани Ясо акыркы жолу Лхаса шаарынын кайырчылар коомунун таросу Дамема менен жолугушкан, андан соң «Дүнүйө» мейманканасына келип түнөгөн. Аны жандап жүргөн адам – Жохан храмынын мурдагы сары топу монахы, көп жылы устат Лама Цунун жардамчысы болуп иштеген Нгван Дей. Экөөнүн тең фотосүрөттөрү тиркелет.

Мамлекеттик баардык кызмат посттору жана бул издөөгө тийешелүү болгон баардык атуулдар бул эки адам жөнүндөгү билинген кабарды токтоосуз Тибетти коргоо комитетине билдирүүгө милдеттүү. Качкындар куралчан болушу мүмкүн.
ТКК».

Билдирүүнү окуп бүтөөр менен Селенг бир нерсени капыстан эстегендей ойлоно түштү да кайдадыр шашып калды.

– «Дүнүйө» мейманканасына кеттик! – деди андан кийин жансакчыларына катуу буйрук берип.

«Дүнүйө» мейманканасында көрсө анын кандайдыр бир тааныш кызы мейд[1] болуп иштейт экен. Эмдиги азапты ошол бечара көрө турган болду окшойт. Селенгден биртоп эле улуу кыз экен. Ошого карабастан канбийкеч анын дароо эле шаштысын кетирип, атүгүл жулмалап ийди:

– Сен аны дубалап алдың! Билем, сенин кара сыйкырың бар экенин! Таап бер азыр аны мага!

Көзү алайган мейд[1] кыз биртопко дейре эчтеме түшүнгөн жок.

– Кечирип коюңуз, ханум. Биз Мани Ясо аттуу Ордосарайдын кызматкерин расмий түрдө издеп жүрөбүз.

– Уккам, – деди кыз жансакчынын эңкейип сылык айткан сөзүнө жооп берип. Ошол эле учурда ал бетине кол салууга даяр турган Селенгден жалтанып, жүзүн алаканы менен калкалап атты. – Радиодон укканбыз. Бирок, издеген кишиңерди мен эч убакта көргөн эмесмин.

– Калп! – деди Селенг чаңырып. – Сен андай сулуу жигиттен эч качан кыя өтмөк эмессиң!

Бул арада коридордогу бир топ эл тигилерди тегеректей баштады. Жансакчылар өтө эле ыңгайсыз авалда. Жаалданган кызды бул жерден кантип алып кетиштин айласын табалышпайт. Канбийкечке катуу айтуу да, кысым көрсөтүп соолуктуруу да мүмкүн эмес эле. Эгер антишсе акыры түбү өкүмдардын кызы эмес, катардагы жансакчы күнөөлүү болуп, жаза алаары бышык. Бийликтин кешпири деген кайда болбосун бипбирдей, опокшош.

– Алып кеткиле мунуңарды! Эмне мага жабышат! Көргөн эмесмин качкан кишиңерди!

Мейд кыз акыры жаны ачыды окшойт, Селенгге тете кыйкыра баштады. Ызы-чуу күчөп баратат. Жансакчылар чогулган элди тарата албай убара болушууда. Бир эле көргөндөр чатак салып аткан Селенгдин ким экенин жазбай боолгошуп, ошол себептен полицайлар артка түртсө да болбой кызыкка батышууда.

Акырында эки кыз чапчыша түштү. Бою тигинден кыска экенине карабай Селенг мейд кызды секирип барып чачтан, беттен алганы жүрөт.

– Түкүрдүм сенин Мани Ясоңо келесоо, жинди! Кереги жок аныңдын мага! – деп мейд кыз ачуусу менен оозуна келгенин айтып артына качат, Селенг болсо анын көйнөгүнө, жакасына жабышат. Ошол тушта мейманкананын кызмат киймин кийген, узун бойлуу болук аял нарыдан басып-келди да эки кызды эки жакка түртмөк болду эле Селенг ого бетер күчөп, тиги кыздын төш көйнөгүн эмчек тарткычы менен кошо жулуп, эчкимге ээ-жаа бербей мейманкананы бүтүндөй ызы-чууга толтурду.

[1] Кир жуугуч.



– Кармабайсыңарбы бул бейбашты! – деди аңгыча эки кыздын ортосундагы узун бойлуу аял Селенгдин жансакчыларына кыйкырып. Ошондо ооздорун ачып, төшү жылаңач калган кызды карап жалдырап турган кара кийим полицайлардын бири шашкандан Селенгди артынан келип кучактай калды. Сырттан караганда бул көрүнүш бир ажайып эле – Тибеттин улуу даражалуу бийлик башынын он беш жашар эрке кызы ак балыктай туйлап, чаңырып капкара медузанын кучагынан чыга албай жулунуп атты...

Ошол эле күнү кечинде Ордосарайдын дарыгер-ламалары кызды гипноз менен зорго араң жоошутушуп, Пекин шаарына, Кытайдын борбордук психикалык клиникасына тезинен алып жөнөштү.

## *ОН БЕШИНЧИ БӨЛҮМ*

**Б**ир чайнек суу алыш үчүн он чака карды эритиш керек. Манас көлүнүн түбүндөгү Сак Муни монастрынын жатакчысы монах Соржунун ар күнү таңертеңден баштап кылган жумушу ушул – кар эритмей. Таптаза карды да таба коюш оңой болбой баратат. Туристтер көбөйгөн сайын монастрдын тегереги ыплас. Таза карды кыйла алыс басып барып апкелиш керек. Сууну Манас көлдүн өзүнөн алып ичсе да болот. Анүчүн бир кайнатып алыш керек. Бирок көлдөн сууну бир жумада бир эле албаса күндө барып келиш кыйын. Тик жар менен ылдый түшүш оор болсо, челекти ийинге салып алып кайра өйдө чыгыш андан тозок. Бир заманда монастрдын жанында булак болгон экен. Ошол булакка мерчеп салынса керек монастр өзү да. А кийин-кийин булак соолуп кетет. Ошондон баштап бул жерде суу деген нерсе көз жашы менен барабар.

Өткөн кылымдын ортосундагы коммунисттердин маданий революциясында Сак Муни монастры өзгөчө талкаланган болчу. Анын себеби бу монастр Будданын дал өзүнүн атында экендигинде го . Сак Муни өзү Манас көлдүн суусуна чайынып, мына ушул азыр имарат турган жердеги үңкүрдө жашап кеткен экен. Кийин дал ошол үңкүрдүн үстүнө монастр салышат. Ал кезде мөлтүрөп агып турган жан булак соолуп кетет деп ким ойлойт? Албетте эч ким ойлогон эмес. Ошентсе да адамдан амал качып кутулабы. Суусу жок болсо да мынакей канча кылымдан бери Сак Муни монастрдагы коломтонун оту өчүп калган жок, кудай сактасын. Бирөө болбосо бирөө сөзсүз жашайт. Бирөө болбосо бирөө сөзсүз күн көрөт, жан багат, кыскасы ыйык жер ээн калган жок.

Монах Соржу очоктогу тезектин табына колдорун кактап отурду. Эки чака кар сузуп келгенче кол деген зылыйып тоңуп, сенип калат. Кар менен кошо аны да жылытыш керек. Болбосо манжалар керектен чыгып, оокатка жарабайт.

Соржу болжоп отургандай эле ошол тушта сырттан дабыш угулду да бөлмөгө бышылдап-күшүлдөп Дей кирип келди.

– Охх. Өхх, суук кантет ыя! – деди жигит эчтемеден капары жок үстүндөгү тонун чечип жатып.

– Сен суукту кой. Суукту эмне кыласың. Андан көрө жогол бу жерден. Баягүнкү чегарачы аскер бүгүн да келип кетти. Кызы сени кармаганы турушат окшойт. Же ким экениңди мага ачык айтпайсың, чунак жигит. Деги кимсиң сен өзүң? Тыңчысыңбы? Айтчы чыныңды.

– Мен сизге болгонун бүт айтып бербедим беле. Томаякмын.

– Калп ко айтканың. Сен монастрдан сооп издебей эле бир шойкомдун артынан жүргөн немесиң го. Болбосо алдагы башың үчүн Тибет өкмөтү бир миллион юань сайбайт эле да.

– Менин башым бир тыйынга да турбайт! – деди Дей ыржайымыш этип.Бирок ошенткен менен өңү-башы бузулуп, саруулап калды.



– Эмне, мени кармайбыз дештиби?

– Деген жок. Бирок билинип турат. Өткөндө эле сен жөнүндө такып сурап кетишкен. Мен өзүм сөз карматып койбодумбу. Келесоомун да. Жалгыз турам. Жанымда эч ким жок деп койгом чегарачы сураганынан. Анда ал үйдүн ичин бүтүндөй карап, текшерип байкап отурган экен: «А тигил экинчи төшөк да сеникиби? Эки төшөкө бирдей жатасыңбы», дейт. Андан кийин тетиги сенин табагыңды көрсөтүп: «Эмне, эки табактан бирдей тамак ичесиңби?» дейт. Иши кылып билип койду сенин бул жерде жашап жүргөнүңдү.

– Билсе биле берсин. Менин эч кандай кылмышым жок. Сиз эле өзүңүз мени кубалабасаңыз болду.

– Мага кайра жакшы болуп атпайбы сенин турганың. Акча-тыйының бар экен. Жалаң туристтердин кайыр-садакасына жалдырабай, сен келгени тамак сатып алып жыргап калдык. Бирок...

Монах Соржу Дейди шектүү карап унчукпай калды.

– Мени кармаш үчүн атайын шылтоо керек да, – деди Дей тонун кайра кийчүдөй болуп арсарсып.

– Чегарачыга шылтоо жокпу? Мына мобул монастр турган жер чегара зонасына кирет. Керек болсо сени эмес, он жыл ушерде турган мени да кармап кете берет булар. Карабайт эчтекеге. Ошон үчүн айтсаң чыныңды. Шектүү эчтекең жокпу?

– Кайырчы болчумун дебедимби, сизге.

– Болсоң боло бер, бирок акчаң бар неме турбайсыңбы? Кайдан алгансың?

– Азмаз акчам бар болчу. Түгөнүп бүттү.

– Ошондо деле бир жылча экөөбүзгө жетти го. О, канча акчаны экөөбүз ашап койдук. Мен семирип ычкырым үзүлө турган болду. Алдагы бетиңди бүт жапкан сакалың болбосо сенин да өңүң аябай эле майлуу. Бая адеп келгенде кандай арык элең? Аныңа рахмат дечи. Бирок өзүң бил жигит. Мен айтаарын айттым. Кийин таарыныч болбосун.

– Анда эмне кетейинби?

– Күнөөңө кара. Күнөөң болсо тезинен жогол. Мага ысмыңды деле жалган айттың окшойт. Бирок билип кой. Монах Соржу эч убакта жакшы кишини сатып көргөн эмес. Сени да сатпайм. Кереги жок мага миллион юаньдын.

Отту көсөөлөп коюп баш көтөрбөй күңкүлдөп аткан монах Соржуга Дейдин ичи аябай жылып кетти. Чынында эле Соржу сатса сатып, миллионду алса алып койбойт беле небак. Эки күндүн биринде Тибет радиосунан Мани Ясонун качкандыгы жөнүндө, жанында Дей деген монахтын бар экендиги жөнүндө кулактандыруу берет. Сырт кебетелерин бүт сүрөттөп айтат. Миллионду алмак түгүл чегарачылар келсе, Дейди арткы эшиктен качырып ийип куткарып жүрбөйбү Соржу. Ошенткени мына бир жылдын жүзү болот. Анан кантип кишинин ичи жылыбайт мындай адамга.

– Соржу ага, – деди Дей жүүртө басып жакын отуруп. Сизге бир нерсе айтайымбы.

– Айтсаң айт.

– Алиги миллион юань менин башым үчүн эмес, Мани Ясонун башы үчүн. Түшүндүңүзбү?

– Жо, ал түшүнүктүү. Бирок Мани Ясону кармаш үчүн сенден башташ керек да. Жанагы Дей дегени сенсиң да, туурабы?

Дей шилекейин жутуп тил оозу жок жалдырап калды. Сорҗунун сөзү жүрөгүн ок тешкендей көзөп кетти. Көрсө бул куу монах баардыгын небак эле билет турбайбы! Тээ башында, Дей ыйлап-сыктап башпаана сурап келгенде эле дароо билсе керек. Ошондон ушуга дейре билмексен болуп тымпыйып жүргөнүн кара!

Дей сыртты көздөй чыга кача турган сыяктуу көрүндү Сорҗунун көзүнө.

– Коркпо монах Чампа, сен анык Дейдин өзү болсоң деле мага Чампа бойдон кала бересиң.

Дей далысына бирөө ысык темир басып аткандай ырсайып оозун ачты. Аныcы көрсө Сорҗуга ыраазы болуп, жылмайып аткандагысы экен. «Рахмат. Өмүр бою унутпайм», деди андан кийин эрдин-эрдине жеткире албай күбүрөп.

– Эми дурустап ойлонгун, Чампа качасыңбы бул жерден же жокпу?

– Качыш керек, Сорҗу ага. Сизге да залалым тийбесин.

– Мани Ясо кайда, айта аласыңбы?

– Аны жакында тосуп алышым керек. Эгер мени кармап кетишсе сиз тосуп аласызбы Мани Ясону?

– Ал кайда?

– Сүкүттө отурат.

– Бир жыл боюбу?

– Ооба.

– Анысы жакшы дечи ...

– Ал ыйык Миларепа да! Билесизби ушуну?

– Билем. Бирок азыркылар андайга ишене койбойт го.

– Билбейм. Мен ишенем. А сиз өзүңүзчү Сорҗу ага?

– Мани Ясоң өзүнүн Миларепа экенин далилдеш керек да. Мен анын кара дубасын билем. Жети кишини дубалаганын билем. Экөө өлгөнүн билем. Калганын билбейм. Өлгөндөрдүн балдары сенин Ясоңду өлтүрөбүз деп атышкан турбайбы. Жанагы миллион ошолордуку да.

– Ал акчаны Далай Лама өзү сайып атат.

– Радиодон антип айткан жок. Билбейм, балким мен укпай калгандырмын.

– Баарын кылып аткан ошол Далай Лама!...

Монах Сорҗу аңгычакты башын көтөрө калды.

– Угуп атасыңбы? Атчандар келди! – деди анан ал Дейге көзүн алайтып. Дей өзү деле уккан сырттагы дабышты. Ошон үчүн ал эч кеп-сөз жок эле баягы көнгөн адаты боюнча Сорҗунун бөлмөсүнүн төрүндө дубалга илинген көшөгөнүн артындагы эшикти ача салып сыртка лып этип чыгып кетти.

Монах Сорҗу ошого ыраазы болгон соң сырттан карп-курп кирип келген кытай чегарачыларды эчтеке болбогондой жайдары тосуп алды. Экөө экен. Экөө тең тимеле каардуу, мурдагыдай эмес.

– Тур ордуңан! – деди алдыга киргени Сорҗуга буйрук берип. Сорҗу таңгалган түр жасап туруп берди. Атүгүл жылмайып турду. Киргендер анын жылмайганын урган да жок.

– Колуна кишен! – деди бөлмөнү тинтип кирген офицер чин беркисине кыйкырып. Ошону менен Сак Муни монастрынын он жылдан бери жатакчысы монах Сорҗу бир көз ирмемде туткун боло калды. А тигил эки чегарачы бөлмөнү бүтүндөй аңтарып чыгышты. Болгон тапканы ошол экен – насыбай. Сорҗу мурдун курт жей баштаганда эки таноосуна насыбай сала койчу.



– Анаша! – деп кыйкырды насыбайды таап алган аскер. Экинчиси аны ала коюп жыттай салды да нары ыргытып жиберди. Демек, анаша эмес экен.

Колуна кишен салынган монах Сорҗу Дейдин кутула качканына ичинен ыраазы. Өзү болсо эч кылмышы жок болгон соң, чегара заставага көп болсо бир-эки күн кармашат да коё биришет деген ой менен камаарабай турганда аскер аркасынан түртүп аны эшикке айдап чыкты.

Эшикке чыгып-чыкпай эле монах Сорҗу таңгалганынан эси ооп дал болгондой. Эшикте, аттардын жанында небак колуна кишен салынган Дей бечара турат. Башындагы тытык малакайы кыйшайып түшөйүн деп калыптыр. Кишендин боосун болсо аттын үзөңгүсүнө байлап коюшуптур. Нарыда үч-төрт чегарачы тамеки тартып турушат.

Кыязы бу сапар чегарачылар эки күнөөкөрдү кармоого дыкат даярданып келишкендей. Дейдин арткы эшиктен чыга качаарын күн мурун билишип, атайын алдынан тосуп алышкан көрүнөт.

– Айдап жөнөгүлө! А сен болсо монастрга сакчы болуп тур! – деп офицер чин бир аскерин калтырды да атына минип алып алдыга бастырып кетти.

Чегара заставасы анча алыс эмес, жөө баскан кишиге эки-үч сааттык жол. Бирок такай өргө басмай. Офицер чин алдыга шашып кетип калгандан кийин жөнөкөй чегарачылар тигил эки туткунду келеке кылып, ар кандай шылдың сөздөр менен жүдөтүп келатышты. Жашы элүүгө таяп калган Сорҗуга анча эмес, көбүнесе Дейге жаман болду.

– Эй, чакча баш! Алдагы бит башыңда эмне бар, айта салчы! Бир миллионду чеңгелдеп жатып калайын! Ха-ха!

– Вуй энеңди, десе. Айткысы жок бизге. Тигил ТККнын колуна түшкөндө сайрайсың да!

– Алар дароо эле көчүгүнө ысык темир басат да мунун.

– Анан эмне, аяп отурмак беле.

– Мунун Мани Ясосу кыргыз деген неме турбайбы. Бул ошого сатылган тубо экен.

Ичи шакардай кайнап, чыдабай бараткан Дей акыркы сөздү айткан чегарачыга башын көтөрүп жекире бир карап алды эле ал үзөңгүдөн бутун чыгарып туруп тигини ийинге бир тээп калды.

– Көзүн кара мунун, карышкырдай болуп!

– Камчы менен төбөгө салып жибербейсиңби!

– Баары бир, миллионду ТККга эмес, биздин заставага берет. Биз кармадык да.

– Жо, мынабул эшек бизге Мани Ясону кармап бериш керек да! Ошондо анан бизге берет байгени.

– Эгер бул кармап берсе десең!

– Ооба да!

– Ошон үчүн муну ТККга өткөрбөй туруп өпкөсүн үзө тепкилеш керек. Ошондо анан айтат, кыргыз кожоюну кайда жашынып жатканын.

– Биздин начальник мындай олжону колунан чыгарбай калсын. Ал билет муну кантип сүйлөтүштү.

– Бул сүйлөбөсө тигил Сорҗу чыккынчыны сүйлөтүш керек. Ал да билет да качкындын кайда экенин.

– Чыккынчы дебе, Сорҗу бечара жоош неме. Бөөдө азапка чалынып алды.

– Хе-хе, жоош болбой калсын... чыккынчы да!

16*

* * *

Туура бир жума өткөндөн кийин бул иш боюнча Тибет автоном районунун мамлекеттик эки расмий кызматынын ортосунда чатак чыкты. ТКК – Тибетти коргоо комитетинин башчысы Далай ламага жеткирген маалымдоосунда мындай деген эле: «... чегара бузуу режиминде кармалбаган кооптуу адамдарды чегара посту өзү суракка алууга укугу жок. Ошого карабастан № 6 чегара посту качкын Мани Ясого байланыштуу деп кармалган эки адамды ТККга өткөрүп бербестен, беш күндөн бери өзүлөрү суракка алууда. Мындай мамлекеттик тартипти одоно бузууну тезинен токтотуп, ишти туура жолго салууңузду, көптөн көп суранам.

**ТККнын жетекчиси».**

Чегарачылар болсо Далай ламанын атына жиберген жообунда: «Кармалган эки адам чегара тартибин бузгандыгы үчүн суракка алынууда» деген шылтоону жазышып ошонун айынан маселе дагы үч күн бою арабөк. Тибет Далай ламасынын чегара иштерине кийлигишүүгө акысы аз эле.

Ал арада монах Соржу менен монах Дей экөө эки башка жол менен Пекин шаарына, Кытай Эл республикасынын чегара Армиясынын борбордук штабына жеткирилген. Мансорвар постундагы сурак учурунда оор жаракат алган, бирок Мани Ясо боюнча азырынча эч бир маалымат бербей, баарына чыдап келген экөө борбордук штабын сурак жүргүзүү боюнча биттин ичегисине кан куйган кадик адистеринин колуна түшкөндүн эртеси эле далдырап отуруп беришти. Эч убакта кылмыш, сурак чөйрөсүндө болуп көрбөгөн жөнөкөй эки пендени тыңшоочу аппарат орнотулган атайын бөлмөгө киргизип, сыртынан эшикти бекем жабымыш этип, кулпуларын шарактатып бекиткенден бир аз өткөн соң тигил экөө өздөрүнчө күңкүл-мыңкыл сүй-лөшүп киришти.

– Эмне турасың жалдырап? Отурбайсыңбы! – деди Соржу Дейге кыжыры келгенин жашыра албай титиреңдеп. Анын Дейге таарынычы чынында эле күч эле. Бул, бир кезде жалдырап, жансоога сурап келген «томаяктын» азабын мынчалык тартып калам деп Соржу байкуш мурда таптакыр ойлобоптур. Аны колго түшкөндөн кийин гана, мынабул өткөн жуманын ичинде түшүнүп отурат.

– Отура албайм, – деди эриндери көгөрүп, бети-башын бырыштырган Дей. – Көчүгүмдү дубинка менен ийлеп салышкан. – Сиз мага таарынып атасызбы?

– Анан эмне кылайын. Бетиңен өбөйүмбү?! Сенин мындай экениңди билгенде...

Соржу сөзүнүн аягына чыкпай мойнун бурап кетти. Чын-чыны Дейдин «мындай» экенин ал билип туруп анан бир жыл бою жашырып жүргөнүнө азыр ызасы келип, бирок ага өзүнөн башка кимди күнөөлөрүн билбей айласы кетип калган.

– Көчүгүңдү ийлеп туура кылыптыр сенин, – деди акыры ал Дейди табалап.

– Сизге кол тийгизген жокпу?

– Мага эмнеге тийгизет эле? Сенин Мани Ясоң кайда жашынып жатканын билбесем же. Билбейм да, чынбы?

Суракчылар үч күн үч түн бою эки бутун талтайтып, тамга жөлөнтпөй тургузуп койгон кыйноосун Дейге айтпай монах Соржу жашырып койду.

– Чын. Бирок булар киши эмес турбайбы Соржу ага. Өлөөрүңө карабай сабайт экен. Эки капталым бүтүндөй көгала. Көчүгүмө жел тийсе да сыздап атат тимеле. Бирок кандай экенин көрө албай атам.



– Эмнени көрө албай атасың?

– Көчүгүмдүчү. Кол тийгизбейт, тимеле.

– Сооп болуптур, кол тийгизбесе. А көрүп эмне кылат элең көчүгүңдү.

– Кантип айыктырам. Бирдеме сыйпаш керек го?

Монах Соржу Дейди жактырбай кайрадан тескери карап кетти.

– Эчтеке эмес Соржу ага. Лама Ясо чыкса өчүбүздү алперет.

– Ал кайдан чыкмак эле?

– Сүкүттөнчү.

– Качан чыкмак эле.

– Аз эле калды. Мен аны тосушум керек деп айтпадым беле сизге. Биякта минтип жатканымды карабайсыңбы.

– Тоссоң тос, тоспосоң кой. Менин ишим жок!

– Сизди мен ага тааныштырам, Соржу ага.

– Кантип тааныштырасың?! Өзүң түрмөдө жатсаң! Мени кошо ала жаттың! Монастр ээн калды! Ой, акеңди сенин!

– О, ал өтө жакшы жигит. Мынабул сүкүттөн кийин эмне болуп чыгаар экен. Көрөбүз.

– Аны да камайт да, сен экөөбүздөй кылып. Бекер жеринен издеп атыптырбы ТКК.

– Хе, аны эч ким камай албайт, Соржу ага!

– Эмне үчүн камай албайт? Сопсонун камайт!

– Анын көп касиети бар. Кайып болуп кете берет. Ал бир эле убакта үч-төрт жерде боло алат.

– Көрдүң беле?

– Өз көзүм менен. Мына, так мобул көздөрүм менен көргөмүн.

Монах Соржу көпкө дейре Дейди шектүү тиктеп турду да мындай деди:

– Ал ошентип өз жанын куткарып кетээр. А сен экөөбүз анын айынан түрмөдө чирип өлөбүз.

– Өлбөйбүз, Соржу ага. Качып чыгабыз, керек болсо.

– Ии, качырып коёт сени, булар!..

# *ОН АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ*

**А**дамдын жан-дүйнөсү үчүн сүкүткө кириш татаал иш, ал эми сүкүттөн чыгыш андан да оор.

Манас көлүнө жыгылчудай салаңдап турган бийик асканын койнундагы байыртан бери будда дүйнөсүндө ыйык деп эсептелген жашыруун жай Мани Ясо үчүн бир жыл бою жанүрөп чымырканган оккульттук окуунун, акыркы үч ай, үч күнү болсо сүкүттүн болгондо да «Агни-йога» усулундагы үзгүлтүксүз татаал сүкүттүн мезгили болду.

Адампенде сабында сейрек жарала турган акпейилдиги бар монах Дей ар бир үч жумада, көзгө сайса көрүнгүс түндүн койнунда тамак апкелип берип кетчү. Майга куурулган арпа бадырак менен желим челектеги таза сууну бийиктен аркан түшүрүп өйдө тартып алгандан кийин Мани Ясо ичи элжиреп Дейге ушунчалык рахмат айткысы келет, айтканда да катуу-катуу эле унчугуп, дилиндеги сөзүн ачык чыгаргысы келет, а бирок, тилеке каршы антүүгө болбойт– эки асканын кабышкан жери бийик көңдөй келип кенедей үн чыкса айасманга жаңырат. Ошон үчүн Мани Ясо эки алаканын оозуна кармай калып акырын шыбырашка мажбур.

– Рахмат, Дей ага. Жакшылыгыңызды унутпайм. А, Дейден болсо жооп деген болбойт. Керектүү сөздөрүн ал кагазга жазып туруп баштыктагы бадырактын үстүнө коюп коёт. Бүгүн ал минтип жазып коюптур: «Кечээ Пекин радиосунан берди, Тибет бийлигинен качып жүргөн дагы бир «Ыйык Миларепа, Палкор монастрынан колго түшүрүлдү» деп. Ха-ха».

«Качып жүргөн» деп өзүнө карата айтылган ушул сөзгө Мани Ясо түшүнүптүшүнбөйт». Эмне үчүн «качып жүргөн?» «Мен кимден, эмне үчүн, кайсыл күнөөм үчүн качып жүрөм? Мени кубалап, издетип жаткан Далай лама, бирок анын алдында эч жазыгым жок. Менин жазыгым кара сыйкырдан набыт болушкан Лама Тойба менен Лхасанын мэри Панчен-ламанын алдында. Бирок мен алардан качкан жерим жок. Рас, маркумдардын балдары мени өлтүрөт имиш. Ушундай деген сөздөрдү көп угам...»

Мани Ясонун убактысы тар. Дей тигинтип анда-мында бир жеткирген жаңылыктар жөнүндө чала-була ой жүгүртө салат да тамагын жеп, кээде чай, кээде тимеле чийки суудан иче коюп ишине киришет. А иши деген мындан беш миң жыл мурда инди акылмандары тарабынан санскритте жазылган пергамент тексттердин жана футурологдордун эмгектеринин тибетче котормосу. Котормонун көбү Миларепанын устаты, будда тексттерин тибет тилине биринчи которгон атактуу агартуучу Марпаныкы. А Марпанын эски тибет тамгасы менен жазылган кол жазмаларын болсо Мани Ясонун өзүнүн атадай болгон мугалими Лама Цу жаңы тамга менен көчүрүп чыккан, андан соң калган эмгектердин котормосуна өзү автор болгон. Балким ошонучүндүр, буддизмдин метафизикалык философиясына ширелген бул классикалык текстер жанына жакын, акыл-сезимге кандайдыр жугумдуу, атүгүл Цунун колунан чыккан бардык кагаздардан өзүнө кадыресе жылуулугу сезилет. Окуусунун программасы да Лама Цунуку: Эң оболу тибетче, «тава»: башкача айтканда тексти өтө кылдат, түшүнүү менен окуп чыгуу, андан соң «теме»: окулган текстин мааниси менен маңызын издөө; анан, «гом»: окулган нерсенин тегерегинде ой жүгүртүү, жаңы ачылыштарын табуу, акырында, «чиепа»: алынган сабакты жыйынтыктоо, эске тутуу. Программанын жалпы аты – «түз жол» деп аталат. Мына ушул түз болсо да окуучу үчүн чытырман жолдо Мани Ясо тогуз ай бою толгонду. Ал эми акыркы үч айы калганда монах Дейге: «Дей ага, мында аркы үч айда мага келбеңиз. Өзүңүздү сактап, үч айдан кийин мени тосуп алыңыз» деген кагаз жазып аркан менен ылдый түшүргөн болчу.

Үч айлык сүкүттүн эң жыйынтыктоочу бөлүгү болуп акыркы жумалардагы «Идам» тосуу расмысы эсептелет. Идам-тагдырыңды же болбосо келечегиңди тосуу дегенди билдирет. Сүкүтүң кандай аяктады? Ал сага натыйжа бердиби? Кандай ыйык касиетке ээ болдуң? Дегеле сүкүтүң туура өттүбү? Жаңылган жоксуңбу? Мына ушул жагдайыңды билиш үчүн «Идам күтөсүң. Ал үчүн өтө терең «самадхи» (эс учту атайылап жоготкон авал) кирип, көз алдыңдагы чексиз мейкиндикке сүңгүп отура берүүң абзел. Ошондо сенин эртеби же кечпи, айтору ыйык деген бирөө көрүнүш керек.

Адатта христиан адамы мындай учурда Иисус Христостун элесине (мыслеобраз) же болбосо Ыйык Петрдун, ал болбосо христиан адамы өзү жакшы биле турган апостолдорунун бирине жолугат.

Иудей динииндегилер Авраамга, Соломонго, Моисейге, же мусулмандар Мухамедге, Алиге; мусулман-кыргыздар болсо Кыдыр алейсаламга же болбосо «ыйык аталардын» бирине туш болот. Же болбосо Манас баатырга, Бакай атага, Каныкей энеге кез болгон учурлар бар.

Мани Ясо ар бири үч күндөн эки мерте «самадхи» авалында отурду. Колундагы нускамада жазылгандай жаздыкты башына бийик коюп, абдан эле тикелей, түз отуруп көзүн таптакыр ачпастан Идам күттү, келбеди.

Жигит саруулай баштады. Идамдын келбеши эмне деген белги? Тагдырыңдын ташка чабылышыбы? Келечегиңдин күүгүмдөп батышыбы? Тибеттеги он беш жылдык окуунун, өткөн өмүрдүн, болгон-бүткөн ой максаттын, тилеген тилектин ойрондолуп, сынган айнек сымал бычырашыбы? Эч түшүнүп болбойт. Эгер авалы ушул бойдон кала турган болсо, анда Мани Ясо кара сыйкыр Додайдын таз кейпин эмитен кийип, эмитен эле бул жарык менен коштошо турган акыркы үңкүрүнө жөнөгөнү абзел. А балким өткөндө аны Далай лама эмес жан жараткан табигат өзү ошол кара Додайга жетелеп баргандыр. Тагдырына ошондой жол түшүп, маңдайына ошондой шыбага жазылып тургандыр. Мына ушул он беш жылдык өмүрүндө тапкан ташынган касиети, адамдын өзүмчүл «Менин» түзөй турган жаңы нускамасы, пенделердин пейилин оңоп, ыйманын тазартам, сабыр туттурам деген жаңы усулу балким эч нерсеге жараксыз, катадыр? Ошон үчүн Идам келбей жатат го. Жок дегенде өзүнүн карачечекей устаты Лама Цуга жолукса эмне!

Муздак суу менен арпа бадырак чайнап отурган Мани Ясонун бүткүл эс акылын ушул өңдүү жаман ойлор уйгак баскандай басты. Акырында ал жалгыз гана Лама Цуну эстей баштады. Ал сөзсүз келет го, келбей койбойт го. Мани Ясо сүкүттөн жаңылган күндө да ал келет эмес беле. Уулу Мани Ясонун жаңылыштыгын ата катары айтып – деп кеңешин берет эле го! Дегеле Мани Ясо чектен ашып

бузулуп бараткан ыйык жолунан чыгып кеткен күндө да атасы Цу бир сапар келип «ай» деп коёт эле го.

Ушуларды ойлоп бушайман болгон Мани Ясо үчүнчү жолу «самадхи» авалына киргүгө бел байлады. Ошондо гана, үч күндүк терең сүкүттүн экинчи күнү таңга жуук айлананы курчаган ээн боштукта кимдир бирөөнүн келе турганы бирок ошонун али көзгө көрүнгүс, кулакка угулгус белгилери пайда боло баштады. Дагы бир аздан кийин келе турган Идам Мани Ясо күткөн өз устаты Лама Цу экени даана туюлуп бирок устат өзү келбестен, азырынча анын билинээр-билинбес дабышы угулду. «Сиз садгьяманы[1] алып салбай жатасыз, Ясо уулум» деген үн Мани Ясонун кулагына даана угулду. Менин Сизге жазып калтырган экинчи катымды тез ачып окуңуз. Анда садгьяманы кантип алып салуунун эрежеси жазылган. Тез окуңуз!»

Мани Ясонун ушунда гана алапайы кетип шашылып калды. Көрсө, Агни-йогадан чыгуунун жети шартынын эң авалкысын эсинен чыгарып отурган экен. Садгьяманы алып салмайын ал баары бир сүкүттөн чыгалмак эмес. Шакиртинин ушул кыйчалыш авалы Лхаса көрүстөнүндө өлүк-тирүү отурган Лама Цуну аябай кыйнап жибергени анын муңканган үнүнөн даана сезилди.

Буйдалып, экинчиден устатынын алдында уят болгон Мани Ясо Лама Цунун экинчи катын окуур менен өзүн өзү тосуп алган курчоону психикалык энергиясынын күчү менен тезинен ала баштады, ошол эле учурда устаты Лама Цунун биротоло жанына жакын келишин күтүп жатты.

Идамдын келишин сүкүттөгү адам адегенде ар кандай жолдор менен сезет. Кимдир бирөөнүн кулагына дем алган жылуу тыноо угулуп, а кимдир бирөөнүн көзүнө элес көрүнөт.

Мани Ясо болсо ийнине кандайдыр жумшак кол тийгенин сезди. Лама Цу экен деген үмүт менен караса эмнегедир ал эместей. Мани Ясо өйдө туруугa аракет кылгыча болбой ийнине тийген кол аны билектен алып алга жетеледи. Билегине оролгон манжалар шадылуу экен. Мани Ясо адеп ошол манжаларды гана карап жүрүп отурду. Башын көтөрүүгө эмнегедир дарманы жетпейт. Бирок сезди, өзүн жетелеп бара жаткан киши каркайган, сөөк-саактуу, индус түспөл адам экенин бүт тулкусу менен сезип баратты.

Алдындагы кете турган жол өтө узак көрүнгөнү менен, анын кылкылдап тээ алыска созулган кылда учу бат эле кыскарып кеткенсиди.

Өтмөк улам ылдыйлап отуруп бир кезде демди кыскан муздака туш болушту. Муздак, бул-тереңдиктин белгиси эле. «Жердин түпкүрүнө кирип баратабызбы» деп ойлоду Мани Ясо ичинде. Тигил адамдан сурайын дейт, батынбайт. Анын үстүнө бул өтмөктүн ичи адамдар сүйлөшө турган жер эмес экендиги өзүнөн-өзү түшүнүктүү болуп баратты.

Аңгычакты бурулуш пайда болду, бурулуштан кийин көзгө жарк этип Потала ордосарайы чыга түштү. Ордосарайдын каптал тушунда аскадан кесип жасалган сыяктуу оор дарбаза бар экен, ошол кыйч этип ачылды да экөө караңгы өтмөккө киришти. Өтмөктүн ичи көзгө сайса көрүнгүс. Мани Ясонун билегин кармаган адам бош колу менен бир кыймыл жасады эле, тутамында факел пайда болду. Экөө мындан ары эми факелдин жарыгы менен жүрүп отурушту. Бираз барган

[1] Садгьяма – сүкүттө отурган адам өзүнө жолтоо болуучу аркандай таасирлерден коргоп, тосуп койгон курчоо сезими.



соң өтмөк бүтөлүп, алдыда чоң алтын эшик көрүндү. Факелдин нуруна чагылышат. Эшик оңойлук менен ачылбай жатып араң ачылды. Ал жакка кирген соң факелин тигил адам май чыракка алмаштырып алды. Май чырактар өтмөктүн эки тарабында тең үлпүлдөп күйүп турат.

Аңгычакты бир жарчанын бетинде «Өмүр айлампасынын» тегерек символу тартылып турганын көрдү Мани Ясо. Ошол жерде майчырактар көбүрөөк, айлана жарыгыраак экен. Саамга Мани Ясонун башы тегерене түшүп, «Өмүр айлампасынын» символу да кошо айланып кеткенсиди.

Өтмөк дагы да тереңдеп кетип барат. Майчырактар даана жарык кылган аска таштардын бетинен Мани Ясо эми алтындын жылтылдаган ичке салааларын байкап баратты. Алтын Тибетте байлык эмес, жөн гана ыйык деп эсептелет. Ошон үчүн бул жерликтер алтындын артынан эт бетинен кетип кубалабастан, болгонун болгон жерде, турганын турган жерде кол тийгизбей сактоого аракет кылышат.

Дагы биртоп басышкан соң жана бир алтын каптаган каалгага туш болушту. Каалгалар канча кылымдар ачылбай турганы белгисиз, айтору ар бири ушул гана сапар эң биринчи жолу ачылып жаткан сымал желимдей чапталышып, тарамыштай тырышып жатып араңдан зорго келген экөөнө жол берүүдө. Бул сапаркы каалганын ары жагы шыбы өтө бийик оболгон, туш-тарабы кенен кесири оюлган кадимкидей чоң зал болуп чыкты. Буга чейинки өтмөк жолдор табигый болсо, ал эми бул жер адам колунан жаралганы көрүнүп турду. Туш тараптагы жар таштардын боорлорунда адам таңкалаарлык символдор, диаграммалар, сүрөттөр түшүрүлгөн. Эң маңдайда жылдыздарга толгон асмандын сүрөтү ташка чөгөрүлгөн экен. Мани Ясо ошол сүрөттү карап туруп калды. Себеби ал асман Мани Ясо көргөн, ал билген асманга окшобогон, башка бир табышмактуу ааламдын көрүнүшү эле.

Кенен үңкүрдүн дал ортосунда кара граниттен жасалган узун-узун үч табыт турганын байкады Мани Ясо. Берилеп басып, табытка жакындаганда бүткөн бою дүр дей түштү.

Анткени табыттардын ичинде тирүү кишилер жаткан сыяктуу көрүнүп кетти. Болгондо да эки эркек, бир аялдын беттери ачык, а денелери алтын кабыр менен капталган. Эркектердин боюнун узундугу беш, ал эми аялдыкы үч чарчыдан кем эмес. Манектей болгон сүйрү баштары эле ар бири эмдиги бир кишидей, узун ээктери алдыга чыгып, оозлору анча чоң эмес, эриндери жука, мурундары кырдач. Кыскасы Мани Ясо көп көргөн фантастикалык кинолордогу дөөлөрдүн[1] өзү.

Жүргүндөр табыттарды жандап өтүп кетишти да, нары барган соң кайрадан бир каалгадан чыгышып, кайрадан ылдыйлай башташты. Мындан аркы жол эми кадим чакмак таштан төшөлгөн, өзүнчө бир ажайып храмдын ичине кирип бараткандай. Туш-туштан шырылдап, жар боорунан агып түшкөн биликтей алтын суулардын, капыстан чыккан шылдыр үнү угулуп селт эттирет. Мани Ясонун эсине «Шамбала» кылт этти. Балким адамзаат таппай издеп жүргөн дүйнөнүн Рух борбору дал ушул жерде болуп жүрбөсүн? Жигит туш тарабын айланта карап өтө кызыкдар.

Билеги али да болсо жетелеген адамдын колунда тутулуу.Өз алдынча бош кой-

[1] Дөөлөр (исполин)– Библияда. Бытия китебинде VI бөлүм 4-параграфта мындай делет: «Ал кезде жерде исполиндер жашаган. Өзгөчө Кудайдын уулдары, адамдардын кыздарына жологон күндөн баштап, алар исполиндерди төрөй башташты. Алар аска бойлуу, алп денелүү, даңктуу адамдар эле».

со Мани Ясо бир кадам да шилтей албачудай сезилет. Анткени айлана бүт табышмактуу сырга баткан.

Аздан кийин Мани Ясонун билегин кармаган шадылар капыстан кысыла түштү да экөө тең эбегейсиз зор айкелдин алдына келип токтоп калышты. Айкел өтө бийик болгондуктан май чырактардын жарыгы анын белкырчоосуна дейре эле жарык кылып турат. Көрсө, ал айкелдин жүзүн көрүш үчүн каптал жактагы атайын секичеге чыгуу керек экен. Экөө ал жакка чыгып барган кезде гана Мани Ясону ээрчитип келген Адам жигиттин колун коё берип, үч жолу айкелге жүгүнүп сейде кылды. Мани Ясо аны так өзүндөй кылып туурады.

Айкел-касиеттүү Саки Муна –Будданыкы эле![1]

– Кудурети улук Саки Муни Будда! Мен бүгүн кубанычыман жарыла жаздап алдыңызга келип турам.

Шадылуу узун бойлуу Адам өйдө созгон башын эңкейтпестен, айкелди жалдырай карап тура берди. Мани Ясо дагы аны туурады, бирок анда-санда көз кыйыгын жанындагы адамга жиберип коёт. Касиети улук Будданын эки көзү тең чала жабык экен. Эриндери бекем кымтылуу, жаш барчындын канаты сымал эки жака серпилип учкан каштары гана билинээр-билинбес дирилдегенсийт. Сейде кылгандар көпкө турушту. Мани Ясону ээрчитип келген Адам ал арада жанагы айткандарын дагы эки мерте кайталады. Ошондо гана Саки Мунинин айкелинен эмес, тигил турган экөөнүн арт жагынан, бийик аска тараптан дем алган тыноо угулду, андан соң үн чыкты:

– Мен тирүүлүктөн кечкен адаммын. Менин өзүмө эмес, сөзүмө гана кайрылып жүргүлө дечү эмес белем, ыйык Миларепа!

Мани Ясонун денеси дүр этип жанып кетти. Көрсө аны ээрчиткен бейтааныш өзүнүн мурунку жашап өткөн түгөйү Миларепа турбайбы! Капырай ушундай да окуя болоорбу?! Өз түгөйүн өзү таанысбай! Же жок дегенде Миларепа өзү бир ооз бирдеме деп койсочу, атаганат!

Мани Ясо бети албырып толкунданды. Өзүнө бойлош, бирок кууш далылуу, жука чапан кийген түгөйүн карап көзү жалжылдады, сүйүнгөнүнөн жылмайып күлгүсү келди эле, анте алган жок. Анткенге үлгүрбөй калды– ыйык Миларепа сүйлөй баштаган:

– Бүгүн адамзатка бир ишеним келип турат. Ошонүчүн Сиздин айкелиңизге түздөн-түз кайрылдым, кудурети улук Саки Муни.

– Ишенимби? Адам баласын кайгы-муңдан, азаптан арылта турган ишеним табылдыбы?

Миларепа жооп бербей бир далайга үнсүз туруп калды. Андан соң эмнегедир мукактанып, ишенимсиз сүйлөдү:

– Мынабул жигиттин кыргыз ысымы Адилет, Тибет аты Мани Ясо. Бир жыл бою өткөргөн бул жигиттин «Агни-йога» сүкүтүн баштан аяк тирмийип аңдып отурдум. Бул жигит адамдагы эң негизги залалды – анын ички өзүмчүл «Эгосун» түздөштүн амалын тапты. Будда жана лама текстеринин бардыгын карап отуруп акыры түбү

---

[1] Бул айтылган айкел Тибеттеги манаскөлдүн жээгине белгисиз замандарда салынган Саки Муни монастрынын алдындагы Шамбала шаарынын өтө терең өтмөктөрүнүн бирinde бүгүнкү күндө да турат. Тибет жазмасында бул айкел көчүрмө эмес, Будданын накта өз доорунда жасалган деп айтылат.



мурда жок, жалаң адамдын ой жүгүртүүсүнүн күчүнө негизделген жаңы нускама жаратты. Ал нускаманы өзү да ишке ашыра алат, же болбосо ар бир Адам машыгуу жана мантра жолу менен өз «Эгосун» өзү түздөй алат. Ушундай эки жол тапты бул жигит.

– Адамзат бу жарыкта төрт миллион жыл жашайт. Өсүп-өнүктүм дейт. Бирок алдына тыңгылыктуу чоң максат коё албады. Кана, болсо айтып бериңизчи, ыйык Миларепа?! Адамзаат дегениңиздин алдында жаркын максаты барбы? Жок! Ошонүчүн мен «Өмүр айлампасынан» чыгып, сансараны таштап, биротоло Нирванага кетпедим беле. Менин адамдар үчүн болгон кайгы-муңум, менин жеке өзүмдүн көртурмуш азабым ошондо гана токтогон. Сиз аны жакшы билесиз да, ыйык Миларепа.

– Ооба, ооба кудурети улук Саки Муни. Бирок сиздин даанышман окуу бүткүл чыгыш элдерин касталарга бөлүнүүдөн, биринен-бири өйдөсүнүп, бирин-бири кордоп, кул кылып жашоодон арылтпадыбы. Азыр сиздин окуу дүйнө жүзүнүн үчтөн бирине тараган. Дагы арылап тарап жатат, кудурети улук Саки Муни!

– Ошонун баарысы биригип келип, менин жана менден башка өздөрүн пайгамбар атагандардын окуусунун баардыгы биригип келип жаңы төрөлүп аткан бир баланын эти ооруп, жаны кейип ыйлагандагы ыйын баса албадык го. Анан сиз, алдагы жаш жигит экөөңөр эмне кылалы деп турасыңар, ыйык Миларепа?

– Биз кишилерге ишенип турабыз, кудурети улук Саки Муни! «Эгосун» түздөгөн адамдын пейили оңолооруна, ыйманы тазараарына, сабыры төп болооруна ишенип турабыз. Ошентип барып ал кишилер акыры ыйык «Адам» атына көтөрүлүп жетет деп ишенип турабыз, кудурети улук Саки Муни!

– Ишениппи?

Саки Муни дал ушул суроону берген кезде чала жабылуу көздөрүн саал ачып, алдында турган экөөнү бир карап алгандай болду. Андан кийин мурунку суроосуна дагы бир сүйлөм кошту:

– Адам өзүн баардык жан-жаныбарларга түбөлүк мөмө берип турган даракка айланта алса гана бактылуу болмок.

– Ага кандай жол менен барабыз, кудурети улук Саки Муни?!

Бул өзүнө тааныш эмес үндү укканда Будданын күндүн нуру сыяктуу жылтылдаган кирпиктери серпилип кеткендей болду. Ооба, дал ошентти. Анткени, эмелеки суроону берген башка, таптакыр башка үн эле ыйык Миларепанныкы эмес, башкача үн болчу. Ал үн ыйык Миларепанын жанында турган мынабул бейтааныш баланын үнү эле. Анын азандагы кыргыз аты-жөнү Адилет Нарбаев, Тибет астрологиясы берген аты Мани Ясо. Далай ламанын өкүмү менен ыйгарылган наамы Лама Ясо, бирок антип башкалар атаса да жигит өзү бир мертебе бул наамын оозанган эмес.

Мына минтип капыстан сөзгө аралашкан жигитти Миларепа ийинден сүйө кучактап, экөө тең Будданын жообун чыдамсыз күтүп турушту.

– Ага барчу жолдун бири Жерде болчу, уулум. Бирок адамдар пейилин оңой албай келет. Кечигип жатат. Эми ал жолго түшүш кыйындап баратат. Бул ишти аткаруу менин да, мага окшогондордун да колунан келбеди. Буга менден бир жарым миң жыл кийин дүйнөгө келген ыйык Миларепа, сиз өзүңүз күбөсүз, туурабы!..

Кудурети улук Саки Муни ушуну айтып алып унчукпай көз жашына муунуп, оор кайгыга төнүп калгансыды. Ошол эле учурда балбылдап күйүп турган жүздөгөн майчырактардын нуру өчө баштады окшойт, айлана түнөрүп, күүгүмдөп барат.

– Мына ушул Сизге суроо тарткан жигиттин ишеними бар, үмүтү бар! Кишилерден үмүтү бар! Сүкүтүнө Идам болуп бериңиз, кудурети улук Саки Муни Будда! – деди шашып калган Миларепанын үнү кенен үңкүрдүн ичинде чайылдап.

– Анда эмесе шашылгын уулум. Шамбаланын үнүн тыңша. Аны «Калагия» дейт, белгиси санскриттин беш тамгасы – «Манас»[1]. Жылына бир гана жолу, күн менен түн теңелген саатта, сүкүткө отуруп сөздү 108 жолу ичиңден кайырганда кулагыңа доош угулат. Шамбаланын айтаар сөзү ошол үндө. Бала кезиңде селкинчектин, дарбазанын кыйчылдаганын тыңшап жүрчү элең го. Эми ошол темирге бийик жаңырган Калагиянын жандырмагын тыңша, уулум!

– Ушул насаатын айтып болуп Будданын алтын жүзү караңгыга улам батып баратты. Көздөрү болсо бакырайып апачык эле.

[1] Санскрит тилиндеги байыркы жазууларда «Манас» деген сөз адам баласы оозанган эң алгачкы сөз. Ал «асман» деген түшүнүктү билгизет дейт.



## *ОН ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ*

Көк муздун алдынан шылдыраган суунун үнү угулуп калган жаздын биринчи эле күндөрүндө бүткүл Тибет жерине чуулгандуу имиш таркады. Ооздон-оозго, телефондон-телефонго, чагылгандай тез өтүп жаткан бул кабар былтыр ушул маалда кайдадыр житип жок болгон Мани Ясо жөнүндө эле. Бирдаары: «Лхасада коркунучтуу кара сыйкыр Мани Ясо пайда болуптур, сактангыла» десе, бирдаары: «кара сыйкыр эмес, борбор шаарга Миларепа өзү келиптир» деп оозун ачкан карапайым элдин башын маң кылууда.

Мурда эле бул «качкынды» издөө ишин жеке өзү катуу көзөмөлдөп турган Далай лама тигиндей каңшаар угулаары менен Мани Ясону кармоо аракетин бүткүл Тибет боюнча өз колуна алды. Баардык чегара посттору, аскер бөлүктөрү «өзгөчө авалга» келтирилип, монастрлар менен храмдар, мейманканалар менен ресторандар тымызын күзөткө алынып, базар сыяктуу көпчүлүк жайлар полицайлар менен курчалды.

Тибетти коргоо комитетинин телефондоруна болсо Адам түшүнбөгөн таңкаларлыктай кабарлар биринин артынан бири түшүп жатты. Мани Ясону өз көзү менен көргөндүгү жөнүндө бир туруп кайсыл бир монастрдан, бир туруп храмдан, же ресторандан, ошол эле кызматкерлер, атүгүл жетекчилери телефон урат. Ал жердеги даяр турган полиция же аскер отряддары болсо жүгүрүп кирип, тинтип жүрүшүп же эч кимди табалышпайт.

Ошол ар кандай чалды-куйду кабарлар ТККнын эле ичинде калбастан Далай ламанын өзүнө да жетип атты. Бир күн кечке андайларды уга берип башы айланкөчөк болгон Далай лама түн бироокумда ачуусуна чыдабай ТККнын башчысын тезинен өзүнө чакырды.

– Качкынды адеп даана көргөн ким бар?! Дегеле чынбы бул кабарыңар, же бир жиндинин оюнубу?! Жалган дүрбөлөңбү?!

– Качкынды адеп даана көргөн, Саки Муни монастрына сакчылыкка коюлган чегара аскеринин көрсөтмөсү жанымда, улуу даражалуу таксыр.

– Кана бериңчи бери!

ТККнын башчысы папкесинен чегарачы алгачкы сурак жүргүзгөндөгү магнитофондук жазуунун текстин сууруп чыгып Далай ламанын үстөлүнө койду. Анда төмөндөгүдөй сөздөр бар эле:

**«Өтө жашыруун документ»**

Тергөөчү: – Аты-жөнүң ким? Толук айт.
Чегарачы: – Кытай элдик армиясынын аскери, Мандан Ли.
Тергөөчү: – Бул жерде азыр эмне кызматтасың?
Чегарачы: – Командирим сакчылыкка койгон.

Тергөөчү: – Эмнени кайтарасың?
Чегарачы: – Монастрды.
Тергөөчү: – Чегара постуна сен кабарлаган шектүү адам кайсыл күнү, саат канчада бул жерге келди? Шашпай толук айт. Жакшылап эсте!
Чегарачы: – Өткөн үчүнчү күнү.
Тергөөчү: – Так айткын, саат канчада?
Чегарачы: – Саат ондордо.
Тергөөчү: – Так айткын деп атам мен сага!
Чегарачы: – Ондон өтүп калган. Беш, он мүнөт өтүп калган.
Тергөөчү: – Кантип, кай тараптан келди?
Чегарачы: – Кепеде отурсам эле кирип келди. Жаман чоочуп кеттим.
Тергөөчү: – Туристтер жок беле? Жаныңда ким бар эле?
Чегарачы: – Бир группа жаңы эле өйдө, тигил Кайлас тоону көздөй чыгып кеткен.
Тергөөчү: – Жаныңда дагы ким бар эле дейм?
Чегарачы: – Жалгыз болчумун.
Тергөөчү: – Баардыгын жакшылап эстеп, толук айт. Кирген адам кандайча кирди, эмне жөнүндө сөз болду ортоңордо.
Чегарачы: – Узун бойлуу, жеңил репа чапанчан жаш неме экен. Ак чапан экен.
Тергөөчү: – Канча жаштарда?
Чегарачы: – Мен курактуу эле.
Тергөөчү: – Сен канчадасың?
Чегарачы: – Жыйырма төрттөмүн.
Тергөөчү: – Анан, кирген адам эмне жөнүндө сөз кылды?
Чегарачы: – Бул жердеги жатакчы монах кайда, деп сурады. Мен айттым алар колго түшүп кармалып калган деп.
Тергөөчү: – Анда тигил эмне деди?
Чегарачы: – Ким колго түшүрдү? Жатакчы монахтын жанында дагы ким бар эле, деди. Мен айттым билбейм деп.
Тергөөчү: – Эмне үчүн билбейм деп айттың?
Чегарачы: – Ал деген аскердик жашыруун сыр да.
Тергөөчү: – Жашыруун сыр деп коёт. Кеңкелес! Дагы кандай суроо берди сага?
Чегарачы: – Ошол. Башка суроо берген жок. Мени таанып аткансып тике карап турду да тез эле сыртка чыгып кетти.
Тергөөчү: – Эмне үчүн токтотууга аракет кылган жоксуң?
Чегарачы: – ... аракет кылдым.
Тергөөчү: – Кантип аракет кылдың?
Чегарачы: – Автоматымды алып артынан чыксам кетип калыптыр.
Тергөөчү: – Дароо чыктыңбы?! Эмне мылжыңдайсың?!
Чегарачы: – Жылаңач болчумун. Киймимди отко кургатып отургам. Анан мен кийинип чыкканча кетип калыптыр.
Тергөөчү: – Аскердик постто жылаңач отурдуң беле? Уставды билесиңби сен!
Чегарачы: – Киймим бүт суу болсо эмне кылайын. Турсама дейре суу болуп кеткем. Монастрдын ичин тазалап атып тамчынын астында калгам.



Тергөөчү: – Жанагы келгенде эмне, тырдай жылаңач белең?
Чегарачы: – Ооба.
Тергөөчү: – Куралчан беле келген неме?
Чегарачы: – Куралын байкаган жокмун.
Тергөөчү: – Колунда эмне бар эле?
Чегарачы: – Бир таңгак кагаздары бар болчу.
Тергөөчү: – Дагы?
Чегарачы: – Башка эч нерсеси жок болчу.
Тергөөчү: – Кай тарапка кетиптир. Изин кууган жоксуңбу?
Чегарачы: – Куудум. Кар менен он беш метрдей басып барыптыр. Андан ары эч из жок.
Тергөөчү: – Эмне, учуп кетиптирби?
Чегарачы: – Билбейм. Ушуга дейре таңгалам.
Тергөөчү: – Аты же эшеги жок бекен?
Чегарачы: – Эч кандай башка из жок.
Тергөөчү: – Жашырып атасың. Билесиңби эгер жашырсаң кандай жаза алааарыңды?
Чегарачы: – Жашырган жокмун дейм!
Тергөөчү: – Мен сурап атам сенден. Билесиңби кокус жашырсаң кандай жазага тартылаарыңды.
Чегарачы: – Билем.
Тергөөчү: – Эми, көргөн адамыңдын өңү-түсүн айткын.
Чегарачы: – Мына мобул сүрөттөгү эле неме. Бирок мындан кыйла арыгыраак.
Тергөөчү: – Дал өзүбү?
Чегарачы: – Дал өзү. Көздөрү дал ушундай. Мурду да ушундай. Оозу дагы.
Тергөөчү: – Анан эмне чара көрдүң?
Чегарачы: – Биздин постко чалып рапорт бердим.
Тергөөчү: – Эмне деп айттың рапортуңда.
Чегарачы: – «Жолдош командир! Сиз бизге таратып берген сүрөттөгү качкын адам азыр эле мага келип кетти» дедим.
Тергөөчү: – Алар кандай чара көрдү?
Чегарачы: – Келишти. Баарын карашты, жазып алышты. Мени болсо изоляторго камап салышты.
Тергөөчү: – А мобул сүрөттөгү адам ким экенин командириң айтты беле сага. Билесиңби ким экенин мунун?
Чегарачы: – Билем. Тибеттин Далай ламасынын эң биринчи душманы Мани Ясо.
Ушул жерге келгенде Далай лама окуп аткан кагазын ыргытып жиберди.
– Былжыраган аскерге-келжиреген командир! –деди анан ал ТККнын башчысына көзүнүн чаарын чыгарып.
Дал ошол тушта Далай ламанын ТКК менен байланышкан кызыл түстүү телефону шыңгырап калды эле:
– Сиз алыңыз трубканы. Мен жадап бүттүм силердин дейди звонокторуңардан! – деди өкүмдар ТККнын башчысына.
ТККнын башчысы калчылдаган колу менен телефондун трубкасын бирпаска тыңшап турду да өзүнүн оперативдүү штабынын башчысын кекетип коё берди:

– Мээңер биротоло айнып калган болсо тезинен психиатрияга жаткыла! Баарың тең жаткыла!

– Эмне дейт?! – деди аңгыча Далай лама жаман көзү менен тигиге акырайып.

– Айтууга ооз барбайт улуу даражалуу таксыр. Менин эле кызматкериме жин тийгенби десем, бүт эле Тибеттен келип жаткан кабарлар оозго алгыс.

– Эмне дейт, тигиңиз?! Генерал Бхарати чалып атабы? Ошолбу штабдын башчысы?!

– Ооба улуу даражалуу таксыр. Ошол. Кылмышкер Мани Ясо деген неме дал биздин ТККнын борбордук имаратын аралап жүрөт дейт.

– Кармашпайбы андай болсо, дароо!

– Улуу даражалуу өкүмдар! Мага уруксаат бериңиз. Тезинен иш ордума жетейин. Кармоого бардык чараны көрүп туруп Сизге мен өзүм доклад берем. Кармайбыз аны! Эч кайда качпайт!

– А берки Дей деген акмакты качан Пекинден алдырасыңар?!

– Аз күндө, таксыр. Пекиндин аны бизге бергиси жок. Сиз сүйлөшкөндө беребиз деп коюшат. А бирок иш жүзүндө бербей жатышат.

– Аракет керек анүчүн. Аракет. Бүгүндөн калбай алдыргыла!

Эшиктен чыгып бараткан ТКК башчысы Далай ламанын кыйкырыгына кашка башын тез-тез ийкегиледи да жок болду.

– Качып жүргөн дейдибаш, издеп жүргөн каңгибаштардын имаратын аралап жүрсө жыргаган экенбиз!

Иш бөлмөсүндө жалгыз калган Далай лама жинденип оң колу менен жүрөк тушун укалады да Пекинде психиатриялык ооруканада жаткан кызын эстеп билинээр-билинбес онтолоп алды.

* * *

Качкынды издөө операциясы бүтүндөй өлкө боюнча өтө кызуу деңгээлине жеткен жаздын чыкыроон түнүндө кара репа чапанчан Мани Ясо Лхасанын шаардык көрүстөнүндө, Лама Цунун боз топурак мүрзөсүнүн алдында чөгөлөп отурду.

Лама Цудан бул сапар көпкө күттүрбөй эле телепаттык толкун келип Мани Ясонун сезимдерин жылуу аймалап өттү. «Мен сиз менен баарлашууга даярданып отурам» деди Лама Цунун телепаттык толкундары.

«Мен келдим, ата. Кудурети улук Саки Муна сүкүтүмө Идам болуп берди. Аны мен үчүн ыйык Миларепа жасады. Андан кийин Сиз болбогондо баардык иштин ойрону чыкмак, ата. Кантип өзүңүзгө рахматымды айтаарымды билбей отурам».

«Рахматтын мага кереги жок, уулум. Кеп сиздин нускамада. Кыскача мага түшүндүрө аласызбы. Канткенде адамдын пейилин оңой турган болдуңуз?»

«Эски пергамент жазуулардан мен нускаманын багытын таптым, ата. Тибет элинин буддага чейинки бону ишениминде, заттын ядролук деңгээлдеги термелүүсү жөнүндө илим буга тупатуура келди. Аны мен азыркы динсиз илимдеги молекулярдык генетиканын тукум куучулук законуна айкалыштырып отуруп мындай жыйынтыкка келдим. Эгерде биофизиканын ретроспектик усулу менен агни-йога сүкүтүн туура айкалыштыра алсак, кандай гана адамдын болбосун жашын артка карай жылдырып отуруп аны түйүлдүк (эмбрион) авалына чейин жеткирүүгө болот экен. Андан кийинки этапка түйүлдүктүн өзүн эркек жана ургаачы урукка ажыратып туруп ар бир уруктун өзүнүн ядролук термелүүсүн жөнгө салуу, башкача айтканда тең салмактоо керек. Анткени уруктун ядролук термелүүсү анын генетикалык «Эгосуна» жараша – эгерде «Эго» сезими ашыкча болсо уруктун ядролук термелүүсү кескин, бир калыпта эмес, өйдө-төмөн жана чаржайыт. Ошону ыраатка келтирүү – адамдын дилиндеги «мен» деген өзүмчүл сезимди түзөтүү дегендик болуп эсептелет. Кеп урукта болуп жатат, ата. «Эгонун» жашынган «уясы» дал ошол жерде экен.

Сүкүттүн экинчи этабында уруктарды кайрадан түйүлдүккө, түйүлдүктү кайрадан адамга генерировка жолу менен айландырып отуруп каалаган жыйынтыкты ала алабыз».

«Агни-йога деген жаңы нерсе эмеспи, уулум. Ошондуктан нускамаңды тажрийбалап туруп анан ишке киргизишиң керек го».

«Азырынча өзүмдөн баштадым, ата. Баардыгы жайында болчудай. Андан соң ТККнын түрмөсүндө «эл душмандары» деп камалган баягы үч офицерден баштадым. Бир жумадан бери ошолордун жалгыздан жаткан караңгы камераларында отурдум. Азыр кайрадан ошолорго барам.

«Европага да жайылтасызбы бул нускамаңызды?»

«Адам баласы болгон жердин баардыгына жайылтам, ата».

«Жердин асты-үстүндөгү өзгөртүүгө мүмкүн болгон нерсенин баардыгын тең адам өзү өзгөртүп келе жатат, уулум. Ошол өзгөртүүлөрдүн дээрлик бардыгы тескери натыйжа берсе да болбой өзгөртүп келе жатат. Киши бир гана өзүнүн жан дүйнөсүн өзгөртө албай келет. Ошого сиз бел байлаган турбайсызбы. Кыйын болоор ишиңиз».

Нускамамдын үчүнчү баскычы «Толерант»[1] деп аталып музыка менен сөздүн күчүнө негизделет. Адамзаат жараткан бардык акылман, насаат сөздөрдүн ичинен: укканда адамдын денесин дүркүрөткөн, жүлүнүнөн өтүп чучугуна жеткен, канын кызытып эсакылын нес кылган, мээсине кыт куйгандай кадалып, сезимине от койгон тупатуура он сүйлөмдү тандап алып сыйкырлуу музыканын коштоосунда санскрит тамгалар менен шифрладым, ата.

Бул мантраны ийгиликтүү өздөштүргөн киши дүйнөдөгү эң зор жеңишке – өзүн-өзү жеңгенди үйрөнөт. Өзүн-өзү жеңе алган гана адам алдына татыктуу максат коё алат жана ал максатына жете билет.

Нускамамдын үчүнчү баскычы «кишилерди» «Адам» атына жеткире турган жол деп эсептейм, ата. Проектимдин жалпы аты «Толерант».

Нускамаларымды көп тилдерге котортуп, аларды таратуу, иштетүү борборлорун түзөм, укмакассетага жаздырам. Нускамадагы мантраларды интернетте атайын сайттарды ачып, түшүндүрмө жарнамаларды берип атам. Андан сырткары өлкөлөрдүн бардыгында коомдук уюмдарды түзөбүз. Кыскасы пландарым бүтүндөй иштелип чыккан, ата».

«Жолуңуз ачылсын, уулум. Ишиңиз өзгөчө Европа менен Америкада татаал болоор. Алардын келечек пландары таптакыр башкача.

Бул дүйнөнүн байлыгы менен бийлигин бүтүндөй колубузга уучтап турабыз деген Англия менен Америка Кошмо Штаттарынын төбөлдөрү мындан бир кылым мурун эле «Массон ордендерине» каршы «Комитет 300» деген жашыруун уюмду түзүп алышкан. Аны эч ким билбейт. Сырын ачыш керек. Ал үчүн сизге

[1] Толерант – сабырдуулук.

өтө билги жардамчы керек. Качан Тынч океандын жээгиндеги шаар биринчи болуп суу астына кеткен күнү менин үчүнчү катымды ачып окуңуз. Сиздин ишиңизге колумдан келген жардамым ошол катта жазылат».

* * *

Акыркы бир нече жылдан бери Далай ламада дем алыш күн деген жок. Иши да, эс алуусу да, күнүмдүк өтүп жаткан турмушу да, үйбүлөсүнүн тирлиги да баарысы тең аралашып, эмнесине кайсыл экенин ажыраткан эч ким жок. Бир гана түнкү уйкусу болбосо калган убактысы бүтүндөй түйшүк, болгондо да баш аягы, бүтөөр чеги жок түйшүк. Бар болгону аялы гана анда-мында бир айтып калат, эс алсаңчы, курортко барсаңчы деп. Аны да Далай лама кулагынын сыртынан кетирет.

Кээде гана маанайы анча-мынча жарып турганда окуй турган гезитин же китебин колуна алып, «мына, мен эс алууга кетип баратам» деп аялына унчугат да туалетине кирип кетет.

Ошол он, он беш мүнөттүк эс алышына эле айласыздан каниет. Бирок, канча айткан менен болобу, адам чарчабай койбойт. Чарчады Далай лама. Өзгөчө Мани Ясону Ордосарайга алып алгандан бери карата өтүп жаткан күндөрү өтө эле очорулуп кетти. Биринчиден бул, башкаларга окшобогон, өтө ар тараптуу касиетке ээ болгон жигит менен күн сайын, кээде түнү менен ымалашып иштештин өзү эле Далай лама үчүн оңойго турбады. Баарынан да анын үчүнчү көзүнөн такай буйтап качып, жүзүнө тике бакпай, ойлогон оюн жашырып жүрүштүн өзү эле тирүүнүн тозогу экен. Жарты эле мүнөт ошолордун бирин жаземдеп койсоң, бул оңбогон жигит ичиндеги сырсандыгыңды аңтарып салчудай. Ошондон улам көңүлү кирдеп калса аны менен иштеш кыйын болуп калат ко. А иштебей коёюн десе таптакыр болбойт. Иштебей койсо алиги жети азаматтын канткенде эсебин колуна карматат эле? Алар менен ачык да, тымызын да кармашып жүрүп өмүрүнүн көбү өтмөк. Чачы агарып, ден соолугунан ажырайт болчу. Ошондон улам Мани Ясо ал үчүн көктөн издегенин жерден тапкандай эле болбоду беле. А бирок, карабайсыңбы, турмуштун моминтип кыйчалыштап турганын. Жигит кара сыйкырынан таңганы аз келгенсип өзү качып жок. Жок эмес, табылды дейин десе колго тийбейт, кармашпайт. А Тибет болсо акыркы күндөрү өзүнчө эле түшүнүксүз районго айланды. «Жиндикана» дегиси келип турду Далай ламанын ниети. Бирок антүүгө оозу барбай турду – өзү башкарып турган өлкөнү антип айтыштан заарканды.

Бүгүн дем алыш күн эле, ошон үчүн ар кайсыны бир ойлогон Далай лама төшөгүнөн тургусу келбей көңүлсүз жатты. Демейде небереси жүгүрүп келе калчу эле ал дагы бүгүн эмнегедир жок. Аялы болсо өзүнүн уктоочу бөлмөсүндө эртеден бери күйпөңдөп бир нерсе кылып жаткансыйт. Эмне экени билинбейт же.

Бир маалда кабинеттеги «өзгөчө» телефону чырылдап калды. Далай ламанын тургусу келген жок. Кимдир бирөө алаар деп жата берди. Телефондун жагымсыз чырылдаган үнү көпкө дейре басылбаган соң канайым чыгып барып алды окшойт.

– ТККнын башчысы чалып атат! Алиги желмогуз баланы кармадык дейт!

Аялы үстүнө кирип келип ошенткенде Далай лама башка бир терең ойдо жатса керек:

– Кимди?! – деди таңыркап.

– Кимди издеп аттыңар эле, ботом. Мани Ясону!

– Аны он жолу кармашты! Жүз жолу камашты!



– Аны мага эмне кыйкырасың. Өзүң барып сүйлөшчү ТККаң менен.

Ошентип коюп аялы чыгып кетти. Кызы анын да бул болуп жаткан шумдуктуу окуялардан жадаган түрү бар. Арийне, канайым жадаса жадагандыр, бирок кызын ойлогондо ичи кайрылып, жүрөгү сыздап, бул балакеттен жанетиндей Селенгди кантип кана ажыратаарын, же айыктырып алаарын билбейт.

– Чынбы?! – деди халатчан туруп барган Далай лама телефонго көңүлкош.

– Алып келатасыңарбы?! Каяктан кармадыңар? Кытайдын чегарасынанбы? Таңертеңдеби? Саат нечеде келесиңер? Кечки тогуздабы? Эмне дейт ал акмак?! Сүйлөбөй атабы. Мен өзүмдөмүн. Түз мага алып кириңиз. Өзүңүз кошо кириңиз.

Уйкусу ачыла түшкөн Далай лама төшөгүнө кайра жатпастан кийине баштады эле аялы башбакты:

– Чын бекен кармагандары?

– Чын го дейм. Тигил кашка баштын энтигип сүйлөгөнүнө караганда.

– Ошол кашка башың жерге кирсин, – деп коюп аялы дагы чыгып кетти.

– Жуунуп-таранып, бир чөйчөк жүзүмдүн ширесин ичкенден кийин Далай лама эмнегедир үйүнө токтоно албай иш бөлмөсүнө басып барды.

Кезметчи офицер телефондон жаңы эле Мани Ясонун кармалгандыгы жөнүндө кабарды алып жаткан экен. Оозгу бөлмөгө кирген Далай ламаны көргөндө ал трубканы кулагынан албастан ордунан ыргып турду да, эмне кылаарын билбей кайсаңдап калды.

– Отура бериңиз. Жазып алып анан мага кириңиз, – деди жанынан өтүп бараткан Далай лама офицерди ийнинен басып. Ошентти да иш бөлмөсүнө кирип терезенин оор пардасын силкип ачты.

Кадимкидей жаз жадырап калган экен. Чын жери Тибеттин жазын тибеттиктер өзүлөрү эле даана байкабаса башка жерден келгендер оңойлук менен көрө албайт жазды. Анткени бутка оролуп чыккан тулаң чөп, же болбосо адыр-адырды, ой-кырды кызыл-тазыл кылып каптаган кыраң гүлдөр жок, кара шагыл куюлган тоо этектеринде, кызыл жошолуу чаптардын жылгаларында көзгө оңойлук менен илине койбогон жапыз бетеге, бозоргон шыбак чөптөр. Ал эми кыяк чөп, кендир, алабата, шыралжын, эрмен, бака жалбырак, уйгак өңдөнгөн отоо чөптөр арпа, таруу себилген аңыздардын чеке-белинде, суулардын, булактардын бойлорунда сербейет.

Далай лама бийик аскадан караган сымал Потала Ордосарайынын эң үстүңкү кабатынан туруп, Тибеттин жазгы талааларын көпкө дейре ыраазылык менен карап турду.

Атаганат эл деген эл. Ар ким өз талаасын бучкактай ала калтырбастан айдап, тырмап, сээп, тыпыйтып койгон. Быйыл жазда жалаң ушул Мани Ясо деген жубарымбектин айынан, чынын айтыш керек, Далай лама дыйкандарынын жазгы талаа жумуштарына көп чыга алган жок. Болгону айыл чарба департамент башынын отчётторун угуп, сураганын берип турду.

– Улуу даражалуу өкүмдар! Кылмышкер Мани Ясо кармалды! – деди аңгычакты кезмекчи офицер эшиктен кирип келип.

– Кагазды мага бериңиз, – деди Далай лама офицерге кайдыгер кол сунуп. Офицер чыгып кеткенден кийин ал иш ордуна барып отурду да ТККнын башчысы эми эле өзү жиберген маалыматка көз жүгүрттү.

«Кылмышкер колу-буту байланып, контейнерге бекилди. Бүгүн кечте, саат тогуздар чамасында ал ордосарайга жеткирилет» деп аяктаптыр билдирүү.

«Кылмышкер» деди Далай лама ичинен ушул сөздү жактыра бербей кайта-

лап. Ордосарай эмне, кылмышкерлерди жеткирчү жай беле? Кандай деп атасам ушул каргыш тийген баланы. «Кылмышкер» деген көп жарашпай турат. Баса, «качкын» эле деш керек да. Ким муну «кылмышкер» деп күчөтүп отурат? Кашка баш да! Башы иштебеген кашка баш!..

Дал ошол тушта Далай лама арка жагындагы калың көшөгө кандайдыр жумшак шуудур эткенсигенин байкады да бул эмнеси дегендей башын бурду.

Чочугандан Далай ламанын көзү чакчая түштү. Себеби аны көздөй Мани Ясо басып келаткан. Жигит эч нерсе болбогондой үч мерте жүгүндү да, күнөөлүү жылмайып туруп мындай деди:

– Сизден көптөн-көп кечирим сурайм, улуу урматтуу таксыр. Бир жыл бою сүкүттө отурууга туура келди.

Далай лама Мани Ясо тараптан коркунуч жокпу дегендей адегенде жигиттин колу-башын бир карап алды да саал кекечтенип сүйлөдү:

– Бул жерге кандайча?– деди ал сөөмөйү менен полду көрсөтүп, сөзүнүн аягына чыкпай.

– Аны сурап кереги жоктур, улуу урматтуу таксыр. Жаратылыш ушундай жаратып койсо ага мен эмне деп жооп берет элем. Албетте, капыстан кирип келгеним үчүн дагы бир ирет кечирим сурайм.

Мани Ясо ушуну айтып болуп аргасыздан күлүп жиберди, себеби ал Далай ламанын жүзүнөн анын эмне ойлоп турганын окуп койгон болчу: «Бул азезилди контейнерге байлап-матап келатабыз деген кашка баш эмнени айтып былжырап атат?» деген күдүк турду Далай ламанын оюнда.

– Менин түгөйлөрүм көп. Сиздин кашка башыңыз ошолордун бирөөнү кармап келатса керек, улуу урматтуу таксыр. Чочубаңыз.

Канчалык эсин жоготуп турса да муну угаар менен Далай лама өзүн колуна алды да Мани Ясодон жүзүн буруп кетти. Атаганат саамга унута түшкөн экен...

– Сизди ким сүкүткө отур деди? Быякта кызматыңыз калып атпайбы?!

Далай лама бара-бара өзүнө келе баштады окшойт. Мани Ясодон эми коркпостон, баягы эле адатынча, капталын салган тейде суроосуна жооп күтүп калды.

– Жохан  храмындагы окуу программам боюнча мен бул сүкүткө сөзсүз отурушум керек эле, улуу урматтуу таксыр.

– Сиз баягы эле («алжыган» деген сөздү айтайын деп баратып айтпай кетти) Лама Цунун торунан чыкпай жүрөсүзбү, мырза Ясо? Ушуга менин таңым бар. Ал этап небак өтпөдүбү, кетпедиби. Качанка дейре чыланасыз ал эски чылага?

– Ал менин тагдырым, улуу урматтуу таксыр. Тагдырды кантип аттап өтүп кетүүгө болот?

– Мен терең ишенем, сиздин тагдырыңыз Тибет элинин тагдыры менен ажырагыс деп ишенем. Тибет сизди чоңойтту, окутту, ушул даражага жеткирди! Же андай эмеспи, мырза Ясо? Ачык айтыңыз андай эмес болсо!

– Сөзсүз ошондой, улуу урматтуу таксыр. Бирок дагы бир нерсени унутпайлы. Сиздин да, менин да тагдырым, баардыгыбыздын тагдырыбыз жана ошондой эле бүткүл адамзат тарыхы да бир эле кол менен жазылат эмеспи.

– Болуптур. Сиз менен философиялашып отурууга убакыт жок, мырза. Менин ишимди ээн эркин басып жүрүү дебейт– кызмат дейт. Ошонүчүн кызматты талап кылбай коё албайм. Кимден болбосун. Мына сизден дагы. Бир жыл дайынсыз жок болдуңуз. Бирок дагы эле болсо кечирим берейин. Иштеңиз. Жоопкерчиликти түшүнүп иштеңиз.



Бул биринчиден. Экинчиден: түрмөлөргө барып, ал жерде камалып жаткандарга жолукканды токтотуңуз. Бул сизге коюлган мамлекеттик талап.

– Үчүнчүдөн, – деп келип Далай лама Мани Ясону бир карап койду. Сөздөрүмдү угуп атабы же жокпу деген көз караш эле. Мани Ясо угуп турган болчу.

– Үчүнчүдөн мындай, мырза Лама Ясо. Сиздин дайынсыз жоголуп кеткениңиздин айынан кошуна өлкөлөр менен достук байланыштарыбыз өтө оор абалга кептелди. Дал ушундай, айтып коёюн. Сизди бир-эки күнгө меймандыкка, экинчи чети кызматташтыкка чакырышкан болчу. Мисалы, Кыргызстандан да чакырык келген, сизге. Үч күнгө деп. Өзгөчө Непал, Индия, Кытай сиз менен таанышууга кызыгышкан. Бирок мен аларга эмне деп айтмакмын. Качып жүрөт деймби? Же дайынсыз жоголду деймби? Мына мындай оор авалга калтырдыңыз сиз мени. Айлам кеткенде сыркоолоп атат дешке туура келди. Андан кийин сүкүттө отурат деп жалган айтышка мажбур болдум.

– Жалган айткан эмессиз, – деди Мани Ясо жылмайып.

– Жок, тигил өлкөлөрдүн жетекчилери ишенишпей, шектенишип, акырында таптакыр эле сөздөрү бузула баштады. «Сиз атайылап жибербестин амалын кылып жатасыз. Бул өзү кошуначылыка жатпайт» дешти. Андан кийин алардын таарынычы соодада, иш маселелеринде, дипломаттык байланыштарда билине баштады. Акырында мен сизди расмий издөөгө берүүгө мажбур болдум. Бирок ошого ишене коёбу тигил зор өлкөлөрдүн башчылары. «Алдап атасың бизди. Амал кылып атасың» деп түз эле бетиме айта башташты.

Сиз түшүнүшүңүз керек, мырза Лама Ясо. Мамлекет аралык иштер өтө опурталдуу болот. Кенедей кынтык кетирүүгө жол берилбейт. Эгерде сиз мекен кылып алган Тибет Азиянын азуулуу жолборсторунан болсо бир жөн. Ошон үчүн мен сизди терең урмат менен биздин ахвалды түшүнүшкө чакырам. Кандай дейсиз?

– Сизди түшүнүп атам, улуу урматтуу таксыр. Тибет кызыкчылыгын биринчи орунга койгонуңуз, бул– милдетиңиз. Бирок бул ишти кара сыйкырды колдонбой аткарса болот беле? Кара сыйкыр деген– ажал экен, мен да аны, тилекке каршы, кечигип түшүндүм. Ажалды адамга сот кана буюра алат. Ошонүчүн сөзүмдү уксаңыз дейм. Сизге айтаарым – жол бар. Менде ак сыйкырдын нускамасы бар. Ошону колдонушту сизден суранам. Ак сыйкыр менен баардык ишти ойдогудай бүтүрсө болот. Эч бир адамды өлүмгө түртүүнүн кереги жок.

– Эч ким эч кимди өлүмгө түрткөн жок.

– Антип күнөөнү тануу адилетсиздик болор улуу урматтуу таксыр. Өлүмгө дуушар болгон эки адамдын балдары бекер жеринен мени өлтүрөм деп жүргөн жери жок.

– Аларга мен кызмат бердим. Мындан ары унчугушпайт. Коркпоңуз.

– Кеп кызматта эмес. Кези келгенде алардын астында мен күнөөмдү моюнга алып берем. Өлтүрсө өлтүрүп коюшсун. Башка жол жок, улуу урматтуу таксыр. Бирок, сиз менен биротоло макулдашкым келет. Иштеше турган болсок ак сыйкыр менен иштешели.

Мани Ясо атайылап унчукпай жооп күтүп турду.

– Эч кимдин астында күнөөнү моюнга алып кереги жок деп айтпадымбы мен сизге!

Кыжыры кайнай түшкөн Далай лама кайрадан шартты унута түшүп Мани Ясону тиктеп калды эле жигит анын оюндагысын дароо окуп койду.

– Ал ойлогонуңуз туура, – деди Мани Ясо. –Эгерде мен күнөөмдү мо-

юнга алсам, өлгөн эки адамдын балдары менден кийин сизди күнөөлөшөт. Ал турган иш.

Далай лама мойнуна чейин кызара түшүп тескери бурулуп кетти.

– Биринчиден, – деди ал болбой эле долулана, – биринчиден мен андай деп ойлогон жокмун. Ар нерсени оюңуздан чыгара бербеңиз. Экинчиден, ал балдардын мага да, сизге да дооматы жок. Барып өздөрү менен сүйлөшсөңүз болот.

– Сүйлөшөм, улуу урматтуу таксыр. Эми болсо өзүбүздүн маселени чечели. Ак сыйкырдын нускамасы менен иштешелиби же жокпу?

– Ал эмне деген ак сыйкыр экен?

– Аты эле айтып турбайбы улуу урматтуу таксыр. Ак сыйкырдын адам пейилине пайдадан башка зыяны жок. Тибет жергесинде бул нускаманы эң биринчи болуп сиздин улуу урматыңыз пайдаланса элиңизде бейпилдик, өлкөңүздө калыстык, теңчилик орнооруна мен бекем ишенем, улуу таксыр.

– Мен өлкөбүздө калыстык жок болуп атат деп ойлобойм, мырза Ясо, бирок тартышып отурбайлы. Мен сизди башкы кеңешчи кызматына которууну чечтим. Айлык акыңыз мурдагыдан көп эсе жогору болот. Бүгүн эле буйрукту колуңузга аласыз.

Мани Ясо дароо жооп бербей ойлонуп турганчакты Далай ламанын чыйпыйы чыгып кетти.

– Же болбосо башка кызматты каалайсызбы? Айтыңыз өзүңүз!

– Мен бир жерде такай отуруп иштей албай турган авалдамын, улуу урматтуу таксыр. Өлкөлөрдүн бардыгында болушум керек. Ошонүчүн...

– Боло бериңиз. Ишсапар деген бар. Жол чыгымдарыңыз бизден болот. Баардыгын уюштуруп берем. Бирок байыр алып бир жерде иштеш керек да.

– Мени менен иштеш сизге оор болот деп кабатырмын, улуу урматтуу таксыр.

– Эмнеге оор болот? Бая, мурдагыдай эле, чогуу отуруп адамдарды кабыл алабыз. А эгер баргыңыз келсе мына, биринчи Кытайдан баштаңыз. Алардын жетекчилери биздин айрым ламаларды дайыма чакырып турушат.

– Мен ансыз да Пекинге барганы турат элем, улуу урматтуу таксыр.

– Анда мен сизди алардын чакырыгына ылайык расмий түрдө жөнөтөйүн. Жөн эле бара бербеңиз.

Мани Ясо унчукпай ойлонуп турду:

– Мунуңузга мен макулмун, – деди аздан кийин.

– Аларга да ак сыйкырдын нускамасын сунуш кылам, кандай дейсиз?

– Ха-ха! – деп Далай лама күлүп жиберди. Пекиндин коммунисттик жетекчилиги кара сыйкыр эмес, ак сыйкырын кошо кошоктоп туруп тап душман катары жоюп жибергени качан!

– Анда эмне үчүн сиздердин ламалар менен байланышат алар?

– Ошону түшүнбөйм, чын жери.

Далай лама саамга ойлоно түштү да мындай деп кошумчалады:

– Сыягы ламалар менен өзүнчө иштеше турган да жагдайлары бар го дейм. Пекинди түшүнүш өтө кыйын. Мүмкүн эмес. Пекин деген бизге эле эмес, бүткүл дүйнөгө ар дайым табышмак. Мына эми сиз барсаңыз балким түшүнөөрсүз.

Анда мени Пекинге жөнөтүңүз, улуу урматтуу таксыр. Бирок сиз менен жаңы нускама боюнча иштешебизби жокпу, аны али билбеген боюнча турам.

– Эмне кылышым керек ал үчүн? Далай лама жактырбагандай тике сурады.

– Иштештин үч ыкмасы бар, улуу урматтуу таксыр. Нускама менен өзүңүз



жеке сүкүткө отурсаңыз болот. Экинчиден укмаматраны колдонуп башка адамдар менен чогуу иштешсеңиз болот. Эгер бул экөөнө макул болбосоңуз анда мен өзүм гипнотерапия жолу менен аракет кылам. Албетте, сиздин макулдугуңуз менен.

– Кыскасы Пекинге барып келиңизчи. Андан кийин сүйлөшөлү. Бирок айтып коюшум керек сизге. Башка өлкөгө барганда кыймыл эткениңиздин баардыгын, ал түгүл сүйлөй турган сөздөрүңүздү биз күн мурунтан болжолдуу болсо да билишибиз керек. Мындайча айтканда сиз мамлекеттик дипломаттык кызмат жолу менен барып кайра кайтасыз. Баардыгы токтом жолу менен ишке ашырылат. Ошонүчүнээн эркин көзөмөлсүз эч нерсе жасап же болбосо башка аракет кылууга улуксаат берилбейт.

– Көзөмөлдү ким кылат?

– Биздин тийешелүү органдар.

Мани Ясо дароо сөздөн жадагандай сезимге туш болду. Чынында эле бул Далай лама менен тил табышуу, алдыдагы келечекте кандайдыр бир жакшылык иштерге барууга болгон үмүтү өтө эле тумандап кеткенсиди. Бийлик башында турган бул адам өзүнүкүнөн башка пикирди эч убакта туура көрө койчудай эмес, өзүнүкүнөн башка кызыкчылык менен эч убакта эсептеше койчудай эмес. Мындай «өзүм билемдердин» эсесин таба турган чара да бар Мани Ясонун колунда. Мындайларды дароо эле, ошол маңдай-тескей отурган жеринде өзүнөн макулдуксуз эле гипноз менен транска киргизип туруп ички сезимдерин каалагандай аңтарып-теңтерип койсо болот. Бирок Мани Ясо ага барууга дит бакпайт. Себеби адамдын өзүнүн макулдугусуз анын кыял-жоругун же болбосо күлк-мүнөзүн өзгөртүп коюу, бул адилеттике жатпас эле. Кандай болгон күндө да бул кадамга адам өз ыктыяры менен баруусу керек.

– Пекинге барууда сиздин алдыңызда бир гана максат болуш керек, ошондой эле ал барууңуздан бир гана жыйынтык чыгыш керек, ал деген – Пекин бийлиги менен Тибеттин ортосундагы соода-сатык мамилелердин жакшырышы. Башка жыйынтык болушу мүмкүн эмес. Эгер башка жыйынтык чыга турган болсо, анда иштин ойрон болгону ошол.

– Кадырыңыз жан болсун улуу урматтуу таксыр. Соода менен саясат, согуш менен революция сыяктуу маселелер менен мен түздөн-түз эч убакта алек болбойм. Менин максатым адамдардын пейилин оңдоо, ыйманын тазартуу. Эгер ушул экөө ишке ашса анда тигил жогорку маселелердин баардыгы өзүнөн өзү ордуна келмек.

– Атаганат деңиз. Андай болсо кана! Сонун болбойт беле. Ошон үчүн оңдоңуз, адамдардын пейилин. Өзгөчө мамлекет башчыларынын ыйманын тазарта алсаңыз дүйнөдө бейкуттук өкүмсүрбөс беле.

– Ошон үчүн бул ак тилекти сиз экөөбүз биринчи болуп баштасак деп сунуш кылып жатпайымбы улуу урматтуу таксыр.

– Хе-хе! Мени коюңуз, мырза Ясо. Мен эч кайда качпайм. Анын үстүнө, менден баштагандай – мен эмне дүйнөдөгү эң биринчи карөзгөй жетекчи боло калыпмынбы? Башкаларды оңдоңузчу. Анан, эгер эле жер үстүндөгү кара чүмбөттүн жалгыз түркүгү мен болуп калсам өзүм эле сынып берейин сиздин алдыңызда. Ха-ха-ха!

Мани Ясонун көңүлү дагы бир сапар чөгө түштү. Эгер барган жерлериндеги жетекчилер менен сүйлөшүү мына ушундай жагдайда улана турган болсо, анда иш абдан эле кыйын болоор!..

## *ОН СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ*

Мани Ясону жөнөтөөрдөн мурда Далай ламанын өзүнүн келип кетүүсүн Пекин талап кылды. Дал ошол өкүмдар Тибетте жок болгон үч-төрт күн Мани Ясого абдан керек эле. Үч күнүн ал Уй провинциясынын мурдагы башчысы жаткан түрмөдө өткөрдү. Өзүнүн полицай командирин суу куйган графин менен төбөгө ургандыгы үчүн провинция башчысы ошол эле жергиликтүү сот аркалуу бир жарым жылга кесилип, түрмөдө жаткан.

Мани Ясо түрмөнүн короосуна кирген кезде ал киши белине дейре жылаңач чечинип алып короонун тээ алыскы төрүндө күнгө какталып отурган экен. Жанына киши келген дабышты укканда ал секирип тура калды. Көздөрү чычаладай кызарган, «Эгосу» ашынган, түрмөдөн аман-эсен чыккан күндө да бул киши соо калбасы дапдаана көрүнүп турат жүзүнөн. Мани Ясо аны менен өткөн эле жылы күнү бою кечке «аңгеме» өткөргөнүнө карабастан жигитти түк да тааныган жок. Тааный турган да эмес.

– Жакын жолобоңуз мага! – деди тигил артка кетенчиктеп. Мен деген касиеттүү кишимин!

– Түшүнөм, ата. Мен сиз менен өтө маанилүү сөз сүйлөшмөк элем. Чоочубаңыз менден, ата.

– Ээй, жандармдар! Кармабайсыңарбы мынамуну! Киминердин досуңар эле. Кармагыла!

Ал Мани Ясого колун кезеп алып дарбазада турган сакчыларга кыйкырды эле алар каткырып күлүп калышты.

– Көзүңүзгө шайтан көрүнүп атабы? Тамашаны коюп битиңизди карай бериңиз! – деп ага сакчылар шылдың менен жооп беришти. Антишке себеп экөө эле. Биринчиден бул жакка Мани Ясо адамдардын көзүнө көрүнбөс касиетте келген, экинчиден Тибеттеги борбордук провинциянын бир кездеги кадырлуу жетекчиси «Эгосунун» айынан бул түрмөдөгүлөргө «жинди», акылынан айныган «келесоо» атанып бүткөн. Күн сайын анын кылык-жоруктарына күлүп, тамашага батышчу бул жердегилер.

Ушуларды өз көзү менен көргөндөн кийин Мани Ясо түрмөчүгө түндөсү, камерасында жалгыз калганда байкатпай кирип, гипноз жолу менен аны тынчытып туруп «менин» түзөтүү терапиясын үч мертебе жасалган соң гана жаңы нускамасы оң натыйжа берди.

– Сиз мага айтып отурган шумдуктуу окуялардын баарысы дал менин өзүмдүн башыман өткөнүнө карабай аларга ишениш кыйын, мырза Ясо. Эми, болуптур, ишенейин. Ишенбеске айлам да жок. Момунчалык арыктаганымды азыр көрүп отурам өзүм. Буга кантип ишенбеске болот. Сөөгүм эле калган турбайбы, – деп оорусунан сакайган түрмөчү өзүнүн сөөк каруударын кармалап ыйламсырады.

Мани Ясо күнөөкөр башын жерге салып бир топко отурган соң мындай деди:



– Кеч болсо да сизди айыктырып алганыма тобо кылам, ата. Жакында түрмөдөн чыгасыз. Ошондо сизди сотко берген полицайдан өч алам дебессиз?

– Кайдагы өч, мырза Ясо. Мен андан кечирим сурашым керек. Эч күнөөсү жок графин менен башка бирди жеп отурса кыйын иш да!

– Рахмат, ата. Өч алуунун кереги жок. Акырөк ишиңизди ойлоңуз. Менимче Далай лама сизге ылайыктуу иш берет. Ага дейре эс алып, ден соолугуңузду чыңдай бериңиз.

* * *

Кийинки күнү Мани Ясо өз подвалында келемишке жем болуп өлгөн Лхаса шаарынын мэринин улуу баласына жолукту.

Далай ламанын буйругу менен ал жигит ошол өз атасы иштеген борбор шаарга вице-мэр болуп калган экен.

Тибет жергесинде тараган айың сөздөргө караганда өлгөн мэрдин дал ушул уулу Мани Ясодон өч алмак. Кара сыйкырды биринчи эле жолуккан жерден атып жыгам деп ал дайыма жанына курал алып жүрөт имиш.

– Мани Ясо деген сизге киришке уруксаат сурайт, – деди ошол вице-мэрдин жардамчысы шефине кирип.

– Ким дейсиң?! Жаш вице адегенде түшүнбөй калды.

– Мани Ясо.

– Кандайча мага кирет экен?

Жардамчы ийнин куушуруп эки алаканын жайды.

– Эмне керек экен ага, сурадыңбы?

– Жолугат элем дейт сизге. Башка эч нерсе айтпайт.

Вице-мэр өңү саарулап, биразга ойлонуп турду.

– Кандай маселе менен келдиңиз эле деп сурачы.

Жардамчы кабинеттен чыгып кетип бираздан кийин кайра кирди:

– Жекече сөзүм бар дейт.

Вице-мэрдин өңү баягыдан да бузула түштү.

– Ал азыр Далай ламага кеңешчиби же жокпу?, – деп сурады жардамчысынан.

– Менимче бошотулган болуш керек.

– Колунда эчнерсеси жокпу?

– Жок.

– Анда киргизсең киргиз. Бирок сен өзүң кошо кир. Сак бололу. Ал кара сыйкыр Додайдын шакирти да.

Мани Ясо кабинетине киргенде вице-мэр ордунан козголуп; бирок утурулап басууга даабай чочулап турду.

– Ом мани падме хум!

Мани Ясо бир колун бооруна алды да ички чөнтөгүнөн алтын кырбылуу кызыл-күрөң түстөгү жибек шарфты алып чыгып вице-мэрдин каруусуна илди.

– Койнумда эч кандай куралым жок, коркпоңуз менден, – деди Мани Ясо тигинин өңүн карап туруп жылмайып. Өңү болсо чынында эле өтө жаман вице-мэрдин. Эмнегедир ал таптакыр Мани Ясо күткөндөй кек сактаган, өч ала турган кебетеде эмес, тескерисинче андан катуу корккон түр менен дагы эле боюн токтото албай турду. Жашы болсо Мани Ясодон аз эле улуу көрүнөт. Бою пас, ийиндери кууш, кандайдыр көзгө толумсуз.

– Былтыр сиздин атаңыз дүйнө салганда жолугуп кайгыңызды бөлүшө албадым, – деди Мани Ясо мэрдин уулун сынай карап.

Ал болсо: «Менин атамдын өлгөнүндө сенин эмне жумушуң бар» деп ойлоп турду, бирок Мани Ясого ыраазы болгон түр жасап башын ийкегиледи.

Вице-мэрдин ички ойлорун толук окуган соң Мани Ясо таңыркады.

«Эл деген таптакыр тескери пикирди уялбастан тарата берет турбайбы. Мынабул мэрдин баласы менден өч алмак тургай, өлөөрчө коркуп турат».

Сүйлөшөөргө сөзү калбаган соң Мани Ясо кабинеттен чыгып кеткиси келди. Ошентсе да ыймандан танбаш үчүн мындай деди:

– Сиздин атаңыздын алдында менин күнөөм бар. Эгерде мүмкүн болуп калса эмдиги жаралышында болсо да мен ал күнөөмдөн арылууга аракет кылам.

Мээр нуру күңүрт тартып, жумшак үлпүлдөгөн вице-мэр ичинен ыраазы өңдөнүп жылмайган болду, бирок анысы сырт кебетесинен анча билинген жок. Ошону менен, отурбастан тикелей туруп саамга сүйлөшкөн эки адам коштошуп, тарап кетишти.

* * *

Отуз беш орундук Лхаса-Пекин ички маршрутундагы самолёт Кунь-Лунь бөксө тоолорунун үстүнөн өз көлөкөсү менен кошо кубалаша учуп өтүп баратты. Канат алдында улуу Кытайдын чакмак барактын бетиндей барчаланып текши иштелген сары талаалары, Янцы суусунун баштапкы куймалары, андан соң атактуу Хуанхэ дарыясы. Тибет окуусунда Кытай тарыхы менен маданияты XX кылымдын элүүнчү жылдарынан бери карата абдан кенен окулат. Мани Ясого мынабул талаалар, суулар, тоолор, атүгүл кезиге калып, самолётту курчаган ак булуттар да таанышы сымал. Жер үстүндөгү адам пенденин баардыгынын дээрлик үчтөн бирине жакынын түзгөн табышмактуу кытай эли жөнүндө Мани Ясо мурда эле өзүнчө кызык ойлорду көп ойлой турган, азыр болсо ошол ойлорун дааналап, эстутумуна жакындата, чукул эстеп келатты.

Өзүнүн беш миң жылдык рух тарыхында бул улуу эл кудайсыз дин жараткан, болгондо да үч динди, үч ишенимди катары менен бирдей колдонуп, башка элдердин кудайларына эч убакта көз арткан эмес, тийиштик да кылган эмес. Башка элдерди чаап алып, кудайын кыйратып, байлыгын талап тоноп, жапайы саясат жүргүзгөн эмес. Бирөөлөрдүн эсебинен жан баккан эмес, империя түзүп, кан төгүп, башка элдерди багынтуудан рахат алган эмес. Бүткүл тарыхында бул эл жалаң гана баскынчылардан коргонуп, өз элин канавайран кыргындардын баардыгынан аман сактап, адатта башка элдердин эң кунигинде да ыгы жок ташкындап турган улуттук эгоизмден негедир алыс. Ошентип ойлоп келаткан Мани Ясонун эсине:

«Биздин Тибетке келгенде эле бул ханзу туугандарыбыз калыстыктан тайып калат» деген устаты Лама Цунун сөзү эске түшө калды. Демек, бул маселеде кандайдыр бир татаалдык бар экен да! Болбосо батыш илимпоздору да «эң сабырдуу» деген ханзулар эмне үчүн бир тууган тубо элине толук эркиндик бербей келет?»

Балким ушул барышында кытай жетекчилерине Тибет жөнүндө суроо салып, андан соң алардын задисинде эмне деген ой жатканын билип келээр Мани Ясо. Бирок Далай лама эмнегедир бул маселе жөнүндө ага бир ооз да сөз айткан жок. Дегеле Тибеттин эгемендиги жөнүндө мурда кийин анын лам деп бироөз кеп кылганын Мани Ясо уккан эмес.



Эмнеси болсо да бара көрмөй. А эң негизгиси Мани Ясонун өзүнүн пландары. Далай ламанын айтуусунда ал кытай жетекчилигинин төрт кишиси менен жолугушат экен. Мани Ясо ошол төрт адамдын сырсандыгын ачып көрсө анан, андан ары кандай иш кылаары белгилүү болмок.

* * *

Пекиндин кичи аэропортунун жүргүнчүлөр залдары, адаттагындай кымкуут, эл көп. Мани Ясону Лхасадан бери самолётто коштоп келген эки адамдын бири сыягы ушул Пекиндик офицер окшоду. Анткени, автоунаадан түшөөр замат ал адаттагыдай эле бири нары, бири бери карап сөйлөшүмүш болуп турган Кытай коопсуздук кызматынын жоопкерлерине жетип барып досторчо саламдашты да алар менен бирге Мани Ясону утурлашты.

– Пекинге куш келипсиз, жолдош Лама Ясо!

– Менин ысмым Хан Ли, – деди боз жашыл кителчен чыкчырылган арык офицер, тоскон мейманын өзгөчө бир шек алуу менен үңүлө карап.

– Мани Ясо.

Төртөө кол алышып бүтөөр менен жеңил машина буларды алып учуп жөнөдү. Эки чекесинде велосипедчендер Пекиндин чууртган кенен көчөлөрү, туш тараптын бардыгы соройгон крандар жүрүп жаткан жаңы курулуштардын белгилери.

– Пекинге биринчи келишиңизби, жолдош Мани Ясо?

– Биринчи келишим.

– Шаарыбыз моминтип түп тамырынан жаңырып атат.

Кытай офицерлери борбор шаары Пекин менен сыймыктанаарын жашырышкан жок.

Дагы бирдаар жүргөн соң машина обологон бийик имарат алдына келип токтоп, жүргүнчүлөр баардыгы чогуу лифт менен жогорку кабаттардын бирине чыгышты.

– Пекинге куш келипсиз , жолдош Лама Ясо, – деди каалгасында аты-жөнү жазылбаган, 3943/27 номерлүү кабинеттин ээси, далысы бүкүрүнө тарткан узун бойлуу кашка баш киши. Анын көз карашы да берки, тосуп алгандардыкына окшош– шектүү, кытмыр, кызыкдар.

– Таанышып коёлу, менин ысмым Хуан Цзе.

– Мани Ясо.

– Ыйык Миларепа, же болбосо Лама Ясо десеңиз тагыраак болоор.

Мани Ясо жылмайып унчуккан жок.

– Сиз менен ханзу тилинде сүйлөшүүгө куштарбыз, жолдош Лама Ясо. Биздеги маалыматка караганда пекин диалектинде таза сүйлөйт экенсиз.

– Он жыл окудук. Аздык кылып атат.

– Ханзу тилин жер үстүндө эки миллиардка жакын адам колдонот. Англис тилинде сүйлөгөндөр андан эки эсе аз, – деди Хуан Цзе ортолору ачык сары тиштерин көрсөтө күлүп.

Өзүн кабыл алып жаткан биринчи адамдын мээр нурун даана көрүп, анын ичиндеги ойлорун Мани Ясо дээрлик окуп отурду, бирок таптакыр сыр билгизбеди. Ошого жараша Хуан Цзе да жүзүн андан ала качпады, ички сырын жашырайын деп аракет кылган да жок. Мани Ясонун божомолунда аны менен жолуга турган

пекиндиктердин баардыгы Тибеттин Далай ламасынан «жүзүңөрдү жашыргыла» деген сыяктуу нечен кеңештерди алган болуу керек. Ага карабай мырза Хуан ачык-айрым, түздөн-түз баарлашып отурду.

– Пекиндеги бир жумалык иш сапарыңыздын графиги менен таанышып алсаңыз болот, – деп бир топко маектешкенден кийин мырза Хуан Мани Ясонун алдына компьютерге терилген текст таштады.

Графикте мурда белгилүү болгондой төрт киши менен жолугушуу көрсөтүлгөн. Бирок төртөө тең Далай лама айткандай Кытай жетекчилигинин өкүлдөрү эмес сыяктанат. Мани Ясо кагазды кайра сунуп жатканда «Булар ким деген адамдар?» деп мырза Хуандан сурап койду.

– Сизден жашырууга болбойт – булар биздин мамлекеттик саясатка өтө керектүү адамдар, урматтуу Лама Ясо.

– Шпиондор турбайбы, – деди Мани Ясо капыстан.

– Кечиресиз, урматтуу Лама Ясо. Кытай сыяктуу зор мамлекетти коргоо иши, андан да бир жарым миллиард элдин бейпилдигин сактоо иши өтө чоң жоопкерчиликти талап кылат эмеспи. Сизден жардам сурайбыз. Жашырганда эмне…

«Сен адегенде көрсөтсөң өзүңдү – эмнеге жарайсың?» деген ойду мырза Хуан ичинде жашырып турганын көргөн соң Мани Ясо үнсүз жылмайды да башын саал ийкеди. Демек, Пекин али ишенбейт Миларепанын кайра жаралган түгөйүнө. Пекин адегенде жигитти сынап көрмөкчү болгон. Сынаганда да пайда чыкчу жагын көздөп, дароо эле Кытай коопсуздук комитети тарабынан сынамак болушкан. Сыноодон өтсө анда жетекчилери жолугат, өтпөсө – жок.

– Менин да сиздерге айтаар сунуштарым бар. Аны иш сапардын артында сүйлөшөлү.

– Албетте, сөзсүз.

– А азыр болсо бир өтүнүч, урматтуу мырза Хуан. Сиздердин убактылуу абакта Тибеттик эки адам камалып жатат. Бири монах Соржу, экинчиси монах Дей. Алар мага жардам бергендиги үчүн чегарачылар тарабынан кармалган. Эгер мени күнөөлөгө сиздерде негиз жок болсо, анда ал экөөнү бошотууга туура келет.

– Сизди күнөөлөгө бизде эч кандай негиз жок, урматтуу Лама Ясо. Ал эми сиз айткан эки монахка «чек ара тартибин бузган» деген доомат коюлган. Аны териштирип бүтүүгө бир аз убакыт керек.

Мани Ясо мырза Хуанды саал жактырбай карады да ошол тушта анын нарыда илинип турган офицердик кителин, кителдин погонундагы генералдык чинин көрүп калды.

– Ал эки момун адамдын абакта жатканына үч айдын жүзү болду, жолдош генерал.

– Ооба, ооба. Алардын тергөөсү эртең сөзсүз бүтүп калат, урматтуу Лама Ясо. А балким бүгүн эле бүтөт!

* * *

Кытай коопсуздук комитети тарабынан колго түшүрүлгөн төрт адамдын үчөө менен узак убакыттан аңгемелешип бүткөн соң Мани Ясо генерал Хуанга төмөндөгүдөй маалымат берди.

– Биринчи кишинин анык ысымы документиндегидей Чжоу Ян эмес, дал



сиздикине окшош экен, жолдош генерал. Хуан Ян экен анын өз ысымы. Туулган шаары Чанша эмес Гэцзю экен. Кесиби эколог эмес физик. Кошмо штаттардын чалгын кызматына көмөктөшүп жүргөнүн мойнуна алууга аргасыз болду. Мынакей анын жооптору жазылган укмакассета. Дагы бир тактап койчу жагдай – силердин тергөөчүлөрдүн протоколунда көрсөтүлгөн чоң суммадагы долларды бул киши эмес, Пекинде жашап, азыр Европага өтүп кеткен Айвано деген аксөөк алган экен. Сиздин аты уйкашка ал сумманын үчтөн бири да тийбептир, жолдош генерал.

– Айвано бизде көптөн бери издөөдө. Аны табууга көмөктөшө алаар белеңиз, урматтуу Лама Ясо? Ан үчүн биздин ведомство сиз каалаган сумманы төлөп берүүгө даяр, – деди жанатан бери унчукпай угуп отурган генерал Хуан жандана түшүп ордунан козголуп.

– О, аны таап берчү киши өз колуңарда, – деди Мани Ясо күлүп. Ал Хуан Ян. Силердин туткундан бошонсо эле ал Айванону жер астынан болсо да издеп табууга даярданып отурат.

– Биздин туткунданбы?

Генерал Хуан ойлонуп калды да кайрадан Мани Ясонун сөзүнө кулак төшөдү.

– Экинчи туткунуңарды мен тигиндей же мындай деп күнөөлөй албас элем. Ал болгону саясий көз карашы силер менен келишпеген адам экен. Өтө билимдүү, дал ошол себептен ал коммунисттик идеяны куру кыял, ишке ашпаган утопия деп эсептейт. Бул кишинин оюнун тууралыгын СССРдин тагдыры далилдебедиби. Же кандай дейсиз?

– Коммунисттик коомду курууга болот жана аны биз далилдеп жатабыз, урматтуу Лама Ясо.

Биз коммунисттик партиянын жетекчилиги менен иштейбиз. Сиз улуу Кытай өлкөсүнүн атуулу катары бизге жардамдашсаңыз жеңишибиз тездейт эле.

– Жардамдашып жатпаймбы, – деди Мани Ясо күлүп.

– Рахмат. Бирок коммунисттик идеянын душмандарын күнөөлү эмес дегениңиз жарабайт, урматтуу Лама Ясо.

– Күнөөлү деп мен мынакей силердин үчүнчү туткунду айтаар элем. Ал бир нече жолу киши өлтүрүүгө катышкан. Жүрөгү мерез, колу кандуу, эгосу ырайымсыз күч алган кылмышкер. Мен анын кылмыш иштерин гипнопедия жолу менен өзүнө толук айттырып кассетага жазып койдум. Эми силердин тергөөчүлөр ар бир эпизоддун иш жүзүндө далилдеп мойнуна коюшу керек. Генерал Пен Ли деген ким эле? Муну тымызын колдойт экен, ал киши.

– Генерал Пен Либи?!

– Хуан Цзе ордунан кандай ыргып турганын өзү билбей калды. Мани Ясо болсо анын ички ойлорун эрксизден толук окуп отурду. Генерал Пен Ли дал ушул ведомствонун эң жогорку жетекчиси экен.

– Төртүнчү кишиңер жөнүндө азырынча эч нерсе айталбайм. Ал азыр терең трансата отурат. Ага кошумча – башында оор жаракаты бар көрүнөт, мээси чайкалган болуш керек. Тезинен дарылоого албасаңар зыян болот.

Хуан Цзе бу кезде төртүнчү туткуну жөнүндө бирнерсе угууга жөндөмсүз болуп жалдырап калган. Анын ойпикири азыр бүтүндөй өз жетекчиси, Пен Ли жөнүндө эле.

* * *

Пекиндеги бир күндүк тыныгуудан кийин Мани Ясону Кытай Эл Республикасынын Башкармасы кабыл ала турган болгондугу билинди. Ошол мүнөттөн баштап «Тибеттен келген кыргызга» кездешкен, сүйлөшкөн баардык жогорку чиндердин мамилеси таптакыр башкача. Бул жагына келгенде Кытай коопсуздук кызматы башка министрликтерге жол бербей, Мани Ясону катуу кайтарууга алып, анын Гугун императорлорунун тарыхый хан сарайына, Тянань Мань аянтына болгон бир күндүк серүүндөө-саякатын эң жогорку, мамлекеттик деңгээлде уюштуруп чуркашты. Мани Ясо менен бир сааттык эле жолугушууну сураган Ички иштер, Тышкы иштер министрликтери коопсуздук кызматынын жетекчилеринен оң жооп ала албай убара болушууда. Баардык сурагандарга бир гана жооп айтылып атты: «Ишсапардын бекитилген расмий графигинен сырткары эч кандай жолугушуулар болбойт».

Ошол арада Коопсуздук кызматы Пекин элдик банкында Мани Ясонун атына жеке эсеп ачып, ага «аткарган кызматы үчүн» деп чоң суммадагы акча которууга, анын документин жигиттин өзүнө салтанаттуу тапшырууга үлгүрүштү.

Пекин шаардык аткаруу комитети ошол кечте Мани Ясого «Борбор шаардын ардактуу жараны» деген наам тапшырмакка күтүп атышкан. Бирок, тапшыруу капыстан үзгүлтүккө учурады, анткени Башкарма Мани Ясону дал ошол кечте кабыл алмак болуптур.

Улуу кытай элинин бүгүнкү зор ишенимин бүтүндөй өзүнө байлап турган бийик имараттын кенен коридорлору кечкисин электр жарыгына толуп-ташып көз уялтат. Лифттер канчалык көп болсо да Башкарманын иш бөлмөсүнө жетиш үчүн Мани Ясону коштогон топ көпкө дейре коридорлорду жөө басып жүрүп отурушту.

– Башкармага мен «улуу урматтуу» деп кайрылсам болобу? – деди Мани Ясо күнү кечке жанында такай жүргөн генерал Пен Лиге.

– Бизде баардык учурда «жолдош» деп айтылыш керек. Бирок иш жүзүндө ал дайым эле сактала бербей калган учурлар көп. Өзгөчө чет өлкөлүктөр тарабынан.

– Мен чет өлкөлүк эмесмин го. Бирок биз Тибетте өзүбүздүн адамга «жолдош» деп көнгөн эмеспиз. Далай ламаны болсо дайыма «улуу урматтуу» дейбиз.

– Оо, силердин Далай лама тимеле жер үстүндөгү улуунун улуусу, урматтуунун урматтуусу да! – деп генерал катуу күлүп калды эле калгандары ага дуу кошулушту. Мани Ясо болсо адатынча ууртунан жылмайып тим баса берди. Дегеле анын «Улуу урматтуу Далай ламасына» Пекинде анчалык сый мамиле жок экенин ал быякка келген биринчи күндөн баштап эле угуп да, көрүп да келатат. Анын себеби эмне экенин да Мани Ясо байкап отуруп терең түшүнгөн.



## *ОН ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ*

**У** бакыт кеч болгонуна карабай Башкарманын кабинети жакта нары-бери шыпылдап баскандар арбын. Мани Ясо жана анын жанындагыларды алардын бири тосуп алды да кошуна бөлмөгө киргизип анча чоң эмес тегерек үстөлгө айланта отургузду. Үстөлдүн үстү дүрдүйүм жер-жемишке толгон. Мала жашыл кителюбкачан меймандос кыздар тык-тык басышып, келгендерге чай, кофе суна баштashты.

– Жолдош Башкарма аздан кийин ушул жерге келип Сизге жолугат, – деди топту тосуп алган жигит Мани Ясого сылык эңкейип. Айткандай эле бир паста көзайнек кийген, орто бойлуу, тыгырчагынан капкара чач келген Башкарма жардамчылары менен шып кирип келди да үстөлдү айланата тура калгандарга кол берип өзүнө даярдалган орунга отура кетти.

– Азга күттүрүп койдум. Кечирим сурайм. Кана эмесе, чай үстүндө дидаарлаша берели.

– Жолдош Башкарма, Сизге Тибеттен келген урматтуу Лама Ясону тааныштырып кетүүгө уруксат этиңиз, – деп тийешелүү кызматкери сөз баштаганда Мани Ясо ордунан турду да колуна даяр кармап отурган алтын жиптүү күрөң шарфын Башкарманын каруусуна илди.

– Рахмат, – деди Башкарма күлөбагып. – Сиз жаш жигитсиз. Ага карабастан Сизге улуу урматтуу Миларепа, же болбосо ыйык Миларепа деп кайрылабыз го, менин билишимче.

– Качан мен ыйык Миларепанын атын атаган кезде ошентип кайрылууга болоор. Ага дейре али Мани Ясо деген өз атымды акташым керек, улуу урматтуу Башкарма.

– Охо, андай болсо сизде милдет өтө чоң экен урматтуу жаш жигит. Алдыдагы келечегиңизди дал ушундайча түшүнгөнүңүз бизди кубандырат. Мага айтышты, сиз биздин кызмат органдарга керектүү жардамыңызды берипсиз. Биз, коммунисттер, ачык айтышыбыз керек дүйнөгө материалисттик көз караш менен карайбыз. Турмуштун өзүндө ар кандай акылга сыйгыс кубулуштар көп эле болуп жатканын жашырууга болбос. Мисалы мынакей ыйык Миларепада бар мистикалык касиеттер сизде да бар экенин өз көзүбүз менен көрдүк. Муну биздин коммунисттик түшүнүк менен чечмелеп берүү мүмкүн эмес. Туурабы жолдош генерал?

Жанатан бери башка эч кимди карабай, жалаң гана Мани Ясого сүйлөп жаткан Башкарма эмнегедир капысынан генерал Пен Лиге суроо салып калды.

– Туура жолдош Башкарма, – деди Пен Ли өзгөчө шашылып. Андан соң Башкарма сөзүнүн нугун кайрадан Миларепага буруп, Мани Ясого көптөгөн кызык суроолорун берип коюп, башын ылдый сала магдырып угуп отурду.

– Сиз менен жолугушканыма абдан курсант болдум, – деди бир саатча аңгеме курушкан соң Башкарма сылык жылмайып.

Мани Ясо бул өтө билимдүү, ойчул жана сабырдуу, ошол жеке касиеттеринин эсебинен жер үстүндөгү өзүнүн эң зор мансап бийлигине манчыркап кетпей, түз келаткан өкүмдарга экинчи жолукпачудай болуп шашылып калды:

– Сизге айта турган маанилүү сөздөрүм бар эле, улуу урматтуу таксыр!

Башкарма билегиндеги саатын караганы баратып кайта айныды:

– Айта бериңиз. Жашыруун болбосо.

– Негизи жашыруун эмес. Бирок адегенде өзүңүзгө жеке айтсамбы дедим эле.

Ушуну угаар менен Башкармадан башка отургандар эч дабышсыз жылып чыгып кетишти.

– Ыйык Миларепа жөнүндө көп сурадыңыз таксыр. Мен ошол улуу адамдын максаттарын азыркы турмушка ашыруу үчүн жаралган түгөйү болгон соң кепти ошондон баштоого уруксаат этиңиз.

Ыйык Миларепанын бирден бир максаты – адам дилиндеги тазалык менен адилеттиктин уругун өнүктүрүп өстүрүү болгон экен.

Ал киши бул маселени эмнегедир баарыдан бийик коёт. Акылман сөздөрү менен ою терең ырларынын баардыгы тең ушул жөнүндө. Демек менин дагы ошол жолго түшүшүм милдет. Болгондо да оор милдет. Анткени, ыйык Миларепа сыяктуу адамзаатынын жүздөгөн генийлеринин аракети менен кишилерди Адам болуу жолунда тынымсыз өйдө сүйрөп келаткандарына карабастан, акыркы бир эле кылымда кайра артка кетүү өтө күч алды. Ушул тейи менен адам ылдый кулай берсе, анда «Комитет 300дүн» жашырын пландары алдыдагы элүү эле жылда ишке ашчудай, таксыр.

Ушуну айткандан кийин Мани Ясо Башкарманын кабак-кашын билмекке аны кирпик алдынан бир карап алды эле, сөөмөйү менен кагаз үстүндөгү калемин үнсүз тегеретип отурган Башкарма эч козголгон да, өзгөргөн да жок.

Балким бул адамдын мансап деңгээлиндеги жетекчи сүйлөшүп жатканда ички туюмдарын сыртка чыгарбаш керектир. Маңдайындагы кишиге ал ар дайым жандырмагы белгисиз табышмак болуп отурушу абзелдир. Айтору өкүмдарлардын ошондой өз эрежелери бардыр, ким билет. Башкармадан эч белги болбогон соң Мани Ясо сөзүн улоого аргасыз болду.

– Өткөн эле жылдын аягында Нью-Йорктун Манхеттенинде «Комитетчиктердин» жаш муундары чогулуптур. Британиянын принци баш болуп, Лондондон бир «Боинг» жаш төбөлдөр учуп келишип, Кошмо штаттардын мультмураскерлери менен бирдикте кеңеш өткөрүшүптүр. Кеңеште комитеттин «Отчёт Глобал-2000» деген программасындагы «Адамдардын мүнөзүн өзгөртүү боюнча Тависток институтунун илимий сунуштарын» карашкан. Андагы биринчи маселе – көп өлкөлөрдө наркозаттарды колдонууну мыйзам түрүндө легалдаштыруу экен.

Ал үчүн башка континенттердин жаштарына үлгү катары адегенде Европанын бир нече шаарында наркозаттарды студенттик жана жумушчу ашканаларында, көчөдөгү кафе, ресторандарда иче турган сууга, тамак-ашка, суусундуктарга расмий түрдө кошуп берүүнү башташат. Лондондо мисалы, биринчи болуп атайын наркобарлар ачылды.

Экинчи маселеси: мал менен жана жашы жете элек балдар – кыздар менен жыныстык катнашуу, аялдардын-аялдарга, эркектердин-эркектерге үйлөнүүсүн, алардын «үйбүлөлүк укугун» көп мамлекеттер расмий каттоого жана колдоого ала баштамакчы. Буга кошумча катары: «бир үйбүлөдө бир гана бала» ураанын бүткүл дүйнөгө кеңири таратуу. Ушулардын эсебинен жер шарындагы адамдардын санын зордуксуз жол менен, мурдагы пландаштырылгандай эпидемия таратуу, химиялык заттарды колдонуу, «Ибилис секталарын», «кара сыйкыр борборлорун» түзүү жолдору менен гана элдерди кырбастан, алардын санын мынаминтип «жумшак» «гумандуу» жолдор менен дагы кыскартууга жетишүү. Башкача айтканда «Комитет 300дүн» мүчөлөрүнүн бала бакыра, укум-тукумун жана алар жашоого ылайым эткен гана төбөлдөрдүн алтынга бөлөнгөн, жомок турмушун камсыз кылып туруш үчүн жер үстүндө бар болгону бир млрд. кана киши калтыруу. Ошондо дагы, ал жумушчу күчү тандалган гана төрт өлкөдө күндүзү иштеп, түнкүсүн наркобарларда, рок музыка угуп, порнофильмдерди көрүп эс алуусу керек. Баардыгы тең үйбүлө күтүп, балалуу болуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылат. Анткени бара-бара алар дагы киборг-робототоидлер менен толук алмаштырылмакчы.

Азыр планетада арааны катуу жүрүп жаткан, «саясий-экономикалык глобалдаштыруу» деп татынакай ат менен аталган «Комитет-300 дүн» «Глобал-2000» программасына жаш комитетчилер мына ушундай жаңы кошумчаларды киргизиптир, улуу урматтуу Башкарма. Ушул маселелер боюнча Сиздин ойду угууга өтө дилгир элем.

Улуу Кытайдын жетекчиси калемин тегеретпкенди токтотту да Мани Ясого эмне деп жооп айтаарын ойлонуп калгансыды. Пауза көпкө созулган сайын Мани Ясо кыпылдай баштады. «Сиз айткандардын бардыгы факт менен такталбаган маалыматтар болуп жүрбөсүн. Мындай нерселерди Батыштын басма сөзү сенсация үчүн апыртып жаза беришет да» деген шекти угуп калышым мүмкүн деген ойдо Мани Ясо ошого ичинен жооп даярдап турду эле Башкарма күтүүсүздөн жооп эмес, суроо берип калды:

– Кечиресиз, ыйык Миларепа. Кайсыл өлкөлөр экен, аларга баш көтөрбөй кул болуп иштеп бере турган. Аттарын аташат бекен ошол өлкөлөрдүн?

– Кытай, Индия, Индонезия, Бразилия.

– Ха-ха-ха! – деп Башкарма чын ыкласы менен катуу күлүп жиберди. – Чынында эле ушул төрт мамлекет азыркы учурда өндүрүштө иштеп жаткан өлкөлөр. Россияны кошушпайт бекен?

– Россиянын элинин санын кескин кыскартууну пландашкан. Ушул эле 20-30 жылда үч эсе азайтып 50 миллионго түшүрүшмөкчү. Анын үстүнө россиялыктардын генетикалык фонду айыккыс оор залалга учураган эл, деп эсептешет комитетчиктер.

– А Кошмо штаттар өз элин эмне кылат экен?

– 100 миллиондон ашырышпайт. Азыркы элинин үчтөн бири гана калат.

– Демек бизди, кытайлар менен индустарды кыскартпай тим коёт экен да? Анткени аларга иштеп беришибиз керек турбайбы?– деди Башкарма кыт-кыт күлүп.

– «Саясий изилдөөлөр боюнча түзүлгөн Кембридж институту» да «Комитет-300гө» карайт. Ошол институттун так эсеби бар. Дүйнө өлкөлөрүнүн кайсынысында канча адам калыш керек деген. Эгерде кызык көрсөңүз мен Сизге кагаз жүзүндө берейин.

– Кызык. Баары тең кызык. Бирок биз, Кытай Эл Республикасы «Ар бир үйгө бирден бала» саясатын эч кандай комитети жок эле өзүбүз жүргүзүп жатабыз го. Демек биз дагы ошолордун ишин иштеп атыппыз да!

Башкарма бул тамаша сыяктуу суроосун Мани Ясого күлбөй туруп, олуттуу түр менен берди да, дал ошондой олуттуу жооп күткөнсүп мостойду.

– Сыртынан караганда ошондой сыяктуу. Бирок силердин демографиялык түп максатыңар «Комитет 300гө» таптакыр окшобойт да.

Бул биринчиден. Экинчиден өздөрүнүн өзүмчүл максаттарына жетиш үчүн «Комитет» бүткүл адамзатка каршы жасап жаткан иштерди Кытай эч убакта колдобойт деп ишенем. Ошентсе да, баары бир, кытай эли үчүн алдыда коркунуч бар, улуу урматтуу Башкарма.

– Кандай коркунуч?

– Балким «кара напус»[1] жөнүндө айтып жаткандарсыз?

– Чын-чынына келгенде «кара напус» да адилетсиз көрүнүш, улуу урматтуу таксыр. Бирок анын адамзаатка тийе турган зыяны азыр мен айтайын деген коркунучтан ашып түшпөс.

Эмдиги айта турган сөзү менен Башкарманы чоочутуп албайын дегенсип Мани Ясо алдын ала өкүмдарга жылмайды:

– «Комитет 300дүн» тескери аракетине карабастан экономикалык кескин өсүштөн улам бул күндөрү кытай элинин зоболосу көтөрүлүп, улуттук аң-сезими күчөп баратат. Ары болсо жарым кылымга жетпей жер жүзүнүн демографиялык ээси болуп калаарын кытайлар менен индустар азыртан билип калышты. Демек, алдыдагы улуттук өзүмчүлдүктүн ээлери бүгүн алаканга салгандай белгилүү башка элдерге карата болгон евроамерикалык гегемондук кысым жакынкы эле жылдарда мына ушул эки улуу элдин өкүлдөрүнүн колуна өтмөкчү. Алдын албаса болбойт деп ойлойм.

– Кытай эли же болбосо кытай мамлекети тарабынан дүйнө жүзүнө коркунуч туулат дегениңизге кошулууга болобу, касиеттүү Миларепа? Өткөн тарыхта андай коркунуч болуп көргөн эмес.

Аныңыз ырас, улуу урматтуу таксыр. Бирок азыр доор менен кошо бүтүндөй кытай эли, өзгөчө жаштары кескин өзгөрүп бара жатат.

Ушул жерге келгенде Башкарма, балким көнүмүш адаты мененби, айтору саатын бир карап алды.

– Сөзүмдү аягына чыксам деген тилегим бар, улуу урматтуу Башкарма.

– Кытай эли дүйнөлүк маселелерди жеке өзүм чечемин деп эч качан дымак коюп көргөн эмес. Эгер андай милдетти кимдир бирөө, мисалы сиз айткан «Комитет 300» өзүнө алган болсо анда алар жаңылышат. Тарыхтын өзүнүн өнүгөөр айныгыс диалектикасы бар. Аны менен эсептешпеске болбойт. Эгерде конкреттүү бир нерселерди айткыңыз келсе угайын. Сиз экөөбүз үч саат катар сүйлөштүк, касиеттүү Миларепа. Мен ага убактым бекер кетти деп өкүнгөнүм жок.

– Улуу урматтуу Башкарма. Тагдыр менин алдыма бир эле максат койгон экен. Ошонун артынан түшүп жүрүп акыры түбү Агни-йога багытында, ак сыйкыр менен айкалышта аткарыла турган «Толерант» деген мантра[2] иштеп чыктым.Анын максаты адамдын дилиндеги «Эго» сезимин ордуна келтирүү. Бул сезимдин өз ченеминде эмес, аз же көп, өзгөчө ашыкча болушу эзелтеден адам уулуна

[1] Кара напус – Кытайда мамлекеттик нормадан ашыкча төрөлгөн балдарга жарандык документ берилбейт. Ошондой көрүнүштү эл «кара напус» деп атап койгон.

[2] Мантра – адамдын дилин, пейилин, мүнөзүн өзгөртө турган ыйык дубанын тексти.



айтып бүткүс кыйроолорду, кыргын согуштарды, көкүрөктөн тагы кеткис муңзарды, ый менен өлүмдү тынымсыз апкелип турду. Бүгүнкү күнү да алып келип жатат, мындан ары да апкеле бермекчи. Эгонун ашыкча болушу миллиондордун канын суудай агызган тирандарды, баскынчыларды, фашисттерди жаратты. Эми баардыгыбыз биригип бул залалга каршы күрөшпөсөк болбойт ко, улуу урматтуу Башкарма. Ошонучүн менин ак ниетимди ишке ашырууга сизден аталык жардам сурайм.

– Хе-хе-хе! Ниетиңиз жакшы. Бирок мен дагы сиз жактырбаган алиги материалисттердин анабашымын да. Колумдан кандай жардам келээр экен? Мындайда биздин зыяндан башка пайдабыз жок болчу эле. Сиздин кара сыйкыр менен тибеттик бирнече чиновникке кадимкидей таасир эткениңизди айтып беришкен мага.

– Кечиресиз, улуу урматтуу Башкарма. Анда мен өзүмө каршы күнөө кылгам. Кара сыйкырдын күчү менен адамдардын ашыкча Эгосун азайтпастан кайра көбөйтүп койгом. Андай жаңылыштык болгон.

Мани Ясо сөзүн айтып бүтө электе эле Башкарма күлүп колун өйдө көтөрө кетти:

– Мага азыр бир ой кылт этип турат, касиеттүү Миларепа. Сиздин ушул жаңы мантраңызды Кошмо штаттардан баштап ишке ашырып көрбөйсүзбү.

Ал жакта биздин ашынабыз, Президент бүткүл жер жүзүнө таңуулоо саясатын жүргүзүп атат, аны билээрсиз. «Мурдатан канга булганган кителиңерди жуугулачы адегенде», деген сөздү угушпайт. Месопотамиянын эли мына бүгүн зор коркунучтун алдында турат. Мырза Президенттин Эгосун түзөтүүгө болоор беле?

Мани Ясо ордунан козголуп, жандана түштү:

– Антмейинче таптакыр болбойт, улуу урматтуу Башкарма. Жакында мен ал жакка жол тартам. Максатым – дал сиз айткандай. Анын үстүнө «Комитет 300дүн» биринчи уюштуруучулары Кошмо штаттардын мурдагы президенттери болгон экен. Азыркысы болсо атасы экөө тең, Англиянын королевасы сыяктуу эле балдары, неберелери менен кошо комитетке мүчө.

– Жолугушууга мүмкүн болбостур дейм. Алардын өзүлөрүнүн астрологдору, көзү ачыктары бар. Бирок аларды жашыруун кармашат. Өзгөчө Европанын төбөлдөрү андайга жакын болот.

– Жолугушуунун айласын табабыз го деп ойлойм. Адегенде ачык кат менен «Комитет 300дүн» башчыларына кайрылып көрөм. Анын үстүнө Американын элине ишеничим чоң. Аларга «Толерант» идеясы жагат ко деген үмүтүм бар. Көптин баары америкалыктарга мантранын чыныгы натыйжасын көрсөтүшүм керек. Болбосо мага окшогон «олуялар» жер үстүнө толуп кетти, текшере келсе – жыйынтыгы жалган.

– Мен ойлойм сизди адегенде эле ЦРУ колго алат ко деп.

– Сөзсүз. Алардын укуругу узун эмеспи. Мен жөнүндө небак эле кабар алышкан экен. Эгерде Кытай коопсуздук кызматы сизге менин ишимдин натыйжасы жалган экен деп билдирген болсо мына минтип сиздин алдыңызда отурбас элем го. АКШ жетекчилигине да алардын ЦРУсу аркалуу жетүүгө туура келет. Болбосо, башка да жолдор бар. Эң негизгиси, улуу урматтуу таксыр, комитеттин төбөлдөрү Эголорун түздөөгө өз ыктыярлары менен макул болушса экен деген тилегим бар. Анткени бул маселени баардыгы эле туура кабыл ала бербейт көрүнөт. Ошондуктан сизден жардам сурап турам.

– Айтыңыз, кандай жардам бере алат экемин?

– Адам пейилин оңдоо бүткүл адамзат үчүн эң маанилүү иш экенин биринчи болуп өзүңүз колдоп берсеңиз эбегейсиз чоң жардам берген болоор элеңиз.

– Мен жеке өзүмдөн баштаймбы? Же башка өлкөлөрдүн жетекчилерине, кайрылгын деп турасызбы?

– Өзүңүздөн баштасаңыз үлгү болот эле да, улуу урматтуу таксыр. Сиздин өрнөгүңүздөн кийин элиме калыс, адилет жетекчи болом деген баардык жетекчилериңер, өзгөчө сотторуңар «Толерант»– сеансынан өтүп алууга өзүлөрү дилгир болот эле деп ойлойм.

– Хе-хе-хе, – деди Башкарма күлүп, – мен биринчи баштасам анда номур биринчи өзүмчүл экенимди моюндаган болом го. Ушундай да?

– Баардык нерсени алдын алганга не жетсин, улуу урматтуу таксыр. Менин сизге ишеничим өтө зор.

– Аны анда ойлонолу, касиеттүү Миларепа. Убакыт издейли. Адам өзүнүн пейилин оңоодон эч убакта качпаш керек деп ойлойм. Ханзада Гаутама айтса керек эле: «Бул дүйнөдө эч кылмыш кылбай эле канчалык көп жашасаң өлгөнгө дейре баары бир күнөөнү мойнуңа ошончолук көп үйүп аласың» деп. Анын сыңарындай ыйманды дайыма тазалоодон өткөрүп турганга не жетсин. Менин сунушум бар, касиеттүү Миларепа. Пекинге келип жашаңыз. Биз менен кызматташ болуңуз. Шартыңызды түзүп берели.

Башкарма сөздөрүн кыска айтты да көз айнегин алып туруп Мани Ясого күлүңдөй карады. Жигит кыйла таңыркай түштү, себеби жанатан айнектин артында жашырылган өкүмдардын жапкак көздөрү кадимки, жөнөкөй адамдыкындай сүрү жок, ырайымдуу экен. Балким ошондон уламбы, Мани Ясо кысынбай эркинирээк жооп берди:

– Сөзсүз Пекинде да жашоого туура келет, улуу урматтуу Башкарма. Анткени бул жерде да аткара турган иштерибиз көп. «Толерант» борборлорун ачышыбыз керек. Сиздердин адистерге жагып калса, жаш кезинде адамдын дили ийкемдүү болот эмеспи биздин мантраны мектептерде, окуу жайларында өткөрүүнү сунуш кылабыз. Сиз тарабынан камкордук болсо, мен күн мурунтан чоң ыраазымын...

* * *

Дейдин ар кандай ишке чапчаң нары билимдүү, Кытайдын тилин да, шаардын жөнүн да билгич экенин көргөндөн кийин монах Соржу анын айткандарынын баарына унчукпай макул. Болбосо адегенде, өзгөчө чегарачылардын камоосуна адеп түшкөндөн баштап Соржу аны үстөмөндөтүп, күнөөлөп, сөз менен ныгырып жүрчү.

– Мен эмне? Чөптөн дары жасагандан башка эчтекени көрбөсөм, – деп калчу болду эми.

Дей болсо, анын акыры өзүнө баш ийип бергенине ыраазы болуп чындыгын айтат: «Сиз жасаган дарылар дүйнөдө табылгыс да!»

Бу сапар да Дей айткандай болду. Кытай чегара Армиясынын борбордук штабындагы камоодон чыгарып салса болбой Дей кайрадан камерага кирип жатып алды да мындай деген талап койду:

– Биздин бул жерде жатканыбызды Ыйык Миларепага кабарлагыла. Ал кандай айтса ошондой болобуз.



– Ыйык Миларепаңды булар өзүлөрү издеп таппай жүрсө кандайча ага кабар берет? – деди Соржу Дейдин бул кылганына таңыркап.

– Коркпоңуз Соржу ага. Булар билет Лама Ясо кайда экенин. Атүгүл быякка келген окшойт. Сөздөрүнөн байкап атам.

– Кимди айтасыз, ким быякка келиптир?

– Лама Ясо.

– Миларепаңбы?

– Ооба.

– Эмне деп турасың сен? Камап салбайбы аныңды!

– Ээй, Соржу ага. Камамак беле. Ал буларга керек да. Ошон үчүн булардын камай коёбуз дегенине ишенбеңиз.

– Буларга ким керек? Лама Ясобу?

– Анан ким? Андан көрө ушерден чыкпай тырышып жата туралы. Антпесек экөөбүздү беш метр жылганда эле кайрадан полиция камайт. Документибиз жок. Сиздин Манас көлдөгү монастрыңызга кайра кантип жетебиз. Же бир тыйыныбыз болбосо.

Монах Соржу унчукпай тим болду. Анын ичинде Дейге макул эмес жери бар эле. «Жатабыз десек эле бизди бул жерге жаткырып коё берет беле? Кууп чыгат бир паста. Эгер бошоткондору чын болсо» деп айткысы келип, бирок саал тартынып койду. Анткени Дей чакылдап дегеле баарын билгич болуп алган.

Бир түнөгөндүн эртеси аларга эле жасоол келип эшикти ачты да «Чыккыла!» деди, буйркту катуу берип.

– Эмнеге чыгабыз. Чыкпайбыз.

– Чыккыла дейм. Келди силер күткөн немеңер!

– Оо!

Мани Ясо Дей менен Соржуну сырттан күтүп турган экен. Жанында үч-төрт формачан «спецназдар» жүрөт.

– Ом мани падме хум! – деди Мани Ясо Дейди да, Соржуну да сыга кучактап. – Кеттик мейманканага!

Үч күн жашагандан кийин Мани Ясо, анын жолдоштору Кытай коопсуздук кызматынын мейманканасынан чыгып кетүүгө аргасыз болушту. Анткени ал жакка иш боюнча сырттан бирөөнүн аларга кириши оор машакат экен. Кирмек тургай, Мани Ясонун жеке кызматкерлери катары эптеп киришкен Дей менен Соржунун документтери жок сыртка чыгууга мүмкүн болбоду. Чыккан күндө да кайра кирелбай калышчудай. Канчалык шарты мыкты, асты жумшак үстү бүтүн дегендей болсо да алар башка эле, шаардын жөнөкөй мейманканасына которулуп кетүүнү Мани Ясого кечкисин чарчап кеч келгенине карабай ачык айтышты.

– Макул, – деди Мани Ясо дароо, – эртең эртең менен көчөлү. Силер билесиңерби, кайсыл мейманкана дурус?

– Дурус болбосо койсун. Бизге ылайык эле бирдеме керек. «Бейхай» жакшы деп уккам. Шаардын борборуна жакын, унаа көп жүрөт. Иштешибиз керек да!

Дейдин ушинтип тыкылдаганына Мани Ясо ичинен аябай ыраазы болду да эртеси «Бейхай» мейманканасына Дей менен Соржу экөө көчүштү. Мани Ясону болсо, андай жеке кароол коюуга ыңгайы жок, жөнөкөй жайга көчүрүүгө тыюу салынат деген жогортон буйрук келген экен, көчүрбөй коюшту.

– Кам санабагыла! Мен өзүмдүн досторум менен чогуу жашай берем, – деп Мани Ясонун айтканына көнө турушкан эмес. Көнмөк түгүл барган сайын анын жанындагы сакчылар көбөйө баштады. Мани Ясону алып жүргөн машинелер күн сайын оломоштонуп алмашат. Бир күнү кара «Ягуар», бир күнү сары «Патриот».

Жума айланган кезде кайрадан мейманкана которууга туура келди. Анткени Мани Ясо өзүнүн аксиологиялык борборун ачуу үчүн Сун Ят Сен паркынан алыс эмес бир көчөдөн төрт бөлмөлүү жай сатып алган экен. Ал жайды ишке киргизүү, кайтаруу деген машакаттар Дей менен Соржунун мойнуна тагылгандыктан, ошол жерге жакын бир менчик мейманканага ооп алууга туура келди.

Борборду ачуу аземин уюштурууга Кытай эл агартуу комиссариатынан жардамга эки кыз, бир жигит келди да Дей менен Соржуну дем алдырбай жумшап алышты. Имараттын ичи сыртын жасалгалоо, сабак өтүлүүчү, сүкүт салуучу бөлмөлөргө керектүү буйум-тайымдарын сатып келип жайгаштыруу деген толгон-токой түйшүк эки айлап барып араңдан зорго бүткүчө Дейге эки кыздын бирөө ашык болуп калганын билгизди. Мүнөзү шайыр, жүргөн-турганы шатыра-шатман кыз экен. Сүйлөгөндө бугага аткандай сүйлөйт. Келген күндөн баштап эле Дейге тамаша айта берип жүдөтүп жиберген. Тамашасынын көбү Дейдин кечилдиги жөнүндө.

– Көңүлүм сүйгөн агамды кантип кечилдике кыяйын. Кыйбайм эч убакта, – деп ал кыз бир күнү Дейдин сары топусун катып салып ордуна курулушчулар башына кийген кайдагы бир эски көк телпекти кийгизип койду эле Дей чычалап, ызаланып жооп берди:

– Сенин атың И Дей экен. Меники да Дей. Демек бир тууган карындашым экениң чын. Мындан ары агаңды антип тамашалабай жүр. Уят болот.

Дей өзү «сары топу» монах катары өтө ыйык көргөн кечилдиги жөнүндөгү тамашаны биротоло токтотойун деген. Антсе тигил кыз токтомок түгүл ого бетер күчөбөспү:

– Эч кандай тамаша жок, Дей ага. Бул деген сүйүү! Сүйүү деген сары топуга карабайт. Мен бир аңгеме айтып берейинби сизге!

Алдыларына ватман кагаздан дасторкон жайып коюшуп түшкү тамактарын ичип отурушту эле. Баарына тең кыздын тамашасы керек болду окшойт. «Кана, айтчы» деп ыржайып коюшту. Тигилер сөз уккусу келген соң жалгыз Дей «айтпа» дей алган жок, ал дагы үңкүйүп баш көтөрбөй калды. Демейдеги чекилдеген Дей мына ушул кыз келгени момунтип сөзгө сөлтүк, кепке кемтик.

– Илгери бир, мобул менин Дей агама окшогон сары топучан кечил монах болуптур. Күндөрдүн бир күнүндө алар жашаган аралды топон суу каптап, эли бүт кырылып агасы менен эле карындашы аман калат. Экөө эптеп оокат өткөрө баштап шат. Айлар өтүп, жылдар өтүп бир күнү агасы карындашына ашык болгонун айтат. Үйлөнөлү, бала күтөлү, тукум улайлы дейт. Карындашы ага макул болбой уялат. Акыры, агасынын кысымына чыдабай: «анда мени кууп жетсең, алгын» деп качып жөнөйт. Агасы амал ойлоп буктурма жол менен жүгүрүп отуруп карындашынын так алдынан чыгат да кучактап калат. Көрдүңүзбү, Дей ага, кандай жигиттер болгон кытай жеринде?

– Анан?– деп койду отургандардын бири И Дей аңгемесин улантсын дегендей.

– Анан экөө бирин-бири сүйүп калышат. Эми, ошол кезде да көрө албас ушакчылар болгон да. Алардын айтканы менен Асман-теңир ал экөөнү жазалап койгон экен. Кук эткен кузгун, как эткен карга жете алгыс аска-зоого алпарып таштаган



болот. Экөө ошол жерде, ач-жылаңач бойдон бекем кучакташып жан беришет. Ох, сүйүү деген кандай улуу, кандай бийик!

И Дей кыз ошентип айтып келип, эки колун кенен жайганда Дей жаңы эле оозун жыйып келатты эле, тигил кыз кайрадан озунуп кетти:

– Коё туруңуз Дей ага! Мен айтып бүтөйүн. Аягын угуңуз! Сүйүшкөн эки жүрөк сокпой токтоп калганын учуп келе жаткан бир Зымырык куш көрөт да боор оругандан улам үстүлөрүнө өлбөстүктүн килемин жаап кетет.

Кийин туура жети жыл өткөндө баягы экөө кайрадан тирилишет. Бирок, экөөнүн денеси ошол мезгил ичинде биригип, чапташып, бир бүтүн дене болуп калган экен. Тигинекей ошол эки дене! – деп И Дей өзүлөрү жаңы эле оңдолуп бүткөн бөлмөнүн төрүнө илишкен эки баштуу, төрт колдуу, төрт буттуу аялдын сүрөтү тартылган Пекин полиграфиясынын кооз түстүү плакатын көрсөтүп калды.

Түштөнүп отургандарга И Дей кыздын айткан уламышы катуу таасир берди окшойт, баарысы тең тамак чайнагандарын токтотуп, дубалдагы өзүлөрү эмеле илген плакатты биринчи жолу капыстан көрүп жаткандай делдейе карап калышты.

– Мынакей сүйүүнүн күчү! – деди И Дей өз сөзүнө өзү маашырланган абалда. Ошондо гана Нгван Дей ага жооп берүүгө үлгүрдү:

– Коё туруңуз Дей ага. Шашылбаңыз мен айтып бүтө элекмин али. Чын эле алар тукумсуз калышат. Дей агам эң туура айтат. Дей агамдай акылы мол жан кайда?! Бирок бу кишиге сүйүү гана жетишпей турат эмеспи. Ай, ушу сасыган сары топусу!..

– Дагы уландысы барбы, бул жомогуңдун?– деди ал арада И Дейдин өзүнүн эле жолдош кызы кандайдыр ичи тарыгансып какшыктап.

– Анан эмне дейсиң? Угуп тургула, али түшкү тыным бүтө элек. Сүйүшкөн эки дене бир денеге айлангандан кийин бала күтө албай калганын түшүнүшөт да, аларга жан киргизген Зымырык кушка минтип кайрылышат: «О, касиеттүү Зымырык! Бизди өлүүдөн тирикке айлантып, кайра бул дүйнөгө кайтарып алдың. Бирок маңдайыбызга перзент күтө албасак ал кылган жакшылыгыңдан не пайда?!» деп экөө тең зар какшагандан кийин, Зымырык куш айткан экен: «Макулмун. Бирок перзент экөөңдүн денеңен чыкпасын. Анткени бир туугансыңар. Перзенттер силердин денеден эмес, сезимиңерден сүйүүңөрдөн гана жаралсын. Мынабул чырпыкты тигип чоңойтуп, дарак кылгыла» деп туруп экөөнө бир тал чырпык берет.

Чырпык күндөп-түндөп чоңоёт да акыры мөмө бере турган маалына жетет. Зымырык куш мөмөсү кандай-андай деп даана айтпагандан кийин агасы менен карындашы дарак качан эмне берээрин билбей аңгүдүк. Кеч кирет, таң атат. Дагы нечен ирет кеч кирет, таң атат. Күндөрдүн биринде карашса ар бир бутактын бүчүрүндө көкжашыл тарткан назик дүмбүл пайда болуп калыптыр.

Эртеси таңатпай туруп келишсе – о, шумдук! Ар бир бутактын бүчүрүндө бирден-бирден ыңаалаган ымыркай бала илинип турат! Миңдеген бүчүрдөн миңдеген бала пайда болуптур. Мына ошентип жер үстүндө ханзу баласы кайрадан көбөйгөн экен. Көрдүңүзбү Дей ага, сүйүү дегендин күчүн!

– Мен ханзу эмесмин, өзүнүн карындашын сүйгөндөй! – деди Нгван Дей дагы эле болбой.

– Кеп ханзуда эмес Дей ага. Кеп сүйүүдө болуп атпайбы. Карындашын да сүйгөн сүйүү бар. Атасын да сүйгөн сүйүү бар. Энесин да сүйгөн сүйүү бар. Баардыгын тең сүйгөн сүйүү бар болуп атпайбы.

И Дей тамашасын аяктап бүткөнсүп, бул сөздөрүн эмнегедир муңайым айтып бүтүп, үшкүрүп койду. Күлгөн жок. Баятан бери үндөбөй тынч отурган монах Сормжу кызга боору ооругансып, Нгван Дейге карады:

– Андай болсо Нгван Дей сизди карындашы катары сүйсө болот экен да, – деди ал тиштери жок оозун жалжайтып.

– Аны Дей ага өзү билсин. Мен бекер отурганча деп кана тамаша айтып бердим, – деди да И Дей ордунан туруп кетти.

Нгван Дей кыздын артынан карап, эмне айтарын билбей башы маң боло түштү.

– Таарынтып алдымбы? – деди анан ал Сормжу досун арсар карап саруулап. Отургандардын баарысы чыкылдаган тың жигиттин минтип өзүн жоготуп койгонуна шарактап күлүп калышты.

– Таарынттың, – деди Сормжу.– Албетте таарынттың. Эми таарынчын жазыш керек.

* * *

Жуманын төртүнчү күнү, болочок борбордун даярдыгы бүтүп, эң акыры майда жумуштары калган кезде, капыстан эле шыпылдаган бир жигит кирип келди. Артында кабагын чытыган, сырт кейпи чоң кызматкер сыяктуу бирөө бар экен. Жаш жигит ага жүгүрүп эшик ачып, оңдоп бүтүп, даяр болгон бөлмөлөрдү көрсөтүп чыккансыды. Чоң кызматкер унчукпай баардыгын карап чыкты да, жашы улуу го дегенсип Сормжуга кайрылды:

– Өтө мыкты жасапсыңар. Даяр турбайбы. Лама Ясону кайдан тапсак болот? Борбордун ачылышы тууралуу сүйлөшүш керек эле.

Сормжу болсо Дейди карады.

– Лама Ясонун кайда экенин биз билбейбиз, – деп жооп берди Дей.

– Ал бул жакка келеби?

– Көп эмес. Кээде.

– Чөнтөк телефону барбы силерде?

– Бар.

Нгван Дей телефон номерин айтты эле илбериңки жаш жигит дароо жазып ала койду.

– Агартуу комиссариатынан болуш керек, – деп болжоду монах Сормжу бейтааныштар кеткенден кийин кыздарды карап.

– Жо, бизде мындай киши иштебейт.

– Тааныган жоксуңарбы?! – деди ошондо нарыда компьютерлерди орнотуп жүргөн жигит беркилерге. – Бул, деген Тибеттин Далай ламасы да!

– Койчу?! – деп Нгван Дей чочуп кетти.

– Өзүңөр тибеттикпиз дейсиңер. Далай ламаңарды тааныбайсыңарбы?

– Биздин аны менен жумушубуз эмне?

Дей ошентип койду да ишине киришти, бирок ички туюмдары дүрбөлөңгө түшүп калды. «Эмнеге Мани Ясону издеп жүрөт бул?»

* * *

«Аксиологиялык Толерант борбору» деген көрнөктү имараттын маңдайына илген күнү анын ачылышы да болуп өттү. «Киши көп болбойт» деп айткан болчу Мани Ясо. Ошого карабай, Дейдин байкашында имараттын алды тарыраак болуп,



машиналар батпай, алардын чукул токтогонунун азабынан теле-көрмө камераларга орун жетпей, операторлорго, журналисттер жеңил машиналардын арасында сойлоп, арадан зорго тартып жүрүштү окшойт.

Акыры эл кетип тынчыгандан кийин ээн бөлмөлөрдүн бириндe отуруп Дей ич күптүүсүн Мани Ясого айтканга үлгүрдү:

– Өткөндө Далай лама сени издеп келиптир, – деди ал Мани Ясону чочуп кетеби дегендей шектүү карап.

– Жолукту, – деди Мани Ясо дароо эле жооп берип. – Алар үйбүлөсү менен кызы Селенгдин кайгысын тартып жүрүшөт. Мен укпаптырмын. Көрсө кызы Пекиндеги психотерапиялык клиникага жаткырылган турбайбы.

– Эмне болуп?

– Сизге айтууга тийишмин Дей ага. Башка кимге кеңешет элем? Ал кыздын оорусу мага байланыштуу экен. Далай лама ал түгүл кадимкидей доомат коюп жатат.

– Эмне деп?

– Кызымдын оорусу сизге байланыштуу. Гумандуу болуңуз, чечимге келиңиз. Болгондо да тез дейт.

– Тез деген эмнеси?

– Тез чечкин маселени дейт. Антпесең кызым зыянга учурайт дейт.

– Үйлөнгүн деп атабы?

– Анан эмне!

– Хе-хе-хе! Бу кыздардын азабы жаман го! Экөөбүз Жохан храмында жүргөндө эч балээ жок эле. Көрсө сыртта кыйын го бул маселе.

– Жүзүңүздөн окулуп атат Дей ага. Сиз дагы мындай шартка кабылайын деп калыпсыз. И Дей деген кыз ким эле? Азыр ошону эстеп атасыз.

Мани Ясо бир чети тамашага салып Дейге жылмайды.

– Сенден кантип жашырайын, Ясо. Бир тууган инимдейсиң. Экөөбүздүн тең баш оорубуз бир болуп атат.

– И Дей деген ким эле?

– Жанагы, биздин борбордо иштейин деп суранбадыбы. Эл агартуу комиссариатына келген кыз.

– Охо-хо! Эң сонун! Иштейт ал кыз биздин «Толерантта». Тың кыз экен.

– А мен сары топумду таштабайм, баары бир. Анын үстүнө Пекинден жакында кетебиз дебедиң беле, Ясо. Кетебизби?

– Бияктa иштер бүтүп калды. Эми Индияга жөнөшүбүз керек. Паспортторду визага бердим.

– Анан эмне дейсиң? Экөөбүз кайдан үйлөнмөк элек?

– Сормжу аганы бул жерге, борборго ээ кылып таштайлы. Экөөбүз болсо көп өлкөнү кыдырабыз. Иштерибиз бүтсө, анан И Дей кыз жөнүндө ойлонобуз ээ Дей ага.

– Мени койчу. А көрөк Далай лама душман болуп артыңдан сая түшпөйбү?

– Мен анын кызын айыктырам деп убада бердим. Эртеңден баштап үч сеанс берем. Психикасы ордуна келгенден кийин, балким ал кыз мени көргүсү келбей калаар.

– Ошондой эле болсо экен, – деди монах Дей Мани Ясонун да сары топусу башынан түшпөсүн каалап.

Пекинде жүргөн акыркы күндөрү Мани Ясонун Интернет сайтында күтүлбөгөн жерден эң алгачкы чакырык пайда болду. Болгондо да Индиядан. Ансыз да Делини көздөй расмий ишсапары менен жол тартам деп турган Мани Ясо көңүлүндө чакырыкты дароо эле кабыл алсамбы деп ойлогон. Бирок чакырыктын тексти кандайдыр орой, таңкалычтуу эле. Мани Ясо эки күн бою чакырыкты эстеп жүрдү. Үчүнчү күнү ал Дейге кеңешти. Сайтты ачып тексти ага окутту: «Мырза Миларепа! – Интернеттен сенин жарыяңды окудум да жерге түкүргүм келди. Сен эмне, адамдын ичиндеги Эгосун түздөп жибергидей кудайсыңбы? Андай болсоң кел, мен сага өзүмдүн дарегимди берейин. Жер үстүндө али да болсо кандай айбанчылык болуп жатканын өз көзүң менен көрчү. Оңдоп койсоң ошону жасап аткандарды. Ошондо мен сага ишенейин да кайра элге айтайын. Эгер анте албайсыңбы, сайтыңды өчүр да башыңдагы чалмаңа муунуп ал! Анткени алдап эчкимден бир тыйын акча алалбайсың! Сендейлер жер үстүнө батпай кетти!» Белгисиз индус ошентип кыжырланыптыр да мындай деген даректи жазып коюптур: «Индия. Керала штаты. Кочин шаарчасы. «Аламба» гестхаузунун кожоюну, профессор Пхалке».

– Хе-хе-хе, – деди Нгван Дей кыткылыктап.– Эмне деген айбанчылыкты айтып атат? Балким мунун катынын бирөө азгырып алгандыр. Ошого деле бара беребизби?

– Биринчи чакырык болуп атат Дей ага. Биринчи эле чакырыкка барбай коёлубу? Ишти ушинтип баштайлыбы? Ойлонуп көрсөңүз. Мисалы, мага барыш кызык болуп турат.

– Адегенде билбейлиби, эмне деген «айбанчылыкка» чакырып атканын. Кат алышып көрбөйлүбү?

– Сиздики туура. Бирок кат алышканга убакыт жок, Дей ага. Эки-үч күндө расмий ишсапар менен жөнөшүбүз керек. Анда бара көрөлү ээ? Дей башын ийкеди.

А эртеси болсо Мани Ясонун өзүнүн пландары таптакыр өзгөрүп кетти. Анткени Делиден аларды баягы эле мамлекеттик чалгындоо кызматынын адамдары тосуп алат экен. Мани Ясонун ишсапарынын графиги үтүр, чекитине дейре түзүлүп даяр болуптур. Демек мынабул Пекиндеги сыяктуу ал Делиде да бир карыш эчжакка жылалбай, күндүзү катуу графикте, түнкүсүн капаста болмокчу.

– Дей ага, мен бир турфирма менен макулдашып акчасын төлөп койдум. Адегенде эркин турист болуп учабыз Индияга. Антпесек биз өз ишибизди таштап коюп эле чалгынчылардын кызматында жүрчүдөйбүз.

– Алар бизди эркин коё береби? Коё бербейт да!

– Дели менен телефондоштум. Мен аларга ошол жактан өзүм барып жолугам.

– Макул дедиби?

– Деди. Айласыздан.



* * *

Самолёт шыкала туристтер ачыктан-ачык эле бакылдашып, өзүлөрү канчалаган акча коротуп бара жаткан Индияны жамандашууда:

– Жапайы туризмдин мекени!

– А бирок баары тең арзан. Бир түнгө жыйырма доллардан ашык жай болбойт индустарда.

– Жакшы да ошонусу.

– А тазалыгы, а тамак-ашы, а суусу, чиркейи, кескелдириктери!

– Үй-жайы жок индустар көчөдө жатып эле өлө беришет экен. Жүздөп, миңдеп.

– А сен билесиңби, ал өлүктөрдү таң эртеңде санитар машиналар жүктөп «Эски Дели» деген урандыларга алпарып таз жоруларга жем кылат.

– Таз жорулар деле жашасын да. Ха-ха-ха.

– Жугуштуу оору деген көп дейт. Кудай ошондон сактасын.

– Иштебеген, жалкоо эл да.

– Индуис динин туткандар ошондой болот. Бийликти да, байлыкты да, оокатты да, өмүрдү да урганы жок. Эптеп эле сансарадан[1] чыгып, аркы дүйнөгө ак кетсе болду.

Мани Ясо башын көтөрүп ушуну айткан кишини карап койду. Көз айнекчен, колундагы кагаз менен желпинип отурган арык неме экен.

– Эмне, мени жактырбай калдыңызбы?! – деди ал турист Мани Ясого ыржактап.

– Баары жайында, – деп койду Мани Ясо ага жылмайып.

Түндөсү Пекинден учуп чыккан Самолёт Мумбай шаарына чак түштө келип конду.

– Чечин! – деди Дей Самолёттон али чыга элек, артында келе жаткан Мани Ясого. Ошентти да өзү биринчи болуп үстүндөгү европа костюмун чечип каруусуна салып алды. Күндүн ысыгы буерде Пекинден кыйла эле жогору.

Мумбайдан кийин өлкөнүн ички рейстеги самолёту менен жүргүнчүлөр түштүк Керала штатындагы Тривандрум шаарына, андан ары такси менен «профессор Пхалкенин» дарегим деп көрсөткөн Кочин шаарчасына күүгүмдө араң жетишти. Биротоло «Аламба» гестхаузуна жеткир дегендерине болбой таксист Мани Ясо менен Дейди кичинекей автобекетке таштап кетти. Ал жерде болсо кечкисин таксилер кайдадыр житип кетет экен. Мындайда айла тапкыч Дей бат эле бир шалдыраган эски «такси» таап келе койду да бара турган конок үйүнө жөнөп калышты. Үй көрсө өтө эле жакын жерде экен. А-бу дегиче эле «такси» чай-чуй эте токтоп айдоочусу «жеттик» дейт. Акысын болсо күнмурун алып койгон.

Мани Ясо менен Дей «Аламба» деп көрнөгү анча деле көзгө урунбаган эки кабат жупуну «конок үйдүн» алдында көргөн көздөрүнө ишенбей биртопко үнсүз карап турушту. Интернеттеги чакырык, кудаякы, калп эмес окшойт. Азыр экөө тең чындыктан сүрдөп турушкан сыяктуу.

– Кана, Дей ага, коңгуроосун басыңыз. Болоору болду, – деди Мани Ясо Дейге кайрат айткансып бир кезде.

Коңгуроосу деле иштебейт көрүнөт. Дей бир нече жолу басса да ичкериден дабыш жок. Анан ал муштуму менен дарбазаны ургулайын дегиче болбой каалга үнсүз кыйч дей түштү да ичкериден инди көйнөк-дамбалчан адам чыга келди.

[1] сансара – «Өмүр айлампасында» кайрадан жарала берүү түшүнүгү.

– Орун калбады, азиз меймандар. Кечирип койгула.

– Мухаррат! Биз профессор Пхалкенин өзүнүн чакыруусу менен келген адамдарбыз, – деди Дей кадимкисиндей тыкылдап.

– Ким болосуңар?

– Сиз профессор Пхалкесизби? – деди Дей кайра тигинин өзүнө суроо берип.

– Ооба, менмин.

– Анда мынакей, интернет боюнча сиздин чакырууңузду алган ыйык Миларепа алдыңызда турат. Пекинден келди.

– Пекинден?

– Сизге салам айтабыз, урматтуу профессор Пхалке.

Мани Ясо ушуну айтты да колун төшүнө алды. Профессор дагы ошондой ишарат кылды, бирок дагы эле үнсүз. Кыязы өзүнүн интернет сайтка берген чакырыгын унутуп калган, же болбосо ал дегеле чакырык берген эмес. Профессор кудум ушундай авалда дагы биртике турду да капыстан эки колун өйдө серпип ийди.

– Чын эле сиз келдиңизби?!

– Алдыңызда турган мен, байыркы ыйык лама Миларепанын азыркы түгөйү Мани Ясо деген болом. А бул адам болсо илимпоз монах Нгван Дей.

* * *

Эртеси таң сүрө электе үйүнөн кайдадыр чыгып кеткен профессор Пхалке шашке ченде үлүрөйүп кайтып келди.

– Хаузботко[1] өтүнмө берип келдим. Жөнөсөк болот, – деди ал жаш балача Мани Ясодон сүрдөп, тартынып. Дегеле мүнөзү уяң, бирөөгө сөз айталбай иймент турган бул жигиттин интернетке алигидей кыжынган орой сөздөрдү жазаарына жан ишене турган эмес. Ошондон улам Дей түндөтөн бери көңүлүн кытыгылап аткан суроосун берип жиберди:

– Интернетке тексти өзүңүз жаздыңыз беле?

– Ой-ой, – деди профессор кара өңүн кызартып.

– Аны менин кошунам Майкл деген таксист жазып жөнөтүп ийиптир. Бирок менин атыман жазыптыр. Ал туура, менин атыман болгону. Анткени биз бара турган «чанда»[2] менин эжемдин балдары бар. Эжем өлгөн, а балдары «чанда» калды.

– Таксист кошунаңыз биз менен кошо барабы?

– Ал качып кетти. Силердин келгениңерди угаар менен таксисин айдап алып кетип калды. Кечирип койгула, интернеттеги сөздөр өтө орой болуп калыптыр. Мен мурда окуган эмесмин. Майкл өзү ошондой орой неме. Бирок жүрөгү таза.

Профессор Пхалке бардык айыпты өз мойнуна алып, майышып, башын өйдө көтөрө албай сүйлөп атты.

Мани Ясонун ошого боору ачыды окшойт:

– Эч нерсе эмес. Орой сөзгө чыдайбыз. Агөрөк чанга жөнөйлү.

– Сизди «профессор» деп ошол жазып койгонбу же чынында эле профессорсузбу, – деди Нгван Дей тигинин өтө эле жүүнү бош экенинен улам уялбай этпей эле.

---

[1] Хаузбот – суу үстүндөгү үй.

[2] «чан »– лагер деген мааниде.



– Мен чын профессормун. Атамдын наа-вайында көп жыл иштегем.

– Наавай деген эмне? Нан бышырган жайбы?

– Ооба.

Нгван Дей бырс күлүп Мани Ясону карады. Мани Ясо болсо «болду, башка суроо бербеңиз» дегендей көз караш жасап койду Дейге.

Шалдырттаган жергиликтүү такси менен «хаузбот» турган жээкке түш оой жетишти. «Суу үстүндөгү үй» дегени чынында эле үй сыяктуу эки бөлмө, тамак иче турган жайы, балык кармап, тор сала турган сереси бар. – «Люкс – хаузбот» алган жокмун. Ал өтө кымбат турат, – деди Пхалке жер карап улутунуп.

– А бул канча турат соткесине?

– Бир миң рупий. Үч маал тамагы менен. Менин досум өзү. Арзанга ошон үчүн макул болду.

– Төрт адам иштейт экен хаузботунда. Соткесине жыйырма долларды бештен бөлүп алса ал эмне деген жашоо болот? – деди Нгван Дей профессорду бучкактап.

– Адатта соткесине төрт миң рупий алышат. Анан дагы жолдон креветки кармашат. Ал өтө баалуу тамак.

– Сатышабы креветкини?

– Анан эмне.

– Баса, ошондой де!

Муннаар деген кыштакка дейре жай сүзүп отуруп жеткенчекти жүргүнчүлөр «хаузботто» негизинен эле музоо баш менен көк чиркейлерге каршы күрөшүп отурушуп толук эки күн жашашты. «Хаузботтун» үстүндөгү океан да, деңиз да, дайра да эмес, тропикалык майда көлчөлөр экен. Бири менен бири кууш кысыктар менен байланышкан сансыз көлчөлөр бүткөндөн кийин кургак жер башталды.

Чытырман баньян[1] токойлор, арысында жалгыз аяк төтө жолдор. Профессор Пхалкенин айтымында ошол жолдордун кайсы бири келгендерди «чанга» алпарат экен.

– Мындан бир жыл мурун келгенимде билчүмүн, чанга кайсыл жол менен барышты. Азыр биле албайм, себеби жолдорду камыш басып тез эле өзгөрүп турат, – деди Пхалке.

– Анда эмне кылабыз? Кандай барабыз?! – Дей титиреңдей түштү.

– Муннардан жол көрсөткүч алыш керек. Бирок баары тең старостадан коркуп барууга макул болушпайт. Анткени «чанды» уюштурган ошол староста өзү.

– Аты-жөнү ким старостанын?, – деди Нгван Дей профессордун ымтырагана ачууланып.

– Маратхи Гури. Ачуусу өтө жаман. Жакпаган кишисин сабап да, өлтүрүп да жиберет.

– А сот деген жокпу бул жакта?

– Маратхи Гури өзү сот.

Дей айласы кеткендей Мани Ясого карап ийнин куушурду.

– Биз аны менен жолуга алабызбы? – деди Мани Ясо.

– Ким менен?

– Старостасы менен!

– Барып көрөлү.

---

[1] баньян – бамбук дарагынын бир түрү.

Кыштактын старостасы Маратхи Гури кадимки факирлердин ак чалмасын кийген, бети майланышкан, мурду барбайган, көздөрү бакырайган, калкагай мурут серпкен жылдыздуу неме экен. Жашы ашып кетсе кырктын кырында. Келгендерди ал бир сыйра эликтегенсип карап турду да, Мани Ясого көзүн токтотту.

– Эмне соода менен келдиңер? – деди андан соң ал тургандардын колдорундагы сумкаларды карап жымыңдап.

Сөздү баштай турган профессор Пхалке болсо арбалып калгансып унчукпайт. Аны Дей чыканакка түртүп койду.

– Соода эмес. Мырза староста, биз «Чанга» баралы дегенбиз. Ал жакта эжемдин балдары бар.

Ушуну укканда эле старостанын өңү бузула түштү да, ордунан тура кетти:

– Ким сени «чанга» кел деп чакырды?!

– Биз өзүбүз эле, – деди Пхалке жанындагыларды жалтаң карап.

– Буларың ким?!

Старостанын үнү чынында эле өкүм экен.

Ал жергиликтүү киши экенин көрүп Пхалкеге катуу сүйлөдү, ошол эле учурда Мани Ясонун көздөрүнөн жалтанып турду.

– Бул жигит ыйык лама Миларепа. А бул анын жардамчысы Дей.

– Буларды ким чакырды быякка? Сенби?

– Мен бул меймандарды «чанга» алпарып эжемдин балдарын көрсөтөйүн дегем.

– «Чанга» жол жок! – деп кыйкырды староста үнүн чочуп кеткен Пхалкенин өзүнө жеке багыштап. – Уктуңбу! Сен былтыр да келгенсиң, таанып атам.

Староста Пхалкеге сөөмөйүн кезеп, буркандай кетти. Кыязы «чан» деген мунун ит өлгөн талуу жери сыяктанат. Тирүү эле турса ал жакка чычкан мурдун жолоткудай түрү жок. Ошонүчүн Мани Ясо өзү акырын сөзгө аралашып көрөйүн деди:

– Урматтуу староста. Биз алыстан атайын келдик, мүмкүн болсо силердин «чан» деген коругуңарды көрүп кайталы. Каршы болбоңуз, суранам.

– Жол жок дейм аяка! Жол болгон күндө да аякка эч кимдин баруууга акысы жок!

– Эмне себептен, таксыр староста?

– Ал менин ишим. Башка эч кимдин жумушу болбосун.

Ушул жерге келгенде профессор Пхалке кандайдыр жандана түштү:

– Өкмөттүн буйругу бар «чандар» эч жерде болбосун деген. Аны сиз аткарбай атасыз!

– Эмне, эмне?! Мен сени азыр эле каматам! Көрүнүп турат бул жакка ууру кылыш үчүн келгенсиң. Эй, жандарм, кармагыла! Былтыр «хаузботтон» телевизор уурдаган ушул! Мен өзүм тааныдым. Кармагыла!

Старостанын бул жосуну ар дайым кыла жүргөн адаты окшоду. Кошуна бөлмөдөн бир лакыйган чоң полицай чыга калды да дароо эле кожоюну сөөмөйү менен көрсөткөн Пхалкенин колдорун аркасына толгой салып өзү отурган бөлмөнү көздөй энкилдетти.

Мындайды эч күтпөгөн Дей чебелектеп, Мани Ясо болсо шаштысы кетип калды. Өзүнүн сыйкыр дубасын эч убакта озунуп колдонбоюн десе да болбой турмуш деген мына мындай кыйчалышты капыстан башына салган соң ал гипноз жасаш үчүн оң алаканын шашылыш өйдө көтөрүүгө аргасыз болду.



Аздан кийин старостанын топурай түшкөн иш хаузу тынчыды. Баарысы тең өз-өз ордунда, Мани Ясонун көздөрүн карап жалжылдашат.

– Эч кабатыр болбоңуз, мырза староста. Азыр сиз өзүңүз бизди баштап «чанга» узатып барыңыз. Эч жерде, эч кандай тескери сөз, жаман иш болбосун. Катуу үн чыкпасын. Биздин ойлогонубуз жакшылык. Кана, жол баштаңыз.

Ушундан кийин Мани Ясо айткан сөздөрүм старостанын аң-сезимине жетсин деп бир азга күтүп турду. Старостанын бакырайган көздөрү болсо корккон сыяктуу алайып көпкө дейре эч белги бербейт. «Жетти» деди бир маалда Дей ыраазы болгондой. Староста чын эле ошондон кийин козголуп ордунан тура баштады.

«Чанга» жетиш үчүн кайрадан «хаузботко» отуруу керек экен. Көлмөдөн көлмөгө өтүп, алар акырында камыштуу жарым аралга келип токтошту. Жарым аралдын кургакка кеткен жагы зымтор менен тосулган. Зымтордун нары ичинде жерде чачылган эбегейсиз көп таштандылар жатат. Киши бою болгон таштандылардын арасында кыбыраган кандайдыр бир тирүү жандар жүргөнсүйт. Эки аяктуу, жылаңач, жылаңбаш, жан жерлерине тытык чүпүрөктөн байлап алышкан. Ал жерге жакындай электе эле чириндинин жан чыдагыс жыты мурдуга урду. Мани Ясо менен Дейдин көздөрү таңгалгандан улам чанагынан чыкчудай. Анткени чириндинин арасында сөөгү менен эле териси калган чалажан арбактар жүргөнсүйт. Аял-эркеги аралаш. Аялдарынын сүт бездери иштебей калган эмчектери мөөн сыяктуу узарып киндигине түшкөн. Кебетелерине караганда көпчүлүгү каражама, котонжара менен ооругандар. Баарыдан жүрөк титиреткени – арасында чачтары саксайган майда балдар жүрөт. Алардын дээрлик баарысы менингит же болбосо гипофиз оорусуна туш келип, бойлору өспөй калганы алыстан көрүнүп турат.

– Бу кандайча, мырза староста? Булар кимдер? Кол жоолугу менен мурдун баскан Мани Ясо чыдабай кетип старостаны каруудан алды.

Староста болсо суроого түшүнбөй жоопсуз турат.

– Сиз айтыңызчы, бул эмне болгон адамдар? – деди Мани Ясо суроосун профессор Пхалкеге буруп. Пхалкенин болсо эки көзүнө жашы толуп калган экен. Эч сүйлөй албай күйүтүнөн муунат.

– Тигине, эжемдин эки баласы, – деди ал араңдан зорго. Мууну калчылдап, көзүнөн жашы төгүлүп кетти. Ал сөөмөйүн сунган жакты карашса, кадим албарстынын кичинесине окшоп саксайган капкара эки караан көрүнөт. Болгондо да чириндинин ичинен бирнерсе таап алып кемирип жаткан сыяктанат алар.

Мани Ясо старостаны караса ал дагы эле жарым эс бойдон турат. Таңертеңде, адеп жолукканда Мани Ясо байкаган анын кочкул кызыл мээр нуру азыр карарып кеткен. Жолдо ката анын апакай көйнөк дамбалы жакшы эле ботала болуптур. Мани Ясонун суроосуна жооп бере албай көздөрү чанагынан чыгып алаят.

Чандын чоожайын профессор Пхалке да, староста да түшүндүрүп бере ала турган эмес. Мани Ясо староста Гурини гипноздон чыгарууга мажбур болду.

– О, ырайымсыз таш боор адам! Мени эмне үчүн бул жакка апкелдиң?! – деди Гури сыйкырдан бошоор менен колун асманга серпип, төшүндөгү ак кийимин тыткылап. Дароо эле ал артын көздөй качканы жүрөт.

– Сабыр кылыңыз, – деди Мани Ясо аны билектен алып. – Мынабул эмне деген адамдар? Ушуну билели деп алыстан келсек, эмне үчүн жооптон качасыз? Сиз күнөөлүсүзбү? Андай болсо ачык моюнга алыңыз. Шарт ушундай!

– Эмне үчүн мен күнөөлүмүн?! Сиз өзүңүз кимсиз? Документ көрсөтүңүз. Акыңыз жок мени суракка алгыдай! Мен деген!..

Жаны өзүнө келе түшкөн староста кайрадан чакчарыла баштады. Бирок билегин кармап турган Мани Ясону карабай, баягы эле профессор Пхалкеге жулунат.

– Суроого жооп бериңиз! – деди ачуусу келе түшкөн Мани Ясо тигинин канбасымын кескин көтөрө тургандай биоэнергиясын жиберип. Староста каракөк болуп чыңала түштү. Жүрөгү оозуна тыгылгансыды. Чанагынан чыккан көздөрү менен аргасыздан Мани Ясого:

– Бул менин ойлоп чыгарган ишим эмес, мырза! «жексурлар» кастасы кыштакта жашоого акысы жок...

– Кандайча?

– Элдик салт ошондой, мырза. Буларды өзүнчө бөлүп койгонбуз. Менде күнөө жок.

– Ким бөлгүлө деп буйрук берди?

– Элдик салт.

– Индиянын өкмөтүнүн чечимичи?

– Чечим менен элдик салтты кошо ала жүрөбүз.

– Өкмөттү укпайт экенсиз да?

– Элдик салт, мырза. Менде күнөө жок.

– Индия боюнча көп жерде ушундайбы?

– Көп жерде, мырза.

– Калп айтат! – деди аңгыча профессор Пхалке капталдан.

– Мен көрсөтөм сага калпты! Мынабул мырза кетсин анан…

Староста камбасымынан жаны кейип атканын билгизип атайын онтолоду. «Коё бер» дегендей ишарат кылды Мани Ясого.

– Булардын «жексур» кастасын ким ажыратып берди силерге? Каста деген мындан үч миң жыл мурда эле жоюлбады беле?

– Эч кандай жоюлган жок! Ансыз элде тартип болбойт! Сиз Мохандас Гандинин кишиси окшойсуз, мырза. Ал ошонүчүн ажалын тапкан, же билбейсизби?!

– Эмнеси үчүн?

– Кастаны жоём дегендиги үчүн! Элдин ичиндеги тартипти бузуп, кылмышкерлерди көбөйткөндүгү үчүн!

– Бул чанда канча киши бар?

– Көп болсо жүздөн ашат. А булар чынында андан алдаканча көп. Изин жашырышат!

– Эгер өкмөт сиздин айылда кастаны жоёбуз деп келсе макул болосуз да ээ?

– Өкмөт келесоо эмес. Өкмөткө тартип керек!

– Макул болбойсузбу?

– Мен атышып жатып өлөм, билип коюңуз!

Староста деми кысылып өлчүдөй бир жагына кыйшайып онтолой кетти. Ак чалмасы башынан шыпырылып, көмүрдөй тармал чачы көрүндү. Кадим европача тегиздеткен экен чачын.

Муну кайрадан жоошутуп койгун Ясо! Антпесең ишибиз жүрбөйт, – деди ошондо Дей чебелектеп. А кезде Дей жерге атайылап кулаган старостанын башын жөлөп калган.

Мани Ясо Дей айткандай кылды. Староста момойуп, ошондон кийин гана



жоош туруп берди. Бирок мындай авалында аны менен иштиктүү эч нерсе сүйлөшүүгө мүмкүн эмес эле. Ошондуктан Мани Ясо Дейге ханзу тилинде кайрылды:

– Кандай кылабыз Дей ага? Менимче бул жерде көп иштерди жасашыбыз керек окшойт. Бул жердин өкмөт бийлигине да ишениш кыйынбы деп калдым. Бул, Индия деген зор өлкөдө Дели билбеген көп нерселер бар окшойт.

– Баары эле тутумдаш, булар. Эмнеси болсо да биз мынабул профессор досубуздун эки жээнин куткарып кетсекпи?

– Ал бир жөн. Калгандарын да таштап кете албайбыз эми. Атайын келдик. Көзүбүз көрдү. Урматтуу профессордун интернетке сөгүнүп жазганы чын турбайбы!

– Билбейм, эмне кылышты. Башым маң, буюрбасын.

– Анда мындай, Дей ага. Экөөбүз тең Тибет дарыгерлигин бекер окуган жоктурбуз. «Чанга» кирели да көзүбүз менен буларды бир сыйра карап чыгалы. Баары тең эле жылаңач экен. Оорулары көбүнесе сыртында. Анан ойлонобуз.

Дей ниетинде буга макул болгон жок окшойт, бирок Мани Ясо темир тордун байлап койгон зымын чечип ичкери аттаганда айласыздан артынан ээрчиди.

Чириндинин жыты менен адамдардын жытын айырмалаш мүмкүн эмес эле. Көп жылдан берки сасык айланага бүтүндөй; суусуна, өсүмдүгүнө, топурагына, ал түгүл үстүндөгү авасына кошо сиңип, түбөлүк уюп, эч убакта тарагыс болуп, өзгөчө адамдардын сөөгүнө, алтүгүл канына биротоло өтүшүп калгандай. Демди муунткан бул коюу сасыкты желаргы эмес, бороон-чапкын да тарата ала турган түрү жок. Жыттын ушунчалык коюлугун бүткүл деми менен сезгенден кийин Мани Ясо кол жоолугун мурдунан алды да чөнтөгүнө салып койду.

«Жексурлардын» пайда болгон түптеги байыркы, жарым жапайы доорго: Индияда «варна», португалияда «каста» деп социалдык теңсиздикти орноткон өтө эски, тамыры чириген салтка барып такалып турганы менен мынабул Мани Ясолор аралап жүргөн чандын «жексурлары» андай эски адамдар эмес, бүгүнкү эле биздин күндүн күлгүндөй болгон эркек-аялдары, улан-кыздары, бозулан жаштары, наристе балдары экен. Ырас, арасында очорулуп ордунан турбай калган картаңдары жок эмес. Бирок аларды бир карап билүү кыйын. Же карылыгы жеткенби, же оорудан чөгүп, өлүм алдына келгенби? Узун кир чачтары саксайып жүздөрүн жапкан, ылжырап текши жара баскан териси сөөккө жабышып адамдын жаш курагын билгизбейт. Тирүү жан кантсин, көпчүлүгү ошол эле таштандылардын ичинен тапкан ар нерселерден курап төбөсү күндөн тосулуу алачык жасап алышкан. Ар кай жерде жаш балалуу аялдар отурат. Бирөөнүн тиши жок, ансыз да каражама тегерете жеп койгон оозун жалжайтып күлгөн болду.

Эптеп эле буту кыбырап, ордунан жылгандары эреже катары чоочун адамдардан качып атышты. Бирок алыс эмес, аз эле жерге тейтектеп барышып анан кайра кайрылып туруп калышат. Анысы, мынакей качтым, мындан ары качалбайм, дарманым жок деген шекилде.

Ал дагы болсо «жексурлардын» касталык тарыхый салтынан. Жогорку кастадагылар келе жатканда «жексурлар» жалдырап карап туруп албай заматта качып жок болушка милдеттүү. Эгерде кача турган жай таптакыр жок болсо жогоркулардын таман астына жыгылуу керек, болгондо да алар үстүлөрүнөн тебелеп өтүп кетүүсү үчүн ыңгайлуу жатыш керек...

Мани Ясо менен Дей чанды кыдырып бүтүп тор тосмодон чыгышты: сыртта профессор эки жээни менен күтүп турган экен.

– Кызык, – деди Нгван Дей таңыркап, – бир да өлүк көрбөдүк. Кыязы өлгөндөрүн өзүлөрү жеп коюшат ко?

– Балким. Ага таңкалууга болбойт экен. Көрбөдүңүзбү. Нарыда, астында от жагылган чоң казан турат, байкадыңызбы?

– Байкадым. Жанына баргандан корктум.

– Кыскасы, мындай Дей ага. Кишини мажбурласаң жырткычка айланат. Ошол эле киши гүлдөй назик, мээрман да боло алат. Менин байкашымда буларда негизинен үч оору: безгек, котон жара, каражама. Сиз кандай дейсиз?

– Балдары бүт эле итий.

– Туура. Эмесе мындай, Дей ага. Мен түнү менен Пекинге кетем. Буларга Соржу аганын дарылары керек экен. Башка эч нерсе айыктыра албайт. Силер болсо мени күтүп «хаузботко» бир түнөгүлө. Эгер кечиксем эртең кечке күткүлө. Ага дейре профессор экөөңөр булардын аты-жөнүн, тууган-туушкандарын тизмелеп, тактап койгула.

– Аты-жөнүн билеби ушулар?

– Билбесе жаңы ат коюш керек, – деди Мани Ясо күлүп, – анткени расмий паспорт алыш керек ар бири.

– Оу! – деп койду Дей, ишке ашпай турган кеп уккан сыяктуу ишенимсиз колун шилтеп.

* * *

Пекинден кайтып келээри менен Мани Ясо эң оболу староста Маратхи Гури менен алек болду. Анын эбегейсиз өөрчүп кеткен эгосун ордуна келтирип туруп ишке салбаса болчудан эмес. «Жексурларды» чандан ташып чыгып, кыштактын четине палатка– шаарча уюштуруп ар бирин дарылаш керек. Андан соң алардын өз каалоосу менен жашай турган жерлерине жайгаштырып, жумушка чегерип дегендей, акырында Индия мамлекетинин расмий жараны болгонго дейре жардамдашуу милдети турат. Эгерде кыял-жоругу түзөлүп, акыл-эси менен эскичиликтен кете турган болсо, бул иштердин баарысы староста Гуринин түздөн-түз кызмат милдети. Ошонүчүн аны менен «толерант» сеанстарын натыйжалуу өткөрүш үчүн Мани Ясо профессор Пхалке жалдап келген хаузботтун ижарасын дагы бир жумага создуруп, ошол эле суу үстүндө ишке жанын үрөп киришти. Кыштакка старостаны алпарууга азырынча болбойт.

Көкүрөгүн эски чайырдай дат баскан ортодокс Маратхи Гуринин дилин агартыш, пейилин учурга тууралаш тажрийбасы анча толо элек Мани Ясо үчүн өтө кыйын иш болоорун жигит өзү да билбептир. Нускамада көрсөтүлгөн үч күндөгү үч сеанс Гури үчүн кеп да болгон жок. Үч эмес алтынчы күнү да ал көңүлүнүн тереңдиги тулгаташтай уюган касталык сезиминен ажырабай, биоэнергетикалык сыйкыр дараметин бүтүндөй сарп кылып бүткөн Мани Ясону кара терге түшүрүп, эсин оодарып, акылынан адаштырды. Эгерде жуманын акыркы түнү ортосунан оогон кезде Мани Ясодон биртике мурдараак Махарати Гури отурган жерине кулап түшпөгөндө Мани Ясонун иши кыйла чатак болоору бышык эле. Мантранын эң акыркы ирмемдерин дүйнө кыдырып жакшылык ишине жаңы аттанган талапкерге Идам болуп берген улуу колдоочулары ырайым эткендир. Айтору Мани Ясо өзү хаузботтун полуна староста Гуриден кийин жарым эле мүнөт өткөндө кулап түштү.

Эртең менен тагдыр аргасыз кошкон бул эки адамдын ал-ахвалдары таңгаларлыктай эки башка эле. Башына чалмасын орой салып ордунан шамдагай турган старостанын көңүлү сергек, баскан-турганы шайдоот.

Мани Ясо болсо тескерисинче өңүнөн кетип, ордунан козголо албай, шалдырап көпкө жатты.

– Эмне деген ооруңуз бар эле, таксыр? – деди Гури Мани Ясого аяр эңкейип. Старостанын чоочун жигитке боору ачып жардам бергиси келди окшойт. Хаузботто экөө эле жалгыз болчу. Бирок кантип, кандай жардам берээрин билбей түйшөлүп турду Маратхи Гури.

Эс-мас авалда жаткан Мани Ясо старостанын мурункудан башкача жумшак, коңуру чыккан үнүн укту, сүйүндү, жылмайды, ошентсе да көзүн ачып ордунан туруп кете алган жок.

Түштөн кийин эсине келген Мани Ясо староста Гурини ээрчитип, экөө кайрадан чадка киришти.

– Караңызчы, – деди Мани Ясо тростниктен өз колу менен жасаган балдакка таянып басып жүргөн кишини көрсөтүп. – Жашагысы келип атпайбы! А тигил эки буту жок мунжуга чыгырык жасап беришиптир. Карасаңыз. Сокуру таяк менен соо кишиден артык басып жүрөт. Ал түгүл булар өзүлөрү операция жасайт экен. Тээтигил ары карап кеткен аялдын мурдун байкаңызчы. Чоподон жасап, жабыштырып алыптыр. Ушулардын баарысы тең жашагысы келгендер, мырза староста! Сиз экөөбүз кандай жашагыбыз келсе, булар да дал ошондой жашагысы келет. Макулсузбу?

Староста Гури мылжыйып күлдү да мурдун кол жоолугу менен басып калды.

– Макулсузбу? – деди Мани Ясо кайрадан старостаны сынай карап.

Староста Маратхи Гури башын ийкеди. Анын бир апта мурдагы алпылдаган кара кочкул мээр нуру бозомук тарта баштаган эле...

* * *

Арадан жылдар өттү, Мани Ясонун көп күч жумшап жасаган аракети ишке ашып Индиядагы «жексурлардын» жексур аты өчкөн кезде, алардын жигиттери пальмадай бой тирешип өскөн кезде, кыздары ак куу болуп, карагандын көз жоосун алган кезде, көкүрөгү жомок менен уламышка, ыр менен музыкага өзгөчө жык толгон мурдагы «жексурлардын» ичинде чындыктан да жогору турган, андан да кымбат баасы бар уламыш пайда болду. Ал жомок кыргыз баласы Адилет жөнүндө эле.

«Бир үйбүлөдө эгиз эркек бала төрөлөт. Сүйүнгөн ата-энеси биринин атын Тома, экинчисин Рома коюшат. Балдар бойго жетип, боз улан болгон кезинде экөө элден мындай деген кеп угат. Улуу өлкө Индиянын кайсыл бир кыштагында Гемача деген айчырайлуу сулуу кыз Тома аттуу жигитке күрмө тигип отурат экен. Күрмөнү тигип баштаганына жүз жыл болсо да кыз карыбайт, же күрмөсү бүтпөйт. Анткени Брахман кудай ушундай деп амир кылган: качан гана Тома чоң жигит болуп кызды таап келгенде, анын колун сураганда күрмө бүтмөкчү.

Эржетип чоңойгон кезде эки эгиз кайда бараарын билбей эле жолго чыгышат да көрүнгөндөн Гемачанын дайынын сурап жүрүп отурушат. Акыры бир куу чач кемпирге туш болушуп, ошол айтат мындай деп:

– Күндөн сурагыла. Күн гана жер үстүн бүтүндөй кыдырып көрүп турат.

– Күндөн кантип сурайбыз, чоң эне. Ага жакын жолосок куйкалап салбайбы.

– Туура, куйкалап салат. Адилет деген анын досуна баргыла. Күн жарыктык бир гана досунун сөзүн угат.

– А досун кайдан табабыз?

– Тээ күн чыгып келаткан жердин чекесин көрдүңөрбү. Ошол жерге барсаңар ар бир таңда Күн менен Адилет досу экөө кучакташып көрүшөт.

Сүйүнгөн бойдон Тома менен Рома күн чыкчу жерди көздөй чуркап жөнөшөт. А бирок ага оңой-олтоң жетмек кайда! Нечен күндөп, нечен айлап отуруп араң дегенде жетишет.

– Адилет ага. Райым кылыңыз, – деп эки эгиз күндүн досуна жолугушат да келген максатын айтып суранышат.

– Каап. Эртерээк келбепсиңер да. Күн көтөрүлүп кетпедиби. Эми, эртең келгиле.

Эртеси кызды алчу жигит Тома бутун кокустатып баса албай калат да Күн чыккан жерге Рома жалгыз барат. Барса Адилет менен Күн экөө кучакташып турган экен.

– Тез келгиле! Түгөйүң кайда? Күн көтөрүлгүчө дартыңарды айтып калайын, – дейт Адилет шашып.

– Түгөйүм сыркоолоп калды. Айта берсеңиз, мен келдим.

– Анда эмесе Күн досум, кулак салчы. Мынабул жигит бир тууганы Тома экөө Гемача деген кызды издеп жүрүшкөн экен.

– Жигитине күрмө тигип отурган кыздыбы?

– Дал өзү. Жардам бере аласыңбы, Күн досум?

– Мен билем ал кызга кандай барышты. Бирок жол коркунучтуу. Эгер жигиттер жүрөктүү, андан дагы айтканды көңүлүнө бекем түйгөн куйма кулак болсо жете алышат. Болбосо өлүмгө баштары кетет.

– Айтканыңызды толук аткарабыз, ыйык Күн! – деп ошондо Рома ант берет.

– Анда эмесе угуп тургун. Ганга дайрасынын эң жогорку куймасынын үстүндө Ажыдаар көпүрө бар.

– Андан өтүш үчүн балдардын бирөө кулан болуп, бирөө жейрен болуп кубулуп алып ырдап, бийлеп өтүш керек. Эгер ыр-бийи жакса өткөрөт, а эгер жакпаса көпүрөнүн аркы башындагы Ажыдаар экөөнү тең жутуп коёт. Бул өзү өтө жашыруун сыр. Эгерде бул сырды билген адам кийин бирөөгө айтчу болсо буттары тизесине дейре ташмоло болуп жылбай калат.

Андан соң сокмо жол жүрүп отуруп дал Гемачанын үйүнө алпарат. Эгерде эки жигиттин бири кыз күткөн Тома экени чын болсо анда күрмө тигилип бүтөт да дароо Томанын үстүнө кийилип калат. Ошондон кийин ал үчөө үйлөрүнө кайтса болот, бирок жолдо дагы бир нече коркунуч бар. Анын бири алтын сандык. Сандык жол боюнда. Азгырык. Ичин ача салсаңар көздүн жоосун алган кооз көйнөк бар. Кыздын үйлөнүү үлпөтүнө кийчу көйнөгү. Гамеча кыз аны сөзсүз кийгиси келет. Кокус кийип алды дегиче кыздан кол жууйсуңар. Ал дароо ошол замат жан берет. Ошонүчүн кимдер бирөөң ал көйнөктү дароо тытып салсаңар. Ошондо гана кыз аман калат.



Алтын сандыктын бул сырын да эч кимге айтууга болбойт. Эгер аны билген адам башка бирөөгө айтчу болсо белине дейре ташмоло болуп катып калат.

Сыноо ушуну менен эле бүтпөйт. Аны билип койгула. Алыс жолдо суусу жок чөлдү басып өтүшкө туура келет. Алдыңардан мөлтүлдөп агып жаткан булак чыгат. Кимиси чыдабай сууну ичип жиберсе дароо өлөт. Ошондуктан сууну ичпей чыдап өтүүнүн амалын табыш керек. Бул үчүнчү сырды кимдир бирөөгө ачкан кишинин да бүтүндөй тулкусу ташмоло болуп калаарын да унутпагыла. Анда эмесе жолуңар болсун! – деди да Күн дароо өйдө көтөрүлүп кетти.

Ошону менен Рома түгөйүнө келет. Күн айткан жол менен жүрүп отурушуп Ажыдаар көпүрөнү издеп табышат. Рома кулан болуп, Тома болсо жейрен болуп кубулуп ырдап-бийлеп, көпүрөдөн аман өтүп кетишет. Кыязы Ажыдаар булардын өнөрүнө ыраазы болду окшойт. Андан ары жүрүшүп Гемача кыздын үйүнө жакындашат. Алар үйгө кирелекте эле күрмө даяр болуп учуп чыгат да Томанын үстүнө кийиле түшөт. Гемача кыз жүз жылдык саргая күткөн күнүм келди деп аябай сүйүнөт да, Томага күйөөгө чыгышка дароо макулдук берет. Үчөө эгиздердин үйүн көздөй жол тартышат.

Келатышса жол жээгинде жаркыраган алтын сандык!

– Ой, укмуш! – дейт кыз сандыктын ичиндеги көйнөктү колуна алып. – Мага муну кудайым өзү даярдап койгон турбайбы!

Кыз үстүнө киймек болгондо Рома жетип келет да көйнөктү ала коюп тытыптытып жиберет.

Анткен себебин болсо тигилерге айталбайт. Айтса эле тизесине дейре ташка айланып калмак. Ошондуктан унчукпайт. А тигилер болсо Ромага таарынышат. Өзгөчө Томанын ичи кирдеп калат. Бир тууганымдын бул эмине кылганы дейт.

Чөл аркалуу келатышат. Бир тамчы суу жок. Оозудору кеберсип, айлалары куруган. Ангыча эле шылдыраган күмүш булакка чыга келишет. Тома менен кыз экөө дароо жүгүрүшөт булакка. Бирок сууну иче албай калышты. Анткени Рома алардан мурда жетип келип булактын көзүн ылайлатып жиберген. Эгизинин мындай жоругуна Тома эми аябай таарынат. Бул тууганым бизди көралбай суусап өлсүн деген турбайбы!

– Бул эмине кылганың, Рома?! Менин ордумду ээлейин деп атасыңбы?!

Рома болсо унчукпайт. Ошентип алар катуу таарынышкан бойдон үйлөрүнө эптеп жетишет. Тойго даярдана башташат. Тома болсо эгизи менен катуу чатакташкысы келип, андан шек санаганын токтотпойт. Ары басса да, бери басса да жаман сөздөрдү айта берет. Балдарынын мамилесин көрүп ата-энеси ыйлайт.

Ошондо Рома чыдабай кетип Томага мындай дейт:

– Тууганым! Сенин мага ачууң тарай турган эмес! Анда чындыкты айтам, угуп тур. Сен акыркы жолу Адилет менен досу Күнгө барбай калып Күндүн сөзүн уккан эмессиң. Күн болсо минтип айткан:

«Кимде-ким Ажыдаар көпүрөнүн сырын башка бирөөгө айтса тизесине дейре ташмоло болуп катып калат», деп ошентип Рома көпүрөнүн сырын таарынган эгизине айтууга аргасыз болот.

Рома сөзүн бүтүп-бүтө электе эле эки буту тизесине дейре ташка айланат. Андан кийин ал алтын сандыктагы көйнөктүн сырын айтып жиберип белине дейре ташка айланат. Ошондо гана Тома иштин жайын түшүнөт да «сөзүңдү токтот!» деп Ромага жалынат. А бирок Рома токтоно албай чөлдөгү булактын да сырын айтып

берет да бүтүндөй тулкусу менен ташмологого айланат. Ошентип ал түгөйүнүн көңүлүн агартыш үчүн өзүнүн жанын садага чабат.

Мындай окуядан кийин үйлөнүү тою болмок кайда?! Баары тең оор кайгыга батып мүңкүрөшөт. Ошондо эгиз балдардын атасы мындай деген экен:

– Сен Тома, бир тууганыңа калыстык кылган жоксуң. Эми күндүн досу Адилетке кайра бар. Башка аргабыз жок. Барып күнөөңдү мойнуңа ал. Балким ал сени кечирээр.

Тома көп айлар жалгыз жүрүп отуруп Күн чыккан дөбөгө кайтып келет да Адилетке жолугат. Болгон окуяны бүт айтып берип ыйлайт. Ошондо Адилет Күндөн сураныптыр:

– О, Күн досум. Эки эгиз да бирине бири ишенбей чоң кырсыкка кириптер болушуптур. Биз адамдар ушундай мазес жаралган турбайбызбы. Айла канча, өзүңдөн жардам сурайм. Бир кичинекей сыныгыңды берип тур. Ташмологого айланган ак ниет жигитти эритип алайын.

Ошондо жаркырап жаңыдан чыгып келаткан Күн ойлоно калып, анан Адилет досуна денесинин алакандай бир бөлүгүн сындырып берген экен.

– Эгер сенин адамдарга кылган адилет ишиңе жардамы тийе турган болсо денемдин бир сыныгын кантип айайын, – дептир Күн жарыктык досуна.

Ошентип Адилет ташмологого айланган Романын денесин күндүн сыныгы менен сыйкырлап отуруп кайрадан тирилтет. Кубанычы койнуна батпаган бул бактылуу үйбүлөдө ошондон кийин гана көптөн күткөн чоң той болгон дешет.



## *ЖЫЙЫРМА БИРИНЧИ БӨЛҮМ*

Ар жолу, Калагия[1] убагында жандүйнөсү архат авалына көтөрүлүп жеткен адамдын кулагына Жер планетасынын үнү маалы менен угулуп турат. Ал үн артүрлүү миң добуштан куралган какафония[2] сыяктуу, бир уксаң жердин терең кургуйунан чыгып жаткан миллиарддаган шейиттердин ыйчуусу сыяктанса, бирде бүткүл айбанат дүйнөсүнүн биригип алып улуп-уңшуган добушу сыяктанат. Андан сырткары да толгон-токой дабыштар жер шарынын ар бурчунан ар башкача ыргакта: ачуусу-ачуудай, кайгысы-кайгыдай, кубанычы-кубанычтай, ал эми кан төгүлүп, адамдардын адаттагы кыргын согушу жүрүп жаткан жерлердин ый-муңу уңулдап, асманды көздөй жаңырып турат.

Ошол миңсан үндөрдүн ичинен Мани Ясонун жүрөгүн өзгөчө туйлатып көптөн бери угулган, түндүк-батыш тараптан келип жаткан кайсыдыр бир тоолордун онтогон үнү эле. Онтологон үн дал кайсыл тоолордуку экенин алыстан туруп таамай айтыш азырынча мүмкүн эмес. Анткени мына ушул тапта Мани Ясо кечип жүргөн, согуш отунда калган Тигр менен Эвфраттын боюнда туруп, ушул эки улуу дайранын ыйлаган үнүнө аралаш угулган алыскы бир тоолордун онтогон үнүн айра тааныш өтө кыйын. Анын үстүнө тоолордун түбөлүк мекени болгон Азия континентинде жүрүп, анын миллиондогон кыркалары менен чокуларынын кайсынысы ырдап, кайсынысы ыйлап, а кайсынысы жарылбай жаткан чыйкан сындуу ичинен сыздап, туюгунан онтолоп жатканын ким билет?

Ошентсе да Мани Ясонун жүрөгү алеп-желеп. Согушкан эки тараптын адамдарынын көкүрөгүндө алоолонгон жырткычтык сезимдерин пастатыш үчүн атайын келип көп күндөр аракет кылган Багдад шаарынан кийин ошол онтогон үндүн артынан кеткиси келет. Ал үчүн ооуу, канчалаган улуу чокулардын үстүнөн кайкып өтүш керек.

– Дей ага,– деди Мани Ясо эртең менен эрте Багдаддагы эң бийик Хаят мейманканасынын алдында сүйлөшүп туруп,– сиз Непалга жетип “Толерант” борборунун ачылышын даярдай бериңиз, мен болсо жүрөгүм жетелеген жакка тезирээк жетейин. Учак менен учкум келбей турат. Левитация тажрыйбамды колдонойун. Ошентти да архат Мани Ясо (Миларепа) Багдадда турган жеринен дароо көздөн кайым болду.

* * *

Тоолор, тоолор, тоолор! Гималай, Гиндикуш, Памир, Теңир тоо, Алайтоо, Алатоо! Күн жаркырап тийип турду эле. Учу-кыйыры жок, кабат-кабат мөңгүлөрдүн

[1] Калагия – Шамбаланын үнү, аба менен жер шарына тарап турат.
[2] Какафония – чаржайыт чуулдаган үн.

жалтылдагы эбегейсиз Күн жылыткычтын айнек линзалары сымал от чагылыша өрттөнүп, көздөрдүн карегин куйкалайт.

Качан гана бүткүл дүйнөгө сүрөтү белгилүү Хан Тенгри чокусуна жакындаган кезде тоолордун онтогону кулагына даана угулуп, андан да мурун кыргыз өлкөсүнүн бүтүндөй чекарасын бойлой лапылдаган кызыл кочкул аура-нур жалындап жатканын көргөндө Мани Ясо чоочуп кетти. Канчалык эстутумун чыңаса дагы өзү туулган , тогуз жашына дейре өсүп-чоңойгон мекенжуртунун үстүнүн жалпы көрүнүшүн көз алдына элестете албай бушүркөп келаткан болчу. Көрсө, онтоп жаткан Тоолор бүтүндөй кыргыз тоолору экен!

Эмне үчүн?! Ушул аймакта жер жарыктык мына-мына титрөөчүдөйбү? Же болбосо ушул тырнактай мамлекетте жашаган элдин көңүлү тынч эмеспи? Адамдардын көкүрөгүн нааразылык тээп турабы? Же болбосо сырттан бирөө кысым көрсөтүп, элди мазактап, курал менен киргени калганбы? Айтору, бүркүт учкан бийиктен бир караганда кыргыз жеринин үстү тынч өңдөгөнү менен ичи-койну дүрбөлөң сыяктуу. Ошондон уламбы, Мани Ясо азырынча жерге түшпөстөн бүткүл Кыргызстанды айланып учуп, бир көргүсү келди. Тибеттин жыланач тоолорун аралап чоңойгон Мани Ясо сөздүн чыны Кыргызстандай ажайып, жапжашыл көркөм жерлерди көрө элек эле.

Хантеңир, Сулаймантоо, Манастоо – баардыгы күңгүрөнүп онтоп, ал эми Афлатунтоо ыйлап турат. Көрсө кезинде Искендер Зулкарнайн түбүнө чатыр тигип, ал эми нысапсыз Кожожаш мерген кайберендин каргышына калган бул ыйык тоонун жазыксыз алты баласын Кыргызстандын өлкө бийлиги атып таштаган экен. Ал кылмыш үчүн эчким жазаланбай, октон набыт болгондордун аркасындагы көз жаш кургабай, Афлатунтоо адампендеден адилеттик издеп таба албай, асманга колун созо зарыйлап турган чагы экен.

“Кулунум!” дегендей Афлатундан үн чыгып Мани Ясонун кулагына жеткендей болду. “Келипсиңго биздин жерге. Сени Кудурет архат кылып жаратса - калыстыгың кана?!”

Бул суроо Мани Ясо үчүн өтө эле күтүүсүз болуп калды. Анткени мынамындай, согушу жок тынч эле бейкут күндөрдө өз элин атып, журтуна тополоң салган бул кандай бийлик эле деп тоодон эмес, эң оболу адамдардан сурап билейин деп ылдыйлап келаткан болчу. Афлатун өзүнүн суроосу менен аны ого бетер шаштырды. Ээн тоолорду аралап кеткен асфальт жол бар экен. Ошонун боюндагы оболоп чыккан ак түтүндү көрдү да дароо ошол тектирчеге келип түштү.

Асмандап учуп жүргөндө көзгө көрүнбөгөн өзгөчө спорттук көгүш костюму түтүнгө капталаар менен карарып чыккансыды. Күнгө какшыган бетеге, шыбак чөптүн түтүнү кеңилжерди өрдөп, ушунчалык жыттуу болгондуктан Мани Ясо кыйлага көзүн жуумп магдырап турду эле, кокустан чыккан шабырт аны ойготуп жиберди.

Көрсө, жол боюнда жүк ташып келе жаткан бир жабык машине бузулуп, айдоочусу эмнегедир мына ушул отту жагып жүргөн экен. Кук эткен кузгун жок ээн талаадагы айдоочу эмелеки өзү магдырап жыттап отурган түтүндүн арасынан капыл-тапыл бир адамдын сөлөкөтүн көргөндө жүрөгү оозуна тыгылган бойдон качып барып кабинасына бекинет. Мани Ясо жанына басып барганда кулактары чунайган, калкагар бойлуу көк көз, чапжаак жигит жерден чыга калгансыган чоочун жигитти тике карай албай улам кабинасына эңкейе калып кайра башын көтөрөт.



– Эч коркпоңуз ага! – деди Мани Ясо айнекке чукул келип жылмайып. Айдоочу болсо ага жооп кылып терезеден кошооз мылтыгын көрсөттү.

Мани Ясо машинаны тегеренип карады да бир дөңгөлөгү жарылып, аны көтөрүп жаткан домкарттын сайы үзүлүп жерге жалп эткенин көрдү. Ошондо ал кузовдун артына өтүп барды да дене булчуңдарын катуу чыңалта, тулку клеткаларын дельта-ритмге өткөрө баштап, акырында бүткөн бою таштай катып, дене чыңалуусу эң жогорку чегине жеткенде жарылган дөңгөлөктүн тушуна келип туруп айдоочуга кыйкырды:

– Байке! Мен машинеңди көтөрөйүн дөңгөлөгүңдү сал!

Айдоочу ишенген жок. Ошондо Мани Ясо жерге тизээлей калып машинаны психикалык энергиянын күчү менен көтөрдү да айдоочуга катуу кыйкырды:

– Бол батыраак сал! Бол дейм!

Жантыгынан жаткан машинасы түзөлө түшкөнүн сезген айдоочу бираз буйдала калып акыры кабинасынан секирип түштү да дөңгөлөгүн салып, гайкаларын бекем тартты.

– Сен эмне, сыйкырчысыңбы?- деди ал Мани Ясого дагы эле ишенбей кетенчиктеп.

– Сизге жардам керек болду. Ошон үчүн келдим. Эми мени ала кетиңиз. Жолакысын төлөп берем.

– Ээ, мени жолдон бир балекет кылбайсыңбы? Өзүң жаш жигит экенсиң. Бирок азыр баардык балээ жаштардан чыгып жатат... Кимсиң өзүң деги?

– Сизди тонобойм да, эч зыян кылбайм. Коркпоңуз.

– Айдоочу Мани Ясону акыры кабинасына отургузду. Бирок ишенбей улам жалт карап коюп келе жатты.

Ошол тушта алардын төбөсүндө пайда болгон вертолет машинаны эки үч айланды да кайрадан учуп кетти.

– Мен атайын от түтөтүп жардамга чакыргам. Биздин колоннаны узатып бараткан вертолет,– деди көк көз айдоочу Мани Ясого сес берип коёюн дегендей.

– Кимсиң ыя?, – деди андан кийин кайрадан бейтааныш жигитке.

– Жоолочумун. Кыргызстанга биринчи ирет келатышым.

– Каяктан келатасың?

– Тибет, Кытай, Индия жактардан.

– Чыгыштанбы? Мен Чыгыштын көп өлкөлөрүндө болгом. Тибетте да болдум. Докторлук диссертациямды жазып жүргөндө болгом.

– Докторлук?

– Мани Ясо айдоочуну таңкала карады.

– Хе-хе! Таңкалбагын иним. Бизде ушундай, илимдин докторлору шоопур болуп иштейбиз.

– Аты жөнүңүздү билсем болобу, байке?

– Өмүралиев Темир. Сенин атыңчы? “Сен” деп эле сүйлөп атам таарынбайсыңбы, иним?

– Атым Мани Ясо. Эч таарынбайм.

Айдоочу өзүнүн кайсыл бир ойлоруна алагды болуп унчукпай калды. Машинасы одур жолдо туюк дүңкүлдөп, кыйла эле оор баратты.

Вертолет саксактап жүргөнүнө караганда ташып бараткан жүгүндө бир маани бардай сыяктанат. Аңгычакты алды жактан бетме-бет чыккан кара жалтырак

ЛангКраузер джиптен кимдер бирөө ГАИнин ала таягын суна калып Темирди токтотту.

– Эмне үчүн колоннадан калып калдың?! – деди богогу төшүнө түшкөн, жылтыр баш жигит ачык терезесинен Темирди кекетип.

– Дөңгөлөгүм жарылды.

– Ким айтты сага жаныңа киши салгын деп?!

– Бул менин иним.

Богогчон жигит кузовдун артына өтүп барып эшиктин пломбасын текшерди да Темирге минтип кыйкырды.

– Тез жет колоннаңа! Алдагы немени биринчи заправкадан түшүрүп сал. Болбосо мынабул ок чекеңе кадалат!

Кара Джип алга озунуп кетээр менен Мани Ясо Темирди эбилип жылуу карады да мындай деди:

– Бул ким деген кожоюнуңуз, Темир байке?

– Машинадагы жүктүн кожоюну. Кожоюн өзү эмес, ошонун жасоолдору да.

– А сизге эмнеге тапанча кезейт?

– Кутурган да. Мага эмес, бүт өлкөгө тапанча такаган немелер. Биз чымынбыз буларга.

– Кхм. Кызык. Түшүнбөй жатам. Булар кимдер деги? Кожоюн дегениңиз ким?

– Билсем айтат элем го. Билбейбиз кожоюн ким экенин. Андан беркилерин да билиш кыйын.

– А ташыган жүгүңүз эмне?

– Аны да билүүгө болбойт. Жүк жүктөгөндө бизди жолотпойт. Документте “тактай” деп жазылып турат.

– Тактай?

– Ооба. Бул өрөөндө тоонун карагайынан тактай тилет.

– Машина өзүңүздүкүбү?

– Инимдики. Ал Россияга кеткен. Ал жокто үйбүлөмдү багайын деп айдап жүрбөймбү.

– Иниңиз эми мен болуп калбадымбы. Хе-хе!

– А бирок сени түшүрүп сал деп кекетип кетпедиби тигил. Ошону ойлоп баратам, кандай кылам деп.

– Эч ойлонбоңуз. Түшсө түшүп калаармын. А бирок кызыгып калдым. Сиздин машинадан түшкүм келбей атат. Табышмактуу жүк ташыгычтар экенсиңер.

– Жан багыштын айласы да, болбосо...

Аңгычакты алды жактан бетине кара чүмбөт тарткан эки жигит тосуп, баягы эле ГАИнин ала таягы менен токтотуп, жүктүн пломбасын текшерип караштыда, солго бурул деген белги бергенде Темир тыбырчылап жиберди:

– Эми ушерде сени түшүрүп салат, иним!

– Коркпоңуз алардын көзү мени көрбөйт. Кабинаңда киши барбы десе, жок дей бериңиз!

Темир эч нерсени түшүнүп-түшүнбөй эле солго бурду эле капкара темир дарбаза шарт ачылып, ЗИЛ машинасы оңкологон бойдон ылдый, караңгы жер алдына кирип кетти. Шашып калган аңдоочу фараларын күйгүзгөнгө араң үлгүрдү.

– Корккон жоксуңбу иним? Кудай жалгап сени байкабай калышты окшойт,– деди Темир бираз өзүнө келгенден кийин караңгыга үңүлүп. Машина болсо эми жер алдындагы жол менен уңулдап баратты.



– Коркподумго байке, бирок табышмагыңар улам барган сайын көбөйүп баратат.

– Ээи, бул өзүнчө бир жомок кино. Алиги кожоюндардын накта жолдору бүтүндөй жер алдында. Караңгы туннелдер. Түнкү империя деп аташат экен. Ошол жолдордун бирине түштүк. Бул жолдор бүткүл Кыргызстанды кыйма чийме аралап, тынымсыз жүктөр ташылат. Биз эми борборго дейре ушул жер алды менен жүрүп отурабыз.

– Канча чакырым жол басабыз ошондо?

– Миңден ашык. Курсагыбыз ачса жолдогу заправкаларда тамак сатат.

– Силер үчүн өтө оор болот экен, байке. Канча пул төлөйт ушул эмгегиңер үчүн?

– Жер үстүндө иштегенге караганда эки жүз, үч жүз сом ашык алабыз.

– Бирок такай фаранын жарыгы менен жүрүш көзүңөрдү соолтот да.

– Соолтсо эмне кылабыз? Жашаш керек. Төрт балам бар. Аялым мугалим, сегиз жүз сом айлык алат.

– Сиз докторлук илимий даражаңыз менен иштебедиңизби?

– Иштечүмүн. Бир жарым миң сом айлык алчумун. Акырында балдарым бутунда чокою жок, мектепке барбай калды. Ошондон уялганымдан “Жүк ташыйм. Машинам бар” деп гезитке кулактандырyy беришке мажбур болдум.

– Азыр эми айлыгыңыз жетеби үйбүлөңүзгө?

– Эптеп-септеп. Мынабул кожоюндарга туш болгону саал оңолгонсуп калдым. Анткени буларда жүк такай болуп турат. Үзүлбөйт. Тыным жок. Ошондон улам жолдо ката машинаны токтотпой эле, рульда баратып, улам башты шылк эткизе бир көз ирмемден уктап, кайра көздү ачып отуруп уйку кандырып алганды үйрөндүк. Миңден ашык чакырымды бир эле соткеде басып коёбуз. Кээде да. А негизинен булардын өзүлөрүнүн графигинен чыкпайбыз. Кээбирде булуңбуйткага тыгып салып, бир эки жума чыгарбай камап жата берет. Эки жолу ошондой болгондон кийин Теңирчилик боюнча жаңы жазып жаткан иштеримди кабинага салып алчу болдум. Камаса камасын-жатып алып иштей берем. Пайдалуу бекен, ха-ха-ха!

– Эмне үчүн антип камаган себебин билбейсиңер да?

– Аны сураштырып иликтейин десең балээсине каласың булардын. Атып салышы мүмкүн. Болгону, айдоочулар тамак ичкен жерде шыбырашып сүйлөшөбүз, ким эмне ташып баратат деп.

– Эмнелерди ташыйт экенсиңер?

Мани Ясо ушул суроону бергенде Темир уюган белин түзөй какая калып, жигитти капталынан шектүү карап койду. Кыязы айтсамбы же айтпасамбы деди. Акыры ал айта турган чечимге келди окшойт:

– Тигине!,– деди дал ошол тушта солду көздөй бурулуп бараткан үч төрт чүмкөлүү “Камазды” шаша көрсөтүп: - Жаңгак! Арсламбаптын жангагы. Тандамал сорту. Жана мурдараак бир колонна өтпөдүбү- ал Баткендин өрүгү менен мистеси болчу. Күзгүдөн көрүп атам. Биздин артыбызда үч төрт машина келе жатат. Буларда жаңгак жыгачынын уюлу “кап” деген нерсе бар. Бул деген дүйнөдө өтө баалуу жыгач турбайбы. Жаңгак паркеттен беш эсе кымбат сатылат экен бул шумдугуң кургур. Ысык көлдүн Кумтөрү менен Макмалдын алтын кумун ташыган машиналарды кийин Чуйгө барганда көрсөтөм. Деле кыргыздын бир да жерин

кудай кур койбоптур да. Нарын тараптан илбирстин териси, аркар, кулжанын мүйүздөрү менен дайранын кургатылган форелин ташышат..

– Кайда, кимге ташылып жатат булардын баарысы?- деп Мани Ясо чыдабастан сурап жиберди эле сүйлөп келаткан Темир тып басылып, көпкө дейре унчукпай калды. Суроо берген үндүн ачууланган ички басымын сезип калды көрүнөт. Болгондо да бул суроо жөнөкөй айдоочуга эмес, илимдин докторуна, кыргыз интеллигенциясынын бакандай өкүлүнө берилип жатканын туюп, айтаарга жооп таппай келатты. Мани Ясо болсо ага өчөшкөнсүп унчукпастан жооп күтүп отура берди.

– Сөздүн чыны,– деди акыры Темир, ылдамдык рычагын которуп жатып, күнөөлү добуш менен Мани Ясого тике карабай,- мен жеке өзүм ушул маселеге кызыккан жокмун. Жүктөрдү чекарадан өткөрүп беребиз. Акчасын алабыз. Андан ары жүк кайда кетет - ишибиз жок.

Ошентип койду да Темир колундагы саатын карап тынчы кете баштады, Бирокумда анан ал мунай заправкага келип токтоп кабинасынан секирип түшүп кетти. Машинасына май деле куйган жок окшойт, азга жоголуп кетип эле кайра пайда болду да өзү менен ээрчий келген эки кызды кабинасына салып алды.Кабинанын ичи дароо арзан атырдын буркураган жытына толо түштү. Шарактаган көңүлдүү, жыйырманын арыжак-берижагындагы кыргыз кыздар экен. Бети-баштары опсуз боёлгон, кабинага кирип келе жатканда эле экөө тең Мани Ясону жалмап жиберчүдөй тиктешкен болчу. Көрсө айдоочунун арт жагында эки киши батаарлык кенен орун бар экен. Ошол жерге орношоор менен Мани Ясодон көзүн албаган эки кыздын бири дароо көкүрөгүнүн топчусун чечип жиберип, эки алмасын булайта салды.

– Бери карабайсыңбы, эй жигит!

– Учурашпайсыңбы биз менен.

– Кулагың кереңби ыя? Ха-ха-ха!

Эки кулагы ансыз да кызарып, бети дуулдап чыккан Мани Ясо эмне кыларын билбей Темирге “бул кимдериңиз?” деген көз кыйыгын алайтты.

– Менин кыздарым эмес,- деди Темирдин ак саргыл жүзү кыпкызыл болуп чыңалып, - чогуу иштеген балдардыкы. Жолдон ала кел дешкенинен макул деген болчумун. Сүйлөшүп көңүлдүү отура бергиле. Кыздар эриктирбейт, ырдап да беришет. Укмуш сонун кыздар.

– Эмне үчүн биз сеники эмеспиз ыя, Темир байке? Бизди чанасыңбы?!

– Мен силерди пайдаланбайм да. Ошон үчүн айтып жатам.

– Анда кимди пайдаланасың? Уйдубу? Ха-ха-ха! Эки кыз экөө тең шарактап күлүп калышты.

– Тынч отуруп, ырдап бергиле мейман жигитке!

Ызалана түшкөн Темир артына кылчая кыздарга ушинтип катуу эскертти эле тигил экөө ого бетер каткырып, Мани Ясого чабуулга өтүштү...

* * *

Кезектеги караңгы туннелдердин кесилишинде күтүүсүз окуя болбогондо кыздардын шакабасына Мани Ясо чыдайт беле ким билет, айтору бир жагынан алганда ага оңдой берди болду.



Кесилишке жетип жете электе кара маскачандар машинаны токтотту да капталдагы капкараңгы “чөнтөкчөгө” бурдуруп туруп “чыкпайсыңар!” деген катуу буйрук берди. Ошентсе кабинадагы кыздар кыйкырып, чуулдап жиберишти.

– Бизди кызмат убагында кармабагыла!

– Андай болсо түшүрүп калгыла экөөбүздү!

Кыздардын үнүн уга калган маскачандар келип аларды сынай караашты да кеңешип туруп түшүрүп алышты.

Жолдо ката Мани Ясого ызаланып келаткан кыздар ага тилин сунуп эликтеп, кыска көйнөктөрүн атайын түрө, жоон сандарын көрсөтүп түшүп кетишти.

– Силерди мен Чотурга алпарып колуна тапшырмак эмес белем!- деди Темир кыздардын алдын тосуп.

– Түкүрдүк сенин Чотуруңа! Сенин өзүңө да түкүрдүк, Темир байке. Алдагы жаныңдагы мерес немеге да түкүрдүк! Керсейбей эле койсун! Красавецмин деп ойлосо керек өзүн. Быдло!

* * *

Түнкү империя караңгы туннелдер аркалуу шакылдап, шаймашай иштеп, өз милдетине бекем берилген автоматчандар килеңдеп чуркап, жүздөгөн машиналардын документтерин текшерип, ар бирин өз кезеги менен чекараны көздөй узатууда.

– Бу сапар бизди эмнеге токтотту экен?- деди Мани Ясо кайрадан жолго чыккан соң Темирге, кайрылып.

– Кожоюндардын наркотасы биздин алдыбызды кесип өттү окшойт. Наркотага бүткүл империя боюнча жашыл жарык. Эч жерде тоскоолдук жок.

– Апийимби?

– Түрлөрү көп. Кыргызстандын кара куурайын да алып кетишет. Негизинен Оогандын апийими.

Темир Мани Ясонун алдында өзүн оңтойсуз сезип келатты. Кантсе да жолоочу жигиттин тартиби, дили, ниети таза экендиги эмелеки кыздардан кийин анын уятын козгоп атты.

– Кыздар бечаралар да деле, бир ойлосоң эмне айып? Жумуш жок, айлык жок, окуюн десе каражаты жок. Анан ушинтип жанын багып жүрүшөт да.

– Ата-энелери билеби?

– Күмөнүм бар. Билдиришпейт ко. Иштеп акча таап атабыз деп алдап коюшат болуш керек.

– Байкашымда Кыргызстанда турмуш кыйын го, байке.

– Байы-бай. Кедейи – өтө кедей. Элдин сексен пайызы итке минди. Ошолордун баарысы үйбүлөгө наразы. Себеби алар коррупцияны дагы өзүлөрү башкарат.

– Үйбүлөгө?

– Ажонун үйбүлөсүн бизде ошентип айтат. Ажо билимдүү, бирок өзү бош адам. Үйбүлөсүн башкара албайт. Аялы,кызы экөө тейлейт аны. Анан, кийинки жылдары өзү да дүнүйөгө берилип кетти. Мынакей, иним Мани Ясо мен өзүмдүн башымдан өткөн эле бир мисалды айтып берейин. Эгер уксаң.

– Угайын. Бул кара туннелдин ичинде сиздин сөздү уккандан башка эмне иш кылат элем?

– Бизде карапайым бир илимпоз бар. Кадыров Самат деген. Физик-математик. Отуз жыл бою тырмышып жүрүп бүткүлдүйнөлүк зор илимий ачылыш жасады. Анын теориясын 1998 жылы эле Санк-Петербургда өткөн эл аралык илимий конгрессте Америка, Германия, Белоруссия, Франция, Швеция, Украинадан келген окумуштуу физиктер бир добуштан чечим чыгарып колдошкон. Конгресс: "Ушундай адамзаат сыймыктанчу улуу окумуштууңар бар" деп кыргыз элин атайын куттуктаган. Телеграмма жиберген. Ажого кат жазган. Ажо адегенде аябай сүйүнүп, ошол Эл аралык илимий конгресстин кийинки чогулушун Бишкекте өткөрдү. Самат Кадыровду кабыл алып, илимиңизди колдоп, дүйнөгө таанытабыз деп.

– Өткөрдүбү?

– Өткөрдү, бирок аягында чыккынчылык кылбадыбы. Угуп турсаң. Ал кезде мен Самат Кадыровдо аспирант болуп жүрчүмүн. Теңирчиликти изилдеш үчүн физиканы билбесең болбойт экен. Ошол себептен мен ал кишиге суранып шакирт болуп алгам.

Күндөрдүн биринде Кадыровго Акүйдөн чакыруу белет келди. Ушундай-ушундай конгресс өтөт, келип докладыңызды жасап бериңиз деп. Дүйнө жүзүнөн көп атактуу физик-теоретиктер чакырылган экен. Кадыров өзү кебелбеген жоош, жоош деле эмес, өтө даанышман, токтоо мүнөз адам эле. Үйү Ортосай базарынын түбүндө. Билесиң да Ортосай базарын.

– Кыргызстанга биринчи келатам, байке.

– Апээ! Унутуп калганымды карабайсыңбы. Сени мен чын эле бир тууган инимдей сезип калыптырмын. Анан ошентип, үйүнө келсем Самат байке мага тапшырма берет: "Мынабул чакыруу белетти алып Конгрессти уюштуруп жаткандарга баргын да, сырттан кайсыл корифей машаяктар келет экен, ар биринин фамилиясын так жазып кел. Андан кийин Ажо чыгып сүйлөйбү, сүйлөсө кандай, эмне деп сүйлөйт. Ошону тактап кел деди. Айтканын аткардым. Конгресске чакырылгандардын тизмесин берсем Самат Байке көпкө дейре ылдый карап алып, башын көтөрбөй ыкшыгансып отуруп калды. Бир туруп ыйлап аткансыйт. Жүзүн мага көрсөтпөйт. Акыры анан мага мындай деди:

– Булардын баардыгы тең кызылдай эле ортодокс генийлер турбайбы. Баарысы биригип мага каршы чабуул коёт. Анан биздин Ажо кандайча мени коргоп кала алат экен? Мени коргой турган мезгил келе элек да!

– Ажо сиздин докладдан кийин биринчи болуп сүйлөйт экен. Мынакей сөзү,- деп мен өлкөнүн жетексинин сөзүнүн бир нускасын Самат байкенин алдына таштадым. Андан кийин башынан аягына дейре окуп бердим. Анда Самат байкенин көзү көрбөй калган кез болчу. Кагаз бетине сызгыч коюп алып, эптеп, сыйпалап жазчу, бирок өз жазганын өзү окуй албай калган.

– Ал эми көзү көрбөгөнгө кайгырчуу эмес. "Көзүмдүн көр болгону жакшы болду. Эми мен жердеги ыпластыктардын бирин да көрбөй, Ааламдын түзүлүшүн гана эстеп калдым. Мага ошол жетет. Башканын кереги жок" деп койчу жарыктык киши.

– Анда кантип доклад жасамакчы эле?

– Кафедрага чыгып алып мен окуп берчүмүн анын докладын. Өзү болсо жанымда туруп турчу. Лекцияларын да ошентип окуучубуз.

– Биринчи угушум, мындайды.

– Ошентип мен Самат Кадыровду болбой жатып көндүрүп, Эларылык конгресске алпардым да. Зал толтура экен. Докладды экөөбүз жанаша туруп алып жасадык. Математикалык эсептерди, формулаларды бүт видеклиптен көрсөттүк. Ошондо эле Самат байке кетем деп сыртка жөнөй баштады. Анткени көзү көрбөсө да залдын маанайын жүрөгү менен сезип атат да. А мен болбостон аны кармап кетирбедим. Залдан орун алып отурдук. Ошого эмдигиче өкүнөм атаңкөрү! Бир маалда Ажобуз жылмаңдап күлүп чыкты дагы баягы биз окуган эмес, таптакыр башка докладды балп эттирип салбаспы.

– Эмне деп?!

– Кадыровдун теориясы несисзис, туура эмес,– деп.

– Коюңузчу, ишениш кыйын! Ошондой да ажо болобу?

– Болгонун карабайсыңбы! Көрсө иштин баарын ажонун уулу менен кызы ойрон кылыптыр. Кийин уктум...

– А Самат ага кандай авлда калды? Ооруп жыгылган жокпу?

– Жыгылды. Кан басымы менен. Көп өтпөй каза болду.

Мани Ясо Темирди бир карап алды да көпкө дейре ойлонуп отуруп мындай деди:

– Самат Кадыровдун сүрөтүн көрсөк болобу?

– Ал оңой эле иш дечи. Керек болсо үйүнө барабыз. Менде деле бар китеби. Сүрөтү менен чыккан.

– Илими эмне болду анан?

– Илими турат. Теория деген теория да. Аны эксперименттен өткөрүш керек, Ага каражат жок.

– Канча каражат керек болот экен?

– Эки жүз миллион доллар деп Россиянын академиясы эсептеген болчу. Бирок ал теорияны ырастаган далилдер дүйнө жүзүндө көп эле пайда боло баштады. Акыры жүрүп Самат Кадыровдун күнү келет, иним Мани Ясо!

– Мен дагы ошого ишенем, байке.А ажоңор эмне болду ошондон кийин?

– Отурат дагы эле. Уялбайт. Көрсө ошол конгресске келген Кадыровдун каршылаштарынан акча алып коюптур. Андан соң ажонун кызы менен баласын, сырт өлкөлөрүндөгү оффшордук эсептериңерди жаптырабыз, менчиктериңерге арест салабыз деп коркуштуруптур.

– Кимдер коркутат?

– Конгресске чакырылган физиктердин кишилери. Алар көп өлкөлөрдө өтө таасири күчтүү, керек болсо корольдору бийлеп турган кашка баштар да.

– А ажонун балдары эмнеден коркушат?

– Көчүктөрү булганыч да! Сыртка топтогон байлыктары таза эмес. Чагымда мына бул мен алпараткан жүк дагы ошолордуку болуш керек.

– Ошондойбу? А, өз өлкөсүнүн илимпозун сатып жибергендиги үчүн канча акча алат ажоңор?

– Ушуну айта албайм, иним. Балким көптүр, балким аздыр. Бизде аз берсе деле ала берет.

– Элдин жүзүн кантип карайт ал?

– Ажобу? Элге чыкпайт да. Кабинетинде, резиденцияларында. Азыр эми ашыкча дагы бир мөөнөткө ажолука шайланам деп тегерегиндеги жасоолдорун чуркатып атат. Ал байкуш өзү эмес. Кызы менен жасоолдору ошого жанталашып чуркап атышат. Бирөө барып облустардан кол топтоп келди. Бүткүл элди үгүттөй башташты.

Дал ушул ирмемде ээн жердеги тоннелдин жарыгы жалп этип өчүп, Темирдин машинасын кармаш үчүн атайын күтүп жаткан, каруулларына кочкул сары чүпөрөк байланган төрт адам алдын тосо тегеректеп калды.

– Жерге түш! – деп алардын бири кабинаны ачып туруп Темирге буйрук берди.

– Биз “Элдик фронттун” өкүлдөрүбүз. Ач машинаңды!

– Мен тактай алпаратам,– деди Темир көзүнө кадалган фонариктин жарыгынан бетин жаап. Анан ал жардам издегенсип оң тарабын карады эле Мани Ясодон дайын жок, көрүнбөйт.

– Ач кузовуңду!

– Ачкыч менде эмес. Кожоюндарда.

– Жулуп ал кулпусун!- деди фонарик кармаган жигит жанындагысына. Кыязы булардын мурдатан даярдыгы бар окшоду, монтировкачан жигит кулпуну дароо эле жула баштады.

– Жул, жула бер! Биз “Элдик фронттун” атынан кармадык сени!

Кузовдун эшиги ачылаар менен тургандар жапырт алга умтулушту эле, тактай эмей эле кузовдун ортосунда соройуп бир аска таш турду. Үстүнө жапкан чүпөрөк ылдый шыпырылып калган. Табийгый кызыл граниттин берки бетинде эч нерсе жок, көрсө наркы бетинде чегилген бир сүрөт бар экен. Фонарик жарык кылганда бериде карап тургандар таштын бетиндеги абада учуп бара жаткан канаттуу аялдын сүрөтүн көрүп тымтырс унчукпай калышты.

– Умай эне?! – деп ошондо биринчи болуп Темир өзү эрксизден үнүн чыгарып онтоп жиберди.

– Умай эне?!

Бул суроону кимге бергенин “Элдик фронттун” өкүлү өзү да түшүнгөн жок окшойт. Ал эми доорго жараша элдик, улуттук рух үңгүсүнан ажырап калган жаш кыргыз жигиттер эч нерсени түшүнбөстөн, тимеле таш боорундагы байыркы белгисиз бир доордо, белгисиз сүрөтчү таш бетине чегип кеткен таңкалычтуу элести карап унчукпай, буйрук күтүп турушту.

– Ушулбу ташыган тактайың?!-деди көптөн кийин “Элдик фронттун”өкүлү Темирди кекетип. Темир болсо кыргыз улутунун маданиятын, тарыхын, дегеле бүткүл рух казнасын терең изилдеген аалым болгондуктан өзүнүн жүк ташыган машинасына кандайча болуп Теңир тоонун улар учпас эң бийигиндеги “Саймалы таш” этнографиялык коругунда миң жылдап катылуу турган касиеттүү Умай эненин элеси жүктөлүп калганынна айраң болуп дагы эле ооз ача албайт.

– “Элдик фронттун” чечимин угуп койгун!- деди аңгычакты өкүл жигит Темирге сөөмөйүн кезеп. Ушул эстелик ташты чет өлкөлүк чайкоочуларга сатууну уюштургандар сотко берилет. Анын ичинде сен дагы барсың!

– Бул таш эмес! Бул деген кыргыз урпактарынын сактоочусу, ыйык энеси!

Ушуну айтып турган Темирге элдик фронтчу жийиркеничтүү жооп берди:

– Андай болсо ого бетер! Энеңди сатканың үчүн сот алдында беш эсе жооп бересиң!

– Мындай ишке жаза чыгарууга соттун күчү жетпейт жолдош, иничек! Буларды бүткүл эл соттош керек!

Улам барган сайын иштин жайын түшүнө баштаган Темирдин эриндери титиреп, өңү кубарды. Бирок анын ички дүйнөсү аңтарылып жатканын түшүнбөй, өзгөчө Темирдин азыркы айтып жаткан сөздөрүнө түшүнбөй, аны жөн гана демейдеги айдоочу экен деп ойлогон элдик фронтчунун кыжыры кайнай түштү:

– Сен кандай келжиреген немесиң ыя?! Бул иш үчүн сени сот эле соттойт. Эмне үчүн бүткүл эл соттош керек! Ошондой эле баалуу каракчысыңбы сен!

– Түшүндүм, иничек...

– Айда машинаңды! Жер үстүнө чыгабыз!,– деди Элдик фронтчу ага катуу кыйкырып.

Темир эмне кыларын дароо чече албай элеңдеп калды эле желке жагынан “айдай бериңиз” деген үн угулгансыды. Үн Мани Ясонуку окшоду. Ушунун өзү Темирге дароо дем берди. Ал кабинасын көздөй чечкиндүү басты, бирок үлгүрбөй калды – анткени түнкү караңгыда баардыгын тең, элдик фронтчуларды да, машинаны да капыстан баягы эле түнкү империянын жасоолдору, кара маскачан автоматчылар курчап калган болчу.

Алар сан жагынан да, курал жагынан да “элдик фронтчулардан” алда-канча күчтүү эле. Маскачандар бир заматта куралсыз төрт элдик фронтчунун колун аркасына кайрып, кишен салып, кара чүмбөт машинага түртүп тыгышкан соң кайдадыр алып кетишти.

Андан соң кара маскачандардын чоңу басып келди да Темирди жаактан ары тартып жиберди.

– Ким айтты сага бул эшектерге токтогун деп?!

Темир оңколоп барып жаагын баскан бойдон кайра турду.

– Айда машинаңды кеңкелес! Чек арадан өтүп , жүгүңдү тапшыр! Болбосо чекеңе ок кадалат!

Темирдин оозунан да, мурдунан да кан кеткен болчу. Өз оозунан чыккан жылуу кандын кермек даамын ал шилекейи менен кошо жутуп тургучакты жанында астральдык[1] дүйнөдө турган Мани Ясо пайда болду.

– Бул ким?!- деп Темирди жаака урган неме капыстан пайда болгон Мани Ясодон чоочуп кетип, ага да кол көтөрөйүн деди эле аңгыча болбой өзү таштак жерге учуп түштү.

– Машинаңызды айдай аласызбы? – деди оң колун ушалаган Мани Ясо Темирди чыканагынан жөлөп.

– Айдайм.

– Анда эмесе алдыдагы посторго токтобостон айдай бериңиз. Мен баарын түшүндүм.

– Өткөрбөйт. Текшерет.

– Токтобой айдай бериңиз. Катуу айдаңыз!

Темирдин айдаган машинасы эскинин жаңысы дегендей, сырты эски болсо да ички тетиктери жаңырган ЗИЛ эле, ошондуктан айдоочу жанталаша газды басканда таштак жолдо шалдырттап катуу кетти. Мани Ясо болсо, үстүндөгү жүгүнө жараша мындан ары ыйыкка айланган машинанын бүткүл темир тулкусуна өзүндөгү эң жогорку чыңалуудагы дельта ритмин жиберген. Натижада оңкоңдогон ЗИЛ үч постко тең токтобой өткөн кезде кара маскачандар орундарынан жыла албай гипноздолуп тура беришти. Алдыда, чекаранын дал кырында чет өлкөгө чыгып кетүүчү эң акыры жабык кара дарбаза калган эле.

[1]Астральдык – кайып дүйнө (тонкий мир).

Ал жерге токтобоско арга жок. Анын үстүнө дарбазанын кайтаруусу күчтүү. Keминде он бештей маскачан автоматтарын даяр чуктап, алдыларына жөө басып келген Мани Ясонун денесин калбыр кылып жиберүүгө даяр турушту.

– Стоять!

– Омм мани падме хум!- деди Мани Ясо эки алаканын аларга көтөрүп. Тибет сөздөрүн түшүнүшпөгөн маскачандар эки колун көтөргөн адамды багынып берип жатат деп ойлогучакты болбой өзүлөрү автоматтарын түз кармай албай заматта шалдырай түшүштү. Гипноздун күчү андан кийин алардын акыл-эсин алды.

– Сыртка, Кыргызстанга чыгып кетүүчү дарбаза барбы?! – деди Мани Ясо.

Автоматчандар биринчи класстын окуучулары сымал “бар” деп хор менен жооп беришти.

– Анда ачкыла ошол дарбазаны!

Эки үчөө жүгүрүп барып оң капталдагы жар менен жар болуп билинбей турган саргыч дарбазаны ача салган кезде Мани Ясо кайрадан аларга буйрук кылды:

– Мынабул чекарадан чыгып кетүүчү дарбазанын баардык кулпуларын бекитип туруп ачкычтарын мага бергиле!

Маскачандар айткандай кылышты. Ал кезде дал ошол кара дарбазага шыкалып келген түнкү империянын арткы машиналары ажылдата сигнал бере баштакшан:

– Эй, дурундулет! Ал машинаңды жолдон!,- деп алардын бирөө Темирге кыйкырды.

Темир кабинасынан башын чыгара коюп “албайм!” деп кыйкыргысы келди бирок үнү буулуп чыкпай калды. Анткени тигил айкырган неме Ажонун күйөө баласы, анын артында турган ажонун өз баласы эле.

Ошол тушта Мани Ясо маскачандарга берген гипнозунун күчү аздык кылаарын ойлоп, аларга эми зомбилөөнүн латыно-америкалык “Карлос Кастанеда усулу” деген ыкмасына салды да автоматчандардын эркин: “Чет өлкөгө кетүүчү дарбазадан бир дагы машина чыгарбайбыз! Керек болсо атышып жатып өлөбүз!” деген магиялык ишенимге бекем байлап салды.

* * *

Ал күнү жер үстү жаркырап ачык эле. Күн жарыктык баардыка текши, калыс тийип магдырайт. Март айы аяктап, талаа-түздөр тоборсуп, топурагы эрте ысыган күнөстөрдө мандалак гүлдөп, жер жайнаган көк чечек майда гүлдөр көгөөндүн көзүндөй чекчейишет.

Бейкут, бакубат жашоого, учкундайт жылт этип кайра өчкөн өмүргө эмне керек эле – жылуулук керек, нур керек, шылдырап аккан мөлбулак керек, аңкыган ава, миңсан үрөндү койнуна кучактап каткан жылуу топурак керек эле.

Темир машинасын баркырата катуу айдап, Мани Ясо анын жанында отуруп жер үстүнө, жарык дүйнөгө атып чыгышкан кезде ушулардын баардыгы тең бар эле, баардыгы тең аларды күтүп, зарыгып жаткандай болчу.

Бирок, ЗИЛдеги эки адамдын жерге да, табигатка да көңүл бурууга чамасы калган эмес. Өзгөчө Темирдин көгөргөн көздөрү түзсүз сурданып, таноолору кыпчылып, эриндери кеберсиген.

– Кара жанымды багам деп жүрүп мен элдин ырскысын тоногондорго кошулуп алган турбаймбы! – деди ал жанында отурган Мани Ясого эмес, өзүнө айтып жаткандай кыжырланып. Ошентсе да Мани Ясо ага жооп кайтарды:



– Кошулуп алыпсыз.

– Эмне кылышым керек эми? Акылыңды айтчы!

– Эл ажо менен анын үйбүлөсүнө наараазы дедиңиз ээ?

– Кантип наараазы болбойт, ой! Түнкү империяны билет эл деген. Бирок кармап алган далили жок болуп атпайбы. Курулай кыйкырганы менен эл жоош. Түнкү империянын кожоюндары ажонун балдары экен десем да толкубас атаңдын көрү! Коркок!

– Кайдан табабыз ошол коркок элди? Сиздин колуңуздагы далилди ошол элге алпарып колуна карматалы!

– Умай энениби?

– Анан эмне дейсиз! Мындан артык далил болобу? Өзүңүз жана маскачандарга айттыңыз го “мындай кылмышты эл өзү соттосун” деп.

– Анда мен айдап жөнөдүм борбор шаарга. Бирок ал жерде чогулган шаардыктар Умай-эне ким экенин билбей кайра бизди келеке кылабы деп корком. Анткени биз көп жылдар бою бабатамырыбыздан ажырап калган элбиз.

– Айдай бериңиз. Сиз жеткиче мен аларга Кытай-Тибет мифологиясындагы хырхыс деген элдин “Хумай-му”[1] атту уламышын айтып берейин. Балким аянтта тургандарга таасир этээр. Анткени бул накыл кепти бүткүл Чыгыш кастарлап өз китептеринен окуйт.

Анда мындай деп айтылат:

“Тээ замандын бир заманында Апакай деген тулпар минген, Канкор аттуу согушчан кылкылдаган кол курап чыгып, жер үстүндөгү бейкут жашап жаткан элдерге капысынан кол салып бүтүндөй кырып-жоюп түгөткөн экен. Акыры түздө жан калбаган соң тоолорду аралай чаап хырхыс деген көчмөн журтка катылат. Жигиттерин байлап-матап кул кылат, кыз келиндерин тул кылат. Ошентсе да болбой, хырхыс жигиттердин көздөрүндөгү от өчпөй, Канкордун канын кайната берет.

– Себебин тапкыла! Эмне үчүн бул кутандардын көздөрү жылтырайт! – деп айкырат Канкор жөкөрлөрүнө. Жөкөрлөр күндүр-түндүр айла-амал кылып эч нерсе таба алышпайт. Акыры жүрүп бир кумалак чыкпай коёбу – бир ууч талканга сатылган чыккынчы хырхыстардын сырын айтып коёт. Көрсө, Умай деген бир акылман эне он баласы менен жалама бийик асканын боорундагы “Бүркүт уя” деген үңкүргө жашынып, жоодон аман калган экен. “Бүркүт уя” астынан киши тырмышып чыга албаган, үстүнөн аркан салып түшө албаган кастар жерде эле. Ал жерге кантип чыгып жетиштин сырын бир гана жайчы киши – он баланын атасы Кумар деген бүркүтчү билчү эле. Душман колунан мерт болоор күнү Кумар азамат хырхыстарга керээзин айтып, он баламдын бирөө эле аман калса силерди сөзсүз куткарып алат деген экен. Ошентип ал өз колу менен таптап, күндүр-түндүр койнуна катып жүргөн, жаны бирге бүркүттөрүнө үйбүлөсүн тапшырып кетет. Умайды балдары менен кошо ошол бүркүттөр багып жүрчү.

Кан ичмеси кармаган Канкор күнү кечке жар боорун тиктеп, канткенде Умайды балдары менен кошо жеп-жутам деп көзүнөн каны шорголойт, амал таба албай төшүн тыткылайт.

Акыры бир күнү ал желдеттерин жиберип Теңир тоонуу арасында жалгыз каңгып жүргөн Албарыс аттуу кара сыйкырды карматып келет.

– Эгерде тээтиги жар бооруна жашынган он баланы сыйкырлап жерге

---

[1] Хумай-му – Умай-эненин кытайча транскрипциясы.

түшүрсөң үстүнө үй тигем, астыңа аргымак тартам, Албарыс деген атыңды жер үстүнө даңаза кылам! – деген экен Канкор кара сыйкырга бал тилин эмизип.

Ошондо Албарыс жар түбүнө барып алып кара сыйкырдын күчү менен күндө бир баланын жүрөгүн туйлатып, азиzелдей азгырып жерди көздөй чакыра баштайт. "Секирегой карагым. Мен ылдыйдан тосуп алам. Кийин баатыр болосуң, сулуу кызга үйлөнөсүң. Бок жүрөк болбой ылдам секир!" дей берет. Тогуз күндө энесинин саксактап кайтарганына болбой тогуз баласы жерге секирип, талпагы ташка жайылат.

Ушуну көрүп турган Умайдын ыйлай берип боору эзилип, көз жашы соолот. Акыры ал бир нерсе алайын деп нары карагыча болбой Хырхыс аттуу маңдайы жарык, айчолпондой болгон онунчу баласы лып этип уянын кырынан секирип кетет. Жүрөгүнө таш жанчалган эне ошондо чыдабастан эң акыры баласынын артынан кошо кетет. Баласы алдыда учуп баратат, энеси аскаларды жаңырта чаңырып артында! Кара сыйкыр Албарыс болсо боорун тытып кыткылыктап жерде күтүп турат. Кан ичкич Канкор тебетейин асманга ыргытып шаңданууда.

Ушунун баарысын өз көзү менен көрүп турган Кудурет Кудай калыстыгынан тая албады окшойт – зуулдап ылдый кулап бараткан энеге бир ирмемде канат бүткөрүп жиберди дейт. Ошондо байкуш эне учуп жетип, ташка мына мына чабыла турган баласын билектен илип кеткен экен.

– Убадаңды аткара албадың! Үстүңө үй, астыңа эч кандай ат тартпайм! – деп Канкор Албарыска жинденип кыйкырат.

Үйдөн, аттан айрылып ичи өрттөнгөн кара сыйкыр ошондо Умайды кошуп туруп бүткүл хырхысты минтип каргаган экен:

– Эпадам хырхыстар жер үстүндө аман калсаңар, эркектериңер кул болсун, катындарыңар текши тул болсун, балдарыңар текши жатында муунуп, жарыкты көрбөй тым болсун!

Ошол күндөн ушул күн, элесин ташка калтырып, өзү кайып дүйнөгө өтүп кеткен Умай-эне хырхыстын кыйырын түрө кыдырып, кара сыйкырдын каргышы менен жатынга тескери бүткөн балдардын мойну-башын түздөп, аман-эсен төрөтүп алып жүрөт экен"

* * *

Мани Ясо (Миларепа) эгемен кыргыз өлкөсүндө пайда болгон "Түнкү империядан" чыгып, кадимки Кыргызстанга келген күндөрү борбордук аянтка күн алыс эки жүз, үч жүздөй киши топтолуп: "Афлатундагы өз элин атып өлтүргөндөр жоопко тартылсын!", "Бизге чындык керек!", "Бизге адилеттик керек!" деген ураандарын Ак үйдү көздөй булгалап -булгалап алып кайрадан тарап кетип турушкан маал эле.

Ак үй тарабынан болсо аларга жакын басып келип сөзүн уккан, ураандарын окуган бир жан жок.

Темир менен Мани Ясо экөө Умай эненин ыйык ташын аянтка жеткирип, ал эстеликти уурдап бараткан ажонун балдары экендигин айтып, андан кийин Умай эне жөнүндөгү Чыгыштын кайгылуу уламышын айтып беришкенде аянттагы эл дуу деп катуу козголуп, саны жагынан кыйла көбөйүп, бирок "Умай-эненин ташы чет өлкөлүктөргө сатыш үчүн эмес, реставрация кылуу үчүн алынып бараткан болчу" деген бийликтин газеталарга берген билдирүүсүнөн кийин ошого ишенгендер пайда болуп, тургандардын ыркы кетип кайрадан демдери сууп, саны азайып, атүгүл элди чакырып барып түнкү империянын кылып жаткан иштерин көрсөтүшсө да көздөрү көрбөй койду. Аянтта кайрадан баягы эле эки жүз, үч жүз киши ураанын бугалап кала берди.

– Мани Ясо иним! – деди ошондон кийин Темир ыйлап жиберчүдөй жаак эттери диртилдеп. – Иштин баарын түшүндүм дедиң эле го. Эмне үчүн бир айла кылбайсың?! Ушул бечара кыргыз өз элиң эмеспи! Кор болуп жатканын көрдүңгө! Эмне үчүн калыстыктан тайган Ажону кара сыйкырың менен жок кылбайсың! Ал ошого татыктуу экенине көзүң бир эмес он жолу жетти го! Эмне үчүн түнкү империя түзүп алып элдин мүлкүн тоноп аткан анын үйбүлөсүн дубалап, колдорун шал кылып койбойсуң!?

– Ачуулансаңыз болот Темир ага. Ага себеп көп экен.Бирок мен бирөөлөрдү дароо эле өлтүрүп жибергидей Канкор же Албарыс эмесмин да. Элиңиздин сезими али жетиле элек экен. Кулак сезимге баш ийет. Сезим жетилмейинче кулак укпайт, көз көрбөйт. Мен ошол жагын иштейин. Бираз убакыт бериңиз.

* * *

Ажонун тун кызы жаңы ачылган лотос гүлүндөй, дене-бою болуп-толуп, ар мүчөөсү өз-өзүнчө титиреп, эриндеринен күлкү, көкүрөгүнөн ууз төгүлүп, сулуу деген чоң сөз анын бир дагы кереметине татыбай, андан кемип, ага жетпей турган периште курагында эле.

Мани Ясо ошол кыздын ар бир кыймылынан көзүн албай, анын дубалдары апаппак тери менен капталган конок бөлмөсүндөгү мамык креслодо отурду.

– Сиз менен биринчи жолугушумду УККнын башчысынын кабинетинде жасаганым үчүн азыр өзүмдөн-өзүм уялып отурам. Анткени андай расмий кабинеттердин көрүнүшү эле кишинин канчалык жийиркентет. Андай жерлерде адамча бир сөз сүйлөшүүгө мүмкүн эмес,– деди үлпүлдөк саргыч халатты жылаңач тумсак денесине кийип өз бөлмөсүнөн чыга келген канбийкеч Мани Ясонун каршысына келип отуруп.

– Анын үстүнө УККнын картаң башчысы дайыма кыжырыма тийип турат. Артта калган, талантсыз адам. Атакем болбой эле ошону башчы кылып коёт. Ушул сапар мамам экөөбүз катуу талап кылдык андан. Ал абышканы кетирбесе алдыдагы ажолук шайлоону өткөрүшкө чоң тоскоол болот. Сизди да Пекинден ушул маселе боюнча чакыргканбыз, билесиз да, мырза Мани Ясо?

– Кайсыл маселе боюнча дедиңиз, урматтуу ханум?

– Атакемди дагы бир мөөнөткө ажолука шайлансын деп эл суранып атпайбы. Ал өзү болсо макул болбой кежеңдейт. Төртүнчү ирет шайланууга укугум жок, мыйзам бузулат дейт. Ой кудай-ай, ушул да кеппи! Мыйзам деген элдин эркиндеги нерсе да. Мен сизге көрсөтөм, баардык жерлерде эл өзү кол топтоп атат. Атайын демилгелүү топторду уюштуруп чыгышты.

– Мен эмне милдет аткарышым керек, урматтуу ханум?

– Атакеме таасир этип бериңиз. Макул болсун. Элди уксун. Өлкөнүн, мекендин убалына калбасын. Мен өзүм парапсихологмун, мырза Мани Ясо. Сиздин "толерант" деген аксиологиялык мантраңызды интернеттен окуп алып аябай кызыктым. Сүрөтүңүздү көрөөр менен жүрөгүм тимеле лакылдап кетти. УКК арка-

луу Сизди Бишкеке тез чакырттым. А эң негизгиси бир ууч сокур саясатчылар элди курулай дүрбөтүп өлкөдөгү тынчтыкты бузуп жатышат. Ошолорго каршы чара көрүп бериңиз. Тибеттеги Далай -ламага кылган жардамыңызды уктук. Эми өз элиңизди да кара ниет бузукулардан арылтып бериңиз деп мен жеке өзүм сизден суранып жатам, капа болбойсузбу?

– Чакыртканыңызга рахмат, ханум! Сиз болбосоңуз Кыргызстанга мынчалык тез келе албайт белем. Туулган мекенимди көрдүм. Кыргыз элинин тарыхын кытай булактарынан көп окугам. Азыркы кыргыздар, учурдагы баардык эле элдер сыяктуу, өздөрүнүн байыркы бабаларына окшобой, майдаланып кеткен сыяктуу.

– Кыргыздар жакпай калдыбы сизге? Хе-хе-хе.

Мани Ясо кыз менен кошо күлдү да мындай деп кошумчалады:

– Кичинекей өлкөдө чоң калыссыздыктар бар экен. “Түнкү империя” деген турмушуңарды көрдүм. Башкасын айтпаганда да кыргыздын тукумун колдогон касиеттүү Умай-эненин элесин четке сатып жиберүүгө чейин барып жаткандарды, же болбосо өз элине ок аткандарды эчким жазалабайт экен.

Мани Ясо ушуларды айтып киргенде эле канбийкечтин акырындап өңү сустая баштады да өзү атайлап улам кеңири ачып коюп жаткан халатынын жакаларын кымтылап, апакай төшүн дароо жаап алды.

Ошол арада Мани Ясо кыздын деми менен кошо анын ички туюмуна телепаттык сезимдерин киргизүүгө үлгүрдү да канбийкечтин ансыз да тирелип турган дымагын ого бетер көкөлөтүп көтөрүп койду. Мунун өзү, кытайдын элдик акылман лакабына ылайык жасалган иш эле.

“Адилеттиктен тайган бийлик төбөлүн ойрондойм десең – анын балдарынын дымагын күчөтүп кой” дейт кытай лакабы.

* * *

Көп убакыт өткөн жок. Кыргызстандыктар бир күнү кечте өтө чоң акчага чакырылган чет өлкөлүк атактуу телеалпаруучу айым канбийкечти Бишкектин телеэкранына салтанаттуу алып чыкканын көрүштү. Телеберүү: “Атасына татыктуу кыз” деп аталган болчу. Ошонун эртеси, баягы эле кыргызстандыктар кечки газетадан: “Монархия – биздин элдин байыртан келе жаткан кутман салты. Кыргыз өлкөсүн түбөлүк башкаруу вазипасын азыркы ажобуздун үйбүлөсүнө, укум-тукумуна Аллакудай өзү табыштаган” деген тариздеги белгилүү политологдун макаласын окушту.

Анын соңунан республикада “Алга” аттуу мансап адамдарынын партиясы түзүлүп, башына канбийкеч отурду. Дагы бираз убакыт өткөндөн кийин ошол эле партия ажонун кызын атасынан кийинки экинчи бийлик орунга бир добуштан шайлады. Кызга атаандаш болгондордун баардыгы аргандай себептер менен тизмеден өчүрүлдү, камака алынды, жазага тартылды, өлкөнүн сыртына айдалды.

– Атаке карыды. Ажолук кызматын аткара албай калды!,- деди ошол күндөрү көңүлү чексиз көкөлөп кеткен канбийкеч апасына келип кесе сүйлөп.

– Билем, кызым. Алдагы чачыңды оңдочу саксайтпай. Атаңдын боштугу, эрксиздиги сөөгү менен кошо бүткөн мүнөзү эмеспи. Дагы бир аз тура турсун ордунда. Кудай буюрса түшүм жаман эмес. Түшүм оңолуп атат. Бир ак шумкар келип тууруңа конду, кызым. Иниң болсо канаттуу тулпар минип алып нары-бери эле чапкылап жүрүптүр. Ойгонуп кетсем жүрөгүм тимеле кабынан атып чыкчудай дүкүлдөйт.



– Түшүңдү жобурап отурба, мама! Атам кетсин ордунан. Күтүп отурууга убакыт жок! Тезинен өлкөдүгү тартипти чыңдап, тетиги бийликке жулунгандардын орду кайжерде экендигин көздөрүнө сайып көрсөтүш керек!

Кичинекей кезинде “мүнөзү кадим меникиндей, кайраттуу, айтканынан кайра тартпайт” деп сыймыктанчу кызы чоңойгон сайын кыялынын чукулдугу, мүнөзүнүн катуулугу жагынан өзүнөн кыйла аша чаап баратканын көргөн апасы чочулай түштү:

– Кызым сак болчу, мынчалык эмес элең го! Бирөөлөрдүн жаман көзү, жаман сөзү деген бар. Шашылбасаң.

– Мама дейм! Көп сүйлөбөчү!..

* * *

Оорунун себеби көп – ар кимдики ар башка. Бири суук тийип ооруйт, бири жугузуп ооруйт, дагы биринин оорусу тукум кууган кесел. Темир болсо бая түнкү империяны аралап келген акыркы рейсинен кийин жөндөн-жөн эле төшөгүнө жатып калды. Кечээки эле чымыр денелүү ташбилек жигиттин күйпөйүп суру качкан, ичи сары зил болуп, көкүрөгүндө эч кимге, эч нерсеге, дегеле бул жарык дүйнөгө ишеним жок. Көөдөнү бопбош аңылдайт.

Ошентип ал көп күн жатты, бирок Умай-эне жөнүндөгү кайгысынан түк арыла албады. Анын жүрөк оорусун күчөткөн ошол ыйык ташты четке сатып аткандар эле эмес, баарыдан күйгүлтүгү – бүткүл Чыгыш билген, Умай эне жөнүндөгү уламаны Мани Ясонун оозунан уккандан кийин дагы кыргыздардын кебелбей койгону болду. Бүткүл кыргыз жерин тумандай чулгап жаткан кайдыгерлик анын денесин шал кылып, көңүлүн биротоло муздатып таштаган болчу. Бул оорудан аны айыктыраар бир жан жок. Жалгыз ишеним арткан адамы Мани Ясо болсо шашылып чет өлкөгө кетип жатып айтып кеткен: “Жакында элиңер өзгөрөт, өлкөңөр оңолот, өз карачечекей кызынын айынан калыстыкты унуткан ажоңор жазасын алат”, деп. Канакей алганы?! Алмак турмак ажонун кызы менен уулу бийлик башына келип чалчактап, Умай энени кайрадан четке сатуунун камында!

Көптөн бери кыймылсыз жаткан, бир капталы таштай уюган Темир экинчи капталына оодарылмакчы болгон кезде эшигинин сыртына бирөө келгенин түйду.

– Кирсем болобу, Темир байке!

Үн Мани Ясонуку эле. Сезимдери дүр дей түшкөн Темир ордунан турайын деп баратып кайрадан жатып калды.

– Кир, кире бер,- деди анан ал жактырбаган салкын үн менен.

– Ооруп калдыңыз, байке. Мен аны билем. Атайын шашып келдим. Ордуңуздан туруңуз. Башыңызды көтөрө турган саат келди.

– Башымды көтөрүп кайда барат элем?

– Элге барасыз. Сөзүңүздү айтасыз. Аянтта эл толтура. Ажоңордун үйбүлөсү акылдан адашып, ачкөздүккө берилип, өзгөчө улуу кызы дымагын тыя албай улам бир акылсыз кадам жасаган сайын аянттагы наразы эл үстү-үстүнө көбөйө берди. Менин биринчи максатым дал ушул болчу, Темир байке. Эл ойгонду. Көздөрү ачылды! Өткөндө түнкү империянын жолдорун, жүк бараткан тоннелдерди жапжарык кылып көрсөтсөк да көрбөй коюшпады беле. Көздөрү жумулуу болчу. Эми көрүшөт ошолордун баарысын. Алар эми сиздин сөзүңүздү угууга даяр!

– Менинби? Өткөндө көргөн жоксуңбу элдин кебетесин, менин сөзүмдү быш деп койдубу?!

Мани Ясо эңкейди да шалдырап жаткан Темирди билегинен алып өйдө тургузду.

– Күн көтөрүлүп келатат, Темир байке. Башыңызды бийик көтөрүп сыртка чыгыңыз. Мен азыр экинчи максатымды аткарам! Күндүн нурунан от алып сиздин түңүлүп, муздап калган жүрөгүңүзгө жалын тутантам! Ошонүчүн алыстагы иштеримди таштап коюп шашылыш келдим. Жүрөгүңүздөгү жалын алоолонуп күйгөндө гана адамдар сөзүңүздү угат, сизге ишенет, артыңыздан ээрчийит, сиз үндөгөн адаилеттик үчүн күрөшкө түз аттанып чыга алат. Сиздин жүрөгүңүздөгү жалын башкаларга жалгашат, катарыңар көбөйөт, эл аянтта кылкылдап дайрадай агып, деңиздей толкуйт. Чындык үчүн жаңырган үндөр улуу симфонияга айланып, тоону томкоро турган набатка өтөт. Ошондо гана көпчүлүктүн максаты жеңүүчү күчкө эгедер болот. Туруңуз, Темир байке! Жаңы чыккан күндү жалтанбай тике караңыз!

Жаздын биринчи айы ортолоп, карлар эрип, жер чалчык. Кулак жукарып, адамдын чачы менен малдын жүнү жумшарып, сырт менен кошо үйлөрдүн ичи ным тартып, комуздун толгоосу жанып турган кез эле. Мани Ясо Темирди колтугунан бекем сүйөп сыртка чечкиндүү алып чыккан ошол таңда ааламдын эгеси жарыктык Күн дагы өзгөчө бир толуп-ташып, бийик тоонун кырынан керемет сындуу, кандайдыр бир башкача тирелип чыкты.

– Саламатпы, касиеттүү Күн досум!..

* * *

Ошондон кийин, Мани Ясо (Миларепа) улам согуш тутанып тынчыбай жаткан семит, ислам өлкөлөрүн кыдырып жүргөндө күн сайын Кыргызстандагы окуяларды интернеттен окуп толкундады. “ Борбор Азиядагы тоолуу Кыргызстандын биринчи шайланган Президенти, анын жеке бийлигине каршы көтөрүлгөн элдин кысымына чыдабай үйбүлөсү менен кошо мекенин таштай качты. Өлкөнүн башчылыгына эл ишенимине ээ болгон жаңы муундагы патриоттор келишти” деген маалыматты окуганда дароо атасынын бийлигин ойрондогон канбийкеч эсине түштү. Кытай элинин байыркы накыл сөзүнүн калетсиз экендигине, ушундай акылкошчу байлыктарын ал улуу эл жолго таштап койбой, нечен миң жылдык тарыхында өзү менен кошо күлазык кылып ала жүргөнүнө там берди, ыраазы болду, жылмайды.

* * *

Арадан сабалап айлар өттү, мезгил бир тоголок жылга айланды. Бирок, тилеке каршы Афлатундун ыйы, Алатоонун онтогон үнү басылбады. Калагия маалында Жер шарынын үнүн тыңшаган кезде Мани Ясо кыргыз мекенинен чыгып жаткан баягы эле кейиштүү дооштордү тынымсыз угат.

– Темир ага! – деди ал бир күнү чыдабастан Бишкеке телефон чалып. – Кыргыз элинин көңүлү тынчыбай атат. Өлкөңөрдүн аурасы баягыдай эле кызыл коч-кул. Тоолордун онтогону басылбайт. Сиздин да, досторуңуздун да көңүлдөрү жайында эмес. Көрүп турам, жүрөгүңөрдөгү чок өчө элек. Өчпөйт дагы.



Эпадам, улуу чындыкка жете турган алыс, чытырман, тайгак жолго кайрадан чыгыш керек болсо ал от кайрадан алоолонуп тутанат. Мен ага ишенем. Бир кейиштүү жери – арканардагы жөлөгүңөрдү унутуп калган эл турбайсыңарбы, Темир ага! Эгерде Сиз чанбасаңыз, байыркы бир акылмандын эскертүү сөзүн сизге салып жиберейин. Кыргыздын тунук акыны Буканын ыры. Бул ырды, “Хумай-му” сыяктуу эле, эстутум катары бүгүнкү күндө да Чыгыштын башка элдери өздөрүнө колдонуп жүрүшөт...

Көгүш тоону кыян жууп,
Көрк бузулат сак болгун.
Көсөмдөрүң элди алдап,
Көч бузулат сак болгун.
Өзөгүңө өрт таштап,
Өз бузулат, сак болгун.
Сөөлөтүнөн ажырап,
Сөз бузулат, сак болгун.

Салкын тоону кыян жууп,
Салт бузулат, сак болгун.
Намыс кетип, ар кетип,
Нарк бузулат, сак болгун.
Кара тили калп минип,
Карт бузулат, сак болгун.
Калыс сөзүн айталбай,
Калк бузулат, сак болгун.

Кызыл тоону кыян жууп,
Кырман качат, сак болгун.
Кыз-уланың дүйнө кууп,
Кырдан качат, сак болгун,
Кырды-түздү жат элге
Кыйган качат, сак болгун.
Кылгылыкты кыргызга
Кылган качат, сак болгун.
Тулпар тоону кыян жууп,
Тул болсуң, сак болгун.
Кудагыйсыз, кудасыз
Кун болосуң, сак болгун.
Кубат-күчүң соодалап,
Пул болосуң, сак болгун.
Кудуреттүү элдерге
Кул болосуң, сак болгун!..
Сак Болгун!!!

## *ЖЫЙЫРМА ЭКИНЧИ БӨЛҮМ*

– **А**йымдар жана мырзалар!

Бутак дегендин бир укмуштай амалы бар, билесиздерби? Адам бутун дал тартып алаарда карс этип сынып кетет. Ошол себептен байкуш пенде колуна балтасын кармаган бойдон ылдый карай учуп жөнөйт.

Ушул, тээ атамзамандан бери кайталанып келе жаткан кырсыктуу көрүнүштөн адам баласы кандайдыр бир жыйынтык чыгара алдыбы? Чыгарган жок деп кантип айталы. Чыгарайын дейт, далалат кылат. Ал түгүл биртоп алдын алган иштерди бүтүргөн болот. Бирок, дагы кайталап коёюн, бутак дегендин амалын айтпадымбы, ал качан карс этип сынып кетээрин жалгыз өзү гана билет, адамга күнмурун эскертпейт.

Мына ушул, бир карасаң жөнөкөй, бир карасаң табышмактуу нерсе биздин баарыбызды бүгүн бул жерге, мына ушул Москванын «Адам мээсин изилдөө» институтунун залына чогултуп отурат. Эл аралык конференциябыз, темасы эле айтып тургандай, ЮНЕСКОнун канатынын алдында өтүп жатат. Каражат да ЮНЕСКОнуку. Биз болсо калган баардык аракетибизди аяган жокпуз. Илим тарыхында мурда болуп көрбөгөн бул адаттан тыш конференцияга бүткүл дүйнөдөн 27 атайын конок чакырылган. Залдан өзүңөр көрүп турасыңар, ал меймандарыбыз Индиядан, Кытайдан, Тибеттен, Непалдан, Африкадан, өзүбүздүн эле Россиянын түндүгү менен чыгышын, Европадан жана Америкадан келген чыныгы көзү ачыктар, йогдор, магдар, телепаттар, экстрасенстер.

Саал өкүнүчтүү жери – биздин эски досубуз, Тибеттин Далай ламасы сыркоолоп калып келбеди. Дагы бир жеткинчек коногубуз – непалдык бала Пама Бахадурду таба албадык. Пама Бахадур кырк күндүк медитацияда отурган соң эч кимге белгисиз көздөн кайып болгон. Ошол бойдон жок. Эгер табылып калса конференциянын аягына дейре ал жөнүндө сөзсүз маалымат беребиз.

Жашырганда эмне, залда отурган нейрофизиологдор, генетиктер, биологдор жана башка илимпоздор мурда адамдагы оккульттук касиеттерге караманча кол шилтеп келген болсо, азыр көпчүлүгүңүздөр адамдын феноменин, ааламдын сырларын астралдык дүйнө менен суперкишилердин табиятынан издей баштадыңар. Издеп эле калбай, биртоп илимий далилдерди бердиңер. Мына бүгүн эле, конференциянын түшкө чейинки биринчи бөлүгүндөгү өзүңөр көргөн укма-көрмө-кассеталар менен илимий докладдар эмнени айтып турат?

Бир эле маселе: Калифорния университетинен келген урматтуу доктор Брюс Миллер адамдын мээсинин сол чыкыйында жайгашкан «генийлик блокту» тапкандыгын жана ал блокту иштетпей, улам токтотуп турган оң чыкыйдагы детекторду тапкандыгын таасын далилдеп берди. Брюс Миллердин тажрыйбасын өркүндөтүү менен биз залдагы отурган суперадамдарыбыздын өзгөчө касиеттерин илим жолу менен таанууга, а эң негизгиси аларды андан ары өнүктүрүүгө, жана кеңири жайылтууга жол табабыз деп ишенем. Кеп мына ушунда го!



Сүйлөп жаткан модератор, Москвалык «Адамдын мээсин изилдөө институтунун» деректири Юрий Киселев ушул жерге келгенде атайылап тыным жасай калды эле, доктор Миллерге колдоо көрсөткөндөр кол чаап кубатташты.

– Урматтуу айымдар жана мырзалар! Конференциябыздын эң кызыктуу бөлүгүнө эми келип жеттик болуш керек. Анткени кезектеги кофе-брейктен кийин экстрасенстерибиз менен практикалык жолугушууларыбызды баштайбыз. Биринчи жолугушуу – Россиялык рентгент кызыбыз Наташа Демина менен болмокчу. Кабинети жана убактысы колуңуздардагы программада көрсөтүлгөн. Эмесе баардыгыңыздарды он беш мүнөттүк кофе-брейкке чакырам.

Тыныгуу маалында Мани Ясо мейманканада чогуу жайгашкан, өзүнө тааныш болуп калган тибеттик, индиялык монахтар менен чогуу кофе ууртап турган эле. Алар бешөө экен, бешөө тең улгайып калган, өтө тажрыйбалуу, дүйнөнү бүт кыдырган, ошол себептен монах чапандарын үстүнөн түшүрбөй, башкалардан айырмаланган адистер эле. Ар кимисинин ар башка өнөрү бар, бери эле болгондо жүрөгүнүн согушун, жарым саатка дейре токтотуп, же болбосо үстөлдүн үстүндөгү буюмду алакан энергиясы менен ордунан козгогон магдар болчу. Ошолордун баардыгы жанындагы, «Архат-Миларепа» наамы менен конференцияга чакырылган Мани Ясого эки колун бооруна жуптап, өзгөчө сый-урмат көрсөтүп турушту. Миларепа ким экенин, анын түгөйү Мани Ясо ким экенин албетте бул кадик адамдар өтө жакшы билишет эле. Булар эле эмес, мурунку «Улуу йог Миларепа» жөнүндө Лондондо, Парижде, Москвада канчалаган китептер басылып чыккандыктан Европа дүйнөсү Мани Ясо туурасында да дээрлик кабардар эле. Ошон үчүн конференциянын модератору Юрий Киселев эң оболу конокторду тааныштырып келип Наташа Демина менен Мани Ясого өзгөчө токтолгон болчу.

– Бул эки жаш меймныбыз адамзаттын биологиялык жаңы түрү болгон «Индиго балдарынын» өкүлдөрү болуп эсептелет, – деген болчу ал. Ошондон баштап жанаша орунда отурган Наташа менен Мани Ясону кылчайып караган көздөр жыш.

Ошолордун арасында өзгөчө бир таңкаларлык киши бар эле. Куудай аппак чачын европалыктардын орто кылымдагы графтарыныкындай жол-жол кылып тармалдата тараган, дал ошол доордогудай бийик жакалуу кителчен, мойнуна бантик байлаган шыңга бойлуу мырза улам күлө багып келип Мани Ясого сырдуу карап таазим кылат да кайра кетет. Мурдагы кофе-брейктерде эки мерте ошенткенде Мани Ясого ал кишинин мээр нуру жагып калган болчу. Мына эми ошол эле адам үчүнчү жолу колун төшүнө ала кайрылып турат. Мани Ясо дагы ал кишиге урмат менен таазим кылды эле бейтааныш чөнтөгүнөн сууруп чыгып конференциянын меймандарынын тизмесин көрсөттү. «Граф де Сен Жермен»[1] деген фамилия биринчи сапта жазылып турган экен. Дал ошону көрсөттү бейтааныш.

– Ыйык Миларепа, сиздин урматыңызга таазим кылабыз, – деди граф де Сен-Жермен, таптаза ханзуча сүйлөп. Мани Ясо ыраазы болгонунан кызарып кетти.

Бейтаанышка эмне деп кайрылаарын билбей буйдала калды. Себеби анын жүзүнө карап туруп жашы канчада экенин болжош мүмкүн эмес эле. Кыркта же элүүдө деп айтса да болот. Бир туруп Мани Ясого эле замандаш сыяктуу.

[1] «Өлбөстүктүн замзамын» таап ичип жүргөн, миң жылдардан бери ар башка улуу ысымдардын аты менен жашап келе жаткан, көп тилди билген таңкалычтуу бул адам жөнүндө Европа басма сөзүндө дайыма маалыматтар жазылып турат.

Ошондуктан, чекилик кетирбеш үчүн Мани Ясо көнүмүш сөздөр менен жооп берди:

– Улуу урматтуу Граф де Сен-Жермен, Сизге жолукканымды «Өмүр айлампасындагы» менин эң урунттуу окуям деп эсептейм.

– Маркамат кылып азыноолак сүйлөшсөк кантет, мырза Миларепа.

– Мен даярмын, урматтуу граф де Сен-Жермен.

Экөө элден алыстап фойенин ээн бурчундагы орундарга жайгашты.

Граф де Сен – Жермен төш чөнтөгүнөн сырты каухар таш күзгүнү сууруп чыкты да Мани Ясо кармата салды.

– Күзгүнү даана карап туруп: «Мени азыр кимдер издеп жатат?» деп үч мертебе ичиңизден айтыңызчы.

Мани Ясо бейтааныш айткандай кылды эле күзгүдөн бир айчырайлуу жаш кыз көрүндү. Ким экени белгисиз, аты-жөнү жазылбайт.

– Кандай гана чырайлуу кыз. Дагы жакшы, бир эле кыз көрүндү. А жүзчакты кыздар катар-катар көрүнсө эмне болот элеңиз. Хе-хе-хе!

– Дагы караңыз күзгүнү. «Мени кимдер издеп жатат» деп дагы үч жолу кайталаңызчы.

Сыйкырлуу күзгүгө кызыга түшкөн Мани Ясо кадимкидей кумарланып кетип тигил сөздөрдү дагы да кайталады эле бир пастан кийин алар жайгашкан «Космос» мейманканасынын чыга беришинен европалык кейиптеги эки адамдын жүзү көрүндү.

– Аа! Бул менин адамдарым, – деди граф де Сен-Жермен шашылыш кыткылыктап, сизди акмалап жүрүшөт. Анткени биздин сизге өтө зарыл ишибиз бар да, ошон үчүн мен аларды кароолго коюп койгом.

– Мындай кудуреттүү күзгүнүн бар экенин билчү элем, бирок жолуктурам деп ойлобопмун.

– Бул касиеттүү Мишель Нострадамустун өзүнүн күзгүсү. Мен анын кайра жаралган түгөйүмүн. Сиз ыйык Миларепанын түгөйү сыяктуу, мен дагы бир заманда Нострадамус болуп жашап өткөм. Иисус Христос, силерче алганда Иса пайгамбар менен көзмө-көз сүйлөшкөнүм күнү бүгүнкүдөй эсимде. Ал түгүл мен ага: «абайласаңчы, римдик жасоолдордун доңуз кыялына кабылып калбагын» деп эскерткеним бар.

– Анда сиз..., – деп Мани Ясо графты таңыркай карады.

– Ооба, мен азыр өмүрдүн алтынчы айлампасында жүрөм. 1974-жылга дейре Вольф Мессинг катары жашадым эле. Көз боочулук менен шугулданып жүрүп өтө эле майдаланып, көзү ачыктык касиеттеримден кол жууп кеттим окшойт. Азыр болсо кайрадан граф де Сен-Жермен болуп жашап, жер шарын кыдырып жүрөм. Ахвал өтө жаман, ыйык Миларепа. Мен мынабул күзгүмдү карап отуруп үрөйүм учат. Сизди да ушул күзгүмдөн үзбөй көрүп жүрөм. Нострадамустун центурияларынын биринде сиздин жарык дүйнөгө келишиңиз да айтылат, бирок датасы 2133-жыл деп көрсөтүлгөн. Сиз болсо 120 жылга эртерээк келдиңиз. Демек, аалам-мезгил-жашоо кубулуштарынын баардыгы тездей башташы ыктымал деген ошол эле Мишель Тоэддин (Нострадамус), же болбосо менин айтканым келип жатпайбы.

– Кечиресиз, менин жарык дүйнөгө келишиме Мишель Нострадамус сыяктуу, улуу олуянын көңүл бөлгөнү өзүм үчүн ишенимсиз сыяктанып жатат.

– Европада жок, Америкада жок, башка материктерде жок. Бир гана Азиядан сизди көрөм күзгүдөн. Сизден башка кишини көралбай келем. Ырас, центурияда мындай эле айтылган: «2133-2145-жылдары Шамбаланын дарбазасына жол ачылат. Шантамани ыйык ташы адамдардын колуна тийет». Мен өзүм Нострадамустун түгөйү болгонум менен ал олуянын толук касиетин, албетте алып жүралбай келем. Ошон үчүн граф де Сен-Жермен ысымы менен жашап жатпаймбы. Ошого карабастан, мынакей, мобул Мишель Тоэддин өзүнүн аталык күзгүсү менин колумда. Дал ушул күзгүдөн көрүп туруп бейиши болгур Екатерина Медичиге: «Сиздин амириңиз менен жакынкы күндөрдө Парижде кан суудай агып, алоологон өрт чыгат» деп католиктердин «Варфоломей түнүн» алдын ала айтып бергем. Аны бүгүн дагы канкор королеванын өзүнүн күндөлүгүнөн окуп алсаңар болот.

Баса мен жөнүндө орустун улуу акыны Пушкинден артык эч ким жаза албастыр. Анын «Пиковая дамасын» окуган чыгаарсыз?

Ушуну айтып граф де Сен-Жермен Мани Ясого тигилип калды эле жигит оңтойсуздана түштү:

– Пушкиндин ырларын гана окугам.

– Кокус мен жөнүндө билгиңиз келсе ошол поэманы окуп коюңуз. Андагы легенда – толук чындык. Кыскасы, ыйык Миларепа, сиз менен бүгүн кечтен калбай шашылыш жолугушум керек. Маселе жер шарындагы жашап жаткан 2 миллиард христиандардын келечек тагдыры жөнүндө болмокчу...

* * *

Адилет программада жазылгандай үчүнчү көзүнүн көрүүсүн, андан соң физиогономикалык касиетин илимпоздорго көрсөтүп бергенден кийин, Москвалык конференциясынын аягына чыкпастан, Граф де Сен-Жермендин шаштыруусу менен Париждин аба майданына келип самолёттон түшүштү.

– Бүгүн айдын он үчү, Азезилдин күнү. Дал ушул күнү ал Пирамидага келип чокунат. Тезирээк айда машинаңды!

Граф да Сен-Жермен жолдоката өзгөчө кабатырланып, Мани Ясого ыктай калып ар нерсени шыбырап, андан соң такси айдоочуну шаштыра демитип отуруп тез эле Париждин борбор көчөлөрүн аралай келип, айтылуу Ришелье Пассаж туннелинин оозуна токтошту.

– Мындан ары жөө басууга туура келет. Ошентти да граф де Сен-Жермен электр жарыгы төгүлгөн узун туннел менен тез-тез басып алдыга жөнөдү. Мани Ясо унчукпастан артында. Бул, канча кылымдардан бери улам бир башка адамдын аты-жөнү менен жер үстүндө кайрадан-кайра жашап келе жаткан таңгаларлык адамга таанышкандан берки бир жума ичинде толгон-токой маалыматты үстү-үстүнө уга берип, жигиттин башы чыңалып жарылчудай. Уккандарынын көбү Мани Ясо үчүн анча түшүнүксүз нерселер болгондуктан ал көп жерлерде кайталап суроого мажбур болгон. Мына азыр ушул граф де Сен-Жермен экөө ээн туннелде жүгүрүп шашып бараткан иш боюнча да көп нерсе адегенде Мани Ясо түшүнүксүз эле. Ошондуктан ал мындай деп суроо берүүгө аргасыз болду:

– Христосту жөнөкөй адам болчу деп далилдеген бир жазуучунун[1] китебине анчалык эмне күйгүлтүк болот христиандар? Дин жараткан башкалардын баардыгы тең эле жөнөкөй адамдар болгон да. Мисалы: Саки Муни Будда, Мухамед, Зара-

[1] Ден Браундун «Код да Винчи» романы жөнүндө сөз болуп жатат.

туштра, ал түгүл Христоско чейинки иудейлердин сыйынгандары кадимки эле кишилер эмес беле? Мисалы «Күн-уулу» деген Митра?

Дал ошол Митра 25-декабрда төрөлгөн, өлгөндө таарга оролуп, too этегине көмүлгөн. Көмүлгөндөн үч күндөн кийин тирилип, асманга кайып болуп кеткен деп айтылат эмеспи?

– Эң туура. Чынында Христос деле жерде туулган жөнөкөй киши болгон. Кеп, адамдар аны жогоркулар сыяктуу пайгамбар дебестен Кудай уулу кылып алганында болуп жатпайбы. Крестке керип салгандан кийин ал өлүп калбастан кайрадан тирилип асманга учуп кетээринде:

«О, адам уулу! Мени өлтүрдүк деп крестке керген пенделер эмине кылып жаткандарын өзүлөрү аңдап түшүнгөн жок. Баарыңдын буга дейреки кудай алдында кылган күнөөңөрдү мен өз мойнума алдым. Эми бир кезде кайрылып келээр күнүм бар. Күткүлө, мен силерди куткарам» деп Кудай уулу асмандагы өзүнүн атасынын жайына кетип жатпайбы.

– Сиз өзүңүз ошол окуяларга катышкам дедиңиз ээ?

– Катышмак түгүл! Бирок, болоору болгондон кийин, андан бери эки эле миң жыл өтсө да миллиарддаган христиандар Иисусту куткаруучу, бейишке чыгаруучу кудайым деп ишенип, ошого бүткүл ниетин берип, терс жолго баспай сыйынып тургандан кийин мен дагы макул дедим. Анткени дин гана адамдардын талкалагыч, жырткыч күчүн басаңдатып, саал жоошута турганын өз көзүм менен көрүп келатпаймбы. Христос кудай касиетинде калыш керек деген аракет менен чырылдап, дүйнө кезип чуркап жүргөнүм ошол. Андыктан жанталашып сизге барып атпаймбы, ыйык Миларепа!

Граф де Сен-Жермен ушунчалык шашкандыктан, улам мүдүрүлүп, канчалык тез баскан жаш жигиттен улам озуп кетип, кылчая токтоп калып атты. Ошентип отуруп экөө бир маалда туннелден сыртка чыга келишти эле жалтырак айнектен салынган эбегейсиз зор имарат алардын алдын тороду.

– Луврдун Пирамидасы деген ушул, – деди граф де Сен-Жермен энтиккенин араң басып.

Мани Ясо башын көтөрсө көзүнө кыргыз бозүйүнүн керегеси урунгандай болду. Анткени эбегейсиз айнек пирамиданын темир кабыргалары керегe тибинде жасалган. Анын түштүк капталында музейге кире турган айланма эшик. Шашылган эки адам ошол эшиктен кирип дароо ылдый, пирамиданын түпкүрүн көздөй кеткен тепкичтер менен жөнөштү. Улам ылдыйлаган сайын аба муздап баратты. Мынакей, айнек имараттын түпкүрүнө да жетишти. Оң жакта дагы бир туннел көрүндү. Экөө аны менен жүрүп отурушуп акырында жаркыраган чоң залга чыга келишти. Залдын дал ортосунда шыпка илинген дагы бир айнек пирамида көзгө урунат. Бирок, чокусу ылдый караган, түбү өйдө караган, эмнегедир аласалган пирамида эле.

Мани Ясону таңгалтырган нерсе ошол тескери айланган пирамиданын астында дагы бир кичинекей, бирок аласалбай тике турган пирамиданын учу алмаз сындуу жаркылдап көрүнүп турат. Ошентип эки пирамиданын бири абада илинген, экинчиси жерден чыккан, учтары бирин-бири тиктеп турушат. Мындай баш катырган тырдуу курулуштун табышмагын Мани Ясо албетте дароо түшүнгөн жок.

Аңгычакты граф де Сен-Жермен аны чыканактан алды да бираз солго жетеледи. Ошондо гана Мани Ясо эки пирамиданын тогошкон жеринде европа костюмчан, баш кийимсиз үч адам чөк түшүп алышып кимгедир сыйынып, чокунуп жатышканын байкады.



– Мария Магдалинанын ысымына сыйынып жатышат. Ортодогусу дал биз издеген гарварддык профессор Роберт Ленгдон, – деди граф де Сен-Жермен Мани Ясо шыбырап.

– Мурда өзү жалгыз келчү эле, бүгүн эки шеригин кошо ээрчитип алган турбайбы. Булардын дымагын кара! Жыгылган Приорат сионанын[1] желегин кайрадан көтөрөбүз дешкен турбайбы. Жакында эле дал ушул музейдин ичинде булардын эң акыркы улуу Мастери, ушул Луврдун картаң куратору Жак Соньерди атып кетишти эле, анын ордун мына бул чокунуп отурган америкалык профессор басам деп талпынып атат. Азыр, чокунуп бүтүшсүн андан кийин сүйлөшөбүз булар менен.

Граф де Сен-Жермендин бою калчылдап, токтоно албай турганын Мани Ясо байкады да акырын колтугунан сүйөп бооруна кысты:

– Булар биз менен сүйлөшпөйбүз деши мүмкүн.

– Дал ошон үчүн, ыйык Миларепа, мен сизди бул жерге жардамга чакырып келбедимби. Сүйлөшпөйбүз деп сөзсүз тескери басышат. Нечен жолу биздин аракетибизди ошентип четке кагышты. Эч бир жүйөөнү уккулары келишпейт.

– Мага эле токтоп беришээрине көзүм жетпейт.

– Сизде секундуна төрт толкун бере турган энергетикалык эң күчтүү дельта-ритм бар. Ошону колдонушуңузду суранам. Керек болсо гипнозду да колдонуңуз. Болбосо эмгегибиз бүтүндөй талаага кетет, ыйык Мила!

Кечиресиз, шашканымдан сиздин тээ байыркы, миң жыл мурдагы, жаш кезиңиздеги ата-энеңиз эркелеткен атыңызды айтып жибердим окшойт.

– Мага ошол ат аябай жагат, граф де Сен-Жермен.

– Кыязы тигилер чокунуп бүткөнү калышты окшойт...

Профессор Роберт Ленгдон жанатан бери, «ыйык Пирамидага» чокунуп атып эле беride турган экөөнү кирпик астынан байкап аткан болчу. Анын үстүнө ак чач граф де Сен-Жермен алыстан эле жаземдебей таанылат. Ошондуктан, ордуларынан тураар менен үчөө тең кичик пирамиданы тескери айлана басып сыртка жөнөй турган болушканда берки экөө алардын алдынан утурлап чыгышты.

– Урматтуу профессор Ленгдон, алдыңызга келип турган жигит Чыгыштын улуу Архаты Миларепанын кайра жаралган түгөйү. Уксаңыз керек...

– Кечиресиз, мен болгону христиан диний символикалары боюнча адисмин. Чыгыш менен алакам жок, ишенбейм дагы. Ошон үчүн сөзүбүз натыйжасыз. Кош болуңуздар.

Ошентти да профессор Ленгдон алдын торогон экөөнү айланып өтмөк болуп артындагы эки шеригине бурулду. Эки шериги болсо буттарын жерге кагып койгонсуп козголушпайт. Аларды «баскыла» дегиче болбой профессор өзү да кандайдыр кетем деген эркинен дароо ажырап, Мани Ясо менен граф де Сен-Жерменге жалжал карады.

---

[1] Приорат Сиона– 1099-жылы уюшулган европалык жашыруун коом. 1975-жылы Париждин улуттук китепканасында «Жашыруун документтер» деген эски жазуулар табылган. Ал жазууда Приорат Сионанын мүчөлөрү болгон деген тизмеде: сэр Исаак Ньютондун, Боттичеллинин, Виктор Гюгонун, Леонардо да Винчинин ысымдары көрсөтүлгөн. (Ден Браундун «Код да Винчи» китебинен алынды).

– Сөзгө келиңиз, урматтуу профессор, – деди ошол замат граф де Сен-Жермен демилгени колуна алып. – Бүткүл жер шарындагы христиандардын жан дүйнөсүнө бүлүк салгандыгыңыз үчүн жооп бере турган мезгилиңиз келди. Укпай, көрбөй атасызбы дүйнөнүн бардык булуң-бурчтарында сизге каршы массалык митингдер жүрүп жатканын?!

Ушуну укканда профессор Ленгдондун өңү-башы бир укмуштай бырышып, ыйлагысы келип кетти:

– Мага эмес, ал митингдер мени жараткан чуулгандуу жазуучу Ден Браунга каршы деп мен сизге канча жолу айтам, түшүнбөйсүзбү?! Авторго айткыла дооматыңарды!

– Авторуңуз кылаарын кылды да, эми болсо үйүндө жашынып отурат. А сиз анын салып койгон бузуку жолун өз алдыңызча улантып жатпайсызбы! Андай болгон соң кимди токтотушубуз керек?! Аракет кылып, айланаңызга жаңы талапкерлерди топтоп, жексен болгон Приоратты кайра тирилтем деген сиздиби, же болбосо оозуна кум куюлуп, изгой болгон кудайбезердиби?!

Европалык эки адамдын бул кайым айтышын унчукпай угуп турган Мани Ясо акырын сөзгө аралашты:

– Приорат Сионанын түпкү максатын чиркөөлөр балким түшүнбөй жатышкандыр?– деди ал профессор Ленгдонго кайрылып.

– Чындык! Адилеттик! Адилеттикти чиркөө эки миң жыл бою жерге көөмп келе жатышат. Эгер ал чындык биротоло өлүп калган болсо биз айласыздан ошого макул болот элек го. Өлбөй жатпайбы чындык деген макулук. Ал эч күнөөсүз наристе сымал канча кылым өтсө деле болгонун кайрадан болгондой айтып турат. Чындык деген адам эмес экен да! Эки жүздүүлүктү, арамзаалыкты билбейт тура! Ыйлап, чыркырап, сайсөөктү сыздатып атпайбы чындык деген каргыш тийгир!

Профессор Ленгдон кадим сценадагы адабий каарман сыяктуу үнүнүн пафосун өтө көтөрүңкү алып, графты карабастан Мани Ясого жүзбуруп сүйлөдү эле:

– Кайсыл гана чындык болбосун аны көпчүлүк кабыл алса гана чындык боло алат, – деди граф де Сен-Жермен профессор укпасын дегенсип Адилеттин кулагына шыбырап. Бирок профессор Ленгдондун кулагы мыкты белем, тигинин шыбыраганын илгиртпей угуп койду. Ошон үчүн ал графка ишенимдүү жооп бере турган кейпке келе, алдыга обдулду:

– Римдин эки жүздүү императору Улуу Константин экөөңүздөр Жаңы Инжилди атайын заказ менен жаздырып, анан аны эки жаат болуп чурулдаган шаардык көпөстөрдүн кол көтөрүүсүнө салганда добуш санакты уятсыздык менен бурмалап койгонуңарды айтып жатасыз да! Ошондо да төрт гана добуш менен араң утвансыңар! Ыйык Миларепа, сиз жооп бериңизчи, турмушта болуп өткөн чындык фактыны кийин бир мезгилде көпчүлүк добуш менен «болгон эмес» деп чечим чыгаруу адилеттикке жатабы?! Жооп бериңиз!

Өзүн бир орунга матап турган дельта-ритм толкунунун күчтүү таасирине карабастан профессор Ленгдон Мани Ясону көздөй кадам таштап, обдулуп кайра артка кетип, өтө бейпайга түшкөн суроо койду. Ушуга караганда жазуучу Ден Браун чындык үчүн жанын берип чыркыраган, өтө күчтүү каарман жараткан белем! Каарман көп убакта автордун өзүнөн ашып түшөт деген анык сөз окшоду! Эгерде койгон суроосуна жооп албаса профессор Ленгдон Адилеттин колуна азыр өлүп берчүдөй ахвалда эле.



Чындык үчүн дал ушинтип күрөшүш керек. Дал ушинтип эмес, мындан жүз эсе, мындан миң эсе курч кайрат, майтарылбас эрдик менен, керек болсо канды суудай төгүп, аябастан жанды кечип күрөшүш керек. Ал турган иш. Адилеттин Тибеттеги улуу чыгыш окуусунан алган тарбиясы да дал ошону талап кылат. Анткени Чындык деген бир гана жолу жаралып, экинчи өлбөй, өзгөрбөй, көөнөрбөй, унутулбай, баасы кемибей турган түбөлүк энтамыр. Аны козголтуу мүмкүн эмес!

Денеси өтө күчтүү чыңалууда болсо да Адилеттин кайсыл бир ички сезимдери тымызын апкаарып жатты. Анткени азыр анын дал маңдайында кашкайган Чындык турган эле. Болгондо да ал Чындык Адилеттен адилеттикти талап кылып турду...

* * *

– Париждиктер шаарыбыз жердин үстүндө гана жайгашкан деген жаңылыш түшүнүк менен жашашат. А чынында жердин астында дээрлик дагы бир Париж бар экендигин билишпейт. Ал түгүл Парижди аралап аккан Сена дарыясынын түгөйү да шаардын астында агып жатат. Рас, жердин үстүндөгүдөй толкуп-ташып күнгө чагылышпаса да караңгыда күңгүрөнүп, добушу сүрдүү, суусу мол. Париждин жер үстүндөгү көчөлөрүнүн аттары жер астында да кайталанат. Мисалы, тигинекей Пти Шамп көчөсү, а мынабул көчө болсо Ришелье.

Ушуларды айткан граф де Сен-Жермен өзүнүн Париж шаарынын борборундагы, жер астындагы апартаментин Мани Ясого көрсөтүп, улам бир бөлмөсүнүн эшигин ачып жүрдү.

– Жер үстүндө канча миң жыл жашап, жадап бүттүм. Анын үстүнө улам барган сайын тынчтыкты самап калат экенсиң.

– А бул үйүңүз качан салынган?

– Жапжаңы үй. 1900-жылы Париждин биринчи метрополитенин кура баштады. Ошол кезде жер астына мынабул көчөлөр жаңы түшкөн. 1915-жылы мен бул үйдү сатып алдым. Себеби дал ошол жылы төбөмдө, жердин үстүндө менин урматыма христиандар «Сен-Жермен» чиркөөсүн куруп бүтүшкөн болчу. Кечээ жакында болсо 1950-жылы өзүмдүн долбоорум менен кайра курдуруп койдум үйүмдү. Бир нече бөлмөнү кылымдар өткөн сайын улам жаңы стилге тууралап жасатып коём. Баса, кайсы бөлмөгө жатууну каалайсыз? Мынакей, жүрүңүз, көрсөтөйүн. Эклектика духунда жасалгаланган анча чоң эмес залы менен мына мындай бөлмө бар. Эгерде азыркы евростилдеги бөлмөгө уктайм десеңиз, ал быякта, жүрүңүз көрсөтөйүн.

– Мүмкүн болсо мен ушул эле жайда калайын, – деди Маниясо ошол таза, жарык, жөнөкөй бөлмөнү жактырып.

– Эң сонун. Анда эмесе отуруңуз. Мен сиздин дагы он мүнөт убактыңызды алайын, андан кийин уктап эс алалы. Сизди ченебегендей чарчаттым окшойт, жандосум Мила.

– Кулак дайыма сизде, урматтуу граф.

– Сиз баардыгын билип, көрүп, окуп турдуңуз да. Мүмкүн болсо айтсаңыз, жана Пирамиданын түбүндө биз менен сүйлөшүп жатканда профессор Ленгдон өз ичинде эмнелер жөнүндө ойлонуп жатты. Кептин баары мына ошондо!

Мани Ясо маңдайындагы акниет адамды жылуу көз менен карап, бирок саал арсарсып отурду. Айтсамбы же айтпасамбы деген ой эле. Анткени ал бир эки жолу

бирөөнүн ички сырын башка бирөөгө айтып коём деп жалкып калган. Мындай нерсе көп убакта, кылмышкер болбогондон кийин, жөнсалды адамдын ички дүйнөсүнүн ыйыктыгына шек келтирип коёт экен. Ошентсе да граф де Сен-Жермен деген бийик урматтай турган сейрек адам экендигин, алдыдагы татаал маселени чечиш үчүн ачык сөз керек экендигин эске алып туруп Маниясо ага мындай деди:

– Профессор Ленгдон эмнегедир Франсуа Миттерандын ысымын кайта-кайта эстеп жатты.

– Мына, мына, мына! Кептин баарысы бейиши болгур Франсуа Миттеранда экендиги төгүн эмес экен! Луврдун алдыначы, дал ошол айнек пирамидаларды салдырган маркум Президенттин дал өзү болчу. Эми, мен сизге эң чоң сырды айтып коёюн, жандосум Мила! Дал Франсуа Миттерандын өзү христиандагы алгачкы «Аял башатты», башкача айтканда Мария Магдалинаны Христостон жогору койгон, эң оболу ошону даңазалаган Приорат Сиона жашыруун коомунун мүчөсү болгону жалган эмес деп ишендим. Алардын көз карашына ылайык тирүүлүктү эркектин «найзасы» эмес, аялдын «кыны» жаратат. Бала дегенди эркек эмес, аял төрөйт. Христосту да аял төрөгөн, ошон үчүн «ыйык кынга»[1] баардыгыбыз баардык убакта сыйыналы. Болгондо да бир заманда адилеттикти тебелеген, мен сизге тактап коёюн, Христос өзү эмес, андан кийин чыккан христосчулар атын өчүрүп, ыйыктыгын булгаган энебиз Мария Магдалинага түбөлүк сыйыналы деген насаат жатат. Мына ушуга Франциянын кечээ көзү өтүп кеткен Президенти да жашырын кошулуп жүргөн. Бул анык экенин бир нече жолу мен Миттеран менен жолугуп аңгемелешкенде байкаган болчумун. Тилекке каршы мен сиз сыяктуу адамдын ички ойлорун окуй албайм да, жандосум Мила. Ошол себептен мен Президенттин сырын анда толук түшүнгөн эмесмин. Мына, эми гана даана билип отурам. Баса дейм да, Миттеран эч качан бирөөгө дилин ачпай, дайыма зымпыйып, ичментап болуп жүрчү эле...

* * *

Граф де Сен-Жермендин үйүнө албетте таң атчу эмес, терезелеринен эч убакта жаркырап күндүн нуру төгүлбөйт. Түн ада болуп, келээрки күн башталаарын ал үйүнөн жүз метрдей алыс, өзүнчө бир башка туннелдин ичи менен кеткен метронун таңкы саат бештеги биринчи электропоездинин жер термелткен дүңгүрөк добушунан улам баамдачу. Ушуга үйрөнгөндөн кийин граф сааттарын деле карабай, ойготкучун да биротоло өчүрүп таштаган.

Бүгүн болсо ал анчалык эрте турушка даабай жатты. Бүгүн анын үйүндө конок бар. Болгондо да өзгөчө конок. Көп жол баскан, көп иштер менен алек болгон, чарчаган, чаалыккан конок. Аны мейманканага эле жайгашайын дегенине болбой апартаментине көндүрүп апкелген. Андай болгондон кийин уктап алсын жаш жигит. Коногунун уйкусун эпадам бузуп аламбы дегенсип граф далайга дейре төшөгүнөн турбай дымып жата берди. Үй кызматкерлерине болсо: «кофени мен белги берген кезде мейман дын төшөгүнө алпарасыңар» деп кечинде эле көрсөтмө берип койгон. Ошентип жатып ал кайрадан мемиреп кеткен экен, ойгонсо убакыт болжолу саат тогуздар болуп калгандай.

[1] Аялдын жан жеринин каймана айтылышы.



Граф төшөгүнөн туруп барып бөлмөдөгү мейманын караса уктап жатат. Бир канча убактан кийин кайра барса дагы эле уктап жатат. Уктаганда да бир былк этпейт, оодарылбайт, алтүгүл дем албагансыйт.

Узун өмүрүндө көптү көргөн граф де Сен-Жермен бир шойкомду сезгендей жүрөгү зырп этти да Адилеттин төшөгүнө жетип барды. Барса жаш жигиттин сырт кейпи жатат, а жаны жок. Муну граф дароо түшүндү. Демек ыйык жигит денесинен чыгып өзүнүн идамдары менен кеңешкени кеткен. Мейли, кеңешсин, Будда Саки Муни менен болобу, өзүнүн мурдагы инкарнациясы Жецюн Миларепа мененби, же болбосо устаты Лама Цудур, айтору ал акылмандардын кеңешинен калбаса эле бир оң жыйынтыкка келээр. Деп ошентип граф де Сен-Жермен түшкө дейре жер алдындагы үйүнөн чыккан жок. Мани Ясо улам кечиккен сайын өңү түктүйүп, тегиз жаткан ак чачтары үрпөйө баштады. Чыдамы кетип бараткан сайын ал улам айланчыктап, жигиттин төшөктө жаткан денесине келип кайра кетет. Анын авалын көрүп турган улуту испан экономкасы катуу чочулай баштады:

– Синьор, мейманыңыз деги сообу?

– Уктасын, уктасын, – деп граф де Сен-Жермен Адилеттин денеси жаткан бөлмөнүн эшигин шашылыш жаба салды. Аңгычакты анын оюна бир нерсе түшө калды. «Балким үйдөн чыгып кетип кайра жолду табалбай адашып жүргөндүр?»

Граф де Сен-Жермен карбаластап жер үстүнө чыкты да айлананы түгөлдөп карап турду. Баардыгы ордунда, адаттагыдай эле өз наамындагы чиркөө кызматы кызуу жүрүп жаткан экен, кирип-чыккандар биртоп.

Дал ошол кезде анын экономкасы энтигип, шашып артынан жете келди:

– Синьор, синьор мейманыңыз ойгонуп, жуунуп атат!

«Жуунуп атат?!» Граф де Сен-Жермен ылдый жүгүрүп түшсө Мани Ясо күзгүнүн маңдайында чачын таранып турган экен.

– Mais, monsieur![1] Дагы бираз болгондо сизди интернет сайтыңызга чыгып издей баштайын деп ойлонуп турдум эле. Анткени, убакыт деген зымырап өтүп жатат!

– Ооба кечиктим, урматтуу граф де Сен-Жермен. Мага биртоп убакыт керек эле. Түнү менен Тибетте, Шамбалада болдум. Ал жакка суук түшүп, тоо баштары карлап калыптыр. Быйыл кыш эрте келчүдөй.

– Тибет анда Жерди ысыткан «парник эффектисин» тоготпойт экен да!

– Тоготуп атат! Кыш эрте келиши мүмкүн, бирок кышка окшобойт. Декабрь айында жамгыр жаап коё берет. Жай болсо жайга окшобойт. Июль айында деле түнкүсүн кар себелеп, жерге кыроо отурат...

– Исида, жаркыным! Кофеңди тез алып кел! Эгер колуңдан келсе бизге түшкү тамак бер. Болбосо, үстүгө ланчка барабыз. Бол, шашыл!

Граф де Сен-Жермен сөздү угуп бүтпөй эле үй кызматкерине буйругун берип койду да кийинип чыгыш үчүн өз бөлмөсүнө кирип кетти.

– Би-би-сиден берип жатат. Кечээ эле Лондондо дагы эки католик чиркөөсү киши каттабагандыктан жабылыптыр. Мындай соккуга христианчылык орто кылымда да учураган эмес, капырай! – деди ал дайыма тагынып жүрчү көнүмүш «бабочкасын» оңдогулап.

[1] Но, месье! (фр.)

Мани Ясо аны чай ичүүчү ортоңку залда күтүп турган. Граф де Сен-Жермен угузган эмелеки кабар жигиттин жүрөгүн туз куйгандай ачыштырып кетти. Граф айткан ушул диндик кризиске такаат беришке алсыз экенин сезип ичинен ого бетер ызасы келди. «Эмне кылуу керек?!» Канткенде токтотууга болот диндердин жалпы дүйнөлүк ыдырашын? Адамзат жинди болуп баратат! Эгерде бул алаамат ушул бойдон жүрүп отурса топон суу быякта калсын!

Граф де Сен-Жермендин максаты болсо айкын эле, ал Адилеттин сыйкырдуу күчү менен «Ыйык Граалды» дагы да болсо издеп табам деген профессор Ленгдонду токтотсо эле христианчылыкты куткарып алчудай аракетте болчу. Ошондуктан ал өз дегенин бербеген мүнөзү менен, бирок жигитти айнытып албайын деген-сип, кыйнала сүйлөдү:

– Эң оболу алиги көкмелтей профессордун жолун бууш керек. Калганын анан көрө жатабыз. Эгер эле ал «ыйык Граалды» таап чыкса, андагы иудей жазуусуна ылайык Христосту гомосексуалист болчу дегенге чейин барганы турушат бул кудайбезерлер!

– Профессоруңуз токтоду, кабатыр болбоңуз, – деди Мани Ясо күтүлбөгөн жерден.

– Кандайча?!

– Мен аны менен үч саат «Толерант» сеансын өткөрдүм. «Ыйык Граалды» табам деген ниетин анын көкүрөгүнөн өчүрүп салдым. Экинчи Пирамидага келбейт. «Чындык– кымбат, бирок миллиондордун ишеними андан да кымбатыраак» десем профессор Ленгдон мени: «Адилетсиз варварсың!» деп жекирди.

– Mon dieu![1] Качан жолуга койдуңуз аны менен?!

– Азыр ошол жактан келдим. Дал Будда Саки Муни эскерткендей эле иш болду. «Ак жолдо, адал турмушта канчалык узак жашасаң ошончолук күнөөнү баары бир мойнуңа үйөсүң» деген экен ал улук адам. Мен да бүгүн профессор Ленгдондун Чындыкка умтулган аракетин токтоттум. Бул өзү чоң күнөө! Бирок мен «Калагиядан[2] ошол эле ыйык Будданын экинчи бир сөзүн уккан болчумун: «Башка эч амал жок болсо, Чындыктын баасы адамдын өмүрү менен гана өлчөнүш керек» дептир ал.

– Мен сизге өтө ыраазымын, жандосум Мила! Эми чуулгандуу китептин автору Ден Браун менен бир сүйлөшсөк дейм. Христиан элин тынчытыш керек. Анүчүн автор жаңылыштыгын мойнуна алсын!

Мани Ясо аргасыздан жылмайды:

– Жаным менен сизге макулмун, урматтуу граф де Сен-Жермен. Тилекке каршы өткөн өмүр, атылган ок, айтылган сөз – бул үчөөнү кайтарып алыш мүмкүн эмес. Муну сиз жакшы билесиз да, урматтуу граф. Китептин автору айтаар сөзүн айтып таштады. Эгер, уруксат берсеңиз, мен азыр Москвада, конференцияда болоюн. Ансыз да эки күн катышкан жокпуз. Эпадам келсеңиз мен сизди ошол жерден күтүп алам...

Граф де Сен-Жермен кыйылып турду да Мани Ясонун костюмунун топчусун кармалады:

– Менин керегим тиет. Дайыма сиздин жаныңызда болом.

---

[1] О, Кудайым ай! (фр.)

[2] Шамбаланын үнү.



* * *

**М**ани Ясо кайтып Москвага келген кезде мээ изилдөө институтун милиция тегерете курчап турган болчу. Институт турган квартал дээрлик кызыл тасмалар менен короолонуп, конференциянын катышуучулары тез арада сыртка чыгарылып, мейманканаларына жөнөтүлүп жаткан. Бул чаң-тополоңдун башталышына кимдир бирөөнүн: «институттун конференцзалына бомба коюлду» деген дарексиз– телефон чалуусу себепчи эле. Буга окшогон дүңүнөн коркутуулар Москвада күн сайын болуп тургандыктан институттун директору алгачкы мүнөттөрдө унчукпай чыдап отурду эле, бирок аз убакыт өткөндөн кийин конференцияда отурган жеринен ыргып турду да шашкалактап милицияга телефон урду. Саперлордун бригадасы келип жеткен кезде конференцзал, лабораториялар, кабинеттер, коридорлор дээрлик бошоп, эл сыртта чуру-чуу болуп турган.

– Жакындабагыла! Тарагыла! – деп милициялар окуяга кызыгып топураган элди кызыл тасмадан алыс кууп жатышты эле, дал ошол тушта жүз жылга жакын ичине далай сырларды катып, жер үстүндө бекем турган атактуу институттун подвал жагынан дүң эткен катуу дабыш чыкты, жарымподвалдык терезелер шаңгыр этип учуп, түтүн аралаш коюу чаң асманды көздөй бур-р этти. Ошол эле замат институттун «лабораториялык-архивдик» деп аталган үч кабат корпусу солк этип барып узун-туурасынан жарыла берди да чаңызгыган бойдон ылдый кулап түштү. Чакан кварталдын элине, алыстан карап тургандардын баарына эч качан урагыстай болуп бүтүн турган кастарлуу дүйнө заматта кыйрап, өтө жаман сезим калтырды. Институтта иштеген аялдар беттерин баса калып ыйлап да жиберишти.

– Террорчулар! – деди тургандардын арасынан бирөө кыйкырып. Анын үнүн коштогондордун чуусу басылгыча дагы бир аялдын чаңырган үнү абаны жарды:

– Сталин! Сталиндин мээси! Сталиндин мээси! Иосиф Виссарионович! Террористер сага кол салышты! Жырткычтар! Сволочтор! Силерге түбөлүк каргыш!

Ачуусуна чыдабай эриндери көгөрүп жерге жыгылган аялды жакын тургандар жөлөп-таяп колтуктан алышты. Алардын арасында азиялык кара сакалчан бирөө бар эле. Аял биртике эсине келе түшкөн соң саксайган чачын, жоолугун оңдоп атып ошону колго кагып жиберди:

– Убери руку, басурман! Все вы, вместе взятые одного мертвого мозга Сталина не стоите! Где он теперь?! Сжечь надо вас!

Эртеси бул жоболоңдуу окуянын чоожайы Москвалык, андан соң дүйнөлүк гезиттердин бардыгынын беттерине жабалактап чыга келди. Теледен, радиодон тынымсыз берилип жатты. Кабарлардын эң чордону кечээ террористтер жардырган институттун подвалындагы атайын жайда: Сталиндин, Кировдун, Маяковскийдин, Белыйдын, Багрицкийдин, Горькийдин, Мичуриндин, мээлери сакталып тургандыгы жана ошондой эле террористтик жардыруунун натыйжасында адамзаат бир заматта ошол кастарлуу мээлердин баардыгынын ажырап калгандыгы тууралуу эле.

Айрым гана гезиттер бул террористтик акция саат тупатуура $15^{30}$ мүнөткө эсептелгендигин, дал ошол саатта институтта өтүп жаткан конференциянын катышуучулары мээлер сакталган корпустагы лабораториялык тажрийбаларды көрүүгө бара тургандыгын сары эсепке салып, натыйжада бул террор конференциянын катышуучуларын жок кылуу максатында жасалган деген жыйынтык чыгарып жатышты. Ошондо, жалгыз бомба менен жер үстүндөгү экстрасенстердин баардыгы бир убакта тыптыйпыл болмок. Эң укмуштуудай эсептелген кара ниеттик!

«Бирок, кечирип коёсуздар, мындай жүйөөсү жок мыкаачылыктын кимге кереги бар эле? Ким мындан эмнени утмак?» деп суроо коюп жатышты айрым либералдык гезиттер.

Албетте, жардыруунун салакасы эң биринчи кезекте конференцияны уюштуруучуларга тиймек. Алар тез арада орун которууга мажбур болушту. Ал үчүн «Космос» мейманканасы да жараксыз деген ФСБнын көрсөтмөсү менен уюштуруу комитети борбордун четиндеги менчик мотелдин бирин жалдап алышты да конференция ишин ошол жашырын жайда аяктамай болду.

– Баардыгыбызды сабыр туттуруп турган бир гана нерсе – адам кырсык болгон жок. Бирок бул жардыруунун кабары дүйнөнү бүлгүнгө салды. Жоопкерчилигин болсо адаттагыдай эле эч бир тарап мойнуна алган жок. Институттун эки күндөгү интернет сайтын ачып көрсөңүздөр биртоп ойлонто турган сунуштарды окуйсуздар. Жер шарынын аркайсы бурчтарынан жазып жатышат: «Көзү ачыктар, телепаттар жана башка касиетке ээ болгон экстрасенстер, түздөн-түз силердин өмүргө кол салуу болгондо да кылмышкерлердин атын угуп жүзүн көрө албайбызбы?» деген сыноону коюп жатышат...

– Эң туура коюшат! – деди аңгыча Париждеn самолёт менен учуп келүүгө үлгүрүп, Адилеттин жанында отурган граф де Сен-Жермен колундагы бейжигин өйдө көтөрүп.

– Анда эмесе мен сизге жан дилим менен сөз берээр элем, урматтуу граф де Сен-Жермен. Бул жакка, кафедрага келишиңизди өтүнөм.

Конференциянын кезектеги модератору, индиялык астрофизик, Майкл Саней чын дили менен кубанып кетти. Андан кийин ал кафедрага чыгып барган граф де Сен-Жерменди кучактап тосуп алды.

– Террорчуларды көрүп турам, – деди граф төш чөнтөгүнөн айтылуу күзгүсүн алып чыгып дагы бир жолу үңүлө карап. – Эки адамдын бири сакалчан, араб сыяктанат, экинчиси европа адамы. Кашка баш, көз айнекчен. Экөө азыр «Сан-Диего» деген жазуусу бар кичинекей кафечеде тамактанып отурушат.

– Москвадабы?! – деп эң арткы катарда дымып отурган ФСБнын капитаны шашылыш ордунан тура калды.

– Шаардын таанымал белгисин көрө албай жатам...

– Мен карасам болобу күзгүңүздү?

Капитан дикилдеп жанына жетип барды эле граф де Сен-Жермен күлүп, алаканын жайды:

– Эгер сизге көрүнө турган болсо анда мен ушул күзгүнү Россиянын ФСБсына чын жүрөктөн белек кылат элем го...

Ошонун эртеси эле конференцияга катышып жаткандар үчүн дагы бир бомба жарылгандай кабарды ЮНЕСКОнун өкүлү угузду:

– Бүгүн түнү ФСБ тарабынан террорчулар колго түшүрүлдү. Биздин баардыгыбыз үчүн эч күтүүсүз болгон окуя – урматтуу граф де Сен-Жермендин күзгүсүнөн көрүнгөн көз айнекчен, кашка баш европа адамы – дал ушул, конференцияны өткөрүп жаткан Москва мээ институтнун лаборатория башчысы, профессор Лучков болуп чыкты.

Эл жык толгон чакан зал адегенде дымый калып андан кийин «дуу» дей түштү.

– Эмне үчүн Лучков? Ал эмне, мээсинен айныганбы?

– Кармалгандан кийинки биринчи суракта ал мындай деген түшүнүк берип-



тир: «Мен адамзаатты тирандардын мээсинен куткарып, эркин эволюцияга жол ачтым».

Бул маалыматты дагы дароо кабыл алалбай зал кайрадан бирдалайга дымып калды. Архивдеги небак өлгөн мээлер жөнүндөгү жоболоңдуу ойлорду залда отурган тирүү мээлер ары салып, бери салып калчап, бир жыйынтыкка келалбай жатты көрүнөт.

Кыйладан кийин анан жашап калган, картаңчалыш үн залдан киркиреди:

– Лучков андайга бармак эмес. Анын башын жанындагы сакалчан тегеретип алган болуш керек! Зомбилеген!

– Тынчтаныңыздар! Сакалчандын жүйөөсү өзүнчө башка экен:

«Алла Тааланын ишине кийлигишип, көзү ачыктык менен сыйкырчылык кылгандарга жихад! Мусулман дини андайды көтөрө албайт!»

Ислам динин саткан хафирларга эки мертебе жихад! Ошолордун бири араңарда олтурат. Тилеке каршы бул сапар ал өлүмдөн аман калды. Бирок, баардык хафирларды Алланын жазасы күтүп турат», деп жазып бериптир ал түшүнүгүндө.

Зал кайрандан тунжурай түштү эле, аңгычакты арт жактан бирөө суроо таштады:

– Ким экен аман калган кафири?!

Эчкимден жооп болгон жок. Ошол арада модератор Майкл Саней милдетим эмеспи дегендей чебелектеди:

– Анын ким экенин териштирүү биз үчүн адепсиздик болоор. Арким өз каалаган динин тутат эмеспи.

Залдагылар ушуга макул болгонсуп күбүр-шыбыр боло түшкүчөктү Мани Ясо капыстан ордунан турду да бейжигин өйдө көтөрдү.

– Сөз айтууга мүмкүн бекен, урматтуу модератор?

– Келиңиз, касиеттүү Миларепа. Сөз сизде!

Жигит ал күнү боюна куп келишкен узун намжар чапанын кийип, жылаңбаш келген эле. Көмүрдөй кара чачы тармалданып трибунага чыга келгенде зал көркүнө чыга түшкөндөй, жүздөгөн көздөр Мани Ясону өтө кызыгуу менен кабыл алды. Анткени реинкорнация феномени миң жылда бир сапар кайталанып жаткандыгы тууралуу конференциянын катышуучулары өзара миңсанат сөз кылышып, Мани Ясону абыдан жакшы билишчү. Ал жөнүндө бул күндөрү Москванын телерадиосу менен басма сөзү дагы демалбастан көрсөтүп, жазып жаткан.

– Айымдар жана мырзалар! Муслим динин таштап кетти деген адам менмин. Ошон үчүн алдыңыздарга чыгып турам. Улуу Россиянын гана эмес, бүткүл адамзааттын мээ изилдөө илими террордун айынан оор жапа чекти. Буга биз баардыгыбыз тең капабыз. Террор деген нерсе – ызалык менен түшүнбөстүктүн жана мыкаачылыктын түздөн-түз ишке ашырылган актысы деп түшүнөм. Бул үч аныктамага тең кенен түшүнүк берсек болот. Бирок азыр трибунага чыккандагы менин максатым башка эле. Эгер уруксат берсеңиздер конференциянын атынан суранат элем. Россиянын ФСБсы тарабынан кечээ камака алынган, мусулман динindeги террорист менен сиздерди экран аркалуу байланыштырса. Сиздер карап туруп калыс болуп бериңиздер. Бир эксперимент өткөрөлү. Мен террорчунун жанына барып ага бир гана сөз айтамын. Ал сөзүмө террорчу кандай жооп кайтарат экен көрүп баккыла, – деди Мани Ясо.

Ошондон жарым саат өтпөй, ФСБнын уруксааты боюнча конференцияны

уюштуруп жаткан ЮНЕСКОнун аракети менен тергөө бөлмөсүнө телекамера коюлуп, ал жерде Мани Ясо менен террорчу экөө бетме-бет жолугушуп турушту.

– Какой ужас! Бизди жардырган жек көрүмчү Бен Ладендин дал өзү турбайбы! – деп аңгычакты залда отурган "рентген кыз" Наташа Демина чоочугандай кыйкырып жибербеспи.

– Кечиресиз, – деди анын жанында отурган аалым кыздын билегин жумшак кармап, – көрүп турбайсызбы, бул террорчу Бен Ладен эмес. Сакалы эле болбосо таптакыр башка киши.

– Сырт кебетесин эмес, мен ичин айтып жатам. Ички турпаты Бен Ладендин дал өзү экен!

– Аа, андай болсо кечирим сурайм.

Залда кайрадан тынчтык өкүм сүрүп, отургандардын баардыгы экранга тигилишет. Ошондо Мани Ясо конференция өтүп жаткан зал жакты бир карап алды да маңдайында шылкыйып турган террорчуга мындай деди:

– Кудай адамды жараткан эмес. Адам Кудайды жараткан. Сиз ушуну түшүнбөйсүзбү?

Бул сөздү укканда жер тиктеп турган террорчунун көзү чакырая түшүп башын шак өйдө көтөрдү:

– Жихад сага! Кудайсыз хафир! Миң мертебе жихад! Тфу сага! Кудайды кантип адам жаратсын!!

Террорчу жерден бирдеме ала коюп мандайындагы эң жек көрүмчү душманын ургусу келип кайсактады эле эки колу аркасына кишенделүү экенин унутуп коюптур. Ага да болбостон ал жинденип барып Мани Ясону омуроосу менен бир урганга үлгүрдү.

– Мынакей, урматтуу аалымдар! Өзүңүздөр күбө болдуңуздар, – деди ошондо Мани Ясо жиндеген террорчуну күч менен кежигесинен кармап туруп. Сиздер уруксаат бергендей, мен бул жигит менен эми бир аз убакыт иштейин. Андан кийин кайрадан ушул экрандан жолугушалы.

* * *

Үч саат үч көз ирмемдей болгон жок окшойт, ыйык Миларепанын кудуретин көрөлү деп чыдамсыз күткөндөр кайрадан конференцзалга шыкалып отурушту. Телеэкранда кайрадан баягы экөө – Мани Ясо менен башы шылкыйган сакалчан террорчу. Болгону, бул сапар анын колунда кишен жок экен.

– Кудай адамды жараткан эмес, Адам Кудайды жараткан. Сиз ушуну түшүнбөйсүзбү?! – деди Мани Ясо мурдагы эле сөзүн кайра кайталап.

Үнсүз дымыраган зал эмине болуп кетээр экен дегендей террорчунун жообун күтө селейип калды эле, сакалчан жигит бу сапар башын көтөрбөстөн мойнун бир жагына бурап, кандайдыр бир кыжаалат болгон үн менен мындай деди:

– Аны далилдеш керек! Сиз кудайга ишенбеген адамсыз.

– Ишенем! Мен адам жараткан Кудайга ишенем. Анткени – ал чындык!

– Сиз ислам динин таштап кеткенсиз.

– Менин жолум ошондой болду. Муслим болуп Кыргызстанда төрөлдүм. Лама храмында окуп чоңойдум, Будда окуусун өздөштүрүп, касиеттүү Саки Мунинин өзүнөн Идам алгам. Мына бүгүн эле Парижде болуп христиан динине кызмат кылып келдим. Ислам өлкөлөрүн аралап мусулмандарды сабырдуулукка чакырып бүткүлдүйнөлүк пацифистик[1] идеяны баштагыла, эгерде силер антпесеңер жер үстүндө тынчтык болбойт. Алланын эң биринчи амири момун болгула, имандуу болгула деген аят эмеспи деп, жихад менен шахидке берилгендердин альтерэгосун жоюуга аракет кылып жүрөмүн.

– Анда эмне, диндердин баардыгына тең кире бердиңизби?!

– Мукамбет пайгамбар өзү айткан: «Ислам дини – Нойдун, Авраамдын, Мосейдин, Иисусустун дини» деген.

– Калп! Качан антип айты эле?!

– Курандын XIII сурасын окуңуз.

Террорчу башын көтөрдү да Мани Ясону ишенбеген таризде тиктеп калды.

– Сиз бул бандитти гипноздоп койгонсуз го,– деп ошол тушта залдан кимдир бирөө Мани Ясого сөз ыргытып калды.

– Гипноз эмес. «Толерант» мантраман өткөрдүм. Натийжасын карагыла. Жок дегенде бул адам менен эми жай сүйлөшүүгө болоорун көрүп турасыздар.

– Жай сүйлөшөлү дегениңиз кандай?! Адам эмес булар! Кырып жоготуш керек баарысын! Өлүмдөн башка эч нерсеге арзыбайт бул сакалчандар!

Ордунан тура калып калчылдаган бирөө ушуларды кыйкырды эле эки жагындагылар аны жеңден тартып кайра отургузушту.

– Сот деген нерсени адамдар бизге чейин ойлоп тапканы жакшы болуптур,– деп ошондо модератор Майкл Саней кейиштүү жылмайып койду.

Аңгычакты экран өчүп, аздан кийин Мани Ясо конферензалга кирди эле азаздап колдор чабылды. Ошого нааразы болгон Граф де Сен-Жермен микрофонго келе калды да, отургандарга мындай деп кайрылды:

– Өткөндө бир экстрасенс стол үстүндөгү стаканды көз күчү менен жылдырып койсо дүркүрөтө кол чаптыңар эле. Бул жерде касиеттүү Миларепа бүтүндөй адамзатты көргө сүйрөп бараткан негизги көйгөйдү чечип турса аны түшүнгөндөр өтө аз болгону абдан өкүнүчтүү. Ким эле, качан эле көкүрөктөгү каргыш тийген Эгону өзгөртө алды эле?! Айтыңыздарчы урматтуу айымдар жана мырзалар?!

– Террор болору болгондон кийин Эгону өзгөртүүнүн эмне кереги бар деп сизге суроо койгум келет, урматтуу граф?

Граф де Сен-Жермен үн чыккан жакка шарт бурулду:

– Биринчиден,– деди ал боюн токтото албай титиреп,– Эгону өзгөртүүнүн өзүнө көңүл буруңуз! Экинчиден – ушул мантраны мындан ары карата дагы да террор болгонго чейин эл арасына таратып, сиз менен биз исламдык пацифизм идеясын бүткүл дүйнөгө таратууга жардам кылсак кандай болоор эле?! Жооп берсеңиз экен!

– Жооп бергенде эмне! Исламдык пацифизм деген күн тескери жактан чыксын дегенге эле барабар ишке ашпас идея.

– Калп! Идея жаралдыбы – демек аны Мезгил жаратты. Мезгил болсо ал идеяны ишке ашырыш үчүн куралын кошо жаратат. Ал курал – ыйык Миларепанын өзүңүздөр көргөн «Толерант» мантрасы. Бул курал азыр ислам өлкөлөрүндө иштей баштады, кадырыңыз жан болсун!

– Ох-ох! Аны көрө жаталы улуу урматтуу граф де Сен-Жермен!

[1] – согуштун баардык түрлөрүнө каршы чыгып, жер үстүн тынчтыка чакыруу.

# ЖЫЙЫРМА ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

Арадан жарым кылымдан ашуун убакыт сызып өттү. Мани Ясо дүйнө элдеринин көбүндө эми бир гана ыйык Миларепа же болбосо Миларепа деген ат менен чакырып калышкан. Өзү да ошого биротоло көнүп бүткөн болчу. Жалгыз гана граф де Сен-Жермен досу «Мила» деп бала чактагы атын, а кээде «архат» деп наамын атап калат. Эртең мененки кофеден соң кийинип жатышкан граф де Сен-Жермен экөө бирдей убакта залдагы чоң күзгүгө келип каранып калышкан экен, үйдүн ээси граф колдорун өйдө серпип жиберди:

– О-ля-ля! Чачыңыздын меникиндей аппак болгону күзгүгө катар турганыбызда даана көрүнөт турбайбы, Мила!

– Анан эмне дейсиз? Элүү жылдан ашты чогуу жүргөнүбүзгө, окшошобуз да, – деди Миларепа күлүп.

– Сиз менден кичүүсүз да. Адеп жолукканда алдагы чачыңыз базальттай жалтылдап турчу эле. Эсиңиздеби, Москвадагы өткөн биринчи оккульттук конференция? Ошондо мен чачыңызды көрүп аябай суктангам.

– Андан бери канчалаган окуялар өтпөдү дейсиз, көрсө чач дегенди окуялар агартат турбайбы, граф досум, окуялар!

– Байкап жүрөм, Мила. Максатка толук жеталбай кайгыга баткан кезде чач заматта агарат экен, байкап жүрөм. Сиз «Толерант» мантраңызга анча кейибеңиз да. Кейий турган жөнүңүз деле жок. Мен билгенден, жөнөкөй адамдар болсо да, ал мантраңызга дүйнө калкынын беш пайыздайы тартылды. Бул оңой ишпи. Жүз миллиондон ашык адам пейилин оңдоого макул болду. Андан ашык бир киши чыкпайт. Үмүт да кылбаш керек.

– Деңиздеги бир тамчы!..

– Кхм, кантебиз. Бир тамчы, бирок кандай тамчы! Бери болгондо эле Сириуска алып кете турган жүз миллион адамыңызды даярдап алдыңыз. Шайтан сайган Зодиак белгисинин алдында жашап жүрүп ушуга жетишкениңиз чынын айтканда, акылга сыйгыс жеңиш.

– Кали Юга доору дейт Чыгышта.

Экөө ушуларды сүйлөшкөнчөктү кол жоолуктай ар бир бөлмөгө илинген плазмалык телеэкрандан прогноздордун жумалык топтомдору бериле баштады:

– Жер планетасынын аурасы күн санап кескин өзгөрүүдө. Алдыдагы жумада анын кара кочкул гаммасы жети бирдикке чейин коюланышы күтүлөт. Анын негизги себеби – жакында чыгышта болуп өткөн үчүнчү дүйнөлүк согуш, андан кийин Жерди мекендеген адамдардын агрессивдүү маанайынын кайрадан күчөшүндө деп билдирет Киот программасынын прогноздор бюросу.

– Дүйнөлүк океандын жогорулаш деңгээли келе жаткан жумада 00,7 сантиметрди түзмөкчү. Континенттердин жээктеринде жашаган элдерди көчүрүүнүн саны өткөн жумага салыштырмалуу 4 млн 200 миң адамга көбөйөт.



Эвакуацияга толук кирептер болгон борбордук шаарлардын катарында, континенттер боюнча Америкада: Вашингтон, Нью-Йорк, Филадельфия, Рио-де-Жанейро, Буэнос-Айрес..., Европада: Париж, Лондон, Берлин, Рим, Мадрид... деп билдирет Бүткүл дүйнөлүк өкмөттүн алдындагы демографиялык кызмат комиссиясы.

Прогноздор окулуп бүткөн соң виртуалдык сулуу диктор кыз күмүштөй жаркыраган тиштерин көрсөтө ажарланып:

– Ааламда болуп жаткан космос кораблдеринин кагылышуулары, алардын айынан адамзаат канча миллиард евронго зыян болгону, канча космонавттар жана жүргүнчүлөр абада күйүп жок болуп кеткендиктери жөнүндө;

– Жер шарын бүтүндөй каптап кеткен азиаттар террордук кол салууларды «Комитет 300дүн» программасына каршы «күчсүздөрдүн күчтүүлөргө берген жообу» аттуу төртүнчү жана акыркы дүйнөлүк согушу деп жарыялагандыгы туралуу;

– Айга, Марс жана Венера планеталарында жайгаштырылган жер адамдарынын убактылуу лагерлеринде себеби белгисиз иммундук оорулар пайда болуп, анын айынан ондогон келгиндер каза тапкандыгы жөнүндө кабарларды бере баштады эле, аңгычакты граф де Сен-Жермен экранды өчүрүп салды да Миларепага суроолуу карады:

– Өтө эле кабатыр болуп, шашып турасыз го?

– Өчүргөнүңүз жакшы болду.

– Түштөн кийин Бүткүл дүйнөлүк өкмөттүн отурушунда болушубуз керек. Сиз барасызбы Гималайга?

– Жок, барбайм, – деди Миларепа кескин. – Мен бүгүн Тибетте болушум керек. Калагияны тыңшоочу күнүм бүгүн. Европада угулбай калды. Дегеле Тибеттен башка жерде угулбай калды Шамбаланын үнү.

– Анткени жер талаш, баардык континенттерде калаймакан. Планетаны кайрадан бөлүштүрүү. Баса бүгүн Тибет маселеси үчүнчү ирет каралат. Тибетке барып жайгашуу маселесин англичандар катуу коюп жатышпайбы. Тибет менен бир кезде алакабыз бар эле дешет.

– Англичандар Альпы менен Карпатка барбайт бекен?

– Аларга эч ким бербейт Альпы менен Карпатты.

– Өткөн отурумда Улуу Британиядан ошол жакка 10 миллион агылжындар көчүрүлөт деп чечилбеди беле?

– Ал чечимге каршы немистер менен француздар протест жасашты. Керек болсо куралдуу күчтөр менен тособуз дейт.

– Куралдуу күч! Куралдуу күч! Куралдуу күчтөрсүз эми тоолор да жашай албай калбадыбы!

Акыры, улуттар жоюлса эле чатак басылат деп атып алар да жоюлду, мамлекеттердин чекаралары жоюлду, ал түгүл мамлекеттер өзүлөрү да жоюлду, аттары да өчүрүлдү, диндер элдешкендей болду. Ошого да карабастан күн сайын талаш! Менин бир кездеги эки мекеним: Кыргызстан менен Тибет экөө тең эми чоң чатактын чордону. Кыскасы, бүтпөгөн түбөлүк чыр, кайрадан кандуу согуштар... Сиз барып Өкмөттүн отурумуна катышып келиңиз, граф досум. Мен Тибеттен же Кыргызстандан сиз экөөбүзгө да жай карай келейин. Менин кыргыз жердештерим Белгияны ээлеп алышты эле эми кайрадан өз Алатоосуна кетип жатышыптыр. Экөөбүзгө орун табылбай калышы мүмкүн, – деп Миларепа жылмайды да кофе ичкен чөйчөгүн үстөлгө коюп, ордунан турду.

– Салтыбыз боюнча сиздин күзгүнү бир карап алалы, – деди анан ал графка кайрыла калып. Граф де Сен-Жермен ансыз деле күзгүсүн карап турган экен.

– Мынабул мырзалар го белгилүү Гималайда экөөбүздү күтүп жаткандар. А кийинки көрүнүштү түшүнбөй турам. Кишилер чалкасынан жерде сулап жаткансыйт. Кай жер экенин белгисиз. Кайсы бир туристтик шаар сыяктанат.

– Кана мага бериңизчи.

Миларепа графтын колунан күзгүнү алды да толкунданып кетти:

– Бул менин дропа досторум! Сириустан аларга келген сигнал жөнүндө угушкан болуш керек. Майрамдап жатышат!

– Россиянын радиотелескобу кармаган сигналды айтасызбы?

– Ооба. Ошол эле сигналды Пуэрто-Риконун «Аресибо» телескобу ырастабадыбы.

– Айтору Аалам «пи-пи-пиге» толуп кетти окшойт. Сиз бала чагыңыздан бери тыңшап, издеп жүргөн пи-пи-пи да. Ха-ха-ха!

Граф де Сен-Жермен досунун маанайын көтөрөйүн деген аракет менен атайылап күлө сүйлөдү да Миларепаны ийнинен сыга кучактап койду:

– Жолуңуз шыдыр болсун. Тибетте сизди ар дайым Далай-ламанын кызы, каныбийке Селенг тосуп алчу эле. Ага жолуккан сайын көңүлүңүз шат кайтасыз, аны билем.

– Жакшы адам. Акылдуу жан өзү. Анда эмесе мен жөнөдүм, кымбаттуу досум граф де Сен-Жермен! Менден кабар күтүңүз. Кандайдыр бир зор окуя башталчудай. Жүрөгүм сезип турат.

* * *

Үндөн ылдам учуучу самолёт-ракета үчүн Парижден Планеталык өкмөттүн борбору катары жаңы салынган, дүйнөдөгү эң бийик шаар Гималайга жетиш чейрек сааттык жол болгондуктан граф де Сен-Жермен ар кечте жер астындагы үйүнө келип түнөп, эртеси эртең менен Өкмөттүн отурумуна жетишип барып калчу. Отурумга ыйык Миларепа экөө тең эксперт катары чакырылган.

Ал экөөнүн биргелешип жазган: «Замандаш, тезинен Иисус Христостун ордун ээлегин, анткени ал кечигип жатат» аттуу макаласынан кийин Планеталык өкмөт бул эки суперадам талкууга койгон сунуштарсыз отурум өткөрбөй калган сыяктуу. Чынында эле ошондой эле. Амалы жеткен ар бир жарандын кыйчалыш доордон кантип аман чыгуу боюнча тезинен өзүнүн сунушун бериши ай-жыл эмес, ар бир күндүн, сааттын талабы болуп калган.



## *ЖЫЙЫРМА ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ*

**Т**ибетке жеткенде башка эч жакка бурулбай туруп Миларепа эң оболу Манас көлгө барып суусуна бетин чайыды. Айсыз караңгы түн эле. Ошого карабастан, сансыз кылым асманды тиктеп тынч жаткан көлдүн бүгүн кадимкидей деми козголуп, толуп-ташып калганын ал алыстан эле сезген болчу.

Эки колун чыканакка дейре түрө салып дагы бир мерте бетине муздак суудан тартты. Андан соң Саки Муни Будда монастрына бет буруп, таң супа салганга дейре сүкүткө отурду. Анын эсеби боюнча дал ошол сааттарда Шамбаланын үнүн укмак. Анүчүн өзүнүн идамы Будданын шартын жасап, ичинен келме келтирип, «Манас» деген ыйык белги – сөздү дилинде жүз сегиз жолу кайталамайы бар.

Чейрек саатка жетпей Миларепа малдаш урган бутун сунуп отурууга аргасыз. Сол тизесине ок жеген. Мындан жыйырма жыл мурун, африкалык жигит-кыздарды алдап кулдукка сатып жүргөндөрдү колго түшүрүү учурундагы атышта кокустан алган жараты өмүр бою анын жанын кейитип келет. Бир гана жакшы жери бутунун оорусу бир нерсеге алаксыганга дейре эле. Көңүлү башкага байлангандан кийин унутулат. Бул сапар да дал ошондой болду. Шамбаланын үнү – Калагия дилине жетип, кулагына угула баштагандан тарта тизесинин сыздаганы кайдадыр төнүп кетти..

* * *

Миң жыл ашуун Мекенин көксөп ыйлаган дропалардын көз жашы бу сапар соолуп, түгөнүп, кургап калган сыяктуу. Биринин да көзүндө ным жок. Баардыгы тең көп күндөр көз ирмебей, асмандагы эң балбылдак жылдыз – Сириусту тиктеп чалкасынан жаткандыктан денелери тактай сымал катып-сенип калган эле.

– Ом мани падме хум! – деди Миларепа көпчүлүктүн эң четинде жаткан адамга жетип.

– Ыйык Миларепа!!!

Миларепанын үнүн укканда кыйкырып тура калган узун бойлуу адам дропалардын жолбашчысы Лурган-ла эле. Ал ысык досу Миларепа менен кадим жердеги адамдарча төштөшүп көрүштү да дароо үйүн көздөй жетеледи:

– Мекенибизден белги келип атат окшойт! –деди ал эшигин жабаар менен Миларепага тике кадалып. Анын кебетеси кубаныч менен коркунуч экөөнү тепетең билдирип тургандыктан бетинин кызылы-кызыл, агы-ак болуп калчылдайт.

– Кандай белги?

– Сиз, ыйык Миларепа, жети жашыңызда «Үч кудук» деген үйдүн короосундагы темир селкинчектин үнүн тыңшаганыңызды мага айтып бергенсиз. Эсиңиздеби?

– Унутпай калайын.

– Биздин бир кызыбыз дал ошол сыяктуу белгисиз үн угуп жатат. Анын да

жашы, силердин жыл санак менен жетиде. Андан соң сүрөт тартып атат. Тоодой болуп үйүлүп кетти!

– Эмнеси үйүлүп кетти?

– Тарткан сүрөттөрү.

– Көрсөк болобу?

– Ошону сизге көрсөтөлү деп, келишиңизди чыдамсыз күтүп жатканбыз. Бери жүрүңүз!

Лурган-ла Миларепаны колдон алып, жез табактагы түтөп, жыты аңкып турган «Менеп» чөптү айланып өттү да нарыдагы текчеден бир тутам кагаздарды алып көрсөтө баштады.

Барактардын баардыгында тең бир эле тоо, анан бир көл тартылыптыр. Тоонун чокусу пирамида порумунда, бирок мөңгүсү ак эмес – эмнегедир капкара! Көл болсо бийик аскалардын арасында толуп-ташып, кыр-кырдан сыртка төгүлүп атат.

Болгону ушул, – деди Лурган-ла күнөөлүдөй муңайып. –Башка эч нерсе тартпайт. Беш ай болду.

– Беш ай бою тартып атабы?

– Тынымсыз.

– А силер өзүңөр кандай деп түшүнүп атасыңар бул сүрөттөрдү?

– Түшүнбөйбүз. Кыздын өзү да эч нерсе айтлбайт. Биз туш-тушунан кыстап сурап кирсек чыдабай ыйлап жиберет. Башка сөзү жок.

– Кызды көрсөк болобу?

– Жүрүңүз. Ал башкача кыз. Ким төрөп, кайдан келгенин билбейбиз, – деп койду Миларепаны кошуна үйгө ээрчитип бараткан Лурган-ла, буга да өзү күнөөлү сыяктанып.

Кыз чынында эле татынакай, дропаларга таптакыр окшобогон өтө эле назик, муңайым. Бир бөлмөдө жалгыз отуруп алып түстүү калемдер менен дагы эле баягы тоо, анан көлдү тартып жаткан экен.

– Ом мани падме хум, – деди Миларепа кичинекей кызга ийилип таазим этип. Кыздын карагаттай сурмалуу кара көздөрү кирген экөөнү жалт бир карады эле капилеттен кимдир бирөөгө окшоп кетти. Миларепа бир азга дейре нес болуп карап турду да андан соң эстеди – бул кыз Миларепанын эстутумунун бир бүктөмүндө түбөлүккө өчпөс болуп калган, тээ алыс-алыс бир жылдардагы төртүнчү класста бир партада чогуу отурган Шоолага окшош кыз экен!

Шоола кийин чоңойгондо диний фанатизмге берилип, ошонун торунан суурул чыгыш үчүн Миларепа аны менен көп убара болгонун да, кийин кыз өзү жактырган жигитине турмушка чыгып, «мен бактылуумун Адилет» деген ыраазычылыгын айтып тургандагы элеси көз алдынан жылт этип өттү. Бирок Миларепа анын аял болгондогу эмес, төртүнчү класстагы гана элесин жүрөгүндө сактап жүрчү. Мына азыр дал ошол балалык чактын бир ирмеми көз алдында кайрадан жарк этип жанып турду. Болмуштун мындай окуясына Миларепа таңыркады:

– Сүйлөйбү? – деди ал Лурган-ланын кулагына акырын шыбырап. Ошентсе, кыз аны уга коюп дагы бир ирет жалт карай салды.

– Биздин татына Куа-куа сүйлөйт. Бирок өтө аз сүйлөйт. Тили чыккандан бери, биз эстеп калдык – беш гана сөз айтты. Туурабы Куа?

Лурган-ла кызды таарынтып албайын дегенсип, жасакерлене сүйлөдү эле Куа-Куа аны дагы бир жолу карап койду.



– Сириустан кандай сигнал укту биздин Куа-Куа кызыбыз?

Миларепа ылдый эңкейип, кызга жылмая сурады эле жооп болгон жок. Аңгыча Лурган-ла ага «сыртка чыгалы» деген белги берди.

– Акыркы жылдары биздин Баян-Хара өстөнүбүз тез-тез ташкындап, ошол кирген кезинде суудан бир доош чыгат окшойт. Биз укпайбыз, аны жалгыз ушул Куа-Куа угат да «ноол», «ноол» деп өстөндүн жээгинде нары-бери чуркай берет. Эси оогончо чуркайт, акырында үйгө көтөрүп келебиз.

– Ноол?

– «Ноол» деген биздин алыскы мекенибиздин аты. «Жаркырак» деген сөз. Силер аны Сириус жылдызы дейсиңер. Сириус жылдызы деген биз үчүн силердин Күн сыяктуу жарыгыбыз. А Ноол болсо анын үчүнчү жандоочусу. Силердин астрономдор аны таба да элек.

– Билем, билем. Баардыгы тең туура келип жатат, кымбаттуу Лурган-ла!

Миларепа жаш жигит кезиндегидей катуу толкундап, атүгүл шырыктай узун, жепжеңил Лурган-ланы кучактай алып эки-үч жолу тегеренип кетти.

– Буюрса жакында Ноолуңарга кайтып учасыңар! Куа-Куа деген силердин кыз ошол, бүткүл Аалам үчүн боло турган эбегейсиз жаңылыктын жарчысы болуп төрөлгөн турбайбы!

Лурган-ла болсо сүйүнгөндү билбеген, жылуу сезимдери биротоло өчкөн калыбында сөзүн улады:

– Чынбы?! Биздин планета менен силердин Жер, дегеле мынабул көрүнгөн асман жылдыздарынын баардыгы чаржайыт эмес бир тартипте, магниттик бир тегиздикте, бир «Алтын казыктын» айланасында төгөрөк дүйнө болуп түзүлгөндүгүн Самат Кадыров деген азиялык бир окумуштуу далилдеген турбайбы. Демек, планеталар аралык кандайдыр бир байланыш жолу бар экени чындык. Анын теориясын америкалык астрофизиктер моюнга алышыптыр го?! Радиоңордон уктук.

– Болгондо да ал менин кандашым, кыргыз!

– Ким?

– Самат-кайып дейбиз биз аны. Кыскасы, урматтуу Лурган-ла, Куа-Куа кызыңыздын сүрөттөрүн дагы бир карайлычы. Андан кийин ишке киришебиз.

Жана, адеп караганда эле кыздын сүрөтүнөн Миларепа өзү дайыма издеп жүргөн шумдук бир нерсени байкап калгансыган. Азыр ошону кайрадан жанталаша карап, таңданып турду. Каны дүргүп, чыкый тамырларын тээп чыкты.

Нечен миң жылдар дүйнө элдеринин мен деген мыкты окумуштуулары, саякатчылары, андан калса Чыңгызхан, Гитлер, Сталин сыяктуу тирандары издетип таптыра албаган бүткүл ааламдык жашырын сыр кичинекейナристе кыздын мынабул жөпжөнөкөй сүрөтүндө дапдаана тартылып турду. Ал сыр – жер астында калган касиеттүү Шамбала шаарына кире турган «эшик» эле! Чоң Кайлас тоосунун сол колтугундагы «кичи кайлас» деген борчуктун түбүндөгү «мунара»[1].

О жараткан! Бу не деген акыл жеткис табышмагың?! Кыздын карандашты али дурустап кармай албаган ымыркай манжасындагы калемди кагаз бетине ким түртүп жөргөлөткөн?! Мунун баарысын тергеп-тескеп, көзөмөлдөп, жөнгө салып турган

[1] «Мунара» – илимий, экспедициялык маалыматтарда, космостук сүрөттөрдө бул, адам жете албаган төрт бурч узун таш каалга ушундай ат менен берилет.

Шамбаладагы акылмандар кеңешинин иштерине, дегеле бул сыяктуу мистерияларга адампенденин акылы качан, кайсыл доордо жетмекчи?

Терең ойго бата түшкөн Миларепаны Лурган-ланын үнү чочутуп жиберди:

– Ыйык Миларепа, биз түшүнсөк болобу? Бул капкара тоону Куа-Куа кызыбыз «Зайя» дейт. Эмне үчүн антет? Эмне үчүн капкара?

– «Зайя» деген силердин сөздү кандай түшүнөбүз?– деди Миларепа.

– Силердин тилде: «шамал» же болбосо «куюн» деген сөз экен.

Миларепа бир топко ойлонуп турган соң бети-башы кызарып кетип күлүп жиберди:

– Демек, «Куюн» экен да! Торнадо! Буралган абанын асманды көздөй атылышы! Эң сонун! Табигый коридор! Тагыраак айтканда гравитациялык Коридор! Өмүр бою мен издеп жүргөн коридор!

– Коридор эмес, тоо болуп турбайбы, ыйык Миларепа?! Болгондо да кара тоо!

– Кара болгону– Шамбаланын жер үстүндөгү адамдарга берген эң биринчи белгиси. Тоонун порумун байкадыңызбы? Бул – Кайлас тоосу. Гималайдын эң бийик чокуларынын бири! Тоонун дал чокусунда өзгөчө бөлүнүп турган бир куб бар. Мынакей, сүрөттү караңыз: «Шамбаланын киндиги» дейт муну. Кайластын үстүндөгү эч убакта эрибеген мөңгүнүн эригени демек Жер планетасынын ысыганы кайра кайтпай калды деген белгиси. Куа-Куанын тоону мөңгүсү жок, кара кылып тартканы ошол биринчи белги. Ага кошумча далил – Кайластын үстүндөгү эриген суу келип куйган Манас көлү. Мен түндө ал көлдүн жээгинде отурдум. Манас көл күн санап көтөрүлүп келе жатат. Жакында жээгинен аша чабаары дал Куа-Куанын сүрөтүндөгүдөй болуп даана көрүнүп калыптыр. Бул болсо үч белгинин экинчиси! Жүрүңүзчү Кайлас тоону бир карайлычы!

Миларепа чыдабай кетип ордунан серпилип турду.

– Көрүнөбү бул жерден?– деди Миларепаны ээрчип шашылган Лурган-ла.

– Дапдаана көрүнөт...

* * *

Жарым кылым ичинде Лама Цунун арча табытта, самадхи[1] авалында отурган көрүстөнү будда дүйнөсүндөгү эң ыйык жайлардын бирине айланган болчу. Тилекке каршы жыл өткөн сайын табынуучулардан да мурун туристтердин саны эбегейсиз көбөйгөндүктөн көрүстөндүн өз аты өчүп, бул жер азыр «Тибет керемети» деген туристтик оккульттук борбор. Тегерете салынган мейманканалар, ресторандар, кафелер, бассейиндер менен парктар, храмдар менен монастрлар.

Миңдеген тибеттиктер жан багуунун кулканы кылып алган бул жайга жыл сайын эки-үч жолдон сейдеге келип туруш ыйык Миларепа үчүн эми оңойго турбай калган. Анын келээрин күн мурунтан билишсе да Борбордун чоңдору акыркы минутага дейре Лама Цунун табытына кирүүчү эшикти жабышпай, туристтердин чөнтөгүн кагып, жандалбас.

Бу сапар да ошондой болду. Миларепа келип табыттын жанына чөгөлөгөндө эле сезди– Лама Цунун дене толкундары сырттагы чуру-чуудан качып, биротоло чыккыс болуп бекинип алган экен. Алты күн, алты түн бою такай отурушка туура

[1] Өлүү-тирүүнүн ортосундагы бул авал адамдын рух тазартуудагы эң бийик сереси.



келди. Ошондо гана Лама Цунун дээрлик токтоп турган жүрөгү жыбылжып үлөй баштады.

– Ата, мен келдим. Калагиянын үнүн уктум. Мага берилген үч белгини ажыраттым. Дропа элинин тагдырына байландым. Аягы эмне болооруна көзүм жетпейт, – деди Маниясо сыздаган тизесин мыкчып отуруп устатынын кулагына.

Кыйлага дейре жооп болгон жок. Миларепа көгөрүп, чыдап отура берди. Оо, бир оокумда анан «үчүнчү кат» деген жалгыз туюм биоэнергетикалык толкун аркалуу Адилеттин сезимине араңдан зорго урунду. Өлүк-тирикте отурган кастарлуу адамынын жыл өткөн сайын моминтип касиети кайтып, ал-күчтөн тайып бартканы Миларепанын жүрөгүн таш жанчыгандай алсыратты.

Лама Цунун үчүнчү каты демейдегидей эле кыска экен:

«Уулум Ясо!

Мен жигит кезимде Манас көлдөгү үңкүрдө жалгыз отургандан жадап «Калачакранын» айрым тексттерин санскриттен жаңы тибет тилине которбой аттап кеткен айыбым бар эле. Көрсө ал кезде түшүнбөгөн экем. 84 жыл жашагандан кийинки тажрыйбам гана алардын жердеги кишилерге керек экендигине көзүмдү ачты.

Ошол тексттердин бирөө мындай эле:

«Ааламдын баардык планеталарында жашоо бар. Жашоонун түрлөрү гана ар башка. Жалаң гана реголит топурагы менен таш, тоолор беймарал өмүрүн сүргөн планеталар бар. Ал эми кээ бирлеринде муз, ным аралашып, бактериялардын миңсан түрү бактылуу өмүрүн жашашат. Жер планетасы кишилерсиз төрт миллиард жыл тегеренип келген, мындан ары да кишилерсиз тегерене бермекчи. Биздин жер үстүнө келип кетишибиз – бар болгону эч нерсеге теңегис даңктуу, ошол эле учурда кейиштүү убактыны ээлеген азганатай мезгил болоор.

Асманда «Ноол» деп аталган жаркырак планета бар. Андагы адамдардын алды 300 жылга дейре жашап, андан соң жаны түбөлүк мөмө бере турган даракка айланат. Ушуну баарыбыздын окутуучубуз, жарыктык Саки Муни Будда аябай эңсөөчү эле. Сириустагы адамдын денеси болсо топуракка кошулуп, жашоосун андан ары минералдык заттар катары улантат. Эгер жаштары дүйнөдөн өтө турган болсо – жаны гүлгө айланат...»

Мына ушундай деген байыркы жазууну эсиңизге салдым, кымбаттуу уулум Мани Ясо! Кайыр кош!»

Миларепа саал бүшүркөп, эки-үч сыйра окуп бүткөн катты төш чөнтөгүнө салып алгандан кийин кайрадан шашыла суурул чыкты да акыркы сүйлөмгө тирмейип калды: «Эмне үчүн «кайыр кош?!!»

* * *

Дропалар турган Баян-Хара-Ула тоосунун кокту-колотторун акыркы айларда кайдан-жайдан учуп келгени белгисиз бир керемет куштар каптап кетти. Кекилик да, чил да, улар да эмес, кыязы тотукуш же , тоодактын түрлөрүнөнбү, айтору бири кызыл тумшук кара канат, ак куйрук, бири кара тумшук сары канат, көк куйрук болуп ойго келбеген ар түркүн түстө кулпурушат. Бет-беттердеги арча, табылгы, итмурун менен карагаттардын бутактары сына турган болуп ийилип, куштардын көптүгүнөн кызыл-тазыл.

Чоңдор үчүн айрыкча туристтер үчүн бул келгиндер акыл жеткис табышмак болсо, балдар үчүн чоң майрам. Эртеден түнгө дейре дропанын балдары чымылдап, ошолор менен куушуп ойноп чер жазышат. Балдардын эң алдында, демейде аларга кошула бербеген Куа-Куа кыз кадим канаты бар немедей учуп-күйүп, көздөрү оттой чачырап, кандайдыр бир башка маанайда элирип, куштарга жандилин берип, алар менен чогуу түшүнүксүз бийлерди бийлеп жүрдү.

* * *

Ал күндөрү Миларепа, досу граф де Сен-Жермен, Лурган-ла үчөө Кайластын түбүндөгү Шамбаланын босогосун тоскон таш каалганы кысылган үндүн күчү менен жылдырып, тоо койнундагы ыйык шаардын борбордук туннели менен алдыны көздөй жылып баратышкан. Туннелдер салмагы миң, эки миң тоннадан ашкан мегалитикалык плиталардан курулуп, эң түпкүрдөгү «өлүктөр шаарчасына» жеткиче улам ылдыйлай берип, андан соң кайрадан жогорулай баштады.

Бараткандар ар бир он, он беш метрден кийин тыныгууга аргасыз. Жер үстү менен байланышып, шаарга кислород алып туруучу илгерки карапа түтүктөрдүн көбүнүн оозу бүтөлүп калгандыгы билинип атты.

– Өзүбүз жер астында жүрсөк, же азимут же компас иштебесе, анан жер үстүндө турган Кайласты табышыбыз кыйын го, – деди граф де Сен-Жермен тер куюлган курку моюнун кол жоолугу менен аарчып жатып досу Миларепага саал кыжырланып.

– Приборлор иштеген күндө да Кайласты табыштан пайда жок, досум Сен. Максатыбыз– адегенде Шантамани ташын табышта.

– Хи-хи-хи, – деп граф кычкылтектин көптүгүнөн, андан да мурун нерви кайнаганынан улам жөтөлүп ыкшып калды, – килейген тоону табалбай жатсак алакандай ташты кантип табабыз дейм да!

– Бизди болгону туюмубуз гана жетелеп баратат. Бир кезде, жигит чагымда ушул жолдор менен мени Идамга алпарышкан болчу. Эсиме түшүп жаткансыйт... Эгер жолдон жаңылсак Калагиянын үнү белги берет деп ишенем. Анткени биз өз алдыбызча эмес – Улуу Мистерияны эркин аткарып баратпайбызбы, досум Сен!

Бешинчи күн дегенде жүргүндөр алп денелер жаткан табыт залдан өтүшүп, Саки Муни Будданын бийик айкелинен кийинки, алтын тилкелүү өтмөк менен өтүп келишип, капкара көмүрдөй сапфир таш каалгага такалышты.

– Жаңылган жокпуз, – деди Миларепа каалганын түбүнө ийин баштыгын таштап жатып Лурган-лага. Анткени үчөөнүн ичинен бул жүрүшкө жаноту менен үмүт арткан эң биринчи Лурган-ла эле да. Эгер жолдору болбой, иштери кыйчалыш кетсе, Лурган-ланын аман калышы күмөн экенин граф Миларепага шыбырап эскерткен.

Сапфир эшикти ачуу көп убакытты алды, бирок ак мармар бөлмөгө киришээри менен гранит сандыктын ичиндеги жука күмүш бууга чайылган Дорж[1] колдоруна тийгенде үч жүргүнчү үчөө тең дем тарталбай отуруп калышты.

– Улуу Миларепа, айткан беш сөздүн бири, Шантамани деген ушул кутубу? – деди Лурган-ла көптөн кийин биринчи үн катып.

[1] Дорж – Тибеттеги сыйкыр буюмдардын бири. Поруму гантель сымал күмүш бууга чайылган куту.



– Куту өзү эмес. Ичиндеги таштын аты – Шантамани.

Ушул сөздү айтты да Маниясо дельта-ритм энергиясын жиберип, кутуну эки алаканы менен ысыта баштады. Көптөн кийин куту узунунан эки бөлүккө ажырап, ичиндеги тарых издеп таппай жүргөн, бирок баардык астралдык дүйнөгө арналган адабияттарда кабары тынымсыз жазылып келген «Шантамани» касиеттүү ташы жер адамдарынын колуна биринчи жолу тийип турду. Болгондо да, Нострадамус болжогон 2133– же 2145– жылдары эмес, 2060– жылдары, башкача айтканда 120 жылча эртерээк тийип жатпайбы!

Байыркы лемур-атланттардын да, кийинки кроманьондор менен индикандардын да, астралдык айтым, легендарында бул таш – файл: «Жер турмушу ада болгондо, адамдардын башка планетага ооп кетүүчү жападан жалгыз жолу, башкача айтканда планеталар аралык гравитация коридорунун схемасы чийилген көрсөткүч таш...» деп айтылат.

* * *

Аңгычакты, жуманын акыркы күнүндө, Кайласка кеткен үчөө кайтып келелекте, Баян Хара Ула тоосундагы дропалардын арасында күтүлбөгөндөй чуру-чуу башталып кетпеспи. Аны баштаган дагы эле баягы Куа-Куа кыз. Таңатып күн чыга электе, эл уйкудан ойгонгуча болбой, кичинекей назик кыз үйлөрдү аралап жүгүрүп: «менеп», «менеп» деген бир гана сөздү кыйкыра баштады. Кыздын үнү алсыз болгондуктан аны дароо уга коюшкан жок. Кыз менен кошо чуркаган ошол айылдын иттери авалап үрбөгөндө эл мемиреп уктай бермек экен.

Акыры дропалар бирин-сериндеп баш көтөрүп, Куа-Куанын үнүн угушту. «Менеп» деген эч кандай деле бир шумдуктан кабар берчү сөз эмес – болгону дропалар ардайым үйлөрүндө түтөтүп отурган жыпар чөптүн аты эле.

Алыскы мекениндеги элдик салттарын, адамдык өнөрлөрүн таптакыр унутуп бүткөн дропалар «менеп» дегенди түшүнбөстөн нары-бери безилдеген кызды таңыркай карашат.

Аңгычакты булардын жолбашчысы Лурган-ла, граф де Сен-Жермен жана Миларепа үчөө Кайластан кайтып келип калышты. Үчөөнүн тең ооздорунан сөз чыкпай зымпыйгандары менен жүздөрү бир башкача албырып, көздөрү жайнап келишти. Ал түгүл өмүрүндө жылмайууну унуткан Лурган-ланын бопбоз өңүнө биринчи жолу кан жүгүргөнсүп кысарып калыптыр.

Жер астындагы Шамбала ыйык шаарына кирип, анын ички өткөөлдөрү менен жүрүп отуруп Шантамани ташын, андан соң «Кайластын киндигин» – гравитациялык коридорду табабыз деген максаттары ишке ашканын азырынча эч бир жанга угузбоого шерттешип келишкен түрлөрү бар. Ырасында эле антпегенде болмок эмес. Бул кабардын жер үстүнө тарап кетиши – аягы эмне менен бүтөөрү белгисиз катуу чуру-чууга айланмак.

– Коридор табылган соң бул ишти өз колубузга алабыз деп Планеталык өкмөт капталдан чыгышы мүмкүн, – деди граф де Сен-Жермен артында келаткан Миларепага кайрылып токтоп.

– Ал турган иш да.

– Чыкканда да Сириуска кимди алып учаарды, кимди Жерге таштап кетээрди биз чечебиз деп команданы дароо өз колдоруна алышат эмеспи!

– Ал дагы турган иш, досум Сен.

– Андай болгон күндө, мен билип эле турам «менеп» чөптүн сыноосу деп отурбай эле крионикалык[1] лабораторияларда тоңдурулуп коюлган кишилерди Өкмөт адамдары өзүлөрү менен кошо алып Сириусту көздөй кезексиз сызып жөнөшөт.

– Учканда дагы Жердеги «Эгосун» кошо ала учушат дебейсизби. Коркунуч ошондо – Жер адамынын дилиндеги «бацилланы» башка, таза планеталарга жайылтышта!

– Анда эмне кылабыз?! Граф де Сен-Жермен чебеленип ийди.

– Менеп чөпсүз эч ким уча албас деп ишенем.

– Окумуштуулар дароо ал чөптү буйтап учуштун амалын издеп кирет да!

– А биз андайды болтурбастын амалын издейбиз да досум граф де Сен-Жермен. Башка чарабыз жок.

Ушул тушта Куа-Куа кыз эми дал тигил үчөөнүн алдынан «менеп», «менеп» деп чуркап өттү, бирок аларды көңүл буруп караган жок. Кызга башка балдар, туристтер иттер, кучүктөр кошулуп алган экен, чуру-чуу түшкөн жоон топ нарылап, «менеп», «менеп» деген бойдон кокту-колот толтура учуп-конгон кызыл-тазыл куштарга кошулуп кетишти.

Ошол түнү ондой берди болуп, дропалардын айылына Лхасадагы Жохан храмынын көп жылдан берки кадырлуу Панчени, ректор Лама Бусмен атайылап келип калды. Апаппак сакал карыя болгон экен. Миларепаны көрө сала тааныды окшойт, бирок алга умтулган бойдон арсарсып туруп калды.

– Менин устатым Лама Бусмендин ички туюмдарынын ыраат болушун тилейм, – деди Миларепа лама Бусмендин өзүнө тааныш сөздөр менен учурашып.

Ошондон кийин гана Лама Бусмен кучагын жайды.

Өмүр бою дропалар менен алардын Африкадагы жердештери, «догон» деген элди изилдеп, тарыхын, салт-санаасын жазып келген лама Бусмендин айтуусунда «менеп» чөбү жөн эле жыттуу чөп болбой чыкты. Көрсө ал чөп англиялык доктор Оссендовскийдин китебинде кеңири жазылгандай адамдын тен денесин бузбастан терисин кургатып, салмагын кетирип коюучу керемет чөп тура. Анүчүн чөптүн чыгына чылап денени кургатуунун атайын эрежелери бар экен. Дене каткандан кийин, аны өзүнчө башка чөп менен тирүү момияга айландырып, андан соң мантранын күчү менен тамакка, кислородго муктаж болбогон, суукка үшүбөгөн, ысыкка эрибеген абалга жеткирилет. Ошондон кийин гана ал дене планеталар аралык мейкиндиктерде левитация кудурети аркалуу эбегейсиз чоң залдагы чаң сыяктуу эркин учуп жүрүүгө, көргөн-укканын толук эстеп калууга жөндөмдүү.

* * *

Даярдыктын акыркы күндөрү таптакыр ойго келбеген нерселер дропанын жаштарынан чыкпаспы. Улууларга кошула, асмандагы мекенин тиктеп ыйлаганы менен алар «менеп» чөпкө чыланып, момияга айланган алгачкы кандаштарын көргөндөн кийин Сириуска кетпейбиз, бул жерде эле калабыз деп чыгышпадыбы. Кыязы, кеп момияда деле эмес, кеп доордо, башкача айтканда Баян Хара Ула тоосунун акыркы жылдары туристик борборго айланып, жүздөгөн көз тайгылткан

[1] крионикалык – келечекте кайра тирилтип алыш үчүн акчасын төлөгөн тирүү кишилерди илимий жол менен тоңдуруп коюу ыкмасы.



кемпингдер, түнкү барлар, концерттик залдар, кафе, ресторандар салынып, күнү-түнү күпүлдөгөн музыка жаңырып, а эң башкысы таптакыр жылаңач жүргөн нудистер толуп кеткендигинде болду окшойт. Күндүн ысыгы обу жок оломочтонгон жаштарды эң оболу нудисттерди туурап, кийим дегенди тануута түрттү. Аялдар-кыздар баштарын тасырайта кырдырып, тарсайган силикон көкүрөктөрүн салаңдата бош коюп, эркектери сакал-мурутун албай, бүткүл дене-боюн жүн баскан. Ошол өнөр бүткүл жер үстүндө алдыңкы модага айланды. Жылаңач жүрүүнүн дагы бир себеби: аял менен эркектер үйбүлө күтпөй, кыз-жигит болуп сүйүшпөй, бири-бирине болгон зарураты өчүп, ар ким өзүнүн кристаллдык чөнтөк дисплейиндеги виртуал суперсулуусу менен жашап же болбосо биоробот аялы же күйөөсү менен жыныстык «жыргалга» берилип, эгер төрөсө аялдар жалаң гана пробирка аркалуу, атасы жок төрөгөнгө ооп кетишкен.

Дропанын жаштарын өзгөчө сыйкырлаган түнкү клубдардын музыкасы менен бийи эле. Көкүрөгүндө текебер «Эгосу» жок, коймаарек кыял, жоош кыз-балдар үчүн түнкү бийлер, оюн-зооктор бүт сезимин бийлеген, шумдуктуу жомок дүйнөгө айланган. Азаздап алар да квант компьютерлериндеги музыка менен бийге тартыла баштаган учур эле.

Ошонун кесепетинен Ноолго учам деген, өз ыктыяры менен тирүү момияга айланган эр жүрөк азаматтар жүзгө жетпеген гана кичинекей топ болду. Алардын ичинде граф де Сен-Жермен, Лама Бусмен, жаны жай албаган, россиялык атактуу саякатчы, офтальмолог Эрнст Мулдашев бар эле.

– Дагы да бир ирет тактасам дейм. Интерференция[1] кубулушуна кепилдикти бизге ким берет, урматтуу архат Миларепа? – деп Мулдашев өзү менеп ваннасына жатаарда дагы бир жолу Миларепага келип, оюн-чындан сураган болчу.

– Сиз кудайга бекем ишенген адамсыз да, – деп жооп берди Миларепа күлүп.

– «Кудайга ишен, бирок өзүң оозуңду ачып жүрбө» деген орустун макалы бар.

– Макал кадиксиз го. Бирок биздин ишенгенибиз Ааламдын табигый закондору эмеспи. Ошол Закондорду Кудай деп түшүнүүгө көнгөнбүз да. Демек Кудай колдосун сиздерди.

– Бизди учуруп, а өзүңүз Жерде кала бергениңиз акылга сыйбай турат, ыйык Миларепа. Мен буга дагын да ишене албайм.

– Айла жок Эрнст ага. Менеп чөбү мага эле эмес, Куа-Куа кызга да таасир этпегени баарыбызды чоң кайгыга салды. Мен го бир өмүрүмдү жашап койдум эле да.

– Ал тырнактай кызда эмне күнөө болмокчу, түшүнбөйм!

– Лама Бусмен билет тура. Көрсө бул кызды анын бир Лхасадагы тибет-лаборанткасы никесиз төрөп, ушул жакка таштап кеткен экен. Шамбаланын эрки менен астралдык белгилердин баардыгы бизге ушул кыз аркалуу берилгенине карабастан менеп чөбү ага анын дал өзүнө таасир этпей койбодубу. Никесиздик, албетте ата-энесинин күнөөсү. Бирок ошонун салакасы ушул тырнактай балага тийип турат.

– Никесиз төрөлгөндүгү үчүн эле деп ойлойсузбу?

– Наристе балада андан башка эмне күнөө болмок?

– Кызык. Бирок бул өзү табышмак нерсе экен, ыйык Миларепа.

[1] Физикадагы, бир сызыкта жаткан эки точканын катталып, бүктөлүп жакындашуу закону. Бул жерде ушул закондун негизинде белгилүү учурда гравитациялык коридор ачылып, Жер менен Сириус-3 планетасы (Ноол) табигый түрдө жакындайт деген мааниде айтылып жатат.

– Мени «ыйык» дейсиз, Эрнст ага. Мына, «менеп сыноосунан» мен дагы өткөн жокмун.

– Сизден алда канча көп жашаган граф сен – Жермен досуңуз менен лама Бусмен экөө, андан калса мен күнөөсүз болуп чыкканым баарыдан таңкалыштуу. Тигил экөөнөн мурда мен өзүмө таңкалып атам. Көрсө ушундай бир периште экемин да! Ха-ха-ха!

– «Эгоңор» жайында. Кеп ошондо, Эрнст ага!

– А сиздикичи?

– Сиз таңкалбаңыз. Мен бир кезде бийликтин кучагында калып, кара сыйкыр менен иштеп баштагам...

* * *

Жылдын 22-июнунда, Жердин эң кыска түнүндө ыйык Миларепа жүз чамалуу момияларды туристтик вертолёттор менен Кайлас тоосуна жеткирип, тоонун дал чокусундагы кубдун ичине жайгаштырган соң таш дубалга аркасын жөлөп, көзгө сайса көрүнгүс караңгыда, кулак-мурун кескен тынчтыкта тизесин кучактап жалгыз отурду.

Бу дүйнөдөгү тапкан досторунун үчөө, андан калса элүү жылга жакын ымалалашып жашаган дропалар жанында, бирок алар жибек пилла сыяктуу менеп кездемесине көп кабат оролуп, өзүлөрү болсо самадхи авалында. Ноол мекенине жеткенде гана жүрөктөрү кайрадан үлөп, жүздөрүнө кайрадан күлкү келмекчи...

Бир отурган тейинде Миларепа таңды атырды эле, Кубдун үстү ачылган жок. Экинчи түнү дагы ачылбады. Үчүнчү түндүн ортосу оогон кезде жер үстүндө Калагиянын ачуу үнү жаңырып, Кайлас тоосунун тал чокусу ачылды да капкара болгон бүркөө асман көрүндү. Жымың эткен бир жылдыз жок.

Эми, ушул капкара асмандын бир томуктай жери ачылып, чексиз Аалам, андан берки эле, бүктөлүп Жерге жакындаган Ноолго кетүүчү коридор көзгө көрүнмөк. Андан соң коридордун ичиндеги аба жай айлана баштап, момияларды өйдө көтөрүп учмак. Миларепа эми ошону күтүп, эки тизесин кучактаган бойдон, жогортон көзүн албай тирмейип отурду...

Бу маал, дал ушул түн, ушул саат кудайлардын өзүлөрү менен үн алыша турган учур эмей эмине эле? Адам баласынын ачуу тагдырына азырети кудайлар түздөн-түз кирише турган чечүүчү кез келип туру го. Ошол себептен Миларепанын жүрөгү опсуз дүкүлдөп, Асман тараптан бир ажайып үндү күтөт. Бирок Асмантеңир эмнегедир үндөбөдү. Унчукпады. Тымтырс. Мындай болушу мүмкүн эмес ко! Эгерде Жер балдарынын башка планеталарда келечеги бар экени чын болсо, ошол келечекти Кудайтаала касиети менен көрүп турса, эгер Кайластагы ушул минутага чейинки өткөн окуялар төгүн болбосо, анда Миларепанын дили эмдигиче бир белгини сезбей беле, кулагы бир добушту эмдигиче укпай беле!

Анткен жок. Антиштин ордуна кудайлар эмес, периштелер сөз сүйлөдү. Миларепанын кулагы кайрадан Шамбаланын үнүн, кайрадан Калагияны тыңшап отурду:

– Эй, сүймөнчүк Адам,– деди ал үн, – мына ушул, сен өзүң билген төрт пайгамбардан башка ким сени бу жарык дүйнөдө ушунчалык колдоп келди эле? Ким өз кара жанынан кечип, крестке керилип, сенин кылган күнөөлөрүңдү бүтүндөй өз мойнуна алды эле, ким сенин жаныңа жаннаттан орун берип, арбактарга сени колдотуп келди эле, сени өлтүрүп жок кылбастан, бул дүйнөгө кайрадан жаратып «Өмүр айлампасына» кайрадан-кайра апкелип өзүңдү өлбөс кылган ким эле?



Ошого карабастан дилиң шайтанга тогошуп, андан таптакыр ажырагыс болдуң го. Азезилди көкүрөгүңө биротоло орнотуп, аны биротоло «Мен» кылып алып түбөлүк чалчаңдаттың, кантейин! Периште менен пайгамбарлардын айткандары сага эм болгон жок, Адам уулу! Уктуңбу?!

Мындан аркы тагдырың эми Улуу табийгаттын, аны жараткан Улуу күчтүн гана колунда. Андан соң өзүңдүн колуңда. Анткени, дүйнөдөгү албан күчтөрдүн эң улугун – ой жүгүртүү касиетин Улуу табийгат өзүңө кана ыйгарган.

Эмесе, жолуңду изде Адам уулу!

Канчалык көп жолу жаңылсаң да, канчалык Ага кыянаттык кылсаң да, баары бир Табийгат гана сага жардамчы. Башка ылаажың жок, эки аяктуу, тоголок баш Адам уулу! Кантейин, бул Ааламда сага боору ооруй турган, сага огожо боло турган, жан жараткан жарыктык Табийгаттан башка эч ким жок турбайбы. Акыры түбү ошону түшүнчү – сага ким дос, а ким кас экенин түшүнчү, Адам уулу!

## ӨЗГӨЧӨ БӨЛҮМ

Эстеди. Миларепа чыпчыргасын калтырбай ошол балалык күндөрүнүн бир үзүмүн эстеди. Ал күн, бул кичинекей окуя башталган күн, дегеле адамзаттын башына сейрек келе турган беймарал жакшы күндөрүнүн бири болчу. Анткени мадырабаш балдар борбор шаардын күзгүдөй мисирейген бассейндеринен качып келип шар аккан суунун жээгинде таштан тизип «чүкө» ойношуп, ойнобогондору аларды карап, ысык кумдун үстүнө күнгө магдырап жатышкан. Анан ушуга окшогон Жер бетиндеги бир бейпил маал адам баласы үчүн чынында эле бакыт эмей эмне эле? Асмандагы Күн жарыктык өзү да балдардын ойнуна кубангандай жадырап тийип, тоодон соккон жумшак желаргы болсо жаңыдан гүлдөгөн жайлоонун жытын ушул жеткинчектерди көздөй жандалбас уруп лепилдейт. Жээкти бадал курчап, шаардын көп кабат үйлөрү көздөн далдоо болгондуктан балдар дырдай чечинип алышкан. Эң акырында суу болгон ыштандарын да жылаңач этинен сыйрып алышып, бадалдарга жайып коюшту. Антпегенде шөлбүрөгөн муздак чүпүрөк ичиркентип денеге жабышып, ээн ойното турган эмес.

– Эй-эй! Күчүк агып баратат! – деп балдардын бирөө капыстан кыйкырып калды. Жапырт карай салышса чын эле бир аламоюн сары күчүк сууга агып баратат. Тырнактай, бир эле жумалык күчүкпү, айтору агын сууга эч такаат бералбай, бирде башоту менен чөмүп кетип, бирде кайра көрүнө калып кетип баратты.

Күчүктү кармап калмакка адегенде чүкө ойноп аткандар чу коюшту, кумда жаткандар алардын артынан баратат. Суунун кашаты чычырканактуу болгондуктан балдар жээктеги төтө жол менен бир топ алыска, суу жайыла берген кечмеликке дейре уруп барышты. Тогуз жаш деген тогуз жаш да, берки майдаларынан мурда ошол тогуз жаштагы бир бала күчүккө биринчи болуп жетти. Суудан ченебей жутса керек, бечара күчүктүн курсагы тарсайып, кадимки эле үйлөгөн топтой.

– Ме, сен сүйлөшүп көрчү муну менен. Ким сууга ыргытып ийди экен? – деп чоң бала күчүктү Адилетке берди эле, күчүк калтырап үшүгөндөн башка эч үн чыгара албайт. Көздөрү чала жумулуп, Адилетти карап жылтырайт.

– Тили чыга элек, – деди Адилет.

– Анда эмесе келе! – деп чоң бала күчүктү кайрадан жулуп алды.

– Эй-эй! Турсыларды торпоктор чайнап атат! – деп ошол тушта балдардын бирөө капыстан дагы кыйкырып калды. Жапырт карай салышса чын эле нарыда оттоп жүргөн торпоктор келе калып бадалдарга жайылган ыштандарды чайнап атыптыр. Күчүктөн кызыгы тарай түшкөн балдар кайрадан артты көздөй чу коюшту. Эмне болуп кеткенин түшүнбөгөн суу күчүк томолонгон бойдон көк чөптүн үстүндө калтырап-титиреп кала берди эле, балдардын эң кичүүсү Адилет кайтара жүгүрүп келип көтөрүп кетти.

Балалыктын эрежеси боюнча күчүктү мадырабаштардын эң күчтүүсү, тогуздагы бала өзү менчиктеп алыш керек эле, бирок ал анткен жок. Калгандары деле ала койчу түрү жок. Күчүктү коюп, көбү ыштандарына кайгырып жүрүшөт. Анан калса торпоктор чынында эле оңбогондой иш кылыптыр.



Балдардын кай бири таптакыр эле ыштансыз калды. Күлкү болушту. Ага күлгөндөр ыштандарынын жок эле дегенде жарымы калган балдар. Мындай күлкүгө аалам, асман да кошулбай коёбу? Алар да алыстан эзилип күлүп турушту. Кадимкидей тамаша болду. Ушуну жасаган – торпоктор!

Акыры, эч ким албаган соң күчүк Адилетке тийди. Жарымын торпок чайнап салган турсысын кийип алып ал балдардын эң арты болуп үйүнө илкип араң келди. Күчүгү ачка, андан беш бетер өзү ачка!

– Ай, балакет! Алдагы чочоң көрүнүп жүрбөйбү! – деди эшиктин алдында отурган тайенеси Адилет короого киргенде биринчи болуп уяткарып. Антсе бала эмне кылаарын билбейт, себеби күчүк анын эки билегинде тең уктап келаткан. Тайенем чын айтабы же калп айтабы деп ылдый эңкейсе чын экен. Ыштанынын жарымы кырчылып, тешиктердин биринен чочосу чыгып калыптыр. Күчүктү жерге коё, ыштанын шаша-буша бурай салып Адилет уятын жапты. Бала анда алтыдан жаңы жетиге оогон. Күчүгү болсо Саламаттын айтымында алты же жети эле күндүк экен.

– Жогот нары, мунуң мал болбойт! – деди атасы адегенде эле күчүктү жактырбай. Бирок артынан сая түшкөн жок. Эмне болсо ошол болсунчу деп тим койгонсуду. Же болбосо, бир күнү баары бир өлөт, ошондо кутулабыз мындан дедиби. Айтору күчүк адегенде ал үйдүн эч кимисине сүймөнчүк боло албады. Өзү да ошону билгенсип Адилеттен башкаларга көп жолобойт. Бир жолу капыстан бутуна илээшип ойной коём деп Саламаттан таяк жеген,ошол бойдон ага эми жакындабайт. Кийин Саламаттын күчүк менен элдешкиси келдиби, айтору экиүч мерте аны эркелетейин десе качып болбоду. Тамак берсе да анын колунан тамак албайт.

– Омээй, акылдуусун кара мунун! Инеңдурайын, – деп Саламат ошондо бир ыраазы болду Мойнокко. Атын тайенеси коюп берген. Адилет болсо дароо жактырды Мойнок деген атты. Себеби Сары күчүктүн мойнунда кадим карго сымал ак мойногу бар болчу.

Түнкүсүн короону торпоктон чоң Рем деген дөбөт кайтарат. Эки эле ай болгондо Мойнок короонун ээси Рем экенин көзүнө илбей, тимеле куйругун чагарактатып, нары-бери тынбай жүгүрчү болду. Баарыдан күйгүлтүгү ал эң эле биринчи жолу Саламатка үрбөдүбү. Тимеле аны кадимкидей душман көрүп, көчүгүн Адилетке такап алып борсулдайт.

– Ой инеңдурайыын, мунунда акыл биртоп-ай! Баягында бир чаап койгонумду такыр унутпайт, – деп Саламаттын ошондо дагы бир жолу ичи элжиреп кетти окшойт. Ошентип атып акыры Мойнок үйдүн ээсине жагып алды. Акылы менен жакты. Экинчиден Мойноктун жашоого болгон кумары ушунчалык күчтүү экен. Ичиндеги жаноту ашып-ташып сыртына чыгып, жүндөрү сары май менен майлап койгондой жалтылдап, ойногондо карып бараткан Ремдин эсин оодарып, акыры аны доңкондоп уясына кире качканга чейин алпарчу.

Мейли бала болсун, мейли күчүк болсун, айтору кимисинде жашоого эрк, умтулуу күч болсо, кимиси алдыны көздөй көп талпынса ошол эле көзгө жылуу, ошол эле жүрөккө жакын боло берет көрүнөт. Табият да ошону жактырат окшойт.

Мектептен келаткан Адилет тээ алыстан эле тосуп чыгып, кадим курбусундай мамиле жасачу. Адилет ага көп нерсени түшүндүрүп, аны жасаба, муну жаса деп акыл айтканда Мойнок най дебей баарына макул. Иттин деген тили жок болгон менен көзү сүйлөйт да. Көздөрү көп нерсени айтып турчу эле Мойноктун.

Бир сапар Адилет досун мектептен тосуп чыкканда эле ошол акылдуу көздөрүн алакачып, тике карай албай калыптыр.

– Бери кара, Мойнок! – десе да болбой жалтактайт.

– Бир балээ кылган экенсиң ээ! – деди Адилет күчүгүнө.

Ошентип короого жеткичекти Мойнок Адилет досунан кайра-кайра кечирим сурагыдай болсо тимеле бооруң ооруйт күчүккө. Улам жата калып шыйпактап үйлөрүнө жеткичекти күнөөсүн кеминде эле жүз жолу мойнуна алып жиберди окшойт.

Көрсө, Мойноктун ошенткениндей эле айыбы бар экен. Айзада апасы кышкы бут кийимдерин салып туруп сарайына катып койгон чоң жашиктин ичин күчүк мүлдө майсаңдаптыр. Саламаттын олчойгон керзи өтүктөрү бир жерде, Айзаданын бутуна кийген чокойлору бир жерде, короонун ичи тимеле майдан талаадай. Оңдой берди болуп ата-энеси кечке дейре нары огород жакта болушкан го, Мойноктун кылган кылыгын көрүшпөптүр. Адилет ийниндеги китеп баштыгын таштай салып күчүгүнө бир тап берди да чачылган буюмдарды шашыла чогултуп кирди. Ошентсе тигил күчүгү да кошо ташып жардамдашып жүрөт. Эгерде кимдир бирөө чачылган буюмдарды мына моминтип кайра жыйнагын деп жөн-жайды түшүндүрүп койгондо Мойнок бул ишти өзү эле аткарып койчудан экен.

Кыскасы Мойнок чоңоё баштаганы короого өзүнчө бир шаң кирди. Атайын ит үйрөткүч адиске барбай туруп эле Адилет ага көп нерсени үйрөтүп койгон болчу. Ошонун пайдасын тайенеси да көрүп атат. «Ай, Мойнок! Тетиги көлөчтү апкел мага!» деп тизеси жылбай калганда кадимкидей жумшай коёт. Колу узарып калды байбиченин. Мойнок ит эмес, кээ-кээде бала өңдөнүп сезилип кетет. Чоң кишилер кай жерде жүрсө, ал ошолордун жанында, «эмне апкеле коёюн» деп сурап тургансыйт.

Ошентип жүрүп бир күнү Мойнок мискейге куйган эртең мененки тамагын эмнегедир ичпей коюптур. Анысын адегенде эч ким байкаган жок. Кечке дейре ал көңүлсүз жүрүп, кечинде да тамагын ичпеди. Ошондо гана Айзада аны биртопко карап туруп анан барып күйөөсүнө шекшибасын айтты.

А кезде Саламат Мойнокту жакшы көрүп, Ремдин ордун басат буюрса деп калган. Ошонүчүн, Адилет сабагын окуп отурганда, ага айтпай эле итти машинесине салып алып малдогдурга алпара койду. Саламаттын малын бүт ошол догдур карачу. «Күчүгүң жүн жеп алгандай, же болбосо мына, тезегинде целофан жип жүрөт. Ичегиси түйүлгөн» деди да дары берип туруп айдап ийди.

Эки күндөн кийин Мойнок бутуна туралбай калтырап, куса баштады. Итинин ооруганын анда Адилет да билип калган. Сабактан чыгаары менен жүгүрүп келип Мойногун кучактайт бала. Ал эле эмес, үйдөгүлөрдүн баары тең алапайын таппай чуркап калышкан.

Кой деп Саламат эми Адилет кошо салып алып Мойнокту шаардагы ветеринардык ооруканага алпарды. Ал жактан «өпкөсүндө рак бар» деп алгачкы диагнозду өтө жаман коюшту. Үйгө кайтып келгенден баштап Адилет итин жанынан чыгарбай, таңаткыча уктаган жок. Анткени Мойнок башка эч кимди эмес, жалдыраган аянычтуу көздөрү менен жалгыз эле Адилетти карайт. Саламат деле кээ-кезде коңуругу кор дей түшкөнү менен, төшөгүндө таңкы саат алтыны күтүп уктабай жатты. Эртең менен эрте Мойнокту кайра алпарышмак ооруканага.

Анализдерди толук карап, күчүктү биротоло текшерип болгондон кийинки



малдогдурлардын айткандары кечээгиден да жаман болуп чыкты. Мойноктун эми эки бөйрөгү тең иштебей атат имиш. Канында эки түрлүү уу заттын калдыгы бар экен. Аларды бөйрөк иштеп сыртка чыгарууга жараксыз.

Муну укканда Саламат куйкасын бир кашып алып үшкүрүп жиберди. Адилеттин болсо көздөрүнө жаш толуп чыккан.

Жолдо кайтып келатканда Адилет атасына мындай деди:

– Өзүбүздүн эле догдурга алпаралычы, ата. Уйлардын баарын эле ошол айыктырбады беле.

Жатындан кежир чыккан Саламат бу сапар эмнегедир баласынын айтканын унчукпастан аткарды. Бирок, өздөрүнүн малдогдуруна кирип баратканда ата-бала экөө тартыша түшүштү. Саламат айтты: Мойнокту ооруканага алпарганды деле, диагнозду деле буга айтпай эле коёлу деп. Адилет болсо айталы деп көшөрдү. Акыры атасы баласына моюн сунду.

«Келжирешет!» деди баарын угуп болгон соң малдогдур кыска гана бүтүм чыгарып. Андан кийин ал оорулууну антибиотиктер менен дарылай баштады. Аз күндөн кийин Мойнок чындап эле оңолуп кетти. «Буюрса мунуң эми мал болот» деди Саламат. Адилет болсо кадимкидей кабагы ачылып, күлүп калды. Анткен менен догдур догдурлугун кылбай койгон жок. «Дардаңдабагыла, али дагы көп дарылаш керек бул итиңерди» деп жыландын башын кылтыйтып койду. Ошону менен ал күндө бир маал Мойнокко ийне сая баштады. Болгондо да так ийнине, алдыңкы колунун мүрүсүнө бир шприц толтура кадимки эле сууну куят. Анткени Мойноктун денеси суудан жутай баштаган. Өзү болсо эмнегедир берсе да ичпейт сууну.

Ийне саярда Адилет сыртка чыга кача турган болду. Анткени өмүрүндөгү эң корккон нерсеси ушул ийне! Бирок, бу адам менен айбандын ооруну сезиши бирдей болбосо керек. Мойнок эң биринчи жолу эле селт эткен, андан кийин тим эле беймарал туруп берет.

Ийнени көпкө сая турган болгондон кийин бир күнү Саламат Мойнокту чатына кысып туруп догдурга барбай эле ийнени өзү сайып таштады. Кыязы ал тигил догдурдун өзүнөн да мыкты саят окшоду, ит кенедей кың деген жок. Ошентсе да Адилеттин жүрөгү ар бир ийне сайган сайын сыздап атты. Мойноктун өзүнө эмес, Адилет кыйын болду бул иттин оорусу.

Кантсе да ошол ийнелердин пайдасы тийбей койгон жок. Дарылоонун аягында Мойноктун анемиясы кадимкидей айыкты.

Ийнеден башка дагы Мойнокко бир нече түрлүү витамин, канындагы кычкылды азайтыш үчүн бикарбонат сода берип атышты. Андан тышкары малдогдурдун айтуусу боюнча ууланууга каршы антибиотиктер менен дарылоо курсун да такай кайталап турушту.

Ушунун баары жыйынтык бербей койгон жок. Мойнок күндөн-күнгө, айдан айга оңолуп отуруп кадимки мурдагысындай секирип ойноп калды. Ошентсе да болбой малдогдур кабагын анчалык ача койгон жок. «Уу зат бар али денесинде» деп күңкүлдөп койчу болду. Ошентип ал дарылоосун саал өзгөртүп, тууралап коюп жүрдү.

Мойнок эми кереги жок дарылардан жадагансып, мүрүсүнө ийне саярда ойдолоп качып, ден соолугунун чың экенин көргөзө баштады. Деле бир паска тынч туруп бергиси жок. Ошондон улам Адилет баш болуп үйдөгүлөрдүн баарынын маанайлары көтөрүңкү.

Атаганат! Жайдары жүздөр ошондон туура үч ай өткөндөн кийин кайрадан өчө түшпөдүбү. Эртең менен Адилет уясына жүгүрүп барса Мойнок жок. Көрсө, түндөсү боору менен жылып барып тамга жөлөнүп турган отундардын коңулуна кыпчылып калыптыр. Адилет караган нурсуз көздөрү дегеле жашоодон аша кечип таштагансыйт.

«Ата!» деди Адилет ыйламсырап. «Мойнок быякта жатат!»

Сөздүн чыны керек, Саламат бул убаракерчиликтен небак тажаган. Бирок жалаң ушул Адилет баласынын көңүлүн кыя албай бир оору иттин артынан жүрөт. Алты айдан ашты сандалганы.

– Болду, эми өлөт мунуң. Убара болбо! – деди ал баласына. Баласы болсо баягы көкмелтейин карматты. Догдурга алпаралы дейт, кайрадан.

– Бу инеңдурайын же айыкпайбы же биротоло өлүп бербейби, – деп ошондон бир эле күндөн кийин Саламат кайрадан сөгүнүп жиберди. Анткени малдогдур итке кайрадан антибиотик, анан ага кошуп витамин «В» сайып койсо жарым күндө ордунан туруп, оюн салып кеткен болчу. Эми ал Адилет менен кошо мектепке чейин барып, кээ күндөрү бала окуусун бүтүп чыкканга дейре ошол жерде күтүп отурчу адат таап алды. Бир күнү аны башка иттер талап коюптур. Үстү-башы бүт кан, топурак-чаң. Ал иттер деле Адилеттин көчөдөгү достору болчу. Бирок ит деген ит– алардын өзүлөрүн оңой менен достоштура албайсың. Ошонүчүн Адилет эми мектепке баратканда күчүгүн уясынын оозуна байлап кетчү болду. Күн сайын байлап кетет, ага болбой эле сабактан чыкса күчүгү күн сайын аны күтүп бош жүрөт.

– Ата, ким агытып ийип атат Мойнокту?

– Каңшылап кулак-мээни жеп атпайбы!

– Агытпай эле койчу, иттер талап коёт экен.

– Таласа өлүп калаар. Ансыз деле айыкпайт мунуң.

– Айыкпадыбы, ата!

– Бүттү мунуңдун соодасы! Оорусу жаман. Болбосо, инеңдурайын Ремдин ордун баспайт беле. Жакшы ит болот болчу.

Атасынын түңүлтө сүйлөгөнү Адилет кайрадан оор кайгыга салды. Бала эми күчүктөн көзүн албайт. Аз эле шекшиба болсо малдогдурга кайрадан алпарууга даяр. Бир айга жакын Мойнок биротоло айыгып кеткен сыяктуу тың дагы, көңүлдүү да жүрдү. Адилеттин сабагы бүтүп каникулу башталган. Ошонүчүн Мойнок эми такай анын жанында. Жумуш кылса да, ойноп жүрсө да бирге.

Оорунун кезектеги күчөшү дем алыш күнү башталды. Мойноктун бу сапар көзү ачылбай эле карайлап уктай баштады. Тамакты болсо ичпейт. Адилет ага эң жакшы көргөн, «косточка» деген витамин таблеткасын сатып апкелип берсе, ага да көңүлү чаппай койду.

– Ата, догдурга алпаралы, – деди бала.

– Өзүң эле жетелеп барчы! Акчанын баары ушул жаман эмеге кетти, инеңдурайын!

Шашып турган Адилет атасы менен сөз талашкысы келбей күчүгүн жетелеп жөнөдү. Мойнок башын көтөрө албай араң эле илкийт. Ошого карабастан ал эң акыркы жолу бaратканын билгенсип, ар бир дарактын түбүн жыттагылап көрүп, башка иттер сийип кеткен белгилерди өзүнүкү кылып жаңыртып жүрүп отурду. Акырында, сийдиги калбай калса да бутун көтөрүп аракет кылып жатты.



– Ай эми болбой калды мунуң, – деди малдогдур, Адилет колуна көтөрүп кирген Мойнокту көрөөр менен эле, кежигесин кашып.

– Ийне сайыңызчы, байке. Акчасын атам төлөп берет.

– Атаң ансыз да көп карыз. Кел, биротоло уктатып сала турган укол салып берейин.

– Жок, айыктыра турган укол салыңыз!

– Айыкпайт. Бөйрөгү иштебей атпайбы!

Адилет эмне айтаарын билбей туруп калды. Андан соң күчүгүн жерге койду да, чөнтөктөрүн аңтарып кирди. Атасы дагы, апасы дагы, ал түгүл сүт сатканда тайенеси дагы чөнтөктөрүн жеңилдетиш үчүн бир сомдуктарын бүтүндөй Адилет берип коюшчу. Адилет азыр ошолордун баарын чогултту да бир ууч кылып туруп малдогдурга сунду.

– Хе-хе, – деди малдогдур айласы кеткендей күлүп, – сен бала өжөрсүң го дейм. Мейли эми, дагы бир укол салып берейин. Бирок, баары бир...

Ошентти да Мойнокко дагы бир жолу антибиотик менен витамин «В» сайып берди. Мойнок дароо оңолду. Адилет түгүл малдогдур өзү ыраазы болгонсуду окшойт.

– Ит деген канча кылса да ит жандуу да, – деп койду малдогдур, Адилет күчүгүн жетелеп баса бергенде.

Мойнок ошондон кийин дагы үч күн короонун көркү болуп бергенге жарады. Чынында эле ал ооруп турса да жаны кыйналганын билгизген жок. Адилет жан дилин берип ойноду, тунарган оорулуу көздөрү менен баланы бир карап, бир карабай жалтайлап, бирок бечара жаныбар муңайым жүзүн акыры түбү жашыра албады. Төртүнчү күн дегенде кайрадан жыгылып, бу сапар оозунан кара суу агып калды.

– Их, неңдурайын! Жаны кандай бекем мунун ыя! Эртең догдурга алпарып укол менен өлтүрбөсөм өлбөйт бул! Сени коё тур!

Атасынын ушул сөздөрү Адилеттин жүрөгүн араа менен таарыгандай сыздатты. Түндүн ортосуна дейре караңгы шыпты тиктеп, көз жашын ээн коё берип, дармансыз жатты бала.

Оору деген бул ырайымсыз нерсе экенин, бир жабышса кетпей, бир аңдыса албай койбой турган жалаңкыч экенин бала ушунда бир түшүнгөндөй болду окшойт.

Анан бир оокумда акырын туруп барды да Мойнокту Саламат бекитип койгон коробкадан алып чыгып, сарайдын артындагы үймөк чөптүн, өзү жашынып ойноп жүрчү көңдөйүнө алпарып катып койду. Эртең менен атасы табалмак эмес!

Айткандай эле эртеси Саламат бош калган коробканы өтүгү менен ары тепкилеп, бери тепкилеп айкырып кирди. Адилет анда жаңы эле көзү илинип уктап аткан. «Бакырба!» деди Айзада күйөөсүнө: «Бала уктап алсын».

Ошол таңда Адилет эмнегедир беймарал катуу уктады. Бирок эртеси туруп барса чөптүн коңулунда күчүгү жок. Кийин да эч жерден таппады Мойнокту. Борсборс этип үргөнү дайыма кулагына угулат. Ушул эле жакын арада жүргөнсүйт. Бирок Адилет аны таппай калды. Өмүр бою Мойногу эсинен кетпейт, кете турган да эмес, бирок издеп таппайт. Үнү гана угулат .. борс-борс-борс!

Демек, үнүнө караганда Мойнок али жерде! Мойноктун кайда экенин бир билсе Айасман даана билет. Анткени, үймөк чөптүн коңулунда жаткан күчүк кай-

дадыр кайып болуп кеткен таңда Айасман апачык болчу, томуктай да булут жок эле Асман баарын көрүп турган.

Ошондон улам суроо туулат, Адилеттин бир кездеги борсулдаган Мойногу бүгүн таңда дропалар менен кошо Ааламга учуп кетеби же Жерде калып калабы? Же кошо учабы? Же болбосо Адилет досу менен Жерде кала береби? Айтору экөөнүн бирөө!..



## ЭПИЛОГ

Ошондон туура бир жума өткөндөн кийин төгөрөк Ааламдын ичиндеги Алтынказык жылдызын айланган Уңгуталаада өтө сейрек боло турган гравитациялык кубулуштар жүрүп, асманды көздөй кеткен нурлуу коридордун жалтылдаган түнкү жарыгын Жер бетиндеги ондогон абсерваториялардын дээрлик баардыгы каттап, ал маалыматтарды илимий борборлоруна шашылыш кабарлап жатышты.

Ал убакта Миларепа Кайлас тоосунун «киндигинен» көңүлдүү чыгып Баян Хара Улага келген эле. Бул жерде эми түндү күтпөстөн, күндүз эле эстен танган катуу бий, шаңдуу оюн-шоок уюшулуп, рок музыка кулакты жарып жаткан экен.

Өмүрүнүн акыркы жылдарын жашап жаткандыгын билгендиктен жин ургандай катуу дуулдап жаткан көпчүлүктүн чекесине келип  Миларепа үнсүз турду эле, бир кезде эрбеңдеген кимдир бирөө чуркап келип анын чыпалагын кармап калды. Ылдый караса Куа-Куа кыз! Кадим тээ бала кезинде бир партада отуруп окуган Шоолага окшогон, карагат көз, назик кыз! Сүйүнүп кеткен Миларепа кызды дароо колуна көтөрүп алды.

Аңгычакты кимдир бирөө зиркилдеген музыканы өчүрүп, бетине маска кийген бир жылаңач кыз бийлеп жаткандардын ичинен  жулунуп чыга келди да Миларепага кыйкырды:

– Сиздин Кудайыңыздын азыр Акырзаман жасоого акысы жок, айтып коёюн!

– Андай болсо кана, урматтуу айым... Бирок Кудайга доо коюш биздин колдогу иш болбой жатпайбы.

– Кудай деген Жердеги ар бир адамдын бактысын коргош керек. Мынакей мен ушул эле ойрондолгон Жерден анык сүйүүмдү таптым. Миң жылда бир келүүчү кайталангыс сүйүү! Мындай сүйүүнү мен силердин Сириустан таба албаймын. Ал жакта сүйүү бар экендигине да ишенбейм!

– Ишениңиз айым. Көкүрөктөгү азезилден арылып, менеп чөпкө чайынып, Ноол планетасына сүйгөнүң экөөң бирге учкула. Ал жакта сүйүү башкача, ал жакта сүйүшкөн жүрөктөр бирин-бири алдаганды билбейт. Силер ар бир жолу кайрадан жаралган сайын өзүңөр менен кошо сүйүүңөр жаңыдан төрөлүп турат...

**М А З М У Н У**

Окурманга маалымат ........ 5
Пролог........ 7
Биринчи бөлүм........ 9
Экинчи бөлүм........ 35
Үчүнчү бөлүм........ 66
Төртүнчү бөлүм........ 82
Бешинчи бөлүм ........ 107
Алтынчы бөлүм........ 121
Жетинчи бөлүм........ 134
Сегизинчи бөлүм........ 145
Тогузунчу бөлүм........ 161
Онунчу бөлүм........ 169
Он биринчи бөлүм........ 178
Он экинчи бөлүм........ 187
Он үчүнчү бөлүм........ 228
Он төртүнчү бөлүм........ 234
Он бешинчи бөлүм........ 240
Он алтынчы бөлүм........ 246
Он жетинчи бөлүм........ 253
Он сегизинчи бөлүм........ 264
Он тогузунчу бөлүм........ 271
Жыйырманчы бөлүм........ 282
Жыйырма биринчи бөлүм ........ 295
Жыйырма экинчи бөлүм ........ 314
Жыйырма үчүнчү бөлүм ........ 330
Жыйырма төртүнчү бөлүм ........ 333
Өзгөчө бөлүм........ 343
Эпилог........ 351

**Акматов Казат**

**АРХАТ**

(Р о м а н)

Кыргыз тилинде

Редакторлору *Абдылдабеков Т., Мамбетжунушев Т.*
Техн.редактору *Жолдошева Ж.*
Компьютердик калыпка салган *Сандыбаева Т.*

ИБ №230

Компьютердик калыпка салууга 21.08.06. берилди. Басууга 25.01.2007 кол коюлду.
Офсеттик кагазы. Форматы 60×84 $^{1}/_{16}$. 22,0 накта басма табак. Заказ № 98.
Нускасы 2000 даана. Сатылчу баасы 150 сом.

Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.
720040, Бишкек шаары, Эркиндик бульвары, 56-үй.